КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

«Манас» сериясы

# СЕМЕТЕЙ
# СЕЙТЕК

**Баатырдык эпостор**

**МАМБЕТ ЧОКМОРОВДУН ВАРИАНТЫНДА**

*«Манас» үчилтигинин 3-бөлүгү 3-китеп*

**Академик Абдылдажан АКМАТАЛИЕВдин
жалпы редакциясы боюнча**

**Түзгөндөр: Мурат Садыров, Сабыр уулу Амангелди**

«Турар»
Бишкек – 2017

УДК 821.51
ББК 82.3 (2 Ки)
С 30

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатынын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы (2014-ж., 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтомунун (2015-ж., 6-июнь, № 151 б.) негизинде жарык көрдү.

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынган

**Редколлегия:**

**Акматалиев А. – башкы редактор**
**Жайнакова А.**
**Көлбаева М.К.**
**Кыдырбаева Р.З.**
**Сооронов О.**

С 30 «Семетей», «Сейтек»: Баатырдык эпос: «Манас» эпосунун үчүнчү бөлүгү: 3-китеп/ М.Чокморовдун варианты б-ча. – Б.: Турар, 2017. – 396 б.

ISBN 978-9967-15-698-2

Манасчы Мамбет Чокморовдун вариантындагы трилогиянын үчүнчү «Сейтек» бөлүмү орун алды. «Сейтек» эпосунда башка манасчылардын варианттары сыяктуу эле Семетейдин Канчоро менен Кыяздын колунан жабыркашы; Семетейдин кайып болушу; Күлчоронун кежири кесилип, азап тартышы; Айчүрөктүн Кыязга турмушка чыгып, Сейтектин төрөлүшү, өсүшү, өч алышы сыяктуу окуялар менен коштолот. Бирок башка салттуу классикалык С.Каралаевдин вариантынан өзгөчөлөнгөнү Бакай, Каныкей, Айчүрөк, Семетей, Күлчоролордун кайып болуп кетет, ал М. Чокморовдо Айчүрөк Семетейди кайып болуп кеткен Көкмончоктун перилер дүйнөсүнөн куткарып, Семетейдин periден адам болушу менен аяктаганы орун алды.

С 4702300500–17

УДК 821.51
ББК 82.3 (2 Ки)

ISBN 978-9967-15-698-2

© КРУИА, 2017
© Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, 2017
© Турар басмасы, 2017

## КҮЛЧОРО МЕНЕН БАКАЙДЫН КЕҢЕШ КУРУШУ ЖАНА КОҢУРБАЙДЫН ӨЛҮШҮ

Айкожо, Бакай, Күлчоро,
Ат чалдырып чалган жер.
Какандын каны Ширман жоо,
Канкордун уулу дардаңдын,
Шайымбет менен Буурул ат,
Экөөнөн бирдей айрылып,
Как талаада кайгырып,
Семетей ыйлап калган жер.
Көрдү көөсөр көрдү деп,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Каргадай болгон Шайымбет,
Бөөдө ажалдан  өлдү деп,
Айкөлү Бакай камынып,
Ар качан тилди албайт деп,
Ар качандан бир качан,
Дардаңбоз өскөн эсериң,
Бир тил алып койбойт деп.
Айланайын абаке,
Семетейге көп айтпа,
Дардаңдын көөнүн калтырып,
Ачууланып бек айтпа.
Кече Какандын каны чоң Манжу,
Как астына барганда,
Мен мусулман элем деп,
Какшап ыйлап калганда,
Көргөн күнү бүтө элек,
Ажалы туура жете элек,
Башын алып салууга,
Кылычын кындан алганы,
Ошондо дардаң уулуң койгун деп,
Кучактап кармап калганы.
Оозунан түтүн бур этип,
Амалы башка чоң Манжу,
Берегги турган Коёнду,
Буруп байлап салганы.
Кагылайын Айкожо,
Алдым эле кылычты,
Бу Семетей болбосо,
Буйругу экен кудайдын,
Бүтүрөт элем жумушту.
Ысык-Көлдүн четинде,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Түз талаанын бетинде,
Алгара минип созулуп,
Койгун десе тил албай,
Шайымбет кетти кошулуп.
Бу кудайдын буйругу,
Ат куйругун салыптыр,
Амалы башка чоң Манжу,
Алгара оозун жыйыптыр,
Канкордун уулу уулуңду,
Өөдө жерде өксүтүп,
Ылдый жерде мүчүтүп,
Жетер жетпес калыптыр.
Кара аттын оозу бурулду,
Шайымбетке бериптир,
Семетейден узарып,
Периште минген Буурулду,
Чылбырынан алыптыр.
Каргадай болгон Шайымбет,

Ат сооруга салыптыр,
Как талаада кайгырып,
Экөөнөн бирдей айрылып,
Эсер уулуң калыптыр.
Бекер тарткан убайым,
Жараткан алда бир жалгыз,
Амалы арта кан калчаны,
Берер бекен кудайым,
Канкордун уулу дардаңдын,
Биз жанына баралы,
Кагылайын абаке,
Мен баштайын бир кепти,
Атында минген Суркоён,
Айбандан башка мал эле,
Билген адам билчү эле,
Мунун жез канаты бар эле,
Өрөөчүндөй салгындап,
Бузуп байлап салыптыр,
Чырмап калган жемеден,
Суркоён баспай калыптыр.
Канкордун уулу дардаңга,
Айтайын катуу күүлөнүп,
Бек айтайын сүйлөнүп,
Кагылайын абаке,
Мен күүлөнүп турганда,
Күлчоро, Бакай, Канчоро,
Семетейге барган жер,
Канкордун уулу Семетей,
Башы жерге салынып,
Ыйлап турат зарылап,
Абасына кеп айтпай,
Бала дардаң чунак кул,
Көгөн ишин эми айтпайт,
Бир колдогон Күлчоро,
Аттан түшө калган жер,
Абасына барган жер,
Канкордун уулу абасын,
Оң колунан алган жер.

Келе канкор колуңду,
Ачсын кудай жолуңду,
Канчалык кылдың тил албай,
Билдим бала оюуңду,
Күлүктү байлап таштадым,
Мен Каныкей сүтүн актадым,
Канчалык кылып жакпадым.
Бууданды байлап таштадым,
Мен энеңдин сүтүн актадым,
Семетей сага жакпадым.
Атынан айтпас Күлчоро,
Ачууланып кеп айтат,
Ошондо, ой  Семетей деп айтат,
Кече калмак камынып жатканда,
Аргын менен ногойду,
Айдап жүрүп кырганда,
Мойнуңа богоо саларда,
Өзүңдү кармап алаарда,
Ошондо ажыраткан мен элем.
Канча айтсам тил албай,
Буудандын жалын буугансың,
Эки кол жылкы куугансың.
Бээжиндин каны чоң Манжу,
Калааңа комоо салганда,
Катын бала чуркурап,
Какшап ыйлап зыркырап,
Өзүңдү камоого жакын калганда,
Үстүртөн кудай жар болуп,
Астыртан арбак жар болуп,
Ажыраткан мен элем.
Катын кызды какшатып,
Калмакка элди чайдырып,
Кырдырып койгон сен элең.
Бир кудайдын буйругу,
Кең-Кол мага жер болбойт,
Динге кире жок болгон,
Мусулманга ок болгон,
Атаңды билген эр болгон,

# СЕМЕТЕЙ

Ааламдан чыккан шер болгон,
Менин атам Алмамбет,
Сенин атаң эр Манас,
Айткан тилин албаган,
Бууданды окко учурган,
Канчаны шейит кечирген,
Атаңдан калган кезирет.
Айтайын аба угуп тур,
Талас мага жер болбойт,
Аргын мага эл болбойт.
Белиме болот чаламын,
Кош аман бол Семетей,
Мен Бээжинге кирип каламын.
Ат куйрйгун өрөмүн,
Атабыз бирге туушкан,
Дөө Коңурбай калчага,
Ини болуп беремин.
Бээжинди барып жердесем,
Калмак кытай эл десем,
Каканды барып кармасам,
Кан Коңурбай абаңды,
Каалаган ишин кылбасам,
Келе берчи колуңду,
Буудандын жалын өрөмүн,
Калмак менен кытайдын,
Калың аскер кол жыйып,
Колун баштап келемин,
Кара калмак чоң аскер,
Колун баштап желемин,
Ой, абаке Семетей,
Ошондо сенин эрдигиңди көрөмүн.
Кыл мурутуң түйүп тур,
Кыйын болсоң күйүп тур.
Карагай айза аштап тур,
Өлгөндөн калган мусулман,
Билгениңдей сактап тур.
Жумаалы менен Темирбек,
Биригишип тең өскөн,
Кан шарапты бирге ичкен,
Теңтуш өскөн неме элең,
Кызматка бирге барчу элең,
Чалгынды бирге чалчу элең,
Чалгынга чыгып жоо сайып,
Олжону бөлүп алчу элек.
Сен бу жерге айтып бер,
Азили кара болгон соң,
Пейли кара Күлчоро,
Кытай болуп кетти деп,
Сен журтуңа айтып бар,
Башка сөзүм аманат,
Ой, абаке кан Бакай,
Каныкейге салам айт,
Оң саламын жыттаткан,
Орто ташка уктаткан,
Оңолбогон Күлчороң,
Турбай жолго салды де,
Балам деген Күлчороң,
Пейли кара турбайбы,
Асили кара болгон соң,
Кытайга кирип калды де,
Ай, абаке кан Бакай,
Сакта кудай саламат,
Жандын баары аманат.
О, Канчоро абаке,
Чачыкейге саламат,
Күлчоро пейлин бурду де,
Чорону кудай урду де,
Арамдыгы бар экен,
Аттанып жолго салды де,
Калмакка кетип калды де,
Айчүрөккө кеп айткын,
Акылдашып бир жүргөн,
Күлчоро кайран сырдашың,
Кеңешип элди билчү элең,
Кайниңди кудай урду деп,
Капырга элин бурду деп,

# СЕМЕТЕЙ

Семетей менен Бакайды,
Как талаага боздотуп,
Үчөөбүз менен коштошуп,
Калмакка кетип калды деп,
Айкожо Бакай кылыйып,
Ичинен тынып жымыйып,
Периштелүү балама,
Берер кудай жалгызга,
Билип турат абасы,
Мурутун сылап кашкайып,
Күлүп турат абасы,
Канчоро сындуу баатырдан,
Канып турат табасы,
Эр Күлчоро, жинди кул,
Аттанып жолго салган жер,
Ай үчөө менен коштошуп,
Күлчоро жөнөп калган жер.
Арасынан жолдошу,
Ар кандай жерде колдоочу,
Азирети Аалы шер,
Кийинки чыккан ошол эр,
Эр Күлчоро жинди кул,
Периште жолун чалган жер,
Пейлине жолун салган жер,
Кайберен жолго салган жер,
Алмамбеттин жолдошу,
Кайыптар ойноп барган жер,
Семетей, Бакай, Канчоро,
Как талаада калган жер.
Кызы талак дардаңдын,
Өз кылганы жетти деп,
Жеке өзү кылгандай,
Жоону жеңип тургандай.
Көтөрүлүп барбактап,
Жүрчү эле дардактап,
Өз башына жетти деп,
Таба кылып Канчоро,
Капаланбай калган жер.
Баатыр бала Күлчоро,
Бастырып жолду баштады,
Манастын уулу баатырды,
Как талаага таштады.
Үшкүрүгү жер жарып,
Күлчородон айрылып,
Каңырыгы түтөдү.
Канкордун уулу баатырдын,
Какшап муңу күчөдү.
Жараткан алда бир кудай,
Не жасады башында,
Ушу күнду көргөзбөй,
Алып койсо болбойбу,
Балтыр бешик жашымда.
Ботосу калган ингендей,
Болкулдап ыйлап Семетей,
Бууру төөчө муңданып,
Күлчоро кетип калды деп,
Бу дүнүйө жалганга,
Тирүү жүрүп нетейин,
Күлчородон айрылып,
Не мураска детейин,
Бу жалгандан кетейин,
Өлүмгө мойнун бурганда,
Өкүрүгү басылбай,
Манастын уулу Семетей,
Өлмөк болуп турганда,
Абасы Бакай булкунуп,
Ачууланып жулкунуп.
Тилимди алсаң дардаңым,
Азыр сага кеп айтам,
Канча айтса тил албай,
Ушу күндү көргөздүң.
Тил албасаң мен айтам,
Күлчородон айрылып,
Ырысы жок Каныкей,
Жоболоңдуу Айчүрөк,
Жолборсун күткөн калың журт,

Кайрылып кантип барабыз,
Как талаада кайгырып,
Күлчородон айрылып,
Кандай кабар салабыз.
Ат аягы түгөтүп,
Аттар баспай калгыча,
Биз жүрөлү талгыча.
Ажал жетип күн бүтсө,
Жүрө-жүрө баралы,
Как талаада кайгырбай,
Жүргүн жолго салалы,
Жете албайбыз Бээжинге,
Күлчородон айрылдык,
Ажал жетип күн бүтсө,
Карга менен жоруга,
Тамак болуп калалы.
Канчорого кеп айтып,
Береги турган абаңдын,
Атын току деп айтып,
Арстан Бакай абасы.
Күлчоро кетип калган соң,
Кимге жетер дабасы,
Ачуу менен эр Бакай,
Баатыр бала Семетей,
Булкунуп кийим кийгизип,
Көктелки мингизип,
Арстан Бакай абасы,
Канкордун уулу баатырга,
Капаланып кеп айтпай,
Башка сөздү көп айтпай.
Күлчоро кетип калган жер,
Айкожо Бакай күүлөнүп,
Аттанып жолго салган жер.
Актан бүткөн бала эле,
Узун жолго салгандыр,
Артынан желсе кокустан,
Азык-түлүк берем деп,
Жолду тосуп калгандыр,
Жүргүн жолго салалы,
Кайрылып кантип баралы,
Аттар баспай калгыча,
Биз жүрөлү талгыча,
Баспай калса буудандар,
Азык кылып алалы.
Аттарды союп салалы,
Терисин сыйрып алалы,
Бутка чарык кылалы,
Буюрган ишти көрөлү,
Күлчоронун артынан,
Тентип жүрүп өлөлү.
Канчоро, Бакай, Семетей.
Аттанып жолго салган жер,
Адамдын тилин албаган,
Каапырдын уулу көсөрдү,
Ошондо Бакайдын тилин алган жер.
Абасына кеп айтып,
Айланайын абаке,
Не албайт кудай мендейди,
Тубардан калган ак жоолук,
Көзүнүн жашын төгүлтүп,
Көңүлүн нечен бөлүнтүп,
Улам булкуп ыргытып,
Семетей ыйлап баратат.
Кызыл кыя бел ашып,
Улам булкуп ыргытып,
Семетей ыйлап баратат.
Кызыл кыя бел ашып,
Былчакат деген жер басып,
Ат откозуп жаткан жер.
Башынан кайып баккан эр,
Ошондо олуя Бакай кеп айтат,
Саадакка окту салалы,
Күлчоронун артынан,
Анан издеп баралы.
Булбулдай үнүн бек салып,
Муңканган үндү көп салып,

Күкүктөй таңшып зарланып,
Кандай шордуу жан болдум,
Акбала барат заргарып,
Айкожо, Бакай кеп айтат.
Семетейге туйгузбай,
Канчорого билгизбей,
Кагылайын кулунум,
Күрөшө чыккан кытайды,
Ушу жолдо алабыз,
Шайымбет менен Буурулду.
Экөөнү аман табабыз,
Акбаланы сооротуп,
Арстан Бакай жаткан жер,
Күлчоро акыл тапкан жер,
Башынан кудай баккан эр.
Мелтиреген талаага,
Канчоро, Бакай, Семетей,
Барып жаткан жери ошол.
Арстан Бакай баатырдын,
Ат семиртип алам деп,
Мурун айткан кеп ошол.
Адамдын тилин албаган,
Өз билгенин бербеген,
Өзүнөн башка кишини,
Киши экен деп билбеген.
Манастын уулу Семетей,
Башына кыйын иш түшүп,
Тикеси менен чөк түшүп,
Барып жаткан жери ошол.
Арстан Бакай абасы,
Атка тердик салган жер,
Аркар атып аң уулап,
Жан казанга эт салып,
Канчоро менен Семетей,
Алтын урдуу ай жүздүү,
Жетим калган Акбала,
Бул үчөөнү баккан жер.
Ат оргутуп токтолуп,
Баатыр Бакай баш болуп,
Семетей барып жаткан жер.
Күндүзгүсүн болгондо,
Атка минип жер кайрып,
Арстан Бакай жүргөн жер.
Ал Бакайдын жүргөнүн,
Семетей менен Канчоро,
Экөө кайдан билчү эле,
Түн жамынып алчу эле,
Карк этип карга кончу эмес,
Курк этип кузгун кончу эмес.
Күлчоро менен кан Бакай,
Аз сүйлөшүп алчу эле.
Айланайын абаке,
Көрдүм кандай борумуң,
Алгарыны аргытып,
Бургута тердик калыптыр,
Буурул атты кондурбай,
Өзү менен алыптыр,
Санап көрсөң миң болот,
Билимдиги билинди,
Какандагы канча эр,
Кара чоктуу калчалар,
Кош түшүрүп туу тигип,
Чоң Үргөнчтүн боюнда,
Улуу тоонун оюнда,
Жоо-жарагы жанында,
Кош түшүрүп жай жатат.
Алтымыш солоон кыргыл сап,
Атайын чалгын чалышат.
Мусулманды жеңдик деп,
Өөдө-төмөн жарышат.
Анын баарын мен көрдүм,
Мен аралап алайын,
Мойнума болот салайын,
Оозума ок тиштеп,
Суркоёнду жетелеп,
Багындым деп барайын,

Берсе кудай калганы,
Эптеп эбин табайын,
Кар көзүн оёюн,
Баатырсынган калчаны,
Канын суудай сороюн.
Ажал жетсе өлөйүн,
Амал кылып көрөйүн,
Бир кудайдан тилейин,
Дөөгүрсүгөн калчага,
Мен аралап кирейин.
Күлчоро айтып турганда,
Кара чаар кабылан,
Кайтып кетпейт жанынан,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Ажал жетип күн бүтсө,
Шер Коңурбай өлөрбүз,
Алгараны баптатып,
Ат күлүгүн саптатып,
Кармап аттан сойдуруп,
Жанындагы солонун,
Кара этине тойдуруп,
Казы менен картасын,
Бал коштуруп койдуруп.
Казат кылып кармашып,
Канча күнү уруштук,
Катын менен баланы,
Айза менен жырыштык,
Ат өргүтүп токтолуп,
Чарчап калган аттарды,
Араң чөптөн откоруп,
Эрикпей эки ат жаралы,
Анан үйгө кайталы.
Арага киши салалы,
Кызыталак буруттан,
Мындан кабар алалы.
Багындык деп айталы,
Багынбаса көрөт деп,
Үрөрүнө ит болбой,
Сыгарына бит койбой,
Сапты сыман кылалы,
Кармашып жеңип алгансып,
Жоону айдап ийдиң деп,
Көөнүн басып алганда,
Көтөрүлүн калганда,
Мунун баарын жайлайлы.
Кең-Кол менен Таласты,
Сапырып саман кылалы,
Эркек койбой элине,
Бирин койбой кыралы.
Кара-Буура, Чаткалда,
Чоң Коңурбай баш болуп,
Кайкалай токтоп атканда,
Эки Чаттын оюнда,
Улуу суунун боюнда,
Бурул ат колдо турган соң,
Мусулмандын багысың,
Алдым деген оюнда,
Бээжиндин каны калчаны,
Алтын айчык туусу бар,
Жоо жарагын сугарган,
Ажыдаардын уусу бар.
Этеги бар жака жок,
Өтүгүндө така жок,
Алооке кандын таз баатыр,
Кол токтотуп жаткан жер.
Калалуу коргон чарбакка,
Камынды баатыр Күлчоро,
Жөө калмакка бармакка,
Атасынын баласы,
Куралуу коргон чеп болгон,
Катылган душман жык болгон.
Жаш кезинен кан ичип,
Кол токтотуп жоо сайган,
Ойноо бала табылды.
Абасына кеп айтып,
Айкожо аба деп айтып,

Көкчолок жонун жоорутпа,
Кагылайын абаке,
Баатырдын көөнүн оорутпа,
Ала-Айгыр Сайкал боюнда,
Аккан суунун боюнда,
Дүрбү салып карасам,
Кыбыраган жан жүрөт,
Жайылып аткан мал жүрөт.
Канчорону ээрчитип,
Ошол малга барып кел,
Семизин кармап алып кел,
Арыктарын коюп кел,
Атадан Жамгыр атама,
Ачка кылбай союп бер.
Күлчоро Бакай сүйлөнүп,
Бири бирин күүлөшүп,
Кармашып жүргөн малчыга,
Качкан жоого алдырып,
Калды деген жаманат.
Жараткан алда бир кудай,
Мен садагаң кетейин,
Өзүнө бердим аманат,
Жеңдирди деген жаманат.
Мен садагаң кетейин,
Жеңилген жоого алдырып,
Калды деген жаманат,
Жараткан кудай жалгызга,
Кан тапшырдым аманат.
Бакай менен Күлчоро,
Айтышкан сөздү токтотуп,
Амандашып коштошуп,
Кара чаар жолборсуң,
Кайыптан болгон жолдошуң,
Атакең маркум Алмамбет,
Артыңан жүрүп колдосун.
Кызыл чаар жолборсум,
Атакеңдин жолдошу,
Баатыр Манас барында,
Алыр жүргөн молдосу,
Арбагына тапшырдым,
Саламат жаның сак болсун,
Мен садагаң кетейин,
Салса кудай оңуна,
Сенден кабар бат болсун,
Жоо калмакка барасың,
Кагылайын Күлчоро,
Барсаң жоон аласың.
Кабарыңды билгиче,
Кайрылып өзүң келгиче,
Уктабай көзүм сүзөрмүн,
Бир кудайга жалынып,
Күлчоро сени күтөрмүн.
Баатыр чоро кеп айтат,
Алдадан ажал жетпесе,
Жаныңдагы Күлчороң,
Чын дүйнөгө кетпесе,
Он эки күндүн ичинде,
Кайрылып кабар берермин,
Жараткан алда бир кудай,
Айланайын абаке,
Боло көрбө бөөдө убай,
Эр Күлчоро кайран шер,
Абасына кеп айтып,
Кош аман бол деп айтып,
Королуу коргон чарбакка,
Жардам болсо кудайдан,
Бармак болду калмакка.
Бала жолго салганы,
Кандай болор экен деп,
Абасы Бакай эр баатыр,
Артынан ээрчип калганы,
Бакайдын дүрбү салганы,
Карап турса кан Бакай,
Чоң мунарык созулат,
Оргош менен Иленин,
Экөөнүн суусу кошулат,

Улуу дайра аккан суу,
Эр Күлчоро барыптыр,
Астындагы Суркоён,
Ээрин алып жайдактап,
Ээн талаа эрме чөл,
Башына ээрин жазданып,
Астына тердик төшөнүп,
Эки суунун кошконго,
Күлчоро жатып калыптыр,
Эр Күлчоро жиндини,
Арстан Бакай абасы.
Өлүүчү жерге барды деп,
Элине жатып алды деп,
Эки көздү талытып,
Эртеден кечке караса,
Эр Күлчоро булк этпейт.
Жатат кулап тырп этпей,
Арстан Бакай абасы,
Көрүп көзүн салган жер,
Көкчолокко камчы уруп,
Кайра тартып калган жер,
Канчоро менен Семетей,
Бул экөөнө барган жер,
Канкордун уулу эр неме,
Капа болуп кан жутуп,
Кайгы тартып зар жутуп,
Калкым какбаш дечү эле,
Какбаштыгы билинди,
Атадан жалгыз болгуча,
Алда таала кудурет,
Алып койсо не болот.
Нээти кара Күлчоро,
Каралыгын кылды деп,
Калмакка кетип тынды деп,
Бакайды кудай урду деп,
Күлчорого кошулуп,
Бакай жолго салды деп.
Бакай менен Күлчоро,
Беш сүйлөшүп баш кошуп,
Биригишип калды деп.
Карып калган чагында,
Өлө турган табында,
Атаңдын көрү катыгүн,
Арстан Бакай Айкожо,
Капыр болуп калды деп,
Баатырдын уулу Семетей,
Капа болуп кеп айтып,
Канчорого көп айтып,
Арстан сыным турганда,
Бүлдүркөндүү талаада,
Элестеп караан көрүндү,
Эмине караан болду деп,
Ээн талаа эрме чөл,
Эки жагы бөөт көл,
Семетейге кеп айтып,
Элес-булас бир карап,
Келе жатат деп айтып,
Эр Семетей кайран эр,
Эмине караан болсун деп,
Бизге келсе келсин деп,
Сен да душман болосуң,
Каныкейдин сүтү ургур,
Акыр бир күн өлбөсөң,
Душмандык кылып коёсуң,
Туубагандын түбү жат,
Арам Манас оңбосун,
Алты катын албайбы,
Ал алды билген соң,
Катын алып койбойбу?
Алардын тууган балдары,
Атабыз Манас экен деп,
Мен өңдөнгөн жалгызга,
Ээрчип жолдош болбойбу,
Канкордун уулу Семетей,
Кылганына арданап,
Өлөйүн дейт жан таттуу,

Кирейин дейт жер катуу.
Кудайдан башка маана жок,
Кузгундан башка кара жок,
Алдадан башка арга жок
Айланып учкан ак кажыр,
Андан башка маана жок.
Кече Бээжинден жылкы тийгенде.
Кулчоро Бакай жүргөндө,
Коңурбай атып салганда,
Ошондо өлбөй калганда,
Көрдүм эле бу шерди,
Ажалым жетип мен өлсөм,
Өлгөнүмдү сен көрсөң,
Муунабай бутум чоюп кет,
Кош төбөгө коюп кет.
Ар немени ойлобос,
Ала көөдөн баатырга,
Ар кандай санаа көп түштү,
Башына мүшкүл иш түштү,
Айтып коюп чорого,
Эр Семетей бүк тштү,
Жоону жеңип салгандай,
Каратып жүргөн калчанын,
Кармашып башын алгандай,
Жана Канчоро көргөн бир караан,
Бозчолок кийип болоктоп,
Башында челде жаркылдап,
Баатыр Манас Арстандын,
Манас менен жүргөндөй,
Арстан Бакай абасы,
Келе жатат жакындап,
Баатырды таанып Канчоро,
Жанагы көргөн бир караан,
Абакем Бакай экен деп,
Кудай берер бекен деп,
Ак була тону бүгүлгөн,
Күлчорого кошулуп,
Душман болуп кетти деп,
Манастын уулу Семетей,
Бакайдан кошо түңүлгөн,
Жакын барса абасы,
Маңдайы жарык алачак,
Арстан Бакай баатыр шер,
Арбактуу болуп көрүнүп,
Семетейге барган жер.
Семетей менен Канчоро,
Как талаада калган жер,
Асманда булут бос болуп,
Азык-түлүк жок болуп,
Семетей менен Канчоро,
Өлүмгө жакын калган жер,
Ачка болуп алсырап,
Семетей менен Канчоро,
Арстан Бакай кайран эр,
Абасы барды жанына,
Семетейди алдына,
Алып жүргөн күл азык,
Андан чымчып алды эми,
Манастын уулу баатырдын,
Таңдайына салды эми,
Тамак ичип тойгондой,
Манастын уулу Семетей,
Ээрдин кымтып үч жолу,
Азыктанып калды эми.
Келген Бакай кеп айтат,
Кеңеш кылып көп айтат,
Күлчоро кетти деп айтат,
Семетей ыйлап болкулдап,
Азаптуу башка иш түшүп,
Ачка болуп турганда,
Кайберен оттоп кабылбай,
Ачкалыкка кабылып,
Өлмөк болдук ушул жерге,
Канчоро менен Семетей,
Бир кудайдын буйругун,
Көрүп турдук ушул жерде.

Саламдашып көрүшүп,
Абасы Бакай кеп айтып,
Алты күндөй ач калып,
Калган экен Семетей,
Ачкалыктан өлүмгө,
Барган экен Семетей,
Как талаада кайгырып,
Үстүнө кийсе тон эле,
Астына минсе ат эле,
Тандап ичсе аш эле,
Душманга такан ок эле,
Менде мындай жок эле.
Калган экен Семетей,
Күлчородон айрылып,
Турган экен кайгырып,
Баркылдап Бакай барган жер,
Семетейге камчы үйрүп,
Эсер өскөн жан элең,
Эби жок өскөн бала элең,
Жайкын талаа сары түз,
Керүүсү жайык кең экен,
Адам пенде келбеген,
Ээн талаа жер экен,
Оңолбосун Семетей,
Мен көрдүм марал көп жүрөт,
Буюрган чөбүн жеп жүрөт.
Аркар, Кулжа көп жүрөт,
Алда таала кудурет,
Буюрган чөбүн жеп жүрөт,
Ала көөдөн эр дардаң,
Аркар атып албайсын,
Жан казанга салбайсың,
Тетиги Сайкал боюнда,
Агындуу суунун боюнда,
Мал өңдөнүп көрүнөт,
Түркүн, түркүн топтолот,
Сууну бойлоп оттошот,
Мен ошого барайын,
Бул эмине болду экен,
Аркар, кулжа бугу атып,
Алмабаш менен кулатып,
Аркар атып сулатып,
Тамак таап келейин.
Адам күткөн мал болсо,
Айдап келип берейин,
Ар кайсы жерде топтошкон,
Ыраңдуу чөптөн оттошкон,
Капыр менен мусулман,
Карчалышып турганда,
Атаңдын көрү дүйүнө күн,
Элчи салып арага,
Кат алышып турганда,
Жоо бөрүсү кырк чоро,
Калың кара журтунан,
Бара алышып турганда,
Ошондо албай не болдум.
Семетей кайрат кылсын деп,
Айкожо Бакай күүлөнүп,
Ар кандай айтып сүйлөнүп,
Ак келте турса колунда,
Ак кийик жүрсө жолунда,
Ачка болдум дегениң,
Ала көөдөн акмак кул,
Мен ушинтип бокту жегеним,
Кабылан абаң эр Бакай,
Баатырды каарып кеп айтып,
Өлсөң мейлиң деп айтып,
Канчорону ээрчитип,
Көрүнгөн малга жөнөдү.
Канчоро, Бакай барганда,
Мусулмандан канчаны,
Калмак кырып салганда,
Жумабектен Керкашка,
Асылбектин Тайкашка,
Темирбектин Торуча,
Карабуурул чоң соору,

Калмак жолго салганда,
Калдайган эл мусулман,
Камоо көрүп калганда,
Капыр айдап алганда,
Мусулмандын баарысын,
Санатын санап алгын деп,
Ойго айдап баргын деп,
Семизин тандап соёлу,
Башкасын багып коёлу,
Арстан Бакай Айкожо,
Канчорого каттатып,
Кадиктүү атты жаттатып,
Жоого минчү буданды,
Бакай барып турганбы,
Калкамандын Эгизбек,
Соорусунда агы бар,
Маңдайында мөөрү бар,
Ошо жүрөт ичинде.
Жоого минер бурак бар,
Капталы катуу жонуна,
Куюшкан барып сооруга,
Өлө турган анда бар.
Канчоро катка салганда,
Арстан Бакай абасы,
Атты айдап жыйнатып,
Семетейге барганда,
Арстан Бакай кеп айтат,
Мына бу келген жылкыдан,
Ат тандагын деп айтат.
Кайдан таап алдың деп,
Жолдош болуп бир жүргөн,
Кан шарабын бирге ичкен,
Телегейи Тегизбек,
Калкамандын Эгизбек,
Калган экен жаныбар,
Эти оор семиз деп,
Эр Үрбүнүн Амантай,
Адамдан башка жез таңдай,
Мына бу турган Тайкашка,
Акмаңдайдын аты экен,
Тетиги турган Торкашка,
Жумабектин аты экен.
Басса чаңы бөлүнгөн,
Маңдайы шаңдуу көрүнгөн,
Ак чатырдай шаңданган,
Көргөн адам таңгалган,
Кош жүктөсө төө калган,
Муну минип жүргөндө,
Бир канчага ээ болгон,
Темирбектин аты экен.
Ошондо Бакай күүлөнүп,
Семетейге сүйлөнүп,
Ашуу ашып таш басса,
Айбандын жолу бир башка,
Буурулун минип булкунуп,
Жоонун жолун албайсың,
Жолдошуңдан айрылып,
Тентидиң эми кандайсың,
Семетей сенин айыңдан,
Жатып алган жайыңдан,
Адамдын колуң жок болуп,
Канчоро менен Күлчоро,
Бу жанында жок болуп,
Какан менен Бээжинге,
Кат боолагыч кесилге,
Кабар салган киши бар,
Жашынан кудай урган соң,
Сен өңдөнгөн айбандын,
Эмине менен иши бар,
Какандан чачып кол курап,
Эр Коңурбай эл курап,
Көрдүң калча сордугун,
Канча деген жер калды,
Калың кара эл алды,
Мусулмандын шерлерин,
Жоого тийчү эрлерин,

Калмак кармап алышты,
Канчасын отко салышты,
Айткан тилди билбейсиң,
Айтканымды билбейсиң,
Билгениңди койбойсун,
Билемин деп ойлойсуң,
Өз оюңча барбаңдап,
Эчтемени ойлобой,
Жүрө бердиң дардаңдап,
Канчоро менен Күлчоро,
Бул экөөнү кууганда,
Сени кудай урганда,
Калмак келип кырганда,
Катын, бала чуркурап,
Какшап ыйлап турганда,
Алсытан келдиң кол жыйып,
Атыша чыктың жоо менен,
Какандын каны чоң Манжу,
Маңдайыма бак келбей,
Кармашууга чак келбей,
Алып келген аскериң,
Сала берип качкан жер,
Казат кылып кармашпай,
Өлүмгө кетти канча эр,
Ушунун баарын сен кылдың,
Тилимди албай койгондой,
Сени кайсы жериңден кем кылдым,
Өзүмдү өзүм билем деп,
Өз оюңча жүрөм деп,
Шайымбет менен Тайбуурул,
Бул экөөнөн айрылдың.
Арстан Бакай күүлөнүп,
Кагылайын абаке,
Акка мойнум сундум деп,
Өзүмө өзүм кылдым деп,
Бу дүнүйө жалганга,
Муңканып ыйлап турдум деп.
Бул айтканың дагы чын,
Абам айтканыңдын баары чын,
Баарын өзүм кылдым деп,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Какандын каны манжуга,
Кармашып жүрүп алдаттым,
Шайымбет менен Буурулду,
Өз убалым өзүмө,
Экөөнү бирдей карматтым,
Кылычың алыч колуңа,
Кылмышым алдым мойнума,
Кагылайын абаке,
Жеткизчи мени ордума.
Курган башты ала кет,
Көрүп калсын шорду энем,
Башымды алып өлтүрүп,
Канжыгага чала кет,
Кылган иштин баарысын,
Семетей алды мойнуна,
Канчорого каттабаса,
Күлчоро менен Бакайдын,
Ар кылганы дат болгон,
Калаада жүргөн аттарды,
Ат эсебин алганда,
Атты катка салганда,
Токсон эки ат болгон,
Капталга ээр кабканы,
Соорусуна куюшкан,
Куюшкандын батканы,
Ат үстүнөн алдырып,
Канчородой улууга,
Тегерегин чалдырып,
Бээжинге жортул жете алабай,
Кең-Колго кайра кире албай,
Таласка жоортуп жете албай,
Калкына кайра кете албай,
Канкордун уулу Семетей,
Каркыралуу талаага,
Семетей ыйлап жаткан жер,

Канчоро Бакай баккан жер,
Эми бул үчөөнү таштайлы,
Күлчоронун жоругун,
Муну айтып баштайлы.
Олуязаада Күлчоро,
Акылдашы оңолсо,
Агасы эмес атасы,
Көптүн тийген батасы.
Күлчоро Бакай сүйлөшүп,
Эр Күлчоро жинди шер,
Бөлүнүп жолго салганда,
Абакеси кан Бакай,
Дүрбү салып артынан,
Бакай кан карап калганда,
Эки суунун кошконго,
Эр Күлчоро барганда,
Астындагы коёнду,
үстүнөн ээрин алганда,
Минген ээрин жазданып,
Тердик алып төшөнүп,
Арстан Бакай абасы,
Барган жерин көрдү эми,
Минип жүргөн коёндун,
Ээр токум үстүнөн,
Алган жерин көрдү эле,
Уядан учса балапан,
Канаттарын тарайт деп,
Адамдан артык туулган,
Ар кандай ишке жарайт деп,
Семетей менен Канчоро,
Бул экөөнө барган жер,
Ат откозуп өргүтүп,
Жан казанын кайнатып,
Жанын багып калган жер,
Жалгыз жаткан жеринде,
Дарыя суунун жээгинде,
Башына ээрин жазданып,
Баатыр чоро жатканда,
Жараткан алда бир кудай,
Канчалык эл канча журт,
Жетимге деп айтканда,
Уккан атын түшкөрүп,
Түшүндө сонун иш көрүп,
Кара чоку калмакты,
Кармап жолго салыптыр,
Кара жолу аскерин,
Баарын айдап алыптыр,
Кыйынсынган шерлерин,
Кылыч менен сулатып,
Кара-Бура Чаткалда,
Канчасы кар, канча шер,
Буурул ат колго тийгенде,
Бурутту жеңип алдык деп,
Баатырлардын баарысы,
Кош түшүрүп туу тигип,
Кара-Буура Чаткалга,
Өргүп болуп жаткан жер.
Эр Коңурбай лөк айтып,
Эр Нескара дөө айтып,
Чөбү гүлдүү жер сонун,
Жерден башка экен деп,
Ат семиртип алалы,
Үстүнө тердик салалы,
Буруттун элин жендик деп,
Буурулун алып келдик деп,
Какандагы кандарга,
Буурул атты көргөзүп,
Мына бу карып калган баатырдын,
Кан Коңурбай асылдын,
Баатырлыгын билгизип,
Пайдасын элге тийгизип,
Кан көтөрүп зор кылып,
Баягыдан чоң кылып,
Улуктан урмат кылалы.
Ат семиртип откоруп,
Ушу жерге токтолуп,

Алты айдан кийин чыгалы.
Коңурбай менен Эшимдин,
Айткан сөзү макул деп,
Бул айтканың акыл деп,
Кан түшүрүп туу тигип,
Калмак, кытай аралаш,
Жайнап токтоп жаткан жер.
Жан казанын кайнатып,
Аш тамагын жайнатып,
Катыны чыгып эсинен,
Калмак, кытай элдери,
Канга тууган эрлери,
Мусулмандан иши жок,
Бурут колго тийди деп,
Оргоштун башы Сары төр,
Жылкы айдатып чыгарып,
Кудай бетин көргөзбө,
Калганына кубанып.
Кырдуу мурун кызыл көз,
Айта берсе узун сөз,
Кебез өрүп кендир бел,
Кереге жайып үй тигип,
Кан Коңурбай кашында,
Жайкын жаткан ошо жер,
Күлчоро уктап жатканда,
Үр берište какканда
Кудай багын ачканда,
Алтын айдар ак маңдай,
Чачы муундап бөлүнгөн,
Адамдан башка көрүнгөн,
Алмамбет келип кеп айтат:
Какандын каны манжуну,
Эми аласың деп айтат,
Кендирдей бели чоюлган,
Эки бети алмадай,
Эки беттин отунан,
Кан тамчылап агылган.
Чубак келип кеп айтат:
Дөгүрсүгөн калмакты,
Аласың эми деп айтат.
Алмамбет менен Манастын,
Алып жүргөн молдосу,
Акыреттик  жолдошу,
Эр Сыргак келип кеп айтат,
Маңдайын сылап көп айтат:
Жеңдиң бу жолу деп айтат.
Кабыл келчү кишиңе,
Алмамбет, Сыргак, Эр Чубак,
Үчөө кирип түшүнө,
Алтын кемер куру бар,
Адамдан башка куну бар,
Кан Манас кирип түшүнө,
Жоолашкан жоону алдык деп,
Бээжинге муну кетирбей,
Жолун тосуп салдык деп,
Аттангын бала камын деп,
Коңурбайды баш кылып,
Баарын кырып жай кыл деп,
Кече өткөндөр кирип түшүнө,
Кабыл келчү ишине.
Кайыптан кабар барган жер,
Эр Күлчоро кайран шер,
Арбактан  кабар алган жер,
Пейлине кудай салган жер.
Периште жакын барган жер,
Оро-Баш менен Илени
Кошулган жерге барган жер.
Оюна кудай салган жер,
Астында  минген бууданды,
Үстүнөн ээрин алган жер.
Астына тердик салган жер,
Акканкы ээрин жазданып,
Кыбыланы баштанып,
Башынан жүгөн алыптыр,
Кое берип коенду,
Эки кокту бир  чаткал,

Барып жатып алган жер.
Өтүгүн чечип байпакчан,
Кемселин чечип көйнөкчөн,
Туулга алып топучан,
Жабдыгын катып жашырып,
Эр Күлчоро кайран эр.
Айбалта салбай санына,
Кылычын койбой жанына,
Алтымыш акыл миң кыял,
Ала салып толгонуп,
Алда таала кудурет,
Берер бекен карыпка,
Эчен түркүн ойлонуп.
Калемин алып колуна
Кан Коңурбай чоңуна,
Калем алып кат жазып,
Катка жазып антташып,
Пир колдогон Күлчоро,
Катты жазып кеп айтат,
Какандын каны манжуга,
Аманат сөздү көп айтып,
Ээн жерден энтеңдеп,
Эл караанын көзгө албай,
Эч айламды таба албай,
Же Бээжинге жете бара албай,
Астымдагы бууданым,
Атым баспай турганым,
Алып жүргөн азык жок,
Манастын уулу Семетей,
Баштап жүргөн кан Бакай,
Экөөнөн көрдүм кордукту.
Бакай менен Семетей,
Өзүмө кылды чоңдукту,
Койгун деп айтар бекен деп,
Бакайга барып ыйласам,
Көзүнө Бакай илген жок,
Айтканымды уккан жок,
Кулагына жуккан жок,
Эч жазыгым жок эле,
Абакелеп жүрчү элем,
Эминеге таарынды.
Мени каарып тургандай,
Өлтүрөм деп камынды,
Куруп калган мен жетим,
Кай жеримен жаңылдым.
Капа болуп турсам мен,
Басып коёр бекен деп,
Айкожо деп жүрчү элем,
Абакем Бакай билген жок,
Айтып турган зарымды,
Кулагына илген жок.
Семетейге кошулуп,
Бакай тилдеп булкунуп,
Кызыталак чочкону,
Өлтүрөм деп жулкунуп,
Экөөнөн көрүп кордукту,
Ок дарыны алалбай,
Белиме кылыч салалбай,
Далыма мылтык асынбай,
Шашып калдым ушундай.
Ойго түштү бир неме,
Адырандап сүйлөнөт,
Атка минсек бир минген
Жоого кирсек бир кирген,
Туйгунду кармап сайышкан,
Душманга бирге барышкан,
Канчородон кеп уктум,
Асилиң калмак деп уктум,
Калмактыгым чын болсо,
Мен бу жерден кетейин
Өлбөсөм Бээжин жетейин.
Бул эмине дегени,
Угуп турду эр Бакай,
Канчородон кеп угуп,
Асилиң калмак деп угуп,
Кагылайын Айкожо,

Кантип чыдап турайын,
Деп ошентип жалооруп,
Бакайга барып мен айтсам,
Ал айтканы баары чын,
Улууну улуу дебейсиң,
Кичүүнү кичүү дебейсиң,
Калмактыгың дагы чын.
Сен бу жерге тирүү турбайсың,
Бу жерде турсаң кысталак,
Эч жакшылык кылбайсың.
Бакайдан угуп баштады,
Күйбөй чогум күл болуп,
Мен ушуларды таштадым.
Кан абам манжу болгон соң,
Мен артынан барам деп,
Манастын уулу канкордун,
Өлбөсөм өчүмдү алам деп,
Келип эркин талаага,
Кыйгаптуу найза колго уучтап,
Жүрүүчү эми жол баштап,
Ал кылганым татыбай,
Манастын уулу Семетей
Жаман көрдү кыйгачтап.
Алмамбет менин өз атам,
Азизкан менин чоң атам,
Атам менен бир tууган,
Кан Коңурбай агам деп,
Мен Каканга барам деп,
Бала болуп  алам деп,
Бала баатыр чоро кат жазып.
Катка чогуу ант жазып,
Коңурбайдын артынан,
Бала болуп барам деп.
Манастын уулу дардаңдын,
Өтүп кетти сөөгүмө,
Өлбөсөм өчүм алам деп.
Кагазга жазып канча кеп,
Кытайча ойлоп кат жазып,
Кат ичине ант жазып,
Башка бурсам пейлимди,
Төбөсү ачык көк урсун!
Төшү түктүү жер урсун!
Бала болуп барбасам,
Кан абам жалгыз Коңурбай,
Жолдош болуп албасам,
Күйгөн милте чок урсрун!
Очогумдун оту урсун,
Акмилтенин чогу урсун,
Атылган мылтык ок урсун,
Кагазына салыптыр,
Айланса болот алдага,
Калмакча жазып Күлчоро,
Өзү жазып салыптыр.
Ичерине аш болбой,
Чөбүн жесе аш болбой,
Талма тийген немедей,
Талып калган немедей,
Баатыр чоро жаткан жер,
Кытай, калмак шерлери,
Кара-Буура, Чаткалда,
Кара жанын баккан жер.
Ат откозуп жай жатып,
Жайнап жолдо жаткан жер.
Эскара менен бир жүргөн,
Мылтык атса бир аткан,
Жоону сайса бир сайган,
Бактыбек деген бир бала,
Кырымдын уулу Мурадыл,
Ак тазма белге буубасын,
Артыңдан куубасын,
Күндө чалгын чалдырып,
Күркүрөгөн чоң манжу,
Күндө маанай өчпөсүн,
Манастын уулу дардаңбоз,
Бизден өтүп кетпесин.
Чалгынды күндө чыгарып,

Бээжиндин каны чоң манжу,
Көкбөрү деген бели бар,
Байгур деген төрө бар,
Балбан болор шаңы бар,
Эскара деген каны бар,
Эчендеген дагы бар,
Кол токтотуп жоо сайган,
Көсөмдөрү дагы бар.
Коркпой жоого бек тийген,
Эчендери дагы бар.
Бурут колго тийген соң,
Шайымбет колдо жүргөн соң,
Жоого минер буурул ат,
Буурул атты алган соң,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Эмне менен иши бар,
Кээ бирөө жаралуу,
Билерманы жанында,
Билгендери астында,
Жарадар болуп олтурган,
Айза тийген жаралуу,
Айыгып аман жетсин деп,
Кан Бээжиндин калкына,
Өлбөгөнү жетсин деп,
Жарадарды баккан жер.
Эр Коңурбай чоң манжу,
Өзү жыргап жаткан жер.
Коңурбайдын барында,
Коркпойт экен ошол эл.
Мурадыл чалгын чалсын деп,
Чалгын чалып барсын деп,
Өзөнү жайык кең талаа,
Келди бекен Семетей,
Келсе көрүп алсын деп,
Келди деп кабар берсин деп,
Келип калса Семетей,
Кармап алып соелу,
Кара көзүн оёлу.
Бура тартма кеби бар,
Соорондук кандын Асаба,
Мунун айткан кеби бар,
Күлчоро уулум барында,
Бакай жүрсө жанында,
Алдырбайт бизге деп айтат,
Ушу сөзү макул деп,
Айткан сөзү акыл деп,
Аскерин койдой имерип,
Чалгын чалып келгин деп,
Келсе кабар бергин деп,
Мурадылды жиберип,
Азиз болгон жан эле,
Билгилиги бар эле,
Көрсө кабар берсин деп,
Көрдүм деп айтып келсин деп,
Атка тердик салдырып,
Мурадылды чалдырып,
Мурадыл атка минген жер,
Көсөм жигит алган жер,
Көк жайыкка барган жер,
Колуна дүрбү алган жер,
Дүрбү салып, жер чалып
Эр Мурадыл барган жер.
Эки дайра кошулган,
Өйдө аягы эки чат,
Аягы бирге кошулган.
Мунарган токой четинде,
Мурда  көргөн кечинде,
Кагазын жазып бүтүрүп,
Болгон экен Күлчоро,
Кайберен, кырк чилтен,
Кош түшүрүп, туу тигип,
Барган экен жанына,
Эр Мурадыл ашкан жер,
Эми көрүп алган жер,
Бул эмине болчу эле.
Эр Мурадыл кайран шер,

Элесин көрүп алган жер.
Аша-шаша барган жер,
Башынан булут бурулат,
Кудай билет чын болсо,
Суркоён сындуу ат турат.
Бул Суркоён экен деп,
Эт жүрөгү сезди эми,
Күлчоро минген ат эле,
Эр Мурадыл баатырдын,
Эси чыгып кетти эле.
Пир колдогон Күлчоро,
Корккондугун билген жер,
Эр Мурадыл экен деп,
Коркуп калды бу калмак,
Келип калар бекен деп,
Колун булгап чакырып,
Келгин, аба, келгин деп,
Келе кет деп бакырып,
Карап турса Мурадыл,
Жоо жарагы колдо жок,
Кармаша турган жолдо жок,
Ыйчасы жок көйнөкчөн ,
Тебетей жок топучан,
Өтүгү жок байпакчан,
Аккан дайра боюна,
Алда таала кудурет,
Салган экен жолуна,
Ардак бала Күлчоро,
Басып барды жанына,
Мурадылдын алдына,
Бооруна колун алыптыр,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Абакелеп жүгүнүп.
Баатыр бала Күлчоро,
Кол көтөрүп багынып,
Абакелеп жалынып,
Бет алышып жүргөндө,
Беттешип жоого тийгенде,
Адамдан башка сүрү бар,
Ажыдаардын түрү бар.
Пендеден башка жан эле,
Амалы бар ит эле,
Алдап кармап алат деп,
Аттын оозун бурган жер.
Ары тургун чочко деп,
Жанына жакын бара албай,
Мурадыл коркуп турган жер,
Коркконун туура билген жер,
Таазим кылып кеп айтып,
Баатыр чоро эр айтат:
Колума калам алдым деп,
Калмак болуп калдым деп,
Мусулман жолун таштадым,
Семетей менен Бакайды,
Таштап алып качканым,
Мен бул жерден кетпеймин,
Бул кагазды алгын деп,
Күлчоро келет энтеңдеп,
Кан Коңурбай агама,
Салам айтып баргын деп,
Кагазды таштап кайткан жер,
Мурадылга айткан жер,
Мурадыл алып караса,
Калмакча жазган кат экен,
Катуу айткан ант экен.
Манастын уулу дарданңга,
Кызматын кыйын актадым,
Канча кылсам жакпадым,
Как баш Бакай көрүнөт,
Семетейге кошулуп,
А да кошо сүйлөнөт.
Элсиз киши дейсиңер,
Элимди таап алам деп,
Эр Коңурбай абама,
Артынан издеп барам деп,
Көзүм өтүп кетпесе,

Кызыталак дардаңды,
Асты-астынан бөлөм деп,
Коңурбайга кошулуп,
Эрдигиңди көрөм деп,
Качып чыгып кутулдум,
Өз элимди таанылбай,
Калмак менен кытайга,
Каршы чыгып бузулдум.
Элим башка экенин,
Семетей менен Бакайдын,
Кордугун көрүп эстедим.
Эр Күлчоро баатырдын,
Жазып койгон каты бар,
Бээжиндин каны Манжуга,
Бекем кылган анты бар.
Абасына кеп айткан,
Каканга барам деп айткан,
Какшап ыйлап кат жазган,
Катына ыйлап антташкан.
Мурадылдын астына,
Салам айтып отуруп,
Айтканыма ишен деп,
Калмак болуп чокунуп,
Күлчоро менен Мурадыл,
Кол алышып көрүшүп,
Кучакташып өбүшүп,
Бет алыщып көрүшүп,
Беттеринен өбүшүп,
Абасын көрүп алган жер,
Эр Мурадыл кыйын эр,
Коңурбайга барган жер,
Бууданды минип алкылдап,
Булуттуу күндөй жаркылдап,
Эл сүйүнтүп бакырып,
Эр Мурадыл чакырып,
Калк сүйүнтүп бакырып,
Мурадыл баатыр чакырып,
Берди кудай берди деп,
Берекелүү Бээжинге,
Бээжиндеги элиме
Күлчоро качып келди деп,
Эр Коңурбай булк этип,
Күлчоро кайдан келсин деп,
Чочуп кетти солк этип,
Ойноп айткан кебиңби,
Обу жок тапкан эбиңби,
Күлчоро келет дегениң,
Акылыңдан шашканың,
Шашканыңдан айтканың,
Аттангандан кан кечкен,
Ат денеси башка өскөн,
Колго түшкөн көп элден,
Укчу элем кабарын,
Пейли бузук Алмамбет,
Бээжинден келген Алманын,
Ошондон келген бала деп,
Күлчоро бизге эл болбойт,
Келсе элди соо койбойт.
Эптеп айткан кебиңби,
Эби жок тапкан эбиңби,
Жасап айткан кебиңби,
Жазыксыз тапкан эбиңби,
Атасы кылган кастыкты,
Туулгандан кан ичкен,
Атасы барып жатка өскөн,
Атышып канды көп төккөн,
Кыйкырып жоого тийгенде,
Кытай, калмак элиме,
Кыргын салып жүргөндө,
Качырып жоого тийгенде,
Калмак, кытай элиме,
Казат кылып жүргөндө,
Атка минип катыктым,
Эр Коңурбай атыктым.
Айза кагып жоолашып,
Алмамбет менен Чубактын,

Манас менен Бакайдын,
Төртөө менен кармашып,
Мен алардан өлбөдүм.
Күлчоро өңдүү баатыры,
Эчenди кырдым талкалап,
Мен мындайды көрбөдүм.
Эр Коңурбай кеп айтып,
Жерди ченеп көп жүрдүм,
Аккуу атып кангыдым,
Эр Коңурбай атыгып,
Манастын уулу баатырды,
Аны барып алдадым,
Ошондо Күлчоро салган бузукту,
Семетейди соёрдо,
Мусулман атын өчүрүп,
Мен мусулман дегендин,
Барын кырып коёрдо,
Күлчоро кылган кайратты,
Калмак, кытай элимди,
Барын кырып жайнатты.
Кан Коңурбай чоң манжу,
Мурадылга кеп айтып,
Каарданып бек айтып,
Коңурбайдан жеме угуп,
Колундагы кагазын,
Мурадыл жулуп алган жер.
Эр Коңурбай астына,
Кагазын ачып жайган жер,
Калмак, кытай аралаш,
Калмак, кытай эли бар,
Канга тууган эри бар.
Сайган жоосу кетпеген,
Күлчоро кууп жетпеген,
Баатырлары дагы бар,
Айзасына таянып,
Басып келген жөөсү бар,
Балтыры болсо белиндей,
Балбан Жолой дөөсү бар,
Бели кучак аны бар,
Эскара, Эшим дагы бар,
Бай Коңурбай бөрү бар.
Балчы болгон дагы бар,
Катын окуп бакырып,
Кан Коңурбай чакырып,
Келди алдына жашынып,
Катты окуп көргүлө,
Жакшы билип бергиле,
Бул Мурадыл барыптыр,
Бул катыңды жолунан
Күлчородон алыптыр,
Катка жазып ант кылып,
Кагазына кат кылып,
Семетей менен Бакайдан,
Кордук көрүп чыктым деп,
Атаны кокуй ит дүйнө,
Өкүм дардаң күүлөнүп,
Какбаш Бакай сүйлөнүп,
Өлтүрөмүн дегенде,
Асилим капыр экен деп,
Мусулман болуп жүргөнүм,
Бу кылганым бекер деп,
Качып чыктым кутулуп,
Казат кылып кан төгүп,
Башында жүргөм бузулуп,
Кан Коңурбай абам деп,
Мен Каканга барам деп,
Бууданга тердик салдым деп,
Өлүүчү жерден кутулуп,
Өлөөрдө качып кутулуп,
Өз элимди таанышбай,
Башында жүрдүм бузулуп,
Уулу жолго салаарда,
Бээжинге кетип калаарда,
Бууданым баспай соругуп,
Бура тартып мен жаттым,
Мурадыл абам жолугуп,

Ошо жерден мен таптым.
Кагазына жазыптыр,
Какан менен Бээжинге,
Аман-эсен жетели,
Мусулман жолун мен билем,
Ат өргүтүп сергитип,
Аста айдан кол курап,
Кайра тартып чыгалы,
Мен мусулман дегендин,
Бирин койбой кыралы.
Баягы Чоро жазыптыр,
Мына минтип айтыптыр,
Эр Конурбай даң кылып,
Эл журутуна даң кылып,
Кан Коңурбай кам кылып,
Калмактарга даң кылып,
Күлчоро жазган каты деп,
Мына бу катына кылган анты деп,
Кан Коңурбай чоң манжу,
Кабар салды калкына,
Калмак, кытай жалпыга,
Кээ бирөө кеп айтат,
Акылы башка ойчу кул,
Атасы башка жойчу кул,
Алмамбет уулу болгон соң,
Келип бербейт деп айтат,.
Кээ бирөө кеп айтат:
Атасы бизден болгон соң,
Айлынан кордук көргөн соң,
Энеси бизден болгон соң,
Элинен кордук көргөн соң,
Келсе келээр деп айтып,
Чогулушуп алышып,
Бул эр Күлчоро жазган кат,
Алаканга салышып,
Баары кармап окушуп,
Көпчүлүгү кеп айтып,
Чын агарып келди деп,
Бизге кудай берди деп,
Бай Коңурбай эр айтып:
Токтоп сабыр кылгыла,
Мен айтам угуп тургула,
Мына бу кагазына жазганы,
Мына бу кагазга жазып айтканы,
Ант аманды кылганы,
Өлө турган ант кылып,
Мына бу катын жазып турганы,
Ишенбеймин катына,
Жойчунун кылган антына,
Кан Коңурбай чоң манжу,
Ишенбейт кылган антына.
Бир канчасы кеп айтып,
Акылы башкан жан эле,
Ишенбеймин деп айтып,
Эреним баатыр төрө айтып,
Эр Байкоңур бек айтып,
Жазган катка таң калып,
Жакаларын карманып,
Бири-бирин карашып,
Келе мага берчи деп,
Окуйлу деп талашып,
Жазган катты көргөндө,
Чын агарып жазыптыр,
Антын катуу айтыптыр,
Бизге кудай бергени,
Берген эмей эмине,
Күлчоронун келгени,
Күлчоро тийсе бу колго,
Башчы кылып алалы,
Өлгөнүнөн калганын,
Баарын кырып салалы,
Катын кызын олжолоп,
Бөлүп-бөлүп алалы,
Деп сүйлөшүп турганда,
Каны, беги чогулуп,
Бек сүйлөшүп турганда,

Кан Коңурбай бүлүнөт,
Кандарына сүйлөнүп,
Эр Коңурбай күүлөнүп,
Элдерине сүйлөнүп,
Эл чогулуп келгенде,
Эр Коңурбай кеп айтып,
Бу Күлчоро чунакка,
Ишенбеймин деп айтып,
Кандарына кеп айтып,
Кара мүртөс чочкону,
Каалабайм деп айтып,
Кан Коңурбай дөө манжу,
Эр аралап келер деп,
Карадан тууп ак болгон,
Ичине батып зак болгон,
Мусулманга шер болгон,
Жоону сайып эр болгон,
Жоого кирип бакырган,
Пайгамбар деп качырган,
Чын агарып келбейт деп,
Жолдош болуп бербейт деп,
Коңурбай айтып турганда,
Соорондук кандын жалгызы,
Азаба деген эр эле,
Ал кимдерден кем эле.
Каканды бирге кармаган,
Калдайдан жандан кем эле.
Акыл таап кеп айтып,
Коңурбайга кеп айтып,
Ак болсо өзү келсин деп,
Калктын баарын көрсүн деп,
Бет алышып көрүшкөн,
Беттен сүйүп өбүшкөн,
Мурадыл алып келсин деп.
Келсе кебин угалы,
Кебин угуп туралы.
Ага тең пейлин көрөлү,
Аңдып байкап билели,
Агарбай турган көрүнсө,
Кылычтын мизин майлайлы,
Ушу жерге жайлайлы.
Калмак кытай эл айтып,
Кан Асаба кеп айтып,
Эр Коңурбай кеп айтып,
Ушул элдин көбү айтып,
Калк чогулуп турган жер,
Калк убада кылган жер.
Мурадыл атка минген жер,
Чорону көздөй жүргөн жер.
Эр Мурадыл барган жер,
Эки кокту Чаткалга,
Эр Күлчоро жатканда,
Безелентип бек жүрүп,
Бектеринен кеп угуп,
Каккалантып бек жүрүп,
Кандарынан кеп угуп,
Мурадыл жакын барганда,
Колун алып бооруна,
Жолун тосуп калганда,
Мурадыл Чоро көрүшүп,
Баатыр өскөн Мурадыл,
Кантээр экен Чоро деп,
Кылычын алып колуна,
Көрдүң менден көрдүң деп,
Эми Чоро өлдүң деп,
Кантээр экен Чоро деп,
Кылычын кындан алганда,
Мурадыл кирип барганда,
Күлчоро сезбейт кайкайып,
Күлүп турат тастайып,
Алсаң мына башым деп,
Өлтүрсөң мына жаным деп,
Төксөң мына каным деп,
Алда таала жол берип,
Эр Күлчоро баатырың,
Мурадылга жол берип,

Мусулман болуп жүргөндө,
Как өзүңдү баш кылып,
Качырып жоого тийгенде,
Айдап жоого салганда,
Астыга салып колуңду,.
Баарын айдап алганда,
Кабылып келбей өзүмө,
Ишенбейсиң сөзүмө,
Ишенсең айткан сөзүмө,
Чын агарып келдим деп,
Чындап анттым бердим деп,
Ак агарып келдим деп,
Анттымды айтып бердим деп,
Күлчоро кылган жумушка,
Моюнун тосуп кылычка,
Сабыр кылып турган жер.
Чын агарган экен деп,
Эр Мурадыл токтолуп,
Эр Күлчоро баатырга
Кол кармашып дос болуп,
Атты кудай атканын,
Атым жүрбөй жатканын
Атым басса сандалып,
Жетет элем элиме,
Керектүү Бээжин жериме,
Барат элем элиме,
Баккан какан жерине,
Эр Мурадыл кеп айтып,
Кылычын салып кынына,
Чын агарган экен деп,
Жүрү элге баралы,
Ишендим айткан кебиңе,
Ага тууган элине,
Ант аманың бергин деп,
Өзүң барып көргүн деп,
Мурадыл айтат да бир кеп,
Айтып сөздү токтодук,
Акыреттик дос болдук,
Сүйлөшүп сөзгө токтолуп,
Мурадыл менен Күлчоро,
Бу дүйнөлүк дос болуп,
Минип жүргөн коенду,
Муну алып кел деди,
Кынама чайжал ак таңкы
Кардай ак тердик
Атын токуп берди эми,
Пир колдогон Күлчоро,
Жалап ичер ашы жок,
Башка минер аты жок,
Мурадылга кеп атып,
Башыңды сайып кыйратып,
Минип жүргөн бууданым,
Алтын айдар, күрмө чач,
Айбанда мындай жылкы жок.
Каандуу берди коштотуп,
Убадасын токтотуп,
Үстүндөгү кийимин,
Кайра байлап капшырып,
Канжыгага тапшырып,
Бекем байлап капшырып,
Мурадылга тапшырып,
Мага ишенбейт Коңурбай,
Жөө басып барайын,
Мен агарып барбасам,
Тосуп берсин таманын,
Тилим менен жалайын,
Мурадылга кеп айтып,
Ушу сөздү көп айтып,
Бууданды алып колуна,
Мурадыл салды жолуна.
Байпагы жок жыңайлак,
Тебетей жок жылаңбаш,
Көйнөгү жок жылаңач,
Баатыр баса Күлчоро,
Периште салып оюна,
Пендем деген бир кудай,

Салды өзү жолуна.
Эки дайра кошкон суу,
Каттай кечип алды эми,
Мурадылдын артынан,
Эр Күлчоро закымдап,
Мурадылга жакындап,
Көт жагынан такымдап,
Кан Коңурбай жолуна,
Күлчоро барды жакындап.
Эр Күлчоро баатыр шер,
Эл чогулуп жарданып,
Чогуу карап турган жер.
Мурадыл келет жолунда,
Суркоёнду жетелеп,
Чылбыры кулдун колунда,
Кан Коңурбай баатырдын,
Как астына барды эми,
Чын агарып келди деп,
Атын мага берди деп,
Кылычты сууруп имерсем,
Чабайын деп камынсам,
Алсаң мына башым деп,
Кыйсаң мына жаным деп,
Сунган менин колум деп,
Акыры менин жолум деп,
Колун алып бооруна,
Мойнун сунуп турганда,
Кылычтын мизин көргөндө,
Мойнун тосуп бергенде,
Сөзүн угуп токтолдум,
Кыяматтык дос болдум,
Калмак, кытай кандары,
Коендун ээрин алышып,
Канжыгага байланган,
Кийимдерин жайышып,
Киймин жайып таңданып,
Жакаларын карманып,
Чын агарган экен деп,
Айтканыбыз бекер деп.
Мурадылдын артынан,
Күлчоро жакын барган жер,
Кан Коңурбай баш болуп,
Жабалактап жык толуп,
Чорону карап калган жер,
Атасын кайып колдогон,
Башынан Кызыр жол берген,
Периштеге кол берген,
Калмакка жакын баргында,
Калдайып жакын калганда,
Алды колун бооруна,
Алда таала, бир кудай,
Салды өзү жолуна.
Кечеги айткан кебине,
Кеңешип тапкан эбине,
Чалбары бар бутунда,
Этине кийген көйнөк жок,
Же башына кийген башмак жок,
Бутуна кийген байпак жок,
Калмакча ыйлап болкулдап,
Кан Коңурбай астына,
Күлчоро келди жүгүнүп,
Өзүмө-өзүм кылдым деп,
Зоот чопкут кийдим деп,
Семетей, Бакай жанына,
Жоокер болуп жүрдүм деп,
Канчалык кылдым жакпадым,
Уктум Семетейдин айтканын,
Сен калмактан келген капыр деп,
Катарың менден жогот деп,
Семетейдин айканын,
Астында кызмат кылчу элем,
Айкожолоп жүрчү элем,
Бакайдан уктум жаман кеп,
Этегимди бүктөдүм,
Эрте өткөн Алмамбет,
Убалымды жүктөдүм,

Бакайдын элин таштадым,
Бакай менен Семетей,
Бул экөөнүн айтканын,
Кой деп айтар бекен деп,
Кайрылып артым карасам,
Айкожо Бакай күүлөндү,
Айланбасаң жогол деп,
А да кошо сүйлөндү.
Кара көздөн кан чыгып,
Ичиме түштү убай деп,
Калмак, кытай элимди,
Кан Коңурбай бегимди,
Көргөзөөр бекен кудай деп,
Ат жетелеп жөө басып,
Эр Күлчоро баатыр шер,
Бакай менен Семетей.
Бул экөөнөн уктум деп,
Шер Коңурбай баатырдын,
Тизесинен кучактап,
Ыйлап турат Күлчоро,
Көзүнүн жашы бурчактап.
Эл чогулуп келген жер,
Эр Күлчоро баатырды,
Абаптап колго алган жер,
Минерине ат берип,
Киерине тон берип,
Ичерине аш берип,
Колуна жазып кат берип,
Баатыр бала Чорону,
Жолдош кылып алган жер,
Калмак, кытай кандары,
Чын ишенип калган жер.
Буудан атын токунуп,
Калмак, кытай өңдөнүп,
Аралашып Күлчоро,
Бурканына чокунуп,
Ат күлүгүн токунуп,
Кайра динге кирдим деп,
Калмак, кытай элимдин,
Өз экенин билдим деп.
Биерге туруп нетели,
Биз Бээжинге кирели,
Каканга аман баралы,
Жайы- кышы бир жылы,
Ат семиртип алалы.
Кайра чыгып куралып,
Ажалы жетип өлбөсө,
Семетей менен Бакайдын,
Жатар жерин мен билем,
Качар жерин мен билем,
Жүрөр жерин мен билем,
Мен мусулман дегендин,
Бооз катынын жаралы,
Эркек болсо ичинде,
Аны жайлап салалы,
Мен мусулман дегендин,
Бирин койбой кыралы,
Эр Күлчоро кайран шер,
Убаданы бек кылып,
Улам-улам шерт кылып,
Айтып сөздү бек кылып,
Акыреттик шерт кылып,
Калмак менен кытайга,
Кан Коңурбай чоңуна,
Калк сураган бегине,
Баатыр бала Күлчоро,
Барган жери дал ошол,
Коңурбай эли ишен деп,
Калмак менен кытайды,
Эр Күлчоро баатыр шер,
Эми эптеп колуна,
Алган жери дагы ошол.
Үргөнчтүн бою кенен жер,
Кудай билет чын болсо,
Ошондо жаткан Алмамбет,
Аты баспай калгандыр,

Жарадар болуп калгандыр,
Ат өргүтүп, жай жатып,
Аш тамагын кайнатып,
Жарадарды дарылап,
Айыктырап алууга,
Ат семиртип ак кылып,
Андан кийин Бээжинге,
Күлчорону баш кылып,
Кандар бектер баруура,
Убада кылып сүйлөшүп,
Кең Үргөнчтө жаткан жер,
Күн эсебин айткан жер.
Бакай шумдук жан эле,
Атайы чалгын чалбасын,
Атты тийип албасын,
Түн жамынып келбесе,
Түн уруусу кылбасын,
Эренди тандап алууга,
Элге чалгын чалдырып,
Эр Коңурбай сак болуп,
Ал да жанын баккан жер.
Күлчоро келип берди деп,
Манастын уулу дардаңбоз,
Келе турган жайы жок,
Келип жоого тийүүчү,
Астында буурул дагы жок.
Жабуу, жабуу дегендер,
Жабуулашып келген жер,
Күлчоро качып барган жер,
Кызыталак муруттун,
Ишенгени келди деп,
Көөнүн басып калган жер,
Күлчоро барганда,
Аттык табын билчү экен,
Колго түшкөн Шайымбет,
Буурул атты жетелеп,
Ал откоруп жүрчү экен,
Кан Коңурбай кеп айтып,
Каргадан башка жан көрбөй,
Кара аламан эл көрбөй,
Жер чалдырып турчу экен.
Кан Коңурбай кеп айтып,
Күлчоро чалгын чалсын деп,
Күрөн кашка туу кунан,
Бул буудандан кем эмес,
Ошону минип алсын деп,
Алмабаш берип жонуна,
Ар кесме берип колуна,
Айбалта салып жонуна,
Айзасын берип каруура,
Жердин жайын билесиң,
Артынан чалгын чалсын деп,
Азык-түлүк алгын деп,
Ары кетсең Күлчоро,
Алты күнгө баргын деп,
Бир неме көрсөң келгин деп,
Айтып келип бергин деп,
Көрдүңбү салды кудай оңуна,
Жыл чалдырып чорону,
Коңурбай салды жолуна.
Күлчоро Бакай кеңешип,
Убада кылган жери бар,
Ак-Кыянын боюнда,
Үкүрчүнүн оюнда,
Семетей, Бакай саргарып,
Талаада жаткан жери бар.
Калмакка келип Күлчоро,
Чоронун тапкан эби бар.
Туурунан минип оргутуп,
Семетей менен Бакайга,
Күлчоро келген жери бар.
Кийгени калмак кийими,
Алганы кытай жабдыгы,
Уңгусуна батырган,
Учуна болот тактырган,
Баатырлардын айзасы,

Белине алтын бастырган,
Мизине болот тактырган.
Бу кытайлардын баласы,
Мизи сырты билингис,
Сабына алтын бастырган.
Бу баатырлар аткан мылтыгы,
Жоо жарагын алган жер.
Баатыр жолборс Күлчоро,
Чалгын чалып жер көрүп,
Семетей менен Бакайга,
Бул Күлчоро барган жер.
Сары талаа жайык түз,
Ат семизин союшуп,
Казыларын оюшуп,
Кетели деп Семетей,
Капаланып жатыры,
Кантип чыдап жатамын,
Күлчородон айрылып,
Эр Семетей ыйласа,
Бакай башын бурган жер,
Ар качан тилди албайсың,
Эр Семетей баатырга,
Ачуу кылып турган жер.
Кылмышын алып мойнуна,
Айткан тилин алган жер.
Манастын уулу Семетей,
Баатырдан коркуп калган жер,
Калмак камап барганы,
Канча элди кырганы,
Кан Коңурбай кылганы.
Манастын уулу Семетей,
Кылган экен текебер,
Күлчоро менен Канчоро,
Жылкы бак деп турганда,
Жылкы айдатып кууганда,
Бар колго Бакай барганда,
Үчөө кетип калганда,
Каканга кабар барыптыр.
Кандар кабар алыптыр,
Какандан калып кол жыйып,
Мусулмандын баарысын,
Кансыратып салыптыр.
Келтирет кудай кезекти,
Периште жолдош Күлчоро,
Тапмак болду эсепти,
Кагылайын жетимчем,
Минген атың туурунун,
Жоо жарак алып колуңа,
Салыптыр кудай оңуна,
Абасы Бакай кеп сурап,
Сен кайда бардың деп сурап,
Манастын уулу Семетей,
Күлчорого багынып,
Кудуретке жалынып,
Абаңа жооп бергин деп,
Мен садагаң кетейин,
Кайда барып келдиң деп,
Маңдайы жарык, жол ачык,
Абаңа жооп бергин деп,
Семетей айтып турган жер.
Мына Кара-Буура, Чаткалда,
Кармашууга бет келбей,
Урушуп уят болом деп,
Канкордун уулу дардаңга,
Кабылып калсам өлөм деп,
Колдорун жолго салыптыр,
Кечээ өзүң көргөн аскерди,
Кол токтоткун деп айтып,
Коңурбай качып кутулуп,
Капырлыгы болбосо,
Амалы жандан ашкандай,
Ай ааламды баскандай,
Дүнүйөнү бур кылып,
Динсиздиги болбосо,
Доор сүрүп жүргүдөй,
Ай ааламды билгидей,

Коңурбайга бардым мен,
Кол топтотуп жатыптыр,
Кара кулак шер менен,
Кан ичүүчү эр менен,
Сунган айза тартпаган,
Беттешкенин мерт кылган,
Кара кулак шерди алып,
Канга тууган эрди алып,
Карат-Буура, Чаткалга,
Кайкалап конуп жатканда,
Мына абакем Бакай айтканда,
Жараткан алда бир кудай,
Бармак билер бекен деп,
Ак пайгамбар мустапа,
Алмамбет, Чубак баатырлар,
Жардам берээр бекен деп,
Буурул атты алдырып,
Шайымбетти байлатып,
Капырларга карматып,
Кең-Кол менен Таласка,
Кайрылып кантип барам деп,
Ажалым жетсе өлөм деп,
Оюма салды кудурет,
Каканды билген кытайга,
Амал кылып көрөм деп,
Суркоён миндим мен бардым,
Кагаз жазып колго алдым,
Үйүм күйбөй таштадым,
Эки суунун Чаткалга,
Жети түнөп жаттым мен,
Катка салып айттым мен,
Семетейди таштадым,
Мен Бээжинге барам деп,
Бээжиндин каны манжуну,
Ата кылып алам деп,
Оюма кудай салдыбы,
Жан жараткан бир кудай.
Шыпа кылып калдыбы,
Жаттым жалгыз талаада,
Чалгынчы келди жаныма,
Тердик салып астыма,
Ээр жаздап башыма,
Кийим кийип албадым,
Пейлимди кудай салганым,
Түшүмө арбак барганы,
Уктап атып түш көрөм,
Алмамбет, Чубак барыптыр,
Атакең Манас баш болуп,
Кылычы бар кынында,
Кырк жайсаңы жанында,
Калмакты жолго саласың,
Канчанын башын аласың,
Дөө калмакка баргын деп,
Моюнуңа кылыч салгын деп,
Багындым деп баргын деп,
Мен арбактан кеп уктум,
Ачылды жолуң деп уктум,
Катка жазып мен турсам,
Качып келдим деп турсам,
Чыккынчы келди жаныма,
Чалгындап келген чалгынчы,
Эр Мурадыл экен деп,
Колумду алдым боорума,
Таажым кылып бүгүлдү,
Бурканына чокунуп,
Мурадылга жүгүндүм,
Колуман жазып кат бердим,
Мен Коңурбайга ант бердим,
Катты колго алгының,
Кайра тартып колуна,
Эр Мурадыл барган соң,
Катты окуп талашып,
Баатыр  Чоро келди деп,
Бизге кудай берди деп,
Чын ишенип алыптыр,
Чорону алып келгин деп,

Мурадылды аткарып,
Баргын деп жолго салыптыр.
Менин жазган катыма,
Катка жазган антыма,
Бек ишенип калыптыр.
Суркоёнду коштотуп,
Үстүмдөгү кийимим,
Катуу байлап капшырып,
Канжыгага тапшырып,
Арбактан алган кабарды,
Көкүрөккө жат кылып,
Бардым калча астына,
Эки колум боорума,
Чекем жерге тийгиче,
Тизем жерге киргиче,
Ак кебездей бүгүлүп,
Бардым калча астына,
Кулдук уруп жүгүнүп,
Кандын баары топтошуп,
Кармады колдон коштошуп,
Балдыр – булдур сүйлөшүп,
Бири – бирин сүрөшүп,
Чогулушуп кеп айтып,
Жаанын огу жанында,
Жебенин огу оозунда,
Чын келдиңби деп айтып,
Жалган келсем келемби,
Кийими жок жылаңач,
Басып келип беремби,
Ишенбесең Чорону,
Кылычты колго алгыла,
Башты алып салгыла,
Көздүн жашы буурчактап,
Конурбайды кучактап,
Кулуң үнүм чыксын деп,
Кудай үнүм уксун деп,
Бекем үнүм чыксын деп,
Пенде кезим жалгызым,
Периште үнүм уксун деп,
Кан Коңурбай баатырга
Кара жанды кыйнадың,
Тизесине баш коюп,
Кармап буруп кучактап,
Коё бербей ыйладым.
Кандын баары чогулуп,
Кан астына келгенде,
Кийимимди бергенде,
Отунун алып от жактым,
Жан казанды жайнатты,
Тамак – ашын карматты,
Калмак, кытай элине,
Барып жалгыз мен жаттым,
Канча күнү канча түн
Конурбайды ага деп,
Эскараны аба деп,
Бий Коңурду бөрү деп,
Мурадылды төрө деп,
Бардым калча кашына
Калмактардын астына,
Күндө ыйлап көп айттым,
Кызыталак мурутту,
Кыйраталы деп айттым,
Бооз катын жаралы,
Эр бүлөнүн баарысын,
Чогуу кырып салалы,
Катын, кызын олжолоп,
Бөлүп,бөлүп алалы.
Конурбайды күүлөдүм,
Бакай менен Семетей,
Барчу жолун билем деп,
Жан бекинип сактанып,
Калчу жолун билем деп,
Карагай айза колго уучтап,
Бергин жигит жол баштап,
Бакай менен Семетей
Байлап алып келемин,

Эки колун байлатып,
Эки көзүн жайнатып,
Айдап алып келемин,
Аргын, ногой баарысын,
Баарынын жолун билемин,
Аттанып жолго калып бер,
Кайрылып жолго барып бер,
Бакай менен Семетей,
Артыкча кылды кордукту,
Экөөнөн намыс алып бер,
Ушу сөздү көп айттым,
Дөөгүрсүгөн манжуну,
Чын ишенсин деп айттым.
Күлчоро, Бакай, Семетей,
Баш кошушуп турган жер,
Баатыр бала Кулчоро,
Мен мусулман, ал каапыр,
Анты шерти өзүнө,
Какандын каны калчага,
Бек убада кылган жер.
Кулчоро келип берди деп,
Бурутка кезек келди деп,
Калмак, кытай чуркурап,
Алтын айдар, шуру чок,
Кулчорого кийгизип,
Айбандан кулук туурунан.
Атты тандап мингизип,
Баатырга чалгын чалдырып,
Бээжиндеги берендер,
Эчтеме түшпөй оюна,
Таласты чаап алгансып,
Манастын уулу баатырдын,
Башын алып салгансып,
Жата берди жайына,
Чалгынды чалып жер кайгып,
Бакайга Чоро  барган жер,
Барып кабар салган жер,
Кабарын угуп кан Бакай,
Колго түшпөс чон калча,
Колго түшөт экен деп,
Канчорого кеп айтып,
Ала моюн, сурча боз,
Алып келгин деп айтып,
Мойнуна курун салган жер,
Айтуякка чалган жер,
Айтылуу Чоро барган жер,
Баатырдын уулу Семетей,
Ай болотко бураса,
Кулчоро сенин астына,
Алса Кудай ыраазы,
Мандайымда бардегим,
Көзүмдөгү айнегим,
Болоттон кылган тукумум,
Баатырдан калган тукумум,
Абаңдын иши курусун,
Колго түшкөн калчаны,
Кое берип курудум,
Мен садагаң кетейин,
Кандай кылсаң өзүң бил,
Манастын уулу Семетей,
Бийлик берди Чорого,
Айтып этин салышып,
Тамактанып алышып,
Эр Күлчоро кеп айтып,
Семетей менен Бакайды,
Кармап берем деп айтып,
Чоң калчага барайын,
Ээн талаа Сары чөл,
Семетей, Бакай, Канчоро,
Жаткан экен сарыгып,
Кетти деп мага таарынып,
Өлүүчү жерге барыптыр,
Ичерине аш болбой,
Өлүмгө жакын калыптыр,
Кайра тартып алайып,
Ал калчага калп айтып,

Мен ушинтип барайын,
Шайымбет менен Буурулду,
Берсе Кудай тилекти,
Экөөнү эптеп алайын,
Силерге кабар салайын,
Айза тийбей, ок тийбей,
Ооругандай тургула,
Бээжиндеги калчага,
Мен кылайын убада,
Болбогула убара.
Сурча бозду сойдуруп,
Баатыр чоро кат жазып,
Бээжиндеги калчага,
Семетей, Бакай антташып,
Бакай менен Семетей,
Экөөнүн колун койдуруп,
Каапыр менен мусулман,
Карчалышып өлдү деп,
Кан төгүлүп, баш кезип,
Кыргынга көбү кетти деп,
Манастын уулу Семетей,
Күлчоронун кылганы,
Асманда булут ачылса,
Ата менен баладан,
Кармаша чыгып кан төккөн,
Ушу менен басылсын,
Какан менен Бээжинде,
Кармап башын курасын,
Капыр менен мусулман,
Карып калган кезинде,
Башын кошуп Коңурбай,
Өзү билип сурасын,
Бу Семетей жазды деп,
Убада сөздү кылышып,
Бакай менен Коңурбай,
Биргелешип жүрүшсүн,
Сөз сүйлөшүп, сырдашып,
Капыр менен мусулман,
Карыган экөө билишсин,
Коңурбайдын колуна,
Түштү мунун жолуна,
Мусулман динин таштасын,
Динге кирип берсин деп,
Шер Коңурбай кеп айтса,
Ислам динин таштаймын,
Айтканына көнөмүн,
Динди кой деп айтса,
Убадамды беремин.
Айтканына көнөмүн,
Айтылуу баатыр көсөмүм.
Кыл дегениң кыламын,
Көзүм өтүп кеткиче,
Кызматын кылып турамын.
Бу Семетей жазды деп,
Баатыр Чоро кат жазып,
Жазган экен Күлчоро,
Семетей, Бакай жазды деп,
Кат ичине ант жазып,
Ушу сөзүн калп айтса,
Төшү түктүү жер урсун,
Төбөсү ачык көк урсун,
Атылган мылтык ок урсун,
Күйгөн милте чок урсун,
Күлчоро жазып алган жер.
Семетей менен Бакайга,
Кол койдуруп ант кылып,
Күрөңчөнү токунуп,
Эр Күлчоро кайран эр.
Эрдемсиген калчаны,
Эбин тапмак болгон жер,
Кары уруудан ак болгон,
Ак болоттун тукуму,
Адамдан башка жаралган,
Алмамбеттин тукуму.
Белине болот чалган жер,
Бээжиндин каны манжуга,

Деп антташып барган жер,
Манастын уулу баатырды,
Маңдайлашып сүйлөшүп,
Канчоро менен Семетей,
Баштап жүргөн кан Бакай,
Кол коюшуп бул үчөө,
Бир колдогон Күлчоро,
Туучунакты оргутуп,
Калдайып аткан калчага,
Кан Коңурбай калчага,
Ат болушка салган жер.
Бир колдогон Күлчоро,
Калмак, кытай элине,
Кайра тартып барган жер.
Кан Семетей жазды деп,
Семетей менен Бакайга,
Кол койдуруп алган жер,
Койнуна катып барган жер,
Эр Коңурбай жайган жер,
Катын окуп кубанып,
Кандай кылып бардың деп,
Катты кандай алдың деп,
Шер Коңурбай чоң манжу,
Чородон сурап калган жер.
Мылтык атып жол басып,
Ээн талаа эрме чөл,
Аркар, кулжа мен атып,
Кызыл кыя бел ашып,
Кылчанайды мен басып,
Жаныбарым Туучунак,
Жайын билбей жүрүпсүң,
Арам өлгөн Суркоён,
Муну минип көп жүрдүм,
Жел кайып экен деп жүрдүм.
Суркоёндун Канчоро,
Жел канаттуу мал экен,
Тулпарга чалыш жаныбар,
Ар кимдин сүйгөн малы бар,
Муну минип жел кайып,
Белиме болот байландым,
Ысык-Көлдү айландым,
Камчы чаап этине,
Камчы учун батырбай,
Баркын билдим бууданды,
Желип кетсем жел жетпей,
Аркар, кулжа аралаш,
Адыр, адыр тоолорго,
Үркүп чыга келгенде,
Мылтык атпай кыйраттым,
Буруп кезей бастырып,
Бир далайды сулаттым,
Малдан мындай жаралбайт,
Артка баатыр Күлчоро,
Кайра тартып жөнөсө,
Каркыранын сазында,
Каркылдаган казы бар,
Бурулуп учуп курулдап,
Аккан кашка суусу бар,
Көрдүңөр го баарыңар.
Айланып учкан куусу бар,
Канаттуусун мен көрүп,
Алайгырдын оюна,
Аккан суунун боюна,
Атактуу сайкал жолуна,
Ат откозуп, жай жаттым,
Канча этти кайнаттым,
Эч эчтеме билбедим,
Эрбең-сербең көрүнгөн,
Акыянын суусунун,
Анда мында элестеп,
Эки киши мен көрдүм.
Ат чалдырып токтолуп,
Тердик токуп ат миндим,
Бул эмине киши деп,
Мен жанына бат келдим,
Эки көзү ириңдеп,

Эмгекке тууган шордуунун,
Көкүрөгү кирилдеп,
Сакалы өсүп саксайып,
Маңдайын жаап чач басып,
Муруту өсүп кыл басып,
Эки көзүн ыл басып,
Баягы Бакай ababыз,
Кайра тартып толгонуп,
Атайын деп ойлонуп,
Ак бараңга ок берип,
Ак милтеге от берип,
Кармай калып камынсам,
Бото болуп болкулдап,
Бакырып ыйлап солкулдап,
Ким да болсоң келгин деп,
Келип мени көргүн деп,
Ыйлап үндү салды эле,
Маңдайына бардым мен,
Карып колдон алдым мен,
Семетейге кошулуп,
Кечээ мени куугансың,
Кызыталак көксө чал,
Өзүңө өзүң кылгансың,
Этегинди түрөсүң,
Ээн талаа эрме чөл,
Жердеп жүргөн жериң жок,
Ээрчип жүргөн элиң жок,
Эмине кылып жүрөсүң,
Кылычты кармап домбутуп,
Катуу, катуу кеп айттым,
Кызыталак көксө чал,
Кылганың жетти башыңа,
Кармадым болот кылычты,
Күрөңчө мойнун бурдум мен,
Жайын сурап турдум мен,
Көкүрөккө эс келбей,
Сүйлөсө оозу эп келбей,
Эки көзү жалдырап,
Көптөн кийин кеп айтты ,
Сен кайдан келдиң деп айтты.
Семетей экөөң биригип,
Сөз айтышып турганда,
Экөөлөп мени кууганда,
Кетсең кете бергин деп,
Кетпедим беле ошондо,
Коңурбайга баргамын,
Бала болуп алгамын,
Алтын айдар тон кийип,
Шуру чок кийип башыма,
Улук болуп калгамын,
Адегенде Бакайды,
Аны кармап алдым деп,
Семетей менен Канчоро,
Бакайды алып бардым деп,
Кылычын алып келгендей,
Кыйкырып жоого тийгендей,
Баштагыдай дарман жок,
Карып карап мен турсам,
Семетейде шайман жок,
Атка жетпей жөө болуп,
Ашка жетпей ач болуп,
Акылы менен пас болуп,
Калган экен Семетей,
Мен жанына барганда,
Кармай калды кучактап,
Кайда барып келдиң деп,
Семетей ыйлап бакырды,
Кордоду заман акыры,
Көзүнүн жашы буркурап,
Кайра тартып оңдодум,
Ыйлаба деп сооротуп,
Кандай кылар экен деп,
Мен ошентип ойлодум,
Ичип ал деп аш бердим,
Сени кудай урганда,
Абаң менен биригип,

Кете бер деп кууганда,
Кууган мындан айдалып,
Бардым калча манжуга,
Бала болуп камынып,
Момундай тонун кийдим деп,
Моминтип атын миндим деп,
Каканда жүргөн калчанын,
Кара чоктуу канчанын,
Барып элин билдим деп,
Эрке болуп чалкалап,
Кечээ сенде жүргөндө,
Жүрдүм сени аркалап,
Калмак менен кытайдын,
Канчасын кырып талкалап,
Эми күнүң кандай деп,
Эрдемсиген бурутту,
Сурак кылдым көп сурап,
Түнүң кандай деп сурап,
Манастын уулу Семетей,
Кайран жигит кеп айтты,
Сен барган жерге барамын,
Бээжиндин каны калчага
Чоро болуп аламын,
Талас менен Кең-Колду,
Аттын оозун керемин,
Дин мусулман элдерин,
Колуна баарын беремин,
Ушу сөзүм калп айтсам,
Жаздым берген катымды.
Кан Коңурбай агабыз,
Катка жазган антымды,
Айтканыма ишенсе,
Айгараны минсин де,
Капыр менен мусулман,
Башын кошуп берсин де,
Нааразы болбосо,
Өз билгенин кылсын де,
Мусулман атын өчүрүп,
Бирин койбой кырсын де,
Кагаз жазып кат берди,
Манастын уулу Семетей,
Катка жазып ант берди.
Алда таала кудурет,
Өзү берген жолу бар,
Ошо Чоро  баатырдын,
Адамдан башка ою бар.
Капыр менен мусулман,
Карчалышып турганда,
Кече Манастын уулу Семетей,
Шайымбет менен Буурулду,
Коңурбайга алдырып,
Как талаада калганда,
Сага бала болом деп,
Болот чалып белине,
Оозуна ок тиштеп,
Коңурбайга барганда,
Бу Күлчоро келди деп,
Бизге кудай берди деп,
Калмак, кытай чуркурап,
Чын ишенип калганда,
Капыр менен мусулман,
Бет алышып келерде,
Бээжиндеги калчанын,
Муну кудай берерде,
Периште салып бейлине,
Капыр болуп барган жер.
Коңурбайга жалынып,
Бала болуп калган жер.
Эр Семетей жазды деп,
Катты алып барган жер.
Катын ачып караса,
Манастын уулу Семетей,
Баштап жүргөн кан Бакай,
Мөөр басып кат кылып,
Өлө турган ант кылып,
Катка жазып шерт кылып,

Катуу айтып кеп кылып,
Ант таманды бек кылып,
Кагазына жазыптыр.
Манастын уулу Семетей,
Багындым деп айтыптыр,
Эр Коңурбай эл жыйып,
Келген элге кеп айтып,
Калмак кытай элине,
Калк сураган бегине,
Туулгандан кан кечкен,
Кайраттуу катуу  шерине,
Атасынан бабасы,
Касташып жүргөн Семетей,
Кагазына жазыптыр,
Багындым деп айтыптыр,
Капыр менен мусулман,
Башын курап билсин деп,
Семетей кылган анты деп,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Бек ишенип алган жер.
Дили кара калчаны,
Жараткан алда бир кудай,
Берерге жакын калган жер.
Периште жолдош Күлчоро,
Эптеп жолго салган жер.
Семетейдин каты деп,
Катка жазган анты деп,
Күркүрөгөн калмакка,
Эр Күлчоро барган жер.
Кандар келип кеп айтат,
Багынганы чын болсо,
Манастын уулу Семетей,
Өзү келсин деп айтат,
Кан Коңурбай чоң айтат,
Чоң Эскара зор айтат:
Суркоёндун  Балкамыш,
Кудай билет чын болсо,
Эрге болот чоң намыс,
Эрегишип өттүк деп,
Манастан калган эчен журт,
Элин кырып кеттиң деп,
Коркконунан багынып,
Келсин өзү жалынып.
Адамдан башка акылы,
Бай Коңур деген баатыры,
Адамдан аттык жазылган,
Коңурбайдын иниси,
Эр Эшим деген бир айтып,
Эскарадай төрө айтып,
Кадимки Жолой кеп айтып,
Убаданы кылышты,
Бүтүрөлү жумушту.
Бурутту кудай берген соң,
Мен багындым деген соң,
Кармайлы болот кылычты,
Капыр менен мусулман,
Калтыралы жумушту.
Мусулманды колго алып,
Бээжинге алып баралы,
Бээжиндеги калмакка,
Талас менен Кең-Колдун,
Жерин алып берели.
Мусулман болуп барганга,
Чын багынып алганга,
Каны, бегин чогултуп,
Каканга алып барылы,
Калмак, кытай элине,
Жолдош кылып багалы,
Жабылышып сүйлөшүп,
Мөндүлөнүп бөлүшүп,
Мусулманды алдык деп,
Көңүлдөрү баслылып,
Эмесе кайра барып кел,
Багынганы чын болсо,
Семетей, Бакай, Канчоро,
Алып келгин Күлчоро.

Убаданы кылганда,
Улуктар айтып турганда,
Мен айтайын деп айтып,
Калмакча айтып какылдап,
Кайрат кылып такылдап,
Бар десеңер барайын,
Барып кабар салайын,
Барган менен келбейт го,
Арам кыял Бакай бар.
Бакай менен Семетей,
Тилим алып келбейт го.
Чунак Чоро кеп айтып,
Анан кандай болсо барасың,
Кандай акыл табасың,
Эр Эшим сурап турган жер.
Периште салып пейлине,
Салып кудай динине,
Акыл ойлоп турган жер.
Келсин десең экөөнү,
Буурул ат менен Шайымбет,
Бул экөөнү алайын,
Шайымбетке мингизип,
Ушул турган калың эл,
Ак экенин билгизип,
Ишенет анан Семетей,
Буурул ат менен Шайымбет,
Экөөнү алып барайын,
Улам айтар кеп болсо,
Убада сөзү бек болсо,
Бул экөөнү көргөндө,
Бек ишенип кеп айтат;
Бакай менен Семетей,
Биз баралы деп айтат,
Экөө келсе астыңа,
Эки шумкар баласы,
Жем талашып өттүңөр,
Эки кандын баласы,
Эл талашып өттүңөр.
Эчен жолу кан төгүп,
Кыргын кылып өттүңөр.
Не мураска жеттиңер.
Беш сүйлөшүп беттешип,
Бек айтышып серттешип,
Семетей кан, сен да кан,
Кандар башты кошкула,
Капыр менен мусулман,
Карчалышып жүрдүңөр,
Канча элди кырдыңар,
Убалынан корккула,
Бек убада кылгыла,
Бек сүйлөшүп тынгыла.
Жайчы бала Күлчоро,
Жайлап турган жер ошол,
Кудай берер бекен деп,
Ыйлап турган жер ошол.
Бул айтканың акыл деп,
Айткан сөзү макул деп,
Кудай билет чын болсо,
Шайымбет менен буурулду,
Чоронун бермек болду колуна,
Жараткан алда бир кудай,
Салды өзү оңуна,
Буурулду алып келгин деп,
Ат жетелеп бакчу эле,
Жанына барып жатчу эле,
Бала менен буурулду,
Муну алып келгин деп,
Күлчоронун колуна,
Бул экөөнү бергин деп,
Темирчи менен Үрбү чал,
Буйрукту кылып Коңурбай,
Бул экөөнү жиберди,
Темирчи барды жанына,
Шайымбет менен буурулду,
Экөөнү алып келген жер.
Буурул атты караса,

Маңдайы жарык маңкайып,
Баштагыдай түрү жок,
Калган экен заңкайып,
Буурулдун түрүн көргөндө,
Олуя заада Күлчоро,
Жаратканга жалынып,
Салса кудай оңуна,
Бу Коңурбай калчаны,
Акырет салат жолуна.
Алтымыш акыл миң кыял,
Акылды бала ойлонуп,
Аттан түшө калган жер.
Соорусу жайык төшү кең,
Суркоёнду минген жер,
Жалган айтсам бир урсун,
Мына турган жер урсун,
Ишенбесең сени урсун,
Иштебесем мени урсун,
Кан Коңурбай манжуну,
Кармап колдон алган жер,
Күрөңчөнү ыргытып,
Суркоёнду токунуп,
Атын буркан куйган жер.
Эр Күлчоро баатыр шер,
Улам, улам чокунуп,
Бала менен Буурулду,
Эптеп колго алган жер.
Семетейге бармакка,
Окуп куран арбакка,
Аттанып жолго салган жер.
Олуя заада Күлчоро,
Алдап алды буурулду,
Жетим калган Шайымбет,
Суркоёнго мингизип,
Сулуулап кийим кийгизип,
Семетейге барайын,
Семетей менен Бакайга,
Барып акыл салайын,
Алакөөдөн киши эле,
Абасы Бакай эр баатыр,
Карылыгы жетти эле.
Акылынан адашып,
Эки көзүн кал басып,
Акыл табар жерде эмес,
Деп ошентип Күлчоро,
Буурулга бутун салганы,
Бир кудайдын жардамын,
Атасынын арбагын,
Атказып жолго салганы.
Шайымбетти ээрчитип,
Суркоенду мингизип,
Семетей менен Бакайга,
Күлчоронун барганы.
Семетей, Бакай эки шер,
Буурул ат менен Шайымбет,
Бул экөөнү көргөн жер.
Айланайын аба деп,
Аман келет бала деп,
Күлчорону көрдүңбү,
Буурулду минип алыптыр,
Шайымбетти ээрчитип,
Берекелүү жериңе,
Периштелүү өзүңө,
Мен садагаң кетейин,
Кызарган эки көзүңө.
Бакайга айтып кеп сүйлөп,
Баатыр Чоро, Шайымбет,
Астын тозуп жүгүрүп,
Таманы жерге сайылып,
Этеги жерге жайылып,
Арбаландап жүгүрүп,
Аркар өңдүү түйүлүп,
Абасы Бакай жанынан,
Арстан төрө, эр Семең,
Буурул атты көргөндө,
Жетим бала Шайымбет,

Бала аман келгенде,
Эр Семетей кайран эр,
Бала менен буурулду,
Бул экөөнү көргөндө,
Баласы ыйлап бакырып,
Манастын уулу Семетей,
Баабедин деп чакырып,
Эр Семетей жеткиче,
Асыл бала Канчоро,
Мурун көрүп алган жер.
Буудан өңдүү түйүлүп,
Семетейден Канчоро,
Жетти мурун жүгүрүп,
Канчоро менен Семетей,
Каргадай бала Шайымбет,
Бет алышып көрүшүп,
Кучакташып өбүшүп,
Коргошундай ээришип,
Кол кармашып өбүшүп,
Бооруна кучактап,
Маңдайынан бек жыттап,
Атадан калган жетимим,
Аман-эсен көрдүм деп,
Кечээ Коңурбайды саям деп,
Атты сурап миндиң деп,
Мен садагаң кетейин,
Айткан тилиң алдым деп,
Буурул ат менен экөөңдү,
Коңурбайга алдырып,
Экөөңөн бирдей айрылып,
Моминтип ыйлап калдым деп,
Бала чунак жетимди,
Бооруна баскан жер.
Манастын уулу Семетей,
Басып ыйлап жаткан жер.
Арстан Бакай абасы,
Айбалтасын колго алып,
Аста басып жеткен жер.
Манастын уулу баатырды,
Ай далыдан алган жер.
Шайымбетти кучактап,
Ыйлап аткан баатырды,
Аңтара Бакай салган жер.
Ажыратып кан Бакай,
Кол алышып көрүшүп,
Оң бетинен сүйгөн жер.
Арстан Бакай абасы,
Күлчоронун кыларын,
Түшүндө көрүп билген жер.
Амандашып коштошуп,
Ажырашып токтошуп,
Күлчоро, Бакай, Семетей,
Канчоро менен Шайымбет,
Кайра тартып алган жер,
Кош түшүрүп жан багып,
Семетей жаткан жерине,
Баягылар барган жер.
Манастын уулу Семетей,
Аштан ачка калгандай,
Ат таптап тентип калганда,
Жанга шерик сен элең,
Тегеренип айланып.
Эки көздүн ортосу,
Моюнунан кучактап,
Эр Семетей бек жыттап,
Анда Бакай күүлөнүп,
Алакөөдөн сен элең,
Ар качан жоого алдырып,
Эчтемени билбейсиң,
Минип жүрсөң буурулду,
Мурасыңа жетерсиң,
Буурул аттан айрылса,
Атадан калган жалгызым,
Муңканып жүрүп өлөсүң,
Деп ошентип кан Бакай,
Келер кетер кеп айтып,

Жан казанын алышып,
Дасторконун жайышып,
Тамактанып алышып,
Абасы Бакай кеп сурап,
Жоо калмактын колунан,
Буурул ат менен баланы,
Кантип алдың деп сурап,
Кечээ жазган катты алдым деп,
Коңурбайга айттым деп,
Үстүртөн кудай жар болуп,
Астыртан арбак жар болуп,
Айла кылып таптым эп.
Жазган катты бердим мен,
Катты окуп таңданып,
Калмак кытай жарданып,
Баары окуп таң калып,
Жоо бөрүсү Семетей,
Манастан калган бала эле,
Баатырлыгы бар эле.
Мен багындым дегени,
Калем алып кат жазып,
Катка катуу ант жазып,
Колун коюп берди эле.
Кайрылып Талас баралы,
Семетейди алалы.
Жерди чендеп эп көрүп,
Дин мусулман элдерин,
Калк чогулуп кеп кылып,
Калган элин жыялы,
Талас деген шаарды,
Жердеп туруп чабалы,
Карысы бар, жашы бар,
Улугу бар, беги бар,
Өлгөндөн калган эли бар,
Айзаланып кан кечкен,
Ар бир түрлүү эли бар.
Талаага жыйын кылалы,
Бирин койбой жыялы,
Дин мусулман элдерин,
Баарын алып тыналы,
Бир жыл жатып алалы,
Анан Семетейди ээрчитип,
Мусулманды жеңдим деп,
Анан калдайып Какан баралы,
Күлүктүн оозун керели,
Улуузаада чоң манжу,
Катчы кылып берели.
Акылдашып өкүлдөн,
Арага жүргөн Күлчоро,
Кээ бирөө кеп айтат,
Өзүбүздүн эл экен,
Береги бала чорого,
Берели бийлик деп айтат,
Макулдашып болушуп,
Мусулманды жеңдик деп,
Бары бирдей шаттанып,
Дабыраган жоо калмак,
Жаткан жери да ошол,
Эр Күлчоро баатыр шер,
Айлантып түрүп акылды,
Тапкан жери да ошол.
Эми кайра барып кел,
Семетей мене Бакайды,
Кайра барып алып кел,
Биз сүйлөшүп отуруп,
Мөөр басып ант кылып,
Кол кармашып кеп кылып,
Убаданы бек кылып,
Багынган жоого баш кеспейт,
Чапса кылыч да өтпөйт,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Айтып сөздү турган жер.
Эр Күлчоро кашкайып,
Баатыр бала Күлчоро,
Коңурбайга кеп айтып,
Ай абаке деп айтып,

Семетей сырын айтайын,
Колдогону бар эле,
Коён жүрөк жаш эле,
Корккондугу бар эле,
Барган менен келбейт го,
Кагылайын кан аба,
Кошо келип бербейт го,
Мен кайра тартып алайын,
Барып акыл салайын,
Кеп сүйлөшүп көрөйүн,
Дин мусулман элдерин,
Манастан калган бала эле,
Эл сураган кан элең,
Бээжиндин каны Коңурбай,
Бет алышып баргын деп,
Семетейге айтайын,
Макул десе дардаңды,
Мен ээрчитип келейин,
Баатыр бала Күлчоро,
Амал кылып кеп айтат,
Макул болор деп айтат,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Асили бизден жаралган,
Агарганы чын болсо,
Барып келгин деп айтат,
Семетей менен Бакайды,
Алып келгин деп айтат.
Күлчородон шектенип,
Кан Коңурбай көп айтат,
Эр Күлчоро толгонуп,
Эр Коңурбай манжунун,
Шек алганын билген жер,
Чын ишенип турсун деп,
Суркоёнду агытып,
Телкүрөндү минген жер,
Кайра тартып алган жер.
Атасы канкор Күлчоро,
Семетей менен Бакайга,
Баатыр чоро барган жер.
Эр Семетей болк этип,
Башка атты мингени,
Суркоёнду ыргытып,
Бул эмине келгени,
Чочуп кетти солк этип,
Баатыр чоро барган жер.
Бакай менен Семетей,
Барып акыл салган жер.
Кеңеш кылып кеп айтып,
Кылганынын баарысын,
Эр Күлчоро бек айтып:
Коңурбайдан кеп уктум,
Бакай менен Семетей,
Алып келгин деп уктум,
Бул экөөңөр барганда,
Адамдын  канын кечкен,
Бээжиндеги чоң калча,
Каны кызып алат деп,
Окус, окус кеп айтып,
Кеп талашып калат деп,
Кабылан аба ким билет,
Кандай табар эбиңди айт,
Айкожо Бакай баатырды,
Акыл сурап Күлчоро,
Айтып турган кеби бар.
Адамдан башка акылман,
Адашпайт Бакай акылдан,
Сен бу жерден баргын деп,
Барып жооп алгын деп,
Аскер айдап кол менен,
Аттана чыгып келбесин,
Кан Коңурбай шер баштап,
Дөө Эскара эр баштап,
Ээр Эшимин ээрчитип,
Акылы башка жан экен,
Бай Коңурун алсын деп,
Ошо төртөө келсин деп,

Акылдашып сүйлөшүп,
Ант амалын кылсын деп.
Капыр менен мусулман,
Бир сүйлөшүп тынсын деп,
Сен бу жерден барып кел,
Бу төртөөнү алып кел.
Бакай акыл тапкан жер,
Баатыр бала чорого,
Абасы Бакай айткан жер.
Акылдашып жаткан жер,
Мылтык атып жаа тартып,
Шайымбет ойноп жаткан жер.
Андай болсо макул деп,
Кокустан калча шек алып,
Кооп кылып жүрбөсүн,
Жоо жарактын баарысын,
Бек бекитип салгыла.
Ала талаа боз төбө,
Төртөөн чыгып баргыла,
Мен кайрылып барайын,
Семетей, Бакай келди деп,
Барып акыл салайын,
Макул  десе калмактар,
Баатырларын ээрчитип,
Кайра тартып келейин,
Буурул атты минейин,
Бугуп карап турайын,
Астап аста сүйлөшүп,
Айрып сөздү  ченешип,
Жарык айтып кеңешип,
Акка моюн сунгула,
Келип калса Коңурбай,
Багындык деп тургула,
Убаданы кылгыла,
Адамдан билгир жан экен,
Билгилиги бир башка,
Кыярлыгы бар экен.
Эр Коңурбай кеп айтар,
Сен барбагын деп айтар,
Кан Коңурбай кеп айтар,
Семетей менен Коңурбай,
Сүйлөшөлү деп айтар,
Буурулдун оозун бурайын,
Мен алыста турайын,
Шайымбет менен Канчоро,
Аш атмакты даярлап,
Тамак ашты жайнатып,
Талаадан болгон тамак деп,
Арам этти кайнатсын,
Аюунун этин алсын деп,
Кашкулак  менен суурдун,
Аны кошуп салсын деп,
Чын багынган экен деп,
Кан Коңурбай кыйты эр,
Тамактанып тойсун деп,
Санап бузук шек алса,
Жатып жатып сүйлөшүп,
Акылдашып кеңешип ,
Аста, аста сүйлөшүп,
Ала көөдөн жан элең,
Абаңдын тилин алгын деп,
Алып келем манжуну,
Бооруна колун алгын деп,
Калмак, кытай сыңары,
Акырын басып бүгүлүп,
Астын тосуп жүгүнүп,
Коңурбай алып алгын деп,
Күлчоро тапкан эп ошол.
Манастын уулу Семетей,
Бул эмине деген кеп,
Капырга барып жүгүн деп,
Астына кантип барамын,
Кулдук кылсам капырга,
Жараткан алда кудайга,
Жалал болуп калам деп,
Эр Семеией толгонуп,

Адамдан кыйды жан экен,
Чоң Коңурбай эр калча,
Кыйдылыгы бар экен,
Билими башка шер экен,
Көптү билген эр экен.
Мен барайын калчага,
Айткан тилди сен албай,
Шек алдырып салбагын,
Убалга бекер калбагын,
Бээжиндин каны манжуну,
Багындым деп алдадым,
Макул болсоң барайын,
Айтканга макул болбосоң,
Кандай айла кылайын.
Жаныңа карап турайын,
Кайра айтып Күлчоро,
Манастын уулу Семетей,
Мээнетиңди алайын,
Айтканыңа көнөйүн,
Убадамды берейин,
Айткан сөзүң макул деп,
Чоронун айткан кебине,
Башкача тапкан эбине,
Манастын уулу Семетей,
Убадасын берген жер.
Капыр менен мусулман,
Арстан баатыр Күлчоро,
Эки кандын ортого,
Арачы болуп турган жер,
Жараткан өзү билбесе,
Кудайга иши жаккан жер.
Жетим жүрүп жетилип,
Оозунан келме кетпеген,
Балакатка жеткенде,
Беш убакыт жазбаган,
Бейзадат жерди баспаган,
Адамдан башка туулган,
Бу Күлчоро башка жан.
Баатырдын уулу Семетей,
Айткан жерге тургун деп,
Бөлөк жолго салба деп,
Убалга бекер калба деп,
Айтып алып жөнөдү.
Семетей менен Бакайдын,
Экөөнүн кылган анты деп,
Адамдан асыл Күлчоро,
Жашып алып жөнөдү.
Калдайып аткан калмакка,
Кызыл ойрот кытайга.
Түркүн, түркүн эли бар,
Дүркүрөшүп чогулуп,
Сүйлөшүп турган жери бар.
Чоң Коңурбай манжунун,
Шек алып турган чени бар.
Калмактарга кеп айтып,
Кандарына көп айтып,
Атасы жайчы киши эле,
Алдын алып жүрбөсүн,
Байкагыла деп айтып.
Эр Коңурбай дөө манжу,
Кеңешке элин алган жер.
Элине кабар салган жер.
Эрендери чогулуп,
Макулдашып калган жер.
Буурулду минип сандалып,
Башка жүргөн Күлчоро,
Эми кытай болду деп,
Кандардын баары тан калып,
Семетей, Бакай кары да,
Катка жазган анты деп,
Чын багынып берди деп,
Каалаганын алсын деп,
Карып калды Коңурбай,
Капыр менен мусулман,
Өз жолуна салсын деп,
Бу Семетейдин каты деп,

Бакайдын кылган анты деп,
Өзү жазып алыптыр.
Амалы артык Күлчоро,
Коңурбайга барыптыр,
Катын окуп караса,
Семетей, Бакай кеп айтып,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Алооке кандын кенжеси,
Кудайдын сүйгөн пендеси,
Кармашып киши барбаган,
Кабылган тирүү калбаган,
Дөө Коңурбай, эр Эшим,
Ушу экөө келсин деп,
Эскара менен Байкоңур,
Ушу төртөө келсин деп,
Ушу төртөө келгенде,
Анан  бүтөт айткан кеп.
Семетей, Бакай жазды деп,
Өзү жазып алган жер,
Коңурбайга барган жер.
Эр Коңурбай дөө манжу,
Катты колго алган жер,
Катын окуп кубанып,
Ыраазы болуп калган жер,
Чоң Коңурбай манжуга,
Күлчорого билгизбей,
Мурадыл менен Борончу,
Бул экөөнү атказып,
Кат жазган аты чын бекен,
Экөөң чалып келгиле,
Турган жерин көргүлө,
Баатыр бала чорого,
Ардактап багып турган жер,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Акылды башка салган жер,
Башка киши жиберип,
Чоң Коңурбай эр манжу,
Семетей менен Бакайга,
Сыр билгизбей келгиле,
Бакай билги жан эле,
Семетей эсер бала эле,
Байкап сырын билгиле,
Чалгынга киши жиберип,
Күлчорону ардактап,
Калмак, кытай ичине,
Жүрө берди дардактап,
Мурадыл менен Борончу,
Экөө чалгын чалган жер,
Боору жазык жер көрүп,
Жашынган колу барбы деп,
Жерди көрүп алган жер.
Семетей менен Бакайга,
Мурадыл менен Борончу,
Ушул экөө барган жер.
Манастын уулу Семетей,
Мазысы жок байпакчан,
Кемсели жок көйнөкчөн,
Айнек алып колуна,
Жабдыгы жок колунда,
Жалгыз чыгып барыптыр,
Тегерегин чалыптыр,
Эр Семетей баатырга,
Эки киши барган жер.
Кол алышып көрүшүп,
Бири бирин өбүшүп,
Асманда булут бек болгон,
Семетей Бээжин барганда,
От чагылып көзүнө,
Жарадар болуп калганда,
Алайгырдын кырынан,
Байкап дүрбү салганда,
Кырымдын уулу Мурадыл,
Жарадар болгон абасын,
Канчорого коштотуп,
Бакай менен Күлчоро,
Сандыргалуу сан жылкы,

Ар кайсы жерге токтотуп,
Муну көрүп Мурадыл,
Мусулман болуп кетсемби,
Коңурбайды алыптыр,
Алып коюп манжуну,
Жылкыны жолго салыптыр,
Барсамбы деп токтолуп,
Манастын уулу баатырга,
Кырымдын уулу Мурадыл,
Арбагын көрүп талаадан,
Кыркка антташып Мурадыл,
Кыяматтык дос болуп,
Колунда жүргөн коёнду,
Коё берип Мурадыл,
Мына Семетейге барганы,
Амандашып көрүшүп,
Кечээ Коңурбай сени атканда,
От чагылып көзүңдөн,
Өлөрчө болуп жатканда,
Ошондо көрдүм түрүңдү,
Семетей сени көрдүм деп,
Дүрбү салып отуруп,
Сен экениң билдим деп,
Каранды болгон Күлчором,
Калмак болуп кетти деп,
Капа болуп турамын,
Капыр менен мусулман,
Калгандарды жыялы,
Убаданы кылалы,
Ууруларды тыялы,
Ант амалды кылалы,
Тентектерин тыялы,
Алооке кандын Коңурбай,
Чоң кандыкты берели,
Катчы болуп кат жазып,
Айткан ишин аткарып,
Сени кошуп берели.
Борончу менен Мурадыл,
Семетей менен көрүшүп,
Чын багынган экен деп,
Кайрылып жолго салган жер,
Калдайып аткан калчага,
Жыйылып аткан кытайга,
Чалгындап экөө барган жер,
Коңурбайга кеп айтып,
Эр Мурадыл эр айтып,
Айтканыңа бардык деп,
Бакай менен Семетей,
Багынганы чын экен,
Барып кабар алдык деп,
Багынган жоого баш кетпей,
Бизге келген Чорону,
Бу кудайдын берер кезинде,
Кыйнаганы чын экен,
Биз багынып берели,
Коңурбайга баргын деп,
Ыйлаганы чын экен,
Бизге келген Чорого,
Жалынганы чын экен,
Бакай менен Семетей,
Багынганы чын экен.
Мурадыл чалгын чалган соң,
Коңурбайга барган соң,
Калмак, кытай күркүрөп,
Баралы деп дүркүрөп,
Жабы, жабы деген жер,
Жалпы атка минген жер,
Жоого тууган шерлери,
Каны кыза дегдеги,
Жоо дегенде дегдеги,
Баралы деп баарыбыз,
Коңурбайга кеп айтып,
Биз баралы деп айтып.
Коңурбайдын жанында,
Эр Күлчоро турганда,
Атка минип камданып,

Атуучудай таңданып,
Келгениңер эмине,
Багынган жоого баарынар,
Барабыз деген эмине,
Мурадыл көрүп келиптир,
Манастын уулу Семетей,
Турган жерин көрүптүр,
Мен барбайын жанына,
Шайымбет болсо бала эле,
өзүмдөн улуу Канчоро,
Ала көөдөн жан эле,
Айкожо Бакай абасы,
Баштап жүргөн эр эле,
Манастын уулу Семетей,
Алакөөдөн эме эле,
Байкоңур менен Эскара,
Коңурбай менен эр Эшим,
Ушу төртөө барсын деп,
Эки улук баш кошуп,
Убада сөзүн кылсын деп,
Капыр менен мусулман,
Уруш кылбай тынсын деп,
Амалдуу чоро кеп айтып,
Алдаган сөздү көп айтып,
Күлчоро акыл салган жер,
Ажалы жакын чоң манжу,
Чоронун тилин алган жер,
Атка тердик салган жер,
Алтын айдар, шуру чок,
Айта берсе эрмекке,
Жоо багынып берди деп,
Семетейге бермекке,
Көк бөрү токуп алды эми,
Эр Эшим менен Байкоңур,
Эскара деген баатырды,
Бул үчөөнү ээрчитип,
Семетей менен Бакайга,
Бармак болуп калды эми.

Алда таала кудурет,
Артыкча акыл берген соң,
Күлчоронун жанына,
Периштелер келген соң,
Кагазына жазыптыр,
Өзү жазып Күлчоро,
Коңурбайдын каты деп,
Багынганы чын болсо,
Айчүрөктү берсин деп,
Каныкейди ээрчитип,
Экөөнү алып келсин деп,
Коңурбайдын каты деп,
Өзү жазып койгон жер.
Эр Коңурбай манжунун,
Кара чоңду калмактын,
Кызыл ойрот кытайдын,
Канын ичмек болгон жер.
Каканды билген төрт баатыр,
Калдайып атка минген жер.
Кабылан чоро, эр баатыр,
Алдап алып жүргөн жер,
Алгар минип оштонуп,
Какандан чыккан төрт баатыр,
Улам, улам токтолуп,
Эр Коңурбай кеп айтып,
Жүрөгүм сезет деп айтып:
Алгыла болот кылычты,
Кымтый кармап алгыла,
Семетейге барганда,
Кылычты кындан чыгарып ,
Даярданып тургула,
Күлчоро минди буурулду,
Касиеттүү Күлчоро,
Ат учкундап ал келди,
Ал төртөөнөн озунуп,
Семетейге барган жер,
Алдап жазган катын,
Семетейге берген жер.

Буурулдун оозун бурган жер,
Ок тийгендей шалдайып,
Ооругандай далдайып,
Төрт баатырдын астында,
Мурун айткан Күлчоро,
Ала көөдөн эр элең,
Койнуңа каткын кылычты,
Жараткан кудай жар болсо,
Бүтүрөлү жумушту,
Аста, аста сүйлөшүп,
Чоң Коңурбай манжуну,
Катуу, катуу кеп айтпай,
Сен мындайсың деп айтпай,
Акка мойнун сунгандай,
Кылмышты өзүң кылгандай,
Коңурбай кебин макул деп,
Кандай да болсо макул деп,
Капыр менен мусулман,
Кармап өзүң билгин деп,
Мен колтугуңа кирдим деп,
Мен касташып турганда,
Буурулдун оозун кердим деп,
Буурул менен баланы,
Ойлобо бөлөк санааны,
Бул экөөнүн айынан,
Мен багынып бердим деп,
Аста аста кеп сүйлө,
Айлакер экен чоң манжу,
Колго тийген калчаны,
Капыстан кутказып ийип жүрбө деп,
Семетейге үйрөтүп,
Амалдан жазган өз катын,
Семетейге берген жер.
Кайра тартып бастырып,
Шайымбет менен Канчоро,
Жан казанын алдырып,
Дасторконун жайдырып,
Даярлап тамак кам кылып,
Баатыр Чоро, кайран шер,
Калдайып келген калмактын,
Как астына барган жер.
Кандай барып калды деп,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Очогорго от берип,
Даярланып калган жер.
Ат тозгундап бастырып,
Айтылуу Эшим барган жер.
Көрө калып жүгүрүп,
Семетей атын алган жер.
Арстан Бакай кеп айтып:
Баракелде баатырлар,
Баш коштуңар деп айтып,
Тизелешип тургула,
Тилекти бирдей кылгыла,
Акылдашып тургула,
Аста, аста сүйлөшүп,
Антташып сабыр кылгыла,
Мусулман капыр элдешип,
Уруш кылбай тынгыла.
Айтылуу Бакай жол кылып,
Ар түрлүү акыл ойлонуп,
Эр Эшим мурун барганда,
Семетей көрө калганда,
Эр Эшим аттан түшкөндө,
Эр Семетей кучактап,
Эр Эшимди күткөндө,
Колундагы очогор,
Айдалыдан алды эми,
Алгара минип созулуп,
Артынан шайтан кошулуп,
Милтенин отун өчүрүп,
Кудай билет чын болсо,
Алгара өңдүү бууданды,
Таманы жерге тийген жок.
Артынан келет сандалып,
Ажал кылган чоронун,

Алдаганын билген жок,
Коңурбай жакын барган жер,
Манастын уулу Семетей,
Корккондо көрө калган жер,
Бооруна колун алган жар.
Тизеси жерге бүгүлүп,
Үч баатырдын астына,
Семетей барды жүгүнүп,
Чын багынган экен деп,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Кетти катуу сүйүнүп,
Олпок салып астына,
Кийим жаздап башына,
Семетей, Бакай эки шер,
Кан Коңурбай манжуга,
Дөө Эскара төрөгө,
Бай Коңурдай бөрүгө,
Тегерете жүгүрүп,
Кызмат кылып айланып,
Семетей, Бакай турган жер.
Эр Коңурбай кеп айтат,
Арстан Бакай карыя,
Айткын кепти деп айтат,
Айткын улук кебиңди,
Кан төгүшүп баш кесип,
Карчалышып көп жүрдүк,
Капыр менен мусулман,
Канчасын кыргын биз кылдык,
Капыр да болсоң Коңурбай,
Талабыңа жеткирди,
Жараткан алда бир кудай,
Кечээ баатыр Манас барында,
Бээжинге барып кол салып,
Кан төгүшүп урушуп,
Кана мурасыңа жеткениң,
Манастын уулу Семетей,
Бала менен Буурулду,
Сенин алып кеткениң,
Кармаган уруш басылсын,
Келе кан Коңурбай колуңду,
Капыр менен мусулман,
Башын кармап кан болуп,
Сенин багың ачылсын,
Арстан Бакай жатпасын,
Ар түрдүү акыл ойлонуп,
Кол кармашып кеп айтып,
Коңурбайга көп айтып,
Бегиңдин каны чоң манжу,
Арстан Бакай баатырдын,
Айтканына кубанып,
Туурга туйгун конгондой,
Дин мусулман мүлдөнү,
Бакайдын сөзүн укканда,
Баарын алып болгондой,
Кол кармашып кеп кылып,
Айтканына ыраазы.
Жашың өтүп баратат,
Көзүң өтсө жалгандан,
Береги бала Семетей,
Менин ордум бассын деп,
Сен мусулман мен капыр,
Кармап башын турасың,
Ордумду басып сурасын,
Бири төрө, бир кан,
Бет алышып турганда,
Капыр менен мусулман,
Кеп сүйлөшүп эки кан,
Сөз алышып турганда,
Өз кылмышым өзүмдө,
Мен Бээжинге бардым деп,
Атаңдын канын алам деп,
Жылкыңды тийип алдым деп,
Аттанып элди жыйдым деп,
Аягында кылмышты,
Өзүң катуу кылдың деп,
Дин мусулман көп журту,

Эр бүлөнүн баарысын,
Айдап жүрүп кырдың деп,
Кылмышыңды алгын деп,
Мен талаада жатып жердедим,
Аргын менен ногойду,
Өзүм багып элдедим.
Жаныңдагы эки кул,
Жылкы айдатып жибердим,
Карганда колуң шок болуп,
Жанымда балдар жок болуп,
Казатты катуу кылдың деп,
Эр бүлөгө сен кошуп,
Катын менен баланы,
Буларды кошо кырдың деп,
Кылмышыңды кылдың деп,
Манастын уулу Семетей,
Багынгандай кеп айтып,
Чын багындым деп айтып,
Канкордун уулу эр Семең,
Кан Коңурбай баатырга,
Айтып сөзүн болгон жер.
Сен жаш бала, мен кары,
Мен айтайын кеп дагы,
Какан менен Бээжинди,
Калмак менен кытайды,
Кыргынды салдың кыйраттың,
Калмак, кытай аскерин,
Баарын бирдей ыйлаттың,
Сен кылганды мен кылдым,
Сен менден кайдан кем кылдың,
Кара буура аскердин,
Кан көтөрдүк экөөбүз,
Эми башка сөздү коёлу,
Капыр менен мусулман,
Бир кишидей бололу.
Эр Коңурбай чоң манжу,
Айтып турган кеби бар,
Манастын уулу канкорго,
Түшүрөт Бакай чоң торго,
Ишенип калган жери бар,
Манастын уулу Семетей,
Пейлине кудай салганы,
Кан Коңурбай жазды деп,
Күлчоро жазып барганы.
Коңурбайдын астына,
Катты окуп салганы,
Сенин бу кылганың осол деп,
Кагазга кантип жаздың деп,
Каныкей менен Чүрөктү,
Мен багынып турганда,
Бул экөөнү берсин деп,
Ушуну кантип айттың деп.
Улуу сөздүн урматы,
Манастын уулу Семетей,
Улук сендей болбойт деп,
Күлчоро барса кашыңа,
Багынып барсак астыңа,
Арага Чоро келгенде,
Багынып бергин дегенде,
Адам уккус кеп айтып,
Багынгандын энесин,
Аламын деген эмине,
Таарындым ушу кебиңе,
Муну кул Күлчоро жазды деп,
Бузулсун деп айтты деп,
Кан Коңурбай чоң манжу,
Эт жүрөгү сезген жер,
Эси чыгып кеткен жер,
Буурулду минип шаңданып,
Эр Күлчоро кайран шер,
Келген экен жакындап,
Калмактан чыккан шерлерди,
Соёюн деп камданып,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Эки жагын караса,
Жөө туман көздөнүп,

Оң көзүнөн буу чыгып,
Сол көзүнөн жаш чыгып,
Имерилип алыптыр,
Эр Күлчоро баатыр шер,
Жакын барып калыптыр,
Сен окуган катыңды,
Менин берген атымды,
Жөөт шайтан кылган го,
Пейлин башка бурган го,
Элдешкенди эп көрбөй,
Тетиги шайтандуу чоро кылган го,
Эт жүрөгү солк этип,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Эргип көбө калган жер.
Эр Күлчоро шер баатыр,
Эми жакын барган жер,
Кара чоктуу калчасың,
Катын менен энесин,
Бергин деп кантип айтасың,
Арстан Бакай кеп айтат,
Бузук мунуң деп айтат,
Эр Күлчоро жакындап,
Кылычы жок кынында,
Бурбай айтса чынында,
Табына келген Тайбуурул,
Колундагы камчысын,
Толгой кармап имерип,
Эртеден кечке акылдап,
Эрегишип кеп айтып,
Сен кылганды мен кылдым,
Адам уккус кеп айтып,
Айтасың сөздү бүтүрбөй,
Алакөөдөн Семетей,
Алдыңда турган манжуну,
Турасың сен кылганыңа түшүнбөй,
Жанга шерик буурулду,
Кудай билер чын болсо,
Канга басып алган жер,
Катуу камчы тийбеген,
Кече Манастан калган Тайбуурул,
Аткан октой барган жер,
Какандын каны калчаны,
Баатыр бала Күлчоро,
Ат менен көмө койдуруп,
Калдайта жыкты кулатып,
Камбардын уулу Канчоро,
Жетим бала Шайымбет,
Коңурбай көрө калгыча,
Эскара менен Эшимди,
Колуна алган жабдык жок,
Кылычты катып койнуна,
Кымтый кармап барган жер.
Арстан Бакай шер баатыр,
Кылычты колго алган жер.
Канчоро менен Эр Эшим,
Кармалашып калган жер,
Кадимки Бакай канкор шер,
Коңурбайдын иниси,
Чоң казандай кара баш,
Арстан Бакай Айкожо,
Тегеретип салган жер.
Оозунан түтүн бур учуп,
Эскара менен Байкоңур,
Качып калды чуркашып,
Касиеттүү жинди кул,
Кармады болот кылычты,
Амалдап жүрүп Күлчоро,
Бүтүрдү болгон жумушту.
Кылычтын мизин кандады,
Байкоңур менен Эскара,
Атка минип алгыла,
Аттанып уруш салгыла,
Арбактуу эрдин тукуму,
Баатыр өскөн кайран шер,
Экөөнү бирдей жайлады.
Кан Коңурбай манжуну,

Канкордун уулу чоң баатыр,
Колунан кармап алганы,
Эр Эшимдей баатырды,
Эр Бакай башын чаап салганы!
Манастын уулу Семетей,
Канчоро менен Күлчоро,
Жылкы бак деп койгондо,
Какандын каны чоң манжу,
Кабарын угуп турганда,
Какан менен Бээжинге,
Аскер алып кол барып,
Атышууга мол барып,
Аттанган жерде жол болуп,
Алтын така, жез өкчө,
Арам кыял кан Көкчө,
Айлын чапкан талкалап,
Манастын уулу Семетей,
Жатып алган чалкалап,
Мусулманды кырганда,
Алакандай Кең-Колго,
Батына албай турганда,
Айтылуу Бакай киргенде,
Жайнап жаткан аскерди,
Бакай келип сүргөндө,
Күлчоро, Бакай эки шер,
Биригишип тийгенде,
Кайнап аткан аскерди,
Бөлүндүрүп айдаган,
Шерлеринен башкасын,
Койдой кырып жайлаган,
Күлчоро, Бакай барында,
Шер Коңурбай баралбай,
Манастын уулу дардаңдын,
Эбин таап алдаган.
Буурулду колго алганда,
Шайымбет менен Буурулду,
Алып кетип калганда,
Оозуна ок тиштеп,
Белине курун курчанып,
Перииште кошо жол чалып,
Пир колдогон Күлчоро,
Багындым деп барыптыр.
Калдайып аткан калчаны,
Кылган кандай канчаны,
Берер кудай кезинде,
Эр Күлчоро баатырдын,
Перииште салып эсине,
Бурканына чокунуп,
Мусулман динин таштадым,
Семетейге жакпадым,
Кан Коңурбай абама,
Бала болуп берем деп,
Асылы мыкты жаралган,
Кан Коңурбай манжуну,
Кармап келген Күлчоро,
Семетейди багынтып,
Алдап келген Күлчоро,
Кылычтын мизин майлады,
Келтирди кудай кезекти,
Күлчоро тапты эсепти,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Алдап жолго салган жер.
Баатыр Бакай, Семетей,
Балбандар менен кармашып,
Эскара деген эр экен,
Эр Эшим андан шер экен.
Байкоңур деген баатырдын
Башын Бакай алган жер.
Семетейдин колуна,
Күлчоро жайган торуна,
Коңурбай түшүп калган жер.
Буурулду минип кыйгачтап,
Мен калмакмын деп жол баштап,
Кара мүртөз Күлчоро,
Атасынан бабасы,
Кармашып жүргөн манжуну,

Кармап колго алган жер.
Болотту алып имерип,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Беттешип пенде келбеген,
Семетейге жалынып,
Жансоогалап калган жер.
Баатыр бала Күлчоро,
Семетей менен манжуну,
Как астына барган жер.
Ичкен канга канбайсың,
Бээжинди билген калдайсың,
Канчаны кырып кан кечип,
Кан дегенди дегдейсиң,
Канчаны кырып өлтүрүп,
Короодо койдой көрбөйсүң,
Айдарың алтын, шуруң чок,
Мунун баарын чечкин деп,
Коё берем өзүңдү,
Жыпжылаңач жөө басып,
Сен да болсоң кан элең,
Каргага каның чокутпай,
Кузгунга көзүң ойдурбай,
Өлсөң өлүп калгын деп,
Сен да кылдың эченди,
Өлбөсөң элге баргын деп,
Соот менен чопкутун,
Каны тийип калат деп,
Тула бойдон чечтирип,
Таккан алтын, шуру чок,
Муну колго алган жер,
Коңурбай жайы бир канча,
Тула боюн каптаган,
Айза тийсе кыйраган,
Кылычтын мизи сыйбаган,
Айбалта чапса батпаган,
Мылтыктын огу өтпөгөн,
Карап турса капырай,
Тула бою сары жез,
Кармашып кандай жүрдү экен,
Бир далысы жарым кез,
Адамдан чыккан зор экен.
Айлантып колго түшүргөн,
Ажалды берген бир кудай,
Бармагынын башына,
Тизесинин үстүнө,
Айдалынын бетине,
Тула бойдун өзүнө,
Кандай уста, кандай шер,
Өз этине каптаган.
Болот тийсе кыйраган,
Канкордун уулу Семетей,
Эчтемени энебей,
Акылды Чоро токтотуп,
Чыптамасын чечтирип,
Арстан Бакай акылман,
Колго алып караса,
Ойлонуп акыл жеткисиз,
Болоттун учу тешкисиз,
Кандай уста токтоткон,
Кан Коңурбай манжуну,
Олуя төмөн окшоткон,
Амалы бар Күлчоро,
Аны алды чечтирип,
Колго алса жупжумшак,
Ак пахтадай бүгүлгөн,
Кармап көрүп кан Бакай,
Бул алдырбасы чын экен.
Чыптамасын чечкенде,
Тула бойдо кийимин,
Кан тийгизбей алганда,
Манастын уулу Семетей.
Койнуна каткан кылычты,
Бүтүрдү Чоро жумушту,
Колтугунан алган жер,
Кополдугу ушундай,
Күлчородон озунуп,

Жан казандай кара баш,
Алтын чаап ылдаткан,
Башындагы кара чач,
Семетей чаап таштады,
Чоӊ Коӊурбай манжуну,
Башы кетти бөлүнүп,
Калды каны төгүлүп,
Эр Күлчоро кеп айтат,
Абакем Бакай деп айтат,
Эр Эшим менен Байкоӊур,
Киймин канга боёдуӊ,
Алтын көөр бастырган,
Айдалыга жаткырган,
Кан тийгизбей  чечээрде,
Мунун баарын кан кылдыӊ,
Канчоро менен кармашып,
Бу Канчорону аларда,
Башын алып саларда,
Канчоро өлөт  экен деп,
Алдым болот кылычты,
Бүтүрдүм канча жумушту,
Болотту колго алганы,
Карылыктын жеткени,
Сен өӊдөнүп токтолбой,
Мен садагаӊ болоюн,
Убагым өтүп кеткени,
Бакай айтат баатырга,
Баатыр Чоро асылга,
Маӊдайында мөөрү бар,
Соорусунда тагы бар,
Колтугунда заты бар,
Таманында  загы бар,
Таманынын отунда,
Бармактай алтын тагы бар,
Коӊурбайдын Алгара,
Кабырганын үстүндө,
Далысынын астында,
Адам тагып койгондой,
Жез канаты дагы бар,
Манастын уулу Семетей,
Басып барды жанына,
Каратты алып колуна,
Бир кудай салып жолуна,
Ээрчип басып Канчоро,
Көт жагынан барган жер,
Алгараны жетелеп,
Абакелеп жалынып,
Кара жолтой Канчоро,
Кагылайын абаке,
Алгараны бергин деп,
Соогат сурап турган жер.
Эр Семетей дардаӊбоз,
Канчорону каккан жер.
Жаныӊа саадак байлан деп,
Жатасыӊ жайык талаада,
Алгарадан айлан деп,
Канчоро бала чунактын,
Айнектей көзү киртийди,
Атаӊдын көрү дүнүйө,
Күлчоро менен Канчоро,
Моюн алышып бир өскөн,
Биргелешип теӊ өскөн,
Камбардын уулу балага,
Ошондо канкордун кеби бек тийди.
Камбардын уулу инисин,
Ат соогаттап келет деп,
Манастын уулу Семетей,
Катуу кагып койгон жер.
Канчородой баатырдын,
Ичине кайгы толгон жер.
Канчоро капа болгонун,
Баатыр Чоро билген жер,
Абакеси дардаӊдын,
Астына басып барган жер,
Алгаранын чылбырын,
Семетейдин колунан,

Күлчоро жулуп алган жер.
Алгараны жетелеп,
Канчоронун астына,
Күлчоро алып барган жер.
Биргелешип бир тууган,
Коңурбай минген бу буудан,
Ала көөдөн абакең,
Катуу айткан өңдөндү,
Капа болбой алгын деп,
Үстүндөгү ээрин,
Муну алып салгын деп,
Каныкей энең жасаган,
Тердигиңди току деп,
Кылабыз эми кызыкты,
Калдайып жаткан калмак бар,
Кыжылдап аткан кытай бар,
Коңурбайдын эли бар,
Кош түшүрүп туу тигип,
Козголбой жаткан жери бар,
Эми Алгараны мингин деп,
Алгара минип оштонуп,
Аттанып жоого тийгин деп.
Күлчоро барып кашына,
Ат жетелеп Күлчоро,
Барды агасынын астына,
Эр Канчоро болбоду,
Башка акыл ойлонду,
Күлчоро тилин албады,
Атка тердик салбады,
Манастын уулу баатырдан,
Катуу жаман кеп укту.
Алдыда Канчоро салат бузукту,
Эр Күлчоро кеп айтат,
Туулга бирге кийиштик,
Тулпарды бирге миништик,
Душманга бирге кириштик,
Атка тердик салыштык,
Аттанып жоого барыштык,
Тилимди албай койгондой,
Кай жерде көңүл калыштык.
Улуу деп сени сыйладым,
Астыңа келип ыйладым.
Тилимди албай койгудай,
Бир жаш улуу сен элең,
Кай жерде кара кылгамын,
Алгара минип нетейин,
Абакелеп сен жүрдүң,
Сени менен тең жүрдүм.
Айтканың өттү сөөгүмөн,
Семетей катуу кеп айтты,
Жаныма саадак байлан деп,
Алгарадан айлан деп,
Ушу кепти неге айтты,
Капа болуп кан жутуп,
Кайгырган жери дагы ошол,
Төрт баатырды өлтүрүп,
Бакай менен Семетей,
Канчоро менен Күлчоро,
Жетим калган Шайымбет,
Баш кошулуп биригип.
Акылдашып турган жер.
Жаш Шайымбет кеп айтып,
Айланайын агалар,
Баарың мага абалар,
Канчаларды кураган,
Какан менен Бээжинди,
Атасынан бабасы,
Улук болуп сураган,
Асили капыр болбосо,
Кудайдын берген багы бар,
Курулган алтын тагы бар.
Төртөө бирдей шер экен,
Баары бирдей эр экен,
А деле капыр дебейли,
Сурап жаткан манжунун,
Колдогону бар экен.

Каргага канын чокутпай,
Кузгунга этин ойдурбай,
Түлкүгө этин тарттырбай,
Жооруга сөөгүн тиштетпей,
Айбалталап жер казып,
Булар да болсо жан эле,
Бу төртөөнү көмөлү.
Жаш да болсо Шайымбет,
Акылы толук бала эле.
Шайымбет айтып турганда,
Кагылайын Шакембай,
Баатыр чунак эр айтат,
Калайлуу тонун алалы,
Айтканынын баары чын,
Биз үстүнө жабалы,
Бек бекитип салалы,
Көбүрөөк токтоп нетели,
Көп калмакка жетели,
Кармашканын алалы,
Калмак менен кытайдын,
Калганын кырып салалы.
Эренин кармап келгин деп,
Каныңдын сөөгүн алгын деп,
Каканга алып баргын деп,
Бегиңдин сөөгүн алгын деп,
Бээжинге алып баргын деп,
Беттеше чыгып келгенди,
Бетке аткан мергенди,
Кармаша чыгып келгенди,
Качырып айза бергенди,
Келтирди кудай кезекти,
Мунун кырып салалы,
Багындык деп ыйласа,
Өлтүрбө деп кыйнаса,
Муну жыйып алалы,
Алгара оозун керели.
Айланайын Шайымбет,
Айтканыңдын баары чын,
Өлбөй тирүү калганга,
Канынын сөөгүн берели.
Шайымбет айткан акыл кеп,
Макулдашып турушат,
Арчабозду алышып,
Баабединдин жолуна,
Ай туяк деп чалышып,
Кармаша жүргөн манжуну,
Сойгон жери дагы ошол.
Түлөө кылып ат союп,
Тойгон жери дагы ошол,
Баатыр бала Күлчоро,
Алдап колго түшүргөн,
Алда таала кудурет,
Ажалы жеткен канкорду,
Жазган күнүн бүтүргөн.
Баатыр Чоро, кайран шер,
Алгараны токунуп,
Күлчоро минип алган жер.
Манастын уулу Семетей,
Буурулду минди булкуган,
Атка минди зуңкуюп,
Жаш Шайымбет балага,
Суркоёнду мингизип,
Канчородой баатырга,
Кактелкини мингин деп,
Кадимкиңдей жүргүн деп,
Ат которуп минбеген,
Жүргөнүн адам билбеген,
Тон которуп кийбеген,
Жолун адам билбеген.
Кансыратып жоо сайса,
Барып олжо албаган,
Жарты тыйын олжо алып,
Жанчыгына салбаган,
Билген айтат Бакайды,
Айкожо деп сыйынат,
Билбеген айтат Бакайды,

Жакып кандын уулу эле,
Отун алып от жаккан,
Казан асып, эт бскан,
Бу Бакайдын атасы.
Байкожо деген кул эле.
Манас атка конгону,
Манаска Бакай кошулуп,
Бастырып жоого тийгени,
Айкожо атка конду деп,
Арбактуу киши болду деп,
Көп адам айткан кеп эле.
Арстан Бакай абасы,
Көкчолокту минген жер,
Эр Күлчоро ээрчитип,
Көп калмакка жүргөн жер.
Алтын туяк, жез канат,
Айтылуу Бакай баатырды,
Таалайына жаралган,
Кудай билет чын болсо,
Алтын ооз наркы таң
Оозу менен алышып,
Күлчорого кеп айтат,
Жез канаттуу Алгара,
Миндиң муну деп айтат.
Ат болушка салалы,
Мелтиреген талаага,
Бир жарышып алалы.
Абасы Бакай кеп айтып,
Алгара менен Көкчолок,
Биз сынайлы деп айтып,
Баатыр көөдөн Семетей,
Бу Коңурдын Алгара,
Өзү менен тең өскөн,
Абакем минген Көкчолок,
Бул эмине дегени.
Карганда кайрат болобу,
Алгарага жетеби,
Төрө бала ой ойлоп,
Баатыр Семең турган жер.
Эр Күлчоро баатыр шер,
Алгарага камчы уруп,
Абасына кеп айтып,
Жарышалы деп айтып,
Күлчоро менен кан Бакай,
Жарышып жолго салган жер.
Эр Семетей жалгыз эр,
Бакай менен Күлчоро,
Жарышып жолго салганда,
Караанын көрбөй калган жер.
Канчоро менен Семетей,
Кайсы жакка кетти деп,
Күлчоро менен Бакайдын,
Артынан издеп барган жер.
Канчоро баатыр кеп айтат:
Манастын уулу баатырга,
Ой, абаке Семетей,
Акжалдын жалын тарадың,
Өзүңдөн кичүү баланы,
Абаке ар качан көөнү карарып,
Кайгы тартып камыгып,
Калган экен Канчоро,
Алгарага таарынып,
Күлчоро, Бакай эки шер,
Күлүктү сынап турган жер.
Бакай минген бууданга,
Ок жетпеген Алгара,
Ошо жетпей калган жер.
Оргуштуп бою улуусун,
Күлчоро, Бакай барган жер.
Эр Мурадыл баш болуп,
Кан Коңурбай барды деп,
Көп кечигип калды деп,
Артынан издеп бармакка,
Коңурбай менен Семетей,
Сүйлөшкөнүн көрөлү,
Элдешкенин билели.

Эптешкенин көрөлү,
Бастырып жолго салыптыр.
Алты солоон, бир төрө,
Бакай менен Чоронун,
Астынан чыгып калыптыр.
Күлчорону караса,
Баштагыдай түрү жок,
Түрү башка көрүнүп,
Арстан Бакай баатырдын,
Сүрү башка көрүнүп.
Эт жүрөгү сезишип,
Эмине болуп калды деп,
Эси чыгып кетишип,
Жылан көргөн немедей,
Жыйрыла түшүп токтолуп,
Чын жүрөгү козголуп,
Кырымдын уулу Мурадыл,
Аттан түшө калыптыр.
Айкожолоп жалынып,
Баатыр Бакай астына,
Эр Мурдыл барыптыр.
Эси чыгып кетти деп,
Бакай эр билип алыптыр.
Биз Бээжинге барганда,
Манастын уулу Семетей,
Жарадар болуп калганда,
Кызыл-Кыя оюнан,
Аттарды тийип алганда,
Суркоёнду колго алып,
Качып кетип калганда,
Биз Бээжинден жылып алганда,
Кайра келип калганда,
Кара буурул көп жылкы,
Каркырага салганда,
Коңурбай күчтөп келгенде,
Семетейди жайлады,
Алып кеткен жылкыны,
Алып калам дегенде,
Мына бу турган Күлчоро,
Кайнаган калың көп колдун,
Ортосунда калганда,
Астында минген бууданы,
Аты болбой турганда.
Колундагы Суркоён,
Кандай коё бердиң деп,
Ошондо эмнени көрдүң деп,
Акылман Бакай кеп сурап,
Эмне көрдүң деп сурап,
Бакай айтып турду эми,
Колунда жүргөн коёнду,
Колунан коё бергени.
Айланайын абаке,
Сенин кошо жүргөн жолдошуң,
Дүрбү менен көргөнүн,
Коңурбайга кошулуп,
Барайын деп токтолдум.
Бет алышып сүйлөшкөн,
Мына бу турган балаңа,
Бек антташып дос болуп,
Кылыч албай токтолдум,
Кытайга айтып ант кылып,
Эр Семетей уулуңа,
Кыяматтык дос болдум.
Арбагыңды көргөндө,
Алып жүргөн бууданды,
Аны агытып ийгеним,
Калың кара көп колду,
Как жарып жолго салганда,
Атка жетпей жөө болуп,
Калың аскер, көп солон,
Тегеректеп калганда,
Суркоён өзү барганда,
Сууруп кылыч алганда,
Аралап жоого тийгенде,
Мына бу турган Күлчороң,
Сур коёнун мингенде,

Созулуп жоого тийгенде,
Калың кара аскерди,
Асты астынан болгондо,
Муруттары сербейип,
Эчен киши болгондо,
Колума кылыч айдадың,
Коңурбайга кошулуп,
Кыйкырып уруш салбадым,
Күлчоро болсо иним деп,
Айкожо Бакай абам деп,
Акка мойнум сундум деп,
Алуучу болсоң башым деп,
Кыйуучу болсоң жаным деп,
Төгүүчү болсоң каным деп,
Кытайлыгы болбосо,
Кыйырлыгы бар экен,
Бетинде кызыл нуру бар,
Мусулманга кошулуп,
Жолдош болор жан экен,
Арстан Бакай кеп ойлойт,
Ар немени көп ойлойт,
Баатыр Чоро кеп айтат,
Мен мусулман сен капыр,
Өлтүрбөймүн деп айтат,
Башынды айткан сөзүң бар,
Сойдум сенин каныңды,
Төкпөйм сенин каныңды
Кетирбеймин алыңды,
Кыйбайм сенин жаныңды,
Сен бу жерден баргын деп,
Калмак, кытай колуңду,
Мурадыл билдим оюңду,
Айза кармап туу аштап,
Жүрчү элең буластай,
Алтын айдар шуру чок,
Абакең алып келди деп,
Коңурбайдын Алгара,
Баатыр Чоро минди деп,
Калың элге барып кел,
Кош колоңун калтырбай,
Баарын жүктөп алып кел,
Багынган жоого баш кеспейт,
Багынбаймын деген эл,
Чынын угуп айтып кел,
Чымырканам дегенди,
Кебин угуп кайтып кел,
Үрүмчү менен Темир кан,
Азанды салды канча көп,
Канчоро деген абам бар,
Семетей деген агам бар,
Шайымбет деген балам бар,
Жөн багынып бербесе,
Айтканыма көнбөсө,
Кылычты канга көсөшүп,
Кырганымды көрсүн деп,
Каныңарды өлтүрүп,
Кылганымды көрсүн деп,
Баатыр Чоро кеп айтып,
Кара аламан элиңе,
Барып келгин деп айтып,
Багынамын дегенде,
Алып келгин деп айтып,
Багынбаймын дегенде,
Айтып келгин деп айтып,
Элиң эки бөлүнсө,
Айтып келгин деп айтып,
Арстан баатыр Күлчоро,
Акылы бар, зери бар,
Ар демеге эби бар,
Адам угар кеби бар,
Кең-Колго салган тамы бар,
Кереметi дагы бар,
Семетейдин багы бар,
Асырап чайкап чоңойткон,

Энекеси дагы бар,
Эр Мурадыл баатырды,
Элине коё берген жер,
Кырымдын уулу Мурадыл,
Кайра элине келген жер,
Акылман тууган жаш экен.
Акылы бар бала экен,
Эл чогултуп кеп айтып,
Эрегишкен эки кан,
Элдешкен экен деп айтып,
Барып келдим кандарга,
Манастын уулу балага,
Алгараны бериптир,
Убаданы бек кылып,
Баштап жүргөн Бакайга,
Алтын тонун бериптир,
Бер алышып эки кан,
Бек элдешип алыптыр,
Бет алышып сүйлөшүп,
Жайкып жатып алыптыр,
Баатыр өскөн Мурадыл,
Калмак, кытай солоонун,
Калкын айдап алган жер,
Калдайы бар беги бар,
Кыйынсыган эри бар,
Тууганы жоодон качкан
Уктаса уйку бөлүнгөн,
Жоокер болуп эр салып,
Эчендин каны төгүлгөн,
Жалпы атка минген жер,
Ак чатырын бүктөшүп,
Азык түлүк жүктөшүп,
Кол чатырын бүктөшүп,
Кош колоңун жүктөшүп,
Куралдарын алышып,
Кур деп жолго салышып,
Улуктарга бармакка,
Үч жүз токсон калмакка,
Кылган ишин окшоткон,
Кылычтап элин токтоткон,
Кан Коңурбай чоң  манжу,
Баштап жүргөн кеп эле,
Ошол элдин ичинде,
Жарадары бар эле,
Кырымдын уулу Мурадыл,
Чоронун тилин алган жер,
Кош түшүрүп туу жайып,
Кара буура Чаткалда,
Буурукса бугу атышып,
Токтоп жыргап жатканда,
Эр Мурадыл барган жер,
Эч эчтеме калтырбай,
Чатырларын бүктөшүп,
Арттарына жүктөшүп,
Ок далысын алышып,
Далыга мылтык салышып,
Алтымышча бууданга,
Азык-түлүк жүктөшүп,
Чатырларын бүктөшүп,
Жайнап чыгып барган жер,
Семетей менен дос болгон,
Кырымдын уулу Мурадыл,
Айдап чыгып барган жер,
Күлчоро Бакай жолголоп,
Арстан Бакай эр ойлоп,
Эр Күлчоро шер ойлоп,
Жолду тосуп калган жер,
Жоокер бала Мурадыл,
Жоодураган аскерди,
Чогуу айдап барган жер,
Бакай менен Күлчоро,
Баарын көрүп алган жер,
Кылган экен чоро деп,
Кыйырлары дагы бар,

Аттан түшө калган жер,
Багындык деп чуркурап,
Аттан түшүп жөө басып,
Эр Мурадыл кайран эр,
Койгон экен жол ачып,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Кудай билер чын болсо,
Күлчоро менен Бакайга,
Келди эми жүгүнүп,
Эр Мурадыл баш болуп,
Жүргөн экен башында,
Жыйырма үчтө жашында,
Бээжинге жортуул барганда,
Барып жылкы алганда,
Кайра тартып келгенде,
Канчорого коштотуп,
Жарадар болуп жүргөндө,
Алыстан көрүп Мурадыл,
Манастын уулу Семетей,
Коңурбайды алыптыр,
Кыйгактуу айза  сырга элек,
Кылган иши бир бөлөк,
Кесирленип Семетей,
Жолдошуна коштотуп,
Аркыраган талаага,
Кара буурул көп жылкы,
Койгон экен токтотуп,
Колунда жүргөн коёнду,
Коё берген жери бар,
Ал мусулман мен капыр,
Семетей менен Күлчоро,
Бирөөн койбой Мырадыл,
Антташып айткан кеби бар,
Кудай билет чын болсо,
Кызыл ойрот кытайды,
Кысып айдап алды эми,
Кара чоктуу калмакты,
Камап айдап алды эми,
Кайра тартып калганда,
Сабап айдап алды эми,
Күлчоро, Бакай артында,
Манастын уулу Семетей,
Камбардын уулу Канчоро,
Жамгырчынын жетимче,
Күрдөөлүү аскер келди деп,
Эминени көрдү деп,
Эт жүрөгү  сезишип,
Эстери чыгып кетишип,
Асты жагын караса,
Айкожо Бакай, Күлчоро,
Экөө келет жанаша,
Кылган ишин окшотуп,
Кырымдын уулу Мурадыл,
Калмак менен кытайды,
Айдап келип токтотуп,
Күлчоро келип кеп айтып,
Күрөңчөнү мингизип,
Ата-энеңди көргөндө,
Камап уруш салганда,
Шаарыңа кайра барганда,
Бүтүрдү Чоро жумушту,
Жаш Шайымбет баланы,
Колуна берди кылычты,
Таанып калсаң өлтүр деп.
Таанибасаң жөн тур деп,
Ат мингизип астына,
Тон кийгизип үстүнө.
Эл аралап билгин деп,
Энең  менен атаңды,
Өлтүргөндөн бар бекен,
Баарын байкап көргүн деп,
Калааны кайрап жатканда,
Очогор мылтык атканда,
Катын, кыздын баарысы,

Чуркурашып жатканда,
Атакеси Жамгырчы,
Энекеси Алымкан.
Карындашы Акбала,
Кол алышып бул төртөө,
Калаадан чыга качканда,
Кылычтап башын алган бар,
Башын алып салган бар.
Асманды каптап чаң уюп,
Ар чоло болгондо,
Бир тууганы Акбала,
Оң колунан алыптыр.
Кечээ Шайымбет менен Буурулду,
Коңурбай колго алганда,
Колуна алып барганда,
Кордукту көрүп Шайымбет,
Өлүмгө жакын калганда,
Башка калмак тепкенде,
Карагул дарты көп өтүп,
Отун алып от жакты.
Кашкулак этин жедирип,
Күлчоро баатыр барганча,
Барып акыл салганча,
Кордукту көргөн Шайымбет,
Отун алып келгиче,
От тамызып бергиче,
Зордукту көргөн Шайымбет,
Кара-Суунун боюна,
Кашкулак  атып бүктөгөн,
Кошко алып баргын деп,
Шайымбетке жүктөгөн.
Күлчоро колго алганда,
Багындым деп кол берип,
Алда таала жол берип,
Калмак болуп калганда,
Каргадай болгон жаш бала,
Эр Күлчоро кайран эр,
Коңурбайга кеп айтат,
Өлбөй тирүү чоңойсо,
Өзүмө жолдош деп айткан.
Аскерин кордук кылбасын,
Калмак менен кытайга,
Кабар салып айтыңыз,
Атасы кеткен өлүмгө,
Баланын жашы жете элек.
Жердин чөбүн тергенде,
Темселеп басып жүргөндө,
Бири эркек, бири кыз,
Бири-бирин жетелеп,
Өлөрдө таап алгамын.
Манастын уулу дардаңдын,
Башына жетти кылганы.
Каным сени сайсын деп,
Алдыңдагы бууданын,
Балага  берип турганы.
Буурулду алдың колуңа,
Баланы салгын жолуна.
Жамандыкты көрбөсүн,
Жабыгып жүрүп өлбөсүн.
Бу Күлчоро барганда,
Чын  багынып алганда,
Коңурбайга кеп айтып,
Колуңдагы Буурулду,
Балага бергин деп айтып,
Көнүп калган эр жүрөк,
Корпой эсин токтотсун,
Буурулду берсең колуна,
Жетелеп жүрүп откозсун.
Жоо көрө элек жаш бала,
Узарып жашы жете элек.
Он үчтөн бала өтө элек,
Коркуп калган жүрөгүн,
Өзү ойлонуп токтотсун.
Күлчоро эбин тапканда,

Коңурбайга айтканда,
Буурул атты жетелеп,
Жаш Шайымбет бакканда.
Жүрөгү сезбей токтолуп,
Бул Шайымбет жаш бала,
Ат жетелеп откозуп.
Эшей деген  калмактан,
Эчен көргөн  кордукту,
Бөжөк деген калмактан,
Мындан көргөн кордукту.
Калдайды камап барганда,
Канын баштап жай кылып,
Кан Коңурбай манжуну,
Башын алып салганда,
Мурадылга айдатып,
Көргөн көзүн жайнатып,
Коңурбайдын аскерине,
Ийрип айдап барганда,
Жаш Шайымбет баланы,
Кандар тартып санааны.
Эр Күлчоро шер баатыр,
Астына алды баланы,
Калаага кыргын салганда,
Каптап аскер барганда,
Өзү качып калганда,
Көргөнүң болсо баргын деп,
Барып башын алгын деп,
Коңурбай колго алганда,
Колуна алып барганда,
Кордук кылган өзүңө,
Көрүнсө алар көзүңө
Барып башын алгын деп,
Баатыр Чоро эр айтып,
Шайымбетке кеп айтып,
Алгара оозун керген жер.
Өлтүрүп өзүң алгын деп,
Жаш Шайымбет балага,
Күлчоро, Бакай, Мурадыл,
Айтып буйрук берген жер.
Жетиле элек жаш бала,
Жетим калган боз бала,
Койкүрөңдү мингизип,
Колуна кылыч алдырып,
Койдой камап аскерди,
Шайымбетке чалдырып,
Кылычты бекем карма деп,
Кылмышы жок кытайды,
Бөөдө өлтүрүп салба деп,
Карыган Бакай шер айтып
Кабылан Чоро кеп айтып
Кылычты берди колуна,
Калмак, кытай аскерин,
Бала барып аралап,
Байкаса түркүн эл турат,
Шаарына чабуул койгондо,
Ата-энесин сойгондо,
Элине кыргын салганда,
Карындашын жетелеп,
Шайымбет качып калганда,
Апалап үнүн басылбай,
Сакалы буурул жоо калмак,
Көрүндү мунун көзүнө,
Астына барып Шайымбет,
Жоо Карагул сенсинби,
Катын койбой кырган деп,
Саадакы сен сыр дедиң,
Бу сандалак мусулман,
Бирин койбой кыр дедиң,
Атамдын башын алгансың,
Чыркыратып ыйлатып,
Энемди чаап салгансың,
Кылычын кармап имерип,
Эр Шайымбет жаш бала,
Жойчу калмак кебиңди айт,

Таба турган эбиңди айт,
Кыйды калмак кебиңди айт,
Кыла турган жериңди айт.
Аңгир калмак кебинди айт,
Атыша турган жериңди айт.
Кылычын кындан алган жер,
Таба турган эби жок,
Айта турган кеби жок,
Бадана жүрөк болкулдап,
Жүрөгү чыгып кабынан,
Коркуп кетти Карагул,
Тал чыбыктай солкулдап,
Кылычын кармап колуна,
Жоо калмак башын алган жер,
Башын алып салган жер.
Чапкан жерден баш кеткен,
Бу Шайымбет бала кандай эр,
Башы жерди токмоктоп,
Тили чыгып оозунан,
Кере карыш узарып,
Өрттөй көзү кызарып,
А дегенде Шайымбет,
Карагул башын алган жер,
Аттан түшө калган жер.
Күрөөдөн аккан канынан,
Алаканын үч тосуп,
Шайымбет ууртап калган жер.
А дегенде кан ичкен,
Бу Шайымбет кандай эр,
Жанына болот байланып,
Алгара менен айланып,
Арстан төрө Семетей,
Буурулун минип шанданып,
Жетим бала Шайымбет,
Камоого түшкөн көп калмак,
Күлчоро менен Семетей,
Колдогон экен чын арбак,
Шайымбеттин барганы,
Кол аралап турганы,
Таанылганын өлтүрүп,
Шайымбет кыргын салганы.
Кылычтын мизин кандады,
Алтымыш алты калмакты,
Кытайы бар аралаш,
Шайымбет кырып салганы,
Таанылганын кырган жер.
Кылычы канга боёлуп,
Жаш Шайымбет эр бала,
Кыргын салып турган жер,
Кара чоктуу калмакты,
Кызыл чоктуу кытайды,
Коңурбайды жай кылып,
Койдой айдап барган жер.
Өлгөнүнөн калганы,
Өлүмгө  жакын барганы,
Качарына жер болбой,
Кирерине жер болбой,
Аттын башын бурган жер.
Башын байлап өлүмгө,
Кыйынсыган эчен бар,
Төрөнүн түрүн көргөндө,
Баары коркуп турган жер.
Күлчоро менен Семетей,
Мурадылга кеп айтып,
Өлгөнүнөн калганын,
Эр Коңурбай кан эле,
Талаага сөөгүн таштабай,
Атка жүктөп алгын деп,
Капыр да болсо Мурадыл,
Айтышкан антым бар эле,
Бээжинге алып баргын деп,
Жоо жаракты жыйгын деп,
Ок саадакты алгын деп,
Баарын жыйып салгын деп,

Манастын уулу Семетей,
Улуктугун кылган жер.
Өлгөндөн калган аскерге,
Семетей айтып турган жер.
Курал албай колуна,
Бычак албай боюна,
Өлгөнүнөн калганын,
Алып келди арага,
Жыйып барды талаага,
Семетей, Бакай эки шер,
Канчоро менен Күлчоро,
Канча жоону баскан жер,
Өлгөнүнөн калганын,
Бээжиниңе жеткин деп,
Береги жүргөн кандардын,
Талаага сөөгүн таштабай,
Бээжинге алып кеткин деп,
Манастын уулу Семетей,
Баштап жүргөн кан Бакай,
Улуктугун билгизип,
Өлгөнүнөн калганын,
Пайдасын баатыр тийгизип.
Какандын каны манжуну,
Буту-колун бүктөтүп,
Буудандарга жүктөтүп,
Кечээ атасы Манас баатырды,
Аскери токсон миң болгон,
Адегенде баатырга,
Азиретаалы пир болгон,
Солдаты канча сан болгон,
Ошо Манас баатырга,
Ошо Манас баатырдын,
Тиштегени ок болгон.
Жинди болуп токтолгон,
Тиктегени жок болгон,
Кармаганы ок болгон,
Качып жүрүп токтолгон.
Ушу Манас баатырдын,
Караганы жол болгон,
Ак тасма белге буунган,
Атадан жалгыз туулган,
Ааламга даңкы угулган,
Болоттон калган тукуму,
Ошо баатыр Семетей,
Эр Манастын тукуму.
Кечээ чоң текебер кылганда,
Чоролорду кууганда,
Текебер жетип башына,
Какандан келип канча кол,
Мусулманды кырганда,
Он эки кан мусулман,
Калмак келип чапканда,
Катын, бала чуркурап,
Кайгыланып жатканда,
Кара жанын калкалап,
Аргын, ногой элдерин,
Капыр кытай талкалап,
Талаага чыгып качалбай,
Казып койгон көрдө эмес,
Ката турган жерде эмес,
Жайы кышы он эки ай,
Калмак камап жатканда,
Бири жолдош эр Бакай,
Келип эбин тапканда,
Алыстан Чоро келгенде,
Кан Коңурбай жеңгенде,
Айкожо Бакай асыл эр,
Асмандан булут оргутуп,
Жерден туман бургутуп,
Амалды Бакай салганда,
Алыста жүргөн Күлчоро,
Ошо келип калганда,
Белине келип бууганда,
Бакай келип кууганда,

Канга тойгон калмакты,
Күлчоро келип кырганда,
Буудандын оозун кергенде,
Манастын уулу баатырга,
Буурул атты бергенде,
Асманда түрүп созулуп,
Жа элде деп бакырган,
Абакеси Бакайга,
Семетей келген кошулуп,
Коёндун оозун жарганда,
Паабедин үнү басылбай,
Күлчоро келип сайганда,
Дөө Коңурбай баш болуп,
Туралбай качып калганда,
Кемерди белге бууганда,
Кесепеттүү дардаң кул,
Дөө Коңурбай манжуну,
Көтүнөн түшүп кууганда,
Коңурбай аман калганда,
Кара өгүз минип камчылап,
Канды көбүк кызыл жаш,
Көзүнөн агып тамчылап,
Амалы артык чоң манжу,
Кан астынан жолуккан,
Касиеттүү Күлчоро,
Өлтүрөм деп оолуккан,
Мусапыр болуп турат деп,
Муну элине кылат деп,
Күлчорого бек айткан,
Мусапырды өлтүрүп,
Жинди белең деп айткан.
Күлчородон шектенген,
Алтымыш алып миң дуба,
Мусапыр болуп кабылып,
Буруп калган жер ошол,
Суркоёндун бутуна,
Уруп калган жер ошол,
Бутуна куйрук чалынып,
Кудай билет чын болсо,
Суркоёндун бутуна,
Ороо тушоо салынып,
Амалы бар айлакер,
Бутун байлап коёндун,
Кара өгүз минген мусапыр,
Кара атты минип калдактап,
Качып калган далдактап,
Айтсам тилди албайт деп,
Суркоён буруп чече албай,
Кууган менен жете албайт.
Күлчоро токтоп калган жер.
Бу жаш бала Шайымбет,
Маңдайы кашка мойну ичке,
Бакай алып жүрчү эле,
Шайымбет минип алыптыр.
Семетейге кошулуп,
Кошо жүрүп калыптыр.
Семетейдин колунан,
Бу жаш бала Шайымбет,
Буурул атты мингизип,
Буурул ат менен баланы,
Коңурбай колго алган жер,
Кордукту көрүп коржогой,
Кан талаада кайгырып,
Бала менен буудандан,
Экөөнөн бирдей айрылып,
Эр Семетей калган жер,
Кан Бакайга кабылып.
Артык тууган эр Чоро,
Барган экен калчага,
Мен келдим деп жалынып,
Алда кудай жар кылса,
Оң колуна салган жер.
Оолжуган калчаны,
Амал менен Күлчоро,

Өз колуна алган жер.
Семетей башын кескен жер,
Кансыраган калчага,
Тагдыр ажал жеткен жер.
Кандарын кармап сойгон жер.
Дарты өткөн нечени,
Шайымбет карып болгон кор,
Өлгөнүнөн калганы,
Кырымдын уулу Мурадыл,
Айтышып жүргөн анты бар,
Мен мусулман сен капыр,
Анты шертиң өзүнө,
Ишендим бир ооз сөзүнө.
Кандардын сөөгүн арттырып,
Аркан менен тартырып,
Мурадылга кеп айтып,
Бу да улук жан эле.
Таштабай сөөгүн алгын деп,
Бээжинге алып баргын деп,
Жолуң менен көмгүн деп,
Жоболоңдуу күн болсо,
Жолдош болуп бергин деп,
Кол кармашып анттавшып,
Калдайган сөөгүн жүктөтүп,
Калмакты жолго салган жер,
Кайраты ашкан баатырды,
Канга тойгон мыктыны,
Казат десе токтобой,
Жоо бөрүсү эчени,
Коё берди Семетей,
Эчен мыкты көсөмдү,
Калмакты жолго салган жер,
Канкордун уулу Семетей,
Алмаңдын уулу Күлчоро,
Ачык маңдай жайык төш,
Какандын канын өлтүрүп,
Бери жакта бешөө калган жер,
Семетей минди буурулду,
Аргын, ногой калың журт,
Кабарын укпай төртөөнүн,
Заманасы куурулду,
Далыга мылтык астырып,
Шайымбетти маш кылып,
Талаадан аркар аттырып,
Улуу сууну бойлотуп,
Жаш Шайымбет баланы,
Карга менен түлкүнү,
Кубалатып ойнотуп,
Жалган айтып бежиреп,
Жараткан өзү кечирет.
Буурсун тийген чийин жок,
Суур казган ийин жок.
Жайылып чыккан мал болбойт,
Жайлап жаткан эл болбойт,
Ар кайсы жерде бөлүнгөн,
Топ-топ болуп көрүнгөн,
Кытайды айдап сүргөндө,
Мусулман жоого тийгенде,
Айза тийип алсырап,
Бураң чөптөн оттошуп,
Ар кайсы жерде топтошуп,
Аскер минген ат калды.
Ат айдатып жыйдырып,
Манастын уулу Семетей,
Баатырга кудай бергени,
Басташкан жоону жеңгени,
Какандын колун алганы,
Кан Коңурбай манжуну,
Атасы Манас баатырды,
Айбалта менен жайлаган,
Алмамбет уулу Күлчоро,
Манастын уулу Семетей,
Абакеси кан Бакай,
Кудай билет чын болсо,

Какан менен кармашкан,
Канчага кеткен айдама,
Кан Коңурбай манжуну,
Амал менен алган жер,
Коңурбайды алдаган,
Эр Күлчоро кандай эр.
Алгара сындуу ат минип,
Алмамбет уулу Күлчоро,
Алтын айдар тон кийип,
Кармашкан жоону бүтүрүп,
Какандын каны манжуну,
Алдап колго түшүрүп,
Кездешкен жоону бүтүрүп,
Бээжиндин каны манжуну,
Шерттешип колго түшүрүп.
Алтымыш бөлөк чыптама,
Ар кайсы жерден каттама,
Зоотун алып манжунун,
Талаалап жүргөн канча мал,
Такыр жыйып алган жер.
Беттешип жоого алдырбас,
Кармашкан жоону жеңгендер,
Канчалыкты өлтүрүп,
Кан боёлуп келген жер.
Эр Коңурбай шер өлдү,
Эскара деген эр өлдү,
Байкоңур деген зор өлдү,
Баштаган Эшим чоң өлдү.
Күрөңчөнү алдырды,
Ажалы жок балага,
Шайымбетти мингизип,
Сары алтын тонду кийгизип,
Калкын чаап алганда,
Ата-энесин өлтүрүп,
Калмактар кыргын салганда,
Көрүп калган Шайымбет,
Баланын көөнүн тындырды.
Тааныганың өлтүр деп,
Калмак, кытай аралаш,
Алтымыш мыкты ашкан жер.
Атагы чыккан баары эр.
Шайымбет көөнүн тындырды,
Алтымыш алты кишини.
Шайымбетке кырдырды.
Кытай менен калмакка,
Кыргынды кыйла салдырды,
Каканды жеңип алганда,
Бээжин менен Каканды,
Барып сурак кылганда,
Бээжиндеги калчаны,
Өзү сайып кырганда.
Илиясты бойлотуп,
Манастын уулу Семетей,
Шайымбетти ойнотуп,
Баатыр көзүн ачкан жер,
Баарын өзү жеңгенсип,
Манастын уулу Семетей,
Көтөрүлүп жаткан жер.
Эр Семетей баатырга,
Абасы Бакай айткан жер.
Бала чунак оңбогур,
Эчтемени билбейсиң,
Көтөрүлбөй жүрбөйсүң,
Ар жүргөнүң текебер,
Айтайын сенин өзүңө,
Көргөзөмүн көзүңө,
Канчоро менен Күлчоро,
Сен кырк чорону кырганда,
Кыргын кырман кылганда,
Сенин куржунуңа салганда,
Бейтаалай энең Каныкей,
Тосуп келип астыңан,
Куржундан сууруп алганда,
Өзүңдөй болгон жалгызга,

Өлбөсө жолдош болот деп,
Калың колду жыйганда,
Ак боз жылкы тай союп,
Аксарбашыл кой союп,
Түркүн-түркүн мал союп,
Дасторкон жайып нан коюп,
Балдарга бат бергин деп,
Аттан тандап сойдурган,
Канчоро менен Күлчоро,
Атын уйкаш койдурган.
Канчорого кеп айттың,
Айлангын аттан деп айттың,
Кантип кирди оозуңа,
Атасы Камбар бек эле,
Кара мүртөз эр эле.
Атасын тартса Канчоро,
Кара кеги ичинде,
Түйүн болуп калат деп,
Канчоро көөнүн жазгын деп,
Иним дебей баланы,
Буурул ат менен Суркоён,
Экөөнүн бирөөн тарткын деп.
Эми олжо малды алабыз,
Кең-Кол менен Таласка,
Өлбөсөк эми барабыз.
Калмактан түшкөн сурча боз,
Араң салган калаага,
Дарбазанын оозуна,
Барарың менен сойгун деп,
Сен Манастын уулусуң,
Кесириңди койгун деп,
Кесир эрди тушаба,
Арстан Бакай кеп айтып,
Айткан тилди сен албай,
Айза түшпөй колуңан,
Атаң Манастын алган жолунан,
Адашып калдың деп айтып,
Көтөрүлүп күүлөнүп,
Көптүн көөнүн салбай жүр,
Айзадан калган тукумдун,
Асили актап жаралган,
Алмаңдан калган тукумдун,
Айткан сөзүн угуп жүр.
Кой десе бала коюп жүр,
Бар десе бала барып жүр,
Көргөзүп айтам көзүңө,
Баланын тилин алып жүр.
Күлчородон башкага,
Кандай жүрсөң андай жүр,
Жаныңдагы Күлчоро,
Мунун көөнүн салбай жүр.
Өзүңдү өзүң билем деп,
Билгенимдей жүрөм деп,
Көтөрүлүп калбай жүр.
Бу дүнүйө жалганда,
Башка кудай салганда,
Көрдүм жалган дүйнөнү,
Жакшы, жаман иш көрдүм,
Атаң баатыр Манасты,
Аттанып жолун башкардым,
Баатыр атка кондурдум,
Бейтаалай энең Каныкей,
Периштеге сүйлөшүп,
Кабар алган жан эле,
Билгирлиги бар эле,
Ак жибекке тартып келчү эле,
Атаң Манас баатырга,
Акыл таап берчү эле,
Эрден тууган эгизсиң,
Эгиң болот эр киши,
Жамгыр болот бир киши,
Эгиздигин айтайын.
Эсер элең Семетей,
Атаң Манас эр баатыр,

Мусулмандын жолборсу,
Сени тууган Каныкей,
Атаң Манас баатырдын,
Энең болгон жолдошу,
Менин айтканымды ойлочу,
Атадан тууган жалгызсың,
Энеден тууган эгизсин,
Эгиздигиң айтын,
Бул Айчүрөк жолдошуң,
Бул Айчүрөк болбосо,
Кең-Кол менен Таласты,
Капыр тордоп алганда,
Атаңдан калган казарма,
Тышка басып чыга албай,
Көчөгө заара кыла албай,
Өлө турган кезимде,
Барбы ошо эсиңде,
Бул Айчүрөк болбосо,
Айчүрөктүн жардамы,
Атаң Манас баатырдын,
Өчөт эле арбагы,
Айткан сөздү болжоп жүр,
Сакалым куудай кубарып,
Шурудай көзүм кызарып,
Башымда мээм бөксөрүп,
Азырак чайкап көрөлүк,
Айланып учкан туйгундай,
Табына келген куш кылдым,
Айткан тилди сен албай,
Көп азапка туш кылдың,
Бу жоругуң  коюп жүр,
Бу жоругуң койбосоң,
Башың түшөт азапка,
Жаныңдагы балдарың,
Ушулар чыгат кабатка,
Айтканымды бил деди,
Алмаңдан калган чороң,
Акылы менен жүр деди,
Кудай билет чын болсо,
Бээжиндин каны манжуну,
Берендер кармап сойгон жер,
Талаада калган малды алып,
Дүнүйөгө тойгон жер,
Касташкан жоону жеңген жер,
Кайра тартып Таласка,
Кан Семетей эр Бакай,
Канчоро менен Күлчоро,
Кайрылып элге келген жер,
Манастын уулу Семетей,
Бакайдын тилин алды эле,
Дарбазага барды эле,
Ат күрөңдү чалды эле,
Кармашкан жоону жеңди эле,
Өлүмдөн калган эчен бар,
Өлө турган дагы бар,
Кудай билет чын болсо,
Өлүмдөн калган дагы бар,
Ажалдан калган эчен бар,
Калк чогулуп жарданып,
Алтын така, жез өкчө,
Таажездеси кан Көкчө,
Каканды каптап кол келип,
Эр Эскара чоң келип,
Адегенде кабылып,
Казакка кыргын салган жер.
Мен багынып бердим деп,
Бир канчаны кырдырып,
Казактардын кан Көкчө,
Элин сактап калган жер.
Эр Семетей жеңди деп,
Манастан калган Кең-Колго,
Бээжиндеги  эченди,
Эр Коңурбай көсөмдү,
Канча тууган канкорду,

Казат кылып кан кечкен,
Эр Эшим, Жолой канкорду,
Кандай жеңип алды деп,
Какандын ишин бүтүрүп,
Казактын каны кан Көкчө,
Казактан алып  караны,
Элинен алып эченди,
Кеби эптүү чеченди,
Жоо бөрүсү көсөмдү,
Жооп берген эченди,
Элин жыйып алган жер.
Бээден тандап сойдуруп,
Аш тамакка тойдуруп,
Калган ногой кам кылып,
Кандар келет экен деп,
Кары картаң чогулуп,
Чалдар келет экен деп,
Эл элинен айрылган,
Эмгектүү күнгө кабылган,
Жесир келет экен деп,
Кармшткан жоодон кутулган,
Кесир келет экен деп,
Аргын менен ногойдун,
Дасторкон жайып кам кылып,
Чай кайнатып нан кылып,
Өлгөнүнөн калганын,
Манастын уулу Семетей,
Аш тамакка тойгузуп,
Азыр берер экен деп,
Жетим менен жесирге,
Кайыр берер экен деп,
Күрдөлүү ногой көп аргын,
Өлгөнүнөн  калганы,
Өлүмдөн калган эчен журт,
Талас менен  Кең-Колго,
Жесир калган катындар,
Жетим калган жаш балдар,
Эл жыйылып толгон жер.
Манас күткөн Таласка,
Эки ай жыйын болгон жер,
Какандын канын сойду деп,
Мусулман өчүн алды деп,
Канчасы кырган калчаны,
Манастын уулу Семетей,
Башын алып салды деп,
Канкор Манас эр баатыр,
Калалуу канкор чарбакка,
Кыргындан калган канча эр,
Жалынып ыйлап арбакка,
Талас, Кең-Кол жерине,
Таалайлуу ногой элине,
Калк жыйылып толгон жер,
Баштаган Бакай, Семетей,
Кайыр берип баарына,
Аты жокко ат берип,
Ашы жокко  аш берип,
Кийими жокко тон берип,
Өлө турган карыга,
Өлгөн тонду кийгизип,
Олуязаада Каныкей,
Өнөрүн элге билгизип,
Казынасын ачтырып,
Алтын, күмүш зарларын,
Аргын ногой малдарын,
Ак арыкка чачтырып,
Таластан уруш өтпөгөн,
Журтуна уруш жетпеген,
Жетпейт деген жер аман,
Жедигер деген эл аман,
Канча түркүн эл аман,
Каныкей Бакай кары бар,
Калган элдин баары бар,
Жалгызынан айрылып,
Жаман болгон дагы бар,

Жолдошунан айрылып,
Жобонуп жүргөн дагы бар,
Эгизинен айрылып,
Эңгиреп жүргөн дагы бар,
Келип элине жете албай,
Сенделип жүргөн дагы бар,
Башка түшкөн менделик,
Кече каканды каптап барганда,
Калмак, кытай калың кол,
Аскери каптап калганда,
Элге кыргын салганда,
Ажалы жок өлбөгөн,
Ошолор тирүү калганда,
Манастын уулу Семетей,
Калчаны жеңип барганда,
Каныкей Бакай жыйган жер,
Калың түлөө кылган жер,
Кара малды сойгон жер,
Өлчөндөн калган курган журт,
Аш тамакка тойгон жер,
Каныкей Бакай эки жан,
Барасың алып көп журттун,
Соодага берип таратып,
Урумбек менен Күлчоро,
Темирбек менен Шайымбет,
Кайра ордуна кондуруп,
Өлгөнүнөн калганын,
Кадимкидей болдуруп,
Телегейин тегиздеп,
Малды берип семиздеп,
Айдап -айдап мал берип,
Алтын, күмүш зар берип,
Даны жокко дан берип,
Калмакты согоп кан ичкен,
Каарланса кан ичкен,
Кармашар киши болбогон,
Касташканды ондогон,
Садагасы кетейин,
Периште болгон жолдошу,
Арасынан бабасын,
Башынан кудай колдоочу,
Өлгөндөн калган курган журт,
Орду  ордуна кондуруп,
Жерге эгин чачтырып,
Жердин бетин ачтырып,
Сарамжалын шайлатып.
Жазында кошуп айдатып,
Кош кайтарар жан болбой,
Какандын каны чоң манжу,
Канкорлор кармап сойгон жер,
Өлгөнүнөн калганы,
Кадимкидей болгон жер,
Коңурбайды алганда,
Чындап өсүп бүрдөшүп,
Кадимкидей гүлдөшүп,
Жайында жайлоо жайлашып,
Жайлоого бээсин байлашып,
Өлгөндөн калган курган журт,
Кайра ордуна конгон жер,
Кадимкидей болгон жер,
Жамгырчынын Шайымбет,
Эштектин элин алган жер,
Өз жерине барган жер.
Калгандын багын ачкан жер,
Кан Жамгырчы өңдөнүп,
Калган журтун баккан жер,
Калмак кытай токтошуп,
Аскер келип кырганда,
Кыргын салып турганда,
Акбала менен Шайымбет,
Кол кармашып коштошуп,
Өлүмдөн качып кутулуп,
Олуязаада Каныкей,
Касиеттүү Карлыгач,

Канкор Манас баатырга,
Уясы бирге карындаш,
Калмакты Бакай сүргөндө,
Күлчоро жоого тийгенде,
Өлгөндөн калган мусулман,
Сөөгү сыйбай калганы,
Кудай билет чын болсо,
Кара жердин үстүнө,
Кан төгүлүп жошулган,
Карып бала жан келбей,
Күлчоро кыргып салганда,
Бакай айдап алганда,
Баары калбай кошулган,
Этектерин түзөшкөн,
Бутуна чарык кийишкен,
Аскер жолго салганда,
Калмак, кытай аскери,
Турбай качып калганда,
Качкан жоого жеткендер,
Кармап башын кескендер,
Ууртап канын ичкендер,
Шилигин алып чаккандар,
Кудай жолун ачкандар,
Тоо ташкын таш басып,
Эптеп жанын баккандар,
Акбала менен Шайымбет,
Жетелешип качканда,
Тоо таштан жан багып,
Эптеп жанын бакканда,
Күлчоро менен Семетей,
Канчоро менен кан Бакай,
Ажалдан калган мусулман,
Семетей жоону кууганда,
Бекингени барбы деп,
Жашынганы барбы деп,
Чалгып чалып жер көрүп,
Арстан Бакай эр баатыр,
Күлчоро менен Канчоро,
Жол чалышып жатканда,
Бири эркек, бирик кыз,
Акбала менен Шайымбет,
Бул экөөнү тапканда,
Келгиле үйгө жетели,
Жатып алган жан болсо,
Талаада калган мал болсо,
Баарын жыйнап алалы,
Өлгөнүнөн калганы,
Качып жолду баштаган.
Качкан жоону коёбу,
Тоо ташын жер басып,
Минген атын таштаган,
Казатты кылып кан Бакай,
Талаада калган аттарды,
Баарын жыйып алмакка,
Акбала менен Шайымбет,
Астынан чыккан көрүнүп,
Урумкул менен Темирбек,
Семетей менен Бакайы,
Эки баатыр чогулуп,
Кошулушуп бир жүргөн,
Жоого кирсе тең кирген,
Бул экөөнү кайтарып,
Баатыр бала Семетей,
Баштап жүргөн кан Бакай,
Акбаланы алгын деп,
Каныкейге баргын деп,
Каныкей кайын баксын деп,
Бул экөөнө айтып кеп,
Төртөө чалгын чалыптыр,
Ат мингизип ээрчитип,
Ичерине мал берип,
Каныкей менен Айчүрөк,
Ортосуна алган жер,
Он экиде Акбала,

Ойнок бала секелек,
Өрүмчө чачы жетелек,
Көчөсүндө ойнотуп,
Он үчтөн жашы өтө элек,
Алгыр куштай алкынтып,
Балапандай талпынтып,
Каныкей менен Айчүрөк,
Ылаачындай теминтип,
Ителгидей элиртип,
Асырап багып оңолтуп,
Акбаланы чоңойтуп,
Алаканга салышып,
Каныкей менен Айчүрөк,
Ортосуна алышып,
Койгон экен элиртип,
Кыраан куштай теминтип,
Калк кашына келгенде,
Кайрылып конуш конгондо,
Кадимкидей болгондо,
Жай жагына барганда,
Жайкып жатып калганда,
Камбардын уулу Канчоро,
Ойлоп жүргөн жери бар,
Манастын уулу абабыз,
Алгараны берген жок,
Акбаланы берер деп,
Кары менен чалдарга,
Айтып жүргөн кеби бар,
Кудай билер чын болсо,
Он үчтөн жашы оогондо,
Манастын уулу дардаңдын,
Жоолоруна жоосу жок,
Сурарына эли көп,
Калмак камап барганда,
Кең-Кол менен Таласты,
Муну камап калганда,
Таластан жоону өткөзбөй,
Бакай келип тийгенде,
Кара сакал Кадырбай,
Анын эли барганча,
Сарттын каны Абдыра,
Мунун эли барганча,
Жеткайдагы Жедигер,
Эр Байыштын жалгызы,
Эр Толтойдун баласы,
Жедигерге кан болгон.
Кылган иши даң болгон,
Анда мында ой ойлоп.
Ар демени көп ойлоп.
Алтын така, жеңи жез,
Улуузаада кан болуп,
Келтирсе кудай кезекти,
Атамдын канын алсам да,
Бала баатыр жаш бөрү,
Башынан ойлоп жүрчү экен,
Калк чогулуп толгон жер,
Аргын, ногой баарысы,
Көп жашаган карысы,
Кан Семетей жыйган жер,
Камбардын уулу Канчоро,
Маа берер деп турган жер,
Арага киши салган жер.
Арачыдан кеп угуп,
Манастын уулу Семетей,
Камбардын уулу Канчоро,
Мага берсин деп угуп,
Шайымбеттин Акбала,
Камбардын уулу Канчоро,
Манастын уулу Семетей,
Семетей укчу кеп эмес,
Арачыга кеп айтып,
Канчорого бербейм деп,
Жамгырчынын Акбала,
Айчүрөктөн кем эмес,

Арачы айтса болбоду.
Манастын уулу Семетей,
Болбой мойнун толгоду,
Канчоронун айтканын,
Күлчоро Бакай билген жок.
Башка түшөр ар неме,
Аргын менен ногойду.
Манастын уулу Семетей,
Баарын жыйып алды эми,
Кудай билер чын болсо,
Эшен Молдо жыйды эми,
Молдо жыйып эл жыйып,
Кудай билер чын болсо,
Ак боз бээ союушуп,
Кудай билер чын болсо,
Той кылышып тосушуп,
Эр Семетей кеп баштап,
Канчорону тим таштап,
Кары Молдо жыйган жер,
Нике кыйып турган жер,
Канчоро көөнү кир болуп.
Акжолдун жолун тарат деп,
Кызматты кылсам мен кылдым,
Жоону сайсам бир сайдым,
Чалгыңды чалсам бир чалдым,
Казатка барсам тең бардым,
Кара мүртөз кызталак,
Мен качан Күлчородон кем калдым.
Капаланып Канчоро,
Кайгырган жери дагы ошол,
Ногойдун элин таштады,
Канчоро баатыр таарынып,
Кыязга кат жазганы,
Канчоро капа болгон жер,
Үч жолу соогат сураса,
Семетей бербей койгон жер,
Канчоро көнүн шердетип,
Манастан калган эр жалгыз,
Капырды жеңип алганда,
Дин мусулман көп журтун,
Ак шайыдай гүлдөтүп,
Манастын уулу эр жалгыз.
Үч атадан үч жалгыз,
Баштаган Бакай ал жалгыз,
Баш кошушуп жүргөн жер,
Өлгөндөн калган мусулман,
Өзү билип жүргөн жер,
Казактын каны кан Көкчө,
Алган зайыбы Акеркеч,
Андан тууган Үмөтөй,
Манастын зайыбы Каныкей.
Кабылан Манас атасы,
Каныкейди алганда,
Капыр менен мусулман,
Кармап башын кураган.
Атасы Манас чоң баатыр,
Ай ааламды сураган,
Мусулман башын кураган.
Баатырдан калган тукум деп,
Атадан калган эр жалгыз,
Манастын уулу Семетей,
Басташкан жоону жеңди деп,
Дин мусулман пенденин,
Тилегин кудай берди деп,
Атасынан ашты деп,
Атасы Манас баатырдын,
Алы жетпей касташкан,
Коңурбайды чапты деп,
Баатырдын уулу жалгыздын,
Эл дээрине эли көп.
Кош кайтарган киши жок,
Канкордун уулу эр жалгыз,
Жата берди жайына,
Баатырдын эчтеме менен иши жок.

Камбарлын уулу Канчроро,
Качып жолго сала албайт,
Алапайын таба албайт,
Семетейге кас болуп ,
Не кыларын биле албайт,
Буурул ат менен Алгара,
Күлчоронун барында,
Касташкан менен алдырбайт,
Буурул ат чыкса колунан,
Ала көөдөн канкорлун,
Табар эле айласын,
Канчоро баатыр эр ойлойт,
Ар демени көп ойлойт.
Алтын така, жез өкчө,
Айдаркан кандан кан Көкчө,
Атасы менен  бажа эле,
Семетей улук болду деп,
Таажездеси кан Көкчө,
Канкордон калган калаага,
Кан Көкчө барды балага,
Баатырдын уулу дардаңга,
Оптум-соптум кеп айтып,
Өз ара сөздү көп айтып,
Атаңды баатыр дечү элек,
Ала көөдөн жан эле,
Жолго салып ээрчитип,
Жолдош болуп бир жүргөн,
Алып жүргөн жан эле,
Атаңды тартпа дардактап,
Коңурбайды сойдум деп,
Көтөрүлбө барбактап,
Өз балдызы Каныкей,
Көзүн кысып кеп айтат,
Койгун жезде деп айтат,
Көтөрүлүп кеп сүйлөп,
Атаң көөдөн киши эле,
Аңгир Көкчө көп сүйлөп,
Адеп атка мингенде,
Атаңдан калган мурасы,
Кырк  чорону кыргансың,
Атаңды тарткан жан элең,
Атаңдан калган баатырды,
Күтүп алып эл деди,
Абыке менен Көбөштү,
Улук болбой сен дебей,
Береги турган Бакайды,
Кан көтөрүп зор кылдың,
Атаңдан калган журтуңду,
Өзүң билип кор кылдың.
Болор болбос кеп сүйлөп,
Болукшуган жездеси,
Аягында бек сүйлөп,
Каныкейдин барында,
Каныкей тууган баланы,
Өзүм билем деп сүйлөп,
Мас болгондой  күүлөнүп,
Сени өзүм билем деп,
Канга тууган баатырды,
Таажездеси кан Көкчө,
Акыл айтып сүйлөнүп,
Катуу-катуу  кеп айтып,
Канкордуни уулу чунакка,
Жаман кепти көп айтып,
Өткүр кеткен баатырды,
Эсер эле деп айтып,
Атаң Манас баатырдын,
Ооганды барып чапканда,
Он алты кан мусулман,
Баарын сурап жатканда,
Пайгамбар батып албаган,
Азиретаалы барбаган,
Бээжинге араң барды эле.
Он беш менен кырк бештин,
Ортосун жыйып алды эле,

Он алты кан мусулман,
Атаң минтип бузулган.
Эр бүлөөнүн баарысын,
Айдап кырып салды эле.
Атам кылган иши деп,
Эсерликти кыбагын,
Менин кебим сындагын,
Сен атаңча оолугуп,
Элди бекер кырбагын,
Көргөзүп айтам көзүңө,
Билгизип айтам өзүңө,
Атаңды тартсаң болбойсуң,
Аста аста жүргүн деп,
Аргын ногой журтуңду,
Өзүң сурап билгин деп,
Айтайын сага акылды,
Калк баштаган кан абаң,
Кайдан келген дайны жок,
Кылычы кетпей колунан,
Мунун чапкан жолунан,
Атаңа жолдош болду эле.
Аламын деп Бээжинди,
Эр бүлөөнүн баарысын,
Кармашкан жоого жеңдирип,
Атаң кырып койду эле.
Бу Бакай чапкан жол эле,
Атаң маркум кылганы,
Аскер алып жыйганы,
Каканга казат барганы,
Кармашып уруш салганда,
Кырк эки илен кол эле.
Атаңдын жолун ташта деп,
Башка жолду башта деп,
Азаат кылып кеп айтып,
Өткөн Манас маркумду,
Эсер эле деп айтып,
Таажездеси кан Көкчө,
Канга тууган чунакты.
Манастын уулу Семетей,
Ар кандай кепти бек айтып,
Семетейди билем деп,
Болбогон сөздү көп айтып,
Бакайдын тилинт алба деп,
Бакайдын тилин аларсың,
Мына бу турган журтуңдун,
Тилин алсаң Бакайдын,
Убалына каларсың,
Өткөндүн эчен заман деп,
Өткөндөрдү жаман деп,
Атасынан бабасы,
Баштап жүргөн Бакайды,
Ажалдуу Көкчө жаман деп,
Семетейге кеп айтып,
Ката кепти көп айтып,
Канкордун уулу баатырдын,
Ачуусуна калган жер.
Бакай менен Манасты,
Бул экөөнү жамандап,
Атаң Манас эсер деп,
Атаңды тартпа көөсөр деп,
Канкордун уулу баатырдын,
Каарына калган жер.
Манастын уулу Семетей,
Кылычын кындан алган жер.
Кызыталак Көкчөнүн,
Бул эмине дегени,
Өлгөндөрдү жамандап,
Минтип бокту жегени,
Таажездеси Көкчөнүн,
Манастын уулу кан ичме,
Кебин угуп таарынып,
Башын алып салганы,
Калк чуркурап жыйылып,
Семетейге барганы,

Билгендери кеп айтып,
Өзүнө өзү кылды деп,
Өкүм сүйлөп турду деп,
Башын бала алды деп,
Акылым деп кеп айтып,
Ар кандай сөздү көп айтып,
Ала көөдөн казак ит,
Айлына салган азан ит,
Бөөдө өлүп калды деп,
Канкорлун уулу Семетей,
Кан Көкчө башын алган жер.
Казактын эли чогулуп,
Калк чуркурап барган жер.
Акеркеч менен Каныкей,
Бир атадан куулган,
Бир энеден туулган,
Тай кулундай тебишкен,
Талашып эмчек эмишкен,
Акеркеч ыйлап келгенде,
Көкчөнүн уулу үмөтөй,
Кагылайын боордош,
Мени кошо өлтүр деп,
Үмөтөй ыйлап бергенде,
Акеркеч ыйлап турганда,
Айтканынан өлдү деп,
Акыретти кетти деп,
Атка сөөгүн жүктөтүп,
Калк чогулуп көмсүн деп,
Канына зыйнат кылсын деп,
Таяэжеси Акеркеч,
Каныкей менен сүйлөшүп,
Акылдашып турган жер.
Көкчөнүн уулу үмөтөй,
Айтканына болбоду,
Таяэжеси Каныкей,
Өз энеси Акеркеч,
Тилин албай койгону.
Калк чогулуп келгенде,
Манастын уулу Семетей,
Ачуусуна тийди деп,
Атаң өлүп калды деп,
Салган Бакай арачы,
Айтканыңар эп болсо,
Ачык айтам сөзүмдү,
Менин атым үмөтөй,
Мен жалгызмын атадан,
Мунун аты Семетей,
Бу да жалгыз атадан,
Аттанып жоону жеңишкен,
Алда таала кудурет,
Таалайына беришкен,
Тууган кылса Семетей,
Таажездем кийген ак олпок,
Кармап колго бүктөсүн,
Кан атамдын сөөгүн,
Буурул атка жүктөсүн,
Сөөгүн берсе колума,
Калың казак журтума,
Алып барып көмөйүн,
Эр Семетей бөлөгө,
Бир тууган болуп берейин,
Үмөтөй айтат ар кепти,
Каныкей айтат бир кепти.
Манастын уулу Семетей,
Үмөтөй кебин укканда,
Алдырмак болду буурулду,
Бермек болду буурулду.
Каныкей келип кеп айтат,
Буурулду бербе деп айтат,
Абасы Бакай эр айтат,
Айрылба аттан деп айтат,
Күрдөлдүү ногой кеп айтат,
Буурулду бербе деп айтат.
Каныкей менен Бакайдын,

Айткан кебин уккан жок,
Ажалы жетип таажездем,
Ачуум менен өлтүрдүм,
Буурул ат болсо бир жылкы,
Ак олпок болсо бир кийим,
Манастын уулу Семетей,
Катып койсо бир буюм,
Үмөтөй ийнин агартып,
Тууган кылып алам деп,
Жагданга каткан чоң олпок,
Жоого кийсе ок өтпөс,
Табылгы жакса чок өтпөс,
Жагданынан алган жер.
Манастын уулу Семетей,
Таажездеси Көкчөнү,
Буурул болсо бир ат деп,
Олпок болсо бир буюм,
Алтын жака кынама,
Алтымыш жерден бурама,
Атасы Манас кийген тон,
Аттанып жоого тийген тон.
Жетим жүрүп жетилип,
Семетей өзү кийген тон,
Качырып жоого тийген тон.
Этегин эки бүктөтүп,
Калың элди токтотуп,
Таажездеси Көкчөнүн,
Буурулга сөөгүн жүктөтүп,
Канчалык айтса тил албай,
Калкыраган дүйнөнү,
Эмне болорун биле албай,
Көкчөнүн уулу үмөтөй,
Буурулга сөөгүн жүктөтүп,
Ак олпокко оротуп,
Аркан менен тарттырып,
Буурулга сөөгүн арттырып,
Казактар жолго салган жер,
Манастан калган Тайбуурул,
Үч кишенеп аркырап,
Үнү катуу баркырап,
Мойнун буруп алган  жер,
Атаңдын көрү дүйнөнүн,
Көкчөнүн сөөгүн жүктөтүп,
Үмөтөй кетип калган жер,
Айткан тилди албайт деп,
Бакай ыйлап буркурап,
Үмөтөйгө таеже,
Семетейге өз эне,
Иш бузулуп калды деп.
Ит кемирген чочколук,
Бекер башын алды деп.
Атаңдын көрү дүйнөнүн,
Арстан Манас төрөлдүн,
Алып жүргөн жолдошу,
Бузулган жерде колдогу,
Кошо кетип калды деп,
Канкордун уулу Семетей,
Буурул аттан айрылып,
Каныкей Бакай эки жан,
Калды экөө кайгырып,
Камбардын уулу Канчоро,
Кара кеги ичинде,
Манастын уулу дардаңды,
Эми кудай берер деп,
Жеткайт деген жерине,
Жедигер деген элине,
Кербенчиден кеп угуп,
Эр Толтойдун жалгызы,
Баатыр чыкты деп угуп,
Кагаз алып кат жазып,
Манастын уулу Семетей,
Көкчөнүн башын алган соң,
Буурул ат менен ак олпок,
Бул экөө кетип калган соң,

Шыйкыры качып колунан,
Касиет качып калкынан,
Манастын уулу Семетей,
Кече атасы чапкан кол таппай,
Бузулуп калган аркынан,
Жансыз киши өлтүрүп,
Атаңдын көрү дүйнөнүн,
Ар качандан бир качан,
Күлчорону көтөрүп,
Ак олпок менен Буурулду,
Бул экөөнү берди деп,
Айтылуу Бакай сары кан,
Манас менен тең өлүп,
Экөө бирдей кары кан,
Атында жыйкыр бар эле,
Ак олпок жайын айталы,
Калды го деп билчү элек,
Карылар айтса болгон жок,
Баатырдын уулу Семетей,
Каныкей айтса кошулуп,
Тилин алып койгон жок,
Ак жибектей буралып,
Иш бузулуп калды деп,
Акундун кызы Чүрөктүн,
Санаасын сары муң алып,
Атты берди бекер деп,
Акундун кызы Айчүрөк,
Арты кандай болуп кетер деп,
Буурул ат колдон чыккан соң,
Эсерди  кудай берер деп,
Канчоро жүргөн кекерлеп,
Манастын уулу Семетей,
Таласка эли толгон жер,
Жоолоруна жол болбой,
Эчтемени энебей,
Келчү душман кайда деп,
Жүрө берди кенебей,
Камбардын уулу Канчоро,
Катты жазды ченебей,
Жедигердин кан Кыяз,
Эр Толтой эрдин тукуму,
Айчүрөктү талашып,
Аттанып чыккан жолу деп,
Атаң Толтойду сойгон колу деп,
Калемды алып колуна,
Кат жиберип Кыязга,
Элин даяр кылсын деп,
Мылтык ата келгенде,
Муну тандап жыйсын деп,
Калкын даяр кылсын деп,
Айза саяр мыктууну,
Аны даяр кылсын деп,
Канкордун уулу Семетей,
Кылбаганы жок болду,
Атасындай сурабай,
Семетей уулу шок болду,
Бээжинди өзү жеңгенсип,
Өзү жеңип келгенсип,
Күлчоро кулдун эби эле,
Акыл менен айлантып,
Какандын каны манжуну,
Күлчоро жеңип берди эле,
Аргын менен ногойду,
Күлчорого билгизбей,
Коңурбайдын алтын чеп,
Бакай менен Күлчоро,
Бул экөөнүн бирине,
Кийип ал деп кийгизбей,
Кара боор таш болду,
Тууганы менен кас болду,
Жоолоруна жоосу жок,
Элдерине эли көп,
Манастын уулу өжөр ит,
Дөөлөрүнө мас болду,

Мас болгон дөөлөр чачылат,
Ала көөдөн дардаңдын,
Дилдесин кумдай төгөлү,
Аргын менен ногойду,
Асты астынан бөлөлү,
Өзүнөн башка киши жок,
Өз тууган менен иши жок,
Казатты кылса бир кылган,
Чалгынды чалса бир чалган,
Туйгунду салса бир салган,
Душманга барса бир барган,
Канчоро менен Күлчоро,
Кан ичме болуп атыккан,
Манастын уулу дардаң боз,
Эчтемени энебейт,
Бир жаш кичүү бала эле,
Бирге тууп бирге өскөн,
Биригишип тең өскөн,
Мени Күлчорого теңебейт,
Кылганы өттү дардаңдын,
Ордосун бузуп талкалап,
Ойронду буга салалы,
Манастын уулу дардаңды,
Айлантып эбин табалы,
Эр Кыязга кат жазып,
Сен Семетей баатырга,
Аскер менен сен келсең,
Жолдош болуп сен берсең,
Калаасын чанап талкалап,
Ордосун бузуп жер кылып,
Сарайын жыгып там кылып,
Кылбаганды кылалы,
Ала көөдөн дардаңды,
Биз өлтүрүп тыналы,
Канчоро баатыр кат жазып,
Өлө турган ант жазып,
Катына катуу кеп жазып,
Сен ишенгин деп жазып,
Атамды ойлоп мен айтсам,
Эр Кыязга мен жазсам,
Ак курандын каты урсун,
Оозуман чыккан ант урсун,
Төшү түктүү жер урсун,
Төбөсү ачык көк урсун,
Атылган мылтык ок урсун,
Күйгөн милте чок урсун,
Жалган жазсам мени урсун,
Ишенбесең сени урсун,
Үстүдөн кудай урсун деп,
Катка ишенбей сен койсоң,
Астыртан арбак сорсун деп,
Тымызы бар жан болсоң,
Жолдош болуп мен турсам,
Кемерди белге буугун деп,
Кече атаңдын кунун куугун деп,
Семетейдин алганы,
Темиркандын шаарына,
Тентип кайра келгенде,
Чачыкей сенин энеңди,
Куда болуп ат алып,
Калың журттан бата алып,
Кан эр Багыш атаңан,
Баатыр уулу атанын,
Айдап калың мал жеген,
Алтын, күмүш зар жеген,
Айры өркөчтүү нар жеген,
Сүрүп калың мал жеген,
Күмүш, алтын зар жеген,
Дуңгул өркөч нар жеген,
Тентип кайра келгенде,
Мундуз Бакай баатырдын,
Кылбаганы жок болгон,
Сенин энең Чачыкей,
Оймоктуудан уз экен,

Тырмактуудан түз экен,
Шаатемир кандын кызы экен,
Семетей дардаң алыптыр,
Агасы Бакай ант ургур,
Семетейге бергин деп,
Казаның калат катуудан,
Кулуң калат жумшактан,
Айлынды сенин булгүндө,
Чачыкейди бергин деп,
Чачыкейди бербесең,
Ак асаба кызыл туу,
Үй үстүнөн көргүн деп,
Он буруп барып алыптыр,
Коркконунан Шаатемир,
Кызын берип кутулуп,
Кудалашып мал жебей,
Бир сындырым нан жебей,
Айласыздан бериптир,
Шаатемир кордук көрүптүр,
Манастын уулу Семетей,
Акундун кызы Чүрөктү,
Ааламга салган дүмөктү,
Канын койгон бузулуп,
Кече Манас барында,
Бел куда болуп антташкан,
Манастын көзү өткөндө,
Каныкей тентип жоо кечкен,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Кордукту көрүп ошерден,
Айлын бөлүп чапканда,
Аралап барып жатканда,
Элин бөлүп качканда,
Атаң менен дос болуп,
Энелеш болуп жатканда,
Эр Багыштан кеп угуп,
Тентип жүрүп Семетей,
Атасындай болду деп,
Атасынын арбагы,
Баласына конду деп,
Эр Чынкожо барган жер,
Эр Багышка сүйлөшүп,
Ээлеп алып калган жер,
Кош эр Багыш саргарып,
Келинимди алды деп,
Манастын уулу балага,
Теңдигим жетпей калды деп,
Жүрчү экен арданып,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Акун кан деген кайны деп,
Айчүрөк деген зайбы деп,
Жетим аты өчө элек,
Бакай жүрөт жетелеп,
Эр Багышка кеп айтып,
Асманда мунар бос болуп,
Эр Багыш кандын жалгызы,
Эр Чынкожо дос болуп,
Айчүрөктү алмакка,
Айчүрөктү бербесе,
Айлына бузук салмакка,
Атаң Толтой Чынкожо,
Намысынан барды эле,
Манастын уулу Семетей,
Атаңды кармап өлтүрүп,
Акундун кызы Чүрөктү,
Зордук менен алды эле,
Толтой кандан Кыязга,
Канчоро айткан кеби бул,
Чачыкейге сүйлөшүп,
Бузуп койгон жери бар,
Канчорого кошулуп,
Бул канчыктын кеги бар,
Айлына бузук салдым деп,
Башта сенин зайбыңды,
Билгиздим сенин дайыңды,

Шаатемир кызы Чачыкей,
Өз колума алдым деп,
Канчоро кылды канкорго,
Жүргөнүнө жүргөн чек,
Канчоронун катыны,
Жедигердин калкына,
Жашы менен карысы,
Калың журттун баарына,
Эл сураган бегине,
Ишенген айткан кебине,
Кеп сүйлөгөн чеченге,
Жедигердин эр Кыяз,
Кеңеш кылып кеп айтып,
Семетейдин иниси,
Келер экен деп айтып,
Келсе дардаң канкорду,
Жараткан алда бир кудай,
Жаккан отун өчүрүп,
Келип берсе Канчоро,
Таластан элин көчүрүп,
Казатты катуу кылалы,
Канкордун уулу эсерге,
Аскер жыйып чыгалы,
Деп ошентип эл жыйса,
Коңкайты деген чечен бар,
Урумкул деген көсөм бар,
Жоодары деген баатыр бар,
Ичинде толгон акыл бар,
Койгун Кыяз ишенбе,
Бу Семетейдин жанында,
Кызарып сүйүп чок кылган,
Кылымды айдап жок кылган,
Күлчоронун барында,
Канчоро бизге келбейт деп,
Күлчоронун барында,
Семетейдин жанында,
Бизге теңдик бербейт деп,
Билген айтат бир сөздү,
Билбеген айтат көп сөздү,
Калк чогулуп кат кылып,
Канчорого ант кылып,
Эл чогулуп кат кылып,
Канчорого ант кылып,
Жалган айтсаң сени урсун,
Ишенбесең сени урсун,
Үстүдөн кудай урсун деп,
Астыдан арбак сорсун деп,
Беттешип пенде жеңбеген,
Атасынан бабасы,
Кармаганы ок болгон,
Караганы жок болгон,
Касиети токтолгон.
Кантип качып келесиң,
Манастын уулу дардаңды,
Бакай менен Күлчоро,
Бул экөөнүн барында,
Кантип алып бересиң,
Ойноп айтпай чыныңды айт,
Ой Канчоро, эр баатыр
Эми кыла турган сырыңды айт,
Болжоп койгон жериңди айт,
Кошо жүргөн элиңди дейт,
Сенин тилиң албасам,
Айтканыңа көнбөсөм,
Жалган айтсаң сени урсун,
Ишенбесем мени урсун,
Кан Кыяз кайра жазган жер.
Канчоро бетин ачкан жер,
Кан Кыяз минтип кат жазып,
Кат ичине ант жазып,
Чачыкейге кеп айтып,
Чалкалаган эсерге,
Биз кылалы деп айтып,
Чачыкей чоро кеңешип,

Кан Кыязга кат жазып,
Алданын салган жолуна,
Сенин атаң алуучу,
Энең Чачыкей тиет колуңа,
Эр Канчоро кат жазып,
Эми ишенгиң деп жазып,
Канчоро кайра кат жазып,
Кан Кыязга ант жазып,
Аскерди жандап жыйгын деп,
Кокустан айлыңан чыкса ушакчы,
Аргын менен ногойго,
Сарт кербендер жол жүрсө,
Кокустан кабар албасын,
Кербенчи болсо келтирбей,
Соодагер болсо чыгарбай,
Мунун жолун кармасын.
Камбардын уулу Канчоро,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Муну колго алдым деп,
Чачыкейден ант алып,
Чачыкей кошо бата алып,
Эр Канчоро кат жазып,
Эр Кыяз менен анттащып,
Кат ичинен сүйлөшүп,
Бир конушка коноло.
Бир тилектеш бололу,
Шек алып калса оң кылбайт,
Билип калса соо кылбайт,
Манастын уулу дардаңды,
Кандай кылып барабыз,
Кантип уруш салабыз,
Кыяз кайра кат жазып,
Ишендим жазган катыңа,
Катка жазган антыңа,
Уктум айткан сөзүңдү,
Колдосун кудай өзүңдү,
Кызыл мунар боз болуп,
Кат жазып кабар алышып,
Канчоро, Кыяз дос болуп,
Чачыкейди алдым деп,
Манастан калган калаага,
Акырын бузук салдым деп,
Кагаз окуп эптешип,
Канчоро Кыяз шерттешип,
Жедигердин кан Кыяз,
Кайра кабар берди ошол,
Кандай болуп барам деп,
Кан ичменин тукуму,
Кантип уруш салам деп,
Кагаз берип кайтарып,
Канчородон катты алып,
Барар жерди айткын деп,
Турар жерди айткын деп.
Айза сайып туу жайып,
Турушар жерди айткын деп,
Аскер жыйып кол курап,
Урушар жерди айткын деп,
Жедигердин эр Кыяз,
Кайра кагаз жазган жер.
Канкордун уулу Семетей,
Жайынкысы болгондо,
Суусамырды жайлаган,
Тизилтип кулун байлаган,
Жанына адам барбаган,
Жердин үстүн түздөгөн.
Манастын уулу Семетей,
Эчтеме жок оюнда,
Акундун кызы Айчүрөк,
Алганы жатса койнунда,
Эрдиги бар эси жок,
Эр Семетей көк жалдын,
Эчтеме менен иши жок.
Акылы бар эси жок,
Ала көөдөн канкордун,

Ар деме менен иши жок,
Канчоро калган камынып,
Акбалага таарынып,
Салмак болду бузукту,
Атаңдын көрү дүйнөнүн,
Каныкей карып калган чак,
Убактысы өткөндө,
Тун келини Чачыкей,
Ошо багып жүрчү экен,
Каныкейди билчү экен.
Эрке болуп талтаң деп,
Эрки менен жүрчү экен,
Канчоро бузуп алган соң,
Пейлин башка салган соң,
Семетейди жеңсин деп,
Кара мүртөз оңбогур,
Канкорду жеңип берсин деп,
Оң колума аламын,
Алаканга саламын,
Сенин сырың билемин,
Семетейди сен жеңсең,
Өзүм сага тийемин,
Касиреттүү канчыкты,
Семетейден алсаң сен,
Желке чачың жуламын,
Кулча катын кыламын,
Өзүн жолго саламын,
Өткөн өчүм аламын.
Канчоро Кыяз кат жазып,
Убаданы бек кылып,
Улам улам катташып,
Өлө турган шерт кылып,
Аргын ногой байлары,
Айлындагы бечара,
Шаарында калганы.
Манастын уулу Семетей,
Ак боз бээ алчу экен,
Атасы Манас канкордун,
Арбагына чалчу экен.
Шаардагы ногойду,
Тамак-ашы берчү экен,
Атасы Манас баатырга,
Арбагына сыйынып,
Куран окуп келчү экен.
Манастын уулу Семетей,
Жайлагына жайлаган,
Тизип кулун байлаган,
Ак мамысын сырдаган,
Адамдан башка жыргаган.
Калкты билип түз сурап,
Канкордун уулу Семетей,
Аккан суунун боюнда,
Эчтеме жок оюнда,
Эңишкен элин алчу экен,
Эрикпестен Семетей,
Эл чогултуп бий алып,
Сурак кылып жатчу экен.
Канкордун уулу Семетей,
Жата берди энебей,
Камбардын уулу Канчоро,
Улам катты жазышып,
Кан Кыязга сүйлөшүп,
Канчоро Кыяз кептешип,
Бу Канчоро жазган кат,
Кара кыштан казган жол,
Кечээ Манас барында,
Кол кыяны чапкан жол,
Арпа айдаган кош адыр,
Аскерин алып келсин деп,
Азык-түлүк мол алып,
Он алты миң кол алып,
Ээн талаа, эрме чөл,
Элинин баарын бекитип,
Досум Кыяз чалгын деп,

Манастын уулу Семетей,
Бара турган күнүң бар,
Куран окуп бээ союп,
Мискин менен бечара,
Эр Семетей чогултуп,
Ала турган күнү бар,
Күндү чектеп жазайын,
Камынгын деп айтайын,
Астында болбойт Буурул ат,
Алгара болсо оттоодо,
Коёнду минип алат деп,
Башына селде чалат деп,
Кожо молдо эл жыйып,
Сыр күмбөзгө барат деп,
Ак боз бээ чалат деп,
Эчтемени энебей,
Зоот кийбей жонуна,
Жоо жарак албай колуна,
Кылычты чалбай белине,
Тамак берип элине,
Атасынын сыр күмбөз,
Зыяратка барар кез.
Мен барам деп камынып,
Тамак-ашын алганда,
Даярланып калганда,
Кабар берем өзүңө,
Менден кабар алган соң,
Көрүнүп чыккын көзүңө,
Кылычты кындан алгыла,
Кыйкырыкты салгыла,
Тамак ичип жай жаткан,
Бечара карып ногойду,
Тегеректеп калгыла,
Буудандын оозун бурба деп,
Бура тартып токтолуп,
Эт жүрөгүң козголуп,
Коркоктукту кылба деп,
Барар күнүң айтайын,
Бейшемби күнү барат деп,
Эки жылкы соёт деп,
Аш тамакка тоет деп,
Албан- албан аш берип,
Манастын уулу Семетей,
Эч эчтеме камы жок,
Урушарга жайы жок,
Бейшембинин күнүндө,
Сыр күмбөздө болот деп,
Өзүм берем кабарды,
Бу Семетей дардаңды,
Өлчү эбин табарда,
Менден кабар алгын деп,
Желекти жерден түргүн деп,
Жаныңдагы ногойду,
Ылаачындай тийгин деп,
Өзүң баштап киргин деп,
Ата турган мылтык жок,
Сая турган айза жок,
Чаба турган балта жок,
Супура көйнөк элдеги,
Сунган айза өтпөйбү,
Боюнда зоот жок болсо,
Чапса кылыч кеспейби.
Катты катуу көп жазып,
Камынгын Кыяз деп жазып,
Манастын уулу Семетей,
Бара турган кезинде,
Каныкей катын түш көрүп,
Олуязаада Каныкей,
Канкор Манас өлгөндөй,
Ошондо кордук көргөндөй,
Түшүндө кыйын иш көрүп,
Эт жүрөгү болкулдап,
Манастан калган калааны,
Башы ылдый сел жүрдү,

Аягы өөдө өрт каптап,
Атасы башка эл жүрдү.
Атаңдын көрү дүйнөнүн,
Канкордун  салган калаасын,
Кең-Кол, Талас талаасын,
Атасы башка эл билди,
Каныкей түштү көргөн жер.
Күмбөздү таап алууга,
Сыр күмбөзгө барууга,
Баатырдын уулу Семетей,
Даярланып камынып,
Намаз окуп кудайга,
Каныкей зарлап жалынып,
Семетейге кеп айтып,
Барбагын бүгүн деп айтып,
Көнүлүм жаман бөлүндү,
Түшүмө жаман иш кирди,
Шордуу энеңдин түшүнө,
Бир кыйын заман көрүндү.
Ар качан айтса болбойсуң,
Ата канат дүйнөнүн,
Буурулду бербей койбойсуң,
Буурул ат колдон кеткен соң,
Атаң Манас баатырдын,
Арбагы кетти жаныңдан,
Маркум атаң баатырдын,
Буурул ат кетип колуңдан,
Колдогону бар эле.
Бу да кетти айлыңдан,
Түндө жатып түш көрдүм,
Мен чоң ажайып иш көрдүм,
Талас менен Кең-Колду,
Талаага жайган тор басты,
Калың аскер жоо басты,
Атандын көрү дүйнө күн,
Көзүм ачып көргөнүм,
Оозум ачып өпкөнүм,
Өз келиним Чачыкей,
Эки колум байлатты,
Желдеттерге айдатты.
Бул эмине болуучу,
Карган кемпир чалдарга,
Бу бейтаалай Каныкей,
Бала төрө Семетей,
Дасторконун жайдырып,
Тамак берип кам кылып,
Түш жорутуп кеп айтып,
Түбү түшкөн Кең-Колду,
Душман алды деп айтып,
Кээ бирөө кеп айтат,
Күлчоронун  барында,
Айланайын байбиче,
Семетей аман чагында,
Азыткы шайтан жүргөндүр,
Азгырып түшкө киргендир,
Кең-Кол менен Таласты,
Башы ылдый сел алса,
Аягы өөдө от жанса,
Аккан суудай шаркырап,
Айдай бети жаркырап,
Ак маңдайы ачылып,
Акундун кызы Айчүрөк,
Оң колуна ойнотуп,
Элдир –селдир кеп айтат,
Элесин билген эл айтат,
Семетейдин жолдошу,
Бечара Чүрөк карыптын,
Боюнда бар деп айтат,
Ак жибектей бүгүлүп,
Акун кандын Айчүрөк,
Эркек төрөп сүйүнүп,
Калын кара эл жыйып,
Кара аламан мал жыйып,
Түлөө берет экенсиң,

Туура келсин бу түшүң,
Кабыл болсун ал түшүң.
Түш жооручу кеп айтып,
Түшүң жакшы деп айтып,
Буйругу экен кудайдын,
Башка түшкөн заман деп,
Көргөн түшүм жаман деп,
Ай бүркөлүп тутулду,
Кандай заман, кандай күн,
Кандай каран, кандай түн,
Менин түшүм бузулду.
Каныкей турат саргайып,
Баатырдын уулу Семетей,
Бу турат камданып,
Калаалуу коргон чарбакка,
Атасы Манас баатырдын,
Бейитине бармакка.
Атасы менен бир жүргөн,
Жарадар болуп көп өлгөн,
Шейитине бармакка,
Эр Семетей камынды,
Канкордун уулу Семетей,
Жайнамазын бүктөтүп,
Шаарда элге берүүгө,
Асыр берип келүүгө,
Алты атанга жүктөтүп,
Эки семиз бээ алып,
Эр Семетей аттанып,
Алган зайыбы Айчүрөк,
Чылбырдан кармап кеп айтып,
Арстаным төрөм тура тур,
Иш бузулду деп айтып,
Энеңдин тилин  алгын деп,
Тилин албай барасың,
Бир балаага калдың деп,
Айчүрөк айтса болбоду,
Карганда алжып калат деп,
Баатыр төрө ойлонуп,
Аттанган сенин жолуңан,
Атың кеткен колуңан,
Казат кылып кан кечип,
Кармашкан жоодон баш кесип,
Буурулду минип жүргөндө,
Буруксуп жоого тийгенде,
Кармашкан жоону жеңчү элең,
Жоону жеңип келчү элең,
Айчүрөк айтып турганда,
Карып калган кемпирге,
Акылынан  адашып,
Кан чыккандай айтасың,
Камап койгон кул барбы,
Кармаша турган жоо барбы,
Менин элдериме элим көп,
Бет алышар душман жок.
Бекер түштү көрдүк деп,
Сенин тилиң аламбы,
Атама куран окубай,
Барбай бүгүн каламбы,
Канкордун уулу Семетей,
Аттанап жолго салган жер.
Аш тамагын алган жер,
Ай Айчүрөк жолдошум,
Суркоён болсо алдымда,
Касташып душман келеби,
Манастын уулу Семетей,
Аттанып жолго салган жер.
Кудай билет чын болсо,
Чоң ыраңын откозуп,
Семирсин деп караны,
Оттон отко салган жер.
Алгара ыраак калган жер.
Эр Күлчоро түш көрсө,
Алгара минип айгайлап,
Кармашып турган жоо жайлап,

Кара оозунан кан болуп,
Какырганы кан татып,
Түкүрүгү жин татып,
Жоого кыргын салыптыр,
Жоону сайып турганда,
Качкан жоону кууганда,
Жерден чыккан кордойго,
Колун салып алыптыр,
Колу үзүлүп Алгара,
Алгара баспай калыптыр,
Тегерете жайдырган,
Асыл бала Күлчоро,
Торго түшүп атыптыр,
Кудай таала кудурет,
Өзү жазган жар болсо,
Жазып койгон төр болсо,
Ажалым жетсе өлөм деп,
Бир алданын жазганын,
Жазып койсо көрөм деп,
Айнектей көзү киртийип,
Алмамбет уулу Күлчоро,
А да жүрдү кошулуп,
Күмбөзгө баатыр барганда,
Бечара менен карыпты,
Баарын жыйып алганда,
Эки бээ сойгондо,
Эл тамакка тойгондо,
Жай жайында болгондо,
Кыйшайып уктап калганда,
Эт бышканда турсун деп,
Ак олпогун төшөнүп,
Семетей уктап калганда,
Кара кеги ичинде,
Канчоро элдин четинде,
Таарынган кеги ичинде,
Арпанын бели үч адыр,
Кан Кыяз келип бекинген,
Кудай билет чын болсо,
Кароолдон көзүн салгандыр,
Кабарды эми бергин деп,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Сагызгандай айланып,
Канчоро менен Чачыкей,
Калган экен камданып,
Салган эти бышкан соң,
Казанынан чыккан соң,
Баатырдын уулу Семеңе,
Эттен кесип алган жер.
Борончу деген жолдошу,
Колуна кармап барган жер.
Коркуп кеткен эмедей,
Колунан тартып койгондо,
Манастын уулу Семетей,
Чоочуп тура калган жер.
Кармап этти алган жер.
Оозуна салган жер,
Манастын уулу Семетей,
Кекиртектен али өтпөй,
Үч түкүрүп, үч чайнап,
Жуталбай баатыр калган жер.
Чакыргын бала төрөнү,
Айлансаң болот алдага,
Багып жүргөн чорону,
Күлчорону алган жер.
Айланайын абаке,
Эминени көрдүн деп,
Күлчоро чуркап барган жер.
Мээнетиңди алайын,
Маңдайымда баргегим,
Эки көздө айнегим,
Тиктегенде көргөнүм,
Тилегенде бергеним,
Айзага таккан билегим,
Астымда чынар терегим,

# СЕМЕТЕЙ

Атаганат дүйнө күн,
Коркуп кетпе жөлөгүм,
Азиреил периште,
Кабар берген өңдөндү,
Береги турган абаңды,
Топурак баскан өңдөндү,
Тамагымдан аш өтпөй,
Элиңе тамак бергин деп,
Мен садагаң кетейин,
Жайлаңдагы малыңды,
Сен көчүрүп келгин деп,
Буту колум чойгун деп,
Бу дүнүйө жалгандан,
Ажал жетип күн бүтсө,
Айланайын жетимчем,
Кандай заман кандай иш,
Каныкей көргөн кандай түш,
Атакемдин жанына,
Акырет сапар жол тартса,
Абакеңди койгун деп,
Семетей кебин уккан жер,
Кара кеги кетелек,
Кантелкини  жетелеп,
Кудай билет чын болсо,
Канчоро качып чыккан жер.
Кыязга кабар салган жер.
Берди кудай берди деп,
Эр Канчоро барган жер.
Жоо жарагы колунда,
Кудай билет чын болсо,
Арпанын жаткан колунда,
Кантелкини алганда,
Канчоро кирип барганда,
Ак асаба кызыл туу,
Жедигер салды ызы – чуу,
Кудай бетин көргөзбө,
Кара аламан кол менен,
Кара талаа жер менен,
Чыккан аштык чөптөрдү,
Аскер каптап кыйратып,
Желектүү айза желбиреп,
Кудай бетин көргөзбө,
Талас менен Кең-Колду,
Келип аскер каптады.
Манастын уулу Семетей,
Мылтык атпай жаа тартып,
Күйгөн  милте чок келди,
Атылган мылтык ок келди,
Асылдан калган Күлчоро,
Кармашып жоого кабылбай,
Кайра эмине баруурга,
Алгараны алууга,
Ат минип жоого тийүүгө,
Соот чопку кийүүгө,
Алгараны минүүгө,
Күлчоро кетти бөлүнүп,
Аткан огу мөндүрдөй,
Кудай берип көргөзбө,
Татыратып ок атып,
Жаркылдата жаа тартып,
Кыйкырыгы таш жарып,
Кыйгактуу айза колго алып,
Минген аты бир тоодой,
Өзү бийик чоң зоодой,
Кайда, кайда, кайда деп,
Кыйгактуу айза аштады,
Айкырыгы таш жарып,
Колду Кыяз баштады,
Манастын уулу Семетей,
Сунуп саяр айза жок,
Суурул чабар балта жок,
Качырып саяр айза жок,
Кармап чабар кылыч жок,
Канчоро баатыр кат жазган,

Соору жок жыланачач,
Жабдык болбойт жанында,
Семетейди салабы,
Баатыр Кыяз бажылдап,
Кудай берип көргөзбө,
Колунда кылыч жаркырап,
Калың колду как жарып,
Баатыр Кыяз келген жер,
Семетейди көргөн жер,
Качырып айза сунган жер,
Канкордун уулу Семетей,
Айзаны кармап сунган жер,
Колунан айза кетирип,
Эр Кыяз качып турган жер,
Коёнду минип алган жер,
Канкордун уулу эр Семең,
Заарына чыдабай,
Айзасын колдон алдырып,
Кан Кыяз жолго салган жер,
Тооторуга камчы уруп,
Эр Кыяз качып калган жер,
Суркоён минип суурулуп,
Көргөн элдин баарысы,
Заманасы куурулуп,
Кудай билер чын болсо,
Ок дарыны чачкан жер,
Кыяз качып калганда,
Манастын уулу Семетей,
Кууп жолго салганда,
Кең-Колдун кара чөл,
Узун булак боюна,
Канкордун уулу Семетей,
Астындагы Суркоён,
Койбой кетти такылдап,
Эр Кыязга жакындап,
Айбанда болсо сүйлөгөн,
Адам тилин билбеген,
Бүлөөдөй болгон кызыл тил,
Астындагы Тоотору,
Үч ийрилип алыптыр,
Суркоёнго кеп айтып,
Куйругундан айрылып,
Чолок болуп жүрөсүң,
Кулагыңдан айрылып,
Чунак болуп жүрөсүң,
Сен эминени билесиң,
Токто коён токто деп,
Тооторун кебин уккан жер,
Кудай билер чын болсо,
Кыязды жетип саларда,
Семетей илип аларда,
Астындагы Суркоён,
Жерге башын салган жер,
Атаңдын көрү шум дүйнө,
Суркоён баспай калган жер,
Кара аламак жедигер,
Жыйылышып толгон жер,
Канкордун уулу баатырды,
Кармап алмак болгон жер,
Эми айла канча деп,
Кайрылып Кыяз барган жер,
Манастын уулу Семетей,
Капталынан ок тийип,
Тегеректеп чуркурап,
Эл баталбай турган жер,
Канкордун уулу Семетей,
Дөөгүрсүгөн Кыязды,
Айза сунуп келгенде,
Чоң жүрөктүн тушуна,
Сайып өтөм деген деп,
Айзаны кармап калган жер,
Аңдып туруп Канчоро,
Койнуна чылбыр салган жер,
Душман чыгып өчүнөн,

Канкордун уулу Семетей,
Буйругу экен кудайдын,
Сурап жатып калган жер,
Баатырдын уулу Семетей,
Жер кулачтап жаткан жер,
Канчоро эбин тапкан жер,
Аппак айдай бетине,
Айза тийип эшилип,
Бу кудайдын буйругу,
Алтымыш жерден жешилип,
Кош куюлуп аралап,
Канчалык жери жаралап,
Карасаң өңү бузулуп,
Көк жалдын көөдөндө жаны кысылып,
Айдай жүзү бузулуп,
Баатырдын жаны кысылып,
Жыгылган жери бошулуп,
Кан булоолоп аккан жер,
Канкордун уулу Семетей,
Эки жоонун колунда,
Алсырап канга боёлуп,
Баатырдын уулу эр жалгыз,
Кара кылар эл болбойт,
Качып чыгар жер болбойт,
Жаткан жери дагы ошол,
Алсырап баатыр жатканда,
Канчоро Кыяз баш болуп,
Берди кудай берди деп,
Тегеректеп атканда,
Кең-Колдун башы Эгизтөр,
Жер жарылып буу чыгат,
Кудай берип көргөзбө,
Качпа деген чуу чыгат,
Семетейден кеп угуп,
Топурак басты деп угуп,
Күлчоро  баатыр барыптыр,
Айлына кабар салыптыр,
Жоо жарагын алыптыр,
Алсырап жаткан Семетей,
Камап жаткан калың кол,
Канчоро Кыяз эки шер,
Баатыр Кыяз кеп айтат,
Кесели башын деп айтат,
Канчоро баатыр кеп айтат,
Калдайып карга консун деп,
Кызыталак Канкордун,
Карга көзүн ойсун деп,
Агып аткан канына,
Курт кумурска тойсун деп,
Кузгун менен каргага,
Тирүү жатып өлсүн деп,
Карга консун кашына,
Ит кемирсин башына,
Кептүү чоро кеп айтып,
Кеспейли башын деп айтып,
Канчоро Кыяз эки шер,
Акылдашып турган жер,
Жер жарылып буу чыгып,
Күлчоролоп чуу чыгып,
Тополоңу тоо болуп,
Жайкын жаткан калың эл,
Жайнап качып калган жер,
Баатыр Чоро тийген жер,
Алгара минип алкынып,
Алгыр кушча талпынып,
Бөрү тийген эмедей,
Бөлүп-бөлүп алган жер,
Калың кара аскерди,
Күмбөзүнүн четине,
Кең-Колунун бетине,
Күлчоро айдап алган жер,
Жоо бөрүсү Күлчоро,
Кара аламан калың кол,

Жайнап качып калган жер,
Атка жетпей жөө басып,
Жашып качып калган жер,
Ок дарысын ыргытып,
Чачып катып калган жер,
Кең-Колдон тийип бөлүнтүп,
Манастан калган көчөгө,
Кан жайылтып төгүлтүп,
Абакем кайда болду деп,
Аскерге койдой тийген жер,
Көчө баскан эл койбой,
Күлчоро келип сүргөн жер,
Алгараны минди деп,
Күлчоро келип кирди деп,
Малакайын жоготуп,
Басып аткан андан көп,
Жер кучактап жыгылып,
Жатып аткан андан көп,
Көзү чыгы олойгон,
Онтологон дагы көп,
Колу чыгып чолойгон,
Чолок болгон дагы көп,
Күнү түнү эки күн,
Күч алып жоого тийген жер,
Арстан баатыр Күлчоро,
Кең-Кол менен Таластан,
Айдап колду сүргөн жер,
Айланып жерди чалган жер,
Абакем кайда болду деп,
Күлчоро издеп калган жер,
Кыштактын берки оюнда,
Кең-Колдун  суусун бойлогон,
Кудай билет чын болсо,
Качып калган Кыязга,
Жетемин деп ойлогон,
Суркоён баспай калганда,
Жедигердин кан Кыяз,
Кайрылып айза салган жер,
Канчоро ондоп калган жер,
Мойнуна чылбыр салган жер.
Семетейди сулатып,
Канчоро Кыяз алган жер,
Семетей жаткан талаага,
Эр Күлчоро барган жер,
Абакеси Семетей,
Жаны чыкпай кысылып,
Кандуу Көбүк кызыл кан,
Денесинен сызылып,
Кан коюлуп жаралап,
Айдай бети эшилип,
Канчоро, Кыяз айзалап,
Калган экен тешилип,
Адамдан артык жаралган,
Буйругу экен кудайдын,
Атка өңөрүп алган жер,
Ала –Тоо көздөй бет алып,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Абакесин өнөрүп,
Баатыр Чоро барган жер.
Адырын түлкү жойлогон,
Оозуна пери ойногон,
Чыбыры түлкү жойлогон,
Ичине пери ойногон,
Кара үнкүргө барган жер.
Манастын уулу Семетей,
Маңдайын сылап келме айтып,
Таберик жаксын түрүңө,
Таң калгандай кеп айтып,
Кийгенин жаздап башына,
Каалгадай кашка тиш,
Катуу тиштеп капшырды.
Олуязаада абасын,
Эр Семетей агасын,
Кара үңкүргө тапшырды.

Бу кудайдын буйругу,
Бирге тууп, бирге өскөн,
Тай кулундай тебишкен,
Талашып эмчек эмишкен,
Бейтаалай кайып энеси,
Ак боз бээ сойдуруп,
Калк чогулуп той кылып,
Канчоро менен Күлчоро,
Атын уйкаш койдурган,
Атаңдын көрү дүнүйө күн,
Аят окуп дем салып,
Канкордун уулу баатырды,
Маңдайын сылап иниси,
Баатыр  Чоро кеп айтып:
Кагылайын абаке,
Ыйманың болсун жолдошуң,
Ак була тонуң чечишсин,
Айза жеп шейит кетипсиң,
Артыңда калган иниңди,
Арбагыңда колдоорсуң,
Күлчоро ыйлап турганда,
Күңгүрөнүп Семетей,
Аят окуп дем салып,
Улам дуба урганда,
Алагар көзүн алайтып,
Антара карап түз тиктеп,
Чоросун көрүп алган жер.
Күңгүрөнүп кеп айтып,
Манастын уулу Семетей,
Акундун кызы жеңеңдин,
Элес-булас шеги бар,
Элден уккан кеп эле,
Акундун кызы жеңеңдин,
Боюнда бар деди эле,
Аман – эсен сен барсаң,
Жетимчем сага тапшырдым,
Айчүрөктү алып ал,
Эркек болсун, кыз болсун,
Абамдан калган тукум деп,
Алдейлеп жакшы багып ал.
Эр  Семетей кеп айтып,
Кеңеш кебин эми айтып,
Булбулдай үнү муңайып,
Буюрган жалгыз кудайым,
Буйрукка көнбөй кантейин,
Тартайын жазган убайым,
Алмадан калган Күлчоро,
Зарлап ыйлап турганда,
Убагы өтүп кетти деп,
Токту койдун томук эт,
Тойчугуна бергенде,
Канатына кат жазып,
Манастын уулу Семетей,
Шумкары менен антташып,
Жоодарын сала бөлүшүп,
Канат менен куйруктан,
Каныкей сылап өбүшүп,
Кеткен шумкар барыптыр,
Айланып учуп каркылдап,
Тегеренип калыптыр.
Жоого тийсе бир тийген,
Жолго чыкса бир жүргөн,
Атка минсе кошулган,
Алыстан душман көргөндө,
Арсылдап мурун озунган,
Карып калган чагы эле.
Балага жолдош болду деп,
Жаш баладай ардактап,
Каныкей багып жүрчү эле.
Күлчоро ыйлап турганда,
Кара үңкүрдүн оозуна,
Башын жерге салган жер,
Ак тайган жойлоп барган жер.
Алмаңдын уулу  Күлчоро,

Пейлине кудай салган жер,
Абакемдин алтын дин,
Басып жүргөн айбанга,
Аманат кылып Күлчоро,
Тапшырды бала тайганга.
Айланып учкан жоруга,
Калдайып учкан кашкалдак,
Каркылдап учкан каргага,
Куркулдап учкан кузгунга,
Айбан да болсо жаныбар,
Ак шумкар сага тапшырдым.
Акыреттен тоскун деп,
Алмаңдын уулу Күлчоро,
Өлбөсөм кайра келем деп,
Арстан абам баатырды,
Өз колум менен көмөм деп,
Кайраттанып Күлчоро,
Каалгадай кашка тиш,
Катуу тиштеп капшырып,
Кара үңкүргө абасын,
Аманат коюп жаткырып,
Акшумкар менен тайганга,
Айбан да болсо тапшырып,
Алмаңдын уулу Күлчоро,
Алгара минип жөнөдү.
Канчоро, Кыяз жеңген жер,
Аргын, ногой калың журт,
Кечээ баатыр Манас өлгөндө,
Кара туман баскан жер,
Канчоро, Кыяз эки шер,
Аргын менен ногойду,
Койдой айдап жаткан жер,
Буйругу экен кудайдын,
Алгара менен жоо сайып,
Алда эчен эр сайып,
Каптап келген аскерди,
Кайра айдап сүргөндө,
Күлчоро баатыр тийгенде,
Акылынан шашкан жер,
Канчорого айткан жер,
Күлчоро бизди соо кылбайт,
Кармашкан менен оң кылбайт,
Күлчоронун барында ,
Кагазга жазып ант берип,
Өлө турган ант берип,
Жайкын жаткан элимди,
Аскер жыйып келдим деп,
Бу Күлчоро барында,
Канчалык элден айрылып,
Кан Кыяз турат кайгырып,
Камбардын уулу Канчоро,
Кармашарың бир киши,
Урушарың бир киши,
Бир кишиден корккондо,
Жети бөрү бир койду,
Жесе тарпы калабы,
Тегеректеп кол менен,
Бу Күлчоро чочкону,
Эптеп кармап алалы.
Канчоро турат күүлөнүп,
Семетей сени аларда,
Качырып айза сунганда,
Манастын уулу Семетей,
Алмак болуп турганда,
Аңдыдым анын артынан,
Семетейдин дартынан,
Качырып боолук салдым мен,
Семетейди сүйрөтүп,
Канкордун уулу баатырды,
Кармадык сойдук талкалап,
Муну кандай кылалы.
Бугутунун оюнда,
Будур – будур жери бар,
Адыр – адыр жери бар,

Көлчүк-көлчүк сазы бар,
Туура- туура аң болот,
Тулпар аттан өткүсүз,
Эр Кыяз мага таарынба,
Мен турам сенин жанында.
Сары адырмак талаада,
Күлчоро жеңемин деген санаада,
Арпанын бели Аккыя,
Ат ойнотуп алалы,
Ошерге чыгып туралы,
Бизди көрүп Күлчоро,
Аламын деп камынып,
Ач бөрүчө чамынып,
Алгарага камчы уруп,
Бу Күлчоро келерде,
Колуңдагы сыр найза,
Колуңан коё бергин деп,
Кош адырмак чоң сери,
Тоотору минип сен туруп,
Муну көздөй чалгын деп,
Атка камчы бек уруп,
Үстүңдү топо чаң бассын,
Алдыңдагы Тоотору,
Адыр-адыр жол бассын.
Ошондо Күлчоро түшөт артыңан,
Семетей минген Коёнду,
Айбан да болсо артындан,
Айтып койгон кеби бар,
Күлчоро минген Суркоён,
Алгараны мингенде,
Айбан да болсо жаныбар,
Таарынып калган жайы бар,
Каптал, каптал кош адыр,
Карарып аткан үч кокту,
Күлчоро көрүп созулуп,
Алгара жетер такымдап,
Артынан улам жакындап,
Каары бар оңбогур,
Качырып айза сунарда,
Сени как далыга урарда,
Берсе кудай тилекти,
Чылбырды колго аламын,
Күлчорого саламын,
Семетей дардаң өндөнтүп,
Ошерден кармап аламын.
Канчоро тапкан акылды,
Жедигердин эр Кыяз,
Адамдан артык Күлчоро,
Өлгөндөн калган аскерди,
Тийип айдап жүргөндө,
Астындагы Алгара,
Аягынан чаң чыгып,
Ийрип айдап жүргөндө,
Качып калган кишини,
Сайып айдап жүргөндө,
Туруп берген кишини,
Жайып айдап жүргөндө,
Жер оттосу Боз дөбө,
Тоотору минип болкоюп,
Баатыр Кыяз зоңкоюп,
Өлгөнүнөн  калганын,
Келгиле деп чакырып,
Эр Күлчоро баатырдын,
Эр Кыязды көргөн жер.
Булут болуп бурулуп,
Куюн болуп созулуп,
Баатырсынган түрүн көр,
Бакырып чыккан үнүн көр,
Эки кыя жар ташка,
Камбардын уулу Канчоро,
Турган экен жашынып,
Кудай билет чын болсо,
Баатыр арстан Күлчоро,
Баабедин деп бакырып,

Манастап ураан чакырып,
Эр Кыязды качырып,
Күлчоро жакын келгенде,
Канчоро тилин алган жер,
Тоотoруну камчылап,
Эр Кыяз качып калган жер.
Этеги желге жайылып,
Эр Күлчоро кайран шер.
Белине кемер бууган жер,
Берди кудай берди деп,
Эми кезек келди деп,
Жедигердин Кыяздын,
Эр Күлчоро кууган жер.
Адыр- адыр жер басып,
Көлчүк, көлчүк саз басып,
Тегерентип оюна,
Күлчоронун Алгара,
Жетмек болду жакындап,
Жез канаттуу Алгара,
Ошондо жетти такымдап,
Кордойдун чети кара саз,
Жедигердин кан Кыяз,
Койгулап качып баратат.
Алда кандай болот деп,
Жетип алса бул Чоро,
Эр Кыязды соёт деп,
Эр Канчоро кылаалап,
Ошо баатыр Күлчоро,
Сунуп айза саларда,
Буйругу экен кудайдын,
Кыязды илип аларда,
Астындагы Алгара,
Кызыл кан төккөн Кордойго,
Колун салып алганы,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Алгара качпай калганы,
Каржиликтен үзүлүп,
Башын жерге койгулап,
Ажалы жетип Алгара,
Ишенип минген бууданы,
Жыгылган жерден өлгөн жер,
Ат жыгылып калды деп,
Пейлине кудай берди деп,
Качпа Кыяз, качпа деп,
Эр Канчоро бакырып,
Кайра тартып эр Кыяз,
Алган экен качырып.
Зооту бар боюнда,
Айбалта бар колунда,
Кылычы бар белинде,
Эр Күлчоро баатырдын,
Заарына бата албай,
Атса мылтык ок өтпөй,
Канчоро, Кыяз барган жер,
Качып калган көп аскер,
Тегеректеп калган жер.
Келген менен ала албай,
Адамдан сүрдүү баатырды,
Канчоро Кыяз эки шер,
Кара аттын буту сынган жер,
Канчоро менен Кыяздын,
Алдык деп көөнү тынган жер.
Күлчоро аттан айрылып,
Калды торго чалынып,
Кыйын ишке кабылып,
Кылганын Кыяз окшотуп,
Кыйкырып элин токтотуп,
Атка минсе бир минген,
Аттанып жоого бир тийген,
Туйгунду салса бир салган,
Душманга барса бир барган,
Кармашкан жоону жеңишип,
Кең-Колго кайра келишип,
Ат куйругун түйүшкөн,

Аттанып бирге жүрүшкөн,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Канчоро тапты акылды,
Кан Кыязга кеп айтып,
Берди кудай деп айтып,
Бул жаралуу биз таза,
Жакын барган болбойт деп,
Эти ачынган жаралуу,
Баргандарды жайлайт деп,
Калган колду алган жер.
Тегеректеп жаткызып,
Баатыр болсо Күлчоро,
Басып келип көрсүн деп,
Качпай камап жаткыла,
Ачкасынан өлсүн деп,
Калың колго кеп айтып,
Азык-түлүк жеткизип,
Берип турам деп айтып,
Айзанын учун майтарып,
Буйругу экен кудайдын,
Күлчорону кайтарып,
Канчоро Кыяз эки шер,
Канкоруң салган калаага,
Кайрылып экөө келген жер,
Аргын менен ногойду,
Баарын жыйып алган жер.
Катын, кызды чогултуп,
Канчоро Кыяз эки шер,
Таң- тамаша кылган жер.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Ак жибек кийип булактап,
Ак тийген төөдөй кылактап,
Күңгүрөнүп сүйлөсө,
Булбулдай үнү  кубулуп,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Калган экен кубулуп,
Куудай болгон асыл чач,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Айчүрөк амал табар деп,
Өз колуна алат деп,
Кокус жетип калат деп,
Каныкейди карматып,
Отун алып от жаккан,
Чай кайнатып дак кылган,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Каныкей көзүн жайнатып,
Айдай бети жаркылдап,
Аккуладай маңкайып,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Асыл Бакай кайран шер,
Эки колун байлатып,
Жараткан алда бир кудай,
Эмгекти башка салган жер.
Эр Канчоро, кан Кыяз,
Аргын менен ногойду,
Эл деп жатып калган жер.
Манастан калган чоң ордо,
Кабылды кудай чоң шорго,
Канчоро Кыяз келген жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Доорду башка сүргөн жер.
Улуу кары аксакал,
Улам элди жыйган жер,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Чачыкей менен Чорого,
Келип нике кыйган жер.
Акылы  башка Айчүрөк,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Акылды башка салган жер.
Ичинде төрт ай бала бар,
Ичинен белбоо тагынып,
Бир кудайга жалынып,
Акундун кызы Айчүрөк,

Күлүк аттай таптанып,
Айланса болот алдага,
Ичин багып сактанып,
Айчүрөк уктап түш көргөн,
Уктап атса түшүндө,
Колуна туйгун кондуруп,
Буурулду минип заңкайып,
Бу Семетей төрөсү,
Жанына келип жатыптыр.
Ичи болот, сабы алтын,
Кайнатасы кан Манас,
Бери Чүрөк келиндин,
Колуна берип атыптыр,
Кайнатасы кеп айтат,
Капаланып саргайып,
Кайгыланба деп айтат,
Арка чачың түйгүн деп,
Жедигердин кан Кыяз,
Акылына жырашпай,
Киши салып арага,
Эр Кыязга тием деп,
Ойноп -күлүп жүргүн деп,
Кан Кыязга кеп айткын,
Кыязга тием деп айткын,
Эр Кыяздын койнуна,
Жараткан алда бир кудай,
Салды эмгек мойнуңа,
Жетим жүрүп жетилсе,
Жеткирер кудай ордуңа,
Алача ойлоп ак болгун,
Аны кармап кийгин деп,
Кайнатасы зор Манас,
Сен кан Кыязга тийгин деп,
Күлүп ойноп каткырып,
Түшүнө кирип зор Манас,
Эр Кыяздын койнуна,
Колун артып мойнуна,
Сыр билгизбей жаткын деп,
Курсагыңда баланы,
Шек алдырбай баккын деп,
Кайнатасы Кан Манас,
Түшүнө кирип кеп айткан,
Сенин төрөң Семетей,
Өлбөй тирүү деп айткан.
Акундун кызы Айчүрөк,
Кудай берет экен деп,
Арага киши салган жер,
Мен Кыязга тием деп,
Арачыга кеп айтып,
Кыязга тием деп айтып,
Канчоро Кыяз кеңешип,
Арачыдан кеп угуп,
Эр Семетей дөгүрсүп,
Бээжинге жортуп барганда,
Бээжинден жылкы аларда,
Ушу турган Айчүрөк,
Актама колуна алганда,
Манастын уулу Семетей,
Аттанып жолго салганда,
Жолун тосуп кеп айткан.
Бээжинге дегдеп барасың,
Барамын деп дегдейсиң,
Барганда аман келбейсиң,
Жортомун деп дегдейсиң,
Жорткондон аман келбейсиң.
Айчүрөк айтып турганда,
Калк чогулуп келгенде,
Акундун кызы Айчүрөк,
Бээжинге барба дегенде,
Сабына күмүш каптаган,
Сабы күмүш тону чок,
Толгой кармап имерген,
Акундун кызы Чүрөктү,
Катындын тилин албайм деп,

Бээжинге барбай калбайм деп,
Алакөөдөн чоркок ит,
Тартып, тартып жиберген.
Булдуркөн ала көйнөгү,
Бүгүшүнөн сөгүлгөн,
Капталдап каны төгүлгөн,
Какшап ыйлап саргайып,
Кан көчөнүн ичине,
Жыга чаап өттү эле,
Калк чогулуп жыйылып,
Айчүрөк башын көтөрүп,
Астынан сабап салды эле.
Семетей камчы чапкан соң,
Капталына баткан соң,
Кош кабырга кыйраган,
Күнү- түнү эчен күн,
Көпкө жатып ыйлаган,
Кара мүртөз канкорго,
Коркконунан жүрчү эле,
Кордукту жаман көрдүм деп,
Семетейдин кылганын,
Курган Чүрөк билчү эле,
Ошон үчүн кектептир,
Кудай салып эсине,
Акундун кызы Айчүрөк,
Өткөн ишти эстептир,
Акундун кызы Чүрөктүн,
Эми билди ойлонуп,
Өткөндү эстеп алыптыр,
Кара кеги ичинде,
Кандай кылар экен деп,
Асили бийик Айчүрөк,
Капа кылып биз койсок,
Колуман чыгып кетер деп,
Арага киши салганы,
Арстан Кыяз жолборсуң,
Акундун кызы Айчүрөк,
Тием деп айтып калганы,
Бу кудайдын бергени,
Айчүрөк тием дегени,
Кан Кыязга кеңешип,
Айчүрөктү ченешип,
Аргын менен ногойго,
Элине кабар салмакка,
Жедигердин Эр Кыяз,
Айчүрөктү алмакка,
Кабарлашып эл жыйып,
Карыларды көп жыйып,
Алачаны соймокко,
Айчүрөк менен Кыязга,
Нике кыйып коймокко,
Эл чогулуп келгенде,
Эчен акыл ойлонуп,
Эр Кыяз сүйлөп толгонуп,
Айчүрөк тием дегени,
Амалы бар зери бар,
Күлчоро колго түшө элек,
Адамдан башка эби бар,
Көрүнсө Чоро көзүнө,
Табуучудай эби бар,
Же Күлчоро колго түшпөсө,
Же Күлчоро өлбөсө,
Айчүрөктү албайм деп,
Кыяздын айткан кеби бар,
Камбардын уулу Канчоро,
Ал айтканың дагы чын,
Элди жыйып алалы,
Кайтартып койдук аскерге,
Бу Күлчоро кулду деп,
Элге кабар салалы.
Кары- картаң эл жыйып,
Бу Күлчоро болбосо,
Кармашып жүрүп кан кечип,
Канчалыкты кылган деп,

Ал иштин баарын өткөрүп,
Биргелеше жүрөлү,
Аргын менен ногойду,
Элин сурап билели.
Күлчорону алдайлы,
Алдабасак алдырбайт,
Карматса колго жайлайлы.
Камбардын уулу Канчоро,
Кыяздын сөзү макул деп,
Ушу сөзү акыл деп,
Аргын менен ногойдун,
Карысын жыйып алыды эми,
Айза саяр жоокердин,
Мылтык атар мергендин,
Баарысын жыйып алды эми.
Күлчорону кайтарткан,
Калың элге барды эми,
Бу кудайдын буйругу,
Ай бүркөлүп түрүлүп,
Калың колдун ичинен,
Кеткен экен кутулуп,
Кечээ эки чоро болгондо,
Баатыр атка коногондо,
Кумдуу бийик кызыл зоо,
Куш салып ойноп барчу эле.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Карагай, кайың, тал чирип,
Катуу шамал көп тийип,
Жыгачтар кыйрап жатчу эле.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Заманалуу күн болсо,
Жан бекитер жер экен,
Жанындагы Канчоро,
Бу Күлчоро айтчу эле.
Күлчоро айткан кеп эле,
Кудай билет чын болсо,
Кандай заман күн болот,
Ай караңгы түн болот,
Кагылайын абаке,
Заманалуу күн болсо,
Эске ала жүрөлү.
Шордуу Чоро айтчу экен,
Күлчоро качыт дегенде,
Камбардын уулу Канчоро,
Көптөн кийин ойлонуп,
Жай ташы жон колунда,
Күн бучкактап жаадырып,
Эр Күлчоро шекшинип,
Жанын бекке салган жер.
Бу кудайдын буйругу,
Күлчоро  барып бекинип,
Жалгыз жатып калган жер.
Эр Канчоро шек алып,
Элди жыйып көп алып,
Мылтык аткан мергенди,
Жазбай атып бергенди,
Муну астына салган жер,
Айза сайчу жоокерди,
Артынан айдап алган жер.
Канчоро Кыяз эки кан,
Күлчоро жатат канетсе,
Айтып жүргөн кеп эле,
Заманалуу күн болсо,
Бекинели деди эле,
Кылычты белге чалдырып,
Кудай билер чын болсо,
Артындагы элине,
Азык – түлүк алдырып,
Төөгө азык жүктөтүп,
Атка тамак арттырып,
Канчоро Кыяз эки шер,
Кудай билер чын болсо,
Калк таратып кетирбей,
Кайра үйүнө жеткирбей,

Эл таратып кетирбей,
Эл жерине жеткирбей,
Жети күнү жер чалып,
Камап жатат кол менен,
Кудай билер чын болсо,
Күлчоронун шеги жок,
Же жанында жүргөн ити жок.
Киши баскан изи жок,
Бу ногойдун карысы,
Кудай  билер чын болсо,
Кароол салып жер тиктеп,
Кара токой чыккан жер.
Акылман тууган эр Кырбы,
Айнегин көзгө салган жер,
Байкап карап калган жер,
Жери чуңкур көрүнгөн,
Түптүү калың карагай,
Түбү менен кулаган,
Казып койгон үңкүрдө,
Чукуп койгон чуңкурда,
Баатыр Чоро качкан жер,
Эптеп жанын баккан жер.
Карап турса эр Кырбы,
Сагызган учуп шакылдап,
Секирип конуп закымдап,
Айланып учуп конгон жер.
Канчоро менен Кыязга,
Тетиги жерде шеги бар,
Кайрылып учуп шакылдап,
Сагызган барат жакындап,
Мунун бирдеме көргөн жери бар,
Барып киши салсын деп,
Эмине көрүп алды экен,
Ошо жерге барсын деп,
Баатыр Кырбы кеп айтып,
Канчоро менен Кыязга,
Кырбы чечен көп айтып,
Кудай билер чын болсо,
Он жети менен он сегиз,
Ортосунда жаш бала,
Атка минип катыккан,
Мерген болуп атыккан,
Канчоро Кыяз кеп айтып,
Барып келгин деп айтып,
Боз баланы жиберди,
Мылтык алып колуна,
Жаш бала басып барды эми.
Алагара көзү алайып,
Ак тамагы кылайып,
Жибектен чалган ак бүчү,
Атаңдын көрү дүнүйө күн,
Сагызган көрүп шакылдап,
Жаш бала барды жакындап,
Олуязаада Күлчоро,
Жаткан экен жалынып,
Жараткан жардам болбосо,
Эр Күлчоро кайран эр,
Булайып аткан бүчүнү,
Кармап тартып койду эми,
Жанына барган боз бала,
О, Күлчоро абаке,
Жоо көрө элек жашмын деп,
Жол көрө элек бозмун деп,
Узартып айтар кеп эмес,
Кол алышар жер эмес,
Оюңа ала жүргүн деп,
Сен менен акыреттик досмун деп.
Кайрылып канга барды эми,
Бейлинде бар периште,
Өлгөн коён тарпы экен.
Ошерге конуп алыптыр,
Боз бала айтпай койду эми,
Калк чогулуп жарданып,
Кайра кетип калды деп,

Күлчорону таба албай,
Калктын баары таң калып,
Карап турса калың эл,
Буйругу экен кудайдын,
Жараткан алда жалгыздын,
Жазганын Чоро көргөн жер,
Кайра тартып какылдап,
Сагызган барды шакылдап,
Улам, улам конот да,
Узарып учуп кете албай,
Кайрылып учуп келди да,
Бул сагызган жаныбар,
Бирдемени көрдү да,
Турумбек деген кыйды чал,
Сен да барып келчи деп,
Абыдан байкап көрчү деп,
Канчоро Кыяз жиберди,
Атын койгон Турумбек,
Чачыкейге сүйлөшүп,
Айтып жүргөн мурун кеп,
Күлчоро жаткан үңкүргө,
Турумбек басып барган жер,
Чорону көрүп алган жер,
Күлчоро мында экен деп,
Алтын жака ак бүчү,
Булкуп тартып калган жер,
Берди кудай берди деп,
Канчоро Кыяз баш болуп,
Тегеректеп барган жер,
Асылы баатыр болгон соң,
Жараткан алда бир кудай,
Башка жазып койгон соң,
Баабединге чалдым деп,
Башыма жаздык болгун деп,
Кабар берген Турумбек,
Эр Күлчоро кайран шер,
Башын алып салган жер,
Калдайган калың кол келип,
Канчоро Кыяз чоң келип,
Урумкул менен Жоодары,
Бир кудай жазган шор ошол,
Алмаңдын уулу Күлчоро,
Атаңдын көрү көр дүйнө,
Колго түшүп калган жер,
Күлчоро колго түшкөн жер,
Канчоро Кыяз эки шер,
Талабына жеткен жер,
Адамдан асыл кайран шер,
Байлоого түшүп кеткен жер,
Эки колун байлатып,
Айнектей көзүн жайнатып,
Атаңдын көрү көр дүйнө,
Желдеттерге Чорону,
Тепкилетип айдатып,
Ботодой көзүн жайнатып,
Атаңдын көрү көр дүйнө,
Болуп өткөн Чорону,
Токмоктотуп айдатып,
Адамдын алы жетпеген,
Айбандын тиши өтпөгөн,
Баатыр эле Күлчоро,
Адамдын шагын сындырбас,
Асыл эле Күлчоро,
Мусулманды кайтарган,
Уккан душман жалтанган,
Төрө эле Күлчоро,
Беттешип душман барбаган,
Бөрү эле Күлчоро,
Буйругу экен кудайдын,
Мусулмандын шери ошол,
Мусапыр болуп саргарып,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Эр Күлчоро кайран эр,
Колго түшкөн жери ошол.

Канкор Кыяз кеп айтат,
Алайын башын деп айтат,
Эр Канчоро кеп айтат,
Болбойбу шейит деп айтат,
Сен билбейсиң тура тур,
Көрбөгөндү көргөзүп,
Канча жоону сайган кол,
Колун чолок кылайын,
Андай болсо макул деп,
Шейит кечип кетпесин,
Канчоронун айтканы,
Баатыр Кыяз акыл деп,
Желдеттерге байлатып,
Эки колун кердирип,
Оң далысын ойдуруп,
Сол далысын кестирип,
Кудай билет чын болсо,
Жаратына кум салып,
Куйкасын тилип туз салып,
Адамдан асыл Чорого,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Кылбаганды кылган жер.
Көргөн киши зыркырап,
Катын, бала чуркурап,
Канчоронун кылганын,
Күлчоронун турганын,
Баары ыйлап турган жер.
Ыйлаганга болобу,
Күлчорону көргөндө,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Ыйлабай киши коёбу,
Ай кулагы калкандай,
Алагар көзү чолпондой,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Канчоро билип кан болду,
Күлчоро баатыр кор болду.
Жедигердин кан Кыяз,
Жедигер менен ногойду,
Экөөнү билип чоң болду.
Калк чогулуп кеп айтып,
Баатырдын уулу Семетей,
Талаага өлдү деп айтып,
Сөөгүн колго албадык,
Ак кепинге салбадык,
Колун кармап чойбодук,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Колунан кармап койбодук,
Капа болуп кайгырып,
Аргын, ногой калың журт,
Падышасы баатырдан,
Калган экен айрылып,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Күлчоро күнүн көргөндөр,
Жанына басып келгендер,
Сөөгү күйүп зыркырап,
Канчорого көргөзбөй,
Көзүнүн жашы дыркырап,
Аргын менен ногойду,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Көбү ыйлап буркурап.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Асыл кийип булактап,
Ай тийгендей кылактап,
Кан Кыязга багынып,
Канчорого жалынып,
Тийип турган жери ошол,
Аргын менен ногойду,
Билип турган жери ошол,
Кайненеси Каныкей,
Каргап турган жери ошол.
Айтканымды кылгын деп,
Жаактан ары бир салып,
Уруп турган жери ошол.
Атаңдын көрү дүйнө күн,

Кан Манастын алганы,
Тууган уулу Семетей,
Асырап багып чоңойткон,
Канчоро менен Күлчоро,
Кыла турган айла жок,
Эч чарагы жок эле,
Өөдө карап кеп айтат,
Бу Чачыкей кескиге,
Эмине кылдым деп айтты,
Көчөсүнүн ичине,
Балапанча жорголоп,
Чачыкей келе жатканда,
Кирерине жер таппай,
Басарына жер таппай,
Жата калар корголоп,
Талас менен Кең-Колду,
Аргын менен ногойду,
Канчоро Кыяз алган жер.
Каныкей Бакай эки жак,
Торго түшүп калган жер.
Канчоро менен эр Кыяз,
Калк сураган зор болду,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Каныкей, Бакай кор болду.
Ушу жерге таштайлы,
Кара үңкүрдө жатканда,
Кайып болуп жатканда,
Көөдөндөн жаны кетелек,
Чындап ажал жетелек,
Атасынын жолдошу,
Ар кандай жерде колдоочу,
Эми Семетейден баштайлы.
Кара үңкүр деген жер эле,
Оозуна адам барбаган,
Оозун бери кармаган,
Жакындап киши барбаган,
Адам пенде көрбөгөн,
Жакындап киши келбеген,
Кайып пери ойногон,
Карган киши болбогон,
Адамзат басып келбеген,
Арасап киши көрбөгөн,
Ичинде каухар ташы бар,
Кырк кайыптын аты бар,
Ташка каты жазылган,
Түндө кайып түнөгөн,
Күндүзү пери ойногон.
Манастын уулу Семетей,
Жарадар болуп алсырап,
Жатып калган кансырап,
Эр Күлчоро барган жер,
Атка өңөрүп алган жер.
Аппак ыйлай эрине,
Калдайып карга конот деп,
Алагар көзүн оёт деп,
Курт кумурска толот деп,
Абамдын канын сорот деп,
Кармашкан жоону таштаган.
Кайыптар жолун баштаган,
Абасынын алтын дин,
Атка өңөрүп алган жер,
Кара үңкүргө барган жер,
Колу бутун чойгон жер,
Аманат кылып абасын,
Бир кудай өзүң сакта деп,
Күлчоро ыйлап боздогон,
Күлчоро ыйлап турганда,
Араң жаткан Семетей,
Күңгүрөнүп кеп айткан,
Айчүрөктүн ичинде,
Бир белгиси бар эле,
Азапка башың салба деп,
Намысыңдан арданып,
Бөөдө өлүп калба деп,

Өлбөсөң өчүң алаарсың,
Өлсөң жатып калаарсың,
Айчүрөк аман көз жарса,
Кыл мурутуң түйүп ал,
Айчүрөктүн баласын,
Жаныңды сактап күйүп ал.
Оң мурутуң түйүп ал,
Абаңдын айткан бул сөзүн,
Оюңа салып билип ал.
Оң колун созуп берген жер,
Кара үңкүргө жаткырып,
Бала төрө абасын,
Бир кудайга тапшырып,
Күлчоро кайра келген жер,
Айдап жоону сүргөн жер,
Абасынан айрылып,
Эр Күлчоро күйгөн жер.
Арадан күн өттү,
Ай караңгы түн өттү,
Сары адырмак керүүдөн,
Кат кагазын алыптыр,
Улугунан кат алып,
Буркандын кызы Көкмончок,
Алтоо келин алтоо кыз,
Он экини ээрчитип,
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Төрт айланып чалыптыр.
Башта келип кончу экен,
Оюн ойноп кетчү экен,
Кара үңкүргө барыптыр,
Асмандан учуп айланып,
Ак шумкар келет себелеп,
Жарып салчу немедей,
Куу тайган келет тебелеп.
Семетейди алып келгенде,
Эр Күлчоро кайран эр,
Алып жүргөн куу тайган,
Жер үстүндө жойлогон,
Көрүнгөн жанды койбогон,
Карышкыр, түлкү айбанга,
Эр Күлчоро кайран шер,
Бир кудайга жалынып,
Куу тайганга тапшырып,
Баатырдын сөөгүн бактырып.
Карга кузгун жоруга,
Ак шумкарга тапшырып,
Семетей сөөгүн бактырып,
Кеткен экен Күлчоро.
Көкмончок келип конуптур,
Шумкар менен тайганды,
Көрбөгөн мындай айбанды,
Кара үңкүрдүн оозуна,
Башы бийик тоосуна,
Ак тайган үрөт арсылдап,
Алып салчу эмедей,
Ак шумкар келет жакындап.
Буркандын кызы Көкмончок,
Буркан бери кан эле,
Кидилстан шаарына,
Өнүп өскөн жан эле.
Атасын кайып баккан жер,
Алдадан иши жаккан жер.
Араң жан жаткан баатырды,
Көкмончок келип тапкан жер.
Пенденин уруу бир бөлөк,
Перииште түрлүү жан экен.
Көкмончок көрүп таңданып,
Жатканды көрүп таң калып,
Жолдоштору перини,
Көкмончок алды колуна,
Салды кудай оюна,
Ары бери караса,
Ыпчыманын астында,
Колтугунун үстүндө,

Жазып койгон каты бар.
Баатырдын уулу эр жалгыз,
Семетей деген аты бар.
Буркандын кызы Көкмончок,
Канкордун уулу Семетей,
Сүлдөрү бар дарман жок,
Сүйлөй турган шайман жок.
Колтугуна кол салса,
Колтук тамыр былк этет,
Маңдайынана сыласа,
Чочугандай солк этет.
Кудай билет чын болсо,
Адамзат пенденин,
Асылдыгын билди эми,
Ошо жаткан пенденин,
Баатырлыгын билди эми.
Алтоо келин, алты кыз,
Алып жүргөн Көкмончок,
Баатырдын уулу жалгызды,
Оң бетинен сүйгөн жер.
Оболорун учуруп,
Канкордун уулу баатырды,
Көкмончок алып жүргөн жер.
Асмандатып айланып,
Атасынын шаарына,
Пери алып барган жер.
Манастын уулу баатырды,
Айыктырып алган жер.
Адамзат болбой Семетей,
Пери болуп калган жер.
Канчоро, Кыяз эки кан,
Жаратакан кудай жалгаса,
Кудай билет чын болсо,
Мурадылга жеткен жер.
Күлчоро, Бакай, Каныкей,
Мусапыр болуп кеткен жер.
Асылы Пери Айчүрөк,
Оң саамайын түйгөн жер,
Курсагында белгини,
Шек алдырбай жүргөн жер.
Кайненеси Каныкей,
Өлөйүн деп арданып,
Өлмөк болуп камданып,
Айчүрөк билип алган жер.
Кагылайын энеке,
Алдадан ажал келгиче,
Ажалды кудай бергиче,
Өлбөстүн ашын ичерсиң,
Өчпөстүн отун жагаарсың,
Менин курсагымда белги бар,
Кайраты бар жан элең,
Бир колдогон энеке,
Оң саамайың түйүп тур,
Менин курсагымда белгини,
Өлгөнүңчө күйүп тур,
Кыз деп кабар угулса,
Мойнуңа бого салгын деп,
Ошондо өлүп калгын деп,
Эркек деп кабар угулса,
Ак саамайың түйгүн деп,
Ажалың жетип өлбөсөң,
Он эки жылы күйгүн деп,
Он эки жыл болгондо,
Эркек деп кабар сен уксаң,
Айланайын энеке,
Алдыңызда чоң ордо,
Алганың салган сарайга,
Аман болсо киресиң,
Аргын, ногой журтуңду,
Айлантып өзүң билесиң,
Ээрдин кесе бек тиштеп,
Намыс кылып ардабай,
Өлөйүн деп камданбай,
Айланайын энеке,

Өз жаныңды кыйба деп,
Өлөйүн деп көп санап,
Жаңылдык кылып турба деп,
Акундун кызы Айчүрөк,
Кайненеси Каныкей,
Кармап колдон бек кармап,
Жараткан алда кудайга,
Мен тапшырдым деп кармап.
Курсагыңда белгини,
Берсе кудай тилекти,
Асырап багып алууга,
Кубултуп көйнөк кийем деп,
Мен кан Кыязга тием деп,
Тийсем билип алам деп,
Жедигердин кан Кыяз,
Билип жолго салам деп,
Каныкейге кеп айтып,
Кайрат кылсын деп айтып,
Асылы пери Айчүрөк,
Кайрылып элге барган жер,
Катын менен кыз жыйып,
Оймоктуудан уз жыйып,
Тырмактуудан түп жыйып,
Санаты толук түз жыйып.
Сарамжылап көп кылып,
Дасторкон жайып чай коюп,
Ар бир түрлүү дан коюп,
Казы кертип жал коюп,
Сыр аякка бал коюп,
Асылы пери Айчүрөк,
Адамзаада жан эле,
Арамдыгы бар эле,
Канчородон шек алып,
Арка чачын түйгөн жер,
Тап билгизбей Кыязга,
Асылы пери Айчүрөк,
Акыл менен тийген жер,
Жедигердин эр Кыяз,
Айдай сулуу кыз алып,
Адамдан чыккан уз алып,
Аргын, ногой эл жыйып,
Ногой менен жедигер,
Экөөн бирдей тең жыйып,
Токсон жылкы сойгон жер,
Аргын, ногой калың эл,
Алыстан келген жедигер,
Тойго барып тойгон жер,
Калк чогулуп кеп кылып,
Кан Кыяз менен Чүрөккө,
Нике кыйып койгон жер,
Кан Манастан калган чоң кара,
Канчоро Кыяз кошулуп,
Кыйратты чарбак калаасын,
Камчыга ченеп эки кан,
Бөлүп алды талаасын,
Кең-Колго салган чарбакты,
Кетирди кудай арбакты,
Манас баатыр барында,
Баштап шаар салганда,
Манастын көзү өткөндө,
Семетей сулап калганда,
Канчоро Кыяз эки эр,
Ант амалын кылышып,
Кең-Колду алып тынышып.
Кең-Колго салган чарбакты,
Кетирди кудай арбакты,
Таласка салган чарбакты,
Качырды кудай арбакты,
Канчоро Кыяз биригип,
Семетей менен Чорону,
Бул экөөнү сулатты,
Чарбагын бузуп кулатты.
Кары картаң кеп айтат,
Жазыгы жок чарбакты,

Жаман кылып салды деп,
Аскер келип эл жыйып,
Тамын бузуп жер кылып,
Сарайын бузуп талкалап,
Канчоро Кыяз биригип,
Жоону жеңип чалкалап,
Каныкей менен кан Бакай,
Кайгыга башын калкалап.
Эл чогулуп кеңешип,
Кээ бирөө кеп айтып,
Колго түшкөн Чорону,
Өлтүрөлү деп айтып,
Канчоро менен эр Кыяз,
Акыл кошуп сүйлөшүп,
Муну өлтүрүп кетелик,
Тарамышын кыялы,
Катуу казат кылалы,
Кайгы тартып жүрсүн деп,
Ушинтип жүрүп өлсүн деп.
Урумбай чечен жан эле,
Коңкайты кыйын бала эле.
Канга алып баралы,
Эки колун байлатып,
Эки көзүн жайнатып,
Отунчу кылып алалы,
Отун алып бербесе,
Кармап бала куралы,
Канча тууган чочкого,
Кылбаганды кылалы,
Тарамышын кыялы,
Тартайып сөөгү калгыча,
Айдап кызмат кылдырып,
Биз ошентип туралы.
Жылкы баккан эки кул,
Акылдашып кеп айтып,
Алып кетсек Чорону,
Тоодон отун жулар деп,
Кызматты катуу кылар деп,
Карагай, кайың, бадалды,
Түбү менен жулар деп,
Бу Күлчоро чочкону,
От жактырып суу алсын,
Отунчу кылып алалы,
Жылкыны алып баралы,
Урумкул менен Жоодары,
Баштап жүргөн Карагул,
Ат тизгинин бурган жер,
Байлап кызмат кылдырып,
Канчоро менен Кыяздан,
Жылкычы сурап турган жер.
Арстан Бакай баатырды,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Төөнү жыйып айдатты,
Кудай билет чын болсо,
Ат мингизип айдатпай,
Күрөктүү адыр, шордуу бел,
Кудайым жазган шорду көр.
Бакайга төөнү айдатты,
Акбаланы алган жер,
Канчоро Кыяз алдына,
Айдап кармап барган жер.
Бото менен тайлактай,
Моюн алышып жатты деп,
Мойнуна колун артты деп,
Короолоп койду айдатып,
Кокустан козу өлбөсүн,
Жайыңкысын болгондо,
Жайнап чаап конгондо,
Улар тоонун оюна,
Улуу суунун боюна,
Ошерге барып баккын деп.
Кышкысын болгондо,
Таластын бою чоң калаа,
Ошо жерге баккын деп,

Акбаланы алышып,
Кой кайтарып берсин деп,
Кой көтүнө салышып,
Бу Каныкей бейтаалай,
Канчоро, Кыяз, Чачыкей,
Ортосуна алган жер,
Манасты кармап өттүң сен,
Семетейге жеттиң сен,
Канчаны жыйып курадың,
Катын башың кан кылып,
Калкты билип сурадың,
Эр уулуна тең болуп,
Элдин башын курадың.
Эчендер келди башыңа,
Оюн салып астыңа,
Канчоро менен Чачыкей,
Чачыкей канчык кеп айтат,
Кайненемдин жоругу,
Кыла турган кызматын,
Маа бергиле деп айтат,
Айтканыма көнбөсө,
Кылалбаймын мен десе,
Кармап чачын жуламын,
Кылбаганды кыламын.
Темин иймек беремин,
Койчу менен жылкычы,
Кыштын күнү кийүүгө,
Муну ийлеп келгин деп,
Күнүнө кырктан тери беремин.
Бу Канчоро каныңар,
Койчулары алты миң,
Отунчусу он эки,
Жылкычысы жыйырма беш,
Бадачы болуп мал баккан,
Уй кайтарып жай жаткан,
Бу Канчоро баатырдын,
Уйчулары он сегиз.
Тери ашатып тон кылып,
Өз келини Чачыкей,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Каныкейди кор кылып.
Жүрөк окту адамдар,
Эки экиден бир музоо,
Көк уйларга телитип,
Каныкей жанын кейитип,
Ар деменин эби бар,
Айдап багып келсин деп,
Сүтүн саап берсин деп,
Ийрек берем колуна,
Тери берем жонуна,
Айтканыма көнбөсө,
Аны иштеп бербесе,
Желке чачын жулам деп,
Кылбаганды кылам деп,
Каныкей карып болгон жер.
Бейтаалай Каныш кемпирге,
Ийрек берип колуна,
Тери таңып жолуна,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Бейтаалай Каныш карыпка,
Уй кайтартып койгон жер.
Арстан Бакай кургурга,
Төө кайтартып койгон жер.
Акбаладай шордууга,
Кой кайтартып койгон жер.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Канчорого тийген жер.
Эл билем деп алчактап,
Эрки менен талтактап,
Ою менен жүргөн жер.
Баатыр бала Чорону,
Карагул менен Жоодары,
Урумкул менен Каңкайды,
Отунчу кылып алган жер,

Ополго жылкы салган жер.
Каныкей, Бакай, Күлчоро,
Кордукту кыйын көргөн жер.
Буйругу деп кудайдын,
Каныкей, Бакай, Күлчоро,
Кан буйруган ишине,
Бу карыптар көнгөн жер,
Перизаада Айчүрөк,
Пендеге сырын билгизбей,
Адамга ичин көргөзбөй,
Алда таала кудурет,
Артын берер бекен деп,
Белине белбоо чалган жер.
Акундун кызы Айчүрөк,
Бекем таңып алган жер.
Канчоро, Кыяз кеңешип,
Калган элди ченешип,
Олпокту алып бүктөтүп,
Манастан калган дүнүйө,
Оңолбогон Канчоро,
Он эки төөгө жүктөтүп,
Алтымыш атан төө алып,
Аргын,  ногой куралын,
Санат жеткис мал алып,
Канча калың пул алып,
Төө жетелеп жүн жүктөп,
Кызмат кылып берүүгө,
Баатыр Кыяз кайран шер,
Алтымыш киши кул алып.
Айчүрөктү багууга,
Кусуруна сун берип,
Кан астына баруугa,
Алты келин, жети кыз,
Аны Чүрөк алган жер.
Эл дүңгүрөп жер кайгып,
Алтымыш төөгө бул жүктөп,
Аргын менен ногойдон,
Отун алып келүүгө,
Казан асып от жагып,
Даярлап тандап кул алып.
Калк чогулуп келгенде,
Эрмегимди билсин деп,
Бейтаалай Каныш жасаган,
Эрендер келип кийсин деп,
Жүз кырк эки тону бар,
Келиндер келип кийсин деп.
Акбарча шайы бүктөтүп,
Алты атанга жүктөтүп,
Кечээ Манастан калган казына,
Чачылган жери да ошол.
Байлап алып Бакайды,
Кармап алып Чорону,
Каршы чыгып урушкан,
Басылган жери да ошол.
Перизаада Чүрөктү,
Жедигердин кан Кыяз,
Алган жери да ошол.
Кең Таласка барганда,
Барып уруш салганда,
Ай караңгы түн өткөн.
Аттанып Кыяз чыкканда,
Канчоро кебин укканда,
Кең Таласка барганда,
Аргын, ногой элине,
Камбардын уулу Чорону,
Кан көтөрүп алганда,
Жедигерге баргыча,
Жетип элин көргүчө,
Кайрылып элге баргыча,
Бир жыл жети ай күн өткөн.

# СЕЙТЕК

## КИРИШ СӨЗ

Бул китепке киргизилген материалдар манасчы Мамбет Чокморовдун вариянтындагы трилогиянын үчүнчү «Сейтек» бөлүмү орун алды. Кол жазмалар фондундагы инв. №224, №225 папканын ичиндеги материалдар пайдаланылды. Папканын ичиндеги материалдарга таяна турган болсок, анда «Сейтек» эпосун жазып алуу процесси Тоң районунун Бөкөнбаев айылында ишке ашкан. 1972-жылдын июль–августь айларында жазуу иштери жүрүп, мындай чоң милдетти Шайлоо Айтпаева жана Күлжан Абдылдаевалар моюнга алышкан. Июль айларында биринчи, экинчи дептердеги «Сейтектин Карагулду өлтүрүп, Күлчорого дары-дармек сыйпап, айыктырып алам деп жаткан кези», «Күлчоро менен Сейтектин Талас, Кеңкол жерине келиши», «Сейтектин Канчоро менен Кыяздан өчүн алып, Бозбаланын кан шайланышы» аттуу окуялар жазалып алынган. Ал эми үчүнчү тетраддагы «Айчүрөктүн Семетейди издегени»(Сейтектин аягы) жана «Манас менен Чубактын чатагы» («Манас» эпосунун бир эпизоду) сыяктуу эпостун окуялары августтун 10–25 чейин Алый Усенбаев тарабынан жазылган. Болгондо да, «көчүрүп жазган» Алый Усенбаев деп белгилеп өткөн. Мүмкүн, Шайлоо Айтпаева жана Күлжан Абдылдаевалар жазган оригинал дептерден көчүрүп чыккан сыяктанат. Бул эпизоддуу айтуучу Мамбет Чокморов унутуп кетип кийин кайра автордун өтүнүчү менен жазылгандыгын белгилеген. Үчүнчү дептердеги үчилтиктин «Манас» бөлүмүнө тийиштүү «Манас менен Чубактын чатагы» эпизоду жазылганын баса белгилеп айтып коюу кажет. Эскертип койчу жагдай, «Сейтек» бөлүмү деп инв. №225 папкадагы материалдар кирип, бирок инв. №224-дептердеги «Семетей» бөлүмүнүн аяк жагына «Сейтектин төрөлүшү, өсүшү, эрдиктери» орун алган. Ошондо

манасчы улап эле айтып кеткен, жазгандар өзүнчө папка кылып кетирген эмес.

Үч чакмак дептерде берилген «Сейтек» эпосунун «Манас менен Чубактын чатагы» эпизодун эске албаганда биринчи дептердин көлөмү 190 беттен, ал эми экинчи тетрад 181бет, үчүнчү тетраддын «Сейтек» эпосуна тийиштүү бөлүмүн тетраддын эки жайылган бетин бир барак деп эсептегенде 32 болгон. Ал эми «Семетей» бөлүмүндөгү көлөм 70 барактай. Ошондо «Сейтек» эпосунун жалпы көлөм-бети 470 болуп саналат.

Кол жазма фондундагы дептердеги кээ бир түшүнүксүз сөздөр маанисине жараша окулуп, керектүү түшүндүрмөлөр менен толукталды. Кайсы бир саптарды таптакыр окуганга мүмкүн болбой калгандыктан көп чекит коюлуп, ордуна эч кандай сөздөр менен толукталган жок.

Манасчынын жергиликтүү говолорго басым жасап айткандыгын да белгилеп кетким келет.  Арга (нарга), уру (нуру), теңиз (деңиз), асили (насили) сыяктуу сөздөрдүн баш тамгасын түшүрүп айтып, Бозбаланы (Босбала) деп атап, «с»басым жазаган учурлар кездешет.

Мамбет Чокморовдун «Сейтек»эпосунда башка классик манас-айтуучулар сыяктуу эле канондук сюжетти сакталган. Айтуучу башка манасчылар сыяктуу эле табиятынан ырга жакындыгы, дериндеги талантуулугу, эмгекчилдиги, өжөрлүгү жана акырында келип түш көрүүсү менен  чоң талanттын ээси болгонго түркү болду. Ал Тоң районунуна караштуу Корунду деген жерде 1896-жылы жарык дүйнөгө келген.  Анын манасчылык дүйнөгө аралашышына таякеси Эшимбеков Дөңүзбай (1863–1935) (Ала–Баштык асык уруусунан чыккан) манасчынын таасири чоң болгонун белгилейт.

Мамбет Чокморовдон эпосту жазып алуу 1959-жылдардан баштап колго алынып, анын уулу Касымбек жана келини Каналкан бул ишти өз мойнуна алып иштешкен. Бирок жыйынтыктуу болгон эмес. 1965-1972-жылдар аралыгында академиянын кызматкерлери тарабынан жазылып алынган. Жалпы үчилтиктин көлөмү 397557 ыр сабы болуп, анын «Манас» бөлүмүнө 302608 ыр сабы болсо, «Семетей» бөлүгү 71609 ыр сап болгон, ал эми «Сей-

тек» бөлүмүнө 23340 сап ыр экендиги аныкталган. Азыркы учурда айтуучунун үчилтик эпосу КРУИАнын кол жазмалар фондусунун 212-230-күрлөрүндө сакталып турат.

«Сейтек» эпосунда башка манасчылардын варианттар сыяктуу эле Семетейдин Канчоро менен Кыяздын колунан жабыркашы, Семетейдин кайып болушу, Күлчоронун кежири кесилип, азап тартышы, Айчүрөктүн Кыязга турмушка чыгып, Сейтектин төрөлүшү, өсүшү, өч алышы сыяктуу окуялар менен коштолот. Бирок башка салттуу классикалык С.Каралаевдин вариантынан өзгөчөлөнгөнү Бакай, Каныкей, Айчүрөк, Семетей, Күлчоролордун кайып болуп кетүү жана Айчүрөк Семетейди кайып болуп кеткен Көкмончоктун перилер дүйнөсүнөн куткарып, Семетейдин периден адам болушу менен аяктайт. Ошону менен кошо диний нуктагы (алгачкы диний ишенимдер: шаман, теңирге ишенүүлөр жана  ислам ишеними, мифологиялык укмушту жандыктар, образдар) ойлор аз сакталган. «Мазар», «бүбү», «шаман» сыяктуу сөздөр текстте орун алган эмес. Ислам дининин ишенимдери да аз катмарда эпоско аралашкан. Демек, кайсы бир деңгээлде Мамбет Чокморовдун «Сейтек» эпосу байыркы мифий, диний катмардан тамыры үзүлүп, Совет мезгилинин экинчи чейрегине туш келгенине байланыштуу реалистик окуялар менен жуурулушуп кеткен.

Эпосто негизинен «Сейтектин Карагулду өлтүрүп, Күлчорого дары-дармек сыйпап, айыктырып алам деп жаткан кези», «Күлчоро менен Сейтектин Талас, Кеңкол жерине келиши», «Сейтектин Канчоро менен Кыяздан өчүн алып, Бозбаланын кан шайланышы», «Айчүрөктүн Семетейди издегени»(Сейтектин аягы) деген негизги темаларга бөлүнүп, майда-майда подтемаларга ажыратылган эмес. Негизинен көлөмү чектелүү болгондуктан дал ушундай болгон чыгар деген ойго келдим.

***Сабыр уулу Амангелди***

## СЕЙТЕК

Канчоро баатыр кан болуп,
Аргын менен огойду,
Жаккан отун өчүрүп,
Канчоро деп атагын,
Кудай билет чын болсо,
Камбардын уулу Канчоро,
Манастын жолун таштады,
Жолду башка баштады.
Манастын аты өчтү деп,
Курган журттун бирдиги,
Канчорого өттү деп,
Аргын менен огойдун,
Карысы ыйлап какшады.
Атактуу Манас баатырдын,
Камбардын уулу Канчоро,
Казынасын бүлдүрүп,
Каныкейди күйгүзүп,
Айтылуу Бакай баатырды,
Ыштанына сийгизип,
Суракты башка баштады.
Манастын жолун таштады.
Кан Манастын калың журт,
Чачыкейге билгизип,
Айдап жорго мингизип,
Айыл журту көрсүн деп,
Кыз-келинди ээрчитип,
Күрдөөлдүү огой көп журтун,
Кеңколго салган калаанын,
Көчөсүндө жүргүзүп,
Кан Манастын жолдошу,
Манас болуп турганда,
Баштаган Бакай жолборсу,
Кан Манастын барында,
Кеткен жазы сары жол,
Арстан Бакай туурады.
Кечээ Семетей көзү өткөндө,
Канчоронун жолуна,
Аргын, огой калың журт,
Бири калбай көчкөндө,
Айкожо, Бакай баатыр шер,
Тоо кайтарып куурады.
Кесиреттүү Чачыкей,
Сенин кемерлүү уулуң барында,
Эл сурадың чалкалап.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Уйду эмизип койдуң деп,
Башына кудай салган соң,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Чачыкей урат талкалап.
Бейтаалай байкуш Каныкей,
Өлөйүн дейт артынан,
Сабыр кылып токтолот,
Кечээ Айчүрөктүн ичинде,
Бир белгиси барынан.
Бейлине кудай салган жер,
Бейтаалай тууган Каныкей,
Айчүрөк айткан кеби деп,
Өлбөй токтоп калган жер.
Акбала жүрөт сандалып,
Бир кудайга жалбарып,

Кой кайтарып чойчойлоп,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Абаңдын көзү өттү деп,
Арман кылат Акбала,
Акыреттик жолдошуң,
Бул кармалып кетти деп.
Сабыр кылып Акбала,
Зарлап ыйлайт кудайга.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Акбала жүрөт убайда.
Олуя билги Манастын,
Казынасын бүлдүрүп,
Канчоро, Кыяз ачкан жер,
Дүнүйөсүн чачкан жер.
Каныкей, Бакай эки шер
Азапты тартып жаткан жер.
Кан Манастын барында,
Бакай эрдин жолборсу,
Арстан Бакай жанына,
Күндө келет жолдошу.
Төө кайтарып тамтаңдап,
Баатып Бакай жүргөн жер,
Артын кудай берер деп,
Аман болсо сербейип,
Атка минсе эрбейип,
Эркек болсо келер деп,
Кыл мурутун түйчү эле,
Артынан кудай берерин,
Аман турса Айчүрөк,
Атка минип эрбейип,
Баатырдан калган шаарга,
Бала болуп чоңоюп,
Баатыр атка конор деп,
Семетей, Манас барындай,
Аргын, огой курган журт,
Кеңкол менен Таласты,
Жердеп жатып жыргаган.
Семетей, Манас барындай,
Мурункудай болор деп,
Кан казабы, бек кыйын.
Каныкей менен Бакайдын,
Башына түшкөн иш кыйын.
Толук аяк аш ичпей,
Бүтүн жака тон кийбей,
Азапты кылды Чачыкей.
Жарты аякка жарытпай,
Сүйрү аякка сүйүнтпөй,
Азапты кылды Чачыкей.
Арып калган шордуулар,
Ачкасынан өлөт деп.
Адамзаат бендеси,
Жараткан алда кудайдын,
Жазганын өзү көрөт деп.
Койчуга берген буудайды,
Койнуна катып алчу эле,
Эки таштын ортого,
Буудай арпа салчу эле.
Каныкей менен Бакайга,
Куруп калган Акбала,
Уурдап алып барчу эле.
Каныкей менен Бакайга,
Кол башындай сүзмөнү,
Катык кылып берчү эле.
Ташка салып талкалап,
Каныкей менен Бакайга,
Азык кылып берчү эле.
Азапты тартып Акбала,
Арка чачын түйгөн жер.
Алда таала кудурет,
Артын берер бекен деп,
Кан зааданын тукуму,
Сабыр кылып жүргөн жер.
Сары жездей саргарып,
Атаңдын көрү дүйнө күн,

Күлчорону көрсөм деп,
Дидарын көрүп өлсөм деп,
Жаш да болсо Акбала,
Кудайга иши жаккан шер.
Тамак катып койнуна,
Каныкей менен Бакайды,
Эптеп экөөн баккан жер.
Дүнүйөнүн жалганы,
Күлчоро баатыр алганы.
Ай караңгы түн өтпөй,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Арадан бир жыл күн өтпөй,
Башына кудай салганы,
Канчоро, Кыяз алганы.
Келген журттан көчө элек,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Байкуш карып бейтаалай,
Келин аты өчө элек.
Кой кайтарып тамтайып,
Койчу болуп калганы.
Бу дүнүйө жалган деп,
Башка кудай салган деп,
Арылаар бекен арман деп,
Кой кайтарып чойчойлоп,
Этегин кайра түргөн жер.
Эмгек тартып жүргөн жер.
Шорго башы малынып,
Шордуу карып Каныкей,
Айчүрөктүн ичинде,
Баланы көрүп зарылып,
Канчоро кылды кордукту.
Эч жазыгы жок эле,
Уй кайтарып келгенде,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Бейтаалай байкуш Каныкей,
Белгилүү долу Чачыкей,
Ун элетип койчу эле.
Суугa колуң малба деп,
Кокус булгап салба деп,
Кетчү эле ыргыштап,
Кесиреттүү Чачыкей,
Каныкейди бир муштап.
Каныкей менен Бакайдын,
Көрбөгөнү көр болуп,
Көрдөгүдөн көп болуп,
Жебегени бок болуп,
Өлөйүн десе, жан таттуу.
Каныкей, Бакай жүргөн жер,
Канчоролор сүргөн жер.
Алтын жака, күрмө тон,
Кан болуп Чоро кийген жер.
Канчорого багынган,
Каныбыз деп жалынган,
Кадимкидей жүргөн жер.
Кан Манастын казына,
Кан Кыяз, Чоро алган жер.
Алтымыш төөгө жүктөтүп,
Алтымышча кул алып,
Кан Кыяз элге барган жер.
Алакан тайкы кол ачык,
Адамдан башка жол ачык,
Мусулманга кул азып,
Мусапыр болуп Күлчоро,
Буйругу экен кудайдын,
Жедигер кандын эр Кыяз,
Жылкычыга барган жер.
Урумкул менен Жоодары,
Карагул менен Каңкайды,
Кан Кыяздын деми бар,
Ак килелеп жаптырган,
Ак ордодой үйү бар.
Кудай билет чын болсо,
Күлчорону ыйлаткан,
Кул Урубай дагы бар.

Алдадан ажал жетпесе,
Азиреил бериште,
Жанын тартып кетпесе,
Эр Күлчоро баатырдын,
Чыгар чыкпас жаны бар.
Мунарган тоонун боорунан,
Булут басып келатат,
Карагай арча жулгун деп,
Кыштык отун жыйгын деп,
Маңдайында шору бар.
Кемирчеги кесилүү,
Күлчоронун алма баш,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Каршы-терши тигилүү.
Урубай кулдар какшатты,
Салса пенде көтөрөт,
Күлчоро тартты азапты,
Асманда мунар боз болду,
Алмаңдан калган тукум деп,
Мурунку көргөн Бозбала,
Араңдан жүргөн Чорого,
Акыреттик дос болду.
Жарты аякка аш берип,
Томуктуу жилик эт бербей,
Толук аяк аш бербей,
Жарым аяк аш берип,
Урубай кул колуна,
Канчоро баатыр тапшырган.
Ушинтип жүрүп өлсүн деп,
Ошолордун оюнда,
Жылкы батпайт быкылдап.
Чоң ополдун боорунда,
Ополдун жери кең экен.
Жедигердин кан Кыяз,
Жердеген жери тар экен.
Жетимиш эки жылкычы,
Мал бакчусу бар экен.
Кудай билет чын болсо,
Айда жорго минишет,
Жылкы баккан жылкычы,
Күлүктү бөлүп алышат,
Күндө күлүк чабышат.
Аргымак бөлүп алышат,
Айда күлүк чабышат.
Кара тоонун заңгелге,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Барып отун алчу эле,
Колуна алган жабдык жок,
Артынан ээрчип Бозбала,
Көп кишиге билинбей,
Урубай кулга көрүнбөй,
Балта кармап колуна,
Майга ороп Бозбала,
Талкан катып койнуна,
Артынан ээрчип келчү эле.
Акыреттик досум деп,
Күлчорого берчү эле.
Жанына жаш эт салчу эле.
Колтугунун астына,
Токоч катып алчу эле.
Кымыз коюп ичине,
Күлчорого барчу эле.
Баскан бутун талдырып,
Байкуш Чоро баатырдын,
Кымыз берип суусунга,
Бу Бозбала кандырып,
Башынан кайып баккан жер.
Арстан тууган эр баатыр,
Алданын берген азабын,
Мойнуна алып жаткан жер.
Кудай билет чын болсо,
Кыяздан бүткөн бала деп,
Алдага ыйлап зарланып,
Бир кудайга жалбарып,

Айчүрөк бала тапкан жер.
Он эки ай артык көтөрүп,
Белине белбоо курчанып,
Бери заада Айчүрөк,
Бетин кызыл ур чалып,
Жараткан алда бир кудай,
Жардам берер бекен деп,
Казаттан өлгөн шейиттер,
Кайнатабыз баш болуп,
Жакын келер бекен деп,
Белине жибек бууган жер.
Айчүрөк эркек тууган жер.
Айчүрөк эркек тууду деп,
Калк чогулуп келген жер.
Каны Кыяз баатырдын,
Арамдык кетпейт ичинен,
Кеч кучакташып атканда,
Бир төшөккө жатканда,
Мойнума колун артканда,
Боордошуп жатканда,
Билимбеди өзүмө,
Айчүрөктүн курсагы.
Көрүнбөдү көзүмө.
Кандай бала болду деп,
Эркек тууп койду деп,
Эр Кыяз билбей калганы.
Бир кудайдын жардамы,
Күндүзгүсүн болгондо,
Мойнуна курун салчу эле,
Бооруна басып кучактап,
Акундун кызы Айчүрөк,
Эркелетип калчу эле.
Келин менен кыз жыйып,
Керенелеп тон кылып,
Бери заада  Айчүрөк,
Оюн салып каткырып.
Түнкүсүн болгондо,
Кан Кыяздын койнуна,
Карала канчык жаткырчу,
Асылы бери Айчүрөк,
Кан Кыязды азгырчу.
Айчүрөк эркек тууду деп,
Ак саамайын өрдү деп,
Орто жашка келгенде,
Чоң Кыяз бала көрдү деп,
Эр Толтойдун жангызы,
Атадан жангыз болду деп,
Семетейден туубаптыр,
Баатыр Кыяз алганы,
Жашы өткөн чагында,
Кудай берип салганы.
Айчүрөк эркек тууду деп,
Калк чогулуп кам кылып,
Катында келип дан кылып,
Телегейин тең кылып,
Коңкайты келип ой кылып,
Кыяз менен акылдаш,
Калк чогулуп той кылып.
Ак сары башыл кой союп,
Ай туяк деп бээ союп,
Беш кандын элин алган жер.
Берен баатыр эр Кыяз,
Эл чогулуп барган жер.
Алтымыш жылкы сойдуруп,
Айчүрөк эркек тууду деп,
Карыларды жыйган жер.
Калк сураган кан Кыяз,
Келген элди кетирбей,
Бир ай багып турган жер.
Арам акыл ойлонуп,
Атын коюп бергин деп,
Этегиме алам деп,
Эңкейип жерге жыгылып,
Башын басып алам деп,

Ушу бала соо эмес,
Ушинтип эбин табам деп.
Арамзаада ойлонуп,
Жүргөн экен камданып,
Калк жыйылып толгон жер.
Аш-тамакка тойгон жер.
Кан Кыяздын баласын,
Айчүрөк табар чарасын,
Ат койдуруп болгон жер.
Табакка алтын зар алып,
Айры өркөчтүү ар алып,
Кудай билет чын болсо,
Ак табакка эт алып,
Ак супа жаап үстүнө,
Баатыр Кыяз кеп айтат:
«Баланы бергин» деп айтат,
«Этегиме салайын,
Эл астына барайын,
Элден бата алайын».
Деп ошентип эр Кыяз,
Кайра алып келейин.
Бергин Чүрөк колума,
Ат койдуруп берейин.
Кан Кыяз мойнун бурады,
Жаш баланы сурады.
Акундун кызы Айчүрөк,
Басып келип жанына,
Баатыр Кыяз канына,
Маңдайынан сылады.
Арстан төрөм эр Кыяз,
Уккун айтам кебимди:
«Баланы өзүм алайын,
Моюн алышып коштошуп,
Өзүм алып барайын.
Айчүрөктү алды деп,
Калкың көзүн салсын деп,
Алганы менен кошулуп,
Баланы алып келди деп,
Баатыр Кыяз улуктун,
Тилегин кудай берди деп,
Оң колуңду жайгын деп,
Асыл төрө султаным,
Баланы кармап мен турам,
Мына бу жаткан журтуңда,
Өзүң бата алгын»,– деп,
Бери заада Айчүрөк,
Кан Кыязды алдады.
Айтып салды жолуна,
Баланы катып койнуна,
Сары алтын менен көөхарды,
Сактыяк менен жакуттан,
Аралаша чаптырган,
Бери заада Айчүрөк,
Аркасына салган жер.
Баатыр улук Кыяздын,
Оң жагына тең басып,
Койнундагы баланы,
Бекем кармап алган жер.
Кошолонуп Айчүрөк,
Эр Кыязга кошулуп,
Берипте салып оюна,
Баланы бербей колуна,
Айчүрөк алып барган жер.
Канга ылайык экен деп,
Карылары баш болуп,
Айчүрөктү көргөндө,
Жардап көбө калган жер.
Калк чогулуп жарданып,
Жараткан экен кудай деп,
Канзаадага ылайык,
Башка тууган жан экен,
Ургаачыдан бир башка,
Маңдайы жарык жол кашка,
Белин саадак бууганы,

## СЕЙТЕК

Бу кан Кыяздын ырысы,
Кыяздан эркек тууганы.
Кары Үрбү кеп айтат:
«Акундун кызы Айчүрөк,
Асылы бери» деп айтат.
«Билесиңер акыры,
Кыяздан эмес» деп айтат.
Ошол элдин көбү айтат.
Кан Кыяз басып барганда,
Кол көтөрүп токтолуп,
Кыяз токтоп калганда,
Сол колуна бала алып,
Оң колун жайып турган жер.
Калк чогулуп чуркурап,
Кыяздан мурун кол жайып,
Башка киши экен деп,
Алакан жайып алышып,
Дарс окуган молдо кел,
Калк кыдырган кожо кел,
Эл сураган чечен кел,
Жоо дегенде дегдеген,
Эр Кыяздын баласы,
Атын жакшы койгула,
Акылы бар көсөм кел.
Ак сакалдуу карылар,
Ылайык атты кое албай,
Кудай билет чын болсо,
Эр Багыштын тукуму,
Эр Толтойдун жалгызы,
Эл чуркурап кеп айтат:
«Аты Темирбек болсун» деп айтат,
Бозбаланын атасы,
Жашы өтүп эмгектеп,
Карып калган чал экен,
Жашы өтүп улгайып,
Өлүмгө жакын барыптыр,
Куудай аппак башы бар,
Токсон менен сексендин,
Ортосунда жашы бар.
Таягы бар колунда,
Алакан жазып кол жайган,
Колуңарды жыйба деп,
Темирбек атты койгула,
Менин кебим уккула,
Таягын жерге сайган жер.
Карып калган өпөйүп,
Отуруп калган өчөйүп,
Эчен киши барчу эле,
Айтканы туура келчү эле.
Бата берип келгенге,
Алакан жазып кол сунуп,
Өзү бата берчү эле.
Атадан жалгыз Кыязга,
Артынан жолдош болсун деп,
Энеден эч ким жан эле,
Ушу турган каныңар,
Атадан жалгыз бала эле.
Мен айтайын тургула,
Отуруп албай барыңар,
Тойго тойгон карыңар,
Тура калгын баарыңар.
Ошо карып калган абышка,
Калкка кеби жукчу эле.
Айткан кебин укчу эле.
Кол көтөрүп алган жер.
Эки кандын тукуму,
Эп келтирип бир кудай,
Башын кошкон шекилдүү.
Артына арбак консун деп,
Мунун аты Сейтек болсун деп,
Калк чогулуп буркурап,
Аты Сейтек болду деп,
Айчүрөк менен Кыязга,
Батасын берди чуркурап.

Ак боз бээ сойгон жер,
Калың кара келген журт,
Аш тамакка тойгон жер.
Уйкаштырып баатырга,
Атын Сейтек койгон жер.
Айчүрөк тууп баккан жер.
Кыяздан бүткөн бала деп,
Алдейлеп багып жаткан жер.
Айчүрөк эркек тууду деп,
Канчоро деген досуна,
Кан Кыяз катка жазган жер.
Жазган кат алып колуна,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Катты ачып караса,
Семетейге аты уйкаш,
"Сейтек" деп атын койду деп,
Атын башка койдурбай,
Жедигер кандын Кыязга,
Арты жаман болду деп,
Чачыкей  коркуп болкулдап,
Семетей алган катындан,
Эси чыгып  солкулдап.
Канчоро кылды кайратты,
Чачыкейге кеп айтып:
«Катындык кылып коркосуң,
Эмине көрдүң» деп айтып,
Семетей сойгон колум деп,
Башынан чапкан жолум деп,
Баарысын сойгон колум деп,
Канчоро баатыр күүлөнүп,
Чачыкейге сүйлөнүп,
Бейли кара Чачыкей,
Кан Кыязга кат жазды,
Шашып киши атказды.
Калың элди жыйсын деп,
Кайра түлөө кылсын деп,
Бузулуп калды аты деп,
Малдан кармап сойсун деп,
Атын башка буруп койсун деп,
Акылыңдан адашып,
Айчүрөккө жанашып,
Эңгиреп эстен адашып,
Бери заада Чүрөккө,
Сен жүрүпсүң жанашып.
Сен эмине болдуң деп,
Семетейге аты уйкаш,
Атын Сейтек койдуң деп,
Кайра элди жыйгын деп,
Атын башка бургун деп,
Канчорого билгизбей,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Кан Кыязга кат берди.
Кагазды алып колуна,
Аттанып чыккан жолуна,
Бир катуу кабар келет деп,
Канча кабар берет деп,
Канчоро менен Чачыкей,
Кабар берип, кат жазып,
Бар деп киши атказып,
Барар жерин билди эми.
Бери заада Айчүрөк,
Кат алып келген кишинин,
Келер жерин билди эми.
Оромол көйнөк, ак булгун,
Оң имерип кийди эми.
Бери заада Айчүрөк,
Келе жаткан кишинин,
Жолун тосуп жүрдү эми.
Кепичи алтын, чогу жез,
Чын бадана, торгой көз,
Баса кийип алды эми.
Жолдон өткөн жолоочу,
Акундун кызы Айчүрөк,
Жолун тосуп калды эми.

# СЕЙТЕК

Ошо күнү кечинде,
Кеч убагы бешимде,
Жорго минип булкунуп,
Этек жеңи жайылып,
Келе жатат кабарчы,
Кесиреттүү Чачыкей,
Кылган ишин карачы,
Жолду тосуп алганда,
Жоодурап жакын барганда,
Астын тоскон Чүрөктүн,
Карaанын көрүп алган жер.
Калың элге жагыптыр,
Семетейде турганда,
Карылары чогулуп,
Бул Айчүрөк багыптыр.
Жүргөнү элге жагыптыр,
Айчүрөктү көргөндө,
Аттан түшө калган жер.
Чүрөк менен көрүшүп,
Кол кармашып өбүшүп,
Сыр айтышып калган жер.
Айчүрөк кармап кеп сурап,
Кайдан келдиң деп сурап,
Талас менен Кеңколдун,
Талаасынан келатам.
Аргын менен огойдун,
Арасынан келатам.
Сизди бала тууду деп,
Канчоро менен Чачыкей,
Эркек бекен чын бекен,
Кабарын алып келгин деп,
Кармап атты мингизип,
Алтын така, жез бүчү,
Бу кийимди кийгизди.
Канчоро биздин каныбыз,
Улуктугун билгизди.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Кары менен кемпирге,
Эне болуп турат деп,
Жашы толгон жигитке,
Жеңе болуп турат деп,
Шаша барып келгин деп,
Баланын аты ким экен,
Айтып келип бергин деп,
Канчоро менен Чачыкей,
Экөө бирдей жиберди.
Катты алды Айчүрөк,
Алаканга жайды эми,
Катты колго алды эми.
Оң бөйрөгү солк этип,
Оң жак эрди бүлк этип,
Чачыкей жазган экен деп,
Күлүп турат Айчүрөк.
Чачыкейдин жазганын,
Билип турат Айчүрөк.
Семетейге аты уйкаш,
Аты Сейтек койгону,
Жедигер кандын кан Кыяз,
Акылынан адашып,
Бул эмине болгону.
Атын башка бурсун деп,
Чачыкей кабар жазганы,
Бу кудайдын жардамы,
Атын угуп корккону.
Алмамбет менен Чубактын,
Семетей менен Манастын,
Бу төртөөнүн арбагы,
Кош айтышып кол берип,
Канга барып кеп айтпа,
Кат алып келдим деп айтпа,
Кабар угуп келдим деп,
Кан балалуу болду деп,
Келген элден кеп уктум.
Эркек бала тууду деп,

Ушу кепти мен уктум.
Келген киши кеп айтат,
Кеңкол менен Таласка,
Жүрөбүзбү деп айтат.
Баатырлар чапкан кең жолго,
Киребизби деп айтат.
Ушу шумдук заманга,
Канчоро элди билди деп,
Чачыкей атка минди деп,
Карылар ыйлап кайгырып,
Кайгылуу күнгө кабылып,
Мурутунан суу агып,
Эки көздөн жаш агып,
Муңдуу болгон эчен бар.
Айчүрөктү көргөндө,
Кол кармашып көрүшүп,
Буркурап ыйлап ийген жер.
Колдон кармап сооротуп,
Жандын баары аманат,
Жараткан алда бир кудай,
Баатырды койду саламат,
Чачылган дүйнө жыйылат,
Чапса болот кетилет,
Өлбөгөн киши жетилет.
Чапкан жерге так болбойт,
Оодарылат дүнүйө,
Кайра ордуна келгиче,
Шашкан менен бат болбойт,
Кан Кыяз менен көрүшүп,
Кат алып келген кишини,
Ак экенин билгенде,
Семетейди  көп эстеп,
Зар экенин билгенде,
Каныңменен көрүшүп,
Сен бу жерден кайткын деп,
Айчүрөк эркек тууду деп.
Шордуу байкуш энеме,
Эч кишиге билгизбей,
Өзүң барып айткын деп.
Арка чачын түйсүн деп,
Өлбөсөм берем колуна,
Өзүнөн бүткөн баламды,
Медер кылып жүрсүн деп.
Бери заада Айчүрөк,
Кабарчыга кеп айтып,
Кагазды алды колуна,
Атказды аны жолуна,
Аттанып жолго салгыча,
Кат алган киши баргыча,
Бери заада Айчүрөк,
Эчак барып калыптыр.
Жедигер кандын шер Кыяз,
Алтымыш солоон астында,
Ала кара тон кийип,
Айчүрөк турат жанында.
Дарбазанын жолунда,
Көчөлөрдүн боюнда,
Кылычтары колунда,
Адам барар жер эмес,
Кабылып калса кокустан,
Аман койчу эл эмес,
Көчөгө аскер ойнотуп,
Кудай билет чын болсо,
Жедигердин калаасын,
Чарбакты бөлөк салдырып,
Алыстан уста алдырып,
Айдан айга чоңойтуп.
Кудай билет чын болсо,
Манастын уулун сойдум деп,
Аргын менен огойдун,
Баарын алып койдум деп.
Калкын жыйып кам кылдым,
Канчорону кан кылдым.
Эчтемени ойлобой,

Келерди Кыяз билген жок,
Акундун кызы Айчүрөк,
Мурун барып көрүшкөн,
Кол кармашып өбүшкөн,
Канчоро кандын элинен,
Кандай келген киши деп,
Астын тосуп алышып,
Канчоронун эли деп,
Бу киши кандай келди деп,
Тегеректеп барышып,
Айткан сөзүн угушуп,
Амандыгын билишип,
Айбалта кармап бурашып,
Канчоро деген улуктун,
Амандыгын сурашып.
Турган экен токтолуп,
Чүрөктү Кыяз алган жер.
Бери заада Айчүрөк,
Калайыкка жар кылып,
Эр Кыязга келдим деп,
Ополдо турган чагымда,
Өрүмгө чачым жете элек,
Кайнатабыз эр баатыр,
Аламын деп барыптыр.
Атасынын төрүндө,
Кыз көңүлү сүйөбү?
Арбактын атын айтпайын,
Семетей менен кармашып,
Атасы өлүп калыптыр.
Адам болуп чочоюп,
Атанын канын алыптыр,
Баатыр атка конуптур.
Атасы арткан шер эле,
Мени аламын деди эле.
Буюрбаган иш экен,
Атасынын баласы,
Мен айлымдан кеп уктум,
Атасынан баласы,
Арта чыкты деп уктум.
Семетейди алганда,
Кеңколго чабуул барганда,
Жедигер каны Кыязга,
Өзүм сүйүп тийдим деп,
Мындан мурун бир канча,
Семетейде жүрдүм деп,
Эл чогулуп турганда,
Молдолор нике кыйганда,
Бооруна басканда,
Кучакташып көйкөлүп,
Эрип жыргап жатканда,
Арка чачым буудум деп,
Боюма бүтүп Кыяздан,
Эркек бала туудум деп,
Калайыкка кан кылып,
Карыларды чогултуп,
Баарынын көөнүн жай кылып,
Бери заада Айчүрөк,
Баракелде билгенге,
Баатыр бала Кыязга,
Жолдош болот экен деп,
Айчүрөк тууган бу бала,
Адамдын алы жетпеген.
Жолборс болот экен деп,
Бери заада Айчүрөк,
Айда түлөө кылчу эле,
Калк чогулуп келчү эле,
Атасынан ашсын деп,
Ай ааламды бассын деп,
Айза кармап жоо сайган,
Көсөм болсун дечү эле.
Акылын адам таппаган,
Чечен болсун дечү эле.
Бата тиер бекен деп,
Амалды Чүрөк кылчу эле.

Жедигер кандын эр Кыяз,
Алтын туу берип колуна,
Салган Чүрөк жолуна,
Айчүрөктү көргөндөр,
Аш тамагын бергендер.
Адамдан артык туулган,
Башка киши экен деп,
Келген киши айтчу эле,
Өмүрү узун болсун деп,
Бата берип кайтчу эле.
Балтыр бешик чагында,
Балапан жүнү маңдайда,
Эненин сүтү таңдайда,
Чырымтал түгү этинде,
Талпынып турган кезинде,
Улуу кароо улук эл,
Бала келип көрдү эле.
Баланы байкап караса,
Оңкоро мурун, жайык бет,
Жазы маңдай, жаргак көз,
Отого башка көрүнөт.
Улам байкап караса,
Эки беттин отунда,
Аламандын бетинде,
Кудай билет чын болсо,
Уюган кара каны бар.
Кандай бала болот деп,
Калың кара жедигер,
Атка минип чоңойсо,
Колу менен аш ичип,
Балапан жүнү кеткенде,
Он экиге жеткенде,
Баатыр атка конот деп,
Кыйдылары кеп айтат.
Кылгырдын уулу Мусабек,
Кан Кыязга кеп айтат,
Акундун кызы Чүрөктү,
Алдым дейсиң деп айтат.
Сенден бүткөн бала эмес,
Түрү башка бала экен,
Түктүү чаар жыландай,
Киши корккон бала экен,
Жедигер кандын эр Кыяз,
Элинен элес кеп угат,
Кудай билет чын болсо,
Үчкө жашы толгондо,
Билгирлерди алайын,
Устарага уу тартып,
Ишаратты кылганга,
Адал кылып турганга,
Кадимки Кыяз ой кылып,
Калк чогулуп той кылып,
Шариятка сыйдырып,
Айланы минтип табайын.
Айчүрөккө билгизбей,
Уу тарттырып балага,
Ошондо жайлап салайын.
Ушакчы тилин алчу экен,
Кулагын Кыяз салчу экен,
Карындын тилин алчу экен,
Кулагына салчу экен,
Айчүрөк тууган баланы,
Кан Кыяз тарткан санааны,
Оромол тонду кийген жер,
Жедигердин кан Кыяз,
Бул ойлонуп жүргөн жер.
Үчкө жашы толгон жер,
Уу тарттырып кескени,
Устаранын бетине,
Уу тарттырып мизине,
Сыртын суугa салдырып,
Мизин ууга малдырып,
Канкорду даяр кылган жер,
Жашатпаска баланы,

Канкор Кыяз жыйган жер.
Калк чогулуп толгон жер,
Сүрүнөткө тургузуп,
Тамак берип болгон жер.
Жедигер кандын эр Кыяз,
Алты кожо, он молдо,
Кыязга Чүрөк багынып,
Кудай менен арбакка,
Зарлап ыйлап жалынып,
Баланы Чүрөк тапкан жер.
Аркалап Чүрөк баккан жер,
Бешиктен бели чыкканда,
Эңкейип колун сунганда,
Эмгектен бала турганда,
Баланын түрүн бурганда,
Беризаада Чүрөктүн,
Ойлонуп тапкан акылы,
Кудай билет чын болсо,
Сана ойлоп саргарып,
Акундун кызы Айчүрөк,
Ойлоп акыл токтотуп,
Баланы койду Айчүрөк,
Кан Кыязга окшотуп.
Оң колуна алган жер,
Жаш баланы колтуктап,
Төрөсүнүн атына,
Баланы алып барган жер,
Кыяздын берди колуна,
Айнекти берип бетине,
Амалы бар Айчүрөк,
Акыл айтып өзүнө,
Баланы колго алганда,
Салмагы бар баланын,
Сары алтындай болуучу,
Беризаада  Айчүрөк,
Арстан төрөп баатырсың,
Адамдан башка асылсың,
Ойлогон оюң токтойт деп,
Бу балаң кимге окшойт деп,
Беризаада Айчүрөк,
Кан Кыязга кеп айтып,
Көңүлүңдү бөлөсүң,
Баланы жаман көрөсүң,
Балаң кимге окшойт деп,
Амалдуу Чүрөк барыптыр.
Өзүмдүн балам экен деп,
Ойлогонум бекер деп,
Оң тизеге ойнотуп,
Сол тизеге сооротуп,
Баланы кармап баккын деп.
Кошолонуп бир жүргөн,
Алган зайбы Чүрөккө,
Бу баланы таптың деп.
Беризаада Чүрөккө,
Багынган жери да ошол,
Айчүрөк тууган балага,
Алынган жери да ошол,
Башын катып койнуна,
Мингизип алып мойнуна,
Өзүмдүн балам экен деп,
Арстан Кыяз эр баатыр,
Алгыр куштай алкынтып,
Балапандай талпынтып,
Баатыр Кыяз баккан жер.
Байкуш Чүрөк бу карып,
Ойлонуп акыл тапкан жер.
Жаман кийим кийгизип,
Бирөөнүн көзү тиет деп,
Беризаада Айчүрөк,
Эр Кыяз канды билген жер.
Эркелетип баланы,
Эрмек кылып жүргөн жер.
Калайлап бала баккан жер,
Кан баласы Айчүрөк,

Эр Кыязга жаккан жер.
Үч жашка бала чыкты деп,
Беризаада Айчүрөк,
Бектерди жыйып келгин деп,
Балаңын тогон бергин деп,
Кудай билет чын болсо,
Мамыга аркан керем деп,
Орто жашка келгенде,
Оодарыла бергенде,
Айчүрөк тууган баланы,
Жакшы жаман жыям деп,
Калың түлөө кылам деп,
Кырбы чал келип көп айтып,
Кызыкпа Кыяз балага,
Баландын башка түрү бар,
Бакырып бала ыйласа,
Баатыр Манас үнү бар.
Бала кылып эрмектеп,
Эркелетип алыпсың,
Элден башка түрү бар.
Ээлигип бала ыйласа,
Семетейдин үнү бар.
Арамзада Кырбы чал,
Айтып кетти Кыязга,
Элден эптүү эл жыйып,
Кудай билет чын болсо,
Эл карысын көп жыйып,
Уламалуу карыдан,
Ушак айткан баарынан,
Узун кулак укмуштуу,
Кан Кыяз колго алган жер.
Бу баланы өлүмү,
Айчүрөк колдон чыгат деп,
Кантип чыдап турат деп,
Чүрөктү колдон чыгарсаң,
Менин эр кандыгым уят деп,
Эптүүлөргө тон берип,
Эбин таап өлтүр деп,
Эр Эшен менен Мангулга,
Албан албан аш берип,
Минерине ат берип,
Киерине тон берип,
Уу албарстан алдырып,
Устараны салдырып,
Үчкө чыккан баланы,
Өлтүрүүгө кам кылып,
Амалы бар эптүүнү,
Жедигердин кан Кыяз,
Аты берип жай кылып,
Он эки бээ сойдуруп,
Эл түгөткүс той кылып,
Жедигердин кан Кыяз,
Билгизбей элге ой кылып.
Калк чогулуп келгенде,
Калың түлөө бергенде,
Баланы колго аларда,
Жетелеп Кыяз барарда,
Байпагы жок жыңайлак,
Тебетей жок жылаңбаш
Көйнөгү жок жылаңач,
Бир дубана кабылды,
Асасы бар колунда,
Казал айтып какылдап,
Калк аралап закымдап,
Чимирилип чарк урса,
От жагылат оозунан.
Калк чогулуп жарданып,
Дубананы көргөндө,
Жакаларын карманып,
Эл чогулуп жарданып,
Этектерин карманып,
Эр дубана буруктум,
Казалына таң калып,
Баланы алып келерде,

Дубана болуп барганы,
Чочогун өзүм кесем деп,
Эр Кыяздын колунан,
Дубана жулуп алганы.
Кийиз кыны белинде,
Эки миздүү шамшарды,
Дубана колго алганы.
Кудай билет чын болсо,
Бери заада Чүрөктүн,
Берген жерин билгени,
Кайнатасы баатырдын,
Колдоп жүргөн бирлери,
Келген жерин билгени.
Баланы колго алганы,
Чочогунан кармады,
Кан диркиреп куюлуп,
Кээ бирөө көп айтат,
Кесип кетти!– деп айтат,
Кээ бирөө кеп айтат,
Сыйпап кетти!– деп айтат.
Казал айтып барган жан,
Эр Манасты колдоочу,
Баабедин болгон жолдошу.
Ушундай жерде колдоочу,
Көрүп турган калың журт,
Дубанага жалынып,
Баары калды багынып.
Чочок кести арамза,
Устара кармап уялбай,
Дубананы көргөндө,
Токтоп чыдап тура албай,
Акылынан шашкан жер,
Адамдар шашып качкан жер.
Атасынан бабасын,
Башынан кайып баккан жер.
Аргын менен огойду,
Канчоро, Кыяз эки шер,
Колуна алды талкалап,
Курган жанга билгизбей,
Бери заада Айчүрөк,
Баланы багып калкалап,
Убагына жетсе деп,
Ондон жашы өтсө деп,
Абасына кошулса,
Арбак жолго салар деп,
Ак жибек кармап колуна,
Түйүп жүрөт Айчүрөк.
Кыязга сырын билгизбей,
Күйүп жүрөт Айчүрөк.
Күлчоро эти бузулуп,
Өлгөн иттей жыттанып,
Айчүрөккө жиберип,
Башка жан барбайт жанына,
Айчүрөккө барсын деп,
Жаман жытын кетирип,
Кайра чолок келсин деп,
Кызмат кылып берсин деп,
Жылкычы башы Жоодары,
Бек Урубай кеңешип,
Коңкайтыга кеп айтып:
«Мына бу турган чолоктун,
Коркор жери калган жок.
Жыты кетти бузулуп,
Айчүрөккө барсын деп,
Өз жеңеси болгон соң,
Жаман жытын жуусун деп,
Тазаланып бул чолок,
Кайра тартып келсин деп,
Жумуш кылып берсин деп.
Бозсандал деген байталы,
Басып жылкы жетпеген,
Талпаңдуу чөптөн үзбөгөн,
Ылайлуу суудан ичпеген.
Көп жылкыдан бөлүнгөн,

Кан Кыяздын жылкысын,
Булут ойноп жут алса,
Калган эчен өлүмдөн.
Башка жылкы мингизбей,
Боз байталды минсин деп,
Кан шаарына барсын деп,
Балаалаган жаратты,
Жеңеси Чүрөк жуусун» – деп.
Урумкул менен Жоодары,
Карагул менен Коңкайты,
Бек кеңешип алышып,
Күлчорону күйгүзө,
Ачууланып кеп айтып:
«Арам өлгөн чолок кул,
Кыяз кандын шаарына,
Айчүрөктүн жанына,
Барып келгин» деп айтып,
Жытың жаман буркурап,
Баатырсыган кайран эр,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Сөөгү какшап зыркырап,
Айчүрөккө баргын деп,
Башта жүрчү Күлчоро,
Аманат жандан түңүлүп,
Семетейдин барында,
Аргын менен огойду,
Айдап жүргөн чагында,
Кармаша чыккан душманды,
Жайлап турган чагында.
Чоң жүрөгү болкулдап,
Кетти Чоро сүйүнүп,
Күлчорону кор кылып,
Ит кементай кийгизип,
Бу душмандын бакканы.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Адамдан башка кор болуп,
Баатырлар кебин укканбы,
Байкуш Чоро сүйүнүп,
Башта жүргөн Күлчоро,
Чымындай жандан түңүлүп,
Айчүрөккө барсам деп,
Абамдан калган баланы,
Аман-эсен көрсөм деп,
Дидаарын көрүп өлсөм деп,
Зарлап жүргөн Күлчоро.
Күлчорого дос бала,
Астына келип кеп айтып:
«Кандай кылып барат деп,
Шаарды кантип  табат деп,
Ара жолдо бу шордуу,
Атка минер алы жок,
Басып жетер шайы жок».
Айтып турат Бозбала,
Карагул башчы кеп айтат:
«Элкин басып оттогон,
Ээн жерге токтогон,
Жылкыга ыркын кошпогон,
Байталды алып кел» деди.
Чолокко токуп бер,– деди,
Ансайын Чоро дегдеди,
Байталга  досу барган жер.
Дос экенин жөн билбейт,
Башына окто салган жер,
Кармап алып жетелеп,
Күлчорого барган жер,
Кементай жаап үстүнө,
Окто катып башына,
Эч нерсе салбай астына,
Урубай турат күүлөнүп,
Кызыталак чолок кул,
Катуу жүрүп алба,– деп.
Байталды бердим колуңа,
Бөөдө өлтүрүп салба,– деп,
Алты күндөн өтпөй кел,

Жети күнгө жетпей кел,
Алалык сенин башыңды,
Кыямын сенин жаныңды,
Өкүлдөгөн зор неме,
Отун жүктөп келүүгө,
Токулга токуп келүүгө,
Капталы темир, кашы жыгач,
Муну токуп бер,– деди,
Ансайын Чоро дегдеди.
Темир каптал, жыгач каш,
Бастыра токуп берген жер.
Колтуктап атка мингизип,
Алты күн жүрчү арада,
Ачкасынан өлөт деп,
Кудай билет чын болсо,
Майга талкан салыптыр,
Томолоктоп алыптыр,
Эч адамга билгизбей,
Күлчорого бериптир,
Кокус билип коет деп,
Дамбалы жок көрүндө,
Бутундагы чалбары,
Бу кудайдын буйругу,
Такымына салганы.
Жылкычыдан бөлүнүп,
Арстан Чоро куу тумшук,
Көөнү эчен бузулуп,
Көкүрөктү чымын жан,
Кетүүчүдөй сызылып.
Атаңдын көрү дүйнөнүн,
Абакем баатыр барында,
Аттанып чыгып жоо сайып,
Алып жүргөн чагымда.
Каныкей менен Бакайды,
Багып жүргөн чагымда.
Жибек булгуп ак жака,
Кийип жүргөн чагымда.
Аргын менен огойду,
Билип дүргөн чагымда.
Атаңдын көрү көр дүйнө,
Башыңа түштү шум дүйнө,
Обоз тоону кыр кырдап,
Ошондо өлбөй не болдум.
Адыр-адыр чөл басып,
Ала мойнок жер басып,
Кара-Кыя кыштакты,
Кыра кыра кыш төбө,
Кое берип мингени,
Боз кийизди төшөнүп,
Кементайын жамынып,
Күлчоро уктап жатты деп,
Казы кертип, жал чайнап,
Балга салып, дан чайнап,
Тоюп калган эмедей,
Арстан баатыр Күлчоро,
Уктап калды элебей.
Талаага уктап калган жер,
Таң жаркырап аткан жер,
Баатыр бала Күлчоро,
Эки жагын каранып,
Эр Күлчоро кайран эр,
Эмгектеп жерди таянып,
Кесип койгон далыдан,
Оргуп кара кан агып,
Аппак канга аралаш,
Кудай билет чын болсо,
Ириң агып чууруп,
Аксамындап жуугандай,
Атка минип тургандай,
Ары бери басканды,
Маңдай жагын караса,
Арстан ойноп кабышып,
Бала чаар жолборстор,
Алар жүрөт жарышып,

Көсө куйрук көк бөрү,
Өөдө салып ойноду,
Ылдый чуркап жойлоду,
Ажыдаар ак жылаан,
Как астынан сойлоду,
Кудай билет чын болсо,
Баарын көрүп алган жер.
Жутуп ийчү немедей,
Күлчоронун астына,
Ажыдаар сойлоп барган жер.
Сойлоп барган ажыдаар,
Атасы Манас баатырдын,
Алып жүргөн жолдошу,
Арстандар ойноп алышкан,
Аюулар келип кабышкан.
Асты астына бөлүнгөн,
Алмамбет, Чубак, эр Сыргак,
Бу баатырлардын жолдошу.
Бала чаар ак жолборс,
Бу Күлчоронун жолдошу.
Ак жолборс барып жанына,
Тура калды алдына.
Бир колдогон Күлчоро,
Мойнунан кармап бурган жер.
Астына келген ак жолборс,
Күлчорону кучактап,
Учурашып турган жер.
Баатырга кудай дем берип,
Абактар келип жан берип,
Элдир-селдир жаны бар,
Эр Күлчоро кайран жер,
Куран окуп алган жер,
Алаканын жайган жер,
Оң муруту өрүлүп,
Олуя заада Чорого,
Арасынан бабасы,
Колдоп жүргөн бирлери,
Чогуу келди көрүнүп,
Карып болуп кайгырган,
Алакеңдин Күлчоро,
Өлөйүн деп камынган.
Өлүмгө башы берилген,
Минген атын караса,
Аккан сууну бойлоп тур.
Ак жолборс менен алышып,
Ары бери жарышып,
Минген байтал ойноп тур.
Эр Күлчоро кайран эр,
Эгендин канын төктүм деп,
Кайраттанып калган жер,
Байталын кармап алган жер,
Чоро кармап минген жер,
Май талканы койнунда,
Оң колуна алган жер,
Алаканга салган жер,
Алда таала кудурет,
Артын берер экен деп,
Алмамбет менен Чубакка,
Ажыбай менен Үрбүгө,
Серек менен Сыргакка,
Колундагы таманын,
Арап(ча) куран окуду,
Боз байталды токуду.
Эр Күлчоро кайран шер,
Ээрге бутун салганда,
Ыңырчап тонун алганда,
Минип келген боз байтал,
Куйругу бар бир кучак,
Кудай билет чын болсо,
Жылкы эмес тобурчак,
Көкүлү алтын бөлүнүп,
Жалынан көөрү төгүлүп,
Кудай билет чын болсо,
Өзү байтал жаныбар,

Күлчоро байкап караса,
Буурул аттын шаңы бар,
Айбандан башка жаныбар,
Алда деп атка минген жер.
Баатыр бала эр Чоро,
Шаарды көздөй жүргөн жер.
Ошо күнү кечинде,
Бешим өткөн кезинде,
Ашканы Ала-Бел болгон.
Жылкычы менен шаардын,
Арасы алты күндүк жер болгон.
Жылкычылар кеп айткан,
Алты күндөн өтпө!– деп,
Жети күнгө жетпе!– деп,
Жылкычыдан бөлүнүп,
Ары барып конгону,
Арасынан бабасы,
Колдоп жүргөн бирлери,
Баарын көрүп Күлчоро,
Жараткан алда бир кудай,
Келтирер экен кезекти,
Булут ойноп бурулуп,
Кудай билет чын болсо,
Мунарык шаар көрүнөт.
Ара күлдүн алты шаар,
Ара конуп келгенде,
Алмасы өсүп мунарык,
Кудай билет чын болсо,
Калаанын үстү мунарык,
Булут ойноп тунарып,
Астындагы мингени,
Ит кементай кийгени,
Кудай билет чын болсо,
Жаман деген куу байтал,
Алгарадай жүргөнү.
Берет экен кудай деп,
Баатыр Чоро билгени.

Күүгүм жерге күн бата,
Элдин асты тим жата,
Мунарган сонун калаага,
Күлчоро кирип барган жер.
Кан Кыяздын ордого,
Дарбазанын оозуна,
Күлчоро жакын калган жер.
Дарбазанын жолунда,
Кылычтары колунда,
Балталары жанында,
Айзалары карыда,
Мылтыктары далыда,
Эн эки солоон, кырк желдет,
Кан эшигин кайтарган.
Кудай билет чын болсо,
Күлчоро барды аралап,
Адамдан  башка салпаяк,
Адам орду бир таяк,
Канга салган ордого,
Кандай билбей келдиң деп,
Кудай билет чын болсо,
Ачууланып кеп айтып,
Өлтүрөлү!– деп айтып,
Сокоон менен аскерин,
Калк сураган кан Кыяз,
Эрке кылып үйрөткөн.
Бу бейтаалай Чорону,
Көчөнүн ичин чоң кылып,
Тоскон аскер сүйрөткөн.
Түн жамынып алат деп,
Түндө пайда берет деп,
Кудай билет чын болсо,
Эртең менен болгондо,
Эл чогулуп толгондо,
Эшендер асан койгондо,
Амаз маалы болгондо,
Улук Кыяз кан баатыр,

Боюн сууга салган жер,
Байдааратын алган жер,
Мечитке басып барарда,
Амаз окуп аларда,
Эр Кыяздын желдети,
Урган экен сулатып.
Чоро жатат дардайып.
Барып Кыяз караса,
Байкуш Чоро көрүнөт,
Бу да болсо шер эле,
Бу кишиден кайдан кем эле,
Кайдан келип өлдү деп,
Кыяз башын жөлөсө,
Бу кудайдын буйругу,
Сүлдөрү бар дарман жок,
Сүйлөр алы калган жок.
Арбагы бар дарман жок,
Айтар алы калган жок.
Баатыр Кыяз кыйкырды,
Бай кожолор келгиле,
Келип өлүп калыптыр,
Чоронун сөөгүн алгын!– деп,
Алып үйгө барсын!– деп,
Мен мечитке барайын,
Амаз окуп алайын,
Кайра тартып келейин,
Амазга келген кишинин,
Баарын жыйып берейин.
Ак кепинге салсын,– деп,
Жаназасын окушуп,
Алып көргө барсын,– деп,
Кан кандыгын кылган жер.
Беризаада Чүрөктү,
Кабар берип турган жер.
Айчүрөк басып барган жер,
Туруп көрүп калсын деп,
Түбү түшкөн бул заман,
Оромол көйнөк кийдим деп,
Атаңдын көрү дүйнөнүн,
Аман болор бекен деп,
Кыязга келип тийдим деп,
Кызматын кылып жүрдүм деп,
Бери көрүп алсын деп,
Өлбөй аман чоңойсо,
Беренин көрүп калсын деп,
Ababыз мындай экен деп,
Бала чунак жетимди,
Өлүп калган экен деп,
Айчүрөк байкуш өкүндү.
Бала Сейтек чунакты,
Оң колунан алды эми,
Баланы алып барды эми.
Башын жөлөп Айчүрөк,
Колтугуна кол салып,
Жараткан алда бир кудай,
Желке чачым түйдүм  деп.
Сени өлбөй күйдүм деп,
Уул сенин барыңан,
Кыязга келип тийдим,– деп,
Эч кишиге билгизбей,
Бото болуп болкулдап,
Тал чыбыктай солкулдап,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Көңүлү эчен бөлүнүп,
Айчүрөк ыйлап турган жер.
Көчөдө жаткан өлүккө,
Тентек бала барган жер.
Кармап колдон алган жер.
Бетин ача салган жер,
Кармап алып желдеттер,
Күлчорону урган жер.
Баш көтөрүп караса,
Айчүрөк бала жанаша,
Кудай билет чын болсо,

Кырдуу мурун, жайык көз,
Кысып айтам узун сөз,
Семетей түрү көрүнөт,
Жер таянып Күлчоро,
Чыканактап кыйшайып,
Айчүрөк менен баланын,
Түрүн көрүп оңолуп,
Калган экен Күлчоро.
Кара канга боелуп,
Бери заада Айчүрөк,
Баатыр Чоро кайнисин,
Бар экенин көргөн жер.
Жараткан алда арбактын,
Жар экенини көргөн жер.
Чоро менен сүйлөшпөй,
Кайра басып алган жер.
Алган бою Кыязга,
Аш тамагын даярлап,
Кыязды күтүп калган жер.
Эшен, молдо ичет деп,
Эр Кыяз үйгө барган жер.
«А  да болсо шер эле,
Бу кайсы эрден кем эле,
Күлчоро келип өлүптүр,
Ак кепинге салгыла,
Көр каздырып берейин,
Тарап кетпей баарыңар,
Көргө алып баргыла.
Бу да болсо мусулман,
Жаназа окуп көмгүлө»,
Каны баатыр эр Кыяз,
Элине айтып турган жер,
Бери заада Айчүрөк,
Элге кызмат кылган жер.
Дасторконун жайган жер.
Аш-тамагын берген жер.
Эр Кыязга кеп айтып:
«Каным төрө эр Кыяз,
Өлдү деген чоро кул,
Өлбөй тирүү жатыптыр.
Сүлдөрүн көрүп келдим деп,
Үйгө алдырып  бергин  деп,
Ырбап калган жарага,
Дары-дармек салайын,
Айыктырып алайын,
Жылкычыга кызматкер,
Чолок өңдүү кылайын»,
Айчүрөк айтып турган жер.
Каны Кыяз макул деп,
Кандай кылмыш  кылды деп,
Желдет менен солоонун,
Баарын жыйып турган жер.
Кан Кыяз сурап алган жер.
Сураганда кеп айтат:
Күүгүм кирди, күн батты,
Жылдыз толуп эл жатты.
Байтал минип балкылдап,
Келип калды салпылдап,
Ким экенин билбедик,
Бу көчөгө сүйрөдүк,
Өлгөн эмес тирүү деп,
Өлгөн жандын бири  деп,
Сураса айтты ушу кеп,
Эки солоон, үч аскер,
Барып алып келгин деп,
Канзаадага  шек болот,
Арам угар кеп болот,
Таалайына салдырды,
Көчөдө жаткан Чорону,
Кандыгы бар кашында,
Дөөлөтү бар башында»,
Арстан Кыяз алдырды,
Өлө элек тирүү экен деп,
Тактага салып көтөрүп,

Желдеттер алып келген жер.
Айчүрөккө берген жер.
Ырбап калган жаратка,
Айчүрөк дары куйган жер.
Каны жинин жууган жер.
Бир колдогон Күлчоро,
Эс алып өөдө турган жер.
Кирдүү киймин жууган жер.
Бери заада Айчүрөк,
Кудай билет чын болсо,
Өзү тууган баланы,
Колдон кармап алган жер.
Айчүрөк алып барган жер.
Баланы байкап караса,
Кичинекей жаш бала,
Үчтөн жашы өтүптүр,
Төрткө жакын кетиптир,
Буркурап жыты көрүнөт,
Баланын көөнү бөлүнөт,
Коңурсуган акмакты,
Коркпой алып келесиң,
Буга кантип тамак бересиң.
Айдап ийгин арага,
Барып өлсүн талаага,
Бармактай бала күүлөнөт,
Айчүрөккө сүйлөнөт.
Үнү чыгат бир башка,
Бери заада Айчүрөк,
Оң жагына бир салып,
Сол жагына бир салып,
Жаа асынган мойнуңа,
Оңолбогон жайлагыр,
Бара бергин ойнуңа,
Сейтекти Чүрөк бөлгөн жер,
Күлчоро түрүн көргөн жер.
Кудай билет чын болсо,
Жаа асынып мойнуна,
Кетти бала ойнуна,
Каны жинин жууган жер,
Жарага дары куйган жер,
Баатыр Чоро кайран шер,
Баланы көрүп тунган жер,
Башчылары кеп айткан,
Алты күндөн өтпө деп,
Жети күнгө жетпе деп,
Өлтүрөбүз деп айткан.
Ит кементай биттүү тон,
Кагып берип Айчүрөк.
Этек жеңи бөлүнгөн,
Бүрүп берди Айчүрөк.
Ырбап турган жарага,
Катып жүргөн дарыны,
Куюп берди Айчүрөк.
Канына каткан кийимин,
Көйнөк менен ыштанын,
Жууп берди Айчүрөк.
Жылкычыдан кор болуп,
Кечигип калса урат деп,
Азык-түлүк мол берип,
Күлчоро минген байталды,
Каны Кыяз алдырып,
Жембаштык башка илдирип,
Айчүрөктөн кеп угуп,
Күлчоро тирүү,– деп угуп,
Баккан малга барсын деп,
Барып кызмат кылсын деп,
Кудай билет чын болсо,
Отун алып берсин деп,
Жылкычыга барсын деп,
Ай караңгы түн өтүп,
Ортодон алты күн өтүп,
Байталга Чоро мингизип,
Этке кийген көйнөгүн,
Көткө кийген ыштанын,

Беризаада Айчүрөк,
Эр Кыязды чечтирип,
Күлчорого кийгизип.
Кудай билет чын болсо,
Куруп калган куу тумшук,
Бу жерге жатып алба деп,
Бөөдө өлүп калба деп,
Убагында баргын деп,
Жоонун мизин майтарган,
Түндө аттанып жол салган,
Күндүз жылкы кайтарган,
Мына бу турган баатырдын,
Жылкычысын баккын деп.
Сен бу жерден кайткын деп.
Мээнеттүү Чүрөк бу байкуш,
Күлчорону жөнөтүп,
Төрөсүнө билгизбей,
Кол кармашып коштошуп,
Кайнисин жолго салган жер.
Кан Кыяз билбей калган жер.
Кудай билет чын болсо,
Алты күндүк алыс жол,
Байтал минип балкылдап,
Этегин жайып талпылдап,
Ырбаган жара карт алып,
Күлчоро барды малына,
Жылкычы башы Карагул,
Барды мунун жанына.
Алты күндүк алыс жол,
Басканына мол жеткен,
Желгенине жел жеткис,
Мылтык атса ок жеткис,
Сууда сүзгөн балыкпы?
Же көлдө жүргөн кайыкпы?
Же айланып учкан шумкарбы?
Күлчоро минген боз байтал,
Жылкы эмес тулпарбы?
Күлчоро барды жанына,
Жылкычылар жарданып,
Чорону көрүп таңгалып,
Жылкы айдап көп жүргөн,
Өлөт Чоро деп жүргөн,
Өлөлекте Күлчоро,
Өз жеңесин көрсүн деп,
Жеңесин көрүп өлсүн деп,
Өлмөк турсун Күлчоро,
Калган экен шаңданып.
Кайда аркан деп сурап,
Орулга барам деп сурап,
Кудай билет чын болсо,
Тоодон отун алган жер,
Карагай менен теректи,
Каршы чыгып сулатып,
Алтымыш кулач кыл аткан.
Эки бүктөп алыптыр,
Эптесе эки ай жагуучу,
Кудай бетин көргөзбө,
Айдалыга салыптыр.
Күлчоро карып барыптыр,
Алып келген отунун,
Кандай алып келди деп,
Эл чогулуп жарданып,
Алтымыш эки жылкычы,
Көтөрүп келген отунга,
Казан асып эт басып,
Отун алып от жагып,
Түнүпкүсүн болгондо,
Жер үңкүргө жатчу жер,
Тараза жылдыз батарда,
Күлчоро отту жакчу эле.
Жарым аяк аш ичпей,
Жарты жилик эт жебей,
Жабдык бербей колуна,
Жылкычылар чогулуп,

Кордук менен баккан жер.
Кор болуп Чоро жаткан жер.
Ажал жетпей жан өтпөйт,
Атасы менен дос эмес,
Энесин көргөн бала эмес,
Күлчоро менен бир жүрүп,
Сыр билишкен жан эмес,
Бейлине кудай салган жер,
Берииште жакын барган жер,
Жедигердин эли эле,
Ошо карып болгон Чорого
Ошо акыреттик дос болуп,
Бир бала багып калган жер.
Кудайга иши жагыптыр,
Колдогон бири бар экен,
Өлбөсө Чоро оңолот,
Жеңдим деген душманы,
Өзүнөн өзү жоголот.
Эмчектеш болгон агасы,
Тай кулундай тебишкен,
Талашып эмчек эмишкен,
Тел козудай жагынткан,
Тендешем деген душманды,
Канчоро менен Күлчоро,
Экөө сайып багынткан.
Канчоро кылган кастыкты,
Кан Кыязга кошулуп,
Кан Манас күткөн жалпы журт,
Бөлүп-бөлүп таштады.
Кече Таласты барып чапканда,
Аргын менен огойду,
Асты-астынан бөлгөндө.
Алтын менен күмүштү,
Олжо кылып көргөндө.
Ошондо көргөн Бозбала,
Кеңкол менен Таласты,
Үстүнөн туман кетпеген,
Кудай билет чын болсо,
Атасынан баласы,
Бир колдогон эл экен.
Кеңкол менен Таласы,
Жарыктык беренелүү жер экен.
Ушу бири кетпесе,
Жараткан алда бир кудай,
Салат экен оңуна,
Чабуулга кеткен көп журтту,
Колдогону бар экен.
Бу Күлчоро өлбөсө,
Алат экен колуна,
Берииште айдап дос болуп,
Күлчоронун багына,
Кудай билет чын болсо,
Жаратылган жан экен.
Ар демени көп билген,
Эл аралап көп жүргөн,
Бир колдогон бала экен.
Баатыр бала Күлчоро,
Колго түшүп кор болуп,
Жылкычылар чоң болуп,
Айдап турган кези ошол,
Эки көзү жалдырап,
Жайнап турган жер ошол.
Маңдайын басып кебер тер,
Кайнап турган жер ошол.
Ошо Күлчорого дос болгон,
Бир жаш бала көрүптүр.
Ачкасынан өлсүн деп,
Кан Кыяздын буйругу,
Жарты аяк аш бербей,
Жарты сыным нан бербей,
Жээрге булчуң эт бербей,
Кордукту Чоро тарткан жер.
Эч кишиге билгизбей,
Бир жаш бала баккан жер.

Шаардан кайра барганда,
Урумкул менен Жоодары,
Урубай менен Коңкайты,
Кашкары деген кары бар,
Кымыз ичип эт жеген,
Карылары дагы бар.
Кудай билет чын болсо,
Талаага толгон мал экен,
Кан Кыяздын жылкысы,
Так жети миң бар экен.
Баштап жүргөн Карагул,
Бөлүп-бөлүп берчү экен,
Карагул кебин укмакка,
Жылкычылар келчү экен.
Чоронун түрүн көргөндө,
Кор болгонун билгенде,
Жакаларын карманып,
Күлчорону көргөндө,
Эр ушундай болобу?
Эр Күлчоро баатырдын,
Өлбөстүн кийимин кийгени,
Өлбөй тирүү жүргөнү,
Өчпөстүн отун жакканы,
Өлтүрбөй муну бакканы,
Өлбөсө күндү көрөт го,
Же болбосо Күлчоро,
Ушинтип жүрүп өлөт го.
Көргөндөрү кеп кылып,
Башчысынан укчу экен,
Кудай билет чын болсо,
Күлчорону көргөндөр,
Капа болуп кайгырып,
Карагулдан кеп угуп,
Кайрылып кошко барчу экен.
Эрдин колго түшкөнү,
Эр Кыяздын күткөнү,
Же башын алып салбайт деп,
Өлтүрүп өчү канбайт деп,
Өзүнөн өткөн шер эле.
Же жакшы багып албайт деп,
Жылкычылар кеп кылып,
Кокустан укса Карагул,
Баарыбызды жайлайт деп,
Күлчоро карып болгон жер.
Койнуна көк бит толгон жер.
Жаны чыкпай кысылып,
Чалкардан отун алганда,
Кабыргасы кайышып,
Омурткасы майышып,
Көтөрө албай калганда,
Бу көрөкчө өлсөм деп,
Кайгыланып жатчу экен.
Жараткан кудай жалгыз ак,
Мени албай койду деп,
Бозбалага айтчу экен.
Шаарга Чоро барганда,
Кайра тартып келгенде,
Отунду үйдөй үйгөндө,
Отун алып жүргөндө,
Карагулга кеп айтат,
Жылкычыга бек айтат,
Жетим тоонун оюнда,
Кашка суунун боюнда,
Жетиге жылкы бөлүшкөн,
Жылкычысы Карагул,
Миңден бөлүп беришкен.
Бул Карагул кеп айтат:
«Ар бир жылда Чорону,
Айчүрөккө баргын деп,
Тазаланып алгын деп,
Кечикпей кайра келгин» деп,
Ар бир жылда Чорону,
Катуу кайрат кеп айтып,
Баатыр болуп турганда,

## СЕЙТЕК

Адамды койдой кырганда,
Беттешкен жоосун алганда,
Кудай билет чын болсо,
Айчүрөк менен Күлчоро,
Акылдашып жүргөндүр,
Жылкычылар кеп кылып,
Жыл сайын барып турсун деп,
Убаданы бек кылып,
Сейтекти Чүрөк бакчу эле,
Күлчоро куурап калчу эле,
Беризаада Айчүрөк,
Ичинен тилейт ниеттеп,
Кирпи болуп калат деп.
Канынан тилейт ийеттеп,
Калп айтчу болуп калат деп.
Беризаада энеси,
Кудай билет чын болсо,
Жаш Сейтекти бакчу эле.
Кой кайтарган койчудай,
Уй кайтарган уйчудай,
Колуна талкан берчү эле.
Беризаада энеси,
Кошулуп балдар ойносо,
Коркутуп айдап келчү эле.
Жыл сайын Чоро барчу эле,
Акундун кызы Айчүрөк,
Дары-дармек салчу эле,
Кир көйнөгүн жуучу эле,
Кийген киймин бүрчү эле,
Күлчоро кайра барчу эле,
Тоодон отун алчу эле.
Отту кенен жакчу эле,
Ордодогу жылкычы,
Ойноп-күлүп жатчу эле.
Жылкычылар кеңешип,
Кенен тамак беришип,
Кудай билет чын болсо,
Келтирип жылкы айдашып,
Келтирип кулун байлашып,
Эр Күлчоро чунакка,
Талаадан жылкы айдатып,
Азоолорду карматып,
Асыйга толгон азоону,
Муну үйрөтүп келгин деп,
Башына жүгүн каттырып,
Жонуна тердик токуттуруп,
Соорусуна бастырып,
Күлчорону кыйначу.
Түркүн-түркүн азоону,
Кармап алып келчү эле,
Өлсө мейли дечү эле,
Күлчорого берчү эле.
Асылы арстан эр Чоро,
Куйругунан алчу эле,
Кумдуу чөлгө барчу эле,
Эртең менен алганда,
Кечке жетпей үйрөтүп,
Чоро алып келчү эле.
Адырда жаткан ала баш,
Аргымак күлүк аралаш,
Топток аткан алабаш,
Тобурчак күлүп аралаш,
Бийлеп отун алдырып,
Аркан берип сүйрөтүп,
Асили баатыр болгон соң,
Азоолорду үйрөтүп,
Эр Кыяздын жалгызы,
Тоотору минип балкылдап,
Топ жигит алып жаркылдап,
Атка минип балкылдап,
Аскер алып жаркылдап.
Ошо бир күн кечинде,
Эчтеме жок эсинде,
Жаш Сейтекти балам деп,

Бала кылып алам деп,
Оюна кудай салбаган,
Бала кылып алам деп,
Баатыр Кыяз барбаган.
Чоң көчөгө салышып,
Желдеттерин ээрчитип
Улук кандын жанына,
Ат ойнотуп жарышып,
Кең көчөгө салышып.
Акылман тууган Айчүрөк,
Даяр кылып койгондур,
Тамактанып алууга,
Канга кошо барууга,
Түн уйкусу келгенде,
Тынбай кызмат кылууга,
Ат болушка салышып,
Көчө менен жарышып,
Ойноп турат топ бала,
Ал балдардын ичинде,
Өзү ойноок кезинде,
Топ баладан шок бала.
Арак ичип, мас болгон,
Кан Кыяздын артында,
Тебелетип өтчү эле.
Кабылып калган баланы,
Бөөдө өлтүрүп кетчү эле.
Эр Кыяздын солону,
Ат болушка салышып,
Чаап байге алгандай,
Айт, айт, айт,– деп,
Эр Кыяздын солону,
Бири калбай жарышып,
Ойноп аткан балдардын,
Жанына жакын барышып,
Топ баладан бөлүнүп,
Бир жаш бала көрүнүп,
Токто, токто, токто,– деп,
Кан көчөгө саласың.
Ойноп аткан балдарды,
Аңырандап күүлөнүп,
Сен аралай чабасың.
Арак ичип, мас болуп,
Кээси жангыз, кээси экөө,
Тебелетип ат менен,
Бөөдө өлтүрүп саласың.
Бектемир деген баланы,
Чылбырдан кармай калган жер.
Арак ичкен эсерсиң,
Акылы жок көөсөрсүң,
Эл көзүнө илинбей,
Эминеге чабасың,
Бирөөнүн жангыз баласын,
Бөөдө өлтүрүп саласың.
Ойноп аткан топ бала,
Жолду тосуп, бир бала,
Жарышканды токтотуп,
Жакылдаган жаш бала.
Карт кишидей кеп айтат,
Такылдаган жаш бала,
Ушу кандай бала деп,
Кан Кыяз кайра барган жер,
Тоотору мойнун бурган жер.
Келсе эки жаш бала,
Жооп бербей турган жер.
Кайрат кылып күүлөнүп,
Жете келген желдетке,
Астында жүргөн аскерге,
Өлтүргүн деп сүйлөнүп,
Катуу-катуу кеп айтат.
Кайраттанып кеп айтат,
Атактуу баатыр кан Кыяз,
Атынын оозун бурган жер.
Жолду тоскон баладан,
Жооп сурап турган жер.

# СЕЙТЕК

Такылдап бала кеп айтат,
Дайынды бил сен,– деп айтат,
Чоң атам өткөн кан экен,
Өз атам Кыяз шер экен,
Айбалта чапса так калат,
Атасы баатыр болгон соң,
Айта турган арк калат.
Мурун Кыяз билчү эмес,
Ошо бала кеп айтат,
Атамдын атын сураба,
Атамдын аты кан Кыяз,
Өзүмдүн атым жаш Сейтек,
Энемдин аты Айчүрөк,
Атка минип даң салып,
Бала көзгө көрүнбөй,
Солон желдет чаң салып,
Чагылгандай бек айтат,
Чалымдап сүйлөп кеп айтат,
Улуу атам эр Багыш,
Кийинки атам эр Толтой,
Өзүмдүн атам кан Кыяз,
Үч атам бирдей эр өткөн.
Элден жемиш жеп өткөн.
Мен Кыяздын  баласы,
Кара жолду чаңдатып,
Эчен киши көп өткөн.
Бала айтып турганда,
Башта Кыяз билчү эмес,
Айбалта чапса так калат,
Айбан өлсө жүн калат,
Атадан бала жаш калат.
Жедигер кандын кан Кыяз,
Аттан түшө калган жер.
Көтөрүп атка салган жер.
Салып алып барган жер.
Айчүрөк баккан башында,
Ошондо алты жашында,
Баланын баркын билбеген,
Балам бар деп жүрбөгөн,
Баланы колго алган жер.
Баатыр Кыяз кан эми,
Үйүнө алып барган жер.
Өзүмдүн балам экен деп,
Отуруп айттым эчен кеп,
Элесин тартып эр болот,
Эр уулуна тең болот.
Көзүм өтсө жалгандан,
Ордумду басып кан болот,
Кудай билет чын болсо,
Бирдик берем балага,
Жеткирет кудай санаага.
Кайра тартып алган жер,
Ордосуна барган жер.
Айчүрөк тууган Сейтекти,
Кан Кыяз алды колуна,
Салды кудай оңуна,
Эр Кыяздын тукуму,
Алтын жака тон берип,
Астына жорго ат берип,
Эркелетип баланы,
Эпсиз тентек үйрөттү.
Кыяздын уулу болгон жер.
Эр Сейтек атка коногон жер.
Баралына келгенде,
Ат жалын тартып мингенде,
Атасынан ашат деп,
Калың элди басат деп,
Күлгүндү тандап кийгизип,
Күндө жорго мингизип,
Жедигер кандын кан Кыяз.
Жетиге бала барганда,
Сүйдүрүп элди билгизип,
Атасы башка оңбогур,
Кармаганы дан болуп,

## СЕЙТЕК

Кудай билет чын болсо,
Кыяздын уулу  баатыр деп,
Калайыкка даң болуп.
Мылтык берип колуна,
Мерген кылып үйрөтүп.
Айза берип колуна,
Жоокер кылып үйрөтүп.
Калың кара Жедигер,
Карылары кеп айтат,
«Атасынан канча өөдө,
Баатыр болот»,– деп айтат.
Күрмөнү берип кийгизип,
Күлүк ат берип мингизип,
Ак көйнөк берип кийгизип,
Балага атты мингизип,
Жоргону жолго салдырып,
Таң атканда жаш бала,
Ат токутуп минчү эле.
Талыкпай ойноп жүрчү эле.
Элдин асты жатканда,
Ойноп жүрүп келчү эле.
Обу жок өсүп кетти деп,
Айчүрөк тамак берчү эле.
Курган Чоро байкушту,
Жаман көрүп кетти деп,
Урумкул менен Коңкайты,
Айчүрөккө баргын деп,
Тазаланып келгин деп,
Көп кызматка жарабай,
Жаман болуп кеттиң деп,
Байкуш Чоро ат минип,
Жоргодон кармап минбе деп,
Бая минген боз байтал,
Андан башка жылкыга,
Кокус барып минбе деп.
Күлүктү кармап минбе деп.
Башка малга тийбе деп,
Көп жылкыны аралап,
Айчүрөккө бармакка,
Бузуп аста салмакка,
Атка жетпейт Күлчоро,
Талаалап жылкы аралап,
Койгон экен Канчоро,
Канча жерин жаралап.
Жараты ырбап калыптыр.
Жараты бүтүп каларда,
Жылкычы башы Карагул,
Кум жаңыртып салыптыр.
Басып малга жете албай,
Өзүң кармап мингин деп,
Буйрук берип Чорого,
Көп жылкыны аралап,
Жылкы үркүп кошкуруп,
Ат мине албай талаага,
Жерде жаткан кар таш,
Кара ташка жазданып,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Кыбыланы баштанып,
Күлчоронун жолуну,
Башта билип алчу экен,
Айчүрөккө барчу экен.
Байтал тийбей колуна,
Чыканактап кыйшайып,
Чырм этип уктап тынч алып,
Оюна өлүм алган жер.
Бу көрөкчө өлөйүн,
Минтип куурап жүргүчө,
Акырет жолун көрөйүн.
Алда таала жалгыздын,
Аманатын берейин,
Оюна келип алган жер.
Чырм этип уктап алган жер.
Берište минген боз байтал,
Күлчорого барган жер.

Мурдун тартып кошкуруп,
Ичин тартып бышкырып,
Чорону чапчып алган жер.
Эр Күлчоро шордуу эр,
Ыргып көбө кылган жер.
Ит кементай кийгени,
Боз байталга салган жер.
Ашуу ашып суу кечип,
Адыр-адыр жол басып,
Кан Кыяздын шаарына,
Байкуш Чоро барган жер.
Чоронун түрү бир башка,
Айчүрөк көрүп алган жер.
Өлө турган кези экен,
Абаптап колго алган жер.
Жарага дары салган жер.
Өз кайниси Чорону,
Айчүрөк багып калган жер.
Кан ириңин жууган жер,
Куйругунан кум чыгып,
Далысынан кан чыгып,
Жытына киши келе албайт.
Күлчоронун келгенин,
Келип киши көрө албайт.
Коңурсуп жыты буркурап,
Көргөн киши зыркырап,
Качып чыгат жүгүрүп.
Кандай өлбөй жүрөт деп,
Күлчородон түңүлүп,
Күндүз үйгө келчү эмес,
Келип үйгө кирчү эмес,
Тамак ичип, аш ичип,
Айланып үйгө келчү эмес.
Беризаада Айчүрөк,
Алдейлеп тамак берчү эле.
Ойнок бала эр Сейтек,
Ошо күнү келиптир.
Коңурсуган Чорону,
Бала келип көрүптүр.
Агуу кылып күүлөнүп,
Айчүрөккө сүйлөнүп,
Коңурсуган жаманды,
Колуңан тамак ичпейм деп,
Муну эмине кыласың,
Оору тиет акмактап,
Оң колунан алды эми.
Ойнок бала жаш чунак,
Ары салып тепкилеп,
Бери салып тепкилеп,
Кан куюлтуп оозунан,
Тышка сүйрөп салды эми.
Өлөр-өлбөс жаш менен,
Үстү топо чаң менен,
Жарадан аккан кан менен,
Өлүк-сөлүк жаш менен,
Жатып калды Күлчоро.
Беризаада Айчүрөк,
Оюнуңа баргын деп,
Бу да болсо мусапыр,
Буга колуң тийгизип,
Басып жүргөн карыпка,
Жаман кылып салдың деп,
Айчүрөк айтып эчен кеп,
Баланы жолго салды эми.
Байкуш Чоро карыпты,
Эс алдырып алды эми.
Тазалап кийим кийгизип,
Аяк толгон аш берип,
Айчүрөк байкуш кеп айтып,
Амалдап сөздү көп айтып,
Чорону салды жолуна.
Шаардан узап чыкканда,
Байкуш чоро Күлчоро,
Баланын кебин укканда,

Күйгөн чогу күл деди,
Оңолбосун Айчүрөк,
Ажалың чындап жетпесе,
Бу баланы "күй" деди.
Айчүрөк айткан кебине,
Күлчоро өлбөй жүргөнү,
Эчен жолу Күлчоро,
Өлөйүн деген арынан,
Өлбөй жүргөн Күлчоро,
Бала Сейтек барынан,
Айчүрөк айткан кебинен,
Шордуу Чоро кайран эр.
Азап басып кор тартып,
Айчүрөк тууган баланы,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Азаптуу Чоро күйгөн жер.
Өлбөй тирүү жүргөн жер.
Шаардан узап алган жер.
Мойнуна чылбыр салган жер.
Боз байталдын мойнуна,
Бекем байлап койгон жер.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Эч жазыгым жок эле,
Канчык Чүрөк оңбосун,
Кыязга тийип берилип,
Булгунду кийип керилип,
Өлгүчө азап көрсүн деп,
Өз жанын кыйбай жүрсүн деп,
Алдаган экен мени деп,
Өз ыйманын өзү айтып,
Асмандан жамгыр төгүлөр,
Шейит кеткен Алмамбет,
Арбагы келип көрүнөр.
Көктөн мунар төгүлөр,
Жоодон өлгөн абамдын,
Арбагы келип жол тосор.
Шордуу баатыр Күлчоро,
Чылбырды салып мойнуна,
Чын өлүм түшүп оюна,
Арбак урган Чүрөктү,
Арбактарга тапшырып,
Боз байталдын мойнуна,
Мойнуна чылбыр салган жер.
Бооруна тепкилеп,
Өлүмгө Чоро барган жер.
Боорго тепсе сүрөбөй,
Боз байтал жүрбөй калган жер.
Жолборсум капа болду деп,
Жан кишиге көрүнбөй,
Төрө Кыяз баатырга,
Ачуу аш берип азгырып,
Эр Кыязды мас кылып,
Ак мамыкка жаткырып,
Артынан барды Чоронун,
Чылбыр салып мойнуна,
Боорго тээп байталды,
Бу Күлчоро жатканда,
Бери заада Айчүрөк,
Мойнунан чылбыр алган жер.
Башын жөлөп Чорону,
Байкуш Чүрөк бу карып,
Бакырып ыйлап алган жер.
Атаңдын көрү арман күн,
Башка кудай салган күн,
Арка чачым түйдүм деп,
Уул сенин барыңдан,
Желке чачым түйдүм деп,
Уул сенин барыңдан,
Абаңдын канын төккөнгө,
Айласыздан тийдим деп,
Каралды болуп берет деп,
Калкалап бала бактым деп,
Кагылайын уулуке,
Чылбыр салып мойнуна,

Эмине болуп жатыр деп,
Баламды Кыяз баккан жер.
Эркелетип өстүрүп,
Элди билип жүргүн деп,
Эл аралап келгин деп,
Аргымак күлүк мингизип,
Айылда элин билгизип,
Менин тилим алып бер.
Кагылайын уулуке,
Эки жыл эптеп барып бер.
Салса кудай оңуна,
Баланды берем колуңа.
Шордуу баатыр Күлчоро,
Кагуу көрүп баладан,
Кеметайын бүктөдү,
Кесирлүү канчык оңбо деп,
Өз жеңеси Чүрөккө,
Убалын Чоро жүктөдү,
Мойнуна чылбыр салган соң,
Боорго тепсе байталы,
Бу сүйрөбөй калган соң,
Бооруна салууга,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Жарылып өлүп калууга,
Алып жүргөн бычак жок.
Кара жерди карыштап,
Арам өл деп баштады,
Курсактан ары бир муштап.
Күлчоро жаткан жеринде,
Барган экен өлүмгө,
Жеңеси Чүрөк барган жер.
Күлчорого көрүшүп,
Өлүмдөн алып калган жер.
Кагылайын уулуке,
Аркага колум артсам мен,
Айкалышып жатсам мен,
Арка чачым өрбөйүн,
Алда таала кудурет,
Адамга берген өлүмдү,
Адамга өлүм төгүнбү?
Мендеге берген өлүмдү,
Мендеден өлүм төгүнбү?
Кыяматтык кылган жол,
Казып койгон кара жер,
Караңгы болот казган көр.
Андан жаман күйөйүн,
Мээнетиңди алайын,
Баатыр болгон асылды,
Унутуп кантип калайын.
Уулуке  барыңда,
Эрке катын атанып,
Эл журтунан бата алып,
Кыязды билдим чалкалап.
Атаңдын көрү арман күн,
Көрдүң тентек бөбөгүң,
Ошону бактым калкалап.
Белиме саадак мен түйдүм,
Уулуке сени мен күйдүм,
Кудай берер бекен деп,
Кайгымды канга билгизбей,
Абаңдан калган көпөлөк,
Калкалап багып мен жүрдүм.
Кагылайын уулуке,
Бериште салса оюңа,
Абаңдан калган көпөлөк,
Астыртан арбак колдосо,
Жараткан ишин оңдосо,
Мен садагаң кетейин.
Ат жалын тартып мингенде,
Алчактап ойноп жүргөндө,
Атаң башка болуучу,
Өз колуңа тийгизем,
Мен садагаң кетейин,
Ак жибек тартып керемин,

Аман –эсен колуңа,
Өзүм кошуп беремин.
Оң мурутуң түйүп бер,
Онго жашы жетсин деп,
Оодарылып өтсүн деп,
Эч болбосо иниңди,
Айтканыма ишенсең,
Кагылайын уулуке,
Эки жылы күйүп бер.
Абаптап кийим кийгизем,
Мен садагаң кетейин,
Арстан төрө абаңдын,
Балапандай талпынып,
Ойноп жүргөн балаңдын,
Амал менен билгизем.
Айчүрөк, Чоро  коштошуп,
Алданын салган иши деп,
Ээн талаа эрме чөл,
Шаардан чыгып бөлүшүп,
Ыйлап экөө боздошуп,
Сен бу жерден бар,– деди,
Кагылайын уулуке,
Барып жүргөн малыңа,
Айдап жүргөн элиңе,
Кызматыңды кыл,– деди.
Капа болуп кайгырбай,
Кубатың кетип калбасын.
Артыңдагы көпөлөк,
Өзүң салгын бөпөлөп,
Астыртан арбак жар болсо,
Алда деп атка минерсиң,
Талас, Кеңкол жериңди,
Аргын, огой элиңди,
Абаңдан калган дилиңди,
Аман болсо билерсиң.
Туурга туйгун конгондой,
Конушуңа конорсуң.
Баатыр абаң барындай,
Мурункудай болорсуң.
Күлчоро менен Айчүрөк,
Кол кармашып ыйлашып,
Бозбайтал минип балактап,
Эки буту салактап,
Өпкө боору шалактап,
Эчен акыл ойлонуп,
Маңдайын кебер шор баскан,
Жылкы болуп  жайнаткан,
Жырылтып казы чайнашкан,
Жылкычы жатат жыргалда,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Күлчоро жүргөн кууралда,
Белине кемер чалгандай,
Беттешкен жоону алгандай.
Айчүрөктөн кеп угуп,
Буйругу экен кудайдын,
Көп кишиден кем кылып,
Ит кементай кийген жер.
Шордуу баатыр Күлчоро,
Айчүрөктөн кеп уккан,
Баатыр төрө абасын,
Манастын уулу абасын,
Жоодон алып качканда,
Олуя заада баатырды,
Кара-Үңкүргө тапшырып,
Элдир-селдир кеп айткан,
Керез кебин көп айткан,
Ишарат бар жеңеңде,
Эркек болсун, кыз болсун,
Өлбөй тирүү сен жүрсөң,
Багып алгын,– деп айткан.
Шордуу Чоро баатырдын,
Абакеси Семетей,
Айтканы түшүп эсинде,
Кайгырып ичи чок болуп,

Ополдун оюн кечүүгө,
Күлчоро жетти кечинде.
Жылкычылар жарышып,
Эки бети кызарып,
Бул оңолуп калганы,
Маңдайында шамы бар.
Башчы болгон Карагул,
Жылкычынын каны бар.
Кайындан кылган укурук,
Кармашып колго түкүрүп,
Бирден чаап өткүн деп,
Жылкычыга Карагул,
Укурук берип колуна,
Шордуу Чоро баатырдын,
Тосо чыгып жолунан,
Үзөңгүлөр кагышып,
Жоого тийчү эмедей,
Жылкычылар жарышып,
Күлчорого жетишип,
Бирден чаап өтүшүп,
Бу душмандын кылганы.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Күлчоронун өлгөнү,
Кана Чоро өлгөнү,
Отун алып от жагып,
Башка түшкөн менденин,
Шордуу Чоро курган жан,
Жүрө берди сенделип.
Айчүрөк менен Күлчоро,
Айтышып койгон кеби бар,
Алышып койгон колу бар,
Бери Чүрөк кеп айткан:
«Кагылайын уулуке,
Эки жылдан өткөндө,
Үч жылга ооп кеткенде,
Келип бергин»,– деп айткан,
Абамдан калган баламды,
Оң колунан алгын,– деп,
Өзүң жолго салгын,– деп.
Арадан канча жыл өткөн,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Өлбөстүн ашын ичиптир,
Айчүрөк айткан кеби деп,
Таласты Кыяз жеңгенде,
Он эки жыл өтүптүр.
Ошо чактан ушу чак,
Азапты Чоро көрүптүр.
Ажалы жок эчен жан,
Аргын менен огойдон,
Сексен киши өлүптүр,
Бир колдогон Күлчоро,
Өлбөй тирүү жүрүптүр.
Бир кудайдын жардамын,
Атасынан бабасы,
Колдогон бирөө барганын,
Акыреттик дос болгон,
Бир Бозбала көрүптүр.
Күүгүм кирип күн батса,
Асмандан булут бурулат,
Адамзат болуп көрүнөт,
Алда нече бөлүнөт,
Аны көрдү Бозбала,
Бу Күлчоронун жолдошу,
Ушундай жерде колдоочу,
Келди кезек, келди деп,
Кесирди куда берди деп,
Күлчорону колдогон,
Мунун баары өлдү деп,
Жылкычыга билгизбей,
Жыгылып калса Күлчоро,
Бозбала башын жөлөгөн,
Жаш да болсо көрөгөч.
Ай караңгы түн өтүп,
Арасынан күн өтүп,

Айчүрөк айткан кеби бар,
Эки жылдан өткөндө,
Үчкө жакын жеткенде,
Келгин деген жери бар.
Айткан кеби бүтөт деп,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Арадан канча күн өтүп,
Уруп-согуп Чорону,
Жылкычылар жүдөтүп,
Ак маңдайын тер басып,
Бүткөн боюн кир басып,

Барып отун ала албай,
Төш таягып келе албай,
Отун алып от жагып,
Кенен алып бере албай,
Жүргөн Чоро сенделип.
Бек Урубай кеп айтып,
Чирип өлмөк болду,– деп,
Кири когун жуудуруп,
Жеңеси эле Айчүрөк,
Барып келсин,– деп айтып,
Жылкычылар кеңешип,
Алты күндө келгин деп,
Алты күндөн сен өтпөй,
Алган отун түгөтпөй,
Кайра келип бергин,– деп,
Келип отун алгын,– деп,
Айчүрөккө баргын,– деп,
Жиберди Чоро баатырды.
Бери заада Айчүрөк,
Кан Кыязга асылды,
Күлчоро келер болгондо,
Эркелетип үйрөткөн,
Өстүргөн сенин балаңды,
Көчөгө чыгып ойногон.
Көрүнгөндү жыга чаап,
Кой деген болбогон.
Жылкычыга барсын деп,
Жайы- кышы бир жылы,
Сараласы санча бар,
Көкаласы миңче бар,
Кулун-тайы жорголой,
Жылкычыга барсын деп,
Барып ойну кансын деп,
Айчүрөк бери тапкан эп.
Кан Кыяздын уулу деп,
Киши колу тийбеген,
Адам келип какпаган,
Катуу сөздү айтпаган,
Айткан кепти укпаган,
Кулагына жукпаган,
Эсер болду эр Сейтек.
Экеленип эрке өскөн,
Көсөр болду эр Сейтек.
Бери заада Айчүрөк,
Атасындай кылды деп,
Билип жүрөт энеси.
Күрөңчөнү минген жер,
Аркар-кулжа алган жер.
Кийик атып, аң уулап,
Ополдун тоосу бийиктен,
Акбараң колго алган жер.
Алты мерген ээрчитип,
Бала чунак барган жер.
Аркар атып сулатып,
Аюу, жолборс дагы атып,
Мергенчиге баш болуп,
Мерген бала атыгып,
Мингени буудан ат болуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Мерген болду эр Сейтек.
Кийик атып сулатып,
Айылга кабар салдырып,

## СЕЙТЕК

Атан төөдөн алдырып,
Бечарага бердирип.
Кулга отун алдырып,
Күңгө тезек тердирип,
Жоомарт болду эр Сейтек.
Жоболоңдуу оңбогур,
Кантип кетер экен деп,
Жүрчү Чүрөк бакалап.
Бала Сейтек жетилип,
Ит агытып, куш салып,
Кандын жалгыз баласы,
Элди билип чалкалап,
Бери заада энеси,
Эптеп жүрдү калкалап.
Бошкойдун уулу Борокчу,
Кудай билет чын болсо,
Бектемир уулу Жолоочу,
Экөө бирге жүрүшөт,
Этек-жеңин түрүшөт.
Ээн талаа, эрме чөл,
Ат болушка салышат.
Алты Ополдун белинен,
Аңтарышып ойношот.
Он олоңдун белинен,
Оодарышып ойношот.
Ичке сайды бойлошот.
Кара жолдун четине,
Кармалашап ойношот.
Этегимден алат деп,
Теңтуш болуп өзүмө,
Камчы менен чабат деп,
Ак тасма кайыш кердирген,
Кара устага өрдүргөн,
Ыргай саптуу ак камчы,
Бу Сейтекке чак камчы.
Кармап колго имерди,
Жанындагы баланы,
Тартып-тартып жиберди.
Этине камчы баткан соң,
Бала Кыяз чапкан соң,
Жакадан кармай калган жер.
Тентек болуп өстүң сен,
Жаман болуп кеттиң сен,
Атаң деген эр Кыяз,
Атагы чыккан Семетей,
Аны барып сойлоткон,
Айлына аскер ойноткон.
Тентек десе ороктоп,
Жөн жүрбөйсүң олоктоп,
Сенин атаң Семетей,
Жериң Кеңкол, Талас деп,
Сенин улуу атаң баатыр Манас деп,
Тентектигиң койгун деп,
Бул ишиңди койбосоң,
Жаш өспүрүм баласың,
Калың кара жедигер,
Кармап соет өзүңдү,
Оёт кара көзүңдү.
Сен айланды кандай табасың?
Атың башка, эл башка,
Акылың болсо ойлоп бил?
Сен кан Кыяздын кулусуң.
Манастын уулу Семетей,
Как ошонун уулусуң.
Кайраттанып бек айтып,
Сенин атаң башка деп айтып,
Айбандардан кеп угуп,
Сенин атаң башка деп угуп,
Ат минсе бирге минишкен,
Алышып ойноп жүрүшкөн,
Жолдошунан кеп угуп,
Сенин жолуң башка деп угуп.
Булкунтуп буудан мингенсип,
Булгундан кийим кийгенсип,

Ушул элди билгенсип,
Көтөрүлүп дардактап,
Ангир өскөн баласың,
Бир күнү өлүп каласың.
Бөтөндүгүн билгизип,
Эр Сейтекти күйгүзүп.
Башкалыгын билгизип,
Баланы жаман күйгүзүп.
Жолдошунан кеп угуп,
Атасы жолборс жаш чунак,
Баланын сөөгү сыздады.
Жолдошунан бөлүнүп,
Эпейип атка мингиче,
Элди карап жүргүчө,
Бир жаман кеп укпады.
Атасы арстан эр баатыр,
Айчүрөккө таарынып,
Баланын көөнү муздады.
Алтын бүчү ак жака,
Аны чечип ыргытып,
Алып жүргөн ар кесме,
Аны алып ыргытып,
Кайгы тартып кан жутуп,
Кызыл өңү жез болуп,
Кыйын ишке кез болуп,
Ачык өңү жез болуп,
Жаман ишке кез болуп,
Ээринин  кашын бек кармап,
Эпейип киши болгуча,
Тентиген атка конгуча,
Бу көрөкчө өлөйүн,
Туулбай туна чөгөйүн.
Тумшугу жок экемин,
Кан Кыяздын шаарына,
Жедигердин айлына,
Эми тентип кетемин.
Бакырып үндү салган жер.
Бала кайра баргыча,
Күлчоро барып калган жер.
Балынын үнүн укканда,
Кудай муну урду деп,
Эминени көрдү деп,
Эбелектеп айланып,
Айчүрөк тосуп барган жер.
Оңолбогон жетимдин,
Бакырган үнү басылбай,
Айчүрөккө кеп айтып,
Капаланып бек айтып,
Эрге тийип сен жүрсөң,
Эмгектүү болуп мен жүрсөм,
Кан Кыязды сен билсең,
Кайгылуу болуп мен жүрсөм,
Туубай туна чөгөйүн,
Бу көрөкчө өлөйүн.
Көр азабын көрөйүн.
Жаш бала ыйлап бакырды,
Көтөрдү заман акырды.
Коркуп кеткен Айчүрөк,
Кан Кыяз билет экен деп,
Бала Сейтек чунактын,
Сөөгүнөн өттү жаман кеп.
Айчүрөккө ээ бербей,
Темир таяк аламын,
Тентип кетип каламын,
Ыргай таяк аламын,
Качып кетип каламын.
Бутума чарык кийемин,
Мусапыр болуп жүрөмүн.
Ошондо Сейтек оолугуп,
Бери заада энеси,
Бекер өлүп калат деп,
Оң колунан алган жер,
Атасы арстан ашкан шер.
Убагына жете элек,

Озондоп ыйлап жаткан жер.
Бери заада энеси,
Алтын ооз сыр эшик,
Баланы колдон жетелеп,
Каалгасын ачкан жер,
Үйгө кирип караса,
Адамдан түрү бир башка,
Түрү суук көрүнөт.
Жазык мандай, жайык бет,
Мурду оңколуу, жаргак көз,
Бала келип кеп айтып:
«Түрү суук адамды,
Үйгө эмне киргиздиң,
Тулку бою жаралап,
Жыты жаман экен»,– деп,
Шордуу Чоро баатырды,
Оң колунан алган жер.
Бала сүйрөп калган жер.
Айчүрөк ыйлап чыркырап,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Өлбөй тирүү жүрдүм деп,
Мен эмине күйдүм деп,
Чоронун сөөгү зыркырап,
Алдап-соолап баланы,
Алып чыкты Айчүрөк.
Бассын деп баатыр санааны,
Оң жагына бир салып,
Сол жагына бир салып,
Колдон кармап чапкылап,
Жаагына урган жер.
Бери заада энеси,
Баланы уруп турган жер.
Байкуш шорлуу Күлчоро,
Эмине келдим бекер деп,
Айчүрөккө таарынып,
Эми кайра кетем деп,
Жаш баладан тепки жеп,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Кече абакемдин барында,
Алтын жакка тон кийдим,
Аттанып доор мен сүрдүм,
Башка кудай салган соң,
Абакем өлүп калган соң,
Мен шордуу өлбөй тирүү не жүрдүм.
Бери заада жеңеси,
Беренди салды жолуна,
Айланайын уулуке,
Сенин балаңды берем колуңа,
Абаңдан калган ининди,
Алаканга салгын деп,
Өз колуңа алгын деп,
Бу иниңди ээрчитип,
Сен жан баккан жерге баргын деп.
Күлчорону кетирип,
Тентек өскөн Сейтекти,
Мурдуна дары жыттатып,
Бери заада энеси,
Алдап-соолап уктатып,
Кан Кыязга барган жер.
Бери заада Айчүрөк,
Кыязга жагып эл билип,
Билгир атка конгон жер.
Арак менен бал алып,
Ар бир түрлүү дан алып,
Анжир алма алга алып,
Алтын жака жез күбө,
Айчүрөк амал кылган жер.
Эр Кыязга аш берип,
Канкор Кыяз баатырды,
Эркелетип турган жер.
Айчүрөк кебин айткан жер,
Канынын көөнүн жазган жер.
Айткан бир тилди албайсың, төрөм,
Тилимди алып койбойсуң, төрөм,

Кой кой бир десем болбойсуң, төрөм,
Баланы эрке багам деп, төрөм,
Башыңа балаа болуптур, төрөм,
Абаптан кийим кийгиздим, төрөм,
Алдап го атка мингени, төрөм
Мындан өсүп торолсо, төрөм,
Эр өлтүрүп салуучу, төрөм,
Эр өлтүрүп коюучу, төрөм
Элиңдин көөнү кирдөөчү, төрөм,
Мал өлтүрүп салуучу, төрөм,
Балапан жүрүп чоңоюп, төрөм,
Бирөөнүн малын алуучу, төрөм,
Ушу баштан тыялы, төрөм,
Бузулду бала кыялы, төрөм,
Азыртан баштап тыйбасак, төрөм,
Алдейлеп амал албасак, төрөм,
Айтып го жүрдүм башында, төрөм,
Ондон го жашы өтө элек, төрөм,
Он бирге жашы жете элек, төрөм,
Жоргону минсин жылжытып, төрөм,
Туйгунду бергин колуна, төрөм,
Кара буурул кайнаган, төрөм,
Карагул билип айдаган, төрөм,
Жылкычыга барсын деп, төрөм,
Карагул эптүү жан эле, төрөм,
Эптеп жолго салсын деп, төрөм,
Азоону кармап минсин деп, төрөм,
Айчүрөк тапты акылды адам,
Төрөсү Кыяз макул деп адам,
Айчүрөк бул айтканың акыл деп, Кыяз,
Жолуна жолдош кошом деп, Кыяз,
Жер көрө элек жаш эле балам,
Эл көрө элек боз эле балам,
Жол көрө элек жаш эле балам,
Жоо көрө элек боз эле балам.
Бектемир менен Борончу, Чүрөк,
Бул экөөнү алайын, Чүрөк,
Баламды алып баргын деп, Чүрөк,
Карагыл менен Коңкайты, Чүрөк,
Тандап жорго мингиз деп, Чүрөк,
Мал кадырын билгиз деп, Чүрөк,
Кан Кыяз айтып турган жер экен.
Киши кошуп нетесиң, төрөм,
Чологуң келген үйүнө, төрөм,
Жараты ырбап ааяйлап, төрөм,
Жаратын жууп тазалап, төрөм,
Карагул айтып кеп кылып, төрөм,
Алты күндү чек кылып, төрөм,
Кирин жуудум тазалап, төрөм,
Өлмөк болуп калыптыр, төрөм,
Өлүмгө жакын барыптыр, төрөм,
Жол көргөзүп билгизип, төрөм,
Чологуң алып барсын деп, төрөм,
Токтобогон жан болду, төрөм,
Карагул менен Коңкайты, төрөм,
Бул экөөнө кат жазгын, төрөм,
Баланы жолго салгын деп, төрөм,
Укуруk берип колуна, төрөм,
Жылкычы болуп көнсүн деп, төрөм,
Баланы салгын жолуна, төрөм,
Кат кабар жазып кеп айткын, төрөм,
Баланы башкар деп айткын, төрөм.
Чүрөктүн тилин алган жер, адам.
Макул болуп кан Кыяз, адам,
Бала чунак Сейтекти, адам,
Аткармак болуп калган жер, адам.
Баланы атка мингизип, адам,
Баптап кийим кийгизип, адам,
Айчүрөк баштап кеп айтып, адам,
Чологуң узап кете элек, төрөм,
Кошуп келем деп айтып, төрөм,
Кат кагазга салдырып, адам.
Айчүрөк айткан кеп жазып, адам,
Баланы башкар деп жазып, адам.

Төрөсү Кыяз макул деп,
Каным бул айтканың акыл деп.
Жылкычыга барар деп,
Эрке өсүп калды эле,
Жылкыга эки ай жүрсүн деп.
Арадан эки ай өткөндө,
Балам кайра келсин деп.
Бери заада Айчүрөк,
Берище жакын барган жер.
Эр Кыяздын эбин таап,
Каргадай болгон Сейтекти,
Айчүрөк жолго салган жер.
Бери заада Айчүрөк,
Баланы салды жолуна,
Чоронун берди колуна,
Айчүрөк кайра тартканда,
Шордуу Чоро жатканда,
Жанында бала турганда,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Бу баланын жанына,
Барганына ишенбей.
Айчүрөктөн бөлүнүп,
Калганына ишенбей.
Башка кыял ойлонуп,
Бала жолдош болбойт деп,
Менин ишим оңбойт деп,
Чылбырын кармап колуна,
Чын өлүм алып оюна.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Жолборсум аман барында,
Жолдош болуп жоо сайып,
Алып турган чагымда,
Ошондо өлбөй не болдум,
Ушу күндү не көрдүм.
Арстаным аман барында,
Кеңкол,Талас шаарында,
Аргын менен огойду,
Бийлеп турган чагымда,
Арстаным абам не өлдүң.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Артында калып мен шордуу,
Ушу күндү не көрдүм.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Кеңкол менен Таластын,
Талаасында өлбөдүм,
Аргын менен огойдун,
Арасында өлбөдүм,
Абакем менен энемди,
Колум менен көмбөдүм.
Балапан жүнү маңдайда,
Эненин сүтү таңдайда,
Шордуу баатыр Күлчоро,
Оң бөйрөгүн таянып,
Бала жолдош болбойт деп,
Оолугун ыйлап Күлчоро.
Сол бөйрөгүн таянып,
Солкулдап ыйлайт Күлчоро.
Карап турса жаш Сейтек,
Чолоктун муңу күчөдү,
Мууну бошоп баланын,
Күйбөй сөөгү түтөдү.
Жараткан кудай мендейди,
Жасабай койсо не болот,
Не жасагам башында,
Адамдан башка кор кылып,
Ак маңдайды шор кылып,
Алып койсо не болот.
Балтыр бешик жашымда,
Азаптуу шордуу Күлчоро,
Ээн кара талаада,
Балача ыйлап болкулдап,
Башын жерге ургулап.
Баланы алып келди деп,
Бу балаң деп берди деп,

Акылы жок эрке боз,
Мени бала багабы?
Кутурган иттей желиккен,
Мени ала барганда,
Бөрк ал десе кан ичкен,
Кымыз ичип мас болгон,
Бири-бирине кас болгон,
Бөөдө өлтүрүп салабы?
Калкалайт Чоро баланы,
Тартып койбойт санааны,
Күлчоро үнүн укканда,
Күйбөй сөөгү түтөдү,
Муңканып ыйлап Күлчоро,
Убалын жүктөп Чүрөккө,
Улам муңу күчөдү.
Күлчоро муңун укканда,
Бала ыйлап болкулдап,
Кошо ыйлап солкулдап,
Оозунан түтүн буркурап,
Ойноо тентек баланын,
Кудай билет чын болсо,
Чоронун муңун укканда,
Баланын сөөгү зыркырап,
Ышкырыгым бурады.
Чородон бала сурады:
«Куруп калган куу чолок,
Сенин үнүң укканда,
Ышкындай жаным куурады,
Каңырыгым буулады.
Сенин какшаган үнүң укканда,
Кандай муңдуу жан элең,
Түкүрүгүм бурады.
Сенин үнүң укканда,
Бүтүндөй жаным куурады,
Эчтемени биле элек,
Өзүм ойноо бала элем,
Муңканасың ыйлайсың,
Айтчы чолок сырыңды,
Ыйлап жанды кыйнайсың,
Ата-энемдин колунда,
Эрке өскөн бала элем,
Сен кандай шордуу жан элең».
Күлчоро муңун укканда,
Тал чыбыктай былкылдап,
Сөөгү кошо солкулдап,
Күлчорого кошулуп,
Сейтек ыйлайт болкулдап.
Ажал жетип күн бүтпөй,
Ажал жетип мен өлбөй,
Менин ыйлап турганым,
Айта баргын элиңе,
Кайра баргын үйүңө,
Сени атаң Семетей,
Менин атым Күлчоро,
Эчен түркүн жол баскан,
Эмгекти кудай салган соң,
Башыма кайгы шор баскан.
Жаныма туруп нетесиң,
Жаман жытым буркурап,
Чыгып турат денемден,
Чыдай албай кетесиң.
Ойноо бала кезиңде,
Ошондо бала эсиңде,
Кары-картаң чалдардан,
Катын менен балдардан,
Ойноп жүрүп кеп уккан,
Олуя эрдин тукуму,
Атасы башка деп уккан.
Мен Күлчоро дегенде,
Баатыр абам сенсиңби?
Курсакта жүрүп айрылган,
Куураган бала менминби?
Кандай заман болду деп,
Кучактап ыйлап бакырып,
Каргадай болгон эр Сейтек,
Чын Күлчоро сен болсоң,

Чын Семетей мен болсом,
Атка тердик салалы,
Жылкычыга баралы.
Күлүк менен жоргодон,
Бирден кармап алалы,
Бу жерлерди жердебей,
Жедигерди элсибей,
Экөөбүз кетип калалы.
Бала айтып турган жер,
Күлчоро мойнун бурган жер.
Оңбогон Чоро ойлонуп,
Ойчу эле Карагул,
Баланы колго алыптыр.
Сундуруп айза ала элек,
Тушоо жоого бара элек,
Аттанып жоого чыга элек,
Атышып жоого кире элек,
Карагул менен Коңкайты,
Баары бирдей мас килең,
Таманга тикен сайбаган,
Жанынан киши барбаган,
Сарт кербенчи жолуна,
Байлап алып айдаган,
Сарттан эчен жайлаган.
Жанымдагы баланы,
Бөөдө өлтүрүп салат деп,
Балапан жүнү жетилбей,
Бала өлүп калат деп,
Ак жыландай толгонуп,
Азапты тарткан Күлчоро,
Ар кандай акыл ойлонуп,
Алапайын  таба албай,
Аттанып жоого сала албай,
Жаш чунакты ээрчитип,
Жылкычыга баралбай.
Баланын үнүн укканда,
Белине саадак кадаган,
Мен кудайга ыраазы,
Балага кылса садага,
Балтыр эти толо элек,
Балапан жүнү кете элек,
Басташар маалы боло элек,
Булчуң эти толо элек,
Боюнун жыты кете элек,
Урушар маалы бол элек.
Шордуу Чоро муңдуу кул,
Жатып алды зарланып,
Өңү кетип саргарып,
Жылкычылар кеп айткан,
Жети күндөн өтпө,– деп,
Андан өтүп кетпе,– деп,
Отунуң калат түгөнүп,
Буйрук берип Карагул,
Катуу айткан Чорого.
Жети күн эмес сегиз күн,
Арадан өтүп кеткен жер.
Тогуз күнгө жеткен жер.
Сейтек кайрат кылган жер.
Курган Чоро экенсиң,
Кара жанды куурагып,
Өлтүрүп коёр бекенсиң.
Ажалын жетсе куу Чолок,
Акыретке кетерсиң.
Оң далыда калы бар,
Ойлонуп туруп караса,
Семетейдин каны бар.
Тоотпой жаткан Күлчоро,
Коюп атка минген жер.
Боз байталга камчы уруп,
Күлчоро, Сейтек жүргөн жер.
Ай караңгы түн өтүп,
Арадан эки күн өтүп,
Калаага Чолок барды деп,
Келбей жатып алды деп,
Акундун кызы Айчүрөк,
Жарасын жууп тазалап,

Кайраттанып калган го,
Оңолбогон чолок кул,
Ойлонбой жатып алган го,
Узун тоонун бурчунан,
Салынган тумшук учунан,
Барып тосуп алгыла.
Укурук алып койгулап,
Булчуң этин жаргыла,
Сабап айдап келгиле,
Мен жазасын берейин,
Кызыталак чолокту,
Алып келип бергиле.
Карагул айтат күүлөнүп,
Казат кылчу немедей,
Жол тостуруп жиберип.
Боз байтал минип болкулдап,
Жолду тоскон желдетке,
Кан Кыяздын жангызы,
Кошо келет солкулдап,
Алтын туяк ай кашка,
Баланын түрү бир башка,
Чолокту барып биз урсак,
Асили кандын тукуму,
Ачуусу келип жүрбөсүн.
Мына чолок келди деп,
Астыбызга салалы,
Карагулдун астына,
Урбай айдап баралы.
Жол тосушкан жортулчу,
Баладан чочуп кол салбай,
Байкуш чоро Күлчоро,
Бери заада Айчүрөк,
Ит кементай кийгизип,
Этек жеңин бүрүптүр,
Кийген кийимин бит баскан,
Айчүрөк алып күбүптүр.
Жеген биттен ажырап,
Шордуу Чоро баатырдын,
Өңүнө кызыл кириптир.
Бала Сейтек шаштырып,
Кошо жүрүп алыптыр,
Күлчорого кол салбай,
Тосуп турган желдеттер,
Урбай айдап барыптыр.
Күлчоро, Сейтек барганда,
Карагул чыкты камынып,
Кымыз ичип, мас болгон,
Жылкычы келди жабылып.
Томолотуп тепкилеп,
Камчы менен каккылап,
Айткан тилди албайт деп,
Укурук менен урушуп,
Шордуу Чоро чунакты,
Өлүк-сөлүк кылышып.
Коңкайты менен Карагул,
Каргадай болгон жаш Сейтек,
Как астына барган жер.
Чолокту уруп нетесиң,
Жан соогалап жаш бала,
Атаңдын көрү ит Кыяз,
Баланы кошуп чолокко,
Элди билсин дегенби?
Арачы киши сен болсоң,
Кайыкыйган укурук,
Кармап колго түкүрүп,
Каргадай болгон Сейтекти,
Карагул келип бир салды.
Кудай билет чын болсо,
Конкайты келип кеп айтты,
Кызыталак чолоктун,
Канын сурайт,– деп айтты,
Бул эмине дегени,
Кудай билет чын болсо,
Сулап калган Чорого,
Этегин жаап калкалап,
Эр тукуму жаш Сейтек,

Каңырыгы бурады,
Койгула деп жалынып,
Күлчорону сурады.
Бул эмине дегени,
Атасы башка оңбогур,
Амал менен ээрчитип,
Бул Айчүрөктүн кылганы.
Кызыталак оңбогур,
Ушу Чоро чолоктун,
Канын сурап турганы.
Карыга камчы алган жер.
Карсылдатып койгулап,
Каргадай болгон баланы,
Тегеректеп калган жер.
Кара чаар жолборсу,
Атасынын жолдошу,
Ушундай жерде колдоочу.
Эки жагын караса,
Куйругун салып соорусу,
Кызыл чаар бир жолборс,
Өлүксүнүп жатканда,
Шордуу байкуш Чорону,
Басып жатат бооруна,
Бу кудайдын бергени,
Бала Сейтек жаш чунак,
Жүгүрүп атка мингени.
Кан Манастын арбагы,
Арбактын кылган жардамы,
Айкырыгы таш жарган,
Карагулдай баатырды,
Жыга чаап салган жер.
Кара оозунан кан кетип,
Көтүнөн агып жин кетип,
Аттын оозун керген жер.
Семетей уулу эр Сейтек,
Жылкычы башы Карагул,
Бир чапканда өлгөн жер.
Жылкычы башы Карагул,
Оозунан кара кан кетти,
Көкүрөктөн жаш кетти,
Атасы артык кан ичме,
Ат тизгинин бурган жер.
Жалынса тилин албаган,
Садагасы кетейин,
Бир колдогон баатырдын,
Курсакка келип туулган,
Салды эми чуулган,
Жылкычыны кырган жер.
Бир чапканда өлтүрүп,
Жыга чаап турган жер.
Кудай билет чын болсо,
Кыйгактуу айза сунгандай,
Эр Семетей атасы,
Кыйкырып жоону кыргандай,
Карагай айза сунгандай,
Эр Семетей атасы,
Качырып жоону кыргандай.
Алтымыш эки жылкычы,
Бала Сейтек жаш чунак,
Баарын кырып турган жер.
Күлчорого дос бала,
Жалынып басып барган жер.
Чылбырынан алган жер.
Кудай билет чын болсо,
Сейтекти аттан түшүрүп,
Канын сөлүн жууган жер.
Кара мүртөз кан ичме,
Чоң атасы эр Манас,
Өз атасы Семетей,
Баарын билген кан Бакай,
Аман жүргөн абасы,
Бу Күлчоро агасы,
Арбак колдоп бир жүрүп,
Балага жолдош болгон соң,
Бала чырак Сейтекке,
Мунун кимдин жетет чарасы.

## СЕЙТЕКТИН КАРАГУЛДУ ӨЛТҮРҮП, КҮЛЧОРОГО ДААРЫ-ДАРМЕК СЫЙПАП, АЙЫКТЫРЫП АЛАМ ДЕП БАГЫП ЖАТКАН КЕЗИ.

Бир кудай салып жолуна
Эмгектүү баатыр Күлчоро
Сейтектин тийди колуна.
Кастык кылган жылкычы,
Каргадай кырган соң,
Баштап жүргөн Карагул
Башын алып тынган соң.
Түшүнө кирбес бул жумуш
Өңүмө кандай келди деп,
Кечээ абакем маркум барында
Ар келме алып колуна
Эченди салдым жолуна.
Абамдан калган көпөлөк,
Мен Айчүрөккө ыраазы
Сени багып көтөрүп
Шор баскан абаң менминби?
Мен садагаң кетейин
Абамдан калган сенсинби?
Атыңды айткын угайын,
Астыңан кара кан алып,
Жер бетине төгүлдү
Мен буту-колум муңайып.
Булчуң этин журатып,
Маңдайды кебер шор басып,
Кызарып чыккан күн көрбөй
Маарап ашкан таң көрбөй
Ошондо бербеди кудай мендимди.
Кылычым кындан алганда,
Кыйкырыкты салганда,
Жылкычыны кырганда,
Айланса болот алдага
Абакеңдин арбагы
Ошондо көзгө көрүндү.
Карып болгон Күлчоро,
Боздогон үнү басылбайт.
Болкулдап ыйлап Күлчоро
Бир көңүлү ачылбайт.
Бала Сейтек кеп айтат:
«Байкуш ай, кандай киши эле
Менин каңырыгым булады.
Менин кара жаным куурады.
Менин ышкырыгым бурады.
Менин ышкындай жаным куурады.
Ушинтип ыйлап сен турсаң
Сенин жаныңа киши турабы?
Айтсаң боло сырыңды.
Айткын ачык чыныңды.
Кечээ сени сүйрөтүп
Кымыз ичип мас болгон
Араңдан жаткан сен чолок
Ошолор сага кандай кас болгон?
Кой-кой десем болбоду
Тилимди албай койгону
Чолокко жолдош болгончо деп,

Кайыңдан кыйган укурук
Карагул кармап, колго бүкүрүп
Айлананы капшыра
Ат жалына жапшыра
Карагул тартып ийгенде,
Бу кудайдын бергени
Кынымдан алдым кылычты
Ошондо бүтүрдүм канча жумушту.
Ошондо каарманды кыргын деп,
Кан атамдын жылкысы
Баарыга киши калган жок
Бекер кылып салдым деп.
Бейпай болуп калдым деп,
Жаман кырып салдым деп,
Жалгыз өзүм калдым деп
Мынабу жайнап жаткан көп жылкы
Айдап багар киши жок
Кандай кылам айласын?
Эр Сейтек айтып турганда.
Кечээ эки колун байлатып,
Эки көзүн жайнатып,
Оң далысын ойдуруп,
Булчуң этин кестирип
Сол далысын тештирип
Орокту жебүү кылганда
Күлчоро менен жаш бала
Үн алышып турганда.
Күкүк менен Сейтектей
Карагулга көрүнбөй,
Этегин жаап калкалап
Ээн жерге барганда
Көтөрүп барып аркалап.
Бир жаш бала бар эле
Күлчоро менен Сейтектин
Жанына басып барган жер
Болоттон калган тукул деп,
Баатырдан калган тукум деп,
Айзадан калган желек деп,
Агамдан калган белек деп,
Көлдөн калган чалчык деп,
Кечээ баатырдан калган күчүк деп
Медөө кылып бел байлап
Сени киши болот деп.
Жүрчү элем дем байлап.
Мына чолок кулдун айынан
Оң этегим жүрдүм деп,
Оңбогур сени мааналап,
Сени күйүп жүрдүм деп
Атаңдын көрү дүнүйө,
Маана болбос сен болсоң
Кетчи кайра үйүңө.
Босбала келди күүлөнүп.
Күлчоро менен Сейтекке,
Экөөнө бирдей сүйлөнүп.
Каарданып кеп айтып,
Какаланып көп айтып,
«Оңолбогон Күлчоро,
Бу балага мен күйсөм,
Сага күйүп мен жүрсөм,
Баланы көрүп болкулдап
Сен ыйлайсың солкулдап».
Кайратты катуу кылган жер
Күлчоро менен Сейтекти
Бозбала тилдеп турган жер.
Ошондо Сейтек кеп айтат:
«Оңолбосун энекем,
Сенин чолок агаң бар,
Өлүмдөн калган агаң бар».
Эмине айтып койбойт деп,
Атадан артык туулган,
Кара чунак жайрагыр
Кайгы тартып кашыгып
Айчүрөккө таарынып.
Ошондо кайрат кылып токтолуп.

Мен садагаң кетейин,
Асылым абаң өлгөндө
Аргын менен Огойду,
Канчоро менен кан Кыяс,
Алды-алдынан бөлгөндө,
Чарбакты бөлөк салганда
Чоң Манас баатыр маркумдун
Ошондон калган көп дүйнө.
Канчоро менен кан Кыяс
Талап бөлүп алганда.
Огой, аргын элиңди,
Кең-Кол, Талас жериңди,
Алды-алдына бөлгөндө
Мээнетиңди алайын,
Ошондо сен Айчүрөк шордуу ичинде.
Атаңдын аты – Семетей,
Ай-булутка бураса
Куурай тарткан мен шордуу,
Курсакта жүрүп туулган.
Мен садагаң кетейин,
Эпейип атка минейин.
Эрбейип мен да келгеним,
Мен сырымды айт дейсиң,
Атакеси баатыр маркумду
Жанында жүргөн иниси
Күлчоро деген мен болом.
Кечээ жедигерде жүргөндө
Кан-ириң агып санынан.
Сейтек менен Бозбала
Алды экөө колуна.
Сасык жытын кетирип,
Жандап жүргөн Босбала.
Акыреттик дос бала.
Алган зайбы өндөнүп,
Кан-жинин жууган жер
Кудай билет чын болсо,
Жарага даары салган жер
Баш көтөрүп, эс алып
Баатыр бала Күлчоро
Адам болуп калган жер.
Кудай билет чын болсо,
Таманын жара тилдирген,
Оң далысын ойдурган,
Сол далысын кестирген,
Чокусун тилип кан кылып,
Чирип жүрүп өлсүн деп,
Канчоро, Кыяс казабы
Өтүп кеткен артыкча
Жылкычынын азабы.
Олуязаада Күлчоро
Он бир жашта эр Сейтек
Багып жүргөн Бозбала
Акыреттик дос бала.
Эр Күлчоро баатырды
Сага кылып алган жер.
Бала Сейтек жетимге,
Олуязаада абасын
Аба кылып алган жер.
Күлчородон кеп сурап:
«Эмине кылдың»,– деп сурап
Анык сурап калган жер,
Жарасы жакшы ката элек.
Не ордуна бара элек.
Абакеңди ээрчитип,
Кагылайын көпөлөк,
Мына бу атаңдан калган көп дүйнө
Бөрү-кары болбосун
Ээн жердин карышкыр
Тай-кулунду жебесин.
Жерге жата берейин,
Бу абаңды алгын деп,
Сен жылкыга баргын деп
Ар кайсы суугa бөлгүн,
Санап келип көргүн,

## СЕЙТЕК

Акыл айтып мааналап
Сейтектин болгонун
Абыдан билди Күлчоро.
Как ошондо дааналап,
Айланса болот алдага,
Карагулдун кажына
Жан-жанына бастырган.
Жабыгын кырына
Жалаң кундуз тарттырган.
Түндүгүнүн жагына,
Жакут таштан бастырган.
Эр Кыястын эли эле,
Жылкы баккан эме эле,
Өзүнө-өзү бек эле,
Жал-жагын ачып караса,
Алтын, күмүш, зар толгон.
Ар түрдүү буюм бар болгон.
Аны көрүүгө киши зар болгон.
Булгун, жибек, шайыга,
Чоросу ороп калган жер.
Босбала менен эр Сейтек
Жылкычыга барган жер.
Сараласы сан кубар,
Көгаласы андан көп
Торучасы топтошкон
Тоо кийикке кошулуп,
Тобурчак жорго окшошкон.
Аргымагы алты жүз.
Тобурчагы бир башка,
Жайыттары ар бөлөк,
Салчу экен Карагул
Ак кыяны ашкан жер.
Бозбала, Сейтек кошулуп,
Жылкы сынак жаткан жер.
Кулун-тайы бир бөлөк,
Кулан-бөкөн өндөнүп,
Айгыр аты бир бөлөк.
Аркар-кулжа өндөнүп,
Кудай билет чын болсо,
Сары бели чоң талаа
Тоосу жайык чалкалап,
Айгыры бээни айдаган,
Аралап бөрү барбаган,
Бозбала Сейтек барганы,
Жылкы эсебин алганы.
Эсептеп катка салганы,
Кудай билет чын болсо,
Эр Багыш кандын эр Толтой,
Эр Толтойдон эр Кыяс
Абамдан берки мал экен.
Артык туулган атадан
Бала Кыяс кан экен.
Эсен кылса жылкыны,
Жети миң үч жүз жылкы экен.
Шорду адыр, чоң талаа,
Буга жылкы келди эми
Сары жайык, кош өзөн
Боого жылкы келди.
Чомолдунун үч кери,
Боого жылкы келди эми,
Босбала менен эр Сейтек
Айдай багар киши жок
Бөлүп жылкы салды эми.
Жылкы эсебин алгыча,
Жылкыны катка салгыча,
Күлчородон бөлүнгөнүнө
Так бир барды эми
Ошо күнү кечинде
Бала чунак Сейтектин
Күлчоро түштү эсине.
Кагылайын аба жан,
Атаңдын көрү куу дүйнө,
Мал жайытка салдың деп,
Байкуш карып абамды,

Биз унутуп калдык деп,
Абасын алды эсине.
Жанындагы Босбала
Эрешен тартып эрденип,
Ириң-канын жуудук деп
Киши болуп калгандыр.
Алтымыш жылкы алган жер,
Оо, Күлчоро жаткан сарайга
Босбала, Сейтек барган жер.
Сарайга жакын калганда
Ак була кийип буластап,
Ак таяк алып кулачтап,
Кандай бети кызарып,
Сунган мойну узарып,
Айнектей көзү жаркылдап,
Айланса болот алдага,
Күлчоро сындуу абасы
Кара чунак жайнагыр
Бу Сейтектин агасы
Адам болуп калыптыр.
Үзөңгү буттан кагышып,
Күлчоронун жанына
Босбала Сейтек жарышып.
Күлчоро менен көрүшүп,
Кучакташып өбүшүп,
Сасык жыты кетиптир,
Жараттын өңү өчүптүр,
Адам болуп калыптыр.
Ай туяктуу ак боз бээ
Босбала, Сейтек чалыптыр.
Жарам ката бергиче,
Казы-карта жебейин.
Баатыр бала Күлчоро
Абалтан жанды багайын.
«Сен абамдан калган жетимсиң,
Жол жолоочу көп жүрөт,
Мына чоң Ополдун учунда
Кичи Ополдун оюнда
Аккан суунун боюнда
Сен ошерге баргын деп
Жарагыңды алгың деп
Атты тандап мингин деп
Акылман тууган Күлчоро
Сарт кербенчи кабылат,
Айдап келе бергин деп,
Даары-дарман алгын деп,
Жаратыма салгын деп
Бир жак бети жар болот
Бир жак бети кар болот,
Катарлап тоону чиркеген
Соодагер ашчу бел болот.
Ошо жолго баргын деп,
Жол жолоочу көрүнсө,
Баарын айдап келгин деп,
Даары-дарман көп болот
Алып келип бергин деп.
Анжыяндын аска жол
Ак-Кыянын астында
Ар бир түрлүү башка жол
Как ошого сен барсаң
Катар-катар соодагер
Абай кылып аласың.
Даары-дармек мол кылып,
Андан сатып алып кел».
Эр Күлчоро үйрөтүп,
Жаш жетимге кеп айтып,
Кара жолду каттатып
Канча жолду жаттатып,
Эр Күлчоро кайран шер
Эр Сейтекти атказып,
Жатып калган ошол жер
Карагулдун астына
Кудай билет чын болсо,
Канчоро, Кыяс болгону

Карагул атка конгону.
Жылкыны кылып түрк кылган,
Үрү толгон үрп кылган,
Жагына жамбы толтурган,
Кан Кыястын эркеси
Өзүн-өзү билген жер
Өңгүчө доор сүргөн жер.
Сейтек атка мингиче
Сербейип бала келгиче,
Доорду башка сүргөн жер.
Жедигер эли кеп айтса,
Кан Кыястын баласы
Өзүнөн артык деп айткан.
Алты жолдун Сарт-Кечүү
Аны каптап берди эми
Атасы баатыр өңдөнүп,
Кылычты белге чамынып,
Айбалта санга салынып,
Далыга мынтык асынып,
Ок-даарыны мол кылып,
Айзаны алып каруулап,
Жолду чалып аруулап,
Абакеси Чорону
Жашынып атты алган жер.
Бала Сейтек жаш бала
Чоң атасы зор Манас
Өз атасы Семетей
Колдоп жүргөн бирлери
Тегеректеп барган жер.
Тентек атка конгон жер.
Семетейдин баласы
Атасындай болгон жер.
Алтын кемер курганым
Айдай бетин нур чалып,
Адисиде кан кечкен
Садагасы кетейин,
Баатырдан калган тукул деп,
Баатырдан калган тукум деп,
Никеге тапкан учук деп,
Көк жалдан калган күчүк деп,
Айланып арбак конгон жер.
Атасындай болгон жер.
Жалгыз барып жол тосуп,
Бала чунак конгон жер.
Тегерегин чанган жер
Кудай билет чын болсо,
Он эки сарт, үч кыргыз
Төө жетелеп барган жер.
Атасы өткөн кан ичме,
Чогу айдап алган жер.
Күлчоронун астына
Барып айдап барган жер.
Эр Күлчоро баатыр – шер
Алыстан келген кербендер
Аты баспай буралып,
Ат тандатып мингизип,
Даары-дармек алган жер.
Жараларга салган жер.
Адам болуп катайып,
Жараттары сапайып
Баатырга арбак конуучу,
Баштагыдай болуучу,
Соодагерди жөнөтүп
Күлчоро жолго салган жер.
Ак-Кыяны ашкан жер
Бала Сейтек жаш чунак
Ажалды тосуп жаткан жер.
Жолду тосуп жоодурап,
Эр Күлчоро абасын
Босбала багып айткан жер.
Жортуулчу болуп, чалып,
Сейтек даары тапкан жер.
Күүгүм кире күн бата
Элдин асты жуп жата

# СЕЙТЕК

Астындагы буудандын
Ээрин алып жастанып,
Астына көпчүк төшөнүп,
Чыканактап кыйшайып,
Чырым этип уйку алып,
Уктап атат тынч алып,
Карма, карма, карма, – деп,
Токто, токто, токто, – деп,
Жол жолоочу топтошуп
Жаш Сейтектин жанына
Баары келди токтолуп.
Ээн талаа, эрме чаң
Эки санаа, эрме чөл
Кандай келген киши деп,
Карап турат тартайып.
Мылтыгы бар жанында
Кылычы бар кынында
Айбалта бар санында
Ааламдан чыккан шерби деп,
Карактап алчу эрби деп,
Баары карайт жарданып,
Алтымыш төөдө булу бар
Төөнү бакчу кулу бар
Булгун-буулуш жибек бар
Кудай билет чын болсо,
Балага келип топтотуп,
Жол жолоочу көп жүрүп,
Токтоп өтчү жер эле.
Бул баланы ойготуп,
Жанына басып баралбай,
Ойготуугa эч айла
Келген киши табалбай.
Чымчыкча сайрап чыркырап,
Булбулу сайрап муңданып,
Таң жаркырап ашканда
Баш көтөрүп эрбейип
Бала тура калган жер.
Айланса болот арбакка
Сарт кербенчи чогулуп
Жол жолоочу топтошкон.
Ат жетелеп откозгон.
Жигити бар жанында
Баланы көрүп жарданып,
Баары чочуп таң калып,
Жаш балага барган жер
Кол кармашып көрүшүп,
Адамдан башка туулган
Кандай сонун бала деп,
Учурашып калган жер.
Чоң атасы эр Манас,
Өз атасы Семетей,
Абакеси Күлчоро,
Астыртан арбак жөлөгөн,
Үстүнөн кудай колдогон,
Айчүрөк тууган баланы
Айланып учуп кайтарган
Сары-Жайык жери бар.
Айчүрөктүн жолдошу
Жаш баланы кайтарып,
Сактап жүргөн бири бар.
Кербенчи кожо Карасарт
Жаш баладан кеп сурайт:
«Адамдан башка түрүң бар
Бала жайың айтчы»,– деп сурайт.
«Ай, акетай агалар,
Менин жайым сурасаң
Каапырды кырып талкалап,
Дин мусулман көп журтуң
Баарын баккан калкалап.
Чоң атамды айтайын
Адамдан ашкан зор Манас.
Өз атамды айтайын
Атамдын аты Семетей.
Өзүмдүн атым жаш Сейтек».

# СЕЙТЕК

Жаш баладан кеп угуп
Ээ жараткан кудайга
Айланса болот деп угуп,
Каргадай болгон баланы
Маңдайынан сылатып,
Уламдан-улам сурашып,
Куржундарын сөккүчө,
Аш тамагын төккүчө,
Тастаркондy жайгыча
Тамак-ашын жайнатып,
Шашып чайын кайнатып,
Ар түрдү дан коюп,
Сары-мейиз бай коюп,
Казы менен жал коюп,
Кокок деген жемишти
Төгүп коюп мейизден
Анжыр менен алганы
Адам менде көрбөгөн
Түрлүү жемиш канчаны.
Баарын коюп жайнатып
Бала Сейтек кеп сурайт:
«Жайың айтчы?»– деп сурайт.
«Биздин жайды сурасаң
Чоң атам аты Сары кожо,
Өз атам аты Эсенбек,
Өзүмдүн атым Карыпбек,
Уламадан укчу элек
Менин атам Шайкожо
Манас деген баатырга
Дос болуп куда болушуп,
Ат куйругун түйүшкөн.
Аттанып бирге жүрүшкөн.
Асманда булут бос экен
Акыреттик дос экен.
Ат куйругун түйдүн сен
Ээн талаа, эрме чөл
Эмне жалгыз жүрдүн сен?»
Жаш баладай кеп сурап:
«Жайынды айтчы?»– деп сурап
Бала Сейтек эр жатат
«Мен жолоочу жолун тосконум
Жолду тосуп жатканым
Кербенчи жолун тосконум
Кечүү тосуп жатканым
Чоң атам Манас баатырдын
Мунун колу тийбеген
Элде бүтүн жок экен.
Атынын буту тийбеген,
Жерде бүтүн жок экен.
Атабыз Манас өткөндө
Артыңда калган баласы
Аш таппай тентип кетиптир
Жетим жүрүп жетилип
Кайрылып элин алыптыр.
Атасындай эл сурап,
Улук болуп калыптыр.
Тууганы болуп душманы
Өзүмдүн атам Семетей
Кастык кылып иниси
Казат кылып канчаны
Өз атам баатыр өлүптүр.
Атамдын көзү өткөн соң,
Жедигердин каны экен.
Баатыр чыккан жан экен.
Менин энемдин аты Айчүрөк
Эр Кыяз деген алыптыр.
Ата-журтум табам деп,
Армансыз дүйнө болобу
Душмандан көрүп зордукту
Жаралуу болуп абам деп,
Жаратына салууга
Жараткан кудай эп көрсө,
Айыктырып алууга
Душман менен кездешкен

# СЕЙТЕК

Кудай берсе тилекти
Душмандан өчүң алууга
Аксакалдуу кербендер
Даары-дарман бар болсо,
Мага даары бергиле».
Бала сурап турган жер
Жаш-карыны кеп сурайт:
«Жарадар болуп жатканды
Айткын атын»,– деп сурайт.
Абамдын атын айтайын
«Байгамбар бар, диним ак
Туулгандын башында
Минет экен Бээжинди
Жашында минип алтын так,
Каапыр менен мусулман
Башын кармап сураган.
Алмамбет экен атасы.
Күлчоро экен өз аты.
Алмамбет атын билчү экен
Алмамбет менен Манас деп.
Анжыяндык эчендер
Даңаза кылып жүрчү экен».
Кудай билет чын болсо,
Куржундарын оодарып
Таңылчагын аңтарып,
Сандыктарын ачышып,
Куржундарды[1] бүктөшүп,
Алда таала жол бер деп
Даары-дарман мол берип,
Эки төөгө жүктөтүп
Буу кудайдын бергени.
Бала баатыр Сейтекке
Бата берип жөнөттү.
Сейтек жолду чалганы
Жолду тосуп барганы.
Эчен катар күн өттү.
Төө жетелеп балтайып,
Күлчоро менен Бозбала
Экөө карап турган жер.
Жетелеген төөсү бар
Алып жүргөн ээси бар
Жолдошту кайдан тапты деп
Төөнү кайдан алды деп
Кудай билет чын болсо,
Бозбала турат жарданып.
Жакаларын карманып,
Турат кармап жарданып.
Бала Сейтек барганы
Төөнүн жүгүн алганы.
Кырмызы деген даарыны
Кудай билет чын болсо,
Күлчоронун жаратка
Ал даарыдан салган жер
Жараты катып сакайып,
Сары суу акпай айыгып,
Эки сартка ат берип,
Кудай билет чын болсо,
Казы кертип, жал берип,
Жарасына мол берип
Баатыр Чоро өткөн жол.
Бала Сейтек жаш туйгун
Жана чалгын чалган жер.
Орто жолдун оң кыя
Омурткадай ашуу бар.
Алар ашкан чоң кыя,
Бала барып жаткан жер.
Барып жанды баккан жер.
Алтымыш сарт, кырк кербен
Үч жүз төөгө жетелеп,
Башайы барча бүктөшүп,
Баарын колдон жүктөшүп,
Бала чунак жаш шумкар
Кабылды Сейтек баатырга.

[1] Оригиналда «булжундар» деп ката жазылган

Канкордон калган чунакты
Бала Сейтек кеп айтат:
«Барасың кайда»,– деп айтат.
Биздин жайды сурасаң:
«Анжыяндын ар жагы
Ашхабаа деген калаа бар
Абдырай деген ханы бар.
Соодагер жолун чалуучу,
Чырымтал жүнүң маңдайда,
Энеңдин сүтү таңдайда,
Энеңдин сүтү кете элек
Эмне кылып жүрөсүн?»
Баладан сурап турган жер.
Алганың айза, сыр желек
Адамдан түрүң бир бөлөк,
Белиңе кылыч саласың,
Сен кайдан келген баласың?
Өтөлөп айтпай чыныңды айт?
Ойнобой бала сырыңды айт?
Биздин жайды сурасаң
«Ополду түптөп алабыз
Ооган элге барабыз.
Барып соода кылабыз.
Өзүндүн жайың айтчы?– деп
Баланын жайын суурады.
Бала Сейтек кеп айтат:
«Менин атамдын атын сурасаң
Айтылуу Манас деп айтат.
Мен кандай десең ошомун
Каарыма тийгенче
Эзип койгон жомомун.
Өзүмдүн атам Семетей.
Ооганча соода кылсаңар
Таятам аты Акунхан.
Таянем аты Акбарга.
Тайымдын аты Түмөнбай.
Жана бир таякем Ажыбай.
Мен балтадан калган тукулмун.
Мен Манастан калган тукуммун.
Тайы журтум Ооганда
Барсаңар салам айткыла».
Бала айтып турган жер.
Акункан менин тайым деп
Айчүрөк менин энем деп.
Баланын кебин укканда
Баары чочуп болкулдап,
Акункан оңой кан эмес
Айчүрөк бекер жан эмес
Айчүрөк тууса баланы
Акара кылып кеп айтса,
Анын иши оңбойт деп,
Сарт-кербенчи биригип,
Манастан калса бу бала
Кандай тентип жүрөт деп.
Баарысы турат таң калып.
Манастын даңкы оңойбу
Жалгыз жүрүп жол чалган
Жайыңды айтчы?– бала деп,
Менин жайым сурасаң:
«Жеткайт деген жерденмин
Жедигер деген элденмин.
Өзүмүн атам Семетей.
Өгөй атам эр Кыяз.
Өз айлыман кас чыгып,
Кечээ болушаар киши аз чыгып,
Атамдын көзү өтүптүр.
Энемди кан Кыяз алып кетиптир.
Менин жайым сурасаң
Мен кудайдын кулумун,
Мен эки эрдин уулумун».
Деп ошентип эр Сейтек
Жайын айтып турган жер.
Ар бир түрлүү кеп айткан
Ар кандай сөздүү көп айткан.

Бул жерде жүрүп нетели
Алыстан келген көп кербен.
Акылдашып, сүйлөшүп,
Кош-колоңун артышып,
«Кош» деп сөзүн айтышып,
Жөнөп жолго саларда
Бала чунак кеп айтат:
«Жолго салган жолоочу
Айтамын үйдөн чыккандар,
Атанын атын уккандар,
Шумдуу бала экен деп
Абыдан чыным айтайын.
Улуу атам кан Жакып.
Орто атам шер Манас.
Өзүмүн атам Семетей.
Киндик кесип, кир жууган
Жеткент деген жерлерге
Жедигер деген элдерге
Эрге тийип энекем
Жедигерге тууптур.
Энемди Кыяз алыптыр
Бала кылып багыптыр.
Жеткант деген кара жер
Жерим эмей эмине.
Жедигер деген калың эл
Элим эмей эмине.
Энемди Кыяз алган соң
Атам эмей эмине.
Таарынасың кебине.
Шумурайын жаш туйгун
Кербенге катуу кеп айтып.
Айтканыма теригип,
Кетип көрчү деп айтып.
Ачуусу келип сурланып
Канкордун уулу баатырды
Улук болуп турганда
Алыска колун сунганда
Атасы бүткөн мусулман
Аким болуп турганда.
Ошол элдин ичинде
Көргөн киши бар экен.
«Байкагыла, баарыңар,
Билгичтериң дагы бар
Белинде алтын куру бар,
Манастын уулу баатырды
Көрдүм эле башында
Атасынын суру бар.
Алаканды жаялы
Кош колоңду түшүрүп,
Бала дебей баладан
Токтоп бата алалы».
Эки-экиден кеңешип
Бирөө турат «макул» деп
Бирөө турат «акыл» деп
Семетейдин жаңгызы
Кылычын кармап кырланып,
Атын минип сурланып,
Кайраттанып кеп айтып:
«Кетип көрчү»,– деп айтып
Жолоочу кербен сарттарды
Андан жолго салган жер.
Абасынын астына
Жыйып айдап барган жер.
Сарт кербенчи соодагер
Жыйын андан алдым деп,
Айдап жолго салдым деп,
Омбутуп айдап келдим деп,
Күлчорого кеп айтып:
«Айланайын абаке,
Өзүң билгин»,– деп айтып.
Ат агылып, жайдактап,
Эки бутту баймактап,
Кербендерди кетирбей
Жолоочуну бастырбай

Баарын жолго салган жер.
Күлчоронун астына
Чогуу айдап барган жер.
Кечээ Күлчоро менен Семетей
Ата аркып алганда
Даңкы жерди жарганда
Күлчоро деп атыккан.
Жаш кезинде кан кечип,
Жоокер болуп атыккан.
Бет алышып көрүшүп,
Жабалактап келишип,
Беттеринен өбүшүп,
Кучакташып келишип,
Моюн алышып көрүшүп,
Балтадан калган тукум деп
Баатырдан калган тукум деп
Жараткан алда кудайдын,
Жазган иши ушул деп.
Кудай билет чын болсо,
Колдон колго алышып
Күлчорону багышып
Жараттарын дарылап
Эр Кыяздын жылкычы
Бири калбай баары өлгөн
Кан Кыязга тең жүрбөй
Карагул деген дагы өлгөн.
Уругу бай кул Коңкайту
Ууруларды өлтүрүп,
Атакеси Семетей
Кырк чоросун кыргандай,
Жылкычыны кырган жер.
Соодагер кербен толгон жер,
Кудай билет чын болсо,
Чатыр тигип, тор жайып
Чорого жолдош болгон жер.
Адамдан асыл Күлчоро
Соодагерди бөлгөн жер.
Босбала менен Сейтекке
Элүү киши берген жер.
Жылкы айдатып баккан жер
Казы кертип, жал чайнап
Жылкычы жыргап жаткан жер.
Бөрүгө бөөдө жедирбей
Жайыкысын болгондо
Бал салдырып сабага
Кымызга чайнап ичкиле
Кышкысын[2] болгондо
Карып калган Какчеке
Карыган жылкы сойгула.
Кара этине тойгула.
Жорго-күлүк жылкыга
Боого тийбей койгула.
Эр Күлчоро кайран эр
Жаратың катып, сакайып,
Баштагыдай боло элек.
Баралына келе элек.
Мурункудай боло элек.
Убагына келе элек.
Мылтык атып, жаа тартып
Билегин сынап Күлчоро
Ат тизгинин бурган жер.
Убагына жете элек
Садагасы кетейин,
Сандыргалуу кайран шер
Сабыр кылып турган жер.
Жылкычыны башкарып
Алыстан келген соодагер
Күлчорого дал болуп
Кетпей калды токтолуп.
Кайра айлына барышып,
Дары-дармек салышып,
Көп жылкыны багышып,
Сары казы керткен жал

[2] «Кышыккысын» деген сөз ката жазылган.

Туурап жаткан жер ошол.
Казы кертип, жал чайнап
Куунап жаткан жер ошол.
Күлчоро, Сейтек баш кошуп
Эки атанын тукуму
Кудай билет чын болсо,
Эрдин кылар иши деп
Эр Күлчоро кеп айтат
Эр Сейтекке эми айтат:
«Алты күнү сен жүрсөн
Үч-Арал деген жер болот.
Кумбел деген чөл болот.
Ар кайсы жерге токтогон
Бөөт-бөөт көл болот.
Жылкы баспас[3] жер болот.
Өнү кара эл болот.
Төө жетелеп, төө минген
Соодагер жолун тоскун деп
Жолун тосун жаткын деп».
Абакеси Күлчоро
Каттап берди Сейтекке.
Барар жолдун барысын
Каттап берди Сейтекке.
Узун жолго салды эми
Куш учпас тоонун түбүнө
Мелтиреген түзүнө
Кум-талаанын үстүнө
Бала Сейтек барды эми.
Жолду тосуп калды эми.
Ай караңгы түн өттү
Арадан алты күн өттү.
Улуу жолду чаңдаткан
Төөсүнүн моймун узарткан
Төөлөрүнө жүк арткан
Уңкун моюн, жаргак көз
Он эки төөдө буту бар
Атказып жолго салганда
Абасы Чоро кеп айткан:
«Жортулчу чыкса жолуңан
Жолоочу чыкса алдыңан
Атаңдын атын сураса
Азили айтпа»,– деп айткан.
Каргадай болгон жаш Сейтек
Жүрөгүнө жат кылып,
Көкүрөккө кат кылып,
Күлчоро абам айтты деп
Баарын жаттап алыптыр.
Төө жетелеп, бул бүктөп
Төрт кербенчи барыптыр.
Кербенчи келип кезигип
Абамдын айткан кеби деп
Бала Сейтек жаш шумуң
Турган экен чечинип.
Кудай билет чын болсо,
Узул моюн, жаргак көз,
Сакалы туздай кубарган,
Шурудай көзү кызарып,
Ардай мойну узарып,
Кербенчинин башчысы
Жаш балага келген жер.
Кайдан келдиң, бала?– деп,
Жай сурашып турган жер.
Менин жайым уккандай
Атасы тентек жаш чунак
Жансыз киши дейсиңби?
Жайымдан кайгы жейсиңби?
Каркылдап карга учпаган,
Чөп үзүм айбан баспаган,
Чаң буркурап төгүлгөн,
Өзүнүн жайын ким билет.
Арча төөгө кошо арткан,
Алыска сапар жол тарткан,
Бала Сейтек кеп айтып:

[3] «Баскыз» деп ката жазылып калган.

«Жооп берчи?»– деп айтып,
Ат тизгинин бурган жер
Кербендерден кеп сурап,
Сырыңды айтчы деп сурап,
Бала Сейтек турган жер.
Менин жайым сурасаң
«Ак була белин чыраштап
Куда түштүм алыстан.
Ак сарбашыл кой сойбой,
Ак боз бээ тай сойбой,
Манастын уулу Семетей
Баатыр болуп атыккан.
Жетим жүрүп жетилген,
Жетилгенде оңолгон,
Теңдешпей душман жоголгон,
Семетейге бир туугaн
Күлчоро деген иниси
Менин кызым Күлнара
Тогуз жашар жашында
Ойноо бала чагында
Кабар угуп алыстан
Мени менен таанышкан.
Өрүмгө жашы жеткенде,
Ойноо жашы өткөндө,
Ошондо келип алам деп
Жетиле элек балаң деп
Алтын-күмүш зар берген,
Айры өркөчтү нар берген,
Ар бир түрлүү мал берген,
Сары алтын, жамбы бул берген,
Санабай айдап мал берген,
Мына бу ак сакалын шүйгөмүн
Менин балам Күлнара
Баралынан өттү деп
Жашы так жыйырмага жетти деп,
Семетей менен сүйлөшүп,
Курчалып куда болгомун.
Кулдук уруп койгону
Же карала кагаз кат келбей
Же арага киши келген жок
Келинимди алам деп
Же бир барча кагаз берген жок
Ай караңгы түн өттү
Экөөбүз куда болгону
Так он эки жыл өттү.
Мынабу он эки арга бул жүктөп
Таласты барып көрөм деп,
Кан кудам аман бар болсо,
Кийитине берем деп,
Аргын, огой элинен
Арачы киши келген жок.
Келинимди алам деп,
Чымчыктан кабар берген жок.
Улуу жолго салам деп,
Эми он жети күнү жол жүрсөк
Мен Таласка барам деп,
Айтып турат Оруз кан.
Атасынан бабасы
Артык тууган жаш чунак.
Талас, Кең-Кол канча жер
Аргын, огой канча эл
Жашың кары жан экен.
Жетимиш менен сексендин
Ортосунда чал экен.
Семетейдин жаш туйгун
Он бирден жашы өтүптүр
Он экиге жетиптир
Ойно өскөн бала экен
Кыңкылаган кызыл сарт,
Мойну белем узун сарт,
Көзү элең кызыл сарт,
Орузкандан кеп угуп
Семетей, Чоро кеп угуп
Жол жолоочу көрүнсө,

Жолукпагын деп айткан.
Сарт кебендер көрүнсө,
Адамдын баары шум  болот,
Жолоочу кербен куу болот,
Сырыңды айтпа деп айткан.
Бала чунак жаш Сейтек
Бастырып жолго салгын деп
Мен айткан жерге баргын деп
Айткан жерге барбасаң
Менин тилим албасаң
Көрбөгөндү көрөсүң
Менден бекер өлөсүң
Өзүңдү өзүн мактайсың
Сен менин кудам деп
Күлчоро менин күйөөм деп
Мен Таласка барам деп
Куда таап алам деп
Айтып турган кебин көр.
Амалдуу киши окшойсуң.
Таап турган эбиң көр
Бала чунак омбутуп,
Кербендерди домбутуп,
Айдап жолго салган жер.
Кербенге жакын барган жер.
Күлчорого айтмакка
Жаш Сейтек жолго салган жер.
Кагылайын абаке,
Айтканыңа бардым деп
Алты күнү жол тосуп,
Талыкпай жатып алдым деп.
Алты күндөн өткөндө
Ат тизгинин бурсам мен
Кетейин деп турсам мен
Күн батыш жак кара жол
Чубалган кара чаң чыкты.
Бир топ кара жан чыкты.
Жетелеген төөсү бар
Алып жүргөн ээси бар
Келип жайым сурады
Айткан тилин уктум деп
Сырымды айтпай чыктым деп
Өзүнүн жайын сурасам
Орузкан деген мен болом
Күлчоро деген күйөөм дейт.
Күлнара деген кызым дейт.
Семетей деген кудам дейт.
Ай караңгы түн өттү
Кудалашып койгомун
Так он эки жыл өттү дейт.
Сегиз жашта секелек
Баламдын өрүмгө чачы жеткенде
Баралына келгенде
Айдап калың мал алып
Он бешке жашы толгондо
Он алтыга оогондо
Семетей кудам кеп айткан:
«Баарын алам»,– деп айткан.
Кудалашып койгондо
Кур салып куда болгондо
Андан өттү канча жыл
Өзүм издеп барам деп
Келинимди алам деп
Он эки төөгө пул жүктөп
Аргын, огой элине
Кең-Кол, Талас элине
Мен ошого барам деп
Мен карысынан кеп уктум.
Ушу кепти мен уктум.
Бургутуп айдап келе атам
Кагылайын абаке,
Омбутуп айдап келе атам,
Домбутуп айдап келе атам,
Чочутуп айдап келе айдап,
Коркутуп айдап келе атам,

Каргадай болгон көпөлөк
Кагылган жери дагы ошол.
Атанын жолун төтөлөп
Алган жери дагы ошол.
Адамдан артык шер өткөн
Ар кесме колдо булгаган
Жакшы менен жаманды
Ажыратып ылгаган,
Жаш кезинде катыккан,
Кан ичме чоро атыккан,
Кабарын угуп Сейтектин
Кара жолтой тентектин
Баатыр бала Күлчоро
Басып чыкты сарайдан.
Ар Сейтектен кеп угуп,
Күлчоронун жолдошу
Бозбала келди кашына.
Тилекти кудай берди деп,
Кагылайын жолборсум,
Тилегим кабыл келди деп.
Издесең издеп таптаган
Орускан өзү келди деп.
Кол кармашып эки дос
Канаттарын жайышты
Кайнатасы Орускан
Жолун тосуп алышты.
Төө жетелеп жай жүргөн
Төрт кербенчи бар экен.
Кербенчини айдаган
Жаш туйгун Сейтек бар экен.
Орускан байкап караса,
Кудай билет чын болсо,
Күлчоро шаңы көрүнөт.
Көргөндө көөнү бөлүнөт.
Күлчоробу, башкабы?
Ажырата биле албай
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Эки колу боорунда
Ал арыстан Күлчоро
Орускандын жолунда
Бооруна колун алган жер.
Эмгек кылып жүрүшүп
Жолун тосуп барган жер.
Бу Күлчоро экен деп
Кайнатасы Орускан
Топудай учуп жыгылып,
Тоголонуп калган жер.
Күлчоро, Сейтек көрүшүп.
Коргошундай көйкөлүп,
Кайнатасы Орускан
Эрип кете таштады.
Күлчорону көргөндө
Аттан түшүп туп этип
Өлүп кете жаздады.
Кайнатасы Орузкан
Күлчорону көргөндө
Балача ыйлап бакырды,
Көтөрдү заман акырды,
Күлчоро менен дос болгон,
Босбала тапты акылды.
Алыстан келген соодагер
Айкырып ыйлап не пайда.
Мынабу баатыр Күлчоро
Аманат жаны кычылып
Семетей өңдү көрүнөт.
Кайраттуу бала кеп айтат:
«Абыдан байка»,– деп айтат.
Баланы байкап караса,
Белинде алтын куру бар.
Бети окшош көрүнөт.
Маркум Семетейдин сүрү[4] бар.
Белине кылыч чалынып
Бетинен нуру жалындап

[4] «Уру» деп ката жазылып калган.

# СЕЙТЕК

Карыга айза карылып
Кылычты кыя байланып,
Кыйгактуу айза тагынып,
Ажыдаардын оозуна
Кемеринин тышына
Алты оролуп кайыптыр.
Оң ийнинен октолуп
Мойнун арта салыптыр.
Башында көрүп жүргөн жак
Арстан Манас баатырды
Андап жүргөн бирлери
Тегеректеп калыптыр.
Баланын аты ким деди:
«Баланын атын сурасаң
Болотттон калган тукум деп
Талас менен Кең-Колду
Канчоро, Кыяз чапканда,
Аргын менен огойду
Талап бөлүп жатканда,
Кудайдын жазган торуна
Канчоро, Кыяз колуна
Канкордун уулу Семетей
Дүнүйөдөн кайтканда
Сандыкта жаткан муунчак,
Курсакта калган түйүнчөк,
Болоттон калган тукум деп.
Баатыр кудаң Семетей
Ошондон калган тукум деп
Баатыр кудаң Семетей
Ошондон калган тукум деп.
Кудагыйың Айчүрөк
Аны Кыяз алганда
Ак тасма белге бууптур
Алты артып көтөрүп
Кыяздан бүткөн бала деп,
Кан Кыязга тийгенде
Жедигердин элиги
Тийип алган эрине
Асылы белең Айчүрөк
Эркек бала тууптур.
Эрке тап болуп чоңоюп,
Семетейден туубаган
Кыязга келип тууду деп,
Канчоро, Кыяз баш болуп,
Акылдашып ой кылып,
Алтымыш бээ сойдуруп,
Калк чогултуп той кылып,
Семизди тандап союптур.
Атын Сейтек коюптур.
Сербейип атка конуптур.
Абыдан байкап караса,
Балтадан калган тукул деп.
Баатыр кудаң Семетей
Ошондон калган тукум деп.
Бала Сейтек ушул деп
Айтып өттү Бозбала.
Ошо жолдо Орузкан
Он эки арча төөсү бар
Даары-дармек жүктөгөн
Багып жүргөн ээси бар.
Баштап жүргөн Кара Нар,
Ээгип жүргөн бото бар,
Баабедиге чалган жер
Жарадар чоро баатырды
Бозбала менен Орузкан
Абаптап багып алган жер.
Каргадай болгон Сейтектин
Караанын көрүп токтолуп,
Эр Семетей баатырдын
Өзүн көргөн эмедей
Он эки төөгө жүктөгөн
Эчен түркүн булу бар
Ак жибекке оротуп,
Башына машык жаздатып,

Бала Сейтек чунакты
Жылкыдан жандап ат алып,
Алтымыш жылкы айдатып,
Ак тасма белге сыдыртып,
Канча жерди кыдыртып,
Жаратына салууга
Айыктырып алууга
Бу кудайдын бергени
Кабар укпай, кат албай
Кайнатасы Орузкан
Кудай айдап келгени.
Алыстан келсе мусапыр
Машыга аркан кердирип,
Аттан тандап бердирип,
Баатырды кудай баккан жер.
Канча жерди кыдырып,
Орузкан дары тапкан жер.
Бир колдогон Чорону
Жаралары каткан жер.
Жедигердин эр Кыяз
Айчүрөк алып буруксуп,
Ааламды билген улуксуп,
Эчтемени элебейт.
Жанынан Сейтек кеткени
Так бир жылга жеткени.
Жылкычыга барганы
Урубайкул, Коңкайты,
Урунпул менен Жоодары,
Баштап жүгөн Карагул,
Бала тентек барганы
Баарын кырып салганы.
Күлчоро өңдүү абасын
Сейтек багып калганы.
Муну Кыяз биле элек
Баатыр эти толуптур,
Балага арбак конуптур,
Атасындай болуптур,
Булчуң эти толуптур,
Абакеси Күлчоро
Муруңкудай болуптур.
Жараты айыгып
Садагасы кетейин,
Сандыргалуу кайран шер
Бир кудайга жалынып.
Кайнатасы Орузкан
Өзү келип кабылып.
Колуна алып куш кылып,
Каргадай болгон энесин
Касиеттүү Чорону
Жараткан алда бир кудай
Талайына туш кылып.
Аскадан аюу аттырып,
Мылтык берип, маш кылып,
Адырдан аркар аттырып,
Адыр-адыр бел ашып,
Аска-аска тоо басып,
Бала чунак жолборсуң
Машыктырып алган жер.
Күлчоро, Сейтек кошулуп
Буудан минип балкайып,
Мурункудай даңкайып,
Кубатына барды эми.
Куурап жүргөн Күлчоро
Алтын жаа, болот ок
Муну анык жаа тартып,
Кан Кыязга бармакка
Барып уруш салмакка
Канаты өчүп кайкалып,
Кадимкидей чалкайып,
Күлчоро болуп турганда
Бетине менде келбеген,
Беттешип киши жеңбеген,
Бак булуттай созулуп,
Ажалы жок Чорого

# СЕЙТЕК

Алда таала жар болуп,
Абасынын тукуму
Жаш баласы кошулуп,
Баатыр болгон Күлчоро
Күрдөөлү кылып жедигер
Барып уруш салмакка
Даярланып камынып,
Баатыр өскөн Күлчоро
Баабединге жалынып,
Кудай билет чын болсо
Улуу өндүр, дайра суу
Жылкы санга жетиптир
Кудай билет чын болсо,
Кан Кыяздын үйүнөн
Баласы Сейтек кеткени
Бир жылдан өтүп кетиптир.
Арак ичип, мас болуп,
Амаз убак бешимде
Арстан Кыяз баатырдын
Баласы түштү эсине.
Айчүрөккө күүлөнүп
Жылкычыга барсын деп,
Жылкы багып, катуу айып,
Азоо кармап үйрөтүп,
Жан жолдошу Карагул
Жолдош кылып алсын деп.
Балам кетти жанынан
Алтымыш чорон, кырк жайсаң
Ары жыйып алыптыр,
Баласына бармакка
Баатыр Кыяз улук кан
Даярланып калыптыр.
Беризаада Айчүрөк
Маңдайына барыптыр.
«Аскер жыйып аттансын
Төрөм кайда барасың?
Жоокер эрдин баарысын
Чогуу жыйып аласың.
Жоого барчу эмедей
Даярланып калыпсың.
Аттанып кайда барасың?».
Беризаада Айчүрөк,
Кан Кыяздан кеп сурап.
Барасың кайда деп сурап
Баатыр Кыяз кеп айтат:
«Жаныман балам кеткени
Бир жыл болду»,– деп айтат.
Каңылдаба канчык деп
Камчысын кармап имерип.
Беризаада Чүрөктү
Тартып-тартып жиберип.
Асеми зааде Айчүрөк
Колунан кармап кеп айтып:
«Адили бери болгон соң
Жараткан алда бир кудай
Башка жасап койгон соң
Токтолуп сабыр кыла тур,
Мен айтайын уга тур,
Келгендерден кеп уктум
Кымыз ичип, мас болуп,
Жылкычыга баш болуп,
Балаң келесоо болду деп уктум.
Кудай уруп салган соң
Улук кандын тукуму
Келесоо болуп калган соң.
Кудай урган жер ошо
Арстан төрө чолпонум
Мен баламан коркомун».
Асылы берен Айчүрөк
Акыл антын акырын
Алган байы Кыясты
Ак мамыка жаткырып,
Арак берип мас кылып,
Бериште салып пейлине

Бир кудай салып динине
Айланса болот арбакка
Асылы бери Айчүрөк
Балага өзү бармакка
Төрөсү Кыяз эр баатыр
Мамык жаздап башына,
Олпок салып астына,
Ачууңуз бери бастырып,
Абаптап Чүрөк жаткызып,
Кан Кыязды мас кылып,
Тараза жылдыз батканда
Таң агарып атканда
Эшендер азан кыйкырды
Амаздын маалы болгондо
Эр Кыяз уктап жаткан жер
Беризаада Айчүрөк
Акылды башка тапкан жер.
Улуузаада Айчүрөк
Мечитке барбай калган жер.
Канча эмине болду деп
Калк чогулуп барган жер.
Акундун кызы Айчүрөк
Алган байы Кыязды
Эңгирип эсин оодартып
Элестетип койгон жер.
Кан Кыяздын үстүнө
Эл чогулуп толгон жер.
Кечеги кылган кайратты
Эсине Чүрөк алган жер.
Арак ичип, мас кылып,
Жедигер элдин кан Кыяз
Келесоолоп калган жер.
Акылманы кеп айтып:
«Эмине болуп калды деп,
Ар кимиси көп айтып».
Чүрөктөн сурап турган жер
Айчүрөк айтып ар кандай
Каныңардын жалгызы
Жылкычыга барам деп,
Бир жыл болду кеткени
Балам келбей койду деп,
Капаланып кайгырып
Баласын эстеп каныңар
Капаланып кайгырып,
Баласын эстеп каныңар
Акылынан айрылып,
Айткан сөздөн жаңылып,
Ушундай ишке кабылып,
Ушинтип турат каныңар.
Чогулуп келген баарыңар
Баласына баралы
Барып алып келгиле
Жалгыз ээгин сагынып
Сары алтын өңү жез болуп,
Минтип турат каныңар.
Бир балаага кез болуп
Баласын алып келбесе,
Алдына келип бербесе,
Көңүлү минтип болбойт деп.
Кеңкелес атка конот деп.
Баласын көрсө каныңар
Муруңкудай болот деп.
Келген элге кеп айтып,
Айлар өтпөй алдынан,
Күндөр кетпей жанынан,
Уламалуу чечендер,
Көптүү көргөн эрендер,
Аш тамагын даярдап
Даяр кылып коелуу.
Акылдашып Бегимкан
Бирге жүргөн Урумкан
Баласын алып келгиче
Келип элге бергин деп
Баласын алып келгиче

Баатырды багып турган деп.
Мен өңдөнгөн баатырга
Жакшы кызмат кылгыла.
Ары кетсем бир айга
Бери кетсем бир айга
Ополдун Сары-Талаага
Ойлогон тентек балага
Баласын алып келейин.
Каныңардын баласын
Алып келип берейин.
Перизаада Айчүрөк
Мендеден жолу бир бөлөк.
Калк чогулуп кайтканда,
Кан Кыяз баатыр айтканда,
Эл чогулуп кайтканда,
Эр Кыяз баатыр айтканда,
Балам кетти алыска
Мен артынан барам деп,
Аман бекен балам деп,
Кандай заман, кандай күн
Кеткени жылга толду деп.
Азоо минип үйрөтүп,
Жылкычыга кошулуп,
Тентек болуп алдыга
Же жылкычыга тил алып
Оолжулап кан Кыяз
Кеңешин элге салган жер.
Айчүрөк барсын, – деп айтат.
Араң турган булгун бар,
Башты жарган баатыр бар,
Ала көөдөн нечен бар,
Акыл тапкан чечен бар,
Сен балама барарсың
Барып жатып аларсың
Кан кечигип калды деп,
Калкыңын ичи бузулуп
Ушактан ушак кеп чыгып,
Баласын издеп кетти деп
Жаман атты болосуң.
Баатыр Кыяз барба деп
Баарысы айтты чуркурап.
Бул Айчүрөк тапкан акыл го,
Бул ажалга Кыяз жакын го,
Эл чогултуп аш берип,
Эр Кыязды азгырып
Перизаада Айчүрөк
Аты жокко ат берип,
Ашы жокко аш берип,
Түрлүү кийим кийгизип,
Баатырдан калган балага
Пайда болоор бекен деп,
Перизаада Айчүрөк
Бедерин элге тийгизбей
Кереметин билгизбей,
Айтканын калкка угузбай,
Алган байы Кыязга
Ар кылганын туйгузбай,
Жедигердин кан Кыяз
Элдин тилин алган жер.
Макул болуп токтолуп
Баатыр Кыяз калган жер.
Перизаада Айчүрөк
Төрөсүнө жалынып,
Мен барам деп камынып,
Ала көөдөн жаш эле
Абыдан мээси ката элек
Тентек аты өчө элек
Калайык эл-журтуңа
Жүрчү эле эркелеп.
Кара жолтой жайрагыр
Жылкычыга барганы
Ата-энесин унутуп
Келбей жатып алганы.
Же жылкычыга барган го,

Арак деген ачуу аш
Аябай ичип алган го.
Кымыз деген кыйгыл аш
Кыйын ичип алган го.
Жылкы тандап сойгон го
Жылкычыга баш болуп
Акылы жок жаш болуп,
Ала-көөдөн болгон го.
Беризаада Айчүрөк
Тооторуну минейин
Алдап алып келейин.
Алдаганга болбосо,
Айтканыма көнбөсө,
Кайра жүрө берейин.
Анан өзүң баргын деп
Өзүң барып алгын деп
Баланды жолго салгын деп
Байкуш Чүрөк кеп айтат:
«Тооторуну бергин деп,
Тооторуну минип элине
Канзааданын баласы
Жылкычы болуп келди деп.
Баатыр эрдин жалгызы
Көргөн элдер таңдансын
Баатырдын жалгыз баласы
Өзүнөн артык экен деп.
Жакаларын кармасын».
Бери Чүрөк кеп айтып
Арыстаным төрөм деп айтып.
Ак жибек көйнөк киймекке
Алдады Кыяз баатырды
Куржунга булгун толтуруп.
Айчүрөк менен кан Кыяз
Акылдашып олтуруп.
Кудай билет чын болсо,
Башка жан тилин билбеген
Күңгүрөнүп сүйлөгөн
Адамга айткан жери бар
Кокустан төрө шек алса,
Атын бербей коет деп,
Ала моюн кыйма тон
Апаптап Чүрөк кийгизип.
Акылы ашкан Айчүрөк
Оромол болгон ак жибек
Оолжуган Кыязды
Башыңа селде чалгын деп,
Мечитиңе баргын деп,
Баатыр Кыяз кеп айтат:
«Барсаң баргын»,– деп айтат.
Суук боор эл көрсө,
Атыңа тили тийбесин.
Өзүңдөн башка жылкычы
Кымыз ичип мас болуп,
Кокустан бирөө минбесин.
Үстүнө абай жаптырып,
Мойнуна тумар тактырып,
Айчүрөккө кеп айтып:
«Айым Чүрөк»,– деп айтып.
«Мына бу атты минип барасың
Ылайлуу суудан ичпесин,
Тулпандуу чөптөн үзбөсүн,
Күрүч, арпа аралаш
Ак куржунга салдырып
Атыма берип жүргүн деп.
Аттык жемин алдырып».
Перизаада Айчүрөк
Кокустан аты сүйлөйт деп,
Кыяз тилин билет деп,
Кызыл тилин бууган жер.
Кыяздын аты Тоотору
Кызыл тилин булгалап,
Күңгүрөнүп турган жер.
Баатыр Кыяз кайран эр
Атына басып барган жер.

Күңгүрөнүп Тоотору
Бул эмине болду деп
Чүрөккө акыл салган жер.
Төрөм Кыяз тура тур
Тоотору айбан, мен адам
Байкабайсың мас болуп,
Тоотору тилин мен айтам.
Же жайы жок, кышы жок
Мени менен иши жок.
Мамыга катып сактадым
Жайкысын кур оттоп,
Кышкысын кыр оттоп,
Көңүлүмдү ачпадым.
Тоотору айтат ошентет.
Тоотору айтты мен билдим
Перизаада Айчүрөк
Кан Кыязды алдады.
Азык артып, жол тартып,
Айчүрөк жолго салганы.
Тегеренип Тоотору
Баспай туруп алганы.
Эмнени көрдү деп,
Эминени билди деп,
Кыяздын басып барганы
Кызыл тили булдурап,
Сүйлөй албай чулдурап,
Тоотору тилин айтайын.
Жайкысы бир кең жайлоо
Эрким менен баспадым.
Жайы-кышы тең болуп
Мамынын башын кемирдим
Мен куу мамыны сактадым.
Тоотору айтты мен билдим
Көрдүнбү Чүрөктүн акыл тапканын.
Перизаада Айчүрөк
Согончокко басыптыр,
Такасына жаткырып,
Сары жезден бастырып,
Учун курчтан тарттырып,
Атты кудай урганы
Тегеренип турганы.
Айчүрөктүн согончок
Капталга темир батканда
Эр Кыяздын Тоотору
Тыбырчылап жатканда,
Ат тизгинин бурганда
Кабыргага өткөзө
Как өпкөгө жеткизе
Акункан кызы Айчүрөк
Бул теминип турганда.
Баатыр Кыяз барган жок
Айчүрөктүн астынан
Атын кайра алган жок.
Катынга атын алдырып,
Кайран Кыяз өлдүн деп.
Балага атың алдырып,
Баатыр Кыяз өлдүн деп.
Күнгүрөнүп Тоотору
Соорусунда куйругун
Үч имерип алган жер.
Күңгүрөнүп сүйлөнүп
Кабыргадан өткөндө
Такасында шибеге
Өпкөсүнө жеткенде
Ошондо Тоотору жүрдү арыштап,
Калаанын эли жарданып,
Перизаада Айчүрөк
Берер кудай бекен деп.
Жакасын бекем карманып
Капырай, Айчүрөк атка мингенде
Башка болуп калды деп.
Катын дебей, кыз дебей,
Кары дебей, жаш дебей,
Айчүрөктүн түрүнө

Күңгүрөнүп сүйлөбөй
Тооторунун тилине
Баары карап жарданып.
Перизаада  Айчүрөк
Бергенин кудай алабы
Жедигердин кан Кыяз
Атын алдап минген жер.
Перизаада Айчүрөк
Эр Сейтекке барууга
Эр Күлчоро  кайнисин
Колу менен багууга,
Кырк бөтөлкө дары алып,
Кырма дары кошо алып,
Кайнаткан кара даң алып,
Жедигердин кан Кыяз
Айтсам билбей койду деп,
Аркар аяк, соно көз
Алтын ооз, каркы таң
Эки бутуна жабышып,
Акундун кызы Айчүрөк
Тизгинине карышып,
Ээсине таарынып
Эр Кыяздын Тоотору
Эликтей жүрдү чамынып.
Он текейдин, куйма жол
Узун жолго салды эми.
Кудай билет чын болсо,
Перизаада Айчүрөк
Андан өтүп алды эми.
Кашкарга кетчүү кара жол
Ошол жолго салды эми.
Акундун кызы Айчүрөк
Андан өтүп алды эми.
Үч-Аланын оюна,
Чоң-Ополдун боюна,
Чоң дайранын четине,
Мейкин талаа, сары түз,
Түз талаанын бетине
Перизаада Айчүрөк
Атан түшүп алган жер.
Кашкулактын сыртындай
Кара башыл ыраң чөп
Кайсаңдатып чалдырып,
Тооторуну откозуп,
Бууп койгон кызыл тил
Муну чечип салган жер.
Тоотору минип шаңданып,
Жолоочу көрүп таңкалып,
Жол-жолоочу кербендер
Ушу кандай киши деп
Карап калат жарданып.
Капырай, кылычы бар белинде,
Жабдыгы бар жанында,
Мылтыгы бар далыда,
Минген аты бир башка,
Кандай киши болду деп
Чымындыктын чон талаа
Адам жечүү айбандар,
Ажыдаар, жыландар
Кандай өтүп алды деп.
Көргөн элдин баарысы
Көз уялып таңданып.
Акун кызы Айчүрөк
Кечээ жаш кезинде кошулган
Көк жалдын уулу Семетей
Жанында жүргөн эмедей
Арбак конуп шаңданып.
Как ошондон өттү эми
Күлчоро менен Сейтекке
Алты күндө жетти эми.
Эр Сейтектин энеси,
Күлчоронун жеңеси
Анын атын алган жер.
Кайниси менен балага

Байкуш Чүрөк барган жер.
Бордомолуу боз үй бар,
Керегелүү кең үй бар,
Баксалап салган тамы бар.
Күйүп турган шамы бар.
Отун алып от жаккан,
Казан асып эт баскан,
Жигиттери дагы бар.
Бала кыял Күлчоро
Айчүрөк барар кечинде
Күлчоро менен Сейтектин
Келет деген ойдо жок
Кудай билет чын болсо,
Келерин билсе Күлчоро
Жолдон тосуп албайбы.
Акундун кызы жеңесин
Астынан тосо барбайбы.
Эшен, сопу эки сарт
Этеги жайык кара сарт
Эшке чыга калган жер.
Перизаада Айчүрөк
Эшигине барган жер.
Карап турса Айчүрөк
Үстүндөгү буласы
Нечен өткөн шум жалган
Орускан деген кудасы,
Ошол киши көрүнөт.
Кайдан келген экенин
Кайдан билсин Айчүрөк.
Астын тосо жүгүрүп
Көзүнүн жашы шыркырап.
Айчүрөктү көргөндө
Кучактап ыйлап буркурап.
Тооторунун үстүнөн
Так көтөрүп алган жер.
Чоң ак үйгө барган жер.
Бет сүйлөшүп сырлашып
Орускан менен Айчүрөк
Айткан сөзүн тыңдашып,
Кучакташып көрүшүп,
Кол кармашып өбүшүп,
Карагулдун жез мамы
Кан Кыяздын Тоотору
Аса байлап салган жер.
Орускан, Чүрөк көрүшүп
Көңүлдөрү ачылып
Кудай билет чын болсо,
Балдар кайда кетти деп,
Орускандан кеп сурап:
«Кайдан келдиң?»– деп сурап.
Күлчоро менен Сейтекти
Көргөнүмдү айтайын.
Бул экөөнө кошулуп
Келгенимди айтайын.
Аргын, огой элинден
Кең-Кол, Талас жериңден
Ардактуу кудам Семетей
Көрүнбөдү көзүмө,
Билинбеди өзүмө,
Арадан канча жыл өттү
Же Семетей барбайт деп,
Келинин келип албайт деп,
Он эки төөгө бул алып
Арчаларга баш артып
Чыктым эле жол тартып.
Медияндын бетине
Кумайлуу талаа үстүндө,
Мелтиреген түзүндө,
Карга айланып учтаган,
Аркар, кийик баспаган,
Аңдып мерген атпаган,
Ээн талаа, мейкин чөл
Мен ошерге келгенде
Айбаты бар, сүрү бар

# СЕЙТЕК

Абайы кылып карасам
Кадимки маркум Семетей
Как ошонун түрү бар.
Кылычын кармап оңдонуп
Ана-мына деп айтсам
Ар бир түрлүү кеп айтсам
Бала башты алчудай
Байкасам жайлап салчуудай.
Баланын түрүн мен көрүп,
Үйүрлөшүп кеп айтып,
Астындагы арчанын
Мойнун кармап бурадым.
Ошондо баланын атын сурадым.
Оолугуп бала кеп айтты:
«Оңурандап бек айтты.
Мен Жеткайт деген жердемин.
Мен жедигер деген элденмин.
Кан Кыяз деген атам бар.
Атамдын атын сурасаң
Атасыз киши дейсиңби?
Менин атамдан кайгы жейсиңби?
Кылычын алып омбутуп.
Атып салчу эмедей
Мылтыгын алып омбутуп.
Айдап алып жөнөдү
Корккопуман келдим деп.
Ушу жерге мен келип
Күлчорону көрдүм деп.
Асманда мунар созулуп
Айчүрөк менен Күлчоро
Амандашып кошулуп.
Айчүрөк аттан түшкөндө,
Орускан кудасы күткөндө,
Жол чалгындап бүткөндө,
Күлчоро, Сейтек жүргөн жер.
Күндөп-түндөп жол чалып
Машыктырып ичинен
Кечээ бастырып жүргөн жол менен
Баатыр өскөн Күлчоро
Ак буудайдан өндүрүп,
Баатырдан калган бөбөгүн
Ар бир ишке көндүрүп.
Канчалык жерди чалдырып
Элинен кабар алдырып.
Мылтык атып, жаа берип,
Ошо каргадай болгон инисин
Атасындай болот деп
Абакеси Күлчоро
Жаш Сейтекке баа берип.
Ар өнөрүн билгизип
Адис кылды баланы
Ар бир ишти көргөзүп.
Тааныш кылып баланы
Чакмак этин кабырып.
Балбан кылды баланы
Аттанып чалгын чалгыны
Күлчоро, Сейтек эки жаш
Жер чендешип барганы.
Эр Күлчоро жетилип,
Баатырдын чапкан жолуна
Жараткан алда бир кудай
Өзү салган оңуна.
Түштү бала эр Сейтек
Атасыным жолуна.
Баралына жетти деп
Бармак болуп Күлчоро
Жедигердин элине.
Казат кылып карманып,
Мылтык атып, жаа тартып,
Салмак болот Күлчоро.
Бала Сейтек кеп айтып:
«Казатка качан барабыз
Кең-Кол менен Таласты
Муну качан табабыз?

Канчоро менен Кыяздан
Өчтү качан алабыз?».
Ак болоттун тунугу
Атасы Семетей тукуму
Булчуң эти булчуюп
Болуп калган эме эле.
Чакмак эти каткандай
Кармашкан жоону жеңгендей
Каргадай жүрүп чоңоюп
А дегенде эр Сейтек
Кара канга боелуп
Жерге чаңы созулуп
Абасына кошулуп
Баралы деген эр Сейтек.
Араң кара жедигер
Кан Кыяздын элине
Баралы деген эр Сейтек.
Кайрылып үйгө баралы
Ат ойнотуп алалы
Бой сергитип токтолуп
Жедигердин элине
Анан кийин баралы.
Акыл айтып балага
Эр Кыязга бармакка,
Барып уруш салмакка,
Убаданы токтотуп
Ат болушка салышты.
Ошо күнү кечинде
Кечке жакын бешимде
Сарайына барышты.
Баатыр Чоро, эр Сейтек
Жакын кирип барган жер
Жылкычынын жез мамы
Атты байлап салган жер.
Орузкан, Чүрөк сүйлөшүп,
Акылдашып калган жер.
Мамыдагы Тоотору
Баатырлар барды жакындап,
Камчы салып аттарга
Каргадай болуп баланы
Жараткан алда бир кудай,
Өзү кошкон каттарга.
Тооторуну көргөндө
Бу Тоотору кандай келди деп,
Бала Сейтек жаш бөрү
Чочуп кетти болкулдап.
Коркуп кетти солкулдап.
Баралына жетелеп
Балалыгы кетелек.
Аттан чочуп кетти деп,
Абакеси Күлчоро
Жаш Сейтекти жетелеп.
Кудай билет чын болсо,
Шашынып, башын кемирип
Карышкыр, бөрү көргөндөй
Күлчоро, Сейтек барганда
Тоотору турат элирип.
Беризаада Айчүрөк
Белине белбоо салган жер.
Бериштелүү эки эр
Экөө кирип барган жер.
Тооторуну көргөндө
Айчүрөк келген экен деп.
Ак жибектей бөгүлүп
Күлчоро кетти сүйүнүп.
Баатыр Чоро барганда
Айчүрөк сындуу жеңеси
Атын алды жүгүрүп.
Кечээ Канчоро, Кыяз кошулуп
Оор эшикти ачканда
Айчүрөк менен Чорону
Жаман илдет басканда.
Көрбөгөнү көр болуп,
Көмүлүп көрдө жок болуп,

Жебегени бок болуп,
Карашар киши жок болуп,
Күлчоро колго түшкөндө
Канчоро менен Кыяздан
Семетей шейит кеткенде.
Башына балаа жеткенде
Арка чачын түйүптүр
Акундун кызы Айчүрөк
Алданын кылган иши деп
Эр Кыязга тийиптир.
Курсагында баланы
Билгизбей багып жүрүптүр.
Кудай берер кезинде
Айчүрөк, Чоро кошулуп,
Акундун кызы жеңеси
Кайнисине кошулуп,
Иниңди алып келдим деп,
Кагылайын уулуке,
Өйдө чыксаң өбөгүң,
Абаңдан калган бөбөгүң,
Туурга конгон туйгунуң,
Белиңе чалган кемериң,
Абаңдан калган белегиң,
Аста күтүп, алгын деп,
Жылкычыга баш кылып
Аңгир өсүп калгандыр
Өз жолуңа салгын деп,
Күндү тоонун боюнда
Күркүрөөнүн оюнда
Кебездүү тоонун четинде,
Кең-Ополдун бетинде,
Керткен казы, сары жал
Жылкычыга чайнаткан.
Жылкы багып жай жаткан.
Айгыры бар алты жүз
Тобурчагы тогуз жүз
Сары аласы сан болгон,
Тору аласы миң болгон,
Акундун кызы жеңеси
Жылкыны баккан жылкычы
Кымыз ичкен уйкучу
Жылкычылар кайда?– деп
Айчүрөк сурап турган жер.
Бала Сейтек кеп айтат:
«Берeгe жүргөн абамды
Каны сөөлүн жуудуруп,
Жараттын оозун буудуруп,
Колун бергин деп айтат.
Чолок кулду сойгун деп,
Боорунан ойгун деп,
Жүрөгүн көзөп алгын деп,
Эми өлтүрүп салгын деп,
Ат болушка салышты.
Береги жүргөн абамды
Тегеректеп калышты.
Арачалап ыйладым
Каным мага бергин деп,
Куруп калган чолокту
Көрбөгөнү көр болгон,
Жебегени бок болгон,
Көргөн күнү жок болгон,
Бу чолокко болушуп
Кой! – дегенин көрдүңбү
Кайыңдай кылган
Кара боолу укурук
Камап коло түкүрүп
Ай далыга капшыра
Мени аттан түшүрүп.
Жерге чапты жапшыра
Чапканда этим ачынып,
Чакмак этим бөлүнүп,
От чагылып көзүмөн
Жарк эткен эли көрүнүп.
Элести көрүп элирип

# СЕЙТЕК

Атка миндим жээлигип.
Кой, кой! – десе болбойсуң
Кой-койдун тилин албайсың
Кылычтын мизин каңдады
Жакшы көргөн эриңдин
Жан жолдошуң жайлады.
Кыргынды катуу салдың деп.
Башчыларын баш кылып
Башын кесип алдым деп.
Душмандык кылат экен деп,
Баарын кырып бүтүрдүм.
Атам башка экенин
Ошондон кийин түшүндүм.
Береги турган абама
Жан жолдошу абаңа
Отун алып жактырды.
Мынабу турган абама
Бу Күлчоро абамды
Бу кишиге бактырды».
Акундун кызы Айчүрөк
Баатырдын уулу Семетей
Мусулмандын жолдошу
Алда таала бир кудай
Өзү ике буюрган
Манастын уулу баатырдын
Акыреттик жолдошу
Ат сойдуруп, той кылып
Акундун кызы Айчүрөк
Акылы терең жан экен
Тууганы Сейтек бала экен
Баатырдын көзү өтпөсө,
Баралына жеткиче
Көзү өтүп кетпесе,
Жедигердин эр Кыяз
Тийип жүргөн Айчүрөк
Как ушундай болгонун
Билип жүргөн Айчүрөк.
Акылдашып олтуруп
Орузкандан кеп сурап:
«Оңолдуңбу?»,– деп сурап.
Басташкан жоосун алабы?
Бала жоого барабы?
Жараттары катты деп,
Мылтык кармап атты деп
Айзасын жерге бир сайып,
Кара ташты как жарып,
Баягыдай болду деп
Барар кезге келди деп
Кайнатасы Орузкан
Айтып турат Чүрөккө.
Кайнисин байкап караса,
Муруңкудай боло элек
Булчуң эти толо элек,
Баштагыдай боло элек,
Барар чагы боло элек,
Акундун кызы Айчүрөк
Урушуп уят болбойбу?
Кармашып кордук көрбөйбү?
Кадимкидей боло элек.
Кармашса уул өлбөйбү?
Чакмак эти кесилген,
Далы сөөгү тешилген,
Булчуң эти кесилген,
Омуртка эти эшилген,
Береги турган баланы
Эми эки ай багалы.
Эп көрсө куда жараткан
Барып өчүң алгын деп
Анан жолго салалы.
Бата берип калалы
Акундун кызы Айчүрөк
Кудай билет чын болсо,
Кайнисин сынап турган жер.
Айбалтаны алгын деп

Казандай болгон кара таш
Сен ошого баргын деп.
Ташка балта чапкын деп
Эр Күлчоро кайнисин
Айчүрөк акыл тапкан жер.
Айбалта алып баскан жер.
Кара ташты чапкан жер.
Как жарылып жаткан жер.
Айчүрөк күлүп турган жер.
Кубатың кеткен уулуке,
Булчуң этиң толо элек,
Муруңкудай боло элек,
Акундун кызы жеңеси
Жараларын жаңыртып,
Жаңы даары салган жер.
Билтир менен жууган жер.
Этип койгон жерлериң
Жибек менен бууган жер.
Зилдеп кеткен жаратты
Тазалап Чүрөк алган жер.
Жаңыртып дагы салган жер
Акундун кызы Айчүрөк
Баатырдын уулу Семетей
Мусулмандын жолдошу
Алда таала бир кудай
Өзү ике буюрган
Манастын уулу баатырдын
Акыреттик жолдошу.
Ат сойдуруп, той кылып,
Акундун кызы Айчүрөк
Акылы терең жан экен
Тууганы Сейтек бала экен.
Баатырдын көзү өтпөсө,
Баралына жеткиче,
Көзү өтүп кетпесе,
Жедигердин эр Кыяз
Тийип жүргөн Айчүрөк.
Как ушундай болгонун
Билип жүргөн Айчүрөк.
Акылдашып олтуруп
Орузкандан кеп сурап,
Оңолдубу?– деп сурап.
Басташкан жоосун алабы?
«Бала жоого барабы?
Жараттары катты деп.
Мылтык кармап атты деп.
Айзасын жерге бир сайып,
Кара ташты как жарып
Баягыдай болду деп
Барар кезге келди»,– деп,
Кайнатасы Орузкан
Айтып турат Чүрөккө
Кайнисин байкап караса,
Мурункудай боло элек.
Булчуң эти толо элек
Баштагыдай боло элек
Барар чагы боло элек
Акундун кызы Айчүрөк
Айчүрөктүн кан куда
Урушуп уят болбойлу,
Кармашып кордук көрбөйлү
Кадимкидей боло элек.
Кармашса уул өлбөйбү
Чакмак эти кесилген,
Далы сөөгү тешилген,
Булчуң эти кесилген,
Омуртка эти эшилген,
Береги турган баланы
Эми эки ай багалы.
Эп көрсө кудай жараткан
Барып өчүн алгын деп
Анан жолго салалы.
Бата берип калалы.
Ортодон бир ай өткөн жер

Акундун кызы жеңеси
Жараларын жаңыртып.
Жаңы дары салган жер
Билтир менен жууган жер.
Эшип койгон жерлерим
Жибек менен бууган жер.
Зилдеп кеткен жаратты
Жети кеткен алдырып,
Кайнисин сынап Айчүрөк
Кабатыр жерге бактырып,
Өтүп кетер бекен деп.
Алтын жаа, болот ок
Күлчорого тарттырып.
Көрдүнбү Чүрөк билгенин
Жерге каккан кетмендин
Күлчоро жаа тартканда
Алтоонон өтүп топтолуп,
Баралына келе элек.
Баштагыдай боло элек.
Акундун кызы жеңеси
Адамдан башка билерман
Күлчородой кайнисин
Абапка салып баккан жер.
Баралына келгиче
Баштагыдай болгуча
Жана бир ай багып жаткан жер.
Айчүрөк, Чоро бет болуп
Жүргөпүрө барыптыр.
Бир балага кез болуп
Балааны кудай кетирет.
Саргарып жүргөн карыпты
Жараткан алдам бир кудай,
Тилегине жеткирет.
Акундун кызы жеңеси
Кечээ Семетей берен барында
Чоросу жүргөн жанында
Жалган айтса кезирет.
Жараткан кудай кечирет
Айчүрөк айтса тил албай
Манастын уулу баатырдын
Башы жорго чалынган
Чоң балаага кабылган.
Алмаңдын уулу Күлчоро
Канча жылы зарылган,
Бул Айчүрөк тапкан акылы
Баатырыңын артында
Калкалап багып, эр кылып
Эр уулуна тең кылып,
Булуту ойноп бурулуп
Семетейдин баласы
Чоңойду деп угулуп.
Огойго кабар бара элек
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Каныкей, Бакай эки зор
Алардан кабар ала элек.
Каныкей өлбөй жүргөнү
Айчүрөк кан Кыязга тийгени
Ай караңгы түн болуп,
Кагылайын энеке,
Эчен заман күн болот,
Башыңа түштү чоң мүшкүл
Менин курсагымда белги бар
Арка чачың түйгүн деп
Алдадан ажал келбесе
Өлбөсөм кабар беремин
Он эки жылы күйгүн деп.
Олуя күткөн Кең-Колго
Ал аман жүрүп чоңойсо,
Адам болуп онолсо,
Өзүм кошо келемин
Желке чачың түй деген
Өлөмүн деп ойлобой
Жер таянып жүрбөгүн
Он эки жылы күт деген.

Сарымсак башын туурагын
Атаңдын көрү дүйнө күн
Касап болуп Чачыкей
Каныкей шордуу кууураган
Өлсөмбү дейт арынан
Сабыр кылып токтолуп,
Айчүрөктүн барынан
Кан Кыяздын элинен
Кабар алып кат келбейт
Каныкей, Бакай эки шор
Көргө буту малынып,
Башы торго чалынып,
Байкуштар жүргөн зарылып.
Бир кудайга жалынып.
Багын кудай ачар деп
Күлчоро, Сейтек кошулуп,
Баруучудай камынып.
Семетейдин жолборсу
Жаш кезинде ээрчиген.
Эр Күлчоро жолдошу,
Булчуң эти толгон жер
Муруңкудай болгон жер,
Кудай билет чын болсо,
Чакмак эти толгон жер
Баштагыдай болгон жер.
Эр Күлчоро кайран эр
Айчүрөккө кеп айтып:
«Жедигердин шаарына
Кан Кыяздын айлына
Казат кылам»,– деп айтып.
Жараткан алда жалгаса
Кары менен байбиче
Каныкей тирүү бар болсо,
Айкөл абам эр Бакай
Экөө аман бар болсо,
Ак никелеш жолдошум
Ал казатта жүргөндө
Акбала аман бар болсо,
Артык туулган эр Чоро
Канга тойгон Күлчоро.
Шаардын баарын алдырып,
Даярланып камынып,
Ок-дарыны жыйдырып,
Жеткайтка жете баргын деп
Жетип уруш салгын деп
Жеткирсе кудай тилекке
Жедигер кандан Кыяздан
Барып өчүм алам деп.
Кан жошулду жолумдан
Арылтты кудай шоруман.
Абамдан калган көпөлөк
Алып жүрөм жетелеп,
Мынабу кара талаа, сары жүз
Жайнап жаткан көп жылкы
Малчыларга баш болуп
Ойдо экен Айчүрөк.
Багып жата бергин деп
Жоо дегенде дегдеген
Жаш кезинде Күлчоро
Бөрк ал десе баш кескен.
Ажал сал десе, кан кечкен.
Кудай билет чын болсо,
Баатырдын уулу Семетей
Жолдош болуп жоо сайган
Бээжинге барып кол салган.
Караболот зулпукор
Кылычтын кынын майлаган
Какандын каны чоң манжу
Кыяз эмес Күлчоро
Коңурбайды жайлаган.
Алтындай жүзү нурданып
Айчүрөккө кеп айтып
Казат кылам деп айтып.
Акундун кызы жеңеси

# СЕЙТЕК

Айланайын уулуке
Кандай элес туруптур,
Мен айтайын угуп тур
Айтканыма көңгүн деп:
«Айланайын уулуке,
Мен бул жерге туруп нетейин
Мен кан Кыязга кетейин,
Оолукса эр эле
Казат кылып кармашып.
Кагылайын уулуке,
Жаныңдагы көпөлөк
Багып жүрүп жетелеп,
Чакмак эти ката элек.
Машыгып мылтык ата элек
Булчуң эти толо элек.
Урушар чагы боло элек.
Арка чачын түйөйүн
Кан Кыязга мен барып
Абаптап багып жүрөйүн.
Бул эр Кыяз кылган иш эмес,
Бу Канчоро кылган иш эмес.
Кагылайын уулуке,
Канчоро бузук салбаса,
Жедигердин эр Кыяз
Талас менен Кеңколго
Талап кылып барабы?
Барып уруш салабы?
Кеңколдон алган көчүңдү
Кагылайын уулуке,
Сен мурун агаңдан ал өчүңдү.
Таластан алган сартыңды
Кагылайын уулуке,
Сен мурун агаңдан алгын
дартыңды.
Абаңдын атын өчүрбө,
Кеңколдон элди көчүрбө,
Дарбазасын ачтыргын.
Кагылайын уулуке,
Атаңдан калган сан дүйнө
Казынасын чачтырба,
Талас, Кеңкол жер калган,
Аргын, огой эл калган,
Ак саамайын жаттаткан
Адамдан азап көп тарткан.
Кагылайын уулуке,
Арка чачың түйгөндүр
Мусапыр болуп сенделип
Башына үшүп менделип
Энекең шордуу жүргөндүр.
Кыл мурутун шүйгөндүр
Кагылайын уулуке,
Адамдан башка жан эле
Сага кылган пайдасы
Тийген айга бар эле.
Ачык жүзүн чаң басып,
Эки көзүн кал басып,
Айкырып абаң жүргөндүр
Желке чачын түйгөндүр.
Кагылайын уулуке,
Жетим жүрүп жетилген
Ойлонсом ичтен кан кетет.
Тул келиним Акбала,
Кечир болуп жүргөндүр.
Арка чачын жайгандыр
Апаңдын айткан кеби деп.
Адырга чыгып жалдырап,
Айткан күнү бүттү деп.
Эки көздөн жаш кетип
Акбала карап жүргөндүр,
Желке чачын түйгөндүр.
Мен Кеңколдон көчүп чыгарда
Аманат кылып көп айтты
Менин айткан сөзүмдү
Акылың болсо билип ал.

Жүрөгүңө түйүп ал.
Арка чачың өрүп ал.
Ажалың жетип өлбөсөң
Баатыр агаң маркумдан
Ичинде калган белги бар.
Он эки жылда көрүп ал
Байкуш энем карыпка,
Чыгарар кудай жарыкка.
Желке чачың түй деди,
Кагылайын уулуке,
Жашым өтүп кетти деп,
Береги карып энеңе
Көзүңдү сала жүргүн деп.
Акбалага көп айттым
Кагылайын уулуке,
Саамай чачын түйгөндүр
Саргарып куурап жүргөндүр.
Апамдын айткан кеби деп
Жаш да болсо Акбала
Сабыр кылып күйгөндүр.
Талас, Кеңкол элиңе
Талаалу огой элине
Кеңкол, Талас жерине
Керектүү огой элиңе
Мунарлап күйгөн шамыңа
Кагылайын уулуке,
Мурун баргын айлыңа.
Киндик каның бууган жер,
Көйнөк кирин жууган жер,
Кичине жүрүп өскөн жер,
Жердин даты өткөн жер,
Кагылайын уулуке,
Сен Кеңколго баргын деп
Карып болгон энемди
Байкуш болгон абаңды
Тилекке кудай жеткирсе
Ажыратып алгын деп.
Жердеп өскөн жериңди
Аргын, огой элиңди
Өз колуңа алгын деп.
Тилекке кудай жеткирсе
Карыптын багын ачкан жер,
Атабыз маркум жаткан жер,
Башынан кайып баккан жер,
Башынан булут бурулган
Капыр менен мусулман,
Атаңдын даңкы угулган.
Жараткан алда бир кудай
Мооно болгон жери бар
Мен садага кетейин
Жаныңдагы чолпонуң
Агаңдан калган көпөлөк
Баргын муну жетелеп.
Кан Кыяздын калың мал
Орускан бага берсин деп.
Элиңди аман сен көрсөң
Кармаша чыгып жоо менен
Калың кара кол менен
Кан абаң баштап келсин деп
Байгамбар сындуу бабаң бар.
Бир колдогон абаң бар.
Аксакалын жайсын деп
Кадимки казат кылгандай
Абакең баштап алсын деп.
Айлың чаңдан бөлсүн деп
Аргын, огой аскери
Жедигер эли көрсүн деп».
Бул Айчүрөк тапкан акылы
Олуязаада Күлчоро
Ушу сөзүм акыл деп
Кулакка жагат макул деп.
Калалуу коргон чарбакка
Айчүрөк тилин алган жер.
Баатыр бала Күлчоро

# СЕЙТЕК

Талас, Кеңкол жерине
Аргын, огой элине
Бармак болуп калган жер.
Жан жолдошу Бозбала
Айчүрөк тапты акыл деп
Кеңкол деген жеринде
Керектүү огой элинде
Ат куйругун өрөлү,
Мунун барын көрөлү,
Бир туруп, бирге өскөн
Кан шарапты бирге ичкен
Ат куйругун түйүшкөн
Аттанып жоого тийишкен
Белине саадак чалышкан
Беттешип жоого барышкан
Береги турган Чүрөктүн
Айтканына көнөлү
Өзүм менен бирге өскөн
Биргелешип тең өскөн
Абамды мурун көрөлү.
Атка жабдык салган жер
Айчүрөк менен Бозбала
Акылдашып алган жер.
Кеңкол, Талас жерине
Жүрөктү огой элине
Бармак болуп калган жер.
Акундун кызы Чүрөктүн
Амалы бар, жери бар
Айланып учар жери бар.
Алты төөгө пул жүктөп
Сарт кербенчи толду деп.
Шаардагы жедигер
Жылкычы өйдө болду деп.
Буулум, булгун, бул алып
Башайы, парча үн алып
Алты төөгө жүк алып
Акундун кызы Айчүрөк
Убадасын токтолуп
Олуязаада кайнисин
Кол кармашып коштошуп.
Айчүрөк жолго салган жер
Кеңкол менен Таласка
Сейтек менен Күлчоро
Бармак болуп калган жер.
Калалуу коргон чарбакка
Айланса болот арбакка
Кечээ Күлчоро колго түшкөндө
Кежирин Кыяз кескенде,
Өз агасын Канчоро
Көөдөнүнө мингенде
Күлчоронун куйкасын
Каршы жерин тилгенде,
Арбагын көрүп токтолгон
Ошо баатыр бала Чорого
Бозбала акыреттик дос болгон.
Кечээ карып болуп жүргөндө
Калкалап этек жапчу эле
Башчыларга көрүнбөй
Башка элге билинбей
Күлчорону бакчу эле.
Кошторуна аталып
Союш бээсин дагы алып,
Азык-түлүк мол алып,
Ата турган ок алып,
Ок-даарыны камданып,
Олуязаада эр Чоро,
Он экиде эр Сейтек,
Жолдош болуп Бозбала,
Жанында жүргөн жаш бала
Жөнөп чыккан Айчүрөк.
Кайра тартып алыптыр
Күлчорого барыптыр.
Чалалыгы калдыбы?
Баштагыдай болдубу?

# СЕЙТЕК

Токто уул, токто деп,
Айтып оозун бурганы.
Күлчоро тургузуп
Айбалтасын алдырып
Кара ташка бардырып
Аттиң түшө калдырып
Жолум үйдөй кара таш
Айчүрөктөй жеңеси
Жеңеси Күлчорого чаптырып.
Айбалта колго алдырып
Бул Айчүрөктүн жардамы
Кудай билет чын болсо
Кара ташка барганы.
Кара ташты бир чапса,
Талкаланып калганы.
Акундун кызы жеңеси
Эми кармашкан жоону жеңет деп,
Эми кездешкен жоону алат деп,
Эми кеңешип элге салат деп,
Эми кара көзүн оет деп,
Эми Канчоро менен Кыязды
Эми кайним баатыр соет деп,
Айчүрөк көңүл баскан жер.
Амандашып бөлүнүп,
Жеткайтка Чүрөк кайткан жер.
Каргадай болгон Сейтекке
Тооторуну мингизип,
Топчулап кийим кийгизип,
Карагай айза алдырып,
Карысына жапшырып,
Кылычты белге чалдырып,
Далыга мылтык астырып,
Кудай билет чын болсо,
Кадимкидей какайып.
Кан Семетей баатырды
Каргадай болуп бөбөгү
Күлчоронун өбөгү
Атка минип болкоюп,
Тоотору минип зоңкоюп,
Кудай билет чын болсо,
Калалуу коргон чарбакка
Айланса болот арбакка
Кан жошолуп жолунан
Кан Манастын тукуму
Душмандын чыгып колунан.
Ажыраган Күлчоро
Мойнуна түшкөн орунан.
Каныкей жүргөн убайда
Кудай билет чын болсо,
Тилек кылып Күлчоро
Жараткан жалгыз кудайга
Кош жүктөтүп ат алып
Сары кери чаң талаа
Күлчоро жүрдү аттанып.
Эки жагын караса
Каргадай болгон жетимче
Карааны башка көрүнөт.
Белинде кемер куру бар
Атасынын уру бар
Санга салган балта бар.
Садагасы кетейин,
Сандыргалуу кишидей
Атка минип болкулдап
Күлчоро, Сейтек, Бозбала
Үзөңгүлөр чагышып.
Күлчоро, Сейтек, Бозбала
Күлүктү сынап жарышып.
Таласты көздөй бет алып
Жолго салган жери ошол.
Күлчоро, Сейтек баланы
Ушул жерге таштайлы
Кереметтүү Чүрөктүн
Кылган ишин баштайлы.
Алты төөгө пул жүктөп,

Саргарып төрөм калды деп,
Баламды алып келем деп,
Айчүрөк кайра барган жер.
Кудай билет чын болсо,
Кыз-келин ойноп жоодурап,
Кыз-келин ойноп шоодурап,
Кароолго чыгып кан Кыяз
Барайын деп камынып
Айчүрөк менен баланы
Калган экен сагынып.
Жайык талаа, сары түз
Жеткайтка келчү кара жол
Чаң бурулуп созулат.
Беризаада Чүрөккө
Жолоочулар кошулат.
Төө жетелеп, ат минген
Жолдошу бар Чүрөктүн.
Теги Чүрөк экен деп
Жедигер каны кан Кыяз
Мунардан түштү жүгүрүп.
Баатыр Кыяз эр баатыр
Ак маңдайы жарылып
А кудайлап жалынып
Алган зайбы Чүрөктүн
Астын тосуп камынып.
Бала менен Чүрөктү
Калган экен сагынып.
Канзаадага кошулуп
Айчүрөктүн барганы.
Эки ай болуп калганы
Төө жетелеп балкылдап
Айдай бети жаркылдап
Айчүрөктүн барганы.
Кандын зайбы келди деп
Перизаада Чүрөктү
Так көтөрүп алышып.
Кан Кыяз, Чүрөк көрүшүп
Бири-бирин көрүшүп
Кудай билет чын болсо,
Батмакан деген жолдошу
Төө жетелеп булоолоп,
Кандай келдиң Чүрөк деп
Дайнын сурап турган жер.
Баатыр Кыяз төрөсү
Мамыкка башын коюптур
Төрөм капа болот деп
Перизаада Айчүрөк
Буту-колун чойгон жер.
Төөгө жүктөп бул алып
Сарт кербенчи толуптур.
Канча кербен, канча сарт
Жол-жолоочу келиптир
Жылкычыга бериптир.
Дүнүйөсү толуптур
Арыстан төрөм кан Кыяз
Жылкы баккан жылкычың
Өзүндөн өйдө болуптур.
Бууданды минип буруксуп
Жедигер кандын кан Кыяз
Айчүрөктөн кеп суурайт
Менин Сейтегим кана деп сурайт:
«Балаңын жайын айтайын
Тогуз жолдун тоомуна,
Отуз жолдун оозуна,
Анжияндан келген жол
Анжыяндан Шаакожо
Баласы улук кан экен.
Дүнүйөсү шай экен
Жолго казан асыптыр
Чатыр тигип, үй салып
Жоболондуу чунагы
Калган экен токтолуп.
Кандар менен дос болуп
Жылкысы өсүп сан болуп

Балбандары кан болуп
Атка минип толукшуп
Өзүңөн артык болуптур».
Балаң Сейтек кеп айтты:
«Ат кадырын билбейт деп
Атын аяп билбейт деп
Мамыгын башын кемиртип
Мамыга атын таңат деп.
Жанга өлчөгөн ат болсо,
Атын жаман багат деп.
Башына окто сокпосун
Үстүнө киши чыкпаса
Жонуна чымын конбосо,
Бирөө минип койбосо,
Сары тоонун Үч-Кери
Алты жүз атты бир бөлүп
Кошуп ийди Торуңду.
Чакмак эти томук деп
Бооруна казы алып
Зоорусуна жаа алып
Кара эти тоюп май болсун
Эми бир жыл багам»,– дейт.
«Бир жылдан кийин жетилип
Атамдын аты – Тоотору
Өзүм алып барам»,– дейт.
Кербенчи келсе талкалап
Тентек өсүп калыптыр.
Өзүнөн туулган баласы
Канзааданын тукуму
Сенин кылар ишиң ушубу?
Балаңа акыл кеп айттым.
Жол жолоочу жолукса
Катыла бербе, – деп айттым.
Макул көрдү кебимди
Беризаада Айчүрөк
Кан Кыязды азгырып
Ар түрдүү тамак-аш берип
Эр Кыязды мас кылып
Арка чачып түйгөн жер
Он бештеги Кыязга окшоп
Беризаада Айчүрөк
Ойноп-күлүп жүргөн жер.
Кан Кыязды билген жер.
Атын айдап минген жер.
Таласты көздөй жиберип
Аны жолго салган жер.
Беризаада Айчүрөк
Кан Кыязга барган жер.
Кудайга иши жаккан жер
Эркелетип төрөм деп
Эр Кыязды баккан жер.
Кыяздын эбин тапкан жер.
Калың кара жедигер
Катыны Чүрөк билет деп
Жүрө-жүрө Айчүрөк
Аким болуп журт сурап
Кыяздын тагын минет деп.
Калың кара эл айтып
Катын-бала көп айтып
Беризаада Чүрөктүн
Даңкы жерди жарган жер
Ал төрөсү Кыязды
Амалдап үйшүн алган жер.
Калың кара жедигер
Калк чогултуп, эл жыйып,
Карматып семиз мал союп,
Кан Кыяздын элине
Ай сайын семиз сойдуруп.
Акылы бар Айчүрөк
Баласын улук болду
Башта эле атын Сейтек койдурган.
Алтын жана тон берип
Күрмөк, булгун кийгизип.
Машыга аркан кердирип

Кан Кыяздын жалгызы
Калк сураган кан болду.
Атасынын шер болсун
Артык туулган эр болгон
Жедигерге билгизбей
Балага бата бердирип.
Беризаада Айчүрөк
Белгилери бир башка
Бериштелүү Күлчоро
Бармак болду Таласка.
Ара конуп турбаска
Ушул жолго салышып
Кудай билет чын болсо,
Улуу тоого барышып.
Таласка кирип барууга
Эми акыл кылышып.
Арпалуу кыя Ак-Жазда
Аша тоюп алышты.
Жеткайт менен Таласта
Алты күндүк ортосу
Таласка жакын барышты.
Кум-Кыяны ашкан жер
Бугу-аркар жаткан жер.
Башынан кудай баккан
Кум-Дөбөгө барган жер.
Төшү жайык, ого түз
Ошо жылы коңур күз
Дөбөгө чыга калган жер.
Мемиреген Таласка
Күлчоро дүрбү салган жер.
Алишен чирип төгүлгөн
Кудай билет чын болсо,
Абышка-кары бөлүнгөн.
Таластын суусун бойлогон
Чатыр тигип кыз-келин
Сууну бойлоп ойногон.
Таласты көрүп алган жер
Кең-Колго дүрбү салган жер.
Кең-Колдогу калаасы
Кудай билет чын болсо,
Кечээ Семетейдин барында
Алмасы жерге чачылган,
Адамдын көөнү ачылган,
Күкүгү сайрап таңшыган,
Күйүттү элде жашаган,
Аргын, огой жердеген,
Алыстан душман келбеген,
Аралап киши көрбөгөн,
Таласты көрүп болкулдап.
Арстан туулган эр Чоро
Кең-Колду көрүп солкулдап.
Көңүлү эчен бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Кабыргасы кайышып,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Кең-Кол менен Таласты
Көрүп сөөгү майышып.
Арстан баатыр Күлчоро
Боз-Дөбөнүн Эки-Чат
Бого дүрбү салган жер.
Бордомалуу боз сарай
Муну көрүп алган жер.
Канчоро, Кыяз жеңгенде
Эрке катын Чачыкей
Алыстан уста алдырган,
Алтын менен жакутту
Борумдап үндү салды чак
Карашардан баба алган
Чачыкейдин үйү деп,
Кудай билет чын болсо,
Аргын, огой чын болсо,
Аны көрдү Күлчоро.
Кең-Колдун чаты Кашка-Суу
Өлөңү чыгат гүлдөгөн,

Жыгачы өсүп бүрдөгөн,
Балчык-балчык саз болот.
Малы оттосо маз болот.
Байкуш карып Каныкей,
Канчоро менен Чачыкей,
Жүрөккө дары болот деп
Жалаң көк ой[5] алдырган.
Түнүнкүсү болгондо
Бордомолуу сарайга
Канга сүтү керек деп,
Каныкей багыт берет деп,
Кечээки сынган сары жез
Арпа менен күрүчтү
Аралаша желдеген
Күндүзгүсү болгондо
Каныкейге бактырган.
Өлөңдү сазга баргын деп,
Жайытка уйду салгын деп,
Күн батканда келгин деп,
Ийик берип колуна
Тери жабып жонуна
Ийлеп келип бергин деп.
Жылкычы менен койчуга
Кийим кылып берем деп.
Бу Каныкей шордуну
Күндүз тери ийлетти.
Акты койго тел торпок
Чаңуучу жазып көк торпок
Башыңа окто соптогон
Бу Каныкей шордууга
Белине белбоо чалдырып,
Чачыкей долу жаптырып,
Эч жазыгы жок эле
Эмизип койсоң өлөсүң.
Каныкейге жаптырып
Телторпоктуу бактырып.
Алты кулач арканды
Белине бекем чалчу эле.
Кудай билет чын болсо,
Алдына бир топ уй айдап,
Көк торпоктуу жетелеп,
Каныкей шордуу барчу эле.
Уйлар оттоп жатканда
Телторпокту токтотуп
Белине байлап салчу эле.
Колуна ийик алчу эле
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Кечкиргенде Каныкей
Көкторпокту жетелеп,
Терилерин көтөрүп,
Кайрылып үйгө барчу эле.
Ээрдин ашка жеткизбей
Жакшы кийим кийгизбей
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Башка үйгө киргизбей
Жалгыз үйдө жатчу эле.
Күлчоро көрүп алганы
Башка кудай салган соң
Союшуна союга
Коногуна берүүгө
Жарма берип бакчуу эле.
Арпа менен буудайды
Акбала уурдап алчу эле.
Этегине салчу эле
Ташка салып талкалап
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Жан кишиге көрүнбөй
Ажалынан өлөт деп
Акбала багып келчи эле.
Эки ууч, бир кочуш
Энесине берчи эле.
Этегин тартып жапчуу эле

[5] «көгай» деген сөздү катчы кайра ондоп, сөздүн аяк жагына туурасын жазган .

Атаңдын көрү дүйнө күн,
Каныкей менен Бакайды
Акбала байкуш эле
Куруп калган Акбала
Талкан катып койнуна
Кудайдын салган азабын
Көтөрүп алып мойнуна
Ортодон бир күн өткөзүп
Күрөөтү адыр шордуу көл
Чөп алачык ичинде
Курган Бакай жатчуу эле.
Алтымыш төө бакчу эле.
Уурдап тамак алчу эле.
Казан асып, от жагып
Чачыкейге билгизбей
Этегине салчу эле.
Кой кайтарып келгин деп
Абасы Бакай жанына
Акбала байкесине келчү эле.
Ажалы жетип өлгүчө
Алда таала кудурет
Бир жакшылык бергиче
Тамактанып жүрсүн деп
Абасына берчү эле.
Чачыкей жүрчү чалкалап
Бир колдогон баатырдан
Барып кеңеш алалы.
Башына кудай салганы
Канчоро менен Бакайды
Атаңдын көрү дүйнө күн
Акбала каты калкалап
Кумду кыя Үч-Дөбө
Барган жерин айтайын.
Курап жүргөн Күлчоро
Талас менен Кеңколго
Дүрбү алып колуна
Салган жерин айтайын.
Алданып кылган жумушу
Канчоро кылган кылмышы
Көргөн жерин айтайын.
Дүрбү салып абайлап
Көргөн жерин айтайын.
Бу Каныкей экенин
Билген жерин айтайын.
.................................
Буруп койгон эмедей
Бата жерге сүйрөлүп
Койгон жерин айтайын.
Көргүдөй көзүң муң басып
Кайран баатыр Күлчоро
Каныкейдей энесин
Билген жерин айтайын.
Мууну бошоп болкулдап
Муңайып ыйлап солкулдап
Эндиреп эптеп танган жер
Шорду энесин көргөн жер.
Эр Күлчоро кайран эр
Эси ооп калган жер.
Жанындагы Бозбала
Жанына басып барган жер.
Байырланып күүлөнүп
Кайрылып абаң сүйлөгөн
Чолок болуп жүргөндө
Бактым эле калкалап,
Асылдан калган тукуму
Алда таала кудайдын
Буюрганы ушул деп.
Артык берер баланы
Жүрдүм эле калкалап.
Туубай туна чөгүп кал
Бу көрөнчө өлүп кал
Күлчоро атка не конду
Кантип баатыр сен болдуң
Эл четине келесиң

# СЕЙТЕК

Кишинин эсин оодарып
Эңгирей ыйлай бересиң.
Калк четине келесиң
Кишинин эсин оодарып
Какшап ыйлап бересиң.
Бул эмине дегениң
Билсен бокту жегениң.
Калалуу коргон чарбакка
Кайратты айтып Босбала
Окуду куран арбакка.
Күлчоро күүлөнүп
Баатыр болбой жерге кир
Жолдошу бала сүйлөнүп
Күлчоро ыйлап турганда
Баатыр болбой жерге кир.
Жолдошу бала сүйлөнүп
Күлчоро ыйлап турганда
Жаш бала ыйлап болкулдап
Абакең кантип кетти деп
Жаш Сейтек ыйлап солкулдап.
Босбаладан кеп угуп,
Эр Күлчоро жеме угуп,
Токтолуп кайрат кылган жер
Көздөн жашын тыйбаган
Жанындагы баласын
Оң жагына алган жер.
Ошондо акыл токтолуп
Олуязаада Күлчоро
Жаш балага кеп айтып:
«Жаңгыз турган караанга
Барып келгин»,– деп айтып.
Ошо караан ким экен
Кеңкол менен Таласты
Билет бекен арасын
Билип жүрсө айтар деп
Кайсы кандын эли экен.
Калк сураган ким экен
Чөмөлөдөй көрүнөт
Шумдуу киши болбосун
Далыга таңган жүгү бар
Жетелеп жүргөн уго бар
Калтырып жүргөн малы бар.
Кароолчусу болбосун
Эр Күлчоро кеп айтат:
«Энесин көрүп көп айтат
Тээтиги караанга барып кел.
Барып кабар алып кел.
Эли жаман куу болот
Катындары шум болот.
Же эркекпи, катынбы?
Какаланып ким сурайт?
Айткын сырың деп сурайт.
Ыйлагандай көп айтат
Түрлүү кепти көп айтат
Жөнүңдү айтчы деп айтат.
Кокус айтып койбогун
Чылбырыңдан алдырба
Колуңду сунуп карматпа
Кокустуктан алдатпа.
Кайра таанып кеп сүйлөө
Жайыңды айтчы деп сүйлөө
Кайра таанып бек айткын
Каарланып күүлөнүп
Өлтүрөмүн деп айткан.
Корконунан кеп айтар
Калаанын жайын билгизер.
Мерсарлап аткан чоң сарай
Мунун жайын билип кел.
Тышына калай жаптырган,
Кырына алтын жаткырган,
Кырбысына жаздырган,
Бу сарайды угуп кел.
Тээтиги эгиз төрдүн чатынды
Аккан суунун башында

Шаардан башка көрүнгөн
Чарбак менен сарайдан
Башкачараак бөлүнгөн
Мунун дайнын угуп кел.
Же эркекпи, катынбы?
Айткан кебин угуп кел.
Кагазыңа жазып кел.
Кайсы кандын сарайы
Үчөөнүн атын айтып кел».
Деп ошентип Күлчоро
Жаш Сейтекти бекитип,
Айтпагын деп кекетип,
Баланы жолго салган жер.
Байкуш карып Каныкей
Бала Сейтек барган жер.
Абырай жүрүп караса
Кызыл өңү жез болгон,
Саргарып өңү саз болгон,
Чачы куудай кубарган,
Кандай көзү кызарган,
Ийиги бар колунда,
Териси бар жонунда,
Темир ийрек колунда,
Бир кудайдын жолунда
Тоотору минип болкулдап
Бала жетим солкулдап
Айбандан башка аты бар
Адамдан башка түрү бар
Барды бала жанына.
Кылычын кындан алган жер
Бала Сейтек барганы
Каныкей көрбөй калган
Ыңылдап ыйлап турган жер.
Кемпирдин үнүн укканда
Баланын сөөгү майышып,
Кабыргасы кайышып,
Имерилип ойлонуп,
Кудай билет чын болсо,
Кемпирди көрүп таң калып
Кандай муңдуу жан эле
Ийреги бар колунда,
Териси бар жонунда,
Арканы бар белинде,
Аттын мойнун бурган жер.
Оен кемпир келчи деп
Кеп сурайын сенден деп.
Чочуп кетип караса,
Толукшуган жаш бала.
Кылычы бар колунда,
Айбалта бар санында,
Айзасы бар карыда,
Мылтыгы бар далыда,
Кудай билет чын болсо
Үй эңшерип, эр сайган,
Казат кылып жоо сайган,
Баатыр түрү бар экен.
Байкап турса Каныкей
Он эки менен он үчтүн
Ортосунда бала экен.
Каныкей кеп айтат:
«Атың тоодой бир боорум
Өзүндүн түрүң бир сонун
Кайдан келген баласың?
Жайыңды айтчы?»– деп айтат.
Мына Күлчоро айткан кеп эле
Айтпа сырың деди эле,
Кудай билет чын болсо
Жайымды сурап нетесиң.
Не мураска жетесиң.
Жөнүңдү сурап жетесиң
Мен сурайын сенден деп
Жол-жолоочу жолукса,
Жооп алчу сен эмес.
Сен өңдөнгөн кемпирге

Журт куруткан кесирге
Жооп берчү мен эмес.
Агасы баатыр Күлчоро
Айтпагын деп бекиткен
Жаш Сейтекти кекеткен.
Кайраты бар Каныкей
Кайраттанып алып кеп айтат:
«Сурар кебиң эмине
Сурап көрчү»,– деп айтат.
Бала Сейтек кеп сурайт:
«Калайлуу боорум учтанган,
Жаркырап жиги көрүнгөн,
Кырына булбул сайраган,
Алтымыш түрлүү короо бар.
Айланта салган дубалга
Зым үстүнө койдурган
Аяктай болгон чыны бар.
Карасаң түрү бир башка
Тетиги сарай кайсы кан?
Көргөн киши жанданган,
Киши көрүп таңкалган,
Кайсы кандын сарайы?».
Жаш бала сурап турду эми
«Анын жайын сурасаң
Мусулмандын жолборсу,
Байгамбар болгон жолдошу,
Каапыр менен мусулман
Кармап башын кураган
Мен мусулман дегенди
Бир кишидей сураган.
Сураган киши жыргаган,
Кармашып киши жеңбеген,
Кезигип киши келбеген,
Катылганды кан кылган
Кармашканды жай кылган.
Ал сарайды сурасаң
Атактуунун сарайы.
Кан Манас деген шер өткөн
Борумдап үйдү салдырган,
Оозуна аят жаздырган,
Көргөн киши жактырган,
Өткөн Манас баатырдан.
Мына салдырып кеткен сарайы
Тышы калай, ичи жез
Кызыл менен сырдаткан,
Кырына ырчы ырдаткан,
Ак  тунуке жаптырган,
Эшигинин алдына
Ажыдаар, жолборс сүрөтүн
Каалгага тарттырган.
Мунарык болуп көрүнгөн,
Булут ойноп бөлүнгөн,
Бу кайсы кандын сарайы?».
Бала сурап турду эле
Мунун жайын сурасаң
«Кечээ болоттон калган тукум деп
Атасы Манас баатырдан
Жетим жүрүп жетилген,
Кичине жүрүп чоңойгон,
Киши болуп оңолгон,
Балапан жүрүп чоңойгон,
Балам, кай жорукту айтайын.
Баатыр болуп оңолгон
Атасынан жаш калып
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Бала жетим аталып
Үстүртөн кудай жөн берип
Астынан арбак дем берип.
Ата-журтун алганда
Ордун басып Манастын,
Айланайын кулунум,
Кай жорукту айт дейсиң?
Манастын элин алганда
Кармап айза сунганда

# СЕЙТЕК

Кай жоругун айтайын?
Дин мусулман бендеге
Аким болуп турганда
Бакыр менен мискинге
Жакын болуп турганда
Калалуу коргон чеп болуп,
Калкын багып турганда.
Кызыл боюу кан болуп
Кол алдында элине
Калалуу коргон жар болуп.
Кара куйрук нар болуп
Калайык эл-журтуна
Калалуу коргон там болуп.
Аким болуп журт сурап
Атанын жолун басканда
Элин билип жатканда
Өзөктөн чыккан өрт жаман
Айта берсем кеп кыйын.
Баатырдан калган жалгызды
Кармап алып сойгон жер.
Ортоңку үйдү сурасаң
Жаш кезинде жай болгон
Калкты бийлеп кан болуп
Кулунум кай жорукту айтайын?
Ошол Семетейдин айлы ошол.
Тээтиги элден бөлүнгөн,
Көк дөбөдөй көрүнгөн,
Шаардан башка бөлүнгөн,
Жаркырап үстү көрүнгөн,
Шаардан башка бөлүнгөн,
Жаркырап үстү көрүнгөн,
Таласка чатыр тиктирген,
Эшикке күлүк байлаткан,
Мергенге кийик аттырган,
Каалганын бетине
Артына алтын чаптырган,
Бурчуна булбул сайраткан,
Үстүнө күкүк таңшыткан,
Азыркы жайын сурасаң
Канчоро кандын эли деп,
Каныкей айтты бир топ кеп.
Жеринин дайнын билген соң
Кемпир айтып берген соң
Чоң атасы Манастын
Сарайын көрүп алган соң,
Өз атасы баатырдын
Үйүн көрүп алган соң,
Семетейди жеңгенде
Кудай билет чын болсо,
Канчоро элди билгенде
Ордону бөлөк салдырды.
Урумдан уста алдырды.
Шаатемир кызы Чачыкей
Оюм менен салдырган,
Шаардын түрү бир бөлөк.
Аны көрдү бир Сейтек
Астындагы кемпирден
Кайрат кылып кеп сурап
Сен кандайсың?– деп сурап,
«Таңгак териң жонуңда
Ийригиң бар колуңда
Убакты-жашың өтүптүр
Өлүмгө жашың жетиптир.
Кубулжубай сырыңды айт.
Эми оңдоп чыныңды айт.
Көргөнүңдүн баарын айт.
Кайтарганың уй болсо,
Кармайсың ийрек колуңа
Катарлап таңып көтөргүн
Көтөрүлсүн жолуңа».
Каргадай болгон жаш Сейтек
Кайраттанып кеп сурайт.
«Оо кулунум, жаш бала
Атаңдын көрү дүйнө күн,

Муруңку жайым сурасаң
Кара тондун тышымын.
Каракандын кызымын.
Кан Манастын зайбымын.
Кагылайын кулунум,
Менин жайым сурасаң
Каныкей деген ушумун,
Жайымды сурап нетесиң.
Жакшынакай баласың,
Бөөдө жашып кетесиң.
Кийинки жайым сурасаң,
Байымдан калган көпөлөк
Бактым эле көтөрүм.
Алгыным баатыр өлдү эле
Айылдан чыгып көп душман
Талап малды бөлдү эле.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Манастан калып шор басып
Баккан балам чоңоюп
Манастын жолун басканда,
Элин сурап жатканда,
Тууган балам Семетей
Үйүнөн душман чыкканда,
Тун келиним Чачыкей
Эч жазыгым жок эле
Кагылайын кулунум,
Кай жорукту айт дейсиң.
Оң этегим жүргөнүм
Ыштаным жок киерге
Моминтип ийлеп жаргак кийгеним.
Баатыр Манас байымдын
Ажалы жетип өлгөнү.
Артынан калган баланы
Сакадай кылып бакканмын
Жараткан кандай буйругу
Башынан туман ачылбай
Моминтип көөнүм ачылбай.
Тун келиним Чачыкей
Кан кадыры калат деп,
Алты койго телинип
Аркан берди колума.
Уйду эмизип ийбе деп
Кызматчыга мээлей деп
Ийрек берди колума.
Тери таңды жонума.
«Кубулжубай сырынды айт
Кайраттанып күүлөнүп
Жаза айтпай чыныңды айт
Абириң калат ачылып
Арпаң калат чачылып.
Аягыңа кийгенче
Сары жаргак турбайбы
Жасап айтып турабы
Алган байым Манас деп
Тууган уулуң Семетей
Деп ошентип жаш бала
Алаган байың баатырды
Тууган уулуң асылды.
Эмне экөөлөп калын айрылып
Эмне өлбөй жүрөсүн?».
Баатыр Сейтек кеп сурайт.
«Айтчы сырың деп
Катуу жаргак кийгеним
Кагылайын кулунум,
Менин өлбөй жүргөнүм
Акундун кызы Айчүрөк
Менин уулум алды эле.
Тун келиним Чачыкей
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Семетей көзү өткөндө
Өзүм багып чоңойткон
Канчоро алып калды эле.
Айчүрөк деген келиним
Кан Кыяз алып кетти эле

Ушинтип башыма мүшкүл жетти эле.
Колуман чачып Айчүрөк
Арка чачың түйгүн деп,
Берсе кудай жакшылык
Он эки жылы күйгүн деп,
Убадасы бүттү деп.
Өлөйүн дедим арыман
Сабыр кылып, токтолом
Айчүрөк байкуш барынан.
Какырыгым бурады
Түктүлөнбөй чыныңды
Түтүндөй жаным куурады».
Кайраттанып кеп айтат,
Олуязаада Каныкей
Түкүрүгүн бураса
Түтүндөй таңын кууреса
Түкшүлөнбөй чыныңды айт.
Кайсы жандын элисиң?
Такылдатып кеп сурап,
Улаш-улаш көп сурап,
Өлбөй бөгөп күүлөйсүң
Өлөсөлүү кемпирге
Улаш-улаш сүйлөнүп.
«Өткөн сөздү билбейсиң
Сен да айтчы сырыңды
Балам, балам чыныңды.
Менин түрүм көргөндө
Кышында жаның кууреса
Айтчы, балам оюнду?
Алыстан келген жолоочу
Кайсы жактан келесиң?
Кайсы кандын элисиң?».
Каныкей байкуш кеп сурайт.
Менин жайым сурасаң:
«Жеткайт деген жерденмин
Жедигер деген элденмин
Атактуу Кыяз каным деп,
Канчоро, Кыяз эки кан
Антташып койгон сөзү бар.
Алышып койгон колу бар
Канчоро кандын шаарында
Карыган атам бар эле
Барып келгин деп айтты.
Кандай жатты калың эл
Кандай жатат деп айтты».
Атасынан баласы
Артык туулган куу экен.
АбасыЧоро кеп айткан
Бала Сейтек шум экен.
«Мээнетиңди алайын,
Жеткайт деген жериңе
Жедигер деген элиңе
Кан Кыяздын алганы
Атаңдын көрү көр дүйнө
Алып кетип калганда
Элдир-селдир ичинде
Бир белгиси бар эле.
Каташардын алганы
Айчүрөк алып барганы
Ак тасма белге буудубу?
Ошо Айчүрөк анан туудубу?
Эркек бекен, кыз бекен?
Тууганын бала билдиңби?».
Ошондо сурайт Каныкей.
Анын жайын сурасаң:
«Эркек эмес, кыз болду.
Оймоктуудан уз болду.
Тырмактуудан түс болду.
Сепке жетип серпилип
Ашхабаддын Шуру кан
Алтын, күмүш зар алып,
Ар бир түрлүү мал алып,
Улугубуз кан Кыяз
Айдан малды жеп турат.

Бойго жетип суралып,
Саамай малы сыналып,
Жашы он үчкө чыкканда
Күйөөгө берем деп турат».
Олуязаада Каныкей
«Сен бужерден кайтасың
Аман-эсен сен барсаң
Кагылайын чолпонум,
Айчүрөккө айта бар
«Өлөсүн» дедим арыман.
Ушу күндү мен шордуу
Айчүрөктүн барынан
Кетемин дедим арыман.
Кетпей тирүү мен жүрдүм
Жебегеним бок болуп
Жер чөбүнөн көп болуп.
Оңолбосун Айчүрөк
Ичиндеги билги баарынан
Өлбөй тирүү мен жүрдүм.
Начарың болсо жаза бар
Кайненеңи көрдүм деп,
Каргышын угуп келдим деп,
Айчүрөккө айта бар».
Жер кулпунуп, бак болуп
Кыз дегениң уккан соң
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Олуязаада Каныкей
Көтөрдү заман акырды.
Кандай заман, кандай күн
Каныкей ыйлап бакырса,
Сайгак тийген эмедей
Торпок сүйлөп өкүрдү.
Териси жерге жайнады
Бала чунак жаш Сейтек
Кылычын кындан алды эми
Каныкейди сүйрөгөн
Көк торпокко барды эми.
Бөлө чаап салды эми.
Баш көтөрүп Каныкей
Эсин жыйып караса,
Торпогу өлүп калыптыр.
Бөлө чаап салыптыр.
Асманга үнү жеткен жер
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Беришге үнүн уккан жер,
Кулун үнү чыккан жер,
Кудай үнүң уккан жер,
Чаңырып, кооп алды эми
Торпогумду өлтүрүп
Кайсы күндү көрөм деп.
Кайда барып өлөм деп.
Кооп алып Каныкей
Чылбырынан алган жер
Мойнуна орой салган жер
Мени өлтүрө кеткин деп
Атты кармай калган жер.
Кайрылып сүйлөп турган жер.
Кандай курган кемпирсиң
Мен айтайын чынында
Келиниң болсо Айчүрөк
Куруп калган куу кемпир
Эркек бала тууду деп.
Эр Кыяздын баласы
Атын Сейтек койду деп.
Мен сүйүнчү алууга
Алып жүргөн буюм жок.
Үстүнө кийген кийим жок.
Бала айтып турганда
Олуязаада Каныкей
Оңолуп кайрат кылган жер.
Баягы жанында турган баланы
Чылбырын кармап алган жер.
Чындап көзүн салган жер
Абай кылып караса,

# СЕЙТЕК

Каныкей боюн токтотуп,
Капырай, как Семетейге окшотуп,
Бакырып ыйлап Каныкей
Эртеги өткөн жаңгызга
Чындай окшош жан эле
Кармап сурап Каныкей
Оңолбогон куу кемпир
Семетей кандай жан эле.
Боюнда белги бар эле
Атасы Манас баатырдын
Артында калган жалгыз эр
Мен карып, шордуу тууганда
Таманына так түшкөн
Семетей деген ат түшкөн.
Бир белгиси бар эле.
Каныкей айтып турганда
Бала моймун бурганда
Окшоштуруп кеп айтып
«Ойнобо кемпир»,– деп айтып,
«Баланда белги бар болсо
Өңдөштүрүп турасың
Менде белги бар бекен?
Чылбырым кармап аласың
Чыркырап ыйлап каласың.
Өзүн тууган баласы
Окшоштуруп каласың».
Каныкей байкап караса
Таманынын астында
Берише жазган каты бар.
Семетейдин баласы
Көптү көргөн Каныкей.
Көп жашаган Каныкей.
Көп окуган Каныкей.
Карыган көзүн кан басып,
Кабагын топо чаң басып,
Көзүнүн жашын шыпырып
Кайра оңолуп караса
Ошондо бери көзүнө
Ошо олуязаада Каныкей
Кайра имерип карады
Толукшуган баланы
Ыргып коол алган жер.
Тоо борунун үстүнөн
Так көтөрүп алган жер.
Катын эмес алп эле
Толукшуган Сейтекти
Бооруна басып калган жер.
Байкуш карып Каныкей
Баласын басып бооруна
Өчкөн оту тамган жер.
Сейтек жетимге
Чочойуп аман барган жер.
Бу Каныкей бейтаалай
Каргадай болгон көпөлөк
Бооруна басып алган жер.
Бакырып ыйлап турган жер.
Каныкей энем экен деп
Күлчоро көрүп турган жер.
Бала Сейтек бөбөгү
Каныкей кайып энеси
Кучакташып атканда
Тоодой аттын үстүнөн
Бооруна басып жаткырып
Он эки мүчө бөлүнүп,
Кабыргасы сөгүлүп,
Табактай болгон кызыл бет
Жерге тийип бөлүнүп,
Энекем шорду экен деп,
Бала жетим барды деп,
Энесин көрүп алды деп,
Жер кулачтап болкулдап
Башын жерден ала албай
Баатыр бала Күлчоро
Талма тийбей, ок тийбей

Талыгандан жыгылып
Атаңдын көрү арман күн
Башына кудай салган күн
Баатырдын кетип дарманы
Энекем байкуш экен деп
Күлчоронун арманы.
Ак саамайын жыттаган
Айры төшкө уктаган
Тай-кулундай тебишкен,
Талаада жүрүп келишкен,
Талашып эмчек эмишкен,
Ак боз бээ сойдурган
Канчоро менен Күлчоро
Бу Каныкей бейтаалай
Атын уйкаш койдурган.
Канчоро кылган зордукту
Кан каңтарып кеп укпай
Чачыкей кылган кордукту.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Атабыз Манас өлгөндө
Ала качып баласын
Азапты энем көргөндө
Кайрылып Кеңкол конгондо.
Өзүнүн тууган баласы
Конушуна конгондо.
Алган байы эр Манас
Жолборсу Манас барында
Абакем киши болгондо.
Аргын менен огойду
Энекем билген чалкалап.
Абамдын көзү өткөндө
Кара жанын корголоп.
Каздашып жүргөн душманы
Колуна түшүп кеткенде
Оң саамайын жыттаган,
Орто төшкө уктаган,
Колтугунан чыкпаган,
Бейтаалай энем Каныкей.
Жаман багып койгонбу?
Чачыкей тажаал болгонбу?
Каныкейди көргөндө
Баатырдын кетип дарманы
Арылбас болду арманы.
Атына бутун салалбай
Алапайын табалбай
Энесине баралбай
Эси ооп жатып калганы.
Кара кулак шер тура
Жан жолдошу Бозбала.
Кайраты бар эр тура
Күлчорого күүлөнүп,
Кайрат айтып сүйлөнүп,
Кайрылып канкор конбой кал.
Акыреттик дос элек
Күлчоро киши болбой кал.
Тапты Чүрөк эбиңди
Аман-эсен көргөздүм
Аргын, огой элиңди.
Кол карамшып токтолдук
Оо, дүйнөдө дос болдук.
Эр Күлчоро сен болсоң
Медер кылып бел байлап
Жаныңда жүргөн мен болсом
Кайра баштан саласың
Ыйлап жатып аласың.
Муунуң кетип солкулдап
Эсиң кетип эндиреп.
Касташып жүргөн душманың
Кызыталак Күлчоро
Эмгегин кантип аласың.
Сурбула бердим кийсин деп
Сыржорго бердим минсин деп
Атадан калган жолборс деп.
Акыреттик жолдош деп

Караламан журтумду
Кайрылып көрбөй таштадым.
Акыретти аркалап
Этегим жаап калкалап
Сени ушинтип баккамын.
Минген атым жок болду
Акыр заман дүнүйө
Алда нече козголду.
Адамга болот ар душман
Келе колуң бергин деп,
Жаман менен жакшыны
Салышалы моюнга.
Жакшылык менен жамандык
Катышалык коюнга.
Көргөздүм Талас жеринди
Тааныттым огой элинди.
Жеткайтты таштап мен келдим.
Сени жолдош болот деп
Ушу күндү не көрдүм.
Капаланып күүлөнүп
Күлчорого сүйлөнүп,
Жолдошу тилдеп турган жер.
Күлчоро кайрат кылган жер.
Баш көтөрүп саргарып
Кагылайын жолдошум,
Тээтиги энем турбайбы?
Энемдин түрүн мен көрүп,
Өлөйүн дедим арданып.
Беттин каны сызылып
Энекесин көргөндө
Бала чунак баатырдын
Пейли жаман бузулуп.
Бакырган үнүн баспады
Энекесин көргөндө.
Аткатуу баатыр Күлчоро
Кайратына келгизип.
Бозбала, Чоро баргыча
Эр Күлчоро баатырга
Кайратына келгизип.
Бозбала, Чоро баргыча
Байкуш карып энесин
Барып колдон алгыча
Чыңырыгы таш жарып,
Чыңырса үнү баш жарып,
Кармайын деп бакырып,
Башына салган жоолугу
Башынан жулуп ыргытып,
Аргын менен ногойду
Көөп турган бирөө деп,
Энемди шылдың кылат деп.
Басмырлап[6] турат деп
Таягы бар колунда,
Бычагы бар кынында,
Атаңдын көрү оңбогун
Бооруңду жарбасам.
Боорунду жарып салбасам.
Төгүп каның ичпесем.
Ак көйнөгү бүгүлүп,
Аркардан катуу жүгүрүп,
Кыйкырыгы баш жарып,
Келе жатат Акбала.
Бала Сейтек жаш чунак
Басып жатат энеси
Оң эмчектен бир жыттап,
Сол эмчектен бир жыттап,
Мас болгондой эндиреп.
Жатып калды делбиреп.
Акбала барды жакындап,
Кийгени жаргак териден
Бу кудайдын буйругу
Муну чечип ыргытып.
Аста иним, аста деп,
Токто бейбак, токто деп,

[6] «Басымчалап» деп туура эмес жазылган

Эки көзүң аччы деп,
Чыңырбай үнүң басчы деп,
Олуязаада Каныкей
Келе жаткан Акбала.
Суук боор душман бар,
Канчоро тилин алган бар,
Семетейге кас болуп
Аттанып чалгы чалган бар.
Кабар угуп албасын,
Канчорого барбасын.
Балтыр эти толо элек
Баламды майып кылбасын.
Астын тосуп балбактап
Ыйлап келген Акбала.
Кубат алып алган жер
Кудай берип тилегин
Талас менен Кеңколго
Күлчоро, Сейтек барган жер.
Айланайын энеке,
Келе берчи колуңдан
Алда таала кудурет
Өзү билген жолуна
Эмнени көрдүң деп
Акбала байкап сурады.
Олуязаада Каныкей
Оңолуп кайрат кылганы.
Акбаланы маңдайдан
Колу менен сылады.
Берекелүү Кеңколго
Береним кылган Семетей
Артында калган тукуму
Абаңдан калган жетимге
Багалы эптеп ушуну
Акбала менен Каныкей.
Акбала менен баскан жер,
Багын кудай ачкан жер,
Кол кармашып бүгүлүп,
Талыгандай далдайып
Чоң энеси Каныкей
Эмчегин соруп шалдайып
Жаткан экен шалдайып
Чырым этип тынч алып
Кандай түрлүү көрүнөт.
Кокус чочуп кетпесин
Маңдайына баргын деп.
Акылы толук Каныкей
Акбалага айткан кеп
Акбала барды жакындап
Кошо басып жүгүрүп.
Каныкей келип такымдап
Баланын түрүн караса,
Кайнагасы Семетей
Как ошондой түрү бар.
Адамдан башка сүрү бар.
Каныкей – бала, жаш Сейтек
Бет алышып көрүшүп.
Кеңколду Чоро алгандай
Кайнагасы Семетей
Ошол сурап калгандай.
Берсе кудай жакшылык
Кой кайтарып тамтаңдап,
Балага жакын барганда
Кордукта жүргөн Акбала
Ошондо көөнү жазылып,
Таягын кармап бүгүлүп,
Кайниси Сейтектин
Жанына барды Акбала
Ошондо көөнү жазылып.
Таягын кармап бүгүлүп
Кайниси Сейтектин
Жанына барды Акбала
Кайнагасы баатырдын
Арбагына жүгүнүп.
Тилекти кудай берген соң

Сүйүнүп маңдай жарылбайт
Коркуп жүрөк айрылбайт
Кордукту көргөн канчалык
Буларга кудай бергени
Күлчоро, Сейтек келгени.
Алтын, күмүш зар менен,
Ар бир түрлүү мал менен,
Алыстан барын издесе
Мындай күндөр табылбайт.
Энесин көрүп энтелеп
Эр Күлчоро баатырды
Бозбала келет жетелеп.
Күлчоро түрүн көргөндө
Кайраты бар Каныкей
Кабар алган кайыптан
Карап хобо[7] калган жер.
Колун сунуп астына
Каныкей басып барган жер.
Жаман киши жарытпайт
Эси жок киши марытпайт.
Элиңе эми келгенде
Энеңди аман көргөндө,
Айлыңа аман келгенде,
Абаңды аман көргөндө,
Этек-жеңиң жыйылтып
Кадимкидей келбейсиң
Калк чогултуп, эл жыйып.
Энекем кайда дебейсиң
Минген аттан кулайсың
Жер кулачтап сулайсың.
Кандай болуп калгансың
Олуязаада Канчоро
Манасты чапкан жолунан,
Баласын алган колунан,
Чоросун алды колунан,
Оң бетинен бир сүйүп,
Сол бетинен бир сүйүп
Акбула киймин кийгендей
Семетей аман көргөндөй
Очоюп тагын мингендей
Олуязаада Каныкей
Кайраттанып алган жер.
Күлчорону жетелеп
Бул балага кошулуп
Каныкей Чоро барган жер.
Мунарыктын бурчунан
Салынган шаар учунан
Таластын суусун бойлошуп
Бири-бирин сооротуп.
Күлчоро, Сейтек кошулуп
Акбала менен Каныкей
Алда таала бир кудай
Аман-эсен көрүшүп.
Алган байы Күлчоро
Акыреттин жолдошу
Өлбөсө бир күн келээр деп
Акбала байкуш ойлочу
Матадан жоолук алуучу,
Арпа, буудай салуучу,
Талаадан ташка талкалап,
Талкан кылып Акбала
Каныкейге баруучу.
Кара адырдын учуна
Кабылышкан жер ошол.
Жоголгон жогу табылып
Сагынышкан жер ошол.
Канчоро улук болду деп
Катуу сурак кылды деп
Канды кудай урду деп
Семетей баатыр өлдү деп
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Семетейдин калың журт
Ушу күндү көрдү деп

[7] «Хобо» мааниси түшүнүксүз.

Ыйлап жүргөн андан көп.
Капа болуп кан жутуп
Кайгырганы дагы көп.
Акбала айтат «токто»– деп,
«Айланайын энеке,
Айзага таккан желекке
Абамды тууган энеке
Береги бала уулуңдун
Кабар угуп кат албай
«Өлдү» деген бар эле.
Кагылайын энеке,
Катын-бала саргайып
Канчородой канына
Ыраазы болбой арданып
Жүргөндөрү бар эле.
Мынабу чарбак четине
Барып кабар салайын
Берди кудай берди деп
Өзүбектин Жанбала
Ошого мурун барайын.
Кабар берер калкына
Калың Огой жалпыга.
Акбала тапты акылды
Бул айтканың акыл деп
Кулакка жугат макул деп
Оң этегин түрүнүп
Күүгүм кире, күн бата
Акбала барды жүгүрүп.
Акбаланын астына
Калың эшен чал баба
Астынан чыкты жолугуп.
Маңдайынан аккан тер
Жаба коюп жүрөгүн
Эмнени көрдү деп
Чал кабарын билгени.
Кабарчы болгон Акбала
Колдон кармай калганы.
«Кагылайын кулунум,
Кайтарган малдар аманбы?
Айтчы, ботом, сырыңды.
Кармап алып кеп сурап:
Эмне көрдүң? – деп сурап,
Чал баба сурап турганда
Акбала байкуш кеп айтат:
«Кагылайын, абаке
Касиеттүү Кеңколго
Каралдың, Күлчоро келди, сүйүнчү!
Периште жүргөн Кеңколго
Берениң, Күлчоро келди, сүйүнчү!
Аргын-огой элине
Кең Таластын жээгине».
Күлчоро, Сейтек барган жер
Карып болгон Огойго
Акбала кабар салган жер.
Шыбагалуу Таласка
Чыккыла, Күлчоро келди, сүйүнчү!
Берекелүү Таласка
Бериште келди, сүйүнчү!
Канкор абам Бабырдын
Как өзүнө окшогон.
Күлчоронун жанында
Бир жаш бала бар экен
Арбагы башка көрүндү.
Көргөндө көөнүм бөлүндү.
Токтолуп жүзүн каралбай
Баланын ким экенин биле албай
Күлчоро деп зарыккан[8].
Элине кабар салам деп
Баатырды көрүп сүйүнүп,
Элге келдим жүгүрүп,
Акбала келин барган жер.
Таластын боюн жээктеп
Каныкейди алган жер.

[8] «Зарылган» деп туура эмес жазылган.

Абасына баруугa
Энекесин ээчитип
Эр Күлчоро барган жер.
Акбала байкуш сүйүнүп
Элине кабар салган жер.
Кудай билет чын болсо,
Таластын чети дүңгүрөп
Күлчоро келип калды деп
Кары-картаң дүбүрөп.
Кайда, кайда, кайда, – деп,
Кудай билет чын болсо,
Акбаладан кеп сурап:
Күлчоро кайда? – деп сурап.
Чуркурашып ыйлашып,
Түн ичинде чубашып,
Бир-биринен сурашып,
Күлчоро келди дегенде
Ай жаркырап тийгендей.
Аргын менен огойду
Колуна алып келгендей.
Семетей баатыр барында
Аргын, огой калың журт
Доорду башка сүрчү эле.
Көлдөй жолкуп жүрчү эле.
Канчоро сурап кан болуп
Атаңдың көрү көр дүйнө
Сурагын кату кылды деп
Ай караңгы түн барда
Семетей баатыр барындай
Как ошондой күн барбы?
Акбаланын артынан
Күлчоро барууга
Кээ бирөө кеп уккан
Күлчоро өлдү деп уккан.
Ак жибек белге бууду деп
Медөө кылып жүргөн бар
Күлчоро өлүп калды деп
Ичинен сыздап күйгөн бар.
Баатыр бала жанына
Таластын бою Үч-Өндүр
Босбала менен Күлчоро
Болуп турган жаш бала
Карып болгон Каныкей
Бет алышып алган жер.
Күлчорону көргөндө
Чуркурашып ыйлашып
Сагынган элге барган жер.
Айбаты бар Күлчоро
Аста, аста, аста, - деп
Токто, токто, токто, - деп
Келген элге көрүшүп
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Адамдан башка зоңкоюп,
Бек сүйлөбөй бойпоюп,
Күлчоронун жанында
Бир жаш бала көрүнөт.
Күлчорого бата албай
Чогулуп келген курган журт
Бу баланы айта албай.
Урумбек кызы Каракаш
Оң жагынан толгонуп
Баланын барды жанына.
Оң колунан бир кармап
Кучактады бооруна.
Бу баланы көргүлө
Келиндер чогу келгиле
Баланын түрү кимге окшош
Ургаачыдан акылман
Канчоро, Кыяз жеңгенде.
Аргын-огой калың журт,
Адашкан канчоо акылдан
Көзүнүн жашы толгондо
Көп жыйылып келгенде
Сүйүнгөнү бир башка

Каныкейди көрөлек
Жанына киши келелек
Күлчоро кейип сүйүнүп
Жаратканга жалбарып
Сагынгандай айланып
Өтүк чечпей, суу кечип
Кудай билет чын болсо
Ыйман келген андан көп
Эл чогулуп келгенде.
Олуязаада Каныкей
Келген элге кеп айтат:
«Келгиле баарың», – деп айтат,
Канчоро кабар укпайбы?
Кандай турган журт болдуң
Казат кыла чыкпайбы?
Жаңы келсе Күлчоро
Жети бөрү, бир койду
Жесе тарпы калабы?
Ээчиткени жаш бала
Жан жолдошу бир бала
Урушка алып алабы?
Көргөнүнөр кайткыла.
Жай-жайына жаткыла.
Айкожо баралы
Баатырды колго алалы.
Таласка кайра келели
Элге кабар берели.
Кудай билет чын болсо,
Күлчорого сүйүнгөн
Олуязаада Каныкей.
Өлбөстүн отун жапкан жер.
Өлүп калар жеринде
Акбала байкуш баккан жер.
Күлчоро, Сейтек барган жер
Энесин колго алган жер.
Келген элге Каныкей
Эртеги Манас барындай
Кайтарып жолго салган жер.
Тараза жылдыз батканда
Таң кашкайып атканда
Таласка салган шаарына
Азандан түшүп буркурайт.
Күлчоро келди деп угуп
Уккан эл ыйлап, чуркурай.т
Ак сарбашыл алышып
Кудай билет чын болсо,
Баабединге чалышып,
Коюу жогу, дан коюп
Кудай билет чын болсо,
Баабедин өткөрүп.
Жалгыз атын сойгон бар
Кээ бирөө жалдашып
Жараткан алда бир кудай
Түшүндө көрбөс иш эле
Күлчоро өлбөй келгени
Элге кудай бергени.
Асманда булут зар эле
Көргөндөрү кеп айтат:
«Токтотуп атын укпадык
Бир жаш бала бар эле
Жаш бала кандай болду деп
Кайдан келип калды деп
Табагына дан алып
Кудай билет чын болсо,
Аягына май алып».
Катын-бала чуркурап
Аргындын көбү билелек
Огойдун көбү туя элек.
Күлчоро, Сейтек келгенин
Улук Чоро угалек.
Аста, аста, аста, - деп,
Акылындан шашпа, - деп,
Канчоро угуп калат деп
Кармашып бузук салат деп

Карысы-жашын кекектип
Бири-бирин бекитип.
Кечээ Шырдактын уулу Босбала
Чачыкейге көрөр көз
Бор-Дөбөгө барыптыр.
Күн кызарып чыкканда
Колуна дүрбү алыптыр.
Дүңгүрөгөн Таласка
Босбала дүрбү салыптыр.
Ошо калдайган шаар четинде
Аккан суунун боюнда
Асмандан түтүн созулат
Кандай болуп калган деп
Кудай билет чын болсо,
Шаардагы канча эл
Атка минип алкынтып,
Таяк алып тамтаңдап,
Талас суусун жөө кечип,
Кемпири жүрөт аңтаңдап,
Эмине дүрбөп калды деп
Чыгырыгын имерип
Оң колуна алган жер.
Оңдоп дүрбү салган жер.
Бу Күлчоро барганда
Элүү суунун боюна
Эл жыйылып толгон жер.
Калың түлөө кылган жер
Шырдакбектин Бозбала
Чындап дүрбү салды эми,
Кан Кыяздын Тоотору
Алтын каштуу акканкы
Тоотoруну токутту.
Аюу көпчүк, каш быштаң[9]
Акканкыга тартылуу.

[9] Каш быштаң – түшүнүксүз пайдаланылып калган

Канчоро, Кыяз жеңгенде
Өзү эптүү бала деп
Кызматкер кылып алгын деп.
Эрке катын Чачыкей
Албан, албан, дан берип,
Сыр аякка бал берип,
Казы менен жал берип,
Ардактап багып жүрчү эле.
Тооторуну көргөндө
Эт жүрөгү солк этип,
Өлүмдөн селдим кеп уккан
Айчүрөк эркек тууду деп
Эрешен тартып, эр болуп
Эр уулуна тең болуп
Семетейден калды деп
Ар кимден сөздү көп уккан.
Амалы бар Айчүрөк
Абаттап жолго салган го,
Катарга келип чоңоюп
Баатыр болуп калган го,
Башка киши тийбеген
Кан Кыяздын Тоотору
Дааратсыз киши минбеген
Маңдайда шамы күйгөндөй
Баатыр бала минген жер.
Жана өңдөп караса
Кудай билет чын болсо,
Эртеги өткөн Семетей
Кан өзүндөй көрүнөт.
Көргөндө көөнү бөлүнөт
Жана өңдөп караса,
Атындай жүзү курданып
Айбалта кармап сурданып
Күлчоро өңдү көрүнөт.
Бу Күлчоро экен деп
Дүрбүсү түшүп колунан,
Камчысы сынып сабынан,

Чачыкейди багуучу
Жүрөгү чыкты кабынан.
Канчоро кашына
Кашка аргымак минчүү эле
Кыз-келинди ээчитип
Чачыкейдин артынан
Бир бала кошо көнчү эле.
Кудай билет чын болсо,
Кудай урган экен деп
Элди кудай урганы
Улуу суунун боюна
Түтүн ызгып турганы.
Күлчорону көргөндөр
Чогулуп түлөө кылганы
Денесинен ал кетип,
Көкүрөктөн жан кетип,
Күлчоро бекер жан эмес
Алкара буту сынганда
Канчоро, Кыяз кууганда
Чорону кармап турганда
Оң далысын ойгондо
Омуртка сөөгүн койгун деп,
Булчуң этин кескин деп,
Куйкасын айза менен тешкин деп,
Олуязаада Күлчоро
Колго түшүп калганда.
Ошо кайраты бар оңбогур
Канчорого айтканын
Баарын койбой кылган жер.
Ошо баатыр Чоро кургурдун
Канчорого айтканын
Баарын койбой кылган жер.
Ошо баатыр Чоро кургурдун
Балык этин тилген жер.
Оң кечилин ойгон жер.
Оңолбогон ал бала
Олуязаада баатырдын
Булчуң этин кескен жер.
Таманын жара тилген жер.
Оңбогондо канетсиң
Күлчоро келген экен деп.
Көргөн жерден жан берип
Дүрбү менен көргөн жер.
Кеңколго Чоро келди деп
Келип жүргөн Огойдон
Тилегин кудай берди деп
Таласка Чоро келди деп
Саргарып жүргөн Огойдун
Талабын кудай берди деп.
Кары-жашы буркурап
Каары өткөн Канчоро.
Күлчоро баатыр барганда
Баласы ыйлап чуркурап
Канчоро кабар албасын,
Келип бузук салбасын,
Бири-бирин кекетип
Айтпайлы деп бекитип
Сүйүнүп маңдай жарылып.
Тилек кылып кудайга
Тилек кылып жалынып
Эр Күлчоро баатыр деп
Эргитип жүргөн агасы
Калың кара мусулман
Баарысынын абасы
Саналуу жүргөн Күлчоро.
Агасы айкөл Бакайды
Эли-журтун көргөндө
Эсинен чыгып калыптыр.
Ары-бери караса,
Абасы Бакай анда жок
Калаада калк чогулуп топтолду.
Далайдан кийин Күлчоро
Абакесин жоктоду.
Оозунан түтүн бурады

Күлчоро ыйлап турганда
Эл ыйлабай турабы
Эсине түшүп абасы
Ошондо Каныкейден сурады:
«Асманда булут барбы?– деп,
Айланайын энеке,
Менин абакем тирүү барбы?– деп,
Асманда булут бөлүнүп,
Абакесин санаса».
Арстан Чоро баатырдын
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Энекеси Каныкей
Күлчорого кеп айтат:
«Аман көрдүң элиңди
Эмне болдуң?»- деп айтат
Оң колунан бек кармап
Олуязаада кан абаң
Абаң тирүү деп кармап.
Жүрөктүү кайран, шордуу көл
Чөп алачык ичинде
Төө кайтарып жатат деп,
Эки бетин кал басып,
Эки көзүн чаң басып,
Карып болуп жатат деп.
Карга айланбас зоо менен
Кагылайын Күлчоро
Таластын бою жол менен.
Азыр атка минели
Абаңды көздөй баралы
Абакең минтип турганда
Үстүнө абай жабалы.
Кементай, тери кийгени
Канчоро агаң билгени
Кыл мурутун түйдү эле
Айчүрөктүн ичинде
Бала белги бар эле.
Байкуш абаң Айкожо
Мен өңдөнүп зардаган,
Бул Айчүрөк айткан кеби деп
Айкожо абаң күйдү эле.
Абакең тирүү дегенде
Арстан тууган шер эле.
Баатыр арстан Күлчоро
Кабагын ачып күлдү эле.
Абакеме барам деп
Секирип атка минди эле.
Бакайга курдаш карылар
Сандыктарын ачтырып,
Аттын озун тарттырып,
Күлчоронун артынан
Эр Бакайга бармакка
Күлдүрөшүп жол жүрүп.
Күрпүлдөшүп тоо жакка
Калдайган кара борчукка
Арстан Бакай, Айкожо
Арам өлгүр кайда деп.
Тоо жакты карап, көз салып,
Бадалды барып бир салып,
Басып жүргөн темселеп,
Үч жыгачтын үстүнө
Камышты алып бастырган
Бу кудайдын буйругу.
Ушу жерде жатып өлсүн деп
Айкожо, Бакай баатырга
Канчоро төөсүн бактырган.
Бакайды көрүп Күлчоро
Оозунан түтүн бурады,
Ок тийгендей сулады,
Күлчоро аттан кулады,
Кудай билет чын болсо,
Ээрчип келген огойлор
Баары ыйлап чуркурап
Бакай менен Күлчоро
Бул экөөнү көргөндө

Бакырып ыйлап чуркурап
Бул эмине болду деп,
Арстан баатыр Айкожо
Эки жагын каранып,
Кайда басып кетти деп
Эки көзү ириңдеп,
Көкүрөгү кирилдеп,
Өлүмгө жакын барыптыр.
Олуязаада Каныкей
Айкожо, Бакай баатырды
Чап кучактай калыптыр.
Көк желмаян төө эмес,
Төөгө киши ээ эмес,
Талас, Кеңкол жериме
Таалайлуу огой элине
Айланайын Айкожо
Кеңкол, Талас жериме
Керектүү огой элиме
Бериште чалгын чалды деп.
Айланайын Айкожо,
Айзага таккан желегиң
Жалгыздан калган сенегиң
Жаныңа жаш балаң келип,
Кулдүү огой элине.
Кагылайын Айкожо,
Армандуу болуп жүрдүнбү?
Астыңа басып мен келдим.
Ким экенин билдиңби?
Ошондо Бакай былк этип
Үнүң башка экен деп,
Кармабагын колуман
Куйрөктү адыр оттоко
Төөлөрдү айдап кетем деп,
Кое бер деп жулкунуп
Айланайын Айкожо, Бакай дегениң
Астыма басып келгениң,
Аргын менен огойду
Канчоро колго алганда.
Ок дарыны жүктөтүп
Казат болуп калганда.
Алтымыш инген кайтартып
Азапка башым салганда.
Төө жоголсо өлөм деп,
Кандай кордук көрөм деп,
Акылымдан адашкан
Арстан Бакай турган жер.
Атаңды көрү арман күн,
Айланайын Айкожо,
Шыбагалуу жериңен
Жыргалдуу огой элиңе
Чырагың Кулчоро келди, сүйүнүп!
Берекелүү жериңе
Белгилүү огой элиңе.
Берениң Кулчоро келди, сүйүнүп,
Талас, Кеңкол жериңе
Талайлуу огой элиңе.
Талайың Кулчоро келди, сүйүнчү!
Эки этегиң түргөн жер,
Кагылайын Айкожо,
Сен эмине өлбөй жүргөнсүң
Абыдан таяк колуңа
Түштүң душман торуна
Көрдүң кудайдын жазган шорунан
Айланайын Айкожо,
Менин ким экеним билдиңби?
Каныкей сурап турган жер.
Ошондо чаң баскан көзү ачылып,
Өңүм бекен ушу деп,
Оо кудай, түшүм бекен ушу деп,
Төө кайтарган мен элем
Кой кайтарган сен элең
Арка чачың түйдүнбү?
Бая азаптуу тууган Айчүрөк
Ичинде белги бар эле

Ошонун бар экенин билдиңби?
Олуязаада Каныкей
Жалгыздан калган көпөлөк
Кагылайын Айкожо,
Сенин ордуңан кудай көтөрүп,
Он экиге толуптур
Ошо Чороңо жолдош болуптур.
Ондон жашы өткөндө
Он бирге жакын жеткенде
Эр өлтүрүп кан кечип,
Кагылайын Айкожо,
Ошо кан ичме атка конуптур.
Тек зааданын баласы
Тентиген атка конгуча
Туубай тууна чөгөм деп,
Атакем күткөн элимди
Азыр барып көрөм деп,
Күлчорого кошулуп
Жолдош болуп келиптир.
Айланайын Айкожо,
Ачып кара көзүңдү,
Абайлап уккун сөзүмдү,
Мен Каныкей бейтаалай
Мени билбей турасың.
Мен Каныкей дегенде
Бүркөлгөн кабак ачылып,
Кирдеген көөнү жазылып,
Айза кармап болкоюп,
Атасындай зоңкоюп,
Саамай чачы бар экен
Жаагына өрүлүп,
Айкожо, Бакай баатырга
Абай кылып караса,
Как эле Семетей өңдү көрүнүп.
Ошондо Бакай, Айкожо
Ийнине кийген тери тон
Ары чегип ыргытып,
Асманды карап кыйкырып,
Алда таала кудурет,
Көрбөймүн деп жүрчү элем.
Күлчоро менен Сейтекти
Бул экөөнү көргөндө
Олуя Бакай, Айкожо
Ошондо баланча ыйлап бакырып,
Тилеги кабыл келген жер
Каныкей, Бакай эки шор
Күлчоро менен Сейтекти
Экөөнү аман көргөн жер.
Калк чогулуп барганда,
Каныкей кабар салганда,
Айкөлү Бакай ишенбейт
Ободо булбул жүнүбү
Оң колунан Күлчоро
Абасын кармап турганда
Ээ кудай ойронум Чоро үнүбү?
Асманда булбул жүнүбү
Күлчоро абасын кармап турганда
Абасы Бакай ишенбейт.
Чын эле асылым Чоро үнүбү?
Кагылайын Айкожо,
Мен келдим сенин астыңа
Канчоро жайды кең торду
Бу Күлчоро келбесе,
Келчү белем кашыңа
Көтөрдүк кудайым салган чоң шорду.
Кагылайын Айкожо,
Жалгыздан калган көпөлөк
Баатырдан калган балаңды
Күлчоро келди жетелеп,
Ошондо Бакай демигип,
Күнөөкөр болгон экемин.
Күлчоро көрбөй өлөм деп
Каргадай болгон көпөлөк
Кан Кыяз алып кеткенде

Эркек болсо баланы
Муну кайдан көрөм деп.
Ичиме толгон убайым
Берген экен кудайым,
Күлчоро, Сейтек барганы
Ошондо күлүп ишенип
Арстан Бакай, Айкожо
Кечээ баатыр Манас барында
Жол баштаган жан эле.
Манастан калган жалгыз эр
Семетей жетим бала эле
Үстүнө кудай жапты эле.
Ала качып Каныкей
Атасы башка душмандар
Өлтүрөлүк дегенде
Каныкей байкуш бакты эле.
Жаш кулундай телчигип
Канчоро менен Күлчоро
Арстан Бакай, Айкожо
Алып жүрүп ээчитип,
Машыктырып эр кылып,
Эчен эрге тең кылып,
Булкунтуп буудан мингизип,
Бурулбай жоого тийгизип,
Алкынтып буудан мингизип,
Атказып жоого тийгизип,
Карылардан бата алган.
Канчоро менен Күлчоро
Кан ичме болуп атанган
Улуулардан бата алган
Канчоро менен Күлчоро
Жоокер болуп атанган.
Канчоро душман болгондо
Семетейди сойгондо
Күлчоро түшкөн байлоого.
Каныкей менен Бакайды
Азапты тарткан бир башка.

Бу Күлчоро барганда
Арстан Бакай абасы
Келди жыйырма бешке кубатка
Айнектей көзү жаркылдап
Айдай бети тунарып
Күлчорону көргөндө
Айкожо, Бакай кайран эр
Кайра оңолуп жашарып.
Карыган Бакай кубанып
Каныкей келип кеп айтат:
«Балапан жүнү маңдайда
Эненин сүтү таңдайда
Мына бу сенин абаң деп,
Атаңды баккан агаң деп,
Бала Сейтек чыракка
Астына баргын деп айтат.
Айкожо, Бакай астына
Барды Сейтек кашына
Оң колуна алган жер
Мойнунан орой кучактап
Он экиде жаш бала
Ыйлап ийди болкулдап.
Көзүнөн жашы бурчактап,
Балаң Сейтек келди деп
Арстан баатыр Айкожо
Жараткан алда бир кудай
Тилегимди берди деп.
Толукшуган баланы
Арстан Бакай абасы
Коюнуна каткан жер.
Бооруна кыскан жер.
Түшүмө киргизген эле
Өңүмө кандай келди деп
Жараткан алда бир кудай
Тилегимди берди деп.
Бакырып ыйлап баланы
Басты баатыр санааны.

Оң бетинен бир жыттап
Сол бетинен бир жыттап
Бооруна Бакай кыскан жер.
Жаш баланы кучактап
Кое бербей жаткан жер.
Босбала акыл тапкан жер.
«Жараткан кудай жалгыз ак
Жазуу болот ар кандай
Өлгөн кайра келбейт деп
Өлөсөлү Чорону
Эптеп багып мен келсем
Өз элимдей көрбөйт деп.
Кеткен кайра келбейт
Кете турган Чорону
Асырап багып мен келсем
Өз элимдей көрбөйт деп.
Кайраттанып кеп айтып
Кана баатыр Күлчоро
Берчи колуң деп айтып.
Кол алышып кайтайын
Каныкей, Бакай кургурлар».
Эр Босбала кеп айтып,
Ыйлаганы басылып,
Кайраттансын деп айтып.
Эрдин тиштеп Чорого
Кол алышып кеп айтып:
Кош, аман бол? – деп айтып
Мен кетемин Жеткайтка
Деп сүйлөшүп турганда
Ыйлагандай болкулдап
Өлүүчү жанды тиргизген,
Өчкөн отту жангызган,
Акыреттик дос элек.
Кетемин деп кайгырып,
Кан абамдан айрылып,
Бала Сейтек чунакка
Баатыр Чоро кеп айтып:
«Атаң менен энеңди
Көргөздүм сениң көзүнө
Тарттым сенин өзүнө.
Багып алгын деп айтып.
Жолдошуңдан айрылып
Как талаада кайгырып.
Каалгадай кашка тиш
Катуу тиштеп капшырып
Абакем менен энекем
Кантер экен экөө деп
Каргадай болуп балага
Каныкей менен Бакайды
Бул экөөнү тапшырып.
Босбала, Чоро акылдаш
Көп антташып дос болгон
Күлчоро куурап жүргөндө
Босбала бешке талкан түйгөндө
Көргөн киши жок болгон
Каныкей, Бакай эки жак
Күлчоро кетем дегенде
Билип турат энеси.
Кудай билет чын болсо,
Кайраттанып, күүлөнгөн
Олуязаада Каныкей
Босбала менен Чорого
Экөөнө бирдей сүйлөнгөн.
Кара-Кыштак Кыяздан
Канчоро, Кыяз жол чапкан.
Өзүңө карап кол салган
Кайратың кетип калбаса,
Таластан көчкөн көчүң ал
Канчоро кылган зордукту
Көргөздүң канча кордукту
Канчородоң өчүң ал.
Каныкей байкуш кеп айтып:
«Арстан Бакай баатырды
Карыбапсың», – деп айтып

Каныкей кайып күүлөнүп
Душмандан албай кегиңди
Кетсең кете бергин деп
Күлчорого сүйлөнүп.
Келген элди кайтарып
Кетмек болду Чоро деп
Тегеректеп келген журт
Баарынын көөнүн майтарып.
Каныкей кебин укканда
Калаалу коргон чарбакка
Канчорго барганда
Салынуу коргон чарбакка
Чачыкейге барганда
Өзү менен бирге өскөн
Өлбөй бирге тең өскөн
Канчорого барам деп,
Кагылайын тууган журт,
Барып өчүм алам деп.
Курбулатып бир жүргөн
Кубулуп жоого бир тийген
Ак саамай бирге жыттаган,
Орто төшкө уктаган,
Канчорого кеп айтам:
«Энекем кайда»,– деп айтат.
Аттанып чыгып жол чалган
Айбыкпай жоого кол салган
Байгамбар сындуу жан эле
Колдогон бири бар эле
Абакең кайда деп айтам.
Канчоро жооп бербесе,
Энекең менен абаңды
Экөөнү билбейм дебесе,
Өзүм көргөн кордукту
Өз башына саламын.
Өлтүрбөй өчүм аламын.
Канчорого барамын
Баатыр Чоро камданып,
Баштагыдай шаңданып,
Каныкей менен Бакайга
Огойдон өчүн алдырып,
Кара-Буура, Чаткалга
Үй жеткирип салдырып,
Асыл булду кийгизип,
Аргын менен огойдун
Карыясын чогултуп,
Каныкей менен Бакайды
Жанына жыйып, жүргүзүп,
Арбак колдоп, бир жөлөп
Кара-Буура оюна
Улуу-Суунун боюна
Үй тиктирип кондуруп,
Ак боз жылкы сойдуруп,
Бакайдын баркын билгендер
Биригишип жүргөндөр
Аш тамагын алышып
Убактысы өткөндөр
Карылыгы жеткендер
Каныкей менен Бакайга
Тегеректеп барышып,
Кадимки Манас барындай
Каныкей, Бакай шаңданып
Кандай кылар экен деп
Камбардын уулу Канчоро
Камшара чыгар бекен деп.
Улуу-Сууга камданып
Жан жолдошу Босбала
Жанында жүргөн эр Сейтек
Болукшуган жаш бала.
Каныкей менен Бакайды
Башына мамык жаздатып,
Акбаланы баш кылып,
Тиккен ордо, ак сарай
Бу экөөнү жаткырып.
Акбалага бактырып

Эрмек болуп жүргүн деп
Сагынып калган элиңе
Абасы менен энесин
Бул экөөнү жашырып.
Каргадай болгон бөбөгүм
Баатырдан калган өбөгүм
Эр Босбала жолдошу
Атасы арстан шер өткөн
Артык туулган эр өткөн
Жойболоттун тукуму.
Каапыр менен мусулман
Кармап өткөн башынан
Ак жолборстун тукуму.
Бастырып жолго чыкканда
Абасы Бакай кеп сурайт:
«Айчүрөк барбы?» – деп сурайт
Кылганыңдын айбы жок
Мен садага кетейин
Куруп калган Айчүрөк
Укпай турам кабарын
Айчүрөктүн дайны жок.
Арстан Бакай абасы
Айчүрөктү сурады.
Күлчоро менен акылдашып[10]
Босбала айтып турганы:
«Айланайын Айкожо,
Чүрөктүн сизге келгени,
Баланы төрөп бергени,
Өлүмдөн алып калганы,
Өзөктөн чыккан баласын
Колум берип Чорого
Атказып жолго салганы,
Бул Айчүрөк жардамы.
Кан Кыяздын колунда
Канчорого дос болгон
Жедигердин кан Кыяз
Түшкөн Айчүрөктүн торуна.
Берсе кудай барабыз
Жедигер кандын эр Кыяз
Айланып уруш салабыз.
Айланайын абаке,
Өзүндү кошуп алабыз
Ошондо Айчүрөктү табабыз
Бу Айчүрөк болбосо,
Кара көздөн жаш чыгып
Кызарган эттен кан чыгып
Таласка кандай келебиз?
Силерди кайдан көрөбүз?
Канчоро деген баатырга
Биз баралы астына
供Кородон кабар алалы
Күлчоро, Сейтек баралы».
Айкожо, Бакай баатырга
Айчүрөк дайнын билгизип
Бакайдын көөнүн басылтып,
Айнектей көзүл ачылтып,
Каар-Шаар, Кеңкол, Таласты
Күлчоро, Сейтек аралап
Билелеги мындан көп
Көрөлеги андан көп
Бууранын берки тушунда
Таластын аяк учунда
Түтүн чыгат созулуп
Бул эмине болуу деп
Көрөлеги таңданып.
Түтүндү барып көрмөккө
Көп киши турат камданып.
Түнөрүп аткан түптүү бак
Түбү жайнаган алма шак
Кан Манас баатыр салдырган
Калайыкка кан кылган
Арстан Манас өткөн жер
Чарбагын башка салдырып,

[10] «Акылдеин» туура эмес жазылган

# СЕЙТЕК

Алыстан уста алдырып,
Аскерин алып ойнотуп,
Журтун багып олтурган,
Аргын, огой журтуна
Дүнүйөнү толтурган.
Арстан Манас шер өткөн
Баатырдан калган шаар өткөн
Чоң көчөнү бойлотуп
Бозбала менен оодарышып ойношуп
Семетей сындуу эр Сейтек
Тоотору минип болкоюп
Адамдан башка зоңкоюп
Кайдан келген жолоочу
Карылар карайт жарданып,
Мингени башка экен деп,
Боруму башка экен деп,
Катындар карайт таң калып.
Көргөндөр көөнү бөлүнүп
Көк жалдын түрүн көргөнү
Эт жүрөгү сезишип
Эсинен такып кетишип.
Байкагандар кеп айтат:
«Жанында жүргөн жаш бала
Адамдан башка», – деп айтат
Кээ бирөө кеп айтат:
«Ай караңгы түң болбойт
Азаптуу аргын, огойдон
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Күлчоро келчү күн болбойт».
Чуркурашып ыйлашат
Уламадан кеп айтат
Билдиңерби жанакыны
Тоодой тоору ат минген
Жанында жүргөн жаш бала
Капырай, адамдан башка сүрү бар
Капырай, Семетей өңдү сүрү бар
Эр Семетей жалгыз шер
Шейит кетти деди эле.
Арбагы келип көрүнүп
Шаардан чалгын чалдыбы?
Шейит өткөн Семетей
Арбагы келип калдыбы?
Сейтекти көрүп таң калып
Кудай билет чын болсо,
Семетей өңдү экен деп
Каарылар айтып зарланып.
Көпчүлүк көрүп таңданып.
Кудай билет чын болсо,
Көк жал баатыр Канчоро
Ордону бөлөк аттырган,
Чарбакты бөлөк салдырган,
Ойноп ойнун кандырган,
Дарбазанын жолунда
Кылычтары колунда
Адам барар жер эмес
Кокусунан кабылса
Тирүү коер неме эмес.
Мунарып учуп бурчтанган,
Булуң болуп учтанган,
Түнөрүп башы көрүнгөн,
Жемиши жерге төгүлгөн,
Алмасы бышып шактанган,
Аралап киши баспаган,
Жемиш бышып шактаган,
Канчоро менен Чачыкей
Бул экөөнөн башка жан
Аралап адам баспаган.
Күлчоро, Сейтек барган жер
Канчоро кандын сарайга
Барып жакын калган жер.
Чалгыны чалган чалгынчы,
Эр кайтарган кароолчу,
Кан кайтарган мыктылар,
Канга жаккан ыктуулар,

Көчөсүнүн бетинде
Кан көчөнү бойлошуп,
Жарактары жанында
Атка минип жарышып,
Канчорнун аскери
Айбалта, кылыч шарактап,
Жоо жарагы боюнда
Кылычтары колунда
Канчоро жаткан сарайды
Киши барчу жолунда,
Ошондо Күлчоро барды жакындап.
Күлчоро түрүн көргөндөр
Бири-бирин тыйышып,
Күлчорого баталбай
Бүгүн канча эс алыш
«Барбагын»,– деп айта албай.
Эт жүрөгү сезилет
Адамдан түрү бир башка
Күлчоро менен Сейтектин
Экөөнүн түрүн көргөндө
Эстери чыгып кетишет.
Бир-бирден кеп айтат
Кеп сурайлы деп айтат.
Кеп сурачуу жан эмес
Кээ бирөө кеп айтат:
«Адамдан башка түрүн көр,
Жаш баланын сүрүн көр,
Пендеден башка түрүн көр,
Жолборс түрү бар экен
Тээтигинин сүрүн көр
Чогулушуп топтошуп.
Бири-бирин токтотуп.
Кудай билет чын болсо,
Күлчоро менен Сейтекке
Турган сонун баталбай
Канчоро кандын сарайга
«Барбагын»,– деп айталбай.
Жолго салса Күлчоро
Жолун ачып жарданып,
Бузук салчу неме экен
Эки-экиден кеңешип,
Эптүүлөрүн ченешип,
Кетели деп камынып,
Алтын ооз, чоң эшик
Ордого такып барган жер.
Дарбазанын оозуна
Чоюн башын колго алган
Оңколуу мурун, жаргак көз
Эки сарт тосуп калган жер.
Жаза чапкан пендесин
Адамдан башка балбандан.
Жараткандан[11] колдочу
Чоюн баш менен сомдоочу
Талкаланып калуучу
Ошондо Күлчоро барды жанына
Канчоро сайган мамыга
Күлчоро атын чалган жер.
Канга айтаар арзым бар
Уруксаат барбы?– деп,
Кайтарган сартка барган жер.
Ала көөдөн бети жок
Сен кандайсың эси жок
Бүгүн канга дем алыш
Дарбазаны тартпа деп.
Бу жерден өтүп баспа деп.
Кандын атын байлаган
Атыңды барып чаласың
Азыр атын чечип алгын деп.
Бекер өлүп каласың.
Загараданын боюнда
Чоюн башы колунда
Кечээ Манас барында

[11] «Жааратын» деген сөз тексттин мазмунуна туура келбей калган

Ыраман деген бар эле.
Канкор Манас баатырдын
Кашына ырдап келчү эле.
Астына жорго мингизип
Үстүнө торко кийгизип
Канкор Манас барчу эле.
Ошо Ырамандын тукуму
Ырдап келген шүкүлдүү
Ала көөдөн масың бар
Акылы жок жашың бар
Канчоро деген каным бар
Кары-жашың барың бар.
Асмандан жамгыр төгүлдү
Адамдан башка сүрү бар.
Мамыга атын байлаган
Жанына адам барбаган
Тээтиги Күлчоро экен билдиңби?
Чоң Тоору минип болкойгон,
Мойну узун койкойгон,
Билбесеңер билдим мен.
Караса көздөн кан тамган,
Кармаса колдон от жанган,
Тиктесе көзү кан болгон,
Албырган кызыл бети бар,
Айнектей эки көзү бар,
Аралап келди былк этпей.
Астынан киши кеп айта
Алик алып кыңк этпей
Билбегениң, билгиле
Канчоро, Кыяз жеңгенде.
Кан Семетей өлгөндө
Айчүрөктүн ичинде
Алты айлык бала бар деген.
Ак кемер белге бууган го.
Айчүрөк эркек тууган го.
Амалдап багып чоңойтуп,
Атказып жолго салган го.
Кармагыла токтотуп
Турбайбы Семетейге окшошуп,
Чүрөктү Кыяз алганда
Чачыкей мында калганда
Чыркырап ыйлап Каныкей
Уктум эле ошондо
Айчүрөк анда барганда,
Кармаган жоого билгизбей
Кан Кыязга көргөзбөй
Колунан кармап кеп айткан:
«Кагылайын уулуке,
Оң саамайың түйүп бер
Он эки жылы күйүп бер
Алдадан ажал келбесе,
Эптеп тирүү жүрүп бер.
Баатырдан калган белги бар.
Balaңдан калган төлгө бар.
Өлбөй тирүү мен жүрсөм
Эрбейтип атка мингизем
Эли-жериңди билгизем.
Айчүрөк айткан кеп эле
Жыл он эки болду эле.
Санап жүрөм мен өзүм
Айбандан башка зоңкойгон
Байкагыла барыңар
Майып болуп каласың
Тээтиги кан Кыяздын Тоотору
Билбесеңер мен билдим
Жедигерди жеңгең го,
Бала өсүп чоңойуп
Күлчоро алып келген го,
Кылычты кынга салгыла
Көрө электе айткыла
Көп дүрбөп турбай кайткыла.
Ырамандын Ырчы уул
Ырга кошкун баланы.
Ырчы уул аты коюлган

Кечээ Манас барында.
Балтыр бешик бала эле
Кошо жүргөн эмедей.
Ырдап турган жер ошол
Ырчынын кебин уккандар.
Көөдөнүнө жуккандар
Кылычын кынга салышып
Туруп алсак уят деп.
Күлчоро болсо кырат деп,
Бирок Канчоронун чарбагын
Көтөрсө кудай арбагын
Ташын талкан кылат деп.
Ошол элдин ичинде
Катыны жок, кызы жок.
Дарбазанын оозунда
Экөөнөн башка киши жок.
Арстан баатыр Күлчоро
Дарбазаны тартты эле
Өлөсүң бекер сарт деди.
Арстан баатыр Күлчоро
Бул эмине дегени
Кызыталак соодагер
Барам деп бокту жегени
Кайра таанып кеп айтып:
«Өлөсүң бекер»,- деп айтып
Энеңди урайын,
Чоронун кармап колунан
Ошондо чоюн баш менен бир салды.
Адамдан башка шер өткөн
Капшыра кармап жонунан
Найза бою дарбаза
Күлчоро баатыр ыргытты.
Талкаланып дан болуп,
Жанында турган да бир сарт
Нема кылып кетти деп.
Кайра тартып кеткен кез.
Кылычты кармап сабынан
Айзасын алып кынынан
Качып калган чоң сартты
Бозбала мойнун кыя чапкан жер.
Алтын ооз чоң эшик
Басып барды Күлчоро.
Эшигин киши ачпаган
Короосунун ичине
Бейдаарат киши баспаган.
Эшигин бекер салбаган
Дарбазаны кайтарткан
Эки балбан дөөлүп
Экөө бирдей тең өлүп.
Ырчы уул ырдап калкына
Күлчоро келип калды деп
Аргын, огой калың журт
Кабар берди жалпыга.
Күлчоро кайдан келсин деп
Ишенбеген андан көп.
Аргын, огой журтуна
Адамдан асыл жан эле.
Күлчоро өлдү деп уккан
«Өлдү» деп кепти көп уккан
Күлчоро келди дегенде
Бээ жетелеп, кой союп
Уккан огой жыйылып
Түлөө кылып сыйынып
Арбактуу бала кайран шер
Канчоро кандын ордого
Күлчоро басып барган жер.
Кудай өзү билбесе
Ачылбаган каалга
Булкуп тартып алган жер.
Кудай билет чын болсо,
Алты катар кынаптап
Оозуна арген ырдаткан
Оболото салдырып
Он эки катар үйү бар.

Үйүнө кирип караса,
Катарлап жыйган жүгү бар,
Канчалык асыл булу бар,
Андан ары бир эшик
Ачып кирди Күлчоро.
Ошо күнү эс алыш
Бото менен тайлактай
Канчоро менен Чачыкей
Моюн алышып жатышат.
Аркар менен кулжадай
Айланышып жатышат.
Аркасына кол артып
Жайкалышып жатышат.
Алтын чайнек буркурап
Кайнап атат ордодо.
Түрдүү жемиш жайылуу
Казы менен жалы бар.
Сыр чыныга куйдурган,
Балык уюп болтурган,
Бир чынынын ичинде
Сары мейиз дагы бар.
Таздоркондун бетинде
Мис табактын ичинде
Телегейи тегиз бар.
Алып менде жеңбеген
Кокок деген жемиш бар.
Анжияндын алча бар
Адам менде көрбөгөн
Түрдү жемиш канча бар.
Күлчоро басып барган жер
Жараткан алда кудайдын
Буюрганы ушу деп.
Дан сындырып оозуна
Баатыр Чоро салган жер.
Жанындагы Босбала
Тып отура калган жер.
Дастарконду чойгон жер.
Сейтек менен Босбала
Тамак ичип тойгон жер.
Келиндин башы керме каш
Ойдологон Карачач.
Оймоктуудан ууз эле,
Тырмактуудан түс эле,
Шаатемирдин элине
Чачыкейдин сиңдиси
Бойго жеткен кыз эле.
Күлчоро, Сейтек барганда
Дан сындырып оозуна
Баатыр чоро салганда
Бала Сейтек, Бозбала
Шашпай тоюп алганда.
Канчоро жаткан сарайга
Качып кирди түйүлүп.
Кыпчак эле бүгүлүп
Өңү күлдөй саз болуп
Ой жездеке, олуя
Дасторконду жыйдым мен,
Тамак-ашын алдым мен,
Барып төгүп салдым мен,
Эжекемден кеп уктум
Жакшы тамак жагы деп,
Кан уйкуң канганда
Элдер келет деп уктум.
Самоор коюп кайнаттым
Аш-тамагын жайнаттым
Азыр келди үч киши
Дыдаарына чыдабай.
Чыдап карап тура албай.
Заарына чыдабай
Жанына чыдап туралбай
Жайып койгон дасторкон
Эки бутка чулгадым.
Айланайын жеңеке,
Дасторкондо тамакты

Муну чачып булгады
Баш көтөрүп өөдө кыл
Чачыкейдин сиңдиси
Семетейдин балдызы
Кабар айтып турган жер.
Кан болуп журтту сураган,
Дүнүйөнү кураган,
Камбардын уулу Канчоро
Эт жүрөгү сезген жер.
Эшикти киши ачпаган,
Эшик эмес короону
Бейдаарат киши баспаган,
Бу эмине киши деп.
Баш көтөрүп алган жер.
Канчоро тура калган жер.
Салам айтып аба деп
Сандыргалуу Күлчоро
Жанына басып барган жер.
Канчоро колун сунган жер.
Канчоро менен Күлчоро
Кол кармашып турган жер.
Эки чоро беттешип
Канчоро баатыр ой ойлоп,
Кандай тытар экен деп
Канчалык ойду көп ойлоп,
Оң бетинен сүйгөндө
Ойноп-ойноп жүргөндө
Канчалык кылдың кордукту.
Кары-кеги ичинде
Астындагы иниси
Иниси эмей кимиси.
Жанындагы Босбала
Түрү суук көрүнөт.
Көргөндүн көөнү бөлүнөт.
Болукшуган жаш бала
Анда-санда сүйлөсө,
Адамдан башка үнү бар.
Абыдан байкап караса,
Семетей өңдүү түрү бар.
Башка киши кийбеген,
Эшигин киши көрбөгөн,
Эшикти кандай ачты деп
Кан Канчоро эр баатыр
Жолумду шайтан бузду деп.
Мени кудай урду деп
Канчоро коркуп турган жер.
Улуктугу бир башка
Күлчоро сабыр кылган жер.
Кудай билет чын болсо,
Оң ийнине жөлөнүп
Бала Сейтек турган жер.
Тизеси менен чөктүшүп
Күлчоронун жолдошу
Бу Босбала барган жер.
Алтан тактын үстүнөн
Канчоро түшө калган жер.
Амандашып көрүшүп
Кадимкидей өбүшүп
Ошондо олуязаада кеп сурап,
Айланайын абаке,
Калайык эл, калың журт
Калкың аман жатабы?
Кары-картаң кемпирлер
Эри өлгөн жесирлер
Энеси өлгөн жетимдер
Баары аман жатабы?
Атабыз Манас жердеген
Үстүнөн душман кирбеген
Талас, Кеңкол, кең талаа
Жериң аман жатабы?
Атабыз башын кураган
Андан кийин абабыз
Улук болуп Семетей
Абакеңиз сураган

Элиң аман жатабы?
Байгамбар сындуу жан эле
Касиеттүү жан бар эле
Ак буудайдан өндүргөн
Ар бир ишке көндүргөн
Абакем аман жатыбы?
Тай-кулундай тебишкен
Ойноп жүрүп талаага
Жарышып чуркап келишкен
Эки эмчегин эмишкен,
Саамай чачып жыттаткан,
Сактанга уктаткан,
Орто төшүн жыттаткан,
Оромолго уктаткан,
Балапандай көтөрүп,
Ак туйгундай бөпөлөп,
Азыраак чайкап куш кылган,
Бараң мылтык аттырып,
Болот жаа тарттырып,
Ар бир ишке туш кылган,
Айланайын абаке
Энең аман жатабы?
Көрбөй келген эмедей
Билбей келген эмедей
Кыяз менен жармашып
Айланайын, абаке
Эми көзүн жаштатып
Бу жалганчы дүйнөдөн
Кылычты карга боегон
Айзасын канга азгырган
Абакем жаңгыз өткөндө
Келгиз жерге жеткенде
Ажалы тамыр жеткенде
Кайратты катуу кылдым деп.
Карга менен кузгунга
Көзүн кузгун оет деп.
Канына карга тоет деп.
Аппак айдай этине
Алтындай кызыл бетине
Айнектей эки көзүнө
Кузгун, бөрү, жоруга
Абакем талаш берчи деп
Кайып ойноп көп жаткан
Оозуна адам барбаган
Оозуна бирөө кармаган
Абамдын сөөгүн алдым мен.
Кара-Үңкүргө бардым мен
Аманат коюп кеттим мен
Алкара бутун сындырып
Жангер кандын эр Кыяз
Баштоосунда болдум мен.
Асыл абам баатырды
Кара-Үңкүргө койдум мен.
Оозуна кайып ойногон,
Кырына жылан сойлогон,
Карга, кузгун койбогон,
Адамзааты мендеден
Барган киши болбогон.
Айланайын абаке,
Аманат коюп мен кеттим
Кара-Үңкүргө бардыңбы?
Акыреттен абаңа
Мис-табака дан коюп,
Абама атап мал союп,
Анын дайнын билдиңби?
Абамдын сөөгү бар бекен
Барып көрүп келдиңби?
Үстүнө булгун жаптыңбы?
Бейтаалай энең карыпты
Энеңди жакшы бактыңбы?
Астына жорго мингизем
Үстүнө торко кийгизип
Абамды жакшы бактыңбы?
Абакемден айрылып

Кайгырып азап тартыңбы?
Ары молдо, ары бек
Абамдан башка кара-көк
Күлчоро сурап турган жер.
Атына арман дүнүйө
Каныкей менен Бакайды
Ардактап ..................
Арта салып мойнуна
Жаш кезинде көтөргөн
Ак эмчектен сүт берген,
Ары эркеч үйдөй күч берген,
Б ........................
Көрбөй келген эмедей
Билбей келген эмедей
Баатырлыгын көрдүнбү?
Башкадай Чоро бар болсо,
Адамдын ичи тар болсо,
Канчоро башын албайбы.
Кара болот зулпукор
Башын алып салбайбы?
Эр Күлчоро кеп сурап,
Кантер экен деп сурап.
Баатыр Чоро турган жер
Канчоро жооп кылган жер.
Жедигер эми жеңгени
Манастан калган казына
Айчүрөктү алганда
Үрүп жүргөн ит каппай
Сыгып коер бит койбой
Артынан төөгө жүктөтүп
Айбыбыз барбы чоңдукка
Жананарга[12] ток койбой
Бутка ыштан кийгизбей
Ийинге көйнөк илдирбей
Кыяз алып кетти эле.
Аргын, огой бул элге

[12] Түшүнүксүз пайдаланган

Ак-Кыя ашып, сарт келбей
Бул жүктөгөн жан келбей
Букардан келген соодагер
Каныкей, Бакай тушунда
Кечүүнү кечип сарт келбей
Соодагер көрбөй эл келбей
Ак-Кыяны сарт ашпай
Ак матанын дарты өтүп
Таласка келбей соодагер
Кеңколго келбей кербенчи
Соодагер дарты өтүп
Энекең, Бакай эки жан
Эптеп алып берүүгө
Жакшы кийим кийүүгө
Жагалданып жүрүүгө
Баштагыдай болгон жок.
Каңкыраган Таласка
Соодагер келип конгон жок.
Алып келген буюм жок
Абакең менен энекең
Ачар болду кийимден
Чүрөктү Кыяз алганы
Ургачысы нурулуп
Алтымыш төөгө жүктөтүп.
Сен колго түшүп калганы
Айчүрөк алып кетти деп,
Жадаман сөздү айткан жер.
Алапайын таба албай
Канчоро айтып турган жер.
Кайгы тартып камыкты
Аман болсоң абаке,
Айланайын чагым келер деп.
Каардуу душман колуна
Тамак-азык берер
Оң мурутум сүйдүм мен.
Сары оору болуп сабылып,
Жалган ишке кабылып,

Абаке сени сагынып,
Айлам кетип жүрдү элем.
Балык этти эштирип,
Кемирчегим кестирип,
Казанчыга алдырып,
Ошо күндү көрдүм мен.
Буйругу экен кудайдын
Бу Кеңколго келдим мен.
Күлчоро айтып турган жер.
Эми көзү кызарып
Бу Чачыкей долунун
Кызыл тили узарып.
Кудай билет чын болсо,
Кыларыңды кылган деп.
Сен кылганды мен кылдым.
Өлтүрөр болсоң мен мына,
Кыяр болсоң жан мына,
Төгөр болсоң кан мына,
Тагдырдын ажал жетерде
Абийри чындап кетерде
Оңолбос жерин билген жер.
Шаатемир кызы Чачыкей
Орой сөзү тийген жер.
Катуу айтып салган жер.
Адамдан башка бир боорум
Ачуусу келип Күлчоро
Колдон кармай калган жер.
Оң колунан жетелеп
Ордодон алып барган жер.
Оңолбогон кең-келин
Журт куруткан мискинди
Алып жүргөн оңолбос
Айбалта менен каккан жер.
Доолбасты чапкан жер.
Калың огой журтуна
Күлчоро кабар салган жер.
Аргын, огой жыйылып
Кан Манас чапкан доолбас
Кандай киши какты деп
Долбасты чапты деп
Аргын, огой калың журт
Калк жыйылып барган жер.
Катындыгын кылбаса,
Кайраттанып турбаса,
Күлчоро кылбайт эле бул ишти
Эл жыйылып толгон жер.
Катын-бала жыйылып,
Эл чогулуп болгон жер
Катагандын кара уста
Атасы уста жан эле.
Эр Манастын барында
Бузулганды оңдогон
Атасынын өнөрүн
Алып калган бала эле.
Куу карагай алдырып
Жер каздырып, аң кылып
Мамысынын башына
Сары жез куюп тарттырып.
Керектүү кийит кийгизди
Келген элдер көрсүн деп
Кезиреттүү канчыкты
Жез мамыга мингизди.
Каары келип Күлчоро
Калың эл келип жардантып,
Катын-кызын таңдантып,
Карап турган кишиге
Жакаларын кармантып,
Көпчүлү көп айтып
Олуязаада Каныкей
Көргөздүң эле кордукту.
Ушуну көрсүн деп айтып
Сулуу кийим кийгизип
Арстан бала баатыр шер
Каныкейдей жеңесин

Куу жыгачка мингизип.
Көргөндөр карап өтсүн деп
Жазасы ушуну менен жетсин деп.
Каныкейге кайгырган
Канчалары кеп айтып
Буту-колун муунабай
Булчуң этин туурабай
Эшектей кардын жардырбай
Ичеги-кардын алдырбай
Көп көчөгө салбайтып,
Азоо атка сүйрөтүп,
Каныкей өчүн албайт деп,
Кең көчөгө салбайт.
Келин-кызды жардантып
Каныкей өчүн албайт деп
Түркүн-түркүн кеп айтып.
Чогулган калың эл айтып.
Көптү көргөн карылар
Көп оюндун ичинде
Көп жашаган кары бар.
Асылга азап көргөзгөн
Каныкей менен Бакайдын
Каарына калган деп
Жыгачка минип зоңкоюп
Арка чачы бурулуп
Мамысына мингенде
Айкырган үнү угулуп,
Ачкан көзү жумулуп,
Туягына бастырып,
Каары келип Күлчоро
Куу мамыга астырып,
Эл чогултуп жардантып,
Кудай билет чын болсо
Карыга кабар кылгандар
Как ошону көрсүн деп,
Көргөн элди таңдантып,
Калкы кайнап толгон жер.
Кадимкидей болгон жер.
Асмандан булут толгон жер.
Таласка сыймык конгон жер.
Калың элдин ичинде
Адамдын ашык кайран жер.
Агасынын кылганы
Ошо Күлчоро баатыр эстебейт.
Башка жанга кектебейт
Күлчоронун жолдошу
Кечээ кордукту Чоро көргөндө
Бычактап этин бөлгөндө
Маана болгон Бозбала
Күлчорого күүлөнүп,
Каарланып сүйлөнүп,
Оң далыңды ойгондо
Омуртканды оркойтуп
Кежиретин ойгондо
Мынабу агаң бардыбы?
Башынан чыгып кас болуп,
Атасы душман Кыяздан
Сени сурап алдыбы?
Ат мамыга кирбейсиң
Эмдигиче жатасың
Бир тууган деп көрбөйсүң.
Өзү кылганын кылбайсың.
Өлтүрүп коюп абаңды,
Бирге өскөн агаңды,
Анан кийин тынбайсың.
Каарын чагып Босбала
Кабырганды этиң жок,
Күлчоро сенин бетиң жок,
Ойлогон сенин эсиң жок,
Үч аланын боюнда
Үч-Күмбөздүн жанында
Ошондо мен да бар элем.
Эки колун чынжырлап,
Байлаткан агаң бул эле.

Эки жакты каратпай
Айдаткан агаң бул эле
Оң далыңы ойдурган
Чирип жүрүп өлсүн деп
Орунбек кулга сойдурган.
Ат тизгинин бурду эле
Чала болуп атат деп
Ат ойнотуп кубанып
Ушул агаң турду эле.
Жедигердин карысы
Тегеректеп келди эле.
Огойчу менен Сооданбек
Бекер кылды деди эле.
Бекер болбойт кылганың
Дагы башка кыламын.
Алмадай болгон башыңды
Каршы-терши тилди эле.
Чакмак этиң алды эле
Ушинтип жүрүп өлсүн деп
Өз агам деп турасың.
Жаныңан кетип калды эле
Кан Кыяз кылган чоңдукту
Сага Канчоро кылган кордукту
Бооруң бурап кеп айтып
Муну качан ойлойсуң.
Бир тууганга кас болгон,
Душманга барып дос болгон,
Оң колуңду сындырган
Ойноок кылып колуңду
Душмандын көөнүн тындырган.
Бозбала турду күүлөнүп,
Күлчорого сүйлөнүп,
Адамдан асыл Күлчоро
Жашы бирге улуу эле.
Кантип колум барам деп
Акыреттик дос элең
Акмакты кантип кыйнайын,
Жаныңа карап турбайын,
Мен бу жерден кетейин,
Каарын көргөн кары бар
Кордугун көргөн эчен бар
Элчибек деген чечен бар.
Эл чогултуп берейин
Айланайын чын досум,
Колумду булгап нетейин.
Кол булгабай жанынан
Башка жакка кетейин.
Мага кылган кордукту
Көзүң менен көрүпсүң.
Көрүп карап турупсуң.
Жыгылдым айткан сөзүңө
Бийликти бердим өзүңө.
Кагылайын Бозбала,
Жыгылдым айткан сөзүңө.
Билгениңди кылгын деп,
Ак жибек аркан кергин деп,
Жазасын өзүң бергин деп,
Асыл баатыр Күлчоро
Атасы өлгөн эр Сейтек
Айзасын алып комдонуп,
Саяйын деп тоңдонуп
Атамды сайган каапыр деп.
Айылга каарын көргөзгөн
Бу кандай болгон баатыр деп.
Бала Сейтек булкунуп,
Башын чаап салууга
Кылычын кармап сабынан,
Сууруп алып кабынан,
Чабайын деп жулкунуп.
Качырганы камынды
Камбардын уулу Канчоро
Карап турат баланы.
Алапайын табалбай
Эр Бозбала кеп айтат:

«Энтелеген жетим кул
Ары тургун»,– деп айтат.
Бала майып кылат деп
Баатыр Чоро барды эми
Балажан Сейтек баланы
Чылбырынан алды эми.
Жетелеп кетип калды эми.
Акылы толук Бозбала
Элди жыйып кеп айтат:
«Мага уруксат кылсанар
Канчоронун жазасын
Мен берейин», – деп айтат.
Айылда уста бар болсо,
Андан алып келгиле
Жаныма кошуп бергиле
Манастан калган казанга
Сары майды салдырып,
Чоң казанды астырып,
От түбүнө жактырып,
Казанга майды кайнатып,
Эки колун карматып,
Эр ушундай болсун
Казат кылган карыга
Как ушундай болсун деп.
Мууналууга муунатып,
Беш салаасын алдырып,
Аккан канын токтотуп,
Кырмызы деген дарыны
Кескен жерге салдырып.
Эл чогултуп жайнатып
Кудай билет чын болсо,
Казанга майды кайнатып,
Эти бышып калсын деп
Беш салаалу манжасын
Эки колун тең кылып.
Усталарга алдырып
Билегин майга салдырып.
Күлчорого кылганың
Ойлон эми билгин деп
Өз кылганың жетти деп
Эл аралап тамтаңдап
Ушуну менен жүрсүн деп.
Билегинен муунатып
Канчоро өңдүү баатырдын
Бозбала берди жазасын
Ушинтип жүрүп өлсүн деп.
Каарын көргөн карылар
Көрүп турган барыңар
Катын-бала дагы бар.
Тамак бербей койбо деп
Адамдан артык акылман.
Салааларын алдырып
Билегин майга салдырып
Канчоро баатыр кайран кан
Абасына кас болгон,
Бозбала кылды кордукту.
Манастан калган көп журтка
Канчоро кылган чоңдукту.
Байга малды күттүрбөй,
Жашка жорго мингизбей,
Жакалуу кийим кийгизбей,
Жагалданып ат минбей
Минген атын алдырып.
Көчөгө жорго мингенди
Башын чаап салдырып.
Канчоро кылган зордукту
Эр Күлчоро асыл шер
Кудай  билет чын болсо,
Душмандын бели сынган жер
Элинин көөнү тынган жер
Кан колуна барган жер
Семейтей, Манас баарындай
Аргын, огой болуксуп
Баары жыргап калган жер.

Күндөн-күнгө той кылып
Арстан Манас баатырдын
Арбагына сыйынып,
Ак боз бээ алышып,
Өткөн Манас баатырдын
Арбагына чалышып,
Бууданды кармап мингизип
Карып калган чагында
Айкожо, Бакай абасын
Улук болуп сура деп.
Аргын, огой көп журтун
Күлчоро, Сейтек ал экөө
Акыл тапчу Босбала
Акылдашып ал үчөө
Манастан калган калың журт
Муратына жеткирип,
Бакайга бийлик өткөрүп.
Алтын ээр, сырлуу кат
Атка минип жаш бала
Жарышып ойноп, болуп мас
Күмүш ээр, сырлуу каш.
Бакай сурак кылганда
Баатыр бала Күлчоро
Чачылганын жыйганда.
Калк ордунда болгондо
Кадимки сыймык конгондо.
Эчтемени элебейт
Эр Күлчоро кенебейт.
Эчен жыл өткөн арадан
Акылы бар Бозбала
Эл чогултуп жыйган жер
Акбала менен Чорого
Жаңыртып нике кыйган жер.
Багын кудай ачкан жер
Семетей менен Манастын
Күлчоро ордун баскан жер.
Аргын, огой калың эл
Толукшуп жыргап жаткан жер.
Баатыр Чоро ойлонуп
Жерде жүргөн айбанга
Тапшырып кеткен Күлчоро.
Семетей баккан тайганга
Асмандан учкан канаттуу
Ак шумкарга тапшырган.
Олуязаада Күлчоро
Алакачып агасын
Кара-Үңкүргө жаткырган.
Таш жаздантып башына
Кум төшөктүн астына
Кеткен экен Күлчоро.
Абамдын сөөгү бар болсо,
Кара-Үңкүрдөн алам деп,
Кең-Колго алып келем деп,
Адамдын боору кара жер
Атасынын жанына
Алып келип көмөм деп.
Эки колдо төрт молдо
Айкожо, Бакай абасын
Жолдош кылып алган жер.
Кара-Үңкүргө барган жер.
Үңкүргө барып караса,
Абасынын дайны жок
Кылганынын бири жок
Чыпалактай сөөгү жок
Баатырдын сөөгүн табалбай
Сөөгүн таап алалбай
Күлчоро ыйлап болкулдап.
Кудай билет чын болсо,
Кан Бакай ыйлап баш болуп,
Келгендер ыйлап солкулдап,
Кара-Үңкүрдүн оозуна
Абай кылып караса,
Айбандын баскан изи жок.
Кечээ Канчоро, Кыяз кармашып,

Баатырдын уулу Семетей
Кыяз менен сайышып,
Кызык уруш салышып,
Ат тизгинин бурушуп,
Кыяз менен Семетей
Алышалбай турушуп.
Канчоро барып артынан
Мойнуна аркан салган
Семетейди сүйрөтүп
Кара көзүн ойгун деп
Кызыталак канкорду
Ушу жерге сойгун деп.
Сыйыртмак түшүп мойнуна
Чындап ажал жетелек
Семетей түшкөн ошондо
Кармашкан жоонун колуна.
Ошондо баатыр Чоронун
Алгара болгон астында
Абакеси баатырды
Канчоро, Кыяз жыкканда.
Капталга айза тыкканда
Баатыр Чоро барды эле.
Өлүк соолуп жатканда
Атка өңөрүп алды эле.
Канчоро, Кыяз эки шер
Күлчорого чыдабай
Чыдап карап туралбай
Айланса болот алдага
Каалгадай кашка тиш
Катуу тиштеп капшырган.
Ала качып абасын
Кара-Үңкүргө жаткырган.
Тайган менен шумкарга
Баатырдын сөөгүн тапшырган.
Кайрылып уруш салганда
Күлчоро кайра барганда
Канчоро, Кыяз беттебей
Экөө качып калганда
Чоң кемер белге бууганда
Канчоро менен Кыязды
Көтүнөн түшүп кууганда.
Буйругу болуп кудайдын
Астында минген Алгара
Кордойго бутун салганда
Колу үзүлүп калганда.
Күлчоро ок-даарысын чачканда
Тоо таянып Күлчоро
Кармашкан жоодон качканда.
Абакеси Семетей
Кара-Үңкүрдө жатканда.
Кидаластын шарынан
Айланып бери келди эле.
Уркандын кызы Көкмончок
Семетейди көрдү эле.
Мусулмандын шери эле,
Оозунан дарт берди эле,
Оң далыга салды эле,
Көкмончок алып учуруп
Нурберинин шаарына
Алын кетип калды эле.
Семетей сөөгүн табалбай
Эр Күлчоро бакырып
«Алажат» деп кыйкырып.
Кайрылып элге барды эле
Калк чогулуп келгенде
Өлгөн киши тирилбейт.
Энекеси Каныкей
Чорого кайрат берген жер.
Баатыр болсоң угуп тур
Маңдайыма келип тур.
Сенин абаң Семетей
Белимди бекен буудум деп,
Маркум атаң Манастан
Семетейди туудум деп.

## СЕЙТЕК

Семетейди аркалап
Элимен душман чыккан соң
Тентип жолго салдым деп.
Эчен катар шорбу деп
Өлбөй тирүү бардым деп
Бир кудайга сыйынып
Асыл Манас баатырдан
Артында калган тукум деп.
Алда таала кудайдын
Буйруган иши ушу деп.
Оң этегим түргөмүн
Ошондо өлбөй жүргөмүн.
Өзүм баккан Канчоро
Өзөгүмөн өрт чыгып,
Касташкан душман көп чыгып,
Маңдайыман чаң чыгып,
Эки көздөн кан чыгып,
Арка чачым түйгөмүн,
Күлчоро сени күйгөмүн.
Өлбөй тирүү жүргөмүн.
Атаңдын көрү дүйнө түн,
Азирет аалы шер кана?
Атаң Манас чоң маркум
Ал да өткөн дүйнөдөн
Алмамбет, Чубак эр кана?
Сен ошентип жүргөндө
Кайгы ичине толбойбу?
Калкың капа болбойбу?
Каныкей кылды кайратты
Каныкейдин айтканын
Баатыр Чоро уккан жер.
Денесине жуккан жер.
Кайрат кылып кеп уккан
Кечээ Манас баатырга
Күйүп турган шам эле.
Арстан Манас баатырды
Ардактап баккан жан эле.

Таласка Сейтек барганда
Таластагы калың эл
Күчтү колго алганда
Бала Сейтек кеп айтат:
«Жедигер кандын элине
Барып келем»,– деп айтат,
Күлө багын кашкайып,
Олуязаада Каныкей:
«Мен садага кетейин
Жеткайт сага жер болбойт.
Жедигер сага эл болбойт.
Кайрылып кантип барайын
Чакмак этиң толо элек.
Чабышар маалың боло элек.
Балапан жытың маңдайда
Жеткайт өзүң барганда
Тууган энең Айчүрөк
Айла кылып амалдап
Салды сени жолуңа.
Абаңдын тийдиң колуна
Бууданды миндиң созулуп.
Айкожо абаң баш болуп
Күлчорого кошулуп.
Аскерди жыйып алгын деп
Аргын менен огойду
Аралап жүрүп жаталып
Бир жылдан кийин баргын»,– деп
Каныкей айтып токтотту.
Тоотору минип балактап,
Жоо-жарак алып шарактап,
Токтолду Сейтек жанбала.
Айбалта кылыч салышып,
Айлап багып кашынып,
Эки копсо талаага
Энеси Каныш калат сагынып.
Абасы Бакай баатырды
Аз гана жайын айтайын.

Мурутунун агында
Букарга кетер чагында
Мусапыр болуп куурадым
Бу кудайдын бергени
Күлчоро, Сейтек барында.
Аргын менен огойду
Улук болуп сурады.
Самайымдын агында
Сапар тартар чагында
Санаа тартып куурады
Бу Күлчоро барында
Айкөлүм Манас барында.
Аргын менен огойду
Аким болуп сурадым.
Огойдун эли бөлүнүп
Оолжуган эчендер
Кудай билет чын болсо,
Канчоро менен Кыязды
Каарын көргөн канчалык
Кан Кыяздын элине
Качан казат барабыз.
Кызыталак Кыяздан
Качан өчтү алабыз.
Күлүктү минип тапташып
Ок-даарыдан мол кылып.
Айкожо жолду баштайт деп,
Бу Күлчоро шашпайт деп,
Келгени бир жыл болду деп,
Элин көрүп Күлчоро
Эсине албай койду деп.
Калк жыйылып топтошуп
Убаданы токтотуп.
Эл жыйылып токтолуп
Айтып сөздү жоктотуп.
Асты-астынан бөлүнүп
Карылары камынып.
Жедигердин элине
Баралы деп чамынып.
Кудай билет чын болсо,
Семетейдин барындай
Күрмөкө күлүк байлашып,
Өрүштөп жылкы айдатып,
Ок-даарыны шайлатып,
Салынган коргон чарбакка
Садагын санга чамынып
Жеткайтка дейре[13] бармакка.
Жамынып ыйлап арбакка
Кыяздан өчүн алмакка
Аргын, огой дүркүрөп
Сарыгам Бакай күркүрөп.
Элчибек чечен кеп айтат:
«Күлчоро, Сейтек келгени
Бир жыл болду»,– деп айтып.
Айкожого баралы,
Бакайга апыл чачалы,
Амир тандап алалы,
Амир жыйып, кол кылып
Атышарга мол болуп
Саадакты жанга салалы
Санатты элден алалы.
Мылтык атчу мергенди
Айза сунчу баатырдан
Элирип атка минүүчү.
Ээлирип жоого тийүүчү
Кара сууну бөлөлү
Жедигердин элине
Казат кылып көрөлү.
Кайрат кылып кармашып
Ажалдуубуз өлөлү.
Таластын эли чогулуп
Карылар жыйылып
Каптап алды аскерди
Алты минге толот деп,

[13] «Атер» деп туура эмес жазылган.

Жаттап алды аскерди
Коштоп атты алмакка
Арстан Бакай, Айкожо
Кое тургун дебесе
Жеткайтка жетип алмакка.
Жетип уруш салмакка
Күлчоро менен Сейтекке
Кол баштатып алмакка.
Кудай билет чын болсо,
Козголуп уруш салмакка,
Айкожо, Бакай баатырды
Кошо ала бармакка,
Кылычты илип билекке,
Жеткирди кудай тилекке,
Айбалта илип бармакка,
Жалынып ыйлап арбакка,
Ботосунан айрылып
Канчоро Кыяз жеңгенде
Боздогону бар эле.
Атасынан айрылып
Жетим калганы бар эле.
Күйөөсүнөн айрылып
Жесир калган бар эле.
Кеңкол менен Таласты
Аргын менен огойдун
Келин-кызын ыйлаткан.
Эчендерди кыйраткан
Жетим өскөн жетилип
Карыптар канчалык
Кудай билет чын болсо,
Бала Сейтек, Күлчоро
Баралы деген камы жок
Өлбөсөм өчтү алам деп.
Өбөгүмдү ээчитип
Айчүрөк кайда жүрөт деп
Кан Кыяз баатыр шаарына
Жеңемди издеп барам деп.
Көзүнөн жанган оту бар
Маңдайда күйгөн шамы бар.
Атасы Алмаң баатырдын
Артык тууган Күлчоро
Жанында бала дагы бар.
Эл четине барам деп
Кандай жүрөт Айчүрөк.
Элинен кабар алам деп
Мен Айчүрөк табам деп
Олуязаада эр ошол
Эр Күлчоро баатыр шер
Ойлоп жүргөн жер ошол.
Энекеси Каныкей
Кадимки Манас барындай
Каныкейдин жанына
Калк жыйналып, эл толуп.
Кан Манастын шаарына
Каныкейдин жанына
Курданып эли тарабай
Күндө конок жык толуп.
Алда таала бир кудай
Мадайга жазган багына
Манастан калган шаарына
Ак буудай андан бердирип,
Алда таала кудурет
Адамзат пендесин
Ар жорукка көндүрүп,
Ордого элин толтуруп.
Олуязаада Каныкей
Алганы Манас барындай
Такка минип олтуруп
Калк жыйылып алган жер.
Калың аскер даярлап
Эр Бакайга айтмакка
Эрчибек, Бакай барган жер.
Айкожого көрүшүп
Астына басып келишип

Акыл айтып сүйлөшүп.
Кан Айкожо баатырга
Айтылуу Бакай асылга
Курдашы Бөкөй кеп айтат:
«Бирге туулуп, бирге өскөн
Курбу элек»,– деп айтат.
Теңтушу Бакай кеп айтат:
«Атка минип бир жүргөн
Аттанып жоого бир кирген
Теңтуш элек»,– деп айтат.
Калың огой калкыңыз
Калың журтуң жалпыңыз
Кан куюлган ичине
Кайгы түшкөн башына.
Канчоро, Кыяз жеңгенде
Аргын, огой элиңди
Калың кара жедигер
Малын айдап бөлгөндө,
Семетей баатыр өлгөндө,
Күлчоро колго түшкөндө,
Жедигердин эр Кыяз
Чүрөктү алып кеткенде
Дарбазаны тартканда
Баатыр Манас жолборсуң
Байга кошкон жолдо
Дарбазасын ачканда
Казынасын чачканда.
Канча салган булүктү
Каапырдан тарткан күйүттү[14].
Оромол белге чалганы
Баатырдын[15] уулу жангызды
Эркек бала калганы
Бу кудайдын жардамы.
Жолдошум Манас арбагы
Жеткайтка качан барабыз?
Акунду кызы Чүрөктү
Алыбыз жетсе алабыз.
Жедигер менен урушуп
Ажал жетип, күн бүтсө,
Барсак өлүп калабыз.
Бакайга айтып турган жер
Эл чогулуп келгени
Жаш Сейтек бала туя элек
Күлчоро баатыр уга элек
Эр Сейтек баатыр туя элек
Эр Күлчоро уга элек.
Баатыр Бакай, Айкожо
Балага кабар салдырып,
Жанына Каныкейди алдырып
Каныкей басып келгенде
Айланса болот алдага.
Оң колунан жетелеп
Олуязаада Каныкей
Бөкөй канга келгенде
Жумган көзүн ачалек.
Жатып жамбаш тала элек
Уктап уйку кала элек.
Бакай менен Бөкөйгө
Келип салам берген жер.
Келген экен ордуна
Берген экен кудай деп
Карап туруп кан Бакай
Ордун басып калды деп.
Семетей менен Бөкөйдү
Олуязаада Каныкей
Жетелеп үйгө кирген жер.
Манастан калган мен элем
Бастырып кошо бир жүргөн
Баатыр Бакай сен эле.
Арстаным Манас өлгөндө
Абыке, Көбөш билгенде

[14] «Капы тарт күйү» деген толук эмес сөздөр менен берилген, маанилик жактан ондолду
[15] «баат» деп түшүнүксүз берилген

Теңтушуң дүйнө салганда.
Жалгандан кетип калганда
Ошондо көрдүм мүшкүлдү
Кайненеңди жетелеп
Семетейди көтөрүп
Калкыңан качып барганың
Жетим жүрүп жетилип
Балапан жүнү өскөндө
Баралына жеткенде
Баланы алып келгемин
Арамдан тууган экөөнү
Айланайын Бөкөй кан
Амызын алып бергемин.
Бу кудайдын буйругу
Семетейден айрылып
Өзүң көрүп жүрчү элең.
Мен жаман күндү көргөмүн
Баатырың Манас барында
Үстүнкү эрди кайкы деп
Таалайы журттан тайкы деп
Башын кылар тор баскан,
Маңдайын кебер шор баскан,
Казатты канча көрөт деп
Кайгыны башка тартат деп
Айтканы келди билгендин
Айланса болот алдага
Курсана кеткен бу бала.
Бешине калат болгону
Бекитип жүрүп чоңоюп
Жетилип элге келгени
Жедигер калың эл эле
Жедигердин кан Кыяз
Бейили катуу эр эле
Баралына жеткенче
Барып уруш салалы
Жетилелек баланы
Майып кылып аларсың.
Каныкей айтып турган жер.
Айтканын Бөкөй билген жер.
Кайра тартып Бакайга
Каныкей, Бөкөй билген жер.
Кайра тартып Бакайга
Каныкей, Бөкөй келген жер.
Арстан Манас, Айкожо
Айнектей көзү жаркылдап
Ак сакалы булактап
Каш-кабагы ачылып
Койгон экен Бакайдын
Кадимки көөнү жазылып.
Бакай менен Каныкей
Бөлүнүшүп алдыңар?
Жаш баланы ээчитип
Эминеге бардыңар?
Экөөн чыгып сүйлөшүп
Эми эмине дедиңер?
Экөөңөр кайра келдиңер
Арстан Бакай, Айкожо
Кажы менен Бөкөйдү
Күлө багып кашканын
Жанын сурап турган жер.
Жайланып Бөкөй кеп айтат:
«Караламан кол жыйдык
Калың кара эл жыйып,
Жеткайтка жете барганы.
Жедигер менен урушуп
Барып уруш салганы.
Жалымдым кудай арбакка
Чырымтал жүнү түшө элек
Бала жыты кете элек.
Барып уруш сала элек.
Мына бу турган баланы
Майып кылып өмүрүн
Каныкейден көп уктум
Айткан кебин мен уктум.

Айкожо баатыр Бакайга
Асылкеч Бөкөй кеп айтып:
«Жедигердин элине
Чогулабыз качан»,– деп айтып.
Бир сүйлөшүп турушуп
Акылдашып олтуруп
Айкожо, Бакай кеп айтат:
«Айылга кабар бергиле
Даярлаган аскерди
Мурун алып келгиле
Аскердин түрүн көрөйүн
Анан айтып берейин.
Айтып Бакай, Айкожо
Бакайдын тилин алды эми.
Барып кабар салды эми
Олуязаада Күлчоро
Ошол ишти биле элек
Өлбөсөм өчүм алам деп.
Абакемди баш кылып
Эр Сейтекти эрчитип
Эки жыл өтүп ортодон
Эр Кыязга барам деп.
Акунду кызы жеңемди
Кан Кыязды билгендир
Күлүп-ойноп каткырып,
Койнуна күчүк жаткырып,
Перизаада жан эле
Кан Кыязды мас кылып,
Каттагандан кат берип
Чүрөктөн алам деп
Анан кийин барам деп.
Олуязаада Күлчоро
Ойлоп жүргөн жери ошол.
Каргаша чыккан душманды
Ойрон кылган жер ошол.
Калкына Бөкөй барган жер
Даярдаган аскерди
Барын жыйып алган жер.
Кеңколдогу шаарына
Кудай бетин көргөзбө
Жыйылып аскер барган жер.
Алтын айчык кызыл туу
Айзанын учу жылтылдап
Кылычтын учу кынында
Айбалтасы санында
Айзалары карууда.
Мылтыктары далыда
Жазайылын бүктөтүп
Замбирегин жүктөтүп
Кошколоңун алышып
Кан Бакайдын казына
Барды аскер жарышып.
Мунарга чыгып караса,
Мына сонун тамаша.
Карап турган жери ошол
Каныкей, Бакай жанаша.
Аскерди көрүп Каныкей
Купулуна толгон жер
Кыбыласы болгон жер.
Кечээ Семетей, Манас барында
Айланайын алдага
Аскерди даяр жыйды деп.
Кадимкидей камданып
Даярланып турду деп
Муну кандай киши кылды деп.
Каныкей, Бакай таңданып
Аскери ойноп жоодурап,
Атка минип шоодурап,
Алтын айчык, кызыл туу
Туу көтөрүп аштатып.
Койгон экен эр Бөкөй
Эрендерди атказып
Аскерди даяр кылган жер.
Айтылуу Бөкөй жыйган жер

Эр Бакайга барган жер.
Каныкей менен Бакайга
Барып акыл салган жер.
Айкөл Бакай айткан жер
Кайрылып Бөкөй кайткан жер.
Даярлаган аскерин
Чогуу жыйын алган жер.
Кеңколдогу шаарына
Аргын, огой калың журт
Чогулушуп барган жер.
Аскердин жайын көргөн жер.
Семетей, Манас барындай
Баары бирдей шаңданып
Бир колдогон баатырлар
Артында калган калың журт
Кадимки Манас баарындай.
Бир кудайдын жардамы
Аскердин түрү бөлүнгөн
Семетей, Манас барындай
Арбактуу болуп көрүнүп,
Бул Манастын арбагы.
Жыйылып аскер келгенде
Туткунда жүрүп кор болгон.
Туулганда шер болгон
Бетине пенде келбеген
Пендеден чыккан эр болгон
Калк жыйылып барганда.
Ошондо канга тууган Күлчоро
Ошондо барды жакындап.
Калк чогулуп камынып
Жеткайт деген жерине
Жедигер деген жерине
Баралы менен чамышып
Ошондо Бакай булкунуп
Бура кармап мурутун
Ачуусу келип жулкунуп.
Калың кара жедигер
Биз баралы дедиңер.
Баарыбызды майып кылбайбы?
Баарыңарбы кырбайбы?
Жедигердин кан Кыяз
Болуп турган кези эле.
Булчуң эти булчуюп
Толук турган кези эле.
Аргын менен огойду
Канчоро, Кыяз алганда
Арларга булду жүктөтүп.
Айчүрөк кетип калганда
Ушу курган огой журтуңан
Казынага бул кеткен
Санатылуу алтымыш кул кеткен.
Отун алып, от жагып
Кызарып чыккан күн көрбөй
Агарып аткан таң көрбөй.
Жедигердин элине
................ байланган.
Кечээ аргын менен огойду
Канчоро, Кыяз женгенде
Семетейге кошулуп
Бирге жүргөн эрлерди
Канчоро билип барысын
Таш түп этип далыга
Эр Кыяздан жуп алган
Айза алган шер эле.
Ошо айдалып кеткен алтымыш
Семетейдин барында
Береги турган Күлчоро
Мындан кандай кем элем.
Келбейсиңер карылар
Билбейсиңер барыңар.
Алты миң аскер кол менен
Аттанчудай жол менен
Чогулуша каласың
Чолок кыял, тарс өпкө

Кара жана барасың
Кармаша чыгып урушуп.
Камоодогу байкушту
Майып кылып саласың
Керемети бар эле
Акылы бар жан эле.
Айчүрөк билип жүргөндүр
Байкуш Чүрөк билгенде
Айла кылып айланып
Чүрөктөн кабар алгыла
Аз болсо он эки миң кол алып
Анан кийин баргыла
Кол топтошуп эл жыйып
Козголгон элди тургун деп,
Арстан Бакай эл жыйып
Кагаз жазып, кат ташып
Эр Үрбүнүн элине
Эми мында келсин деп.
Эштектердин Жамгырчы
Калкы, эли келсин деп.
Буудайкандын Музбурчак
Мунун эли келсин деп.
Бака башы эр эле
Бээжинден аскер келгенде
Бир канчасы өлгөндө
Калмакты кайра жеңгенде.
Жеңип уруш салганда
Өлгөнүнөн калганда
Бары чогуу келсин деп,
Буудайкандын Музбурчак
Бу да келип берсин деп.
Он эки миңге толсун деп
Ошондон алып аскерди
Казат анан болот деп.
Арстан Бакай жапкан эп
Айланса болот алдага
Абакеси тапкан акыл деп
Эр Күлчоро макул деп.
Бала Сейтек барбактап
Атасындай дардактап
Болбогон сөздү урат деп.
Даярланган аскерлер
Эмине үчүн таят деп.
Кайрат кылып камданып
Атасындай шаңданып
Чоң атам Манас өткөндө
Өзүмүн атам Семетей
Акыретке кеткенде
Канды канга куйбасам
Береги аргын менен огойдой
Абакем баатыр чородой
Атам Кыяз баатырды
Как ушундай кылбасам.
Туубай тууна чөгөйүн
Бу көрөнчө көрөйүн
Аскерди жыйып алайын
Ой абаке, энеке
Батаңарды бергиле
Мен Жеткайтка барайын
Жедигердин элине
Жетип уруш салайын.
Абамдын өчүн алайын
Ажал жетип, күн бүтсө
Кармашып жүрүп канайын.
Берсе кудай тилекти
Жедигерди жеңейин.
Мына бу турган абамдын
Өчүн алып берейин.
Баатырдан калган туйгун деп
Сайрап турган булбул деп
Көргөндөрү таң калып
Ошондо Бакай кеп айтат:
«Алган колу алты миң
Бул жарабайт», – деп айтат.

# СЕЙТЕК

Семетей өңдү шер болсоң
Күлчоро өндү эр болсоң
Аттанып жоого тиерсиң.
Абам айтты «макул» деп
Жүрө-жүрө билерсиң
Бастырып жоого тиерсиң
Абакең айткан анык деп.
Бара-бара билерсиң
Аскерди жыйып, эл кылып
Салып берип колуңа
Түшүп берем колуңа
Алтын сака, жез чүкө
Эр Кыяздын элинде
Аткан бала сен элең.
Атаң баатыр Семетей
Абаң баатыр Күлчоро
Экөөнөн  бирдей айрылып.
Азап тарткан мен элем
Баатыр атаң зор Манас
Бастырып жоого чыкканда
Баштап жүргөн мен элем.
Абасы Бакай күрсүлдөп
Жайма жата бергин деп.
Ачуусу келип күрсүлдөп
Абасы Бакай күүлөнүп
Эштемесин ойлобой
Эсин кетип калыптыр.
Келээр ишти ойлобой
Акырын кетип калыптыр.
Күлчоро менен Сейтекке
Күркүрөп Бакай сүйлөнүп
Атасынан бабасы
Акыл тапкан эр эле.
Кайда барса кол баштайт
Айдап жүргөн шер эле
Акыл ойлоп токтотуп,
Айбаты бар Күлчоро
Абакеси «макул» деди эле.
Бакай акыл салганда
Ачуу келип күүлөнүп
Бала менен Чорого
Кайраты кетип жашыган.
Курчуп кетип түгөнүп
Эчен жыл жүрдүң түр
Кадимки чагың боло элек.
Кан ордуна толо элек
Муруңку чагың боло элек
Булкушар маалың боло элек.
Аргын менен огойду
Казатын көрүп кандардын
Карып менен байкуштар
Күлчоронун барында,
Сейтек жүрсө жанында,
Апсандуубуз өлөлү
Канчоро болсо жайнады
Күлчоро, Сейтек барында
Жедигердин шаарына
Казат  кылып көрөлү.
Өлбөгөн өчтү алалы,
Өлсөк өлүп калалы.
Акылынан адашып
Алпсыгандар мындан көп.
Канчоро каарын өткөзүп
Капа болуп кан жутуп
Кайгыргандар мындан көп.
Акылман Бакай, Айкожо
Жыйылган элди токтотуп
Каныкей, Бакай эки жан
Акылдашып сүйлөшүп.
Арстан баатыр Күлчоро
Бакайдын тилин алган жер.
Бала Сейтек жаш баатыр
Эмесе аба «макул» деп
Жаш Сейтек жатып калган жер.

Бакай айткан карыларга
Күлчоро кабар салган жер.
Ат жарагын мингизип
Тондорун кийгизип
Карманган Чоро келди деп,
Кабарын элге билгизип
Карама кагаз көп жазып,
Арстан баатыр Күлчоро
Бир андан өтүп кетпесин
Айза кармап, жоо сайган
Мылтык атып, жаа тарткан
Кылычты кынга алып
Кыйк[16] жарышкан
Балбандар келип берсин деп
Атка минер эр бүлө
Бири калбай келсин деп
Күлчоро кабар салган жер.
Баары макул болгон жер.
Кабарга киши атказып
Аскер менен келсин деп
Баатыр Чоро кат жазып,
Элчибек киши атказып,
Киши калбай келсин деп
Эр Күлчоро атказып,
Каныкей, Бакай сүйлөшүп
Азык-түлүк мол кылып
Олуязаада Каныкей
Бармак болот эр Бакай
Он эки миң кол кылып,
Жылкыдан азоо карматып
Жылкычыга айдатып,
Алтымыш бээни алдырып,
Аскерди тосуп алууга
Каныкей, Бакай кан кылып
Эштектердин Жамгырчы
Буга кабар барган жер

[16] Бул сөз толук жазылган эмес

Канчоро Кыяз женгенде.
Баатыр бала Күлчоро
Кармашып кетти дегенде.
Күйгөн шамы өчкөндө
Күйүт тартып жүргөн эл.
Кабарга киши барганда
Күлчоронун кабары
Баргандан угуп алганда.
Ак сарбашыл алышып
Баабединге чалышып,
Ак боз бээ алышып,
Өткөн Манас баатырга
Арбагына чалышып,
Кары-жашы жыйналып
Күлчоро аман экен деп,
Кабары элге угулуп
Түлөө кылып мал союп,
Бир кудайга сыйынып.
Толукшуган Босбала
Жашка толгон жаш бала
Аты жокко ат берип,
Тону жокко тон берип,
Элиртип атка мингизип,
Кудай билет чын болсо
Күн амалы ........
Энчиден угуп билишип.
Кадимки Манас жыйгандай
Кайраттанып алган жер
Өлүмдөн калган эчендер.
Катынышып калган жер
Куралуу коргон чарбакка
Күлчоро аман дегенде
Куран окуп арбакка
Калалуу коргон чарбака
Күлчоро аман дегенде
Мал атап союп арбакка
Эр бүлөнү жыйышып,

## СЕЙТЕК

Эл чогулуп кеп кылып,
Катындары чогулуп,
Эрлер чыгып шаңданып,
Аттануугa камданып,
Жамгырчынын элине
Шайымбет сурап кан болуп
Семетей баатыр өткөндө
Арстан баатыр Күлчоро
Кармоого түшүп кеткенде
Башы айланып нес болгон
Бир балаага кез болгон
Бала чунак кайгырып
Күлчоро кетти дегенде
Акылынан айрылып
Күлчоро келди дегенде
Кайраттанып алган жер.
Акылы толук Шайымбет
Кайра ордуна барган жер.
Келгендерден кеп сурап
Келип кетет Шайымбет.
Акбала аман барбы деп
Бир туугандын нурусуң
Корч[17] көйкөлүп
Эрип кетет Шайымбет.
Баргандардан кеп угуп
Акбала аман деп угуп
Баабединге ат чалып,
Барган элчи кеп айтат:
«Каныкей менен Бакайды
Акбала бакты»,– деп айтат.
Канчоронун колуна
Жайган душман торуна
Оң этегин түрдү деп
Күлчоро кайра келгиче
Далына отун көтөрүп
Арык койчо жөтөлүп

[17] Кыскартып жазып койгон

Азапты тартып жүрдү деп
Күлчоро менен жаш бөрү
Семетейден калыптыр
Айчүрөк эптеп багыптыр
Кан Кыязга барганда
Кан Кыяздан бүттү деп.
Алты ай артык көтөрүп
Асырак чайкап куш кылып,
Күлчорого туш кылып,
Эр Күлчоро дейсиңер
Айзадан калган тукум бар.
Атасындай көрүнгөн
Семетейдей тукум бар.
Жазган катта чала бар
Күлчоронун жанында
Айчүрөк тууган бала бар.
Эрешен тартып эр болгон
Эр уулуна тең болгон.
Аргын менен огойду
Акыл айтып токтоткон.
Как эле Семетейге окшоп
Күлчоронун жанында
Сейтек деген бала бар.
Капалуу элге угузуп
Семетейден[18] калганы
Кабарчы айтып туйгузуп.
Семетейдин баласы
Бар деп кабар угушуп.
Табака сайып дан алып
Аякка куюп, бал алып.
Куржундан дилде алышып
Кары-жашы келген жер
Сейтек деген баланын
Семетейдин баласы
Кеңколго келип конду деп.

[18] «Сем» деген сөз менен токтоп калган, толук жазылган эмес

Кабарын уккан кайран эл
Элчиге барган кишиге
Көп сүйүнчү берген жер.
Кан Бакай таткан акылга
Калктын баары көчкөн жер.
Кабарга барган элчилер
Кайра ордуна келген жер.
Алты миң аскер чогулуп
Күлчоро курган аскерди
Он эки миңге толгон жер.
Жеткайтка кызмат кылууга
Баарысы даяр болгон жер.
Алыстан келген кишилер
Аскер алып жүргөндөр
Кең Таластын шаарына
Келип жаңы кирген жер.
Күлчоронун иниси
Семетейдин баласы
Баргандардан кеп уккан
Бала Сейтек жаш бала
Баатыр болду деп уккан.
Эки-экиден кеңешип
Булар кандай болду деп
Көрөлү деп таңданып
Көкжалдан калган баатырга
Көрүшүүгө камданып.
Олуязаада Каныкей
Ордого элди чубатып
Чай кайнатып, дан кылып,
Тасторконун жайдырып,
Тамак-ашын жайнатып,
Баатырдан калган баланы
Көрсүн деп элди чубатып,
Көргөндөргө сынатып,
Тooторуну мингизип,
Үстүнө зоот кийгизип,
Жоо жарагын алдырып,
Тула бойго салдырып,
Касиеттүү Каныкей
Алыстан келген аскерди
Аш-тамагын берген жер.
Семетейдин баласын
Алыстан келген калың эл
Жаш Сейтекти көргөн жер.
Баланын түрүн караса,
Кудай билет чын болсо,
Эки көздө калы бар
Эр Семетей шаңы бар
Алагар көзү алайып,
Ак тамагы кылайып,
Кылычы белде кыңырап,
Санында балта шаңгырап,
Айланып учуп мурарып,
Айнектей көзү тунарып,
Баланын түрүн көргөндө,
Баары турат кубанып.
Кокустан көзү тиет деп
Көрүп көзүн талдырып.
Ак сарыбашыл алдырып
Энекеси Каныкей
Садагага чалдырып.
Айдай беттен уялып
Ак сарыбашыл кой алып
Садага деп сойдуруп
Аргын менен огойдун
Келгендерин тойдуруп.
Кол жыйылып калган жер.
Жыйылып келип болгон жер.
Эл жыйылып толгон жер.
Жеткайтты көздөй бет алып
Аскер жүрмөк болгон жер
Ошондо эр Кыяздын энеси
Баласы Кыяз кан болгон
Басташкан душман жай болгон

Кармаша чыккан душманды
Балтыркандай туураган
Манастын уулу Семетей
Эр Кыяздын сулаган
Эр Күлчоро кармалган,
Эки көзү жайнаган,
Кежирин кесип оңдогон
Уктап атып түшкөрдү
Эр Кыяздын энеси
Башына жапы иш көрдү
Уктап атып түш көрдү
Эр Кыяздын энеси
Эң эле жапа иш көрдү.
Жеткайттын кары жыйган жер
Эр Кыяздын энеси
Эл жыйылып түлөө кылган жер.
Билгендерге кеп айтып:
«Түшүмдү жору»,– деп айтып.
«Жедигердин шаарына
Ажыдаар келип сойлоду
Аткан киши болбоду
Астынан чыккан кишини
Оозун ачып соргону».
Бул эмине болуучу
Эр Кыяздын энеси
Элден-элге кеп айтып,
Түшүндү жору деп айтып:
«Жедигердин кан Кыяз жерине
Калың арам элине
Арыстан келди аркылдап.
Аюу кечип шалпылдап
Топ жолборсу кошулуп
Мынабу турган шаардан
Башын алды шаркырап
Кандар үйдү каптады
Аягы өйдө жаркырап
Асмандан түтүн бурулуп,
Кызыл жалын от болду.
Канча жан тирүү калбады
Көчөдө жаткан ажыдаар
Бастырбай элди жалмады.
Аман киши калбады
Калкы шурап чупкурап.
Кан төгүлүп көзүнөн
Ыйлады баары буркурап.
Эр Кыяздын боз сарай
Боорго жакын жыгылды
Босбаланын ...........
Карала тойду канына
Мунун баары кырылды.
Калк чуркурап турганда.
Чачылганды жыйнаган,
Чачылганды кураган,
Чындап каары келгенде
Какан менен Бээжинде
Муну баары сураган.
Он эки кан мусулман
Бака баш, Кой баш экөөнү
Маргаланды Кар[19]
Кара сакал Кадырбай
Калк сураган Абдырбай
Букардагы Кара хан
Эштектерден Жамгырчы
Эл чогулуп алыптыр.
Атын така жез өкчө
Айдаркан кандын кан Көкчө,
Буудайкандын Музбурчак,
Ополдогу .......
Кашкардын каны Кара кан,
Кармашкан киши жадаган,
Өткөндөрдүн баарысы
Жыйналышып толуптур.
Жерге батпай тыкылдап

[19] Сөздүн уландысы жазылган эмес

# СЕЙТЕК

Эл чогулуп болуптур.
Ошол элди аралап
Ак була минип балкайып.
Манасты башта көрбөдүм
Ай тийгендей шаңкайып.
Эл токтолуп кеп айтып
Кан төгүлүп баш кетип
Кармашпагын деп айтып.
Ошо Манас шер баатыр
Кармады менин колуман
Экөөбүздөй мусулман
Элге кыргын салбасын
Өлө турган чалдар бар
Өсүп турган балдар бар
Бекер өлүп калбасын.
Урушуп уят болбосун
Кармашып кордук көрбөсүн.
Кармашса жоого бала кеспейт
Өтүп барат шум дүйнө.
Санаа бөлөк жол кыска
Санап-санап олтурса,
Кармаган менен кол жетпейт.
Кыйкырган менен үн жетпейт.
Калк чогулуп баркылдап
Жүзү айдай жаркылдап
Баатыр Манас кеп айтат:
«Толтойдун уулу эр Кыяз
Багынып берсин», – деп айтат.
Жаткан бурчка балта өтпөйт
Бакай баштап жүргөндө
Күлчоро кирип келгенде
Урушкан менен ал жетпейт.
Талаага мамы сайсын деп
Аргын менен огойдон
Кара аламан кол келет
Кармашууга мол келет
Калың аскер кол келет
Толтойдун уулу эр Кыяз
Өлүмүн өчүн алды деп
Кармашып кегин алды деп,
Канчорону өлтүрүп
Келмек болуп калды деп,
Кан Кыяздын энеси
Айтып турду эчен кеп.
Айтып кимин алсаңар
Атка жабуу жапсаңар
Төөгө куржун артсаңар
Багындык деп чуркурап
Алыстан келген аскерди
Жолун тосуп калсаңар.
Ат-күлүгүн минсеңер
Айдап калың мал алып
Алтын-күмүш зар алып
Айры өркөчтү нар алып
Жолун тосуп алсаңар.
Баатырдан калган көп бөлүк
Баркы журттан бир башка
Бакчу элең жетелеп.
Акылың болсо алды деп
Кан Кыяздын энеси
Кулунум баккан балам деп.
Баккан балаң кайда деп
Башың-ылдый сел каптап
Кара-Шаар Жеткайтты
Кара суу каптап жатканы.
Манастан калган Семетей
Семетейдин баласы
Айчүрөк эркек тууду деп
Сейтек атты койдуңар
Семиз малды сойдуңар
Кан ичме Чоро баатырга
Кармашууга тең болуп
Атасындай эр болуп
Алда деп атка миниптир

# СЕЙТЕК

Аккан селдин ичине
Түшүп жүргөн кеме жок
Минип жүргөн кайык жок
Айбалта жерге чапкандай
Аккан селди айтайын
Айбандын баары аккандай
Ошо селдин ичинен
Бир жаш бала көрүндү
Жаш бала деп ойлосоң
Манастын уулу Семетей
Ошо баатырдан калган бала экен
Аягы-өйдө аркырап
Мунарын жанып өрт каптап
Кара-Шаар, Жеткайтка
От күйүп жанып, өрт каптап
Ошо өрттүн ичинде
Күлчоро баатыр бар экен.
Чыдасаң чыгып келгин деп,
Чыдабасаң кан Кыяз
Жөн багынып бергин деп,
Кармашсаң чыгып келгин деп
Кармашпасаң эр Кыяз
Жөн багынып бергин деп.
Эр Кыяздын энеси
Эл чогултуп кеп айтат:
«Түшүмдү жоору», – деп айтат.
Атасын киши жеңбеген
Адамга теңдик бербеген
Арбагы атка миниптир.
Аккула минип балкылдап
Ар кесме алып жаркылдап
Ошо күйгөн өрттүн ичинде
Баатыр Манас жүрүптүр
Күйгөн өрттү аралап
Бардым баатыр астына
Дидары жанга көрүнүп,
Күйгөн жаны бөлүнүп,
Астына бардым бүгүлүп,
Атасы Манас баатырдын
Арбагына жүгүнүп.
Жүгүнгөн баатыр кеп айтты,
Баатырсыган эр Кыяз
Менин балдарым келет деп айтты.
Ачуусу келсе астынан
Асылым Бакай жол баштап,
Күлчоро келет кол баштап.
Семетейдин баласы
Сейтегим келет эл баштап.
Урушсаң уят болот деп
Кармашсаң кордук болот деп,
Калың кара көп журттун
Каарданса Күлчоро
Баарын кырып салат деп.
Сенин уулуң жаш экен
Кармашам деп камынса
Билеби калың кара жедигер
Кан көтөрүп калат деп.
Аккуула менен ойнотуп
Атасы Манас баатырдын
Арбагына жалынып
Урушуп уят болушпан
Ошо баатыр Манас кеп айтты,
Ошо багынып берсин деп айтты.
Эл чогулуп келгенде,
Элге түлөө бергенде,
Калк чогулуп келгенде,
Калкына түлөө бергенде,
Кан Кыяздын энеси,
Биле турган жан экен
Билгенин эби бар экен.
Көп чогулуп буркурап
Жөн багынып бербесен
Өлөбүз деп чуркурап.
Калк чогулуп буркурап

Айдап малды алалы
Айылдан чыккан сулуу кыз
Ак сыпай кийим кийгизип,
Каары келсе койбойт деп,
Кан Бакайбын астына
Тартуу кылып баралы.
Айры өркөчтү нар алып,
Ак боз бээ дагы алып,
Алтын, күмүш, зер алып,
Булгуп буудан бул алып,
Акка моюн суналы.
Жок, багынып тыналы.
Кан Бакай жүрсө соо болбойт,
Күлчоро келсе оң болбойт,
Баланы эр Кыяздан тууду деп
Медер кылып жүрчү элек
Семетейден турбайбы
Анда аны жолго салалы
Каны Сейтек баласы
Күлчорого кошулуп
Таласка кетип калганы.
Атасы Манас баатырдын
Колдоп жүргөн арбагы.
Билгендери кеп айтат
Айтканыңа макул деп
Атактуу Кыяз эр айтат.
Сарыбай кошко келсин деп
Акыл табар жан эле.
Азыр келип берсин деп
Энекемин айтканын
Эки баатыр уксун деп
Салынган кылыч арбакка
Арстан Кыяз эр баатыр
Эненин тилин алмакка.
Каныкей менен Бакайга
Башын салып бармакка.
Акка моюн сунмакка.
Акырын кызмат кылмакка
Баатыр Кыяз макул деп
Күлчоро атка мингенде
Жанында Бакай жүргөндө.
Канга тууган кан ичме
Кармашкан менен коебу?
Сарыбай менен Бошкойдун
Айтканындай болобу?
Элди алып топтошуп
Түшүн угуп токтошуп
Кудай бетин көргөзбө
Сарыбай, Бошкой эки эр
Таласка чабуул салганда.
Семетейди алганда
Канчоро кошо жүргөндө.
Семетейди жеңгенде.
Баатыр бала Күлчоро
Алгара бутун сунганда.
Сарыбай, Бошкой эки эр
Канчоро, Кыяз эки шер
Баш кошулуп турганда.
Ошондо кара көзүн ойбогон,
Башын алып койбогон,
Карып жүрүп эс алып
Күлчоро баатыр чоңойгон,
Баатырдан калган баланы
Бала Сейтек оңбогур
Жылкычыга барганы
Жайы-кышы он эки ай
Келбей жатып алганы.
Күлчоро аман турганы
Сейтек менен Чорого
Баш коштуруп экөөнү
Айчүрөктүн кылганы.
Бул Айчүрөк болбосо
Малга бала барабы?
Кичинекей жаш болсо,

Жылкыны бала багабы?
Жылас болгон жылкыны
Айдап отко салабы?
Чолок болгон Күлчоро
Оң далысын ойгонбуз,
Омуртка этин сойгонбуз,
Сол далысын тешкенбиз,
Булчуң этин кескенбиз,
Кескен эти каткан го
Айчүрөк эпти тапкан го.
Аргын менен огойго
Баш келип менде барабы?
Басташкан аман калабы?
Камынып киши барабы?
Катылган аман калабы?
Огойдо нечен бар эле
Аргын, огой калың журт
Канча тууган жан эле.
Дүрбөтүп элин алгыча
Дүрбөлөңдү чалгыча
Карала кагаз кат жазып
Кат жиберип көрөлү.
Биз сүйлөшүп кептешип
Бул айтканың эп дешип
Сарыбай менен Бошкойго
Шаары бар бир башка
Ат чаптырып алдарып
Экөөнө кабар салдырып
Барысынын улугу
Кан Кыяздын буйругу
Кечикпестен келсин деп
Кетелекте келген эл
Акыл таап берсин деп.
Баатыр Кыяз элге айтып
Перизаада Айчүрөк
Ак жибектей бүгүлүп,
Кудай билет чын болсо,
Кары менен картаңга
Айлана басып жүгүрүп.
Энебиз айткан кеби деп
Эмнени көрдү деп
Арак ичип, мас болуп,
Акылы менен кас болуп,
Азгырманы көргөн го
Перизаада Айчүрөк.
Белине белбоо чалынып
Жаратканга жалынып.
Кайнатасы Манастын
Арбагын көрүп оңолуп.
Калкалаган баласы
Адам болуп чоңоюп.
Кудай билет чын болсо,
Боз жоргодой жорголоп,
Адамга сырын билгизбей
Короолудай корголоп.
Айчүрөк пери турган жер
Сарыбай, Бошкой барган жер.
Баштап барган калың эл
Акыл айтып калган жер.
Энебиз көргөн түшү бар
Түшүндө кыйын иши бар.
Эл чогулуп кеп айтты:
«Сейтек, Бакай, Күлчоро
Башын кошту»,– деп айтты.
Черүүгө жылкы салгыла
Ат жалын тартып мингиче,
Аскерин алып жүргүчө,
Багындык деп баргыла.
Багынбаса болбойт деп
Бакайдын көзү барында,
Күлчоро тирүү чагында,
Баарын кырып оңдойт деп
Эненин кебин уктук деп
Сарыбай, Бошкон эки бий

Экөөңөрдү күттүк деп.
Бектемир чечен кеп айтып,
Аласың кандай?– деп айтып.
Багынган менен болбойт деп
Кайып болду Семетей
Кордук көрдү эр Бакай,
Майып болду Күлчоро,
Мусапыр болду Каныкей,
Булардын кеги канабы?
Жеңген жоого багынып,
Багынып киши барабы?
Баскан жоого багынып,
Күрүшпөй жатып алабы?
Аскерди жыйын кол алып,
Кармашууга жол алып,
Башында жеңдик багынтып.
Баатырлардын баарысын
Байлап келдик жалынтып.
Урушуп жеңдик багынтып.
Кыйынсыган нечени
Кармап келдик жалынтып.
Аргын менен огойдун
Кыйындарын кыйраттык.
Катын менен баласын
Чыркыратып байлаттык.
Өлгөнүнөн калганы
Өчү канбайт бизден деп
Эр Сарыбай кеп айтып:
«Катуу сөздү»,– бек айтып.
Сарыбай айтып турган жер.
Темирбек мыкты жан эле
Жанында чапкан кайраттуу
Келээр менен кетээрди
Билгирлиги бар эле.
Сарыбайдан кеп уктум
«Калк сураган кан элең
Баатыр Толтой барында
Кошо жүргөн кан элең.
Сен да айтчы кебиңди».
Деп ошентип Темирбек
Бошкойдон сурап турган жер.
«Ал айтканың дагы чын
Айтканыңдын баары чын
Азыркы Кыяз алганы
Акундун кызы Чүрөктү
Алабыз деп барганы.
Ажал жетип күн бүтүп
Толтой менен Чыңкожо
Экөө тең өлүп калганы.
Алуучу эрим өлдү деп
Келиниңер Айчүрөк
Айласыздан барганы.
Семетейдин барында
Айласыздан жүрдү деп
Акылдашып баш кошуп
Намысым колго тийди деп».
Баатыр Бошкой айтып кеп,
Эмесе Бошкой тура тур
Энтелебей уга тур.
«Сен Толтойду алганы,
Таласка чабуул салганы,
Калың кара жедигер
Талоон коюп барганы,
Жанындагы жолдошу
Семетейге таарынып,
Ошо Канчоро жардамы
Канчородон кат келген,
Катына жазган ант келген,
Алты жолу кат берген.
Аскерди жыйып алсын деп,
Арпалууга барсын деп,
Жайлака чыгып жайлаган,
Алты жылкы айдаган ,
Аргын, огой мендеге

# СЕЙТЕК

Шаарда калган бечара
Ак боз үйүн алат деп
Атасы Манас баатырдын
Күмбөзүн жайып барат деп,
Жабдыгы жок колунда
Соопу жок боюнда
Ошондо кабылган киши алам деп,
Жедигер эмес огойду
Канчоро жеңип берди эле.
Огойду барып чапканда
Ошондо Каныкей азап тартканда,
Шаатемир кызы Чачыкей
Аргынды сурап кан болуп,
Адамдын башы маң болуп,
Чачыкейди алды эле.
Акундун кызы Чүрөктү
Кан Кыяз алып келди эле.
Ошондо курсакта калган баланы
Ошондо Кыяздан болду»,– деди эле,
«Ошо бала барыптыр
Пери колдогон Күлчоро
Бала барып калганы
Олуязаада Күлчоро
Эми Күлчоро атка мингенде
Күркүрөп Бакай жүргөндө.
Огойду киши жеңеби?
Күлчоро, Бакай бириксе,
Казат кылып кармашса,
Жеңдирип ийги немеби?».
Муңайтпас деген бир кары
Туурадан чыгып кеп айтып:
«Тура турчу»,– деп айтып,
Адам сөзүн укпаган
Кишинин кебин сүйбөгөн,
Басып үйгө кирбеген,
Күңгүрөнүп сүйлөгөн,
Адамдын кебин сүйбөгөн,
Адам болуп чоңоюп
Аталап атка минбеген,
Кайраттанган баатырга
Баатыр кары кеп айтат:
«Билбейсиңер баарыңар
Уккула сөздү барыңар
Таласты кармап сураган,
Канчоро деген каныңар.
Күлчоро күрмөкө атын чалдырган
Күрдөлдүү эли ногойдон
Канчоро чыгып алдырган,
Күлчоро, Сейтек барды»,– дейт.
«Кыяз менен дос болгон
Канчоро деген улуктун
Башын алып салды»,– дейт.
«Канчоро канын сойду»,– дейт.
«Чалкалаган Чачыкей
Карга көзүн ойду»,– дейт.
«Кан Манастын калың журт
Кайра ордуна барды»,– дейт.
«Карыган Бакай кан болгон
Эртеги өткөн Манастан
Ордун басып калды»,– дейт.
«Жоолашкан Чоро өлдү»,– дейт.
«Көргүлүктү көрдү»,– дейт.
«Буту-колун муунатып
Жанында жүргөн эмедей
Канчородой баатырды
Беш салаасын алды»,– дейт.
«Мунжу кылып салды»,– дейт.
«Канчоронун барында
Сарыбай, Бошкой эки эр
Кайрат кылып турасың.
Калың кара жедигер
Бекер кыргын кыласың.
Уялбай уруш кыласың
Кары-картаң чалдардын,

Катын менен балдардын,
Убалына каласың.
Уккула айткан кебимди
Күлчоро, Сейтек баш кошуп
Келип табат эбиңди.
Кайратты катуу кылсаңар,
Кармашууга турсаңар,
Кырып салат элиңди.
Бакыр жүрүп өсүптүр
Аралаш бирге жүргөндөй
Таласка Чоро барганда
Канчорону алганда,
Карынын айткан кеби ошол
Кайраты бар Бошкойду
Кара оозуңа кан толсун,
Кайрылгысыз күн толсун,
Мына Байсейит башын алгыла
Башын алып Кыязга
Садага кылып салгыла».
Атактуу Бошкой күркүлдөп
Бошкойдун ачуусу келди күрсүлдөп.
Кайраттуу Бошкой күрпүлдөп
Багынам деген кан Кыяз
Кайратланып турган жер
Кадырбай менен Абдырай
Атасы Толтой эр баатыр
Алышып жүргөн жан экен.
Биргелешип бирге өскөн
Кол кармашып тең өскөн
Алакан жайып, кол жазып
Боталашып аш ичкен
Атамдын досу келсин деп.

## СЕЙТЕКТИН КАНЧОРО МЕНЕН КЫЯЗДАН ӨЧҮН АЛЫП, БОЗБАЛАНЫН КАН ШАЙЛАНЫШЫ

Аскер жыйып берсин деп
Кагаз алып кат жазды.
Кан Кыяз элчи атказды.
Эми эр Кыязды таштайлы
Эр Семетей элинен
Кеңкол, Талас жеринен,
Аргын, огой калкынан,
Манастан калган даңкынан,
Эми кайра баштайлы.
Карып болгон канча эл,
Мискин болгон канча эл,
Эр Семетей кеткени
Боругуп атка мине элек.
Буруксуп жоого кире элек.
Алда ! – деп атка минелек.
Атышып жоого кирелек.
Жоо дегенде дегдеген,
Жоолашып менде жеңбеген,
Казат десе дегдеген,
Кармашып менде жеңбеген,
Жол чал десе, бөрк алган,
Баш кес десе, кан кечкен,
Жолуккан жерде баш кескен.
Арстан Манас баатырды
Артында калган эли барэ
Канчоро, Кыяз жеңгенде
Кайгы тарткан жери бар.
Огой, аргын ичинде
Өткөрө чечен тили бар.
Өлүмдөн корпос жинди бар.
Мылтык атчу мерген бар.
Айза саяр ыктуу бар.
Ар бир түрлүү мыкты бар.
Кылычты кындан суурушкан
Кыя кармап урушкан
Айбалта жандан алышкан
Семетейтин барында
Аттанып жоого барышкан.
Бууданды кармап минишип
Кудай билет чын болсо,
Күлчоронун аскери
Ат куйругун түйүшүп.
Ат көкүлүн түйүшүп
Атышып ойноп жүрүшүп.
Айгактуу айза алышып
Кыя тартып сыйышып,
Семетей, Чоро турганда
Атка минип, жоо сайып
Машыкканы мындан көп.
Аттанган жерден жоо сайып
Казат кылып, кан кечип
Катышканы мындан көп.
Жер майышкан кол болуп
Жети азаба эн болуп,
Каралашап кол болуп,
Кармашууга мол болуп,
Алтын айчык, кызыл туу
Таластын ичи ызы-чуу

Желекти байлап алышып,
Кудай билет чын болсо
Талас менен Кеңколду
Чыкты аскер жарышып.
Айзанын учу кылкылдап,
Кылычтын мизи жылтылдап,
Жасайылын бүктөтүп,
Манастан калган жан жарак
Алды төөгө жүктөтүп,
Ар кайсы жерге токтотуп,
Кудай бетин көргөзбө
Жүрө түшүп токтолуп,
Желбиреген кызыл туу
Айзасына тагышып.
Семетей, Манас барындай
Атка минип жарышып.
Айбалтаңар кагышып
Кылычты кынга салышып
Кыя тартып жарашып
Караламан кол болуп,
Кармашууга мол болуп.
Кайда айланып барган жер.
Олуязаада Каныкей
Барып баба алган жер.
Күлчоронун аскери
Атка минип жоодурап
Кудай билет көргөзбө
Жеткире уруш салууга
Жедигерге барууга
Кайкы экени билинбей
Караса көзгө илинбей
Каныкей бата алып,
Барган аскер аттанып,
Арстан Бакай, Айкожо
Аттанып жолду баштады.
Баарынын мылтык атканы
Жеткайтка жете бармака
Жедигерди алмака
Берсе кудай тилекти
Кан Кыязды жеңишке
Беризаада Чүрөктү
Кеңколго алып келмекке.
Ат куйругун түйгөн жер
Он эки миң көп аскер
Оолугуп атка минген жер.
Жеткайтка көздөй жүргөн жер.
Асманда мунар созулуп,
Абасы Бакай кошулуп,
Аксакалы бурулуп,
Аскери кандай чубуруп,
Алтын айчык кызыл туу
Асмандадып ашташып
Баатырдан калган Сейтекти
Айдаган койду баштатып.
Балага арбак конгон жер
Кечээги өткөн баатырдай
Семетейдей болгон жер.
Минген аты бир борум
Адамдан башка көрүнөт.
Апасы сындуу жан экен
Айчүрөк тууган бала экен.
Огойдун эли дүркүрөп
Казатты катуу кылууга
Калың кара жедигер
Кара бөрктүү эчен бар
Келип алып тынууга
Эр Сейтектин аскери
Бос аттуусу бөлүнүп,
Былыктары көрүнүп.
Кара аттуусу бөлүнүп,
Кайраттуусу көрүнүп.
Тору аттусу көрүнүп,
Топ-тобунан бөлүнүп.
Бала Сейтек эр айтып

Атасындай кол баштап.
Узун чийген жерине
Токтобой жолго салгын деп.
Туура чийген жерине
Өтпөй конуп алгын деп.
Атка абай жаптырып,
Төөлөргө тогун жүктөтүп,
Куржунга даары салдырып,
Манастан калган аккелте
Бала Сейтек асынып,
Манастан калган сегиз мүлк
Артында тукум калганда
Канчоро менен эр Кыяз
Казына талап алганда.
Айланса болот Чүрөккө
Талап кылып чоңойтуп,
Күлчоро менен Бакайды
Аргын, огой карыпты
Карыптар көрүп жарыкты,
Алтын айдар кокон ток
Айдалыга сайышып,
Атка минип жарышып,
Кум-Текейдин зор талаа
Кулун кууп ойношуп,
Эриксе мылтык атышып,
Ок-дарыны чачышып,
Буулукса бугу атышып,
Алда таала жол берип,
Бала Сейтек баатырга
Артынан келип кол берип.
Кудурет анда жол берип.
Бала Сейтек баатырга
Кудай таала жол берип.
Куюндуу талаа жайык чөл
Андан өттү көп аскер
Арстан Бакай акылман
Адам чыкпайт акылдан
Бетегеси белден бар
Жылтырган шибер бурулган,
Жейрени ойноп чубурган,
Ат өргүтүп алгыла
Анан жолго салгыла.
Бакай айтып турган жер
Калың колду таштады
Күлчоро, Сейтек аттанып
Жеткайттын жолун алалы.
Жедигер деген калың эл
Жеткайт деген кенен жер
Жерин барып көрөлү.
Куралып аткан кан болсо,
Кашынып калган эл болсо,
Кармаша турган жер болсо,
Аскерге кабар салалы,
Анан кийин баралы,
Ак бууладай созулуп
Күлчоро, Сейтек кошулуп
Кудай бетин көргөзбө
Ат болушка салышып,
Жеткайтка жакын барышып,
Жер ченеп көрүп алышып,
Түнөрүп аткан түптү бак
Түгөнбөгөн алма шак.
Карарып аткан калың бак
Кароолонгон алма шак.
Асмандан мунар бөлүнүп,
Жедигер шаары көрүнүп,
Колуна дүрбү алышып,
Күлчоро, Сейтек жарышып,
Шаарга дүрбү салышып,
Ат куйругун өргөн жер.
Жамырай жаткан аскерди
Күлчоро, Сейтек көргөн жер.
Бала Сейтек кеп айтып,
Балалыгы кете элек

Күлчоро жүргөн жете элек.
«Ай абаке Күлчоро,
Биз баралы»,– деп айтат.
Баатыр Чоро кеп айтат:
«Жети бөрү бир койду
Жесе тарпы калабы?
Эки киши болгон соң
Жер майышкан аскерге
Жетсе жаны калабы?
Алты бөрү бир койду
Таласа тарпы калабы?
Эки киши болгон соң
Кармашса алы калабы?».
Эр Күлчоро кеп айтат.
Күлчоро кебин укканда
Бала Сейтек эр айтат:
«Билегиң сынып сабынан
Жүрөгүм чыгып кабынан
Коркок болуп калыпсың,
Айланайын абаке.
Ат тизгинин буралы
Жакын барып туралы
Эр болсо чыгып келээр деп,
Тетиги элестеген эки жак
Келип бизди көрөр деп,
Келсе кармап алалы
Кыязга кабар салалы.
Урушар болсо келсин деп,
Бет алышып урушуп
Чыдаса чыгып келсин деп,
Чыдабаса кан Кыяз
Жөн багынып берсин деп,
Кароолчу кармап алалы.
Кыязга кабар салалы».
Бала Сейтек кеп айтып
Күлчорого кеп айтып.
Бул айтканың акыл деп
Көөдөнгө жугар макул деп.
Тетиги мунарган жоонун боюна
Бурулуп аккан Улуу-Суу.
Ошондо эрендер барды оюна
Ошондо аккан суунун четине
Ошондо түнөргөн токой калың чер
Аралап жүргөн киши бар
Анын эмине менен иши бар.
Күлчоро, Сейтек барган жер
Барып кармап алган жер.
Балтасы бар колунда
Жыгачка балта чапчу экен.
Отун алып от жагып
Шаарга отун сатчу экен.
Ошентип жанын бакчу экен.
Базарга отун сатпаса,
Эптеп жанын бакпаса,
Айдап багар малы жок,
Сындырып жээр наны жок,
Үрбү чал деген карыя.
Сейтек, Чоро барган жер
Барып кармап алган жер.
Карып калган табы экен
Карылыгы болбосо
Ар немени көп көрүп
Далай ишти өткөрүп
Көкүл койгон чал экен.
Күлчоро, Сейтек көргөндө
Алакан жайып кол сунуп
Астын тосо барган жер.
Бала Сейтек баатырды
Чап колунан алган жер.
Эртеги өткөн баатырга
Кебетеси окшош жан эле.
Эр Семетей баатырга
Оозунан түшө калгандай
Кандай окшош бала экен.

## СЕЙТЕК

Кол алышып көп сурап
Сырыңды айткын деп сурап,
Балтасы түшүп колунан
Баатыр Чороң, эр Сейтек
Эки эрди көргөндө
Кол алышып келгенде
Кандай келдиң дегенде
Бала Сейтек кеп айтып:
«Манастын уулу Семетей
Сен кайдан көрдүң»,– деп айтып.
«Ат жалын тартып мингендей
Ат койчу болуп жүргөндөй
Качырып жоого тийгендей
Кан төгүшүп  жүргөндөй
Мурутуңду өрдүнбү?
Манастын уулу Семетей
Муну мурун көрдүңбү?».
Баатыр Сейтек кеп сурайт
Айтчы сырың деп сурайт
Сырын айтып тургуча
Арстан чоро эр баатыр
Аттан түшө калган жер.
Сейтек менен сүйлөшүп
Кол кармашып турганда
Баатыр Чоро барган жер.
Эр Күлчоро бакырып
Эр Сейтектин жанында
Жол кармашкан абышка
Басып жатып калган жер.
Астындагы абышка
Мээнетиңди алайын
Кара жаным садага
Кагылайын өзүңө
Омуртка сөөгүм бөлүнгөн,
Оркоюп сөөгүм көрүнгөн,
Каптал этин бөлүнгөн,
Кабырга сөөгүң көрүнгөн,
Мен садага кетейин,
Сен Күлчоро болбогун
Абышка ыйлап бакырды
Которду заман акырды,
Өзөктөш өскөн Канчоро
Өрттөй чөгүп чыкканда
Атанын арман дүйнө күн,
Атадан калган жалгыз эр
Семетейди жыкканда
Этине айза такканда
Мойнуна чылбыр салганда
Семетейди сүйрөтүп
Канчоро жыгып алганда
Ошондо мен жанында бар элем.
Толуп турган бала элем.
Огойду Чоро болгондо
Кыязга Чүрөк келгенде
Шаатемир кызы Чачыкей
Канчоро акмак алганда
Каныкей менен Бакайды
Азапка башын салганда
Атаңдын көрү арман күн,
Казынаны бөлгөндө
Кыязга Чүрөк келгенде
Аргын менен огойдун
Малай кылып алгын деп,
Оңолбогон Канчоро
Алтымыш киши бергенде
Атаңдын көрү арман күн
Күйбөй сөөгүм кул болуп,
Мен келдим жедигерге кул болуп.
Көк темирдин баласы
Атты мөрү чалды эле
Атаңдын көрү арман күн,
Атадан калган жалгызга
Кандай окшош бала эле.
Оозунан түтүн бурады

Күлчородон сурады,
Күйүп жатып чок болгон
Күлчоро ыйлап токтолуп
Айланайын ага жан,
Көргөн сенин көзүңөн
Айткан сенин сөзүңөн
Болоттон калган тукум деп.
Баатыр иниң Семетей
Ошондон калган тукум деп.
Айланайын ага жан,
Көргөн сенин көзүңөң
Айланайын өзүңө,
Кубандым айткан сөзүңө
Ит кементай кийдиңби?
Береги турган баланы
Борумунан билдиңби?
Оң мурутуң түйдүңбү?
Айланайын абаке,
Өлбөй тирүү жүргөнүң
Айланса болот алдага
Экөөбүздү күйгөнүң.
Баатырды көрүп жашарып
Көргөнү чыгып эсинен
Кучактап алып баланы
Өөп-жыттап бетинен.
Мен садагаң кетейин
Айылдан эми кеп уктум
Токойдон отун алчу элем
Жонума отун көтөрүп
Чоң базарга барчу элем.
Отун сатып жан багып
Элден элес укчу элем.
Атасы Кыяз баатырды
Асылым Чүрөк байкушум
Балага арнап мингизип,
Жылкыга бала барды деп,
Келбей жатып алды деп,
Кеткени бир жыл болду деп,
Айчүрөк издеп кетти деп,
Катын менен баладан
Аман болсо бул бала
Айчүрөк жолго салар деп.
Ата-Журтун табаар деп,
Башка түшкөн азаптан,
Баланы албай Айчүрөк
Кайра келди деп уктум.
Астыңдагы күң элем
Кан Кыяз аты көрүнөт
Мен садага кетейин
Белиңе саадак кадап ал,
Мени кудай жараткан
Сага кылсаң садага
Үрбү чал ыйлап болкулдап,
Көрүнгөн бала көзүмө
Мен садага кетсемби
Айчүрөктүң өзүнө
Жедигердин Кыяз кан
Чүрөктү кудай жараткан
Сени кыз-келинге бактырган,
Сыр бешикке жаткырган,
Жедигердин Кыязын
Ар кандай кылып азгырган,
Атка минип маш кылган,
Айчүрөккө барайын.
Күлчоро, Сейтек келди деп
Барып кабар салайын.
Үрбү чал айтып турган жер
Баатыр бала Күлчоро
Жедигердин жеринен.
Теңдешкен кишиң бар эле
Биргелешип сүйлөшкөн
Сыр айтышып бир жүргөн
Теңтуш кишиң бар беле?
Күлчоро баатыр сурады

Кагылайын Күлчоро,
Көрдүм сенин көзүңдү
Мусапыр деп сыйлаган,
Мени көрүп ыйлаган,
Кочуштап ууштап дан берген,
Кордукту көрүп жүрдүк деп
Түрүмдү көрүп ыйлаган
Кокустан душман билет деп
Түн ичинде сүйлөгөн,
Эки абышкам бар эле
Айтбек менен Муңайтбас.
Сүйлөшүп жүргөн жан эле
Кайратты кылып Күлчоро
Кагылайын абаке,
Жазайын катты алгын деп.
Сүйлөшүп жүргөн эки чал
Экөөнө алып баргын деп.
Жедигер кандын кан Кыяз
Барып кабар алсын деп.
Алып барып кагаз берсин деп.
Урушам десе кан Кыяз
Айылын чаңдап бөлсүң
Ак асаба кызыл туу
Үй үстүнөн көрсүн деп,
Элин чаңдап бөлсүн деп.
Жер майышкан аскерди
Убадасын берсин деп,
Урушса чыгып келсин деп
Кан төгүшүп урушуп
Кыргында элге салгыча
Кол көтөрүп калгыча
Улук болсо эр Кыяз
Жөн багынып берсин деп.
Урушса уят болот деп
Кармашса кордук көрөт деп.
Бедөөсүнөн кабылып
Катын-бала өлөт деп.
Баатыр Чоро кат жызып
Жанындагы Урбү чал
Атын бөлүп атказды.
Эки чалга бергин деп
Берип кайра келгин деп
Биргелешкен жолдошу
Эки чал барды жанына,
Муңайтпастын алдына.
Барды Үрбү жанына
Үрбү чалды караса,
Арак ичип мас болуп
Эки бетин албырып
Жүрчү эле сенделип
Кудайдын кылган иши деп
Башына түшүп пенделик
Үрбү чалды көргөндө
Атын ала жүгүрүп
Үрбү чалды көргөндө
Аа кудайлап сүйүнүп,
Колуна алган кат эле
Эминени көрдүң деп
Көргөнүң айтчы бат эле.
Чалдан сурап турду эле.
Айланайын курдашым,
Акылдашып бир жүргөн
Эки чал сырдашым
Жедигердин четине
Күлчоро, Сейтек келди деп.
Кагылайын курдуштар,
Мына бу катты берди деп.
Карылар катты алган эле
Көзүм өтүп кетпесе
Кечээги Сейтек баарында
Бакай жүрсө жанында
Жедигерди жеңер деп.
Кан Кыяздын калаасын
Качыратып алар деп.

Кары-картаң чалдарды
Катын менен балдарды
Эр Күлчоро багар деп.
Кимиң барсаң аның бар
Экөөңөрдүн бирөөң бар
Жазган катты алып бар
Катты берип кайтып кел.
Көзүң менен көргөндү
Акыл менен билгенди
Төкпөй чачпай айтып бер.
Өлбөсөм колго алаармын
Карыпты баккан атасы
Экөөңөрдү кармадым.
Муңайтпас катты алган жер
Катты берип Үрбү чал
Сейтек менен Чорого
Кайрылып кайта барган жер.
Калк чогулуп топтолуп
Акылдашып токтолуп
Кең-Кол, Талас элине
Күлчоро, Сейтек барыптыр.
Аргын, огой элине
Урушууга камынып
Даярланып калыптыр.
Эл чогултуп эр Кыяз
Элине акыл салыптыр.
Эл бөлүнүп кеңешип
Эптүүлөрүн ченешип
Бакай, Чоро барында
Бала жүрсө жанында
Кармашса кордук көрөт деп
Кабылып калса өлөт деп.
Эчендери бөлүнүп
Кудай бетин көргөзбө
Бөлүнүшүп кеп айтып
Бөөдө өлүм кылат го,
Алманбеттин Күлчоро
Барып аста урат го,
Кармашамын деп жүрүп
Кара жолтой биздин кан
Үчүбүзгө чыгат го.
Убада кылган андан көп
Калк жыйылып турганда
Катты колго алганда
Кан Кыяздын алдына
Муңайтпас басып барган жер.
Буруксуган эр Кыяз
Кагазды колго алган жер.
Ачып окуп калган жер.
Баатыр Чоро жазыптыр
Баатыр болсо эр Кыяз
Айдап элди кыргыча
Кан көтөрүп тургуча
Багынсын деп айтыптыр.
Катты окуп алган жер
Багынууга макул деп
Күлчоро тапкан акыл деп
Энемдин көргөн түшү деп
Сурагы элдин ушу деп
Кылган ишин окшотуп
Бөлүнгөн элди токтотуп
Баатыр Кыяз турган жер.
Сарыбай, Бошкой барган жер
Жазган катты окутуп
Экөөнө акыл салган жер.
Кудай бетин көргөзбө
Кайраттуу Бошкой кеп айтат:
«Үй үстүнө жоо келсе,
Жан аяган кишиби?
Жан аябас кишиден
Мал аяган кишиби?
Кызыталак Чоронун
Кыйынсып айткан кебин көр
Күлчоро тапкан эбин көр.

Кызыталак жедигер
Эки-экиден бөлүнүп,
Эми эмине дедиңер.
Атаңдын көрү жедигер
Алды-алдыңан бөлүнүп,
Дагы эмине дедиңер.
Кайраттуу Бошкой күүлөнүп,
Кармашууга камынып,
Сарыбай баатыр чамынып,
Бөлүнгөн элди токтотуп,
Кудай бетин көргөзбө
Аскерди айдап турган жер,
Жеткайтка кабар кылган жер,
Даярлап аскер жыйган жер,
Эр Кыязга кеп айтып
Эрк бердиң элге деп айтып.
Колдо жүргөн чолоктун
Корксун деп айткан кеби бар.
Бу эр Кыяздын баласы
Корккондон кошо келдиң деп.
Бу кагазды берди деп
Аргымак жыйып, ат жыйып
Арыдан бери бат жыйып
Буулумду кийип, бул жыйып
Кой кайтарган койчуну
Уй кайтарган бадачы
Кыйындыгын карачы
Баарына кабар салдырып.
Эр бүлөнүн баарысын
Чогуу жыйып алдырып.
Кармашууга кам кылып.
Убаданы бек кылып.
Өлүп кетер кеп кылып.
Коркуп жоодон качканда
Кара жанын бакканда
Үйүнөн чыкпай жаткандын
Башын кесип алалы,
Баабедиге чалалы.
Кызыталак чолокко
Барып уруш салалы».
Атактуу Бошкой күүлөнүп
Баатыр бала Сарыбай
Балапандай талпылдап,
Ал кошулуп балкылдап,
Эр Кыязга кеп айтып:
«Урушалы»,– деп айтып.
Кайратты катуу кылган жер
Сарыбай, Бошкой эр Кыяз
Уруушуга камынып.
Калың аскер жыйган жер
Сарыбай, Бошкой эки шер
Кызыталак Күлчоро
Оңолуп атка мингени
Урушам деп жүргөнү.
Кармашып уруш салабыз
Каны калган бир кашык
Эти калган көк жашык
Кандай да болсо алабыз.
Жанында Сейтек эси жок
Жөн багынып берсин деп
Чолок кулдун бети жок
Эми түшсө Күлчоро
Энесин баштап соелу,
Эки көзүн оелу.
Бакайын баштап байлайлы
Кыз-келинин огойдун
Баарысын кырып жайлайлы
Кылычты кындан сырдайлы
Кыз-келинин кырбайлы
Огой менен аргындан
Эркек киши койбойлу
Кой, кой ! – десе болбойлу
Ушунун баарын башкарган
Баргыла деп аткарган

Баарын кылган Каныкей
Караан кылган кан Бакай
Кармашты бала Сейтекти
Кан Кыязды көргөндө
Кылуучу эле тентекти.
Колго тийсе баланы
Башын кесип алалы.
Баланды минтип сойдук деп
Өпкөсүн алып Кыязга
Садага кылып чабалы.
Каңшылаган канчыктан
Кыңшылаган кезгиниң
Ким экенин билели
Тула боюн бычактап
Каршы-терши тилели.
Сарыбай баатыр кеп айтып:
«Урушалы»,– деп айтып.
Калкына кабар салган жер
Катындарды сыздатып
Баланын көөнүн муздатып
Медөө болгон бел кеткен
Беттешүүгө дегдешкен
Кайраттуудан кеп угуп
Канчоро өлдү деп угуп
Андан бетер Сарыбай
Таласка чабуул салалы
Сандалып жатып алгыча
Алыстан келген аскердин
Астын тосуп калалы.
Сарыбай баатыр укулдап
Белгилүү Бошкой упулдап
Чууну чууга кошмокко,
Огойдун жолун тосмокко,
Канды канга кошмокко,
Аскердин жолун тосмокко,
Белине кемер чалышып
Бериштелүү эрлерди
Белине таңып алышып.
Колуна мылтык алышып
Койбоочудай алышып.
Баатыр Бошкой кеп айтат:
«Биз баралы»,- деп айтат.
Сапырылып жыкылдап
Санаса колу сап болгон,
Көргөн адам маң болгон,
Ошо көк жал Кыяз кан болгон,
Акундун кызы Айчүрөк
Айласы кетип кабылган.
Чүрөккө атын алдатып
Айтылуу Кыяз кайран эр
Жаман ишке кабылган.
Тооторум болсо астымда
Көргөзбөйт белем кызыкты
Чагалдактын оюна
Жарганат учуп өтпөгөн
Улуу-Суунун боюна
Кылайын деп кызыкты.
Күндөө бээ алышып
Күркүрөшүп жыйылып
Жараткан алда бир кудай
Денеңди жышып болгон жер.
Шаарга кенен толгон жер.
Жерге батпай жыпылдап
Көгөнүн үстү быкылдап
Желегин жерден алышып
Улуксуна тагышып.
Кудай бетин көргөзбө
Атка минип жарышып.
Желбиреген кызыл туу
Жерге батпайт ызы-чуу.
Канкор Кыяз жүргүн деп
Калкты баштап келгенде
Мингени буудан жарашып
Эр Кыязга жанашып.

Тулпар чалыш бууданды
Ат октотуп Сарыбай
Кудай бетин көргөзбө.
Аскери кайкап турганы
Баатыр Кыяз балкылдап
Ок тийгендей шылкылдап
Кылычтар белден кыңгырап
Айбалта согуда .....
.................... бойдо шалк
Айчыгы алтын көпсүбө[1]
Айры төштө жаркылдап,
Кандаган бутта кылактап,
Тумагы[2] башта булактап,
Кудай бетин көргөзбө,
Аргын, огой калың журт
Кармаша турган эр бекен?
Атан өлбөй кутулган
Күлчоро бизден эр бекен?
Кудай бетин көргөзбө
Аскери санга толгон жер
Кан төгүлмөк кайран эр
Кылычты кындан алган жер
Кыйкырып жакын келген жер.
Аргындын элди бөлүнүп
Атып турган огуна
Карагер калды көшүлүп.
Каарын көргөн аргындар
Кудай бетин көргөзбө
Кыйкырыгы таш жарып,
Кыйындары бөлүнүп.
Бакырыгы баш жарып,
Баатырлары бөлүнүп.
Жарактуусу канча бар
Тору аттуусу канча бар.
Мылтык атып, жал тартып
Аргын, огой, жедигер
Кан төгүшүп кармашып
Аралашып калган жер.
Сунган айза тартышпай
Жумган көзүн ачышпай
Кылычы канга боелуп
Кыргынга кетип канча эл
Кудай бетин көргөзбө
Өлүп кетти жоголуп.
Айбалта кан болуп
Күн карарып, түн болуп.
Күнү-түнү жок болуп
Катуу уруш салышып
Кудай бетин көргөзбө
Кайраттуулар кабылып.
Каршылашып салышып
Күнү-түнү эчен күн
Аргын, огой, жедигер
Кан төгүшүп турганда.
Бирин-бири кырганда.
Жети күнгө жеткен күн
Оюнда турат Чоронун
Эр Кыяз тийсе колуна
Бет алып айза салсам деп.
Бекер элди өлтүрбөй
Эр Кыязды алсам деп.
Кылган киши окшотуп
Кылган элди топтотуп.
Аргымагын окшотуп
Атышкан элди токтотуп.
Арстан баатыр эр Чоро
Сабыры жандан бир бөлөк
Сандыргалуу Күлчоро
Атылган окко учкандар
Атылып шейит кеткен бар.
Айза тийип алсырап
Кылыч тийип кансырап

[1] Эч түшүнсүз сөз
[2] «тунугу» деп ката жазылган

Жарадар болгон эчен бар.
Арстан баатыр Күлчоро
Жарадар кылган эченди.
Дарыянын боюна
Жаратка даары койдуруп,
Канын суга жуудуруп,
Кармашкан жоону токтотуп.
Баатырлыгы бир башка
Уруштан өлгөн аскерди
Каттап кел деп жооптотуп
Кайратты катуу кылган жер.
Арстан баатыр Күлчоро
Калган элди жыйган жер.
Кумдуу-талаа, жайык төш
Кудай бетин көргөзбө.
Ат азууларын аркайтып
Ат өлүшү мындан көп.
Муруттарын сербейтип
Эр өлүшү мындан көп.
Ошондо элирип жоого жете элек
Эр Күлчоро кире элек.
Качырып жоого тие элек
Кан ичме Чоро кире элек.
Бастырып жоого тие элек
Басташкан жоого тие элек.
Абасы Бакай, Айкожо
Бала Сейтек баатырды
Тооторуну минип зоңкоюп
Барган жерин айтайын.
Колду баштап кан төгүп
Караламан урушту
Салган жерин айтайын.
Аман элим топтотуп
Айтылуу Бакай, Күлчоро
Кудай бетин көргөзбө
Өлгөндөрүн жоктотуп.
Кудайдын кылган иши экен
Аргын менен огойдун
Аттатып сапар жолуна
Күлчоронун колуна.
Бир бетин бергенде
Кудай бетин көргөзбө,
Он жети киши өлүп,
Алсам жетип ат өлүп,
Ажалы жеткен сарт өтүп,
Кылычтын мизин матырып,
Күлчоро, Бакай эки дөө
Калган элим кайтарып.
Айзанын учун майтарып.
Өлгөнүнөн калганды
Кудай бетин көргөзбө,
Күлчоро, Бакай кайтарып
Бала Сейтек баатырды
Аттанып колду баштаган
Аа дегенде кан ичип
Мал кайтарган малчыны
Жылкы баккан жылкычы
Баарын кырып таштаган.
Тоотору минип ойкутуп
Токтоно албайт эр Сейтек
Ошондо Бакай кеп айтып:
«Кулунум, токто», – деп айтып.
Кайраты катуу шер өлдү.
Миң жети жүз шер өлдү.
Калганды сактап калалы
Кыястын элин алалы.
Калган элди багалы
Көп оолуга берчи эмес
Өлгөндөр кайра келчү эмес
Күлчоро, Бакай эки дөө
Кылган ишин окшотуп
Бала Сейтек чунакты
Чылбырдан кармап токтотуп
Кудай бетин көргөзбө

Өлүгүн колго алышып,
Көр казышып көмүшүп,
Күндүзү жок, түнү жок
Кудай бетин көргөзбө,
Аралашып эки жоо
Кылычташып өлүшүп.
Күлчоро, Бакай эки дөө
Калган элди баккан жер.
Аскерге барган канча эл
Аккан сууну бойлотуп,
Амандарын Күлчоро
Багып жүрөт астында.
Өлгөнүн шейит кетти деп
Жерди терең каздырып
Талаага өлүк таштабай
Баарын алды жашырып.
Көр каздырып көмдүрүп
Өлүмдөн калган аскерди
Арстан Бакай, Айкожо
Айтканына көндүрүп.
Терме-Сазга бактырып
Кудай бетин көргөзбө.
Кош түшүрүп сайдырып
Талаадан жылкы алдырып
Семизин тантап сойдуруп
Караламан аскерди
Кара этине тойдуруп.
Казы менен картаны
Балга кошуп койдуруп.
Аскерге этти тууратып
Тапка атын салдырып
Уйкуларын кандырып.
Айтылуу Бакай, Күлчоро
Кол топтотуп жаткан жер.
Өлгөнүнөн калганы
Күлчоро, Бакай баккан жер.
Ат куйругун түйгөн жер
Агасы менен абасы
Семетейдин баласы
Кудай бетин көргөзбө
Ойноп-күлүп жүргөн жер.
Аргындын колун таштайлы
Жедигердин элине
Жер майышкан колуна
Жайып койгон торуна
Өлгөндөрүн айтайын.
Аскерди айдап чыкканда
Кудай бетин көргөзбө
Аргын, огой келгенде
Аралашып жүргөндө
Айзалары майышып,
Аралашып сайышып,
Талаага канды агызып,
Аргын, огой аскери
Кайра тартып алды деп,
Кан Кыяз менен Сарыбай
Качмак болуп калды деп.
Ат тизгинин бурушуп
Кеп сүйлөшүп турушуп
Көкчө, Шыгай кеп айтат:
«Баатырсынган эки дөө
Күлчоро, Бакай өлбөсө,
Кайрылып кетпейт»,– деп айтат.
Ат семирип ык болуп
Эр семирип бук болуп,
Жайкын жатып алышты.
Кайрылып салат бузукту
Көрөсүңөр баатырлар
Эми болгон кызыкты.
Көптү билген Көкчө
Сарыбай, Кыяз көкжалга
Көргөзүп айткан кеп ошол.
Көкчө деген эр ошол.
Аттанып чыккан жол ошол.

Канчалары кырылган
Аралашып барганда
Кан төгүшүп канганда
Карагайдай жыйылган
Эл эсебин алалы
Сарыбай, Кыяз сактангын
Күч алып жоого тие элек
Күлчоро жоого кире элек
Качырып жоого тие элек
Ошо кан ичме Чоро кире элек.
Күлчоро кирсе казатка
Каласыңар азапка.
Сарыбай менен Бошкойду
Атактуу баатыр Кыязды
Көкөчө атын токтотуп,
Өлгөндөрүн жоктотуп,
Өлгөнүн катка салган жер.
Кудай бетин көргөзбө
Өлгөнүн каттап барган жер.
Өлгөнүнүн эсебин
Сарыбай, Бошкой баатырлар
Эл эсебин алган жер.
Кыргызды кыйла көргөн жер
Кан Кыяздын колуна
Үч миң киши өлгөн жер.
Карысы ыйлап буркурап
Катыны ыйлап чуркурап
Өлүгүн алып көмгөн жер.
Көкөчө баатыр кеп айтып:
«Бу Күлчоро барында
Көрөсүңөр», – деп айтып.
Күлчоро, Бакай алдырбайт
Уктатып уйку кандырбайт.
Урушам деп ойлойсуң
Сарыбай, Кыяз экөө шер
Бала Сейтек өскөн жер.
Адамдан артык Күлчоро
Баралына жеткен жер
Канчанын башын кескен жер.
Күлчоро жайын билбейсиң
Кечээ Бээжиндин каны чоң манжу
Уккандар айткан кеп эле.
Эр Коңурбай калчаны
Ушу Күлчоро алды деди эле.
Менин тилим алсаңар
Акундун кызы Чүрөктү
Атказып жолго салалы.
Өлүмдөн калган аскерди
Асырап багып калалы.
Калп эле кайрат кылбайлы
Калың элди кырбайлы
Бекер кайрат кылбайлы
Бөөдө элди кырбайлы.
Акылы артык Көкөчө
Ат тизгинин бурган жер.
Сарыбай менен Кыязга
Акыл айтып турган жер.
Же Күлчородон өлөм деп
Оң далысын ойдурган.
Булчуң этин кетирип
Ар кайсы жерин тештирип
Баягыдай алы жок
Күлчоро менен беттешип
Мен сайышып көрөм деп.
Сарыбай кылат кайратты
Кан төгүшүп кармашып
Жерге өлүк жайнатты.
Жети күнү кармашты
Канчалык элди өлтүрүп
Сарыбай, Бошкой эки эр
Кан көтөрүп мойнуна
Кандай киши бет алат
Күлчоронун жолуна.
Арстан Бакай кайран эр

Акылды элге салган эр
Сайыша турган эр болсо,
Кылычты кындан суурушуп
Кыя тартып урушуп
Кармаша турган эр болсо,
Аргынды башка камынткан.
Катын-кызын жалынткан.
Карынын баары ыйлаган
Канчоро бирге жүргөндө
Канчалык киши ыйлаган.
Кудай бетин көргөзбө,
Атагы чыккан шер болсо,
Кармаша чыгар эр болсо,
Баатыр Кыяз келсин деп.
Күлчоро менен беттешип
Бек сайышып көрсүн деп.
Ошо атактуу Бакай кеп айтат:
«Айланса болот арбакка
Караламан аскерди
Өлгөнүнөн калганын
Аман сактап калмакка».
Ошондо акылын айтат эр Бакай
«Арага киши салмакка
Кудай бетин көргөзбө
Кыяздан кабар алалы
Айткан сөзүн угалы
Жекеге киши келбесе
Урушка анан чыгалы».
Олуя Бакай арстан шер
Өз колуна айткан жер
Уккан киши окулдап
Абамдыкы акыл деп,
Арачыга кат жазып
Колго түшкөн кишиге
Кабар берип атказып,
Кыйнабай кое берели.
Жедигердин кан Кыяз
Кыйындыгын көрөлү.
Аргын, огой акылдаш
Алыбай менен Беккожо
Колго түшүп калган жер.
Кое берип экөөнү
Баатыр болсо келсин деп,
Жекеге чыгып берсин деп,
Кыйын болсо келсин деп,
Кыйындыкты көрсүң деп,
Ажалдуусу өлсүн деп,
Ошо арачыга кат жазып
Эченди көргөн кан Бакай
Кое берди атказып.
Кудай бетин көргөзбө,
Минген аты жок болгон
Кан төгүшүп урушуп
Эки кан эли козголгон.
Кан Бакайдын элинен
Жедигердин колуна
Түшкөн киши жок болгон.
Кудай бетин көргөзбө
Арачы кетти кат алып
Бакай, Чороң айтканын
Көкүрөккө жат алып
Жедигердин элине
Баатыр Кыяз элине
Сарыбай, Бошкой баатырга
Байсейит менен Олжобой
Катты алып барган жер.
Катын окуп үч берен
Ак боз бээ алышып
Кудай берет экен деп
Ай туяк деп чалышып
Катына Бакай жазыптыр
Эр Күлчоро чыгат деп,
Жазган катка айтыптыр.
Айтылуу Бошкой кеп айтат:

«Күлчоро чыгып келгени,
Кудай бизге бергени,
Жекеге чыгам дегени,
Күлчоронун бети жок
Сени менен кармашып
Алыша турган алы жок.
Баштагыдай баркы жок
Бакайдын кылган иши го,
Барсаң Кыяз баргын деп
Баштагыдай алы жок
Баатырсыган Чоронун
Башын алып салгын деп».
Арага келген Алыбай
Кудай бетин көргөзбө
Сарыбай, Бошкой жазган жер,
Катка жазып айткан жер.
Арачы кайра кайткан жер.
Күлчоро менен Бакайга
Катын алып келген жер.
Кан Бакайга берген жер.
Күлчоро окуп көргөн жер.
Жекеге Кыяз келген жер.
Келсе  кудай берет деп
Караса көздөн кан тамган
Кармаган жерден от жанган
Кармаганы от болгон
Каарданып келгенде
Кыяз эмес Чорого
Кечилдин каны Коңурбай
Аскери менен жок болгон.
Айкожо, Бакай, Күлчоро
Акылдашып токтолгон.
Кудай бетин көргөзбө
Айланайын калың журт
Келтирди кудай кезекти
Эр Кыяз чыгат дегенде
Эр Күлчоро сүйүнүп
Окуду куран арбакка.
Олуязаада Күлчоро
Жекеге чыгып бармакка.
Ат кошчу болуп аркалап
Каралдым Сейтек баргын деп.
Асырап багып куш кылган,
Сени ушу күнгө туш кылган.
Атаң менен эр эле
Айзасын кайра караса,
Ыйгактуу айза сунушуп,
Кылычты кындан суурушуп,
Кыя тартып урушуп
Мен садагаң кетейин,
Буйурса кудай барамын
Буруксуган Кыяздан
Барып өчүм аламын.
Арстан баатыр Күлчоро
Арбагы башка эр Чоро
Аттанмак болду жекеге
Үрбүгө Чоро кеп айтат:
«Кагылайын абаке,
Тоотору мингин»,–деп айтат
Айланса болот абакең
Тоотору минип нетейин.
Буура көкүл, кулан жал
Куйругу суюк, кең соруу
Арчабоз минип алайын.
Атактуу Кыяз баатырга
Арчабоз менен барайын
Эр Күлчоро камынып
Эр Кыязга бармакка
Баатыр Чоро кайран шер
Атасы Алмаң, эр Манас
Арбагына жалынып.
Атка бутун салган жер
Баатыр Чоро камданып
Баштагыдай шаңданып

Бакай менен элине
Баатыр Чоро барган жер.
Баатыр Чоро кайран эр
Бата сурап калган жер.
Арстан Бакай кол жайып
Ак сакалын жайган жер.
Чорого бата берген жер
Бата кылып Күлчоро
Арчабозду минген жер.
Айза алып колуна
Атактуу жоонун жолуна
Күлчоро баатыр жүргөн жер.
Койкүрөң минип камынып
Козголду Кыяз эр баатыр.
Жоо-жарак кийип боюна
Капалык түшүп оюна
Кечээ Күлчоро колдо жүргөндө
Буту-колун муунабай
Кесип этин туурабай
Муну өлтүрбөй койгонум.
Кайра келип өлүмдөн
Күлчоро киши болгону.
Атка минип созулуп
Баары элге кошулуп
Кудай бардыр досума
Кайгы тартып камынып
Канчорого таарынып
Каныкей менен Бакайдын
Башын кесип албайт деп.
Кар жилигин кактырып,
Башын жара чаптырып,
Мүчөлүгүн бөлдүрүп,
Жайлап койсо элине
Күлчоро кайрат кылганы.
Кармашам деп турганы
Каныкейдин жардамы
Атасынан баласын
Айдап жүрүп башкарган.
Бул чал Бакайдын арбагы
Өлтүрүп койсо Бакайды
Өлүмдө жүргөн чолок кул.
Атка минип жутунуп
Келет беле кутуруп.
Акыреттик дос элек
Атаганат дүнүйө
Атка минип жоо сайып
Кармаганда ок кылып
Катылганды жок кылып.
Тийиишкенди ок кылып
Тиктегенди жок кылып.
Алтын айдар күрмө тон
Кийип турган чагында
Канчоро кан болуп
Билип турган чагында.
Бала аман барганы
Бу Манастын арбагы
Күлчорого кошулуп
Кыязга чыгып калганы.
Ары-бери көп билген
Өткөн Манас баатырды
Кармаганын курч кылган
Элден чыккан эптүүнү
Калктан чыккан канчаны
Жоого чыгар жортулмун
Казатка жууган кан ичме
Азирет алда туш кылган
Өткөн Манас баатырдан
Таалайына туш кылган.
Кабарын уккан канчаны
Каныкейдей бел кылган
Кармаша чыккан душманды.
Кара жерге тең кылган
Өткөн Манас баатырдан
Эминесин кем кылган

Башына түшкөн менденин
Барган экен ошондо
Кызыталак чолокко
Өлбөй тирүү сенделип
Бул Канчоро болбосо
Чирип жүрүп өлөөрдө
Өлүгүн киши көмөөрдө
Каныкей колго алган го.
Кан Манастын тушунда
Канчалык жыйган даары бар.
Каныкей катып калган го.
Алган жарым Айчүрөк
Каныкейдин катканын
Жараатынан айыгып
Күлчорону аткарып
Кечээ көп аттарга кош артып
Кең-Колдон жөнөп чыкканда
Даарыны билсе Айчүрөк
Албайт беле колуна.
Баатыр Кыяз эр неме
Аа дүйнөлүк дос болгон.
Канчорого таарынып
Кайрат кылып камынып
Ач бүркүтчө чамынып
Койкүрөң минип балкайып.
Атагы бар шер эле
Артык туулган эр эле
Эрдиги кимден кем эле.
Кайра тартып кеп айтып
Ажал жетип мен өлсөм
Талаага сөөгүм таштабай
Колуңарга алгыла.
Арстан Кыяз эр баатыр
Эр Сарыбай баатырды
Ат кошчу кылып алган жер.
Күйгөн оттой чамынып
Күрөшүүгө камынып
Жаккан оттой чамынып
Кармашууга камынып
Жоо-жарагын алган жер.
Эки жактан эки кол
Эки баатыр кармашат.
Кандай болор экен деп
Казганактап жакындап
Арстан Бакай, Айкожо
Аксакалын жайган жер.
Күлчоро менен Кыяздын
Кармашканын көрөлү.
Арстан Бакай, Айкожо
Аскерин тосуп салган жер.
Куруп аскер жыйышып
Жети күнү курчумун
Бир далайга кармалып
Кылган шин окшотуп
Кырылышпай токтошуп
Кудай бетин көргөзбө
Ак булуттун тукуму
Алманбеттин тукуму.
Арча боз минип болкоюп
Атка минип залкайып.
Кудай бетин көргөзбө
Бала Сейтек жолдошу
Башынан кыдыр колдочу
Атасынан бабасы
Мусулмандын жолборсу
Бир далайды аралап
Ала баш мылтык далылап
Энтемир балта салынып
Белге кылыч чамынып
Эр Күлчоро баатырдын
Бала Сейтек жолдошу.
Арбактуу баатыр Чорону
Айкожо, Бакай баш болуп
Атказып жолго салган жер.

Аргын, огой уркурап
Бата берип калган жер.
Жаза кылбай таалайга
Кудай бетин көргөзбө
Оң колуна айза алып
Орой кармап бек ууштап
Секин-секин бастырып,
Жердин бетин каздырып,
Аста-аста бастырып,
Топуракты чачтырып,
Тоорулушуп калган жер.
Кудай бетин көргөзбө
Күлчоро, Кыяз эки шер
Маңдайлашып барган жер.
Кача турган жер барбы?
Экөөнөн ашкан эр барбы?
Кудай бетин көрөзбө
Кыйгактуу айза сунушуп
Кылычты кындан суурушуп.
Кыя тартып урушуп
Айбалта менен салышып,
Сапары колго алышып,
Айза менен сайышып,
Кудай бетин көргөзбө
Айзанын учу майышып.
Күлчоро, Кыяз эки шер
Кылыч менен салышып.
Кындары жондо калышып
Ат тизгинин бурушат
Күлчоро, Кыяз эки шер
Алышалбай турушат.
Минген аты майышып
Адегенде эки шер
Айза менен сайышып.
Сабынан айза сындырып
Кудай бетин көргөзбө
Жонунан балта бөлүнүп.
Жонунан аккан тер
Ат жалына төгүлүп.
Кылычтар кындан бөлүнүп
Сызылып кара кан агып
Эки баатыр жолошуп.
Дөбөлү жерлер ай болуп
Кудай бетин көргөзбө
Сайышкан жери ың болуп.
Үстү топо чаң болуп.
Кара тер басып чубуруп
Кармашканын көргөн эл
Жабдыгы кетин жанынан
Алтын жака, ак бүчү
Кудай бетин көргөзбө
Алышалбай турганда
Айдай аппак, ак кебез
Зооттору бөлүнүп.
Кебездери көрүнүп
Бутундагы кийгени
Тигишинен сөгүлүп.
Каптама кийген зооттор
Бүгүшүнөн сөгүлүп.
Кебези чыгып булактан
Буулугушуп эки шер
Ачуусунан жулушуп
Алышалбай турушуп.
Канкор менен кармашып
Кудай бетин көргөзбө
Ат тизесин бүгүшүп.
Күлчоро, Кыяз сүрүшүп
Кароолдо турган канча шер
Эр Сарыбай баатыр эр
Кирип барат жакындап.
Күлчоронун жолдошу
Балапан жүрү маңдайда
Жазыптыр кудай маңдайда
Тоотору минип болкоюп

Бала турат зоңкоюп.
Кудай бетин көргөзбө
Алкасынан алышып
Күлчоро, Кыяз эки шер
Алышалбай эки күн
Эки элдин ортодо
Эки баатыр сайышып.
Баатыр бала Күлчоро
Баштагы күчү бар болсо,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Буту-колун жулбайбы,
Көтөрүп жерге урбайбы,
Колун жулуп албайбы,
Кандай болоор экен деп
Бул өңдөнгөн эчენди
Катылганда жок кылган,
Кубаты кеткен экен деп
Кудай бетин көргөзбө
Атактуу Кыяз баатырга
Алдырып ийер бекен деп.
Ат тизгинин бурган жер.
Орой кармап мойнунан
Бекем кармап колунан
Кудай бетин көргөзбө
Күн төбөгө келгенде
Калың эл ыйлап буркурап
Кан Кыяз менен Чоронун
Камдап койгон аскери
Баары ыйлап чуркурап.
Олуязаада Күлчоро
Ат тизгинин бурду эми.
Кудай бетин көргөзбө
Койкүрөңдүн үстүнөн
Алып жерге урду эми.
Оң колунан алды эми
Аюу көпчүк ак быштак
Эр Кыяздын оң колун
Жоон санга салды эми.
Кудай бетин көргөнбө
Кыяздын аты калды эми.
Эр Күлчоро баатырдын
Колун барып урду эми.
Сааманда жылдыз оң тартып
Кете турган өңдөйдү.
Атактуу Кыяз шер баатыр
Акырет сапар жол тартып
Баатыр Кыяз бакырды
Бала Сейтек чыракты
Кулунум деп чакырды.
Ак шумкардай бөпөлөп,
Асман ……[3] көтөрүп,
Балапандай жем берип,
Бактым эле кулунум.
Маңдайымда сен туруп
Ушу күндү көрөмбү?
Сени көрүп мен туруп,
Мен садагаң кетейин,
Мен ушинтип өлөмбү?
Күлчорого жеңдирип,
Күч кубаты кеткенде
Сейтекти көрүп бакырып
Жалгызым деп чакырып
Арбактуу Бакай көргөн жер
Бала Сейтек чыракка
Сени баккан жашыңда
Айчүрөк барып ал жакка
Бала кылып асырап
Ата болуп бул баккан.
Бозала туйгун чолпоңум,
Мен садагаң кетейин,
Жалгыздап калган чолпонум,
Күлчорого баргын деп
Ары келсең абакең

[3] Эч түшүнуксүз сөз

Алып коет башың деп.
Кыйып коет жаның деп.
Бакай тапкан ушул эп
Күлчоронун колунда
Түштү өлүм оюна.
Кечээ көрбөгөнүм көр кылып
Көргөн күнүн жок кылып
Жебегенин бок кылып
Өз кылганын кылам деп
Эр Күлчоро шер баатыр
Өлтүрбөй өчүм алам деп
Как өзүндөй кылам деп
Эки колун байлатып
Эки көзүн жайнатып
Энекемдин алдына
Аскерлерге айдатып
Энекем кегин алсын деп,
Элиндин өчү кансын деп,
Эр Күлчоро баатыр шер
Кыязды кармап турган жер.
Баатыр Кыяз үн салып,
Бакырып ыйлап муң салып,
Бозала туйгун болпоңун,
Майдайымда карегим,
Мен садагам кетсемчи,
Көзүмө тарткан айнегим,
Белиме чалган кемерим,
Бетине тамга медерим,
Айзага таккан калегим,
Жараткан алда бир кудай
Сурап алган белегим,
Сербейип карап сен турсаң
Сен турган жерде өлөмбү?
Ошо күндү көрөмбү?
Баатыр Кыяз бакырып
Баласы болгон чынында
Чолпонум деп чакырып,
Аманат жанга күч келип,
Атактуу эрдин тукуму.
Бала Сейтек барды эле
Кагылайын абаке,
Өзүнүн жайган тору деп
Кайнаган муну шору деп
Бура кармап оң колун
Буруксуган Күлчоро
Болкуп алар кезинде
Бала Сейтек обого
Күлчоронун жөлөгү
Кечээ баатырдан калган өбөгү
Түтөгүнө чапкан жер.
Кыяздын үнүн уккан жер.
Боору бурап калган жер.
Күлчоронун колунан
Кыязды сурап алган жер.
Атасы болгон Кыязды
Канын алып калган жер.
Чоронун алды колунан
Эр Кыязды бошотуп
Кете бер деп жолуңа
Айкожо, Бакай ойлонуп
Кеткени жакшы болду деп.
Аралап элге бараар деп
Акылы болсо эр Кыяз
Жөн багынып калаар деп.
Өлгөнүнөн калганы
Элин жакшы багаар деп.
Айтылуу Бакай билерман
Кабысем кылып күүлөнүп
Кантээр экен бала деп
Кармашкан жоону кетирип
Эр Сейтекке сүйлөнүп.
Кудай бетин көргөзбө
Аксакалын бурады
Атактуу Бакай, Айкожо

# СЕЙТЕК

Бала Сейтек баатырды
Абасы Бакай сурады:
«Кудай бетин көргөзбө
Алган жоону кетирип
Кызыталак баланын
Бул эмине кылганы?».
Буруксуп Бакай күүлөнүп,
Атасындай бекен деп
Оң мурутун бурады.
Олуязаада эр Бакай
Жаш Сейтекти сынады.
Айланайын абаке,
Көйнөктүн канын жууду деп,
Көйнөктүн канын бууду деп,
Жедигердин шаарына
Мени Айчүрөк тууду деп,
Бул Айчүрөк оңбосун
Тентиген атка кондуруп
Душмандын канын табасың.
Кийин уктум эчenden
Семетейден экемин.
Алтын сака, жез чүкө
Айылдан бала жыйчуу эле.
Мен балдарга кошулуп
Аралаш ойноп турганда
Атыма басып келчү эле.
Алаканга салчу эле
Баатыр болот балам деп
Ардактап багып келчү эле.
Эне көрүп ыйлады
Жанымды жаман кыйнады
Ата болуп асырап
Баккан барын актадым
Эсише түштү Кыяздын
Абакең эркелетип баккан деп.
Баланын кебин укканда
Арстан Бакай, Айкожо
Мурунун сылап күлдү эле.
Атасындай болоорун
Ошондо Бакай билди эми.
Жедигердин кан Кыяз
Жетелетип алды эми.
Жедигерге барды эми.
Кабыргадан кагынып
Катар оору тийгендей
Оң өпкөдөн сезгенип
Оңолбос оору тийгендей.
Карсадан-карса жөтөлсө,
Кан Кыяздын оозунан
Кашыктай өжөк кан кетет.
Күрсөдөн-күрсө жөтөлсө
Эр Кыяздын оозунан
Ошондой күрөктөй өжөк кан кетип.
Ошондо гүлдөрү гана олтуруп
Ошондо Күлчоро менен кармашып
Ошондо калган экен алсырап.
Кармашкан менен болбойт го
Кармашып душман жеңбеген
Бу Күлчоро барында
Менин Сейтегим жүрөт жанында
Акыры бизди койбойт го,
Кечээ энемдин айткан кеби эле
Күлчоро, Бакай барында
Акыры сени оң койбойт
Акыры ишиң оң болбойт.
Алача коргон аталып
Айылдан сулуу кыз алып.
Айры өркөчтү нар алып.
Алтын, күмүш зар алып.
Асылы эрдин тукуму
Кеги болбойт баатырдын
Жөн банып бергин деп
Энемдин тилин албадым.
Атаңдын көрү дүйнө күн

Сарыбай, Бошкой күүлөнүп
Жедигер элин билгенде
Астындагы элдерин
Кандай үйрүп жүргөндө
Кайрат кылып камынды.
Кармашам деп чамынды.
Күлчоро келди жекеге
Бала Сейтек болбосо
Асманда жылдыз оп тартып,
Акырет сапар жол тартып,
Өлө турган кезимде
Ошондо Сейтек өзүмдө
Күлчорого кошулуп
Ат кошчу болуп алыптыр.
Мынабу Бошкой көргөндөр
Айза кармап белендеп
Даярланып калыптыр.
Сейтекти көрүп бакырдым
Кел бери! –деп чакырдым.
Асырап багып чоңойткон
Балаң Сейтек «ак» деди.
Өлө турган кезимде
Күлчоронун колунан
Келип сурап алды деп.
Ошо бала Сейтек барынан
Моминтип өлбөй калдым деп
Ошо кан Кыяз элге жар салып
Кечээ Күлчоро менен сайышка
Айза тийип жешилип
Тулку бойдо жара бар.
Жарасынан салаалап
Жараты кармап балаалап
Салаалап аккан каны бар.
Жарага даары салуучу
Айыктырып алуучу
Дарыкечтер дагы бар.
Арстан Кыяз баатырды
Айыктырып алган жер.
Бакай менен Чорого
Арага киши салган жер.
Башта Кыяз уулу эле
Атактуу баатыр Күлчоро
Байланып жүргөн кул эле.
Атка минип катыгат
Баатыр болуп атыгып
Эрбейип киши болуптур.
Эр Сейтек атка конуптур.
Атактуу Бошкой кеп айтып:
«Баатыр болсо бу Сейтек
Жекеге чыксын»,– деп айтып.
Аттын бутун малышсын
Сарыбай менен эр Сейтек
Жекеге чыгып калышсын.
Ажалдуусу өлсүн деп
Жекеге чыгып келсин деп
Бакай менен Чорого
Эр Сейтекти чыгарып
Жекелеликке берсин деп.
Кудай билет чын болсо
Арачыга кат жазып
Алыбайды атказып.
Атактуу баатыр Сарыбай
Эл ичинде жүргөндө
Кыяз менен бир жүргөн
Сыр алышып сын түйгөн
Сырдаш өскөн жан эле.
Жаш кезинде атыккан
Баатыр деген бала эле.
Мунун балбандыгы бар эле
Жоокер болгон жоо сайган
Жоон билек, катуу күч
Жолу ачык болчу бала эле.
Мынабу баатыр Кыязга
Жолдоштугу бар эле.

Чыгарып берсе Сейтекти
Сарыбай барса жеңет деп
Оңолбогон тосор кул
Сейтекти асып келет деп.
Атасынан Сарыбай
Артык тууган жан эле.
Энесинен туулган
Эрке өскөн бала эле.
Сарыбай кылса эрдикти
Калың аскер жедигер
Калк баштаган эчендер
Акыл табар чечендер
Жол баштаган эчендер
Жоого тиер көсөмдөр
Сарыбай баатыр барсын деп
Чыгарар берер Сейтекти
Калса кудай колуна
Сейтек келсе колуна
Колун жулуп салгын деп.
Башып кесип алгын деп.
Сарыбайга кеп айтып
Билгичтери көп айтып
Кээ бирөө кеп айтат
Сейтек келсе баланы
Сарыбай баатыр барса деп.
Баланы байлап алалы
Арачы кайра барган жер
Айкожо, Бакай, Күлчоро
Жекеге Сейтек чыгат деп
Бакай, Чоро кат жазып
Арачыны атказып.
Баатыры чыгып келсин деп
Бала болгон башында
Баатыр болуп жашында
Баатыр атка конду деп.
Атасы баатыр Семетей
Как ошондой болду деп.
Күлчоро, Бакай кеп айтып
Сейтек барам деп айтып
Чыдаса чыгып келсин деп.
Чыдабаса жедигер
Жөн багынып берсин деп.
Кааласа чыгып келсин деп.
Каалабаса жедигер
Тынч багынып берсин деп.
Арачына атказды
Ошондо Күлчоро, Бакай кат жазды
Арага жүргөн элчилер
Кайрылып кайра барган жер.
Күлчоро, Бакай жазганды
Калк алдына салган жер.
Катып окуп токтошуп
Кудай берер бекен деп
Сейтек келет экен деп.
Алачаны алдырып
Ай туякка чалдырып
Калайыкка даң эле
Баатырлыгы бар эле
Жаш кезинде эр сайган
Экини катар бир сайган.
Атка минип катыккан
Баатыр болуп атыккан.
Сарыбай атка конду эле
Кыязга жолдош болду эле.
Калкын бийлеп эл сурап
Кыязга болду жолдош деп.
Жедигердин элине
Жаңы чыккан жолборс деп.
Эли журту чогулуп
Сары серке алдырып,
Садагасын кактырып,
Ай туякка ат чалып,
Ай мүйүздү үй чалып,
Барктап атка кондуруп,

# СЕЙТЕК

Атагы баатыр дегендер
Айылды баккан зор болгон
Муну менен алышкан киши кор
болгон.
Огойду Кыяз жеңгенде
Семетейдин иниси
Оңолбогон Канчоро
Жолдош болуп бергенде.
Ат көкүлү түшчү эле
Эр Кыязга кошулуп
Сарыбай бирге жүрчү эле.
Семетей, Кыяз сайышып
Кудай билет чын болсо
Семетей жеңер кезинде
Ошо Сарыбайдын эсинде
Канчоро аңдып барды эле.
Мойнуна чылбыр салды эле.
Сүйрөтүп кетип калды эле.
Ошо, жедигердин кан Кыяз
Ар кайсы жерин кескилеп
Айза менен тешкилеп
Моокуму[4], алы канды эле.
Кылчайып кайра келгисиз
Эр Семетей баатырды
Алмадай баашын алаарда
Башын алып салаарда
Күлчоро кирип барды эле.
Күлчоро жакын барганда
Каарына туралбай
Заарына чыдабай
Сарыбай, Кыяз созулуп
Чала өстүрүп баатырды
Элине кире качып кошулуп.
Атактуу чыккан эр деген
Алышып киши жеңбеген.
Чыкса Сейтек баланы
Сарыбай алып келет деп
Ошондо жедигер басты санааны.
Сарыбайды кашыттып
Жаккан оттой чамынып
Тулпарга тердик салдырып
Баатыр өскөн Сарыбай
Атка-суугa кам кылып.
Каптап соот кийгизип
Көтөрүп атка мингизип.
Туулга башка кийгизип
Кудай бетин көргөзбө
Чуркурашып жедигер
Эр Сарыбай баатырды
Туу карматтып мингизип.
Туйгундай учуп айланган
Темирбектин Жашболот
Ат кошчу кылып берген жер.
Айза кетсе колунан
Даяр кылып бергин деп.
Жедигер эми камданып
Ошондо Сейтек чыкты шаңданып.
Жеке, жеке, жеке, – деп
Аттанган менин жолуман
Азыркы менин колуман
Атасы Семетей кеткен Мекеге
Балтыр эти толо элек
Балбан маалы оло элек
Чактап эти толо элек
Чабышар маалы боло элек
Кудай бетин көргөзбө
Атка минип созулуп
Сарыбай чыкты жекеге.
Эми Сейтек бала баатырдын
Атасынан бабасы
Кандай болуп турат деп.
Кагылайын абаке,
Мынабу турган баланды

[4] «Кыргырер» деп мааниси туура эмес жазылган

Жекеге эми чыгат деп.
Жүрөгүн басып карачы
Баатыр Чоро кеп айтып
Абакеси Бакайга
Байкагын аба деп айтып
Абасы Бакай барган жер
Бакайды сынап калган жер.
Атактуу баатыр кайран эр
Башында сынчы бала эле.
Ардемени көп билген
Сынчылыгы бар эле.
Жүрөгүнө кол салып
Абасы Бакай барганы
Баатырдан калган көпөлөк
Бакайды сынап калганы.
Колун салып караса
Эт жүрөгү былк этпейт.
Жекеге чыгар кезинде
Кудай бетин көрөзбө
Нур жагылып бетине
Кемерин белге курчаган
Эки бетин ур чалып
Бой тумар бойго чалытып
Болуптурган эр Сейтек.
Урушууга камынып
Каныкей кылган каттама
Кечээ баатыр Манас кийчүү эле.
Басташып жоого тийчүү эле
Каттама жайып аттанып.
Барандын огу батчу эмес.
Келтенин огу кесчү эмес.
Айза тийип тешчү эмес.
Кылычтын мизи кыйраган
Айбалта чапса өтпөгөн
Каныкей кылган каттама.
Алды Бакай колуна
Он экиде Сейтекти
Салмак болду жолуна
Каттаманын тышына
Белдемчи деген себилип
Белге салчу темирин
Белине Бакай салды эми.
Туулга деген себилин
Тула бойдун темирин
Тула бойго кийгизип
Кудай билет чын болсо
Сөйкө менен себилин
Сөөк баштык темирин.
Башка кийген туулга
Катагандын кара уста
Алтын куйган жээктеп.
Акылы башка Каныкей
Кокустан ыргып кетем деп
Койгон жамагылап жээктеп.
Бар кийимин кийгизип
Баланы атка мингизип.
Кудай бетин көргөзбө
Көргөн элдер буркурап
Көпчүлүк айтып чуркурап.
Барса жеңип келет деп
Көрдүңөрбү баланы
Жаңырып арбак колдо деп.
Атасындай болду деп.
Көпчүлүк баары сынады
Тоотору минип болкулдап
Атасы баатыр өндөнүп
Бала Сейтек жаш чырак
Жини чыгар бөлүнүп
Жекеге чыгар шаңданып.
Кудай бетин көргөзбө
Жолдош болуп берүүгө
Куудай санаам кубарган
Шурудай көзү кызарып
Эки көзүн кал баскан

## СЕЙТЕК

Эки бетин чаң баскан
Айкожо чыкты кошулуп.
Карып калган чал эле
Канча жолу кайтарып
Алып жүргөн жан эле.
Семетейден калды деп
Сейтекти Бакай чыгарып
Кудай бетин көргөзбө
Кармашкан болду эки шер.
Көргөн киши кубанып
Кароолчу болуп кан Бакай
Ат кошчу болуп алган жер.
Жаш Сейтекке кошулуп
Кан Бакай кошо барган жер.
Сарыбай, Бөкөй эр эле
Эр Кыязга тең эле.
Кыяздан кайдан кем эле.
Сарыбайга ат кошчу
Баатыр Бошкой келди эле.
Колуңан кетсе кокустан
Даяр кылам деди эле.
Жедигердин аскери
Берди кудай, берди! –деп
Жекеге бала келди деп
Ат кошчу Бакай болот деп.
Тарамышы ката элек
Чабышар чаркы боло элек
Сарыбай кайдан коет деп.
Мен жолдош болгон эр Бошкон
Кокустан Бакай кол салса
Сарыбай, Бошкой эки шер
Экөөнү бирдей саят деп.
Жедигер эли дүңгүрөп
Жер союлуп дардашып
Жаркыраган сары желек
Сапатын айтса бир бөлөк.
Алтын айчык кызыл туу
Жедигер эли көтөрүп
Асмандата баштады.
Кудай бетин көргөзбө
Бала берип жөнөтүп
Сарыбай жолго чыккан жер.
Сарыбай жолго чыкканда
Бала Сейтек жаш чунак
Камчысын кармап имерип
Кайраты эмей эмине
Астындагы Тоотору
Айбандан башка көп тоору.
Сары орой жаш бала
Тартып-тартып жиберип.
Баабедин деп бакырып
Белине салып бир кудай
Чоң атасы Манасты
Алда атат, алда!–деп
Арбагыңда колдо деп.
Артыңда калган мен бала
Ажал өлүм айда деп.
Акырет кетер жолдо деп.
Жоболоңу колдо деп
Бакырыгы баш жарып
Бала Сейтек чунактын
Бакырган үнү жер жарып.
Бакырган үнү баш жарып
Бала Сейтек баатырдын
Кыйкырган үнү жер жарып.
Баабедин кирип оозуна
Атасы түшүп эсине,
Ур жабылып бетине,
Толгой камчы урганда.
Тооторуга камчы уруп
Толгой тартып турганда.
Тоотору саны бөлүнүп
Кудай бетин көргөзбө
Кара сандан акпан кан

Дүркүрөп жерге төгүлүп,
Жарданышкан көп ногой
Жайпан карап турган жер.
Жеңдирип ийсе баатырга
Кыйкырып уруш салалы,
Жалпы кирип баралы.
Каргадай болгон Сейтекти
Ажыратып алалы.
Аткор чыгып ат тонун
Атты шашып бат токуп,
Ат куйругун түйүшүп,
Күлчоронун аскери
Кудай бетин көргөзбө
Күүлөнүп атка минишип.
Арстан баатыр Күлчоро
Токто, токто, токто!–деп
Саларсыңар бузукту
Жедигердин элине
Жаш бала кетип баратат.
Көрөрсүңөр кызыкты
Азыр Чоро толгонуп,
Атадан калган жетимчен
Алдырбайт деп ойлонуп.
Кыяздын эли топтолуп
Сарыбай кантип жеңбесин
Көп адамдан кайраттуу,
Мендеден башка айбаттуу,
Кудай бетин көргөзбө
Жедигер көөнү багылып
Арбак урган баланы
Азыр алып келет деп.
Карсылдашып күлүшүп,
Каршы-терши жүрүшүп.
Чатырына киришип,
Кудай бетин көрөзбө
Баланын чыккан үнүнө.
Карылына жеткен бар
Манасты көргөн эчен бар.
Баланын башка түрү деп
Каныкей эр Манас өңдү үнү деп.
Эси чыгып болкулдап
Сексен жашка баргандар
Манасты көрүп калгандар
Баланын үнүн укканда
Жер жаңырып бакырып,
Баатыр Манас өңдөнүп
Үнү башка чыкканда.
Кудай бетин көргөзбө,
Баатыр Сейтек барган жер
Сунган айза кызарып,
Эки бетин ур чалып,
Эки көзүн кан чалып,
Качырып айза салган жер.
Сарыбай, Сейтек беттешип
Айзалашып калган жер.
Айза менен сайышып
Айзаны алып сабынан
Уңгусунан кайрышып.
Балталашып салышып.
Бала Сейтек, Сарыбай
Саптары колдо калышып.
Кылычты кындан алышып
Кыя тартып салышып.
Калкандын учун кайрышып
Кийген соотун айрышып.
Бала Сейтек, Сарыбай
Экөө турат кагышып.
Аттары баспай майышып
Алда кечен сайышып.
Кудай бетин көргөзбө
Эки баатыр урушуп
Этек-жеңин жулушуп.
Каршы алышып алганда
Алыша албай эки шер

# СЕЙТЕК

Бир далайга барган жер.
Алтын жакы, ак бүчү
Жулуп-булуп ыргытып,
Бүктөмөлүү чыпталса
Бүгүшүнөн сөгүлүп.
Буланын кебез көрүшүп
Аманат жанды сактама
Айза өтпөс каттама.
Адамдын жанын саптама
Ар кайсы жери бөлүнүп,
Агарып  кебез көрүшүп,
Каптама жаны бир башка
Майда кумдан элеңди
Темирден  түптөп өгөңдү.
Кебез менен жибекти
Курч кайчыга кырктырып,
Баатырдын жанын сактаган.
Бу Каныкей каттаган.
Сарыбай оңой эр эмес
Садагасы кетейин,
Сактаганы болбосо,
Бала Сейтек баатырга
Алдырып ийчү эр эмес.
Ат тизгинин бурганда
Сарыбай, Сейтек эки эр
Алыша албай турганда.
Кудай бетин көргөзбө
Жери жайык түс эле
Ошо жылы күз эле.
Топурак ызгып чаң болуп
Ат ойнотуп урушуп
Алыша албай турушуп.
Көргөндүн башы маң болуп
Алдыдагы аттары
Мойнун жерге салган жер.
Алыша албай далайга
Кудай бетин көргөзбө,

Бир далайга барган жер.
Атка минип алууга
Аттанып уруш салууга
Эки эрдин мингени
Тумшугу жерге сайылып
Туягы жерге малынып.
Сары жаргак кандагай
Сандыргалуу Сарыбай.
Кудай бетин көргөзбө
Билегин кайра түрүшүп
Сейтекти көздөй жүгүрүп.
Эр Сарыбай шаңданып
Күрөшүгө камданып.
Көтөрүп жерге урар деп
Ат кошчу болуп эр Бошкой
Сарыбайга таң калып.
Бала Сейтек жаш бала
Оң билегин түргөн жер.
Сары жаргак кандагай
Канжыгага чалган жер.
Абакеси кан Бакай
Аны чечип алган жер.
Бутуңа муну кийгин деп
Абасы Бакай болгон жер.
Кандагай кийип бутуна
Кармашууга камынып
Бала Сейтек чамынып.
Басып барды жашынып
Билегинен кармашып
Толгой кармап жулушуп.
Толукшуган Сарыбай
Калкандарын кайрышып
Жаак-башын айрышып.
Кудай бетин көргөзбө
Кандагайы бөлүнүп
Каптал эти көрүнүп.
Кийген сооту бөлүнүп

Чакмак эти көрүнүп.
Багалегин түрүшүп
Сейтек менен Сарыбай
Өйдө-ылдый сүрүшүп.
Кармалашып алышып
Жеңише албай барышып.
Кармашкан жери чаң болгон
Баатырдын уулу Сейтектин
Бүткөн бою дан болгон.
Кара тер агып бетинен
Кан кошо чыгып көзүнөн.
Карап турса кан Бакай
Эр камчысы эки кол
Шалдайыңкы көрүндү
Бала баатыр жаш Кыяз
Далдайыңкы көрүндү.
Баланын бели майышып
Алдырчуудай көрүндү.
Баланын бели майышып
Алдырчуудай көрүндү.
Бакай карап турганда
Кечээ кан Манас өткөн каныбы
Кызыл чаар жолборсу
Кысылган жерде колдогон.
Атасынан бабасы
Күтүп жүргөн жолдошу
Кара чаар жолборсу
Ошондой жерде колдочу.
Атасынан бабасы
Багып жүргөн жолдошу.
Арстан Манас баатырды
Ар кандай жерде колдоочу
Бала чаар эр жолборс
Балага болот бу жолдош.
Арстан Бакай баатырдын
Оң жагына барган жер.
Айкөл Манас баатырдын
Жолдоштору барганда
Арстан Бакай баатырды
Тегеренип калган жер.
Жолдоштору келгенде
Көкжалга жолдош көк жолборс
Бу да келип бергенде.
Ак тасма белге буубай кал[5]
Атадан сени туубай кал.
Ошондо Бакай бакырды
Күрөшкөн Сейтек баатырды.
Айзасын колго алган жер
Арстан Бакай эр баатыр
Колдогону барганда,
Бала Сейтек чунакты
Тегеренип калганда,
Кудай билет чын болсо
Айза салды жолуна,
Арстан Бакай эр баатыр
Айза алды колуна,
Кылычты илет билекке
Багалчагы майышып
Согончогу тарамыш
Айзанын учу жанган жер
Атадан туубай калды деп
Арстан Бакай, Айкожо
Кармашып турган Сейтекти
Багалчака сайган жер.
Бала жолборс чырактын
Жаны ачылып калган жер.
Барбарсыган баатырды
Чалкасынан салган жер.
Кылычын алып кашынып
Абасы Бакай барган жер.
Дөгүрсүгөн баатырды
Кажы-сөлү жоголуп,
Кайраттанып оңолуп,

[5] Ком деп маанилик жактан туура эмес келген

Атасы баатыр Семетей
Кан Кыяздын атасы
Толтойдун башын алгандай,
Семетей чаап салгандай,
Кан Бакайдын колунан
Алды бала эр Сейтек.
Кудай билет чын болсо,
Болукшуган баатырды
Чалкасынан салган жер.
Сарыбайды кулатты.
Атасы баатыр Семетей
Артында калып чоңойгон,
Адаш болуп оңолгон,
Баатырсыган Сарыбай
Башын алып кулатты.
Баатырсынган Сарыбай
Өзүнө-өзү кылганы,
Кечээ огойду Кыяз жеңгенде
Олуязаада Бакайды
Байлап алып урганы,
Көтөрүлүп буруксуп,
Көп кишиден улуксуп,
Арстан Бакай баатырга
Адамдын колу тийбеген.
Жараткан алда кудай деп
Арстан Бакай олуя
Ар кылганын билбеген.
Сарыбай сапа тартканда
Семетейдин жалгызы
Бооруна айза тыкканда.
Болукшуган баатырды
Томолотуп жыкканда.
Бу да болсо шер эле
Кыйнабай жанын алсын деп,
Акыретке барсын деп,
Өз кылганын билсин деп,
Казылган көргө кирсин деп,
Жазасын кудай берсин деп,
Кылычты кындан алган жер.
Кыйналбай жаны чыксын деп,
Башын чаап салган жер.
Баатыр Сейтек жеңди деп
Аткошчу болгон Бошкой эр
Кайрылып кагып калган жер.
Белине саадак бууганбы?
Берендин уулу Семетей
Ошондон Чүрөк тууганбы?
Олуязаада Манастын
Арбагы келип конгонбу?
Атасындай болгонбу?
Баатырдын уулу жаш бала
Кабылган эрди сойгондо
Баатырсынган Сарыны
Бала сайды кулатып
Эр Бошкой жолго салган жер.
Эр Сарыбай өлдү деп
Кан Бошкой качып калган жер.
Белине кемер бууган жер
Периште колдоп баланы
Көтүнөн түшуп кууган жер.
Айтылуу Бошкой кыйын эр
Ок-дарысын чачкан жер.
Жедигер элин мааналап
Баатыр Бошкой качкан жер.
Өлбөй элге жетээрде
Элине кирип кетээрде
Эл чогулуп аларда
Тегеректеп каларда
Чаң созулуп буркурап
Качпа, качпа, качып!–деп
Кудай бетин көргөзбө
Астындагы Тоотору
Болотттон калган ооздук
Капшыра тиштеп алыптыр

# СЕЙТЕК

Качып калган Бошкойго
Сейтек жете барыптыр.
Кызыл түлкү жүнүндөй
Боруму кыздын түрүндөй
Кудай бетин көрөзбө,
Ар боруму бир башка
Манастын уулу Семетей
Атасынын сүрүндөй
Элге жаңы жеткенде
Артынан кууган каргадай,
Жагалмай болгон чымчыктай,
Ошондо жаш бала жетип
жакындап,
Ошол качкан жону такылдап,
Кайнаган аскер көп колго
Калкына аман жетээрде
Жетпей калсаң эр Сейтек
Энеңе өлбөй жетээрде
Баабедин үнү басылбай,
Бакырыга жазылбай,
Чоң кемердин чети деп,
Чоң далынын бети деп,
Алтын кемер чети деп,
Айдалынын бети деп,
Чоң өпкөнүн тушу деп,
Өлүүчү жери ушу деп,
Чоң кемердин четине
Оң далынын бетине
Кудай бетин көргөзбө
Кочкор сүзгөн эмедей
Койду Сейтек далыга.
Айдалыны жарды эми
Баланын сайган найзаны
Омуроонун үстүнөн,
Оң өпкөнүн четине,
Айзанын учу сороюп
Бала Сейтек баатырдын
Баатырдын сайган айзасы
Баатыр Бошкой кулады.
Жаш баладай сулады.
Кудай билет чын болсо,
Бала Сейтек жаш бала
Качырган жерден кан кечип.
Кабылган жерден жан кетип.
Айза тийип эшилип
Оң далысы тешилип.
Караламан элине
Бошкой кирип кетээрде
Элине аман жетээрде
Толукшуган Бошкойду
Томуктай Сейтек сулатты.
Сарыбай менен Бошкойду
Экөөнү бирдей кулатты.
Баатыр Чоро келгенде
Эр Кыяз чыгып бергенде
Кара жанын үрөшкөн
Аттан түшүп күрөшкөн.
Жеңиш албай турушкан
Калктын баары жардашкан.
Күлчоро, Кыяз эки шер
Алышалбай турганда
Көргөн киши таң калып
Кыязды Чоро аларда
Кыйкырып үндү салды эле,
«Кулунум» деп чакырып
Баатыр Кыяз кайран эр
«Жалгызым» деп бакырган
Бала Сейтек баатырдын
«Кел бери» деп чакырган.
Ар кандай чыгат акылдан
Кыяздын үнү чыкканда
Баатыр бала Күлчоро
Эр Кыязды жыкканда,
Атам болуп калды эле

Күлчоронун колунан.
Бала Сейтек жаш бала
Тентитпей[6] алып калды эле.
Баатыр Кыяз кайран эр
Өз элине барды эле.
Койкүрөндү мингенде
Кан Кыяз оңой жан эмес
Кудай билет чын болсо,
Өлөөрүн Кыяз билген жер.
Кайратты катуу кылган жер.
Кудай билет чын болсо,
Кармашып жүрүп өлөм деп
Калың колду жыйган жер.
Эс алып аткан Кыязга
Байсейит менен Алыбай
Кан Кыязга барган жер.
Барып кабар салган
Сарыбай менен Бошкойду
Айланайын султаным
Экөөнү бирдей сайды деп
Экөө тең өлүп калды деп
Бир жаш бала алды деп
Баланын түрү башка экен
Манастын уулу Семетей
Өлүп соолуп жатканда
Баатырды кайып бакканбы?
Баланын башка сүрү бар
Баабедин деп бакырса,
Манастан ураан чакырса,
Семетейдин түрү бар.
Күлчоро, Бакай баарында
Бала жүрсө жанында.
Бу кудайдын буйругу
Урушкан менен болбойт го,
Урушса бизди койбойт го.
Кармашкан менен болбойт го,

[6] «Мертинпей» деп түшүнүксүз жазылган

Кабылса бизди койбойт го.
Арачы айтып турган жер
Кара жердин үстүнө
Канды канга төгөм деп
Кармашып атып өлөм деп.
Сарыбай өлсө мейли деп
Бошкой өлсө көрөм деп.
Күркүрөнүн оюнда
Улуу сунун боюнда.
Чырпыктуунун четинде
Чоң талаанын бетинде.
Кечээ огойду барып жеңгенде
Кылбаганды кылдык биз
Бир далайды кырдык биз.
Канкор Бакай баатырды
Кармап алып кыйнадык.
Кан ичме Чоро баатырды
Шамшар менен сыйладык.
Чирип жүрүп өлсүн деп
Куйкасын тилип кум салып,
Таманын тилип туз салып,
Кежирин кесип ойдурган,
Эптүү туулган баатырга
Күлчоронун сойдурдук.
Карыгердин ичинде
Канчалык кылса кетпейт го
Багынып барып жалынсак
Күлчоро, Бакай кечпейт го.
Жеткирип элди жыялы
Кайратты катуу кылалы.
Кан төгүшө чыгалы
Жараткан алда кудайдан
Жазганыңа көнсүн деп
Менин элим жедигер
Малай болуп кеткиче
Бирөө калбай өлсүн деп.
Баатыр Кыяз чамынып,

Урушууга камынып.
Канкор Кыяз чамынып
Кармашууга камынып.
Үйдө жаткан чалды алып
Кой кайтарган койчуну,
Уй кайтарган бадачы,
Жылкы баккан жылкычы,
Ошондо жайыт алды эр Кыяз.
Аскерди жыйып болгондо
Кан Кыяздын үстүнө
Кан Кыяз менен бир жүргөн.
Темирбектин баласы
Ошо келип конгондо.
Ар кандай чыгат акылдан
Арстан Кыяз эргул көкжалдан.
Кармашам деп турганда
Эл калтырбай кырганда
Алда таала кудайдын
Жазып койгон жери бар.
Адамзат пенденин
Казып койгон көрү бар.
Ажал жетсе өлүүчү
Алданын кылган ишине
Адамзат уулу көнүүчү
Кан Кыяз кылып кайратты
Ажалым жетип өлгүчө
Жедигердин калың эл
Баарын айдап барамын
Барып уруш саламын.
Ажал жетип күн бүтсө
Мен да өлүп каламын.
Чорону кудай жаратты
Агындуу суудай аркырап
Айдай бети жаркырап
Арстан Кыяз бакыртып
Камынып уруш кылууга.
Артынан тирүү жөн койбой
Айдап элин кырууга.
Урушка алып чыгууга.
Кудай бетин көргөзбө
Баатыр Кыяз камынып.
Баабединге мал союп,
Баатыр Кыяз жалынып.
Күлчоро менен Кыязга
Башына күндө салды эле
Бакайды издеп баш кылып
Кудай бетин көргөзбө
Жайганым темир тор кылган
Бакай менен Чорону
Бул экөөнү кор кылган.
Шорун кудай тартканда
Багын кудай ачканда
Аскерди Бакай алдаган.
Арстан баатыр Күлчоро
Эчэнди кырып жайлаган.
Аскерди кумдай жыйган жер
Катын менен баланы
Айдаганын тыйган жер.
Эл чогулуп алган жер.
Атактуу Кыяз чоң баатыр
Кармашууга камынып
Караламан эл менен
Калың кара кол менен.
Кудай бетин көргөзбө
Ак асаба туу менен.
Ач кыйкрык чуу менен
Атактуу баатыр кан Кыяз
Жедигер аты өчсүн деп
Аргын менен огойго
Күлчоро менен Бакайга
Өлгөнүнөн калганы
Малай болгон жүргүчө
Көп жашаган карганы
Акыретке кетсин деп.

Ошондо кан Кыяз чыкты камынып.
Ошондо кармашууга чамынып.
Кыяздын жолун таштайлы
Аргын менен огойдун
Күлчоро менен Бакайдын
Баатырдан калган баланы
Бул үчөөнүн баштайлы.
Кайрылып жолго салалек
Ошо Таласка эми баралек.
Арачы келди арага
Арага келген элчилер
Айткан кепти билчүүлөр
Кудай бетин көргөзбө.
Кылган ишин окшотуп
Арстан Бакай, Айкожо
Акылдашып сүйлөшүп.
Убадасын токтотуп
Талаада жаткан канча жан
Сарыбай, Бошкой
Арстан Бакай, Айкожо
Эл чакырып кеп айтып:
«Элдешпесе мейли»,– деп
Арстан Бакай эр айтып.
Эр бүлө кыргын көрбөсүн
Эркектин баары өлбөсүн.
Карагай айза сунгула
Ойлонуп сабыр кылгыла.
Боору катуу кара жер
Эл калбаса оңобу?
Ажал жетип күн бүтсө,
Өлбөй киши калабы?
Калың кара кол келсе,
Кармашууга мол келсе,
Айза сайган ыктуулар,
Ар немеге шыктуулар,
Кылычты кындан албаңар
Өлгөнүнөн калганы
Өзү болот бизге эл.
Өйдө карап салбаңар.
Айбалта жандап албаңар
Калганы болот биздин эл
Айдап кырып салбаңар.
Багындык деп келгенде
Маңдайынан сылаңар
Кылычтап аны албаңар
Кечээ Бээжинге казат барарда
Кечээ Какан менен Бээжинге
Кармашып уруш саларда
Он алты кан мусулман
Баарысын жыйып Манас кан
Жедигер каны эр Багыш
Чоң атасы Кыяздын
Арстан Манас баатырга
Ушуш жети миң аскер берди эле.
Ошондо кандарга салык салды эле.
Он беш менен кырк бештин
Ортосун Манас алды эле.
Кырк эки милек кол менен
Пир колдогон атаңар
Ошондо Бээжинге баштап барды эле.
Жараткан алда бир кудай
Бу да болсо мусулман
Арстан Бакай эр айтып
Аралаша барганда
Барып уруш салганда
Бекер элди өлтүрбө
Калган иши окшошуп
Кырылып бөөдө өлбөсүн.
Бир мусулман болгон соң
Кыргынды бекер көрбөсүн.
Арстан Бакай, Айкожо
Калк сактаган жан эле
Касиети бар эле.
Эл сактаган шер эле

# СЕЙТЕК

Айтылуу Бакай кайран эр
Кайсы эрден кем эле.
Кагазга Бакай жазган жер
Арбактуу Бакай кайран эр
Аскерине кеп айтып:
«Кылычты кындан албаңар
Кыргынды бекер кылбаңар.
Ар кылганын окшотту
Арстан Бакай, Айкожо
Башынан Бакай журт сактап
Багып жүргөн жан эле.
Айкожо болгон атагы
Керемети бар эле.
Жедигер биздин эл эле
Чоң атасы эр Багыш
Мени менен тең эле.
Бирге жүрдүк көп эле
Эл саптаган эр эле,
Касиети бар эле.
Көкөтөй кандын ашында
Кан Кыяздын атасы
Ошондо жети жашар бала эле.
Баатыр Манас өткөндө
Акункан менен алышып,
Алты жашар кызына
Семетейди көрөлек
Бел куда болуп кеткенде.
Атасы айтса тил албай
Айчүрөктү алам деп,
Канкордон алган Семетей
Катынын тартып алам деп,
Акункан шаарын чабам деп,
Канча элди жыйды эле.
Куруп калган жедигер
Семетейге кабылып.
Жедигерди кырды эле
Жедигер элин сактайлы
Эр Толтойдун жангызы
Канчоро чыккан кат берип,
Катка жазып ант берип,
Аргын менен огойду
Алды-алдынан бөлдү эле.
Акундун кызы Чүрөктү
Атаң Толтой алам деп
Кармашып жүрүп өлдү эле.
Атам алчу катынды
Эми өзүң алгын деп
Айчүрөктү алып берди эле
Айланса болот Чүрөккө
Канкордон калган баласы
Калкалап багып чоңойтуп.
Баатырдан калган баланы
Мааналап багып чоңойтуп.
Атасы бөлөк экенин
Чоңойгондо билдирип.
Чоңойтуп така миндирип.
Кыяздын элин билдирип.
Айланса болот Чүрөккө
Мынабу Сейтек баланы
Баланын жүнүн өстүрүп,
Баатырлыкка жеткирип,
Байкуш Чүрөк барды эле
Бала атка мингиче
Каныкей менен Бакайды
Бул Күлчоро баатырды
Азапты башка салды эле.
Кордук көрүп шор басып
Өлүүчү жерге барды эле.
Ошо сербейген бала чоңоюп
Бизди өлүм алып калды эле.
Кара саат жедигер
Келини байкуш Чүрөккө
Катуу камчы тийбесин
Аста, аста жүргүлө

Келиним Чүрөк байкуштун
Амандыгын билгиле.
Чүрөктүн кылган иши деп
Бөөдө өлтүрүп ийбесин.
Арстан Бакай эр ойлоп
Тегеретип көп ойлоп
Акыл айтып элине
Казатка чыкчу баатырлар
Кубанды Бакай кебине.
Кудай бетин көргөзбө,
Аскери атка мингиче,
Аш-тамагын ичкиче,
Атка тердик салгыча,
Атын токуп алгыча,
Жоо-жараганын алгыча,
Жолго чыгып калгыча,
Ай касаба кызыл туу
Айгайлаган ызы чуу.
Адамдын башы былкылдайт
Айзанын учу кылкылдайт.
Аскердин башы көрүнүп
Кудай бетин көргөзбө
Атып турган октору
Жамгырдай жерге төгүлүп.
Жасайылын жаткырып
Замбирегин аттырып.
Жер жарылып буу чыкты
Кудай бетин көргөзбө
Жедигер деген чуу чыкты.
Чай канатса буу чыкты
Кудай бетин көргөзбө
Эр Кыяз деген деген чуу чыкты.
Аскерге кыргын салчудай
Кармашып жеңип алчуудай
Баарын сактайт бир кудай.
Кудай бетин көргөзбө
Каганактап калкылдап
Далыда мылтык шалкылдап.
Кызыл-ала кол менен
Калың кара эл менен
Кыйгактуу айза аштады.
Ошондо жедигер кандын кан Кыяз
Кыйкырып элди баштады.
Айзага таккан желек бар
Баатырдан калган белек бар.
Эшимбек деген төрө бар
Ошол элдин ичинде
Эл бийлеген эчен бар.
Элчибек деген чечен бар.
Караган айза кызыл туу
Аттап келди эр Кыяз.
Калың кара аскерди
Ошондо баштап келди эр Кыяз.
Улартынын оюна
Улуу-Суунун боюна
Арстан Бакай, Күлчоро
Кош түшүрүп жаткан жер.
Кожосан кайып баккан жер.
Казат кылып бакырган
Качпагын деп айкырган
Ошондо эр Кыяз келет астында.
Кыйгактуу айза, кол баштап
Эр Кыяз келди кол баштап.
Кан Кыяз келди кол баштап.
Ок жамгырдай төгүлүп
Ок жаңылып тийгендер
Аткан окко көмүлүп
Ошондо баабедин үндү салган жер.
Манастап ураан чакырып
Баса Күлчоро чыгып калган жер.
Тим жүргөн ойго койбойт деп
Айзасы түштөн колунан
Атасы чыккан жолунан.
Арбактуу бала Сейтекти

# СЕЙТЕК

Кудай бетин көргөзбө
Тизгини колго тийген жер.
Күлчоро, Сейтек кошулуп
Тизилишип жүргөн жер.
Качырып жоого тийген жер.
Арбагы кеткен канчага
Асыл баатыр Күлчоро
Аттанып жоого тийген жер.
Бала Сейтек кошулуп
Кошо жоого кирген жер.
Баатыр Сейтек эр келсе
Кудай бетин көргөзбө
Жеткен жерден эр сайып
Эченди катар бир сайып
Колуна алган айзасы
Сооту сайса тешкен жер.
Карма, карма, карма !– деп
Чогулушуп келгенде
Тоголотуп кеткен жер.
Колундагы айзасы
Темирден айза тешкен жер.
Тегиздеп сайган эмедей
Тегеретип кеткен жер.
Атасы чапкан жанында
Арбактуу Кыяз оюнда
Айза кылыч колунда
Бала Сейтек баатырды
Өлтүрсөм деген оюнда.
Башка жолду баштады
Баатыр Кыяз кан ичме
Балага көзүн сатканы.
Кудай билсе Сейтекти
Айза менен жыксам деп,
Канын ууртап, жутсам деп,
Кан ичмени жыксам деп,
Кызыл канын ичсем деп,
Оңолбогон баланын
Кылычтап башын кессем деп.
Кара канын ичсем деп,
Кармап башын кессем деп.
Бала кылып чоңойтсо
Атка минип алганда
Айлыма бузук салат деп.
Күлчоро менен Бакайга
Качып кетип калат деп.
Кудай бетин көргөзбө
Топ-тобунан бөлүнүп
Сейтек жоого тийгенде
Кудай бетин көргөзбө
Толукшуган Кыязга
Сейтектин шаңы көрүнүп.
Ала моюн сурмача
Айгай үндү салышып.
Аргын, огой, жедигер
Аралашып сайышып.
Какырганы как жатып
Түкүргөнү жел татып
Канжар менен кармашып
Асты-астынан бөлүнүп
Арстан Бакай, Айкожо
Алыстан көзүн салган жер.
Калкка собум болот деп
Бакай карап калган жер.
Карап турса эр Бакай
Кум-Талаанын оюна
Улуу-Суунун боюна
Бөрү тийген көп колдой
Ийрип жүрөт Күлчоро.
Ителги тийген таандай
Айдап жүрөт Күлчоро.
Кармашамын дегенди
Как астына келгенде
Жайлап жүрөт Күлчоро.
Урушамын дегенди

Өз астына келгенди
Өлтүрүп жүрөт Күлчоро.
Кармашпай кайра качканда
Аттан түшө жатканга
Ок-даарысын чачканга
Уруштан коркуп жатканга
Кудай бетин көргөзбө
Коркпой жата бергин деп,
Шашканыңар багынып
Жаныма чыгып келгин деп,
Кыйкырыгы басылбай
Бакайдын сөзү болбосо
Кырмак эле Күлчоро.
Кыйынсыган жедигер
Кудай билет чын болсо
Тополоңун тос кылып
Жердин үстүн кан кылып
Кудай бетин көргөзбө
Жедигерден жан койбой
Кырмак эле Күлчоро.
Кайраттуу катуу кылган жер
Айтылуу баатыр Бакайды
Айтканын сыйлап турган жер.
Кылган ишин окшотуп
Кылычтап колду токтотуп.
Ажалы жетип өлгөндүн
Тирүүсүнө коштотуп.
Эрегишкен эр сайып
Экини катар бир сайып
Аргын, огой алышып,
Айзалашып салышып,
Айзалары майышып,
Айбалта колго алышып,
Ат тизгинин бурушат
Канча күнү, канча түн
Алыша албай турушат.
Жедигер менен огойлор
Жеңише албай турушат.
Кол токтотуп сүйлөшүп
Келише албай турушат.
Бакайдын кеби болбосо,
Башынан айтып койбосо,
Кан Кыяздын колуна
Басып чыккан май койбой
Атка минген жан койбой
Баарын кырып бүтүрүп.
Бакайдын кеби болбосо
Арстан Бакай баатырдын
Айтканына түшүнүп.
Салмак эле ойронду
Айкожо, Бакай айтты деп
Айза саяр эрендер
Атышып жоону жеңгиче
Атка минген берендер
Күлчоро кайда кетти деп.
Баатырды издеп көргөндөр
Чоронун колу бөлүнүп
Айкожо, Бакай баатырдын
Алыстан шаңы көрүнүп.
Кудай билет чын болсо
Айткан тилди албайт деп
Астап уруш салбайт деп
Эрегишсе эки эр
Элди бекер кырат деп.
Бакайдын кебин уккандар
Кылган ишин окшотуп
Жедигердин канча кол
Кылычтап эли топтолуп.
Кайраттуусу кабылып.
Калың кара жедигер
Күлчоро жүрүп көргөндө
Өлгөнүнөн калганы
Өзү келет багынып.
Багындык деп жайылып

# СЕЙТЕК

Ажалды кудай жазганы
Эл калкалап өлтүрбөй
Айкожо, Бакай айтканы.
Уларты тоонун оюнда
Улуу-Суунун боюнда
Сары талаа жеринде
Сапырылып эки көл.
Кудай бетин көргөзбө
Багытканы багынып
Баатырлары жалынып
Ат жетелеп буркурап
Багындык!–деп чуркурап
Жедигерди жеңерде
Кудай бетин көргөзбө
Баатыр Кыяз эр неме
Күлчорону беттебей
Башкаларын кет дебей
Көздөгөнү эр Сейтек
Кара-Тоонун оюнда.
Кудай бетин көргөзбө
Кара-Суунун боюнда
Арстан бала Сейтектин
Астына түшүп алган жер.
Артынан түшсө баланы
Алыстатып алайын
Баланын эбин табайын
Башын алып салайын
Койкүрөң минип койгулап
Арстан Кыяз эр баатыр
Кара түскө салды эми.
Кайкалап кар тоо
Муну көздөй бет алып
Баатыр Кыяз арстан-шер
Эр Сейтекке көрүнүп
Болбой качып калды деп
Башынан мунар созулуп
Баатырларды колдогон
Бирлер келип кошулду.
Бала Сейтек жаш баатыр
Кудай бетин көргөзбө
Тоотoруну камчылап
Жедигердин эр Кыяз
Көздөгөнү жаш Сейтек
Элкиндей жолго салганы.
Ээндекей барганы
Атасы баатыр шер өткөн
Казатка барса кан кылган
Канчалыкты жай кылган
Урушка кирсе кан кылган
Эчендерди жай кылган
Кудай бетин көргөзбө
Кармаганы ок болгон
Кармашкан киши жок болгон
Тиштегени ок болгон
Семетей айза сунганда
Тиктеген киши жок болгон.
Семетейдин баласы
Адырмак кыя Ала-Тоо
Атасы болгон эр Кыяз
Арамдыгын карачы.
Жетин тоонун четине
Жетимиш киши жанында
Баатыр Кыяз алдында
Эр Кыяздын оюнда
Эки тоонун ортого
Арстан Кыяз барган жер.
Качкан жоонун артынан
Бала Сейтек эр баатыр
Кудай бетин көргөзбө
Жаңгыз түшүп калган жер.
Айкожо, Бакай абасы
Алыстан көзүн салган жер.
Кармашып турган кан Кыяз
Аңдыганы эр Сейтек.

# СЕЙТЕК

Кандай кылаар экен деп
Качырып жоого бара элек.
Кудай билет чын болсо
Как жоого айза салалек.
Кеселип жоого тие элек
Арстан Бакай көк жалың
Кадимкидей кире элек.
Алтын кыя боосу бар
Асыл Кыяз эр баатыр
Аны көздөй салган жер.
Атагы баатыр Семетей
Артынан түшүп төтөлөп
Кездешкен жоонун зарпына
Жаш Сейтек түштү артынан.
Бугулуу тоонун адырмак
Болжошкон жерге барган жер.
Бурулуп Кыяз жол тосуп
Сейтекти аңдып калган жер.
Ашуусу таштуу адырдан
Ар кайсы жери бөөт көл
Жерге азыз эр Кыяз
Жеке тосуп Сейтекти
Кудай билет чын болсо
Бакайдын айткан сөзүндө
Маана болгон абасы.
Бар олуя кошулуп
Даана болгон абасы.
Колдогону Кожосан
Коштоп жүргөн баабедин
Жөлөгөнү жөлөсан
Жөлөп жүргөн баабедин
Артынан Бакай барган жер.
Атасы баатыр Кыязга
Баласы Сейтек кабылып
Айзалашып калган жер.
Кудай бетин көргөзбө
Астындагы Тоотору
Баатыр Сейтек мингени
Атасы менен сайышып
Айбынбай Сейтек киргени.
Кылычты кындан алышып
Кыя кармап чабышып.
Айбалта жандан алышып
Баласы менен атасы
Аянбай уруш салышып.
Айза менен сайышып
Эр Кыяздын Койкүрөң
Аты баспай майышып.
Сейтектин минген Тоотору
Адамдын тилин билчү эле.
Кызыл тилин булгаган
Тоотору сүйлөп ийчү эле.
Башта Кыяз аты эле
Сейтек атка конгону
Сербейип атка мингени.
Чорого жолдош болгону
Жоого тийип бек жүргөн.
Арстан Сейтек минген жер
Кыяз, Сейтек эки эр
Алыша албай турганда.
Эр Кыяз сүйлөп ийген жер,
Тоотору тилин билген жер,
Башын жерге салган жер,
Эр Кыяз, Сейтек сайышып
Жеңише албай эки эр
Эки күнгө барган жер.
Ок тийгендей бөгөлөп
Кыяздын кебин укканда
Сейтектин минген Тоотору
Оо кудай жатып калды чөгөлөп.
Аты жатып калган соң
Атактуу Кыяз шер эле
Кудай бетин көргөзбө
Бала Сейтек утарда

Айбалта менен чапкылап
Кылычты кындан алган жер.
Атасы баатыр эр Сейтек
Кыяз менен кармашып
Кыйын ишке барган жер.
Айбалта жандан алган жер.
Атасы менен кармашып
Ажалга жакын барган жер.
Арстан Кыяз эр баатыр
Жакасынан алган жер.
Топчулаша кынаша
Зооту кейпи бөлүнүп,
Топчулугу үзүлүп,
Койкүрөңдү камчылап,
Койбой турган өңдөндү.
Баатыр Кыяз элине
Баласы Сейтек баатырды
Ала турган өңдөндү.
Башын кесип баланын
Сала турган өңдөндү.
Кыяз минген Койкүрөң
Чылбырын кармап бакырып,
Чоң атам баатыр эр Манас
Арбагында колдо деп,
Ыйык жанга асылып.
Бала баатыр эр Сейтек
Кара терге көмүлүп.
Бала Сейтек баатырды
Көп бөрүдөй сүйрөтүп,
Арстан Кыяз эр баатыр
Өлө турган өңдөнүп,
Таш-Кыяга салган жер.
Сейтекти Кыяз жеңерде
Садагасы кетейин
Айкожо баатыр эр Бакай
Жакын барып калган жер.
Ак тасма белге буубай кал!
Айчүрөк сени туубай кал!
Аттанып киши болбой кал!
Аттын жалын тарайт деп,
Атамдай болгон Кыязды
Анан көөнүн карайт деп.
Буктурма кыя, үч белес
Арстан Бакай, Айкожо
Мурун көргөн жан эле.
Бугуп турган турабы?
Балтыр эти толо элек
Кандай кылар экен деп,
Кан Кыяз, Сейтек кармашы
Айкожо, Бакай артык шер
Кармаган жерден кан чыккан.
Алып жүргөн айзасы
Учунан жалын от чыккан.
Ааламдагы адамдан
Бакайдай киши жок чыккан.
Сейтекти Кыяз жеңерде
Бакырды Бакай, Айкожо
Айзасын колго алган жер.
Атам деп көтүн карайт деп,
Абасы Бакай айкөлүң
Баланы барып сайган жер.
Оң бутунда тарамыш
Тең жарылып калган жер.
Тарамышы жарылып
Айтылуу Сейтек эр баатыр
Чоң атасы Манастын
Арбагына жалынып
Ошондо толукшуган Кыязды
Чоң күрмөгө алган жер.
Койкүрөңдүн үстүнөн
Тоголотуп салган жер.
Балтырынан кан агып
Баланын күчү жетилип
Аккан канга карабай

«Атам» деп сени мен жүрдүм.
Акмак Кыяз экенсиң
Айлыма салдың кордукту
Атама кылган зордукту.
Айтып берер бекенсиң
Бала Сейтек жаш баатыр
Баатырсынган Кыязды
Бала Сейтек жаш бала
Койкүрөндү алган жер.
Бакай айза сайганда
Тарамышы жарылып
Кан куюлуп калганда.
Манастын бири кошулуп
Арстан Бакай шер баатыр
Бакача айза салыптыр.
Атасынын бирлери
Тегеректеп калыптыр.
Койкүрөндүн үстүнөн
Козу алган эмедей
Атасы Кыяз баатырды
Эр Сейтек жулуп алган жер.
Каныкей менен Бакайды
Кордукту Кыяз кылган жер.
Айчүрөк тууган эр бала
Атасы Кыяз эр баатыр
Колуна түшүп турган жер.
Кыязды Сейтек кармады
Абасы Бакай кайран эр
Атасындай болсун деп.
Айры сан менен эки жол
Абасы Бакай сайганы.
Ошол Манастан калган көпөлөк
Айчүрөк багып жетелеп
Арбагын кудай көтөрүп
Атасы Кыяз дегенде
Айлантып колго түшүрүп.
Калың кара көп элди
Айдап турган бүтүрүп.
Бала Сейтек кеп айтып:
«Айланайын абаке,
Семетей балаң өлгөндө
Кордукту катуу көргөндө
Көргөнүңдү көргөз деп,
Өлтүрбөй өчүң алгын деп,
Кетирбей кегиң алгын деп,
Арстан Кыяз шер экен
Артык кууган эр экен
Алар болсоң көз мына
Кыяр болсоң жан мына.
Пери Бакай  чалына
Кызыл арчы мингиздим.
Кыйланы далай көргөзүп
Баатырллыкты билгиздим.
Өлтүрсө өзү билсин деп
Жаның чыгып кеткиче
Бакай өчүн алсын деп.
Өчү менден кансын деп».
Кайраттанып кеп айтат
Баатыр Кыяз эр айтат:
«Атаңдын көрү дүйнө күн
Айчүрөк алдап жүргөнүн.
Атасы башка баланы
Мен кылаарын билгемин.
Атам Толтой эр экен
Чыңкожо досу бар экен
Эрдигине кубанып
Көкүрөгүн көтөргөн
Ала көөдөк жан экен.
Баатыр Манас башында
Айчүрөктү жашында
Кудалашып ант кылып
Семетейди көргөндө,
Баатырдан калган баланы
Тиемин деп жүргөндө,

Чынкожо тилин алыптыр.
Азыркы менин зайбымды
Менин атам эр Толтой
Аламын деп барыптыр.
Манастын уулу баатырга
Эл кабылып калыптыр.
Айчүрөк көөнүн тындырып
Атаңдын көөнүн тындырып
Манастан калган Семетей
Өз катынын алыптыр.
Өсүп турган жедигер
Баарын кырып салыптыр.
Жетелеп атка минелек
Эл аралап жүрө элек
Атаң Толтой баатырды
Семетей баатыр алганда
Атаман жети калганда.
Ойноо бала чагымда
Он эки жашар бала элем.
Кечээ Канчоро кагаз жазганда
Келсин деп кабар айтканда
Манастын уулу баатырды
Аскерди жыйып келсин деп,
Менин ак экеним билсин деп,
Канчоро атын укканда
Аскерди жыйып бардым деп,
Атамдын канын алдым деп,
Аргын, огой көп элден
Айлына чабуул салдым деп,
Баатыр Манас көк жалдын
Казынасын алдым деп.
Атам алчу катынды
Өзүм алып келдим деп.
Өлтүрчү болсоң жанымды
Кегимди бердим деп.
Атам Толтой баатырдын
Шаатемир деген кайни экен.
Толтой алчу зайбы экен.
Манастын уулу Семетей
Жетим болуп жетилип
Кеңколго келип конуптур.
Айдап калың мал алып
Айры өркөчтү нар алып.
Чоң атам кудаа болуптур
Өз атам Толтой алгыча
Той түшүрүп баргыча
Манастын уулу Семетей
Баатыр атка конуптур.
Эне болчу Чачыкей
Семетей алып коюптур.
Элине бузук салыптыр
Семетейге тең тууган
Эр Чыңкожо барыптыр.
Катыңды алды деп
Санаасын басып жай жатып
Акундун кызы Чүрөк деп
Угуп жүрөм көп элден
Айланып учуп жүрөт деп.
Ааламды сүрөттөп
Атаң Толтой баатырга
Эр Чыңкожо баатырга
Акундун кызы Чүрөктү
Алып берем деп айтып,
Азгынакай оогонго
Аскер менен барабыз.
Акундун кызы Чүрөктү
Бербесе тартып алабыз.
Берсе кудай тилекти
Кайраттанса бербейм деп
Азгынакай оогонду
Айлана чабуул салабыз
Оо кудайдын буйругу
Чынкожо тилеп алыптыр.
Жазагандан пенде кутулбайт

Манастын уулу Семетей
Алманбет уулу Күлчоро
Экөө жайлап салыптыр.
Атам өлүп жашында
Канчоро кабар берген соң
Канкорду уулу дардаңды
Алабыз эми деген соң,
Эне болчу Чачыкей
Оң саамайын түйгөн соң,
Канчорого кошулуп
Ойноп-күлүп жүргөн соң,
Аскерди жыйып мол кылым.
Алты асаба кол кылдым.
Мен болгондон эр Кыяз
Каныкей менен Бакайды
Ардактап жакшы баккын деп
Канчорого кеп айтып
Акыры Чүрөк онбосун
Ак саамайын сүйөм деп,
Мен Кыязга тием деп,
Көчөтүнө көчөм деп,
Көсөм баатыр Кыязга
Никелешип кетем деп,
Айчүрөк айткан кеп эле.
Алсын мени деги эле
Айчүрөк тилин алгандар
Акылашып калгандар
Кылычты илдик билекке
Жеткирди кудай тилекке
Манастын уулу дардаңдын
Айчүрөк сындуу катынын
Баатыр Кыяз алганы.
Акундун кызы Чүрөккө
Өз айтканда алгамын.
Айбашы узун көргөмүн
Семетей кандын зайбы экен
Бу жеңеңди алгын деп
Канчорого бергемин.
Акундун кызы Чүрөктү
Ак никелеп алгамын.
Башка кудай салганын
Көрдүм дүйнө жалганын.
Өлтүрсөң койсоң өзүң бил
Акундун кызы Чүрөккө
Жеткирбейт кудай тилекке.
Тооторумду алдаттым.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Жылкыга балам кетти деп
Толукшуп жайлап жөн жатпай
Берди кудай өзүңө.
Каныкей менен Бакайды
Канчоро досум сыйлады.
Өлүп жанын кетирбей
Каныкей менен Бакайды
Канчоро баатыр кыйнады.
Кайнатып аскер жыйнады
Кайраттуу ата болгонум
Кан Бакайдын турганын
Каныкей менен Бакайга
Жол тапшырып кеткемин
Экөө бирдей бар экен
Каныкей менен Бакайдын
Биле турган жан экен.
Колдогону бар экен.
Өзүң жоолук тапкын деп
Каныкей менен Бакайды
Ардактап жакшы баккын деп.
Күлчорого кылдым мен
Куйкалап тилдим, кум салдым.
Кечирин кесип туз салдым.
Адамдан баатыр Чорону
Адамдан башка кыйнадым.
Сейтек, Бакай эки жан
Кан төгүлүп ортодон

Акыретке кетти жан.
Колго түшкөн эр Кыяз
Кордукту көргөн эр Бакай
Оң мурутун өргөн жер.
Канчалык кордук көргөзгөн
Бакайды Кыяз көргөн жер.
Өз кылганым жетет деп
Акка мойнун сунган жер.
Эр Багыш кандын эр Кыяз
Кайраттанып турган жер.
Кыязды кармап алган жер.
Жедигердин элине
Кармап алып барган жер.
Баатырсынган Кыязды
Эл чогултуп кеп айтат:
«Эмине көрдүң»,– деп айтат
Атактуу Кыяз эр баатыр
Атасы Толтой өлгөнү
Ар жорукту көргөнү.
Чынкожо алып барганы
Айчүрөктү алам деп
Акункандын элине
Барып бузук салганы.
Колго түшкөн кан Кыяз
Тарых кылып көп айтат.
Армандуу сөзүн эми айтат.
Бу Канчоро болбосо
Барат белем Таласка,
Акарат кылып Манаска.
Катылат белем огойго
Канчоронун кылганы
Атаң Толтой өлдү деп
Атаңдын канын алгын деп
Келип уруш салгын деп
Урушту бардым мен салдым
Канчоро тилим мен алдым.
Каныкей менен Бакайды
Айчүрөктүн жанына
Кошо ала келбедим.
Каныкей менен Бакайды
Кордукту көрүп жүргөнү
Биттүү көйнөк кийгени
Каныкей менен Бакайды
Иттей кордук көргөнү.
Мен Жеткайтта жаттым билбедим
Алам баарып мойнума
Эр Семетей өлгөндө
Арстан Манас баатырдын
Казнасын бөлгөндө
Калың эли алганда
Таласка бузук салганда
Канчоро кылган кайратты
Казынасын ачтырып
Кызмат кылып бергин деп
Алтымыш киши айдатты.
Ажалы жетпей өлгөндүр
Өлбөгөнү жүргөндүр.
Балага атым алдатып
Байкуш болду бу жаным.
Катынга атым алдатып
Карып болду бу жаным.
Башына кудай салганы
Баатыр Кыяз канына
Ошондо айтты арманын.
Оозунан түтүн бурады
Каныкей менен Бакайды
Экөөнү билбей калыпсын
Чорону кандай сурадың
? Оңолбек кайда?– деп сурайт
Сурагың кандай?– деп сурайт
Кеңколдо көчкөн көчтү алдым.
Күлчородой баатырдан
Башынан берки өчтү алдым.
Таластан көчкөн көчтү алдым.

Күлчородой баатырдын
Жашыман берки өчтү алдым.
Өлтүрсөң жанды кыйгын деп
Болбосо Күлчородой кылган деп.
Эр Кыяз айтып турган жер
Эл четине барган жер
Жаш бала кармап алган жер.
Кокустан майып болот деп
Бакай жандап калган жер.
Байболот менен Эмилбек
Үй көтөртүп, мал союп
Тасторконго дан коюп
Арстан Бакай баатырды
Ардактап багып калган жер.
Бакай менен Сейтекти
Ушу жерге таштайлы
Баатырдын кылган жумушун
Башынан айтып баштайлы.
Беттешип уруш саларда
Бет алышып каларда
Кармашып уруш сайарда
Качылышты камарда
Бакайдын айткан кеби бар:
«Кара бүлөң өлбөсүн
Көпчүлүк кыргын көрбөсүн
Жеткайт деген жер эле.
Кечээ Манас баарында
Жедигер биздин эл эле.
Оң-Кыя деген жол эле
Чоң атасы эр Багыш
Эл сураган чоң эле.
Жеңилип берсе жедигер
Багындым деп келгендин
Башын алып салдыңар.
Кара бүлө аскердин
Убалына калбаңар».
Бакайдын кебин сүйлөгөн
Асыл баатыр Күлчоро.
Барып уруш салганда
Кан Кыяздын колуна
Атасы чапкан жолуна
Арылып Чоро шоруна
Пайгамбар чапкан жолуна
Арылып Чоро азаптан
Аста, аста эр сайып.
Кармана чыгып келгенде
Айза менен бир сайып.
Каражолду төтөлөп
Айзасынын учуна
Сайып алып көтөрүп.
Баатыр өскөн Күлчоро
Бакайдын кебин сыйлаган
Күлчорону көргөндө
Багындык!–деп ыйлаган.
Багынып берген кишини
Өлтүрбөй жанын кыйнаган.
Капалуу көргөн чеп эле
Мен мусулман дегенди
Калкалап жүргөн эр эле.
Каарына тийгенге
Оозу кандуу болду эле
Арстан баатыр Күлчоро
Багылган элди жыйган жер.
Барган колду тыйган жер.
Огой менен жедигер
Бөлүнүшүп турган жер.
Өлгөндөрүн көргөн жер
Өлүгүн атка жүктөшүп
Колу менен көмгөн жер.
Кан төгүшүп кармашып
Жедигер, аргын сайышып.
Берен баатыр Күлчоро
Өлгөн элди көргөндө
Кабыргасы кайышып.

Байгамбар чапкан жол эле
Маңдайыма шор болгон
Басташууга кол толгон
Аскерди койдой айдаган
Арстан Кыяз эр баатыр
Кудай бетин көргөзбө
Башын алып жайлаган.
Башын алып жайлаган
Өз желегин камдаган.
Өтүшүп киши барбаган
Желекти жерде түрүшкөн
Жедигер, огой калың эл
Жети күнү сүрүшмөк.
Күлчоро жайган кулачын
Сактаган эли болбосо
Айланып учкан ылаачын
Кылбайт беле кызыкты
Салбайт беле бузукту.
Олуязаада шер эле
Атактуу баатыр Чорого
Кандай адам тең эле.
Узун-Суунун боюна
Уларлуу тоонун оюна
Жедигерди багынтып
Өлбөсүнөн канчалык
Деп ушундай болбойбу
Атасы Манас маркумдун
Арбагына жайылтып
Адегенде Күлчоро
Айдап жүрүп аскерди
Ошондо алты миң киши багынтып.
Бастырып чыкса сан колдой.
Баатырың башынан бери ак жолтой.
Жазыгы жок адамга
Атасынан бабасы
Жакшылык кылган жери бар.
Кылмышы жок адамга
Атасынан бабасы
Баатырдын кызматкер кылган
жери бар.
Алакан жайып, колу ачык
Ар кайда барса жол ачык.
Жазыгы жок адамга
Кайраттанып кеп айтпай
Сен кандайсың деп айтпай.
Калкалап жүргөн Күлчоро
Жалган айтса кесирет
Жараткан өзү кечирет.
Алда таала бир кудай
Айлантып кезек келтирет.
Кечээ башынан багы качканда
Таласты душман басканда.
Чочун душман басканда
Манастан калган көп журтту
Канчоро келип атканда.
Беризаада Айчүрөк
Ар Кыязга барганда.
Тагдырды[7] кудай жазыптыр
Адыл баатыр Күлчоро
Колго түшүп калганда.
Канчоро, Кыяз зор болгон
Атасынан бабасы
Калк сураган жан эле
Жашында чыгып бата алган
Баатыр болуп атанган.
Касиеттүү бала эле
Кечээ Канчоро, Кыяз кылганын
Баатырлыгы бир башка.
Өткөн ишти кектебей
Башына түшкөн мүшкүлдү
Ошо баатыр Чоро эстебей
Жеткайтка барып урушуп
Жедигер элин жеңгенде.

[7] «Элтити» катчыдан ката жазган

# СЕЙТЕК

Балапан Сейтек жетилип
Мунун тилегин кудай бергенде.
Үч-Шушар деген шаарга
Бу жедигердин өлкөсү[8]
Багыпдым деген баатырды
Айдап кирди Күлчоро.
Жеке Чоро эр эмес
Аргын, огой калың журт
Эр Үрбү деген чечен бар.
Эштектердин Жамгырчы
Күлчоронун жанында
Эл бийлеген эчен бар.
Жоого тиер көсөм бар
Жолборс жүрөк эчен бар.
Кээ бирөө кеп айтат:
«Кырааны кана?»– деп айтат.
Жазыгы жок букара
Муну кырып кетебиз.
Айылы жок кургурлар
Кол булгабай кетебиз.
Аскери чыкпайт акылдан
Арбактуу Чоро баатырдан.
Кээ бирөө ойлошот
Канчоро, Кыяз кошулуп
Кылбаганды кылды эле.
Жазыгы жок аргынды
Далайын айдап кырды эле.
Байлап алып Чорону
Тарамышын кыйды эле.
Этин кесип алды эле
Бу Күлчоро баатырдын
Көрбөгөнү бар беле?
Арамзаада Кыяздын
Кылганы түшүп өзүнө
Каарланса Күлчоро
Кыргынды кыйла салат го,
Кырып кетип калат го,
Казатты анча кылат го,
Каарланса Күлчоро
Киши койбой кырам го,
Ойлогону андан көп
Арстан бала Күлчоро.
Бакай менен Сейтектин
Кайда экени билелек.
Айкожонун барында
Аман-эсен болгондур
Атасындай эр болсо
Кара канга тойгондур.
Айкожо, Бакай барында
Баланын жүрсө жанында
Баштап жүрчү жан эле.
Ар кандан жаман иш болсо
Сактап жүрчү эр эле.
Колдогону кожосан
Кол бергени бир нечен
Кошо жүргөн ак эшен.
Баатырдан калган баласы
Барктап багып алгандыр.
Барчын алган бүркүттөй
Таптап жолго салгандыр.
Эр Күлчоро ой ойлоп
Жакшылыкты көп ......
Садагасы кетейин
Мал сойдуруп, үй тигип
Эл чогултуп, аш берип
Аты жокко ат берип
Өлгөнүнө аш берип,
Тирүүсүнө тон берип,
Жедигердин ичинде
Жетим калган андан көп.
Эриң өлүп казаттан
Жесир калган андан көп.
Баатыр Чоро жыйган жер

[8] «банкөсү» катчыдан ката кеткен

Ыйлаганды тыйган жер.
Катын-бала кармашып
Кан ушундай болбойбу
Күлчорону көрмөккө
Абышка басып апылдап
Кемпир келет тапылдап.
Керектүү Кыяз деп жүрдүк
Ошо Кыяз оңбосун
Адамдын жанын кейиткен
Мына бу мусулмандын жолборсу.
Тарамышын кыйдырып,
Чакмак этин алдырып,
Булчуң этин кестирип,
Тула боюн теште тирип,
Куш салдырып кумкага
Жаратына туз салып
Кылбаганды кылды эле.
Оңолбосун кан Кыяз
Калкын сурап кан болуп
Атадан калган жетимге
Эри өлгөн жесирге
Качан Кыяз келчүү эле.
Кайырды качан берчүү эле.
Кан ушундай болбойбу?
Касиети бар тура
Телегейди тең көргөн
Жер ошондой болбойбу?
Өткөн ишти эстебей
Баатыр өскөн Күлчоро
Оюна алып кектебей
Арстан баатыр эр Чоро
Канча күнү кармашып,
Каза мылтык атышып,
Ок-дарыны чачышып,
Кара канды төгүшүп,
Кан төгүшүп кырылып,
Канчалары өлүшүп,

Бу Канчоро, Кыяз кылганы
Элди бекер кырба деп.
Эрлерди Бакай тыйганы
Өлгөнүнөн калганы
Өлгөндү таап алганы.
Казып жерге көмгөнү
Күлчоро деген кан болуп
Көрөлү мунун түрүн деп
Өрү калган чаңдар бар,
Коппой калган эчен бар,
Жесир калган канча бар,
Күлчорну көрмөккө
Калк чогулуп жыйылып.
Казатта эли кырылып.
Башына түшкөн убай деп
Жалынганы андан көп.
Мендеден чыккан бир башка
Жараткан бир кудай деп
Күлчоро жоону жеңген жер.
Күрдөөлү кылып жедигер
Кудай чын болсо
Күлчорону көрмөккө
Катын-бала чогулуп
Калк жыйылып келген жер.
Каапырды Чоро берген жер.
Эл жыйылып жанашып
Эрсиз калган катындар.
Канчоро менен Кыязды
Күрдөлүү элди жыйганы
Урушту Чоро тыйганы
Эл колуна алганы.
Эмгекти таркан калың эл
Күлчорого багынып
Катын-бала жалынып
Кары-картаң чал келип
Батасын берип буркурап
Баары келип чуркурап

Жеткайт деген жеринен
Жедигердин элинен
Кара-Суу деген шаарынан
Канча аскер келген жер.
Кан Кыязга кошулуп
Бир канчасы өлгөн жер.
Абдырайдын айлына
Четки Кокон шаарынан
Эр Кыязга кошулуп
Аскер жыйып бериптир.
Эки миң киши келиптир.
Теңин кырып салыптыр.
Теңи аман калыптыр.
Үйдө жаткан элине
Эл сураган бегине
Калк сураган канына
Өлгөнүнөн калганы
Айлына кабар салган жер.
Күлчоро келип жеңди деп
Эл багынып берди деп
Эр Кыяз кетти кармоого
Эки колу байлоодо
Калгандан кабар алган жер.
Кан Абдрай улукка
Кагаздан кабар барган жер.
Жедигердин эр Кыяз
Бек антташып, достошуп
Куран ачып антташып
Жүрүчү эле катташып.
Күлчоро жеңди дегенде
Жүрөгү чыгып болк этип
Бүткөн бою солк этип
Атаңдын көрү дүнүйө
Баатыр Кыяз жеңди деп
Эмине аскер берди деп
Эр Кыяз тилин алам деп
Эми бөөдө өлүмдөн өндүм деп
Шаарынан чыкпай Абдрай
Жүрөгү сезип корккон жер.
Чоронун даңкы бир башка
Кудай бетин көргөзбө
Жаш карагай бураган
Алманбет, Манас кошулуп
Ааламды билип сураган
Жаш карагай башынан
Жанып өткөн жан эле
Күлчоронун атасы
Каапыр менен мусулман
Алып өткөн жан эле.
Куу карагай башынан
Курап өткөн жан эле.
Каапыр менен мусулман
Сурап өткөн жан эле.
Пайгамбар барак, диним ак
Күлчоро ошондон калган бала эле.
Шаарынан чыкпайт болкулдап
Кабарын угуп Чоронун
Жүрөгү сезип солкулдап
Кечээ кан Кыязга кошулган
Кадыры бар эр эле.
Элине аскер бердим деп
Кырылды мынча элим деп.
Каарланса Күлчоро
Бир күнү чалгын салат деп.
Жолдош болгон Кыязга
Аскер жыйып берет деп.
Элди келип кырат деп
Учубузга чыгат деп.
Абдрай коркуп болкулдап
Күлчоро келет дегенде
Үйүнөн чыкпай солкулдап.
Күлчоро элди багынтып
Күрдөөлү элди жыйганы
Өткөн ишти эстебей

Көрдүңбү Күлчоро баатыр турганын.
Эл багынтып, эр сурап
Калың эли багынтып.
Катын-бала чуркурап
Кан ушундай болбойбу?
Карыларды жыйынтып
Баатыр Чоро турган жер.
Бакай, Сейтек эки эр
Бири кары, бири жаш
Сарыган, Бөкөй жанында.
Айзаны кармап бураган
Айкожо, Бакай эр баатыр
Баатыр Манас барында
Ай ааламды сураган.
Кан Кыяздын кылычы
Өлгөнүнөн калганын
Айкожо, Бакай баатыр шер
Баатырдан калган көпөлөк
Атанын жолун төтөлөп
Арбагын кудай көтөрүп
Бакай, Сейтек кошулуп
Эр Кыяз кандын шаарына
Бадырайып көрүнгөн.
Күкүгү конуп багынан
Булбулу сайрап шагынан
Бу баланы айтайын
Чоң атасы эр Багыш
Журт сураган кан эле.
Мунарасы көрүнгөн
Ошо эр Багыш кандын шаары эле.
Ортосу көчө он бөлөк
Дубалга айнек бастырган.
Көчөсүнө чаң койбой
Көк чоюн куюп жаткырган.
Кан көчөнү бойлоткон
Аскерин айдап ойноткон
Аскерге булгун кийгизген,
Ат жакшысын мингизген,
Дарбазанын бетине
Сары алтын кыйып чаптырган,
Сарамжалы бир башка.
Көргөн киши жактырган
Эр Багышкандын жалгызы.
Ортосу бөлөк мунардан
Түйүнү чыгып чубалган,
Шаардын үстү тунарган,
Эр Толтой кандын көчөсү.
Баатыр Толтой эр болуп
Калкын сурап турганда
Эр Багыш кандын жалгызы
Баатыр болуп чыкты деп
Кабар барып канчага
Кудай билет чын болсо
Көөнү тынып турганда.
Дөөлөтү кумдай толгондо
Төрө атка конгондо.
Аттары кунан болгондо
Адыл атка конгондо.
Бейлине шайтан толгондо
Шайтан айдап Толтойду
Акундун кызы Чүрөктү
Жайы-кышы он эки ай
Аскери менен эр Толтой
Камап жатып жүдөттү.
Аламын деп Чүрөктү
Кудай бетин көргөзбө
Аламын деп барган жер
Эр Багыш кандын кан Толтой
Бармактай бала кезинде
Айчүрөктү талашып
Чоролор өлүп калган жер.
Көп жашаган кары бар
Арстан Толтой баатырга
Аскер болуп баргандар.

Ажал жетип күн бүтпөй
Өлүмдөн аман калгандар.
Бакай, Чоро баатырдын
Баркын көрүп билгендер.
Бакай, Чоро баатырдан
Даңкынан көрүп жүргөндөр.
Бакайга салам бергендер
Бакай аман бар болсо
Калкка сообун кылбайт деп,
Кара бүлө аскерди
Муну бөөдө кырбайт деп,
Кары-жашы чогулуп
Эр Толтой кандын Кыязы
Элге кыргын салды деп.
Кыргынга кеткен көп элдин
Убалына калды деп.
Катын-кызы шыбырап
Кары-каттаң күбүрөп.
Оңолбосун Кыяз деп
Колго түшкөн кишисин
Буту-колун муунарып,
Булчуң этин тууратып,
Адам кылар иш эмес.
Кордукту башка кылат деп
Ошо ишин эстесе
Эсинен кетпей кекенип
Шумурайын жан эле.
Баарыбызды кырат деп
Эси чыккан канча бар
Баса Сейтек жетимче
Темине канат болгон жер
Теминип жоого кирген жер
Теңешкен жоону алган жер
Энесин издеп эр Сейтек
Айчүрөккө барган жер.
Кылычы белде каңгырап
Айбалта санда шыңгырап.
Боскисе бойдо шалпылдап
Болукшуган жаш Сейтек
Ай тийгендей жаркылдап.
Алтын менен жээктеп
Айчыктап алтын бастырган
Адамзат шаңдуу болгон деп
Акыл менен кан Бакай
Калпагына жаткырган.
Күлчоро, Сейтек барганда
Канчоро, Кыяз кошулуп
Арстан Манас баатырдын
Казынасын алганда.
Кечээ баатырлар кийчүү ак калпак
Боткоолго түшүп калыптыр.
Күлчоро, Сейтек барганда
Каныкей таап алыптыр.
Манастан калган муурапы
Бала Сейтек чырактын
Маңдайы көөхар жээктүү
Төрт талаасы тээктү
Каныкей алып келиптир.
Атасынын арбагын
Күнгөр бекен бала деп,
Жаш Сейтекке бериптир.
Төбөсүнө салыптыр
Атасындай шаңданып
Бала Сейтек баатырга
Чоң атасы зор Манас
Боюна даарат алганда
Бой дааратын алганда
Амазга Манас барганда
Төбөсүнө салчу эле.
Ак селденин ордуна
Чоң атасы зор Манас
Мечитке кийип барчуу эле.
Каргадай болгон көпөлөк
Калпакты Сейтек кийген жер.

# СЕЙТЕК

Көрбөгөн киши таңданып
Көркү башка экен деп,
Башындагы кийгени
Бөркү башка экен деп,
Адамдан башка айбаттуу
Түрү башка экен деп,
Ажыдаар жыландай
Сүрү башка экен деп,
Жазы маңдай жалпак тил
Чечен болчу бала экен.
Жарык маңдай, кең көөдөн
Баатыр болчу бала экен.
Он эки киши ээчитип
Семетейдин баласы
Кан Кыяздын шаарына
Киндиктин канын бууган жер.
Көйнөктүн кирин жууган жер.
Айчүрөк баарып тууган жер.
Эр Семетей Айчүрөк
Эр Кыяздан болду деп,
Алты ай артык көтөрүп
Акылдуу Чөрүк тууган жер.
Жедигердин шаарына
Сейтек барган туулуп
Жедигердин элине
Эр Кыяздын алганы
Эр Сейтекти тууганда
Орто жашка келгенде
Оң мурутун өрдү деп
Кан Кыяз бала көрдү деп
Калк чогулуп той берип
Ат семизин сойду эле
Атын Сейтек койду эле.
Семетейдей дардактап
Айчүрөк багып ардактап
Кылган иши окшотуп
Эр Семетей өңдөнүп
Кырылышып эки жоо
Кан төгүшүп турганда
Кыйкырып элди топтошкон
Баатыр Манас тукуму
Амандан жүрүп Айчүрөк
Эр Кыязга барды эле.
Эрке болуп жүргөндө
Сегизден жашы өткөндө
Кан Кыяздын уулу деп,
Тогузга жашы жеткенде
Токтолбой Сейтек эр кулун
Ат ойнотуп чыкканда
Өзү кандай жаңгыз баласы.
Минген аты майышкан
Оң саамайы өрүлүп
Олуя эрдин тукуму.
Ошо кезде көргөн эл
Баягы Сейтек ушубу.
Калайык карап жарданып
Ошо баатырды уулу жаңгызды
Ошо жедигердин калың эл
Ошо Сейтекти көрүп таңкалып.
Кээ бирөө кеп айтат:
«Ушундай болсок»,– деп айтат.
Кол кармашып коштошуп
Карап туруп Сейтекти
Канкордун уулу Семетей
Көрүп калган эчен бар.
Семетейге окшотуп
Өз атагы Семетей
Тентип жүрүп чоңойгон
Каракандын шаарына
Аргын, огой элинен
Качып барып жоголуп.
Кабарын катуу укчу элек
Атасы Манас баатырдан
Көргөндөр айтып келчүү эле.

Артык тууду дечү эле.
Кыйыктанып Семетей
Кырк чоросун кырды деп,
Кабарчыдан укчу элек.
Манастан калган баатырды
Канчоро, Кыяз жендн деп.
Канкордун уулу Семетей
Кандай болуп алдырды
Түрү башка көрүнгөн
Караса көзү тунарган
Көргүлөрү баланы
Как эле эр Семетей өзү экен.
Карылар айткан сөз экен
Калаадагы жедигер
Как эле атасы баатыр өңдөнүп
Уктаганды ойготуп,
Ыйлаганды сооротуп,
Кылган ишин окшотуп,
Ыйлаганды токтотуп
Баатырдан калган тукум деп,
Байкагандар кеп айтат.
Атасынан бабасы
Кылган иши ушу деп.
Бала чолпон эр Сейтек
Жедигерди аралап
Бир кудайды мааналап,
Кылган ишин дааналап,
Эри өлүп жесир калганда
Эрдүү кылып эр Сейтек
Акылынан элди жылдырып.
Өлгөнүнөн калганды
Молдого ике кыйдырып.
Атадан жетим калганды
Бала Сейтек эр баатыр
Аны багып калкалап
Кан болуп сурап берсе деп
Кан Кыяздын жедигер
Жаш баланы аркалап.
Кудай бетин көргөзбө
Белине саадак бууганда
Менин балам деп жүрсөм
Башка бала экен деп
Баатыр Кыяз эр баатыр
Өлтүрөм деп турганда
Карыбек, Султан кеп айткан:
«Түрү башка жан экен
Кабылсаң кордук көрөсүң.
Кармашып калсаң өлөсүң.
Кезигип калсаң көрөсүң.
Кездешип калсаң өлөсүң.
Өлтүрөм деп камынба,
Кан Кыяз сенин колуңда.
Өлүп калчу бала эмес
Башка түрү бар экен
Адамдан сүрдүү жан экен».
Айтса Кыяз болбоду
Мага келип кабылса,
Алам деп Кыяз ойлоду.
Карыбай менен Султандын
Айткан тилин албады.
Аргын, огой жедигер
Аралашып турганда
Бири-бирин кырганда
Баатыр Кыяз эр неме
Күлчорону беттебе
Кудай бетин көргөзбө
Айла кылып алмакка
Бала Сейтек чунакты
Кыяз жайлап салмакка,
Баатыр Сейтек жан бала
Басташкан жоону алмакка,
Кырганын салып турганда
Асмандан мунар бөлүнүп.
Атагы Кыяз эр баатыр

# СЕЙТЕК

Бала Сейтек чолпондун
Астына келип көрүнүп.
Тулпар чалыш мал эле
Желгенине жел жетип,
Жебеси аткан ок жеткис
Басканына мал жеткис,
Машаадан чыккан ок жеткис.
Баатыр болсоң качпа деп
Баласы Сейтек жаш бала
Баабедин деп бакырып.
Манастан ураан чакырган.
Кыйгактуу айза сунарда
Кызыгып уруш кыларда.
Кыязга айза салаарда
Асты киймин карабай
Өлүмдөн жанын аябай.
Кылычты кындан алаарда
Атасы баатыр Кыязга
Кылычташып урушуп.
Баатыр Сейтек барарда
Арстан Кыяз атасы
Ат соорусун салган жер.
Артынан түшкөн оңбогур
Кандай да болсо алам деп,
Башын алып салам деп,
Балаңдын башын көргүн деп,
Чүрөккө алып барам деп,
Койкүрөң менен озулуп,
Баатыр Кыяз качкан жер.
Белине кемер бууган жер
Качпа, качпа, качпа, – деп
Бала Сейтек жаш чолпон
Атасы Кыяз баатырды
Артынан түшүп кууган жер.
Узун жолдун учуна
Кыска жолдун башына
Кара-Тоонун оюна
Кан чаптырган боюна.
Ээндетип алмакка
Эрикпей койсо Сейтекти
Башын алып салмакка.
Айла кылып эр Кыяз
Качып жолго салган жер.
Айкөлү Бакай абасы
Артынан ээрчип элестеп
Бакай кошо барган жер.
Атасы Кыяз эр менен
Бала чолпон жаш Сейтек
Айзалашып калган жер
Айзасынын темири
Жыгач сабы сынган жер.
Алышалбай сайышып
Кыяз менен эр Сейтек
Нечен күнгө барышып.
Айкожо, Бакай артында
Абайлап көзүн салган жер.
Аңдып-кытып калган жер.
Бала Сейтек чырактын
Атасы Кыяз эр баатыр
Алышалбай турганда
Айтылуу Бакай барган жер.
Атадан сени туубай кал
Кайраттанып чыккын деп,
Кана атагын жыктың деп,
Баатыр Бакай абасы
Баланы келип сайган жер.
Балтырга айза тийгенде
Айзанын учу батканда
Бала Сейтек эр Кыяз
Алышалбай жатканда.
Кудай бетин көргөзбө
Тоодой болгон Кыязды
Томолотуп салган жер.
Ата болгон Кыязды

Эки көзүн жалкатып.
Бала Сейтек жаш чолпон
Ата болгон Кыязды
Эки колун байлатып.
Желдеттерге карматып
Кыязды кармап алганда
Абам өзү билсин деп.
Баатыр Сейтек жаш чолпон
Жедигерге барганда
Жедигер эли багынып,
Чечендери кеп айтып:
«Беренди бердик колуна
Кан көтөрүп алалы
Кан Кыяздын ордуна.
Билгениндей бу бала
Салсын калкын жолуна».
Күбүрөгөн жедигер
Күбүрөшүп сүйлөшүп
Кээси айтат «макул» деп,
Кайдан чыккан акыл деп.
Атасын сойгон баланы
Кан бол десем болобу?
Кан болсо ишиң оңобу?
Кээ бирөө кеп айтат:
«Бек көтөрүп алалы
Айчүрөккө баралы
Жатындан чыккан баланы.
Айчүрөккө кеп айтып
Береги турган баланы
Кудай бетин көргөзбө,
Атасынан калган эр
Өлгөндөн калган жедигер.
Улук болуп баксын деп
Элинин теңи бөлүнүп»,
Эптүү чечен кеп айтат.
Бала Сейтек чолпонду
Бала да болсо даана деп.
Атасынан баласы
Дин мусулман элине
Болуп жүргөн маалы деп.
Калың журт кылды кеңешти
Бу Кыяздын уулу эмеспи.
Багынган журту кеңешти
Бала Сейтек чолпону
Багынган киши өлөбү?
Эл жыйылып турганда
Убараны кылганда
Өлүмдөн калган эчендер
Унчуктуруп сүйлөтпөй
Жедигерди тыйганда
Жеткилең бала Семетей
Аргын, огой эки эл
Канчоро, Кыяз жеңген жер.
Каныкей, Бакай баш болуп
Кары-картаң кошулуп
Берендердин баарысын
Айдап жолго салды эле.
Аргын, огой курган журт
Каардуу сурап Канчоро
Мискин болуп калды эле.
Күлчоро колго түшкөндө
Жедигердин канына
Айчүрөк тийип кеткенде
Каныкей, Бакай эки шер
Башкага тарткан мүшкүлдү.
Күлчоро менен Бакайдын
Адылдыгы бир башка.
Ошо аргын, огой, жедигер
Кан төгүлүп калганда
Күлчоронун барында
Аргын, огой жеңет деп.
Акылы жок жаш балдар
Баарын кыра берет деп.
Баатыр Бакай көп айткан.

Аскерине көп айткан:
«Кара бүлө аскерде
Аягыла»,– деп айткан.
Бакайдын тилин алгандар
Жеткен жерден эр сайып,
Жети асаба кол жеңип,
Күлчоро, Бакай барында
Кармашкан жоону жеңишкен.
Бакай, Сейтек биригип
Жедигердин шаарына
Сейтек, Бакай келишкен.
Салынган коргон чарбакка
Айланса болот арбакка,
Айбалта алып бармакка,
Кылычты илип билекке,
Мискин болгон огойду
Жеткизди кудай тилекке.
Ордолуу шаар чоң калаа
Олуя Бакай баатырдын
Ойлонгону көп санаа.
Баланы төрө кылганга
Тентектигин тыйганга
Бир кудай берген акылы
Айтылуу Бакай, Айкожо
Мусулмандын баатыры.
Салынуу коргон калаага
Жеткирди кудай санаага.
Караламан жедигер
Канаттанып кол берип,
Айчүрөк тууган балага
Семетейдин баласы
Урушту келип басты деп.
Калың кара букарга
Багын бала ачты деп.
Маңдайга кудай жазды деп.
Күлчоро колдо жүргөндө
Оң этегин жапчу эле
Бир жаш бала бакчу эле.
Өлтүрөбүз дегенде
Койнуна бала катчу эле.
Жараткан берген багы бар
Оң бетине калы бар
Күлчоро менен бир жүргөн
Жолдоштугу дагы бар.
Жоого тийсе эр сайган
Баатырлыгы дагы бар.
Каргыш болгон Чорону
Калкалап бала баккан жер
Жараткан алда кудайга
Баланын иши жаккан жер.
Баатыр бала Күлчоро
Биригишип жүргөндө
Кең-Кол, Талас элине
Керектүү огой элине
Мурун кирип келгенде
Этчибектен түн болгон.
Энекеси Каныкей
Чачыкей менен Канчоро
Атаңдын көрү дүйнө күн
Эмгегин башка күн болгон.
Ак жибектен жүн болгон.
Энекеси Каныкей
Таалайы тайкы күн болгон.
Карып болуп жүргөндө
Кашына киши барбаган
Канчоро кандын каары ушул.
Кечээ сербейип атка мингенде
Сейтек атка конгондо
Энекеси Айчүрөк
Жылкыга барып келгин деп
Шаардан алып чыкканда
Жараткан алда бир кудай
Баланы салган жолуна.
Беризаада Айчүрөк

Кудай берсе берер деп
Жоо-жарак берген колуна.
Көп кишиге көргөзбөй
Төрө Кыяз баатырга
Айчүрөк айтып билгизбей.
Бала чолпон барганда
Абакеси Күлчоро
Өлтүрөм деп сүйрөтүп
Мойнуна чылбыр салганда.
Баса калып жаш Сейтек
Чолоктун канын бергин деп,
Мен ээрчитип келдим деп,
Бакырып ыйлап калганда.
Кызыталак баланын
Бул чолокко болушуп
Бакырып ыйлап турат деп
Кайыңдан кылган укурук
Карсылдатып койгулап
Балага арбак конгонун
Атасындай болгону
Кымыз ичип, мас болгон
Мингени буудан ат болгон
Баланын сырын билеби?
Бала ыйлап турганда
Колдогону кожосан
Атасынын бабасы
Колдоп жүргөн ак эшен.
Баланын барган жанына
Жөлөгөнү Жөлөсан
Атасынын баласы
Жөлөп жүргөн баабедин.
Баланын барган жанына
Бала ыйлап бакырып
Кой, кой десе болгон жок.
Койдун, койдун тилин алган жок.
Чапкан камчы тийген жок
Көзүнүн жашы он талаа
Кудай билет чын болсо
Баатырдын уулу жаш бала.
Жылкычы башы Карагул
Өлтүрбө деп чыркырап
Кызыталак чолокту
Өлтүрбө деп турам деп.
Далыга камчы урду эле
Баланы жыга чапты эле
Атасы баатыр өңдөнүп
Атасындай кең болгон
Бала баатыр Сейтектин
Жанына кайра эл толгон.
Кудай билет чын болсо
Куралуу коргон там болгон
Жедигердин элине
Бала Сейтек жаш чолпон
Алтын такка минелек.
Жедигер аргын менен огойдун
Алдындагы жедигер
Айтышын сырын билелек.
Ошо чактан ушу чак
Таш эмгегин бошоткон.
Тар курсагын кеңейткен
Бооруна катын эмизгин
Айчүрөктү көргөмүн
Эми кан Кыяздын калганы
Алтымыш кулач зынданды
Балбанды жайын каздырып,
Темирден устун жаткырып,
Семизди тандап сойдуруп,
Албан-албан дан кылып
Айчүрөк байкуш кан кылып.
Бу Күлчоро жолдошу
Манастын бири колдоочу.
Кыязды кармап алган жер
Кырк кулач казган зынданга
Алып барып салган жер.

Атактуу Кыяз кайран шер
Зынданга түшүп калган жер.
Ичип атып өлсүн деп
Сандыкка тамак салган жер.
Өлгүчө ичип жүрсүн деп.
Бери заада Айчүрөк
Тоого жүктөп барган жер.
Зынданга кошо салган жер.
Кан Кыяз кайда кеткенин
Калайык эл, калың журт
Бирөө билбей калган жер.
Өз кылганын кылганда
Каарду болсо Күлчоро
Кара этин алып кестирип,
Кабыргасын каркайтып,
Омурткасын оркойтуп,
Буту-колун муунатып,
Булчуң этин тууратып,
Кылбайт беле кызыкты.
Баатыр Чоро арстандын
Жүргөнүнүн айбы жок
Калк сураган шер эле
Жедигердин эри эле.
Арстан Кыяз шер баатыр
Мунун пайда кылган дайны жок
Калк чогултуп эл жыйып
Карыларды көп жыйып
Айчүрөктү баш кылып
Арбактуу Чоро, кан Бакай
Аш-тамагын бышыртып.
Үйгө киши таштабай
Катын-кызды чакыртып
Ополдо жаткан жылкыдан
Эки жүздү алдыртып.
Эр Күлчоро кам кылып
Кан Кыяздын шаарына
Кудай билет чын болсо
Ай туяк деп чалдырып.
Келин менен кыз келип
Кереметтүү уз келип
Кары-картаң чал келип
Баспаганда алдырып
Арабага салдырып
Баатыр арстан Күлчоро
Эл калтырбай жыйган жер.
Эр ушундай болбойбу?
Кары ушундай болбойбу?
Журт сураган кан болуп
Кечээ Кыяз барында
Колундагы бар актаяк
Кой кайтарып салпаяк
Баарына кабар салдырып
Бакай Чоро алдырып.
Кой кайтарган бадачы
Бакай, менен Чоронун
Улуктугун карачы.
Жылкы баккан жылкычы
Кымыз ичкен уйкучу
Күлчоро, Бакай жыйган жер.
Пери заада Айчүрөк
Сарамжалын кылган жер.
Калк чогулуп толгондо
Жетим-жесир келгенде
Жесин деп тамак бергенде
Тамак ичип тойгон жер.
Жедигердин калың эл
Жыргалдуу атка конгон жер.
Кайда кеткен дайны жок
Кан болуп курган өттү эле
Кан Кыязды жаратпай
Бакай, Чоро, эр Сейтек
Сарыкан менен Бөкөйдү
Тойчыбык менен Берметти
Сулайман менен Кошчуну

# СЕЙТЕК

Алыбай менен Урумду
Баарыңар чогуу келгин деп
Башкарып тамак бергин деп,
Тамак ичпей калбагын
Келген элдин баарысы
Бирден табак кармасын.
Той башкарган бир топ жан.
Алыстан келген канча эл
Аш-тамакка тоюшуп.
Кандай кылаар экен деп
Кээ бирөө кеп айтат:
«Адылдагы бир башка
Бала Сейтек баатырды
Жедигердин элине
Кан көтөрүп кетер»,– деп.
Өткөн макал баатырдын
Арбагына жалынып.
Кудай билет чын болсо
Бала Сейтек чыракка
Бакай менен Чорого
Кан Кыяздын жедигер
Баары ыйлап жалынып
Күлчоро, Бакай эки шер
Кан көтөрүп кетүүгө
Айтылуу Бакай күрпүлдөп.
Келген элге кеп айтат
«Бозбаланы көргөзүп
Мынабу каныңар болот»,– деп айтат.
Бозбала жакка минген
Калың кара жедигер
Башын кармап билген жер
Бакайдын аргын билген жер
Айкожо кылган иши деп
Айтылуу Бакай баатырдын
Кылганына көнгөн жер.
Бозбала улук болгондо
Жанына эл чогулуп келгенде
Бакайдын кылган аркы деп.
Карыпка кайыр берилип
Басып жүргөн дубана
Астына жыйып алдырып.
Кожо менен сопуга
Эшен менен молдого
Жайнамазын жыйдырып.
Кечээ Манас эрдин тукуму
Башоого түшүп жүргөндө
Кордукту башка көргөндө
Нуруна талкан түйчү эле.
Өлгүчө багып жүрөм деп
Күлчоро сындуу баатырды
Босбала багып жүрчү эле.
Күлчорону эстесе
Жаны күйүп чок болот
Ичи күйүп от болуп.
Бир кудайга жалынып
Киши болор бекен деп
Ыйлачу эле зарыгып.
Тилегине жеткени
Ошо акыреттик дос болгон
Олуязаада Күлчоро
Ошо жедигердин элине
Кан көтөрүп кеткени.
Калдайган калың топ болгон
Олуязаада Күлчоро
Азап тартып жүргөндө
Акыреттик дос болуп
Бу курандын жардамы
Босбаланы кан кылган.
Бир колдогон баатырды
Эр Манастын арбагы
Калайыкка даң болгон.
Калың журтка кан болгон
Карыптарын жыйдырып
Күндө асыр бердирип

Бакайдын аркын алган жер.
Кадимки Манас баатырдай
Арктуу болуп калган жер.
Ошо чактан ушу чак
Айчүрөктү көрөлек.
Астына басып келелек.
Айланайын Айкожо,
Кагылайын Күлчоро
Айчүрөк сени жашап деп,
Казат кылып кармашып
Канча жыл өттү арадан
Капа болуп жүрдү эле.
Айкожо, Бакай жеңерин
Айчүрөктү жеңем билдиби?
Айчүрөккө барган жер
Арстан Бакай баатыр шер.
Күлчоро, Сейтек келген жер
Айчүрөк жүрүп көргөн жер.
Бери заада Айчүрөк
Ак жибектей бүгүлүп
Айкожонун астына
Келди Чүрөк жүгүнүп.
Алкыш айтып эр Бакай
Айланайын өзүңө
Белиңе тасма бууганың
Мен садага кетейин,
Таластан келип Жеткайтка
Бу Сейтек тууганың
Белиңе жашык кадага
Кудай салган ак болгон.
Кете турган чак болуп
Кара санап ак болуп
Кайта турган чак болуп
Жараткан алда бир кудай
Агарып чыккан мобу чач
Эченди көргөн ушу баш.
Кечээ жолборсум Манас өлгөндө
Атаңдын көрү дүйнө күн
Абыке, Көбөш эр чыгып,
Манастан калган сан дүйнө
Талап малды бөлгөндө
Ошондо өлбөй тирүү жүргөмүн.
Ошо Семетей чунак  барынан
Семетейди калкалап
Кайненесин аркалап
Каракандын шаарына
Алпарып билим чоңойтуп
Катарга берип оңолтуп
Тентиген аты өчтү эле.
Манастан калган кайын журт
Башкарып улук болду эле.
Ошондо балага сыймык конду эле.
Буйругу экен кудайдын
Семетей кайра келгенде
Канкордон калган жетим деп
Калкы түлөө бергенде
Башында Шаатемир менен дос эле.
Айдап калың мал алды
Астына тартуу мен бердим.
Ошондо орунга чачы жетелек
Ошондо ойноо бала секелек
Ошондо балалыгы кетелек.
Айдап калың мал алып.
Алтын-күмүш зар алып.
Айры өркөчтүү ар алып.
Өрүмгө чачы жеткенде
Он бешке жашы чыкканда
Ошондо Шаатемирдин астына
Куда болуп мал союп,
Кулдук уруп мен барып.
Тун келиним Чачыкей
Колум менен алгамын.
Бул санамды жайгамын
Кыл мурутум түйгөнүп.

Атаңдын көрү дүйнөнүн
Айланайын Айчүрөк,
Жоргону бердим минсин деп,
Жетимченин зайбы деп,
Калкына барктуу болгон деп,
Арбактуу атка консун деп,
Бадажа бердик кийсин деп,
Каныкей байкуш экөөбүз.
Күйөөсү менен бастырып
Калк аралап жүрсүн деп
Кетени берген кийсин деп
Атаңдын көрү дүйнө күң
Күйөөсү менен бастырып,
Эл аралап жүрсүн деп.
Булчунду жыйды, тандады
Келинди шайтандыкка барганы.
Атагы башка Канчоро
Жолдош болуп биригип,
Арамдыкка барганы.
Каныкей менен Бакайды
Бу кайиниң Чорону
Азапты башка тарттырып.
Канчоро менен Чачыкей
Экөөнү шайтан азгырып,
Каныкей чачын жулдуруп,
Катындырга урдуруп,
Атаңдын көрү дүйнө күн
Мени төө кайтартып,
Азапта жүрүп өлсүн деп,
Чачыкей менен Канчоро
Эч чатагым жок эле.
Атаңдын көрү дүйнө күң
Семетей көзү өткөндө
Көрбөгөнүң көр болуп
Ажалым жетип өлбөдүм.
Көр азабын көрбөдүм
Башына түшүп менделик
Байкуш болуп мен Бакай
Таяк алып колума
Өлбөй жүрдүм сенделип.
Бу кудайдын буйругу
Астыртан арбак колдогон
Үстүнөн кудай жөлөгөн.
Семетейдин бүткөнү
Айланайын өзүңө
Жедигердин элине
Бу Сейтекти төрөгөн.
Кечээ атагы баатыр Семетей
Жетим жүрүп жетилип
Ак болоттон кетилип
Атасы тапкан конушка
Семетей келип конду эле.
Аргын менен огойго
Камалуу коргон болду эле.
Кармаша чыккан душмандын
Кара көзүн ойду эле.
Айланса болот алдага,
Сейтек атка кондуруп
Калкалап муну бап колго
Сербейтип атка мингизип
Аттантып атып ...............
Мен садага кетейин,
Каары бар каапырдын
Калкты сурап кан болгон.
Кан Канчоро баатырдан
Барып өчүн алдырган.
Айчүрөк сенин жардамың
Айланса болот алдага
Кайнатаң маркум Манасты
Колдоп жүргөн арбагы
Айчүрөк, Бакай беттешип.
Өткөн заман, кеткен күн
Олуя Бакай кайран эл
Оюна кудай салган жер.

Арстан Бакай кебине
Уккан киши түшүндү.
Кудай билет чын болсо
Олуязаада эр Бакай
Ошондо арманын айтып бүтүрдү.
Башына кудай салганын
Бу Бакайдын айткан арманы.
Айтылуу Бакай билгени
Каныкей, Бакай эки жан
Чүрөктөн кабар болот деп
Экөөнүн өлбөй жүргөнү.
Ошондо олуязаада Күлчоро
Бозбала менен дос болгон.
Бакайдын сөзүн укканда
Дүнүйөнүн жалганын
Бакайдын айткан арманын
Уккан киши буркурап.
Бакайга корду көргөзгөн
Каары бар кандай жан.
Ошондо ыйлаган баары чуркурап
Бакай сөзү басылды.
Бакайдын сөзүн укканда
Айласыз жүргөн Чүрөктүн
Ошондо жаркырап жүзү ачылды.
Анда Күлчоро баатыр кеп айтат:
«Айланайын абаке,
Талас деген жер жатат.
Огой, аргын эл жатат.
Кайрылып качан барабыз?
Канча жолго салабыз?
Айылдан чапкан карыпты
Аларды качан багабыз?».
Айтылуу баатыр Күлчоро
Бакайдан сурап турган жер.
Ошондо бала Сейтек кеп айтат:
«Асыл эрдин тукуму
Айланайын эки аба
Аргын, огой элимди
Баарып жыйып алайын.
Мен Таласка барайын
Аргын, огой эл менен
Бек таанышып алайын.
Аргын, огой элинди
Карып, мискин, бечара
Муну барып багайын.
Ат тизгинин бура бер
Айкожо абам сен Бакай
Акылдашып, сүйлөшүп
Жедигердин айлына
Эки жылы тура бер.
Карала кагаз кат жазып
Кабарга киши атказып
Менден кабар ала бер.
Кагазыңа сала бер
Калкты мындан бакты деп
Кагаздан кабар ала бер.
Жашап, багам элимди
Атасындай болбойт деп
Жазган каттан уга бер.
Жакшы баксам элимди
Атасындай болду деп
Айчүрөктүн жанында
Айкожо абам, кан Бакай
Атактуу абам Күлчоро
Жедигердин элине
Босбала сындуу каныңа
Мына бу келгениңер келеттүү».
Абакем зарлап кеп айтты
Бала Сейтек жаш чолпон
Баарын айтып өткөндүн
Убалына жеткен жер.
Атасындай болгон жер.
Балага арбак конгон жер
Астыртан арбак жар болуп

Жеткайтка Чүрөк тууган жер.
Кудай билет чын болсо
Жетелеп Чүрөк чоңойтуп
Чорого жолдош болгон жер.
Балапан жүнү маңдайда
Эненин сүтү таңдайда.
Жараткан алда бир кудай
Ар кандай жазат таалайга.
Акыл айтып жаш бала
Жетим жүрүп жетилген
Каргадай жүрүп чоңойгон.
Теңдеген алып оңолгон
Тиштегени ок болгон.
Сербейип атка мингени
Сейтек атка конгону.
Тиктегени жок болгон
Кармаганы ок болгон.
Эрбейип атка мингени
Эл аралап жүргөнү
Кармашкан киши жок болгон.
Он экиде чагында
Ойногула табында.
Бала Сейтек жаш чолпон
Таласка бармак болгон жер.
Атасынан бабасы
Башына сыймык конгон жер.
Мен Таласка барайын
Атабыз өткөн калың журт
Мен таанышып алайын.
Жердеген жерин көрөйүн
Жетим менен жесирге
Барып жардам кылайын.
Баланын тапкан акылы
Айкожо менен абаке
Карала кагаз салышып
Жеткайт менен Таластын
Кагаздан кабар алышып.
Кабарлашып туралы.
Айчүрөк менин энем деп
Чала билип мен калдым.
Акбала деген жеңем деп
Карылыгы жетиптир
Канчоро кылган казаты
Чачыкей кылган азабы
Сөөгүнөн өтүп кетиптир.
Таластан аскер алгыча
Жеткайтка кайра баргыча
Карып болгон байбиче
Чала көрүп мен калдым.
Ак байбиче энекем
Маңдайына барайын
Ажалы жетип өлбөсө
Ардактап өзүм багайын.
Атабыз өткөн көп журтка
Мен таанышып алайын».
Бала Сейтек жаш чолпон
Күлчоро менен Бакайга
Акыл салып турган жер.
Атасындай болот деп
Күлчоро менен Бакайды
Экөөнүн көөнү тынган жер.
Бала баатыр эр Сейтек
Он эки менен он үчтүн
Ортосунда бала эле
Ойноо бала чагы эле.
Кандар тапкан акылды
Кан Бакай, Чоро уккан жер.
Саркан менен Бөкөйдү
Эл таанытып берген деп
Күлчоро, Бакай кошкон жер.
Өлүмдөн калган аскерди
Жаш Сейтек жыйып алган жер.
Таласты көздөй бет алып
Бармак болуп калган жер.

# СЕЙТЕК

Айчүрөк менен Бакайга
Абакеси Чорого
Акылдашып коштошуп
Айтып сөздү жоктотуп
Салды кудай оңуна
Калың элин ээчитип
Сейтек салды жолуна.
Кан көтөргөн Босбала
Абасы менен бир жүргөн
Акыреттик дос бала.
Мен Таластан кайра келгиче
Кагылайын абажан,
Кайрылып сени көргүчө
Жараткан  алда бир кудай
Сактасын өзү садага.
Каран кан Бакай
Береги абам Күлчоро
Тууган энем Айчүрөк
Ушулар сизге аманат
Кол алышып, капшарып.
Күлчоро менен Бакайды
Бала жолго салды эми.
Калың кара эл менен
Караламан кол менен
Бала чолпон жаш Сейтек
Бастырып жолго салган жер.
Сарыкан, Бөкөй эки чал
Баштап жүрүп калган жер.
Түнөгүнө бээ союп
Түлөө кылып калган жер.
Дүңгүрөтүп эл менен
Кармашкан жоону женген жер.
Курсакта жүрүп жетилген
Киндиктин канын бууган жер.
Көйнөктүн кирин жууган жер.
Беризаада энеси
Кыяздан бүткөн бала деп
Жаш Сейтекти тууган жер.
Сейтек атка конгон жер.
Сербейип киши болгон жер.
Кеңкол менен Таласка
Каныҥ ээлин ээчитип
Бала жакын барган жер.
Чоң энеси Каныкей
Элине келет экен деп
Жолун тосуп калган жер.
Акбоз жылкы алдырып
Ай туякты кам кылып
Эл карысын жыйдырып
Элиңер келет экен деп
Олуязаада Каныкей
Элге түлөө кылдырып
Калк карысын жыйдырып
Элиңер келет экен деп,
Аргын менен огойго
Кой сойдуруп кам кылып,
Сарамжалын шай кылып,
Кемпирге кете кийгизип,
Карыга жорго мингизип,
Кадимки Манас барындай
Чоң энеси Каныкей
Ай тийген тоодон убактап
Жетимчен баштап келет деп,
Олуязаада Каныкей
Жол тостуруп убактап
Калк чогулуп барган жер.
Казатка барган калың эл
Тийген айдай жаркырап
Аккан суудай күркүрөп
Кудай билет чын болсо
Үзөнгүлөр кагышып
Үй салынган аскерлер
Кудай билет чын болсо
Ат болушка салышып.

Кылычтар белде кылкылдап
Жоо-жарагы боюнда
Жоону жеңген аскерлер
Таластын суусун бойлошуп,
Салгылашып ойлошуп,
Боору жазык кең Талас
Карышан, Бөкөй эки кан
Канчоро, Кыяз жеңгенде
Карып болуп эки жан.
Багын кудай ачканда
Айчүрөк тууган жаш бала
Канкордун уулу Семетей
Атанын оордун басканда.
Кеңколдун суусун кечкен жер.
Кудай билет чын болсо
Келбеттүү огой элине
Бала чолпон жаш Сейтек
Сарыган, Бөкөй эки чал
Сапар алган канча жан.
Тоскон элге жеткен жер
Астына бала барган жер
Карып калган Каныкей
Тоотoрунун үстүнөн
Так көтөрүп алган жер.
Садагасын чаптырып
Сары алтын дилдесин
Карып калган бакырга
Бу Каныкей билгени
Калк чогулуп беттешип.
Садага кылып чаптырып
Ата менен энесин
Кеткен аскер издешип.
Олуязаада Каныкей
Эли жышып алган жер
Баласы кетип саргарып
Санаа тартып сандалып,
Бир канчалык карылар
Сары оору болуп калган жер.
Каныӊ элди ээчитип
Каргадай бала барган жер.
Ошол элин ичинде
Окко кетип эр алган
Жесирлери дагы бар.
Ажалы жетип дагы өлгөн
Атасынан айрылып
Жетимдери дагы бар.
Бала Сейтек барган жер
Эр Семетей баатырды
Мурун көрүп калган жер.
Кандай бала экен деп
Калк чогулуп дүңгүрөп
Атасындай экен деп
Элчибай деген чечен бар.
Эл бийлеген эчен бар.
Калк чогулуп караса
Жазы маңдай жалпак тил
Узун этек, кең моюн
Мурду оңколу, жайык бет
Кабагы бар, кашы бар
Ошо кезде баласы
Он эки менен он үчтүн
Ортосунда жашы бар.
Билгендери караса
Эр Семетей өзүндөй
Чочулап элге кеп айтса
Арыгы өңдү ......
Атасы баатыр жангыздай.
Үнү чыгат бир боорум
Айткан сөзү эң сонун.
Катын-бала буркурап
Кечээ Канчорону алганда
Караламан кол жылып
Күлчоро, Бакай эки шер
Кармашууга камынып

Топтобой кетип калганда.
Көрбөгөнү көп болгон
Кудай билет чын болсо
Көргөн киши жок болгон.
Көрбөгөндөр көргөн жер
Көп чогулуп келген жер
Билбегендер билген жер.
Эл чогулуп жарданып
Семетей боруму
Баласында бар экен
Баланы көрүп тан калып
Жаналарын кармашып
Бала Сейтек жаш чолпон
Барган жери дагы ошол.
Кан Манас күткөн калың эл
Барып элин көрүшүп
Алган жери дагы ошол.
Манастан калган казарма[9]
Уста жыйып, эл жыйып
Кудай билет чын болсо
Калк чогулуп, кол сурап
Атактуу Манас баатырдын
Казармасын ондотуп
Атандарды кондотуп.
Таланга кеткен көп жылкы
Калаасына айдатып.
Канча жылкы экен деп
Санамчыга санатып.
Кудай билет чын болсо
Сары өзөнгө салган бар
Канчоро тилин алгандар.
Жылкы багып баргандар
Калың малды айдатып
Канчоронун барында
Тигинтип колун байлатып
Күлчоро, Сейтек келгенде
Майдын баары ачылып
Багып жүргөн жылкычы
Баарынан көөнү ачылып.
Бала Сейтек келет деп
Мал эсебин алат деп
Жылкынын баарын жыйган жер.
Эсебин Сейтек алган жер.
Ар өрүмгө жылкыны
Чогуу айдап барган жер.
Манастан калган көп жылкы
Баарын жышып билген жер.
Бала Сейтек көргөн жер
Жылкы санга толгон жер.
Атасынан мураапы
Он эки миң болгон жер.
Бала Сейтек жаш чолпон
Баатыр атка конгон жер.
Машыга күлүк байлатып
Саяпкерге таптатып,
Койдой бөлүп алдырып,
Уй кайтарган бадачы,
Кудай билет чын болсо
Улуу эрдин баласы
Эштектердин Жамгырчы
Жетим калган Шайымбет
Боого киши атказып,
Келсин деген кат жазып.
Нурманбектин жолоочу
Бого киши атказып
Келсин деген кат жазып.
Балгыбаш, Койбаш эки бек
Ага киши атказып.
Келсин деген кат жазып
Алтын така жез өкчө
Айдарккандын кан Көкчө.
Артындагы Үмөтөй
Аксакалы Акэркеч.

[9] «Казарма» – орус тилинен келген сөз

# СЕЙТЕК

Кудай билет чын болсо
Ортончусу Каныкей
Акэркеч тууган бала эле
Семетей менен Үмөтөй
Карын бала жан эле.
Ага киши атказып
Келсин деген кат жазып.
Атасы баатыр сураган
Жети канга кат жазып.
Атасы келип жашаган
Эгиздеп күлүк байлаган.
Эр Үрбүнүн Курманбек
Бала Сейтек кат жазып
Келсин деген ат жазып.
Кандын баарын чакырып
Каарды бала салган жер
Калк чогулуп барган жер.
Кудай билет чын болсо
Машыга аркан кердирип
Кермеге күлүк баштатып,
Кетүүгө жылкы айдатып,
Дүнүйөнү жайкатып,
Казаттан алган неченге
Арканга буудай көргөн жер.
Бээсине бурак токутуп
Молдого куран окутуп
Бала Сейтек жаш чолпон
Баарынын ашын берген жер.
Атасы жок балага
Чоң энеси Каныкей
Торко берди кийсин деп.
Бала Сейтек жаш баатыр
Жорго берди минсин деп.
Эри өлгөн жесирге
Энекеси Каныкей
Кете берди кийсин деп.
Керек болсо кийсин деп
Керек болсо минсин деп.
Абайы жаап ат берди
Атадан калган арк ошол
Арбак конгон даңк ошол.
Атасындай экен деп
Кудай билет чын болсо
Баатыр Манас, Семетей
Ордун басып кетер деп
Аргын, огой калың журт
Мурадана жетер деп.
Бала Сейтек жаш чырак
Келгенге берди бууданды
Билбегендери кеп айтат:
«Атадан артык туулган
Карылыгы жетти эле
Убагы өтүп кетти эле,
Маңдайы жарык чолпондой
Ысык жерди аптаптай
Салкыны кыштын .......
Эчен киши ойлонуп
Эр Сейтектей баатырды
Сейтекти тууган энеси
Ким экенин туя албай».
Ар бирөө кеп айтат:
«Белине саадак бууду деп
Береги чолпон баланы
Ийгени башка кырмызы
Адамдан жарык жылдызы».
Карылар кеп айтат:
«Баланын жайын сурасын
Айчүрөк тууган»,– деп айтат.
Ошондо келген элдер кубанып
Элеси жарык экен деп.
Караламан калың эл
Касиеттүү кең Талас
Ар кандай ишке кабылса,
Калк чогулган ушу жер.

# СЕЙТЕК

Алыстан келген канча жер
Манастан калган оор эшик
Бала да болсо ачат деп.
Семетей менен Манастан
Баласы ордун басат деп.
Ар ким айтат бекер кеп.
Каргадай болгон жаш бала
Аман жүрүп өлбөсө
Чоң атасы Манастын
Ордун басат экен деп.
Калдайган кара калың эл
Купулуна толгон жер.
Каргадай болгон эр Сейтек
Арбактуу атка конгон жер.
Чоң атасы шер баатыр
Өз атасы Семетей
Мурасын алып калган жер.
Олуя колдоп бир жүрүп
Аргын, огой көп журтту
Кечээ Манас баатыр баарында
Орун алып жай жатып
Өрүшкө жылкы айдатып,
Кермеге күлүк байлатып,
Керүүгө жылкы айдатып,
Сейтек киши болгону.
Баатыр атка конгону
Кериктен казы, сары жал
Кыя кесип чайнашып
Багын кудай ачкан жер.
Бала Сейтек жаш чолпон
Кечээги өткөн эки шер
Баланын ордун баскан жер.
Ушул жерге таштайбыз
Жетим жүрүп жетилген
Ак болоттой кетилген.
Ата-энесин кырдырган
Бээжинден келип чоң манжуу
Муунабай белин сындырган.
Жамгырчы кандын жалгызы
Акбала менен бир тууган
Баатырдын уулу Сейтекти
Калк чогултуп кеп айтты:
«Мен да жетим, бу жетим
Муну конокко алам деп айттым,
Барса бала барсын деп,
Мойун алышып жетимдер
Кабактарын ачсын деп,
Көңүлдөрүн жазсын деп».
Батасын берди балдарга.
Эки бурак, үч жорго
Улууларга токутуп
Жамгырчы менен Манастын
Экөөнө куран окутуп.
Сары моюн куюндай
Сандыргалуу эки жаш
Мойун алышып алган жер.
Шайымбеттин элине
Конок болуп барган жер.
Шайымбет болсо жаш бала
Жаш Сейтек болсо боз бала.
Кечээги Какандан каптап келгенде
Калың элди кырганда
Бири эркек, бири кыз
Ай караңгы түн басып,
Ата-энеси өлгөндө
Аскер айдап бөлгөндө
Атаңдын көрү дүйнө күн
Качып чыккан түн катып.
Ууртап ичер аш таппай
Жамынарга тон таппай
Басарына жол таппай
Карып болгон эки жаш.
Тамак ичпей, аш ичпей
Карып болгон эки жаш.

Кечээ калмакты Бакай сүргөндө
Кечээ Семетей, Чоро жүргөндө
Кечээ кытайды Бакай сүргөндө
Ошондо Семетей, Чоро жүргөндө,
Ошондо калмакты кырганда
Ошондо кытайга кыргын салганда,
Ошондо заарына чыдабай
Чыдап токтоп тура албай
Ошондо калмактын каны баш болуп
Качып жолго салганда.
Мына бу Ысык-Көлдүн четинен
Талаада калган балдарды
Канчоро менен Күлчоро
Энеси өлүп калганда,
Айза тийип жаралап
Кан куюлуп боорунан
Ката керт балаалап.
Жыгылганда көрүшүп
Карга, жоору, кузгунга
Той болгонду көрүшүп.
Кудай билет чын болсо
Коңурбай жолго салды деп
Колго түшпөй кутулуп
Кол баштаган куу калмак.
Кутулуп кетип калды деп
Кууп жолго салганда.
Бири эркек, бири кыз
Семетей, Бакай, Күлчоро
Экөөнү таап алганда.
Көзүнөн жашы шыркырап
Атаңдын көрү көр дүйнө
Жетелешип эки жаш
Баатырларга кабылган.
Боздоп ыйлап чыркырап
Айкожо, Бакай, Семетей
Айтылуу баатыр Канчоро
Артык тууган Күлчоро
Кудай билет чын болсо
Кабылды балдар байкуштар.
Ит көйнөгүн кийгизип
Көтөрүп атка мингизип.
Айкожо, Бакай, Семетей
Как талаада зыркырап
Балдардын түрүн көргөндө
Бакай ыйлап буркурап.
Эси кеткен балдарды
Эс алдырып алганда
Эсине балдар барганда
Бу балдардан кеп сурап
Айтып берди билгенин.
Калааны кытай басты деп
Жер жаңырып тарсылдап
Замбирегин атты деп.
Шаарга киши тура албай
Тарап-тарап качты деп.
Кылычтап элди кырганда
Кыргын салып турганда
Атам өлдү жыгылды.
Мен Жамгырчынын баласы
Түн жаманып, түң качтык
Атаңдын көрү дүйнө күн
Кагылайын абалар,
Жер чөбүн жеп, жан бактык.
Каралашып жөө бастык
Көрбөгөнүм көр болуп
Эркектен жалгыз мен элем
Атаңдын көрү дүйнө күн
Жалгыз боорум Акбала
Эрмек кылып мен жүрдүм.
Төртөңөрдү мен көрдүм
Башыңа кудай салганың
Өлөөрүндө балдарды
Баатырлар таап алганы.
Шаарына алып барганы

Бала куштай талпынып
Акбала атка конгон жер.
Айдай сулуу болгон жер.
Ач бүркүтчө теминип
Атка минип тээлигип
Шайымбет киши болгон жер.
Акбала менен Чорого
Баш коштуруп экөөнү
Бакай менен Семетей
Калк чогултуп жыйган жер.
Калың түлөө кылган жер
Акбала менен Күлчоро
Молдо нике кыйган жер.
Кара мүртөз Канчоро
Оң этегин түрүптүр
Оңологон Канчоро
Мага берет деп жүрүптүр.
Күлчорого берет деп
Манастын уулу Семетей
Кашына келип кеп айтат,
Кайраттанып бек айткан.
Ак жамдым жалын тарадың
Ой абаке Семетей,
Өзүңдөн кичүү баламын.
Ар качан көөнүң карадың.
Ушуну менен өч кылдың.
Акыркысын күч кылдың.
Канчоро кектеп алган жер
Кудай билет чын болсо
Арамдык түшүп оюна
Жедигердин кан Кыяз
Кагаз берип кат жазып,
Кат ичине ант жазып,
Аскериң менен келгин деп,
Атаңдын сойгон үч эрден
Көктелки, кызын берем деп.
Сенин атаң Толтойдун
Канын алып берем деп.
Колду Кыяз курган жер
Жайкын жаткан курган эл.
Канчоро кылып душмандык
Канкордун уулу баатырга
Бу Канчоро кылган жер.
Канчорого ат токуп
Баатыр Кыяз барган жер.
Жайында жаткан баатырды
Канчоро, Кыяз алган жер.
Семетейди сойгон жер
Аргын, огой курган журт
Бары карып болгон жер.
Аксаамайын жуулган жер.
Каныкейдей байкушту
Өз келини Чачыкей
Буту менен тепкилеп,
Каныкейди урган жер.
Чүрөктү Кыяз алган жер
Жедигерге туулуп
Балапан бала өскөн жер.
Өз элине жеткен жер
Эки жетим кошулуп
Карыптын багын ачкан жер.
Атанын ордун баскан жер
Эл чогулуп баталып
Баатыр атка конгон жер.
Бала Сейтек эр болуп
Атасы кылган жакшылык
Жамгырчынын Шайымбет
Эки жетим коштошуп
Эл чакырып токтотуп
Айланса болот алдага
Жаш Шайымбет алган жер.
Бала чолпон жаш Сейтек
Жамгырчынын элине
Конокко Сейтек барган жер.

# СЕЙТЕК

Айдатып жорго алдырып,
Жоргодон-жорго салдырып,
Бала Сейтек, Шайымбет
Кермеге күлүк байлатып,
Дүнүйөсүн жайлатып,
Кудай билет чын болсо
Көчөлөрдү бойлошуп.
Эки жетим баш кошуп
Биригишип ойношуп
Эки жетим баш кошуп
Эриккенин жазган жер.
Кудай багын ачкан жер
Жамгырчынын жалгызы
Жараткан өзү билбесе
Манастан калган жетимди
Конок кылып жаткан жер.
Жамгырчы кандын үйүндө
Кечээ Коңурбай казат кылганда
Элди келип кырганда
Жетим калган нечен бар.
Жесир калган нечен бар.
Буту сынган мунжу бар.
Колу сынган чолок бар.
Көзү чыккан сокур бар.
Семетейдин жалгызы
Конокко Сейтек барганда
Шайымбет колго алганда
Карып болгон канча эле.
Бала Сейтек көргөн жер
Боору оруп көргөндө
Баланын көөнү бөлүнүп
Байкуш болгон экен деп.
Көзүнүн жашы төгүлүп
Курманбек менен Казыга
Коңурбосту, Менкести
Баатыр Сейтек жаш чолпон
Огойго кабар билгизди.
Сарыган, Бөкөй эки кан
Элин жыйып алгын деп
Айры өркөчтү нар алып
Алтын-күмүш зар алып
Өрүштөн баштап жылкы алып
Короодон бөлүп кой алып
Талаадан айдап уй алып
Эки агам келсин деп
Баатыр тууган эр Сейтек
Карыпка кайыр берсин деп
Эки киши жөнөттү.
Бала Сейтек кат жазып
Катына кабар салган жер.
Аргын, огой арбынга
Кабар салып барган жер.
Баланын жазган катына
Калк ыраазы болгон жер.
Өрүштөн жылкы алды деп
Жылкы айдатып кам кылып
Матоого төөнү байлатып
Сарыгай, Бакай, Элчибек
Тамак-ашын жүктөтүп
Шаардан шайы алдырып
Ак куржунга салдырып
Короодон бөлүп кой алып,
Бададан айдап уй алып,
Баланын тилин алган жер.
Журт баштаган абасы
Сарыган элдин абасы
Калдайтып малды айдатып
Эркектен койду жайнатып,
Экиден бөлүп айдатып,
Бададан уйду бөлдүрүп,
Баланын тилин алган жер.
Атасынан баласы
Баштап жүргөн эки кан.
Айдап малды бурган жер

Мискин болуп курган жер.
Малы жокко мал берип
Даны жокко дан берип
Шаарга сатып пул берип
Сааны жокко уй берип
Атасынын баласы
Калк чогултуп журт болгон.
Семетейдин баласы
Атасындай эл баккан.
Мусапырдан алдырып
Көңүлүн ачып жай кылып
Жесирлерди алдырып
Жеткирди Сейтек кам кылып.
Жеткендерге бээ берип
Жетпегенге тай берип
Эми жыйып мал берип
Эл чогулуп келген жер.
Кудай билет чын болсо
Элге кайыр берген жер.
Манастын кылган иши деп
Баатырдан калган Сейтекке
Өлбөсө өлөт киши деп
Калың элге кам кылып
Багын кудай ачкан жер.
Бала Сейтек жаш баатыр
Жамгырчы элин баккан жер.
Жайында элин жайлатып
Чарбактарын оңдотуп
Мусапыр карып болгондо
Шайымбетке кеп айтып
Бөлүп баккын деп айтып.
Апасынын баласы
Ардактап журтун баккан жер.
Кудай билет чын болсо
Жетпегенге ат берип
Кемигенге тон берип
Кабар берип тургун деп,
Шайымбетке тапшырып
Бала Сейтек кайткан жер.
Эл жыйылып тон болгон
Эр Сейтекти көргөндө
Элдин көөнү токтолуп
Калк жыйылып тон болуп
Калктын башын курайт деп
Аман журүп жетилсе
Чоң атасы Манастай
Дин мусулман мендени
Арышы жетип сурайт деп.
Жамгырчынын калың эл
Калк жыйылып тон болгон
Шайымбет менен жаш Сейтек
Эки жетим чоңоюп
Киши болгон оңолуп
Кол алышып дос болуп
Колдон келген ар ишин
Баатыр Сейтек балага
Жаш Шайымбет берген жер.
Ойноп-күлүп жаркырап
Жамгырчы элин көтөрүп
Бала Сейтек жаш баатыр
Кайра ордуна келген жер.
Кең-Колго Сейтек барган жер.
Чоң энеси Каныкей
Сейтекке акыл салган жер.
Баласына кеп айтып
Акылдашкан шеригим
Айчүрөк менин келиним
Көрүшөмбү деп айтып.
Айчүрөктү мен көрбөй
Өлөмүнбү деп айтып.
Каныкей айтат балага
Жеткирип кудай санаага.
Каныкей кебин укканда
Кулагына жукканда.

# СЕЙТЕК

Айланайын энеке,
Күлчоро менен Бакайдын
Экөө кайда дебейсиң
Келиним деп кеп айтып
Айкожо менен Чорону
Бул экөөнүн добурун
Айчүрөктү неге айттың.
Бала Сейтек кеп айтат:
«Ийнеге таккан учугум,
Баатырдан калган күчүгүм,
Көлдөн калган чалчыгым,
Мээнетиңди алайын.
Менин айткан кебиме
Айткан сага ыраазы.
Кайрат айтып камыкпай
Кагылайын чолпонум
Мен Айчүрөктү сагындым.
Сагынганым айтайын
Перизаада жан эле
Бетинде белги бар эле
Аман болсо Айчүрөк
Айдай бетин көрсөм деп,
Ак бетинен сүйсөм деп,
Олуязаада Каныкей
Балага айтты ушу кеп.
Шайымбет менен достошуп
Амандашып коштошуп
Акылын бирге кошкон жер.
Акыреттик дос болуп
Баатыр Сейтек жаш бала
Барган элден айткан жер.
Кең-Колго барып түшкөн жер.
Келбеттүү огой калың журт
Бала Сейтек баатырды
Урматтап жакшы күткөн жер.
Олуязаада Каныкей
Жеткайтка өзү бааруугa
Сейтеги кайра келгиче
Калган экен камынып.
Кайнененси Каныкей
Айчүрөктү сагынып.
Бала Сейтек жаш бала
Энекеси  көп айтып
Жеткайтка качан барабыз
Айкожо менен Чорону
Перизаада келиним
Муну качан алабыз.
Бала Сейтек жаш баатыр
Энеси айтып турганда
Мен Жеткайтка барайын.
Абам менен агама
Барып акыл салайын.
Айкожо менен агама
Барып акыл салайын.
Айкожо менен агамдын
Айтканына көнөйүн.
Кагылайын энеке,
Сагынсаң Чүрөк келиниң
Алып келип берейин.
Энесине жалбарып
Бала Сейтек жаш баатыр
Элин жыйып камданып
Жеткайтка бала бармакка
Жүр деп калган эки шер
Эл бийлеген энеси
Баатыр бала алмакка
Энесинен кеп угуп
Бу дүнүйө жалганга
Ажал жетип күн бүтсө,
Алып коет кара жер.
Кийрип коет казган көр
Мен Жеткайтка барам деп.
Энем менен Чүрөктү
Баш коштуруп багам деп.

# СЕЙТЕК

Айкожо менен агамды
Барып алып келем деп.
Баш коштуруп төртөөндү
Айтканыңды угам деп.
Ажал жетип өлсөңөр
Башына чырак жагам деп.
Баш коштуруп үчөөндү
Ардактап өзүм багам деп.
Баатыр бала эр Сейтек
Тон-таноосун кийчүүдөй
Тооторусун минчүдөй
Жеткайтты көздөй жүрчүдөй
Желтаманды минчүдөй
Баатыр Сейтек барбактап
Атасындай дардактап
Молдо, эшен жыйган жер.
Кары-картаң чогулуп
Шаардагы огойдун
Баары тегиз келген жер.
Алакан тайкы колуңдан
Атакеңдин жолдошу
Алты бир чыкса жолуңдан.
Урумбек менен Көкбөрү
Түндө жүрсөң уйку сак.
Жолго кыдыр жан эле
Күндүз жүрсө жолго сак.
Ат откорсо, атка сак.
Экөөнү колго салган жер
Желкеде жылдыз оң тартып
Бала Сейтек жаш баатыр
Жеткайтка жөнөп калган жер.
Жети күнү жол жүрүп
Жедигерге барган жер.
Кечээ Таласта бала турганда
Калайыкка даң калган
Күлчоронун жолдошу
Жедигерге кан кылган
Кеңкол менен Таласка
Аргын, огой элине
Талас, Кеңкол жерине
Бала Сейтек барды деп.
Келбей жатып алды деп.
Кан көтөргөн Бозбала
Атка тезек салмакка.
Баатыр Сейтек баланы
Таластан издеп бармакка.
Куран окуп арбакка.
Карыларды жыйды эле
Кең Таласка келем деп
Атабыз Манас баатырдын
Арбакка куран окуйм деп
Бүрсүгүнү камынып
Азык-түлүк мол алып
Аттаммак болгон кезинде.
Бала Сейтек жаш баатыр
Барып түштү кечинде.
Сейтек атка минет деп
Сейтегим бүгүн келет деп.
Көрөйүн атка минет деп
Жол маанисин билет деп.
Акундун кызы Айчүрөк
Аш-тамагын жайнатып
Айтылуу Бакай чалына
Жылкыларды айдатып.
Акбоз жылкы карматып
Даярланып калган жер.
Баатыр бала, эр Сейтек
Күгүн кире, күн бата
Элдин асты жуп жата
Мурут-сакал чыгалек
Баатырдын үнү булбулбай
Баатыр болчу мендесин
Ар кандай жасайт бир кудай.
Арстан Сейтек барганда

# СЕЙТЕК

Көп чарбактуу эр эле
Баатыр бала эр Сейтек
Ордого жакын барганда
Дарбазанын жолунда,
Кылычтары колунда,
Мылтыктары далыда,
Айзалары карыда,
Кынына салган кылычты
Кыйыны бар ошерде.
Айбалта чапчу баатырлар,
Чоку чапчу чабалдар,
Кылычты кыя чапчулар,
Кан Бозбала баатырдын
Кылганына наалат жок.
Эл кайтарып баккандар
Кызмат кылып, эл багып
Калың элди баккандар.
Кара шаар чоң чарбак
Шаардын четин кайтарып
Турбай чалган, чалгандар.
Атка минди оолугуп
Арбактуу Сейтек жаш баатыр
Ошондо баарды жолугуп
Баатыр Сейтек жаш бала
Калкын колго алган жер.
Өз жолуна салган жер.
Кайра тартып айланып
Каныкейден бата алып
Жеткайтка бала барган жер.
Улуу-Жолдон өткөндө
Чоң көчөгө жеткенде
Кара жолдон өткөндө
Кан көчөгө жеткенде
Кылычын кынга салынган,
Далыга мылтык асынган,
Ок-дарысын артынган,
Жанында эки жолдошу
Адамдан чыккан жолборсу.
Бала Сейтек баатырды
Башында баскан көрбөгөн
Адамдан башка арбактуу
Артык тууган шер экен.
Бу кандай чыккан эр экен.
Көргөндөр карап таң калып,
Көпчүлүк карап жарданып,
Кээ бирөө кеп айтат
Минген аты бир башка
Кийген тону бир башка
Бу кандай жерден жаралган
Белинде алтын нуру бар,
Бетинде кызыл уру бар,
Мендеден башка түрү бар,
Баатыр Сейтек мингени
Кан Кыяздын Тоотору.
Минип жүргөн бууданы
Эл таң калып турганы.
Астындагы мингени
Кыяз кандын Тоотору.
Үстүндөгү жүргөнү
Кемери алтын жаркылдап,
Кисеси башка шалпылдап,
Айзасы башка тунарып,
Карап турат канча эл.
Баланы көрүп кубанып
Улуу кары аксакал
Көп жашаган кары бар
Кээ бирөө кеп айтат:
«Арстан Манас баатырга
Окшош экен»,– деп айтат.
Карылары кеп айтат:
«Кайдан окшош болгон деп
Карап турган эл айтат.
Турна көкүл, чолок чач
Акылбектин Каракөз.

Астын тосуп барган жер.
Айбаты башка балага
Кол алышып калган кез.
Бала Сейтек эр баатыр
Ат тизгинин бурган жер.
Кол алышып көрүшүп
Сөз айтышып турган кез.
Бетине бермет тагынып
Жан барбаган баатырын
Медербектин Акжаркын
Басып барды кагылып.
Шуру-бермет мойнунда
Упа-эндик жагылып.
Бой тулпарын чалышып
Атасы ашкан жан эле
Сары алтындан
Аркалыгы бар эле чаптырган.
Экөө ойно бала эле
Эки бала барганда
Салам айтып беттешип.
Астына киши баралбай
Арбактуу Сейтек баатырдын
Түрү башка көрүнүп
Кол кармашып эки кыз
Кол алышып турган жер.
Биргелешип жүргөндөй
Амандыкты сурашып
Каратаз айтат Сейтекке:
«Атың башка бир боорум.
Кийгениң башка бир боорум.
Кан атаң коркпой сураган
Калкың аман, бар бекен?
Улуу-Сууну бойлогон
Чатыр тигип, суу кечип
Кубалашып ойногон
Элиң аман бар бекен?
Кара сууга кайкыган
Кемең аман бар бекен?
Капалыкты жыйнаган
Калктын башын кураган
Ошол элиң барында
Өткөн Манас чоң ата
Дин мусулман менденин
Башын кармап сураган.
Элиң аман бар бекен?
Калкын сурап калкылдап
Аралаш бирге жүргөндөй
Бирге атка мингендей
Тизгин кошуп жоо сайып
Тизелеше жүргөндөй
Арбагы башка балага
Ойноп күлүп кеп сурап
Элинин жайын көп сурап
Бала Сейтек жаш баатыр
Жооп берип кебине
Саламат жаның сак болсун
Эсен жаның соо болгон.
Бир келишип, бир жүрүп
Ат тизгинин түйгөндө
Биргелешип жүргөндөй
Атыңды билбейм сен кимсиң?
Ошондо айтты кыздарга
Сен бизди кандай билесиң
Абапка салып каптаган
Алда таала кудурет
Өзүндөй кылып саптаган
Сенин тууган энең Айчүрөк.
Абапты алды кол менен
Чоңоюп өсүп келдик биз
Айчүрөк чапкан жол менен.
Жибекти алдык кол менен
Биргелешип, бир жүрүп
Оромол салды башыма
Аман өлбөй чоңойсо

Акылдуу болот деп айтып.
Ар кандай жолду үйрөнүп
Биргелешип бир жүрдүк.
Билбегендер «жеңе» дейт.
Айчүрөк бизди «эне» дейт.
Ак жибек кийген топуңа
Атанын чапкан жолуна
Чоң атаң билген кайын журт.
Ажыратып алдыңбы?
Канчоро, Кыяз шорунан
Ак байбиче олуя
Жалынып арбак кудайга
Сени салды энебиз
Атанын чапкан жолуна.
Менин атым – Каракөз
Менин атым – Акжаркын
Капар досуң чалкалап
Билип турат энебиз.
Желим жерде гүлдөгөн
Жүргөнүн киши билбеген
Алмасы жерге чачылган
Акылдашып сүйлөсө
Адамдын көөнү ачылган.
Азыраак сүйлөп басылган
Бет алышып сүйлөшсө,
Менденин көөнү ачылган.
Кичине сүйлөп басылган
Асманда жылдыз оң болгон.
Эрбейтип атка мингизген
Сенин эл кадырын билгизген.
Айчүрөк чапкан жол болгон
Кол кармашып кеп айтып
Коркуп турат башка эл
Кош, аман бол!,–деп айтып.
Капырай, астына киши баралбай
Салам айтып кол берип
Барууга айла табалбай.
Карылар коркуп сезгенде
Карап турган калың эл.
Баары коркуп кеткенде
Эки кыз кайдан барды деп
Бет алышып сүйлөшүп
Тизгининен алды деп.
Көпчүлүк айтып таң калып
Бала Сейтек баатырды
Ээчий карап жарланып.
Бастырып колго салганда
Бала баатыр жаш төрө
Ээчиткени эки жан.
Чоң көчөгө болкоюп
Аты башка зоңкоюп.
Чырымтал жүнү түшө элек
Он беш менен он алты
Ошого жашы жетелек.
Арстан эрдин тукуму
Айчүрөк баккан жетелек.
Балакатка жетелек
Бала жыты кетелек.
Садагасы кетейин
Санаттуу эрдин тукуму
Көп чогулуп калалык.
Бала жолго салган соң
Узап кетип калган соң
Эки кыздан кеп сурап
Катын бала чогулуп
Кары-картаң, жаш-жигит
Баары келди жарланып.
Эки кызга таңкалып
Адамдан башка жан экен
Салам айтып барууга
Кол кармашып калууга
Сүрүнөн коркуп баталбай
Барып салам айталбай
Коркуп турдук баарыбыз.

## СЕЙТЕК

Коркпой экөөң бардыңар
Көп сүйлөшүп калдыңар
Эл чогулуп, көп сурап
Эки кыздан кеп сурап
Бу кандай киши деп сурап.
Арбагын көр, түрүн көр
Шай колдогон баатырдын
Адамдан башка сүрүн көр.
Оң жагында секелек
Ойноо жаштан өтө элек.
Энекеси Айчүрөк
Моюнга тумар тактырып
Жаагына саамай койдурган.
Башка өстүргөн бала эле
Каракөз айтат какылдап.
Баланын жанын билбесең
Баатыр Манас тукуму
Айчүрөк багып өстүргөн.
Бала Сейтек ушу деп
Эки кыз айтты элине.
Баатыр Сейтек келет деп
Бозбала менен Күлчоро
Эл чогултуп топтотуп
Бири баатыр, бирөө кан
Эки тууган козудай
Турган экен окшошуп.
Бала баатыр эр Сейтек
Бастырып кирип барган жер.
Басып келип улукка
Атадан калган туйгун деп.
Чылбырынан алган жер
Кучакташып көрүшүп
Беттеринен өбүшүп
Сейтек менен Бозбала
Бет алышып калган жер.
Арбагы журтка тараган
Садагасы кетейин
Кара оорудан ак болгон.
Байгамбар барак, диниң ак
Дин мусулман чак болгон.
Өз атасы Алмамбет
Бир атасы эр Мажик
Эки шердин ортодон
Жараткан алда бир кудай
Жаралып калган жан эле.
Адамзат мендеден
Баатырдын түрү бир башка.
Бетинде уру бар эле
Күлчоро басып келген жер.
Бала Сейтек баатырды
Бозбала менен Күлчоро
Алып үйгө кирген жер.
Айланса болот алдага
Арбагы бар зор эле
Кечээ абасы душман Канчоро
Өз жолунан чыккан соң
Адамдан башка бар эле
Оңолуп атка мингени
Жедигер менен огойду
Баатыр Чоро мингени.
Адамдан бейли ак эле
Эр Күлчоро баатырдын
Адылдыгы бар эле.
Кудай билет чын болсо
Алдына олпок салдырып,
Башына мамык койдуруп,
Тасторконун жайдырып,
Садагасы кетейин
Айкожо аты бар эле.
Кечээ Канчоро, Кыяз женгенде
Асыл Бакай кайран шер
Жаман жолго барды эле.
Жараткан алда кудайдын
Жардамынан канды эле

## СЕЙТЕК

Абасын багып оңолтуп
Айчүрөк байкап турган жер.
Кудай билет чын болсо
Сарамжалын кылган жер.
Санап дүйнө жыйган жер.
Баатыр бала эр Сейтек
Босбала менен Чородон
Бул экөөнөн кеп сурап
Айкожо кайда деп сурап.
Сейтек сурап турганда
Босбала менен Күлчоро
Жоргого чана салган жер.
Абасына барсын деп
Амандашып алсын деп
Эр Сейтекти алган жер.
Эр Бакайдын астына
Эки бала барган жер.
Айтылуу Бакай баатырга
Атасын баккан калкалап
Кармаша чыккан душманды
Алчу эле талкалап.
Ошо балдар бул эми
Эртеги өткөн шер баатыр
Эр Манас жүргөн аркалап
Манастын көзү өткөндө
Каныкей менен Чыйырды
Экөө тентип кеткенде
Мөңкүштүн элин бөлгөндө
Атасы башка арамдын
Абыке менен Көбөштүн
Экөөлөп кордук көргөндө.
Оң мурутун сүйдү эле
Качкан балам келет деп.
Кайра ордуна конот деп.
Арстаным Манас баатырдай
Как ошондой болот деп.
Семетей кайра келгенде
Атадан калган калың журт
Колуна алып билгенде
Арстан Бакай, Айкожо
Акылдаш болуп жүргөндө.
Эр Семетей жашында
Арстан баатыр Бакайды
Аргын менен огойго
Кан көтөргөн башында.
Бул Сейтек барган жер
Абакеси Бакайды
Бакырып баса калган жер.
Арстан Бакай олуя
Айланса болот алдага
Жаш балача кучактап.
Башын катып койнуна
Арстан Бакай шер баатыр
Адамдан башка турбайбы
Кучактап алып бооруна
Башында өткөн мүшкүлдү
Эстей коюп эр Бакай
Ыйлап ийет болкулдап.
Бакайдын үнүн укканда
Күлчоро менен Бозбала
Кошо ыйлайт солкулдап.
Бергеним кудай алабы
Канчоро, Кыяз билгенде
Мендекор болуп көп жүргөн.
Жердин чөбүн жеп жүргөн.
Басса кудай сананы
Убагына жеткирип.
Айчүрөк бакты баланы
Арстан Бакай, Айкожо
Маңдайда чолпон жылдыздай
Эрдиндеги муруту
Буруп койгон аркандай.
Ээгиндеги сакалы
Талаага чыккан чалкандай.

# СЕЙТЕК

Жараткан алда бир кудай
Кечээ Бакай таркан көп убай.
Бала Сейтек өскөн жер
Байлоодо жүрүп Күлчоро
Кордукту көрүп кан Бакай
Азапты тартып Каныкей
Мураадыга жеткен жер.
Бакай менен Чорону
Байлап жүрүп кор кылган.
Адамдан асыл экөөнү
Олуязаада Каныкей
Кайыптан кабар алыптыр.
Кудай берер бекен деп
Каныкей менен эр Бакай
Эптеп жанын багыптыр.
Эринен тартып эр болгон
Эр кишиге тең болгон.
Эпейип атка миниптир
Бу кудайдын бергени
Алда!-деп атка мингенде
Өлө турган Чоросун
Өлүмдөн алп калыптыр.
Өлтүрөм деп турганда
Өкүмдүк кылган жылкычы
Бирин койбой кырганда.
Атасынын арбагы
Тегеректеп турганда
Адегенде кан ичип
Кан ичме атка конуптур.
Катыгын киши бериптир
Бакай, Сейтек баш кошуп
Бозбала, Чоро биригип
Болуп калган жер ошол.
Асыл Бакай астына
Баатырдын уулу жаш бала
Аксакал жыттады
Айры төшкө уктады.
Оң мурутун жыттады
Орто төшкө ыктады.
Тараза жылдыз батканда
Таң агарып атканда
Мазымдар[10] үн койгондо
Азандын маалы болгондо
Башына селде[11] чамынып,
Колуна дааратын алышып,
Эшен-молдо чогулуп,
Сыр мечитке толгон жер.
Ай кулагы калкандай
Алагар көзү чолпондой
Көрбөгөн адам коркондой
Мойну узун койкойгон
Адамзат башка зоңкоюп
Эр Бакайдын жанына
Бир жаш бала барды болкоюп.
Баланы көрүп жарданып
Баары карап таң калып
Арстан Бакай ойлонсо
Кайдагы бала болду деп.
Бала Сейтек баатырды
Тааный албай сүрдөшүп.
Кандай бала болду деп
Мечитке барган толгон эл.
Калк чогулуп кеп сурап:
«Айкожо, Бакай баатырдан
Бу кайдагы бала»,– деп сурап.
Эл чогулуп кеп сурап
Арстан Бакай баатырдан
Эмне бала?– деп сурап.
Айкожо, Бакай кеп айтат
Баланын жайын сурасаң
Билгениңер бар чыгар
Көргөнүңөр бар чыгар.

[10] Азан чакыра турган киши
[11] Челде» деп жазып койгон

Болоттон калган тукумум
Айзадан калган желегим,
Атадан калган белегим,
Соотко таккан кыягым,
Баатырдын калган туягым,
Көлдөн калган чалчыгым,
Атадан жалгыз туулган,
Баатыр уулум Семетей.
Ошондон калган күчүгүм
Семетей көзү өткөндө
Жедигер сенин каныңар.
Семетейдин Чүрөгүн
Каныңар алып кеткенде
Жедигерде туулган,
Тууду деп кабар угулган,
Ак түйүнчөк түйдү деп.
Көбүңөрдүн жеңеңер
Өз келиним Чүрөктө
Каныңар алып жүрдү деп,
Белине тасма бууду деп,
Кыяздан бүткөн бала деп,
Муну Айчүрөк тууду деп.
Асырап багып куш кылып
Алда таала кудурет
Келтирет экен кезекти
Адылы кетип каныңар
Азапка бизди туш кылып
Күлчоро менен Бакайды
Азаптуу күнгө туш кылып
Жалгандан бала келгенде
Жараткан алда бир кудай
Тааалайга жазып бергенде.
Айчүрөк аксаамайын түйгөндө
Айчүрөк багып жүргөндө
Уккула сөздү карылар
Жол сураган каныңар.
Адили жок кан экен
Чоңоюп бала жетилип
Мынабу турган Чорону
Ак жибек тонун бүгүлтүп,
Аманат жандан түңүлтүп,
Оромол тонун бүгүлтүп,
Чымындай жолдон түңүлтүп,
Адилеттүү кан болсо,
Же кылычтан башын албайт,
Кыйналып жүрүп өлсүн деп.
Өзүң өңдү шер эле
Кыйнабай таап салбайын
Омурткасын ойдуруп
Оң далысын сойдуруп
Жараткан алда кудайдын
Бардыгына ишенбей
Адилет улук кан болсо,
Өзүң өңдү жан болсо,
Кара көзүн ойгуча
Жанын кыйнап койгуча,
Өлбөсө киши жетилет.
Кандыгы турса башында
Өз кылганы өзүнө
Жетилгенди көрдүңбү?
Жаш өстү жетилип
Аргын менен огойду
Айылы бөлдү талкалап.
Кан Манастын алганы
Олуя заада Каныкей
Өлбөй тирүү бул жүрдү
Азапка башын калкалап.
Арстан Бакай кайран шер
Баланын дайнын билгизип
Көрөлекке көргөзүп
Билелекке билгизип
Канга киши кеп айтып
Баласы ошо болгон соң
Атасы баатыр Семетей

Кур салып куда болушуп,
Антты мындай кылышып,
Биз сүйлөшүп дос болбой
Кол алышып кеп кылбай.
Бекер кылган экен деп.
Кечээги көк жалдын уулу Семетей
Ошондо көп киши көрдү жарданып,
Ошондо көрө электер таңданып.
Күлчоро, Бакай, Бозбала
Акылдашып сүйлөшүп.
Аттанып жолго салалы
Айчүрөктү алалы.
Караламан көп журтка
Кан көтөртүп баланы
Биз бу жерден шашпайлы.
Кан көтөрүп баланы
Эчен түрдүү ой чыгар.
Эл кызуучу жол чыгар
Канча түркүн ой чыгар.
Калк бузучу жол чыгар
Оозу ушакка эптүү бар
Эл бузуучу шектүү бар.
Элдин баарын жыялы
Кара ниет ушакчы
Мунун баарын тыялы.
Калк чогултуп эл жыйып
Күлчоро менен Чүрөккө
Анан нике кыялы.
Эл чогултуп жыялы
Айчүрөк менен Чорого
Экөөнө нике кыялы.
Баш коштуруп экөөнү
Таласка жөнөп чыгалы.
Күлчоро, Бакай, Бозбала
Баатыр бала Сейтекке
Бозбала акыл салган жер.
Алып жалгыз барган жер.
Жаш балага кеп айтып:
«Айчүрөк сенин энеңди
Күлчоро деген агаңа
Никелетип кошолу»,
Бозбала айтат балага.
Айткан сөзгө «макул» деп,
Айтканыңар акыл деп
Баатыр Сейтек жаш бала
Акыл көрүп турган жер.
Калк чогулуп беттешип
Айчүрөккө келген жер.
Эл чогултуп жыйган жер.
Эр Бозбала оолуккан
Айчүрөккө кеп айтып
Алда таала кудурет
Адам чыкпайт жолунан.
Алда жазган буйруктан
Ой байбиче энебиз
Айта турган кеп болсо
Айчүрөк сизге эп болсо
Баатыр бала кайниңе
Эл чогултуп жыялы,
Экөөңө нике кыялы.
Акундун кызы Айчүрөк
Эл чогулуп келсин деп.
Калк чогулуп сүйлөшүп
Айкожонун астына
Кеңешин айтып берсин деп.
Кабагы ачык кашкайып
Акундун кызы Айчүрөк
Пери заада жан эле.
Эл чогулуп келсин деп
Айкожонун астына
Кары-картаң чогулуп
Келип жооп берсин деп.
Айчүрөктөн кеп угуп
Улук болгон Бозбала

Бакайга кайра барган жер.
Барып акыл салган жер.
Көп кишиге туйгузбай
Күлчорого угузбай
Бозбала, Бакай сүйлөшүп,
Жаш Сейтекке кеп айтып,
Айтып сөздү угушуп,
Акылдашып турушуп,
Бала чолпон макул деп.
Айтканыңар акыл деп
Бозбала эли жыйган жер.
Ушакчыны тыйган жер.
Эл чогулуп барган жер.
Бакайга акыл салган жер.
Макулдашып калган жер.
Айтканга Чүрөк көнөбү?
Макул болгон Чорого
Никелешип береби?
Эл калысы келген жер
Эр Бакайдын астына
Кары-картаң эчени
Көптү билген көсөмү,
Кепти билген чечени,
Бири-бирине кеп айтып.
Сен айт, мен айт, деп айтып
Айчүрөккө баталбай
Бирөө батып айталбай.
Алдырашып турган жер.
Күлчорого баталбай.
Бирөө батып айталбай.
Токтолушуп турган жер
Айтылуу Бакай билбейби?
Калк чогулган жерине
Калктын айткан кебине
Айчүрөк басып келсин деп,
Билгенн айтып берсин деп,
Күлчоро кошо келсин деп,
Укканын айттып берсин деп,
Бакай тапкан башка эп,
Калк чогулуп барган жер.
Каалга тартып шарк этип,
Ай тийгендей жарк этип,
Күн тийгендей жарк этип,
Айчүрөк чыга калган жер.
Кан Бозбала кеп айтып.
Арстан баатыр Чорого
Бозбала досу бек айтып.
Жалгыз алып барган жер.
Айчүрөк сенин жеңең деп.
Сейтек сенин инин деп.
Ак боз бээ союга
Айчүрөк менен өзүндү
Никелентип коюуга
Айта турган кеп келди.
Айкожого эп келди
Деп ошентип Бозбала
Айтып турган жер ошол.
Акыреттик дос элек
Айтайын ачык сырымды
Кагылайын жолдошум
Бул айтканың жакшы кеп.
Жараткан алда бир кудай
Жазганы болот ар кандай
Төбөмөн тийсем кобомбу?
Ата ордуна бакканын
Төрөмдүн төшөгүн бассам оңомбу?
Башыман тийсем кобомбу?
Алда деп атка минчү элем.
Ак саамайын өрчү элем.
Ата ордуна көрчү элем.
Кагылайын Бозбала,
Абамдын төшөгүн бассам оңомбу?
Билгир Чоро эр айтат:
«Акундун кызы Чүрөккө

Никеленбейм»,– деп айтат.
Кан Бакайдын кашына
Айчүрөк барды астына.
Эл чогулуп келгени
Көрдүңбү Айчүрөктүн билгенин
Калк чогулуп келгенин.
Айчүрөктүн көргөнүн
Ак жибек болуп бүгүлүп,
Калк аралап тоо басып,
Кан Бакайдын кашына
Айчүрөк келди жүгүнүп.
Ак булум кийип болкоюп
Акундун кызы Айчүрөк
Адамдан башка көрүнөт.
Ак тайлак төөдөй койкоюп
Маңдайын бүркөп кеп айтат:
«Калк чогулуп келгендер
Каныңар мында турбайбы.
Карыпка кайыр бергендер,
Эл чогулуп келгендер,
Бакырга кайыр бергендер,
Менин атым зайып деп
Өлбөй тирүү коет деп
Алда таала бир кудай
Үстүртөн кудай ...... шер
Астыртан арбак кеткен шер.
Айтайын сөзүм уккула
Абакем турат астымда
Менин төрөм баатырды
Кайда да болсо табам деп.
Кайып болгон төрөмдү
Издеп таап алам деп.
Буракты кармап токуткан
Арстан уулу баатырдан
Аманат койгон жеримде
Бу жолборсуңан кеп сура?
Бар бекен сөөгү деп сура?
Ошондо Күлчоро басып барган жер.
Кечээ Канчоро, Кыяз биригип,
Эр Кыяз менин душманым
Канчоро менин өз агам
Астында болбой бууданым
Атка жетпей турганым.
Жайлакта жаткан айлыма
Шаша жетип барганым.
Коңурбай атаң алганы
Жайлактап кармап алганы.
Анда мойнуна чылбыр салышып.
Менин агам Семетей
Кайрылып өзүм баргыча
Канчоро жыгып алыптыр.
Чала жан болуп калыптыр.
Баабедин деп бакырып,
Жакын кирип барганда
Канчоро, Кыяз кошулуп.
Биригип экөө качканы
Ошондо чала жан калган абама
Чала өлтүрүп шашканы
Ошондо ат жалына салгамын
Абамдын сөөгүн өңөрүп
Кара-Үңкүргө баргамын.
Аманат коюп абамды
Ээрчип жүргөн ак тайган
Жерде жүргөн көп айбан
Ак тайганга тапшырдым.
Айланып учкан канаттуу
Карга көзүн оет деп.
Канына жору тоет деп.
Ак шумкарга тапшырдым.
Айбандарга бактырдым.
Аманат коюп абамды
Кара-Үңкүргө тапшырдым.
Алда деп атка мингенде
Жаш баланы ээрчитип,

Кең-Колго кайра барганда.
Аргын, огой журтумду
Өз колума алганда.
Арстан абам баатырды
Алайын деп баргамын.
Аманат койгон жеримден
Сөгүм таппай калгамын.
Бери заада Айчүрөк
Калың элге кеп айтып:
«Менин төрөм Семетей
Канчоро менен Кыяздан
Майып болду»,– деп айтып.
Кара-Үңкүрдүн ичинен
Кайып болду деп айтып.
Менин чором Семетей
Жерден аткан жерде жок.
Калың кара элде жок
Ажалым жетсе өлөмүн
Айланып учуп көрөмүн.
Өлсөм өлүп каламын
Кудай кошкон төрөмдү
Өлбөсөм издеп табамын.
Калың элге билгизип
Беризаада Айчүрөк
Карыяга кеп айтып:
«Төрөмдү табам»,– деп айтып.
Билгендерге билгизип,
Баатырдын айкөл төрөсүн
Кечээ Сейтекти багып чоңойтуп,
Кадырым журтка тийгиздим.
Оңго салган Айчүрөк
Сейтекти багып чоңойтуп,
Жолго салган Айчүрөк
Айчүрөк айтып турганда
Калың журту жарданып.
Өлдү деген кишини
Тирүү деп айтат Чүрөк деп.
Жакаларын кармашып
Айчүрөктүн кебине
Уккан эли таңданып.
Олуя Бакай кеп айтып:
«Ойго түшпөс иш эле,
Манас кандын Семетей
Колдогон бири бар эле,
Колдогону болбосо
Жетим жүрүп жетилген
Көөсөмүрөөк бала эле.
Бозбаланы алдырып
Күлчоронун жолдошу
Эр Кыяздын ордуна
Эл көтөрүп кан кылып.
Кан балага кеп айтып
Чүрөктү алып кетели
Каалайсыңбы деп айтып.
Бозбалага кеп айтып
Талас, Кең-Кол жери бар.
Керектүү кепти сүйлөшкөн
Биргелешип тең өскөн
Сыр айтышкан сырдаш бар.
Тең өсүшкөн курдаш бар.
Айчүрөк качан келем деп
Аңкан жүргөн нечен бар..
Кайненеси Каныкей
Айчүрөктү көрсөм деп
Алда таала кудурет
Айчүрөктү бир көрүп
Анан кийин өлсөм деп.
Каныкей зарлап отурат».
Айкожо, Бакай айткан жер
Айчүрөк акыл тапкан жер.
Айткан сөзү акыл деп
Калк сураган Бозбала
Калкына кабар салган жер.
Калың эли жыйган жер

## СЕЙТЕК

Кудай билет чын болсо
Ак боз бээ той союп,
Ай мүйүздү уй союп,
Аксарбашыл кой союп,
Короолу коргон чарбакка
Куран окуп арбакка
Улуу заада Бозбала
Калаалу коргон чарбакка
Жалынып айтып арбакка
Акундун кызын жеңесин
Атказып жолго салмакка.
Эл чогултуп келген жер
Элге түлөө берген жер.
Тушуна тулпар байлатып
Тууруна туйгун койдуруп.
Алыстан күлүк алдырып
Күлүктү тапка салдырып.
Семетейдин Сейтеги
Ар ким айтып жүрчү эле.
Эр Кыяздын уулу деп
Айткандар кайдан билчү эле.
Кыяздын атын өчүрүп
Семетейдин уулу деп.
Калк чогултуп кеп айтты:
«Мынабу бала жаш Сейтек
Манастын уулу Семетей
Семетейдин баласы
Сербейип атка мингени
Кебетесин карачы.
Кечээ жедигерди жеңгенде
Айтылуу баатыр Күлчоро
Ошо Бозбала багып келгенде.
Жедигердин калың эл
Байдасы мага тийди деп.
Жолдош болгон Бозбала
Баатыр бала Күлчоро
Жедигердин элине.
Кан көтөрүп бергенде
Семетейдин колуна.
Атасы Манас баатырдын
Чаап кеткен жолуна
Толтойду сайып алганда
Айчүрөктү алам деп
Арстан Кыяз баатырдын
Атасы Толтой барганда.
Жаңдайда болгон секелек
Он экиден өтө элек.
Кечкени кызыл кан болгон
Эр Кыяздын атасы
Күлчородон жай болгон.
Калк сураган Бозбала
Айылда жүргөн жан эле.
Отун алып, от жагып
Жылкычыга барчу эле.
Басып отун алчу эле
Багын кудай ачканда
Жедигерге кан болгон
Келген элге даң болгон.
Акундун кызы Чүрөктү
Элди жышып кеп айтып,
Босбала кепти түгөттү.
Бери заада Айчүрөк
Акылы ар эчеңди,
Айза сынчу көсөмдү,
Көптү көргөн карыны,
Узун жашап баргандан
Уламалап кеп угуп,
Укканын айтып калгандар.
Сарайынын ичине
Элди жыйып толтуруп
Акундун кызы Айчүрөк
Кан Манастын кызына
Канчоро, Кыяз эки шер
Каалгасын ачканда,

Казынасын чачканда,
Акундун кызы Айчүрөк
Айлантып акыл тапканда.
Апкыты алтын, жез така
Аны каткан Айчүрөк.
Күмүш күрмө, жез топчу
Муну каткан Айчүрөк.
Канчоро билгизбей
Оозунан от берген
Атканы тирүү кетпеген.
Акбараң деген мылтыкты
Аны каткан Айчүрөк.
Туулга деген себилин
Тула бою темирин
Муну каткан Айчүрөк.
Белдемчи деген себилин
Бел сактаган темирин
Аны каткан Айчүрөк.
Сөйкө деген себилин
Баш сактаган темирин
Баарын каткан Айчүрөк.
Манастан калган сегиз мүлк
Баатыр төрө эр жаңгыз
Аттанып жоого чыгаарда
Эр Семетей кийчү эле.
Канчорого билгизбей
Эр Кыязга көргөзбөй
Баатырдан калган мураапы
Барып катын алыптыр.
Балапан жүрүп жетилсе
Ошондо курсагында иштеги
Артында калган тукуму.
Эркектигин билгенде
Акундун кызы Айчүрөк
Баатырдан калган мураапы
Алган байы Кыязга
Аны Чүрөк билгизбей
Кудай билет чын болсо
Манастан калган мураапы.
Баарын алып келген жер
Бакай менен Чорону
Өз колуна берген жер.
Кантип катып жүрдү деп
Ушундай заман болорун
Айчүрөк кантип билди деп.
Күлчоро, Бакай таңданып
Жакаларын кармашып.
Баатырдан калган мураапы
Беризаада Айчүрөк
Кереметин билгизип
Ичинен чыккан балага
Сегиз мүлктү кийгизип.
Баштагыдай бир башка
Манастан калган сегиз мүлк
Бала алып кийгенде
Кудай билет чын болсо
Баатыр Манас түрлөнүп,
Бала барчын өңдөнүп,
Баштагыдан бир башка
Айбатына эл коркуп
Адамдан башка сүрдөнүп.
Энеси Чүрөк бери ошол
Мурункудан бир башка
Кечээ баатырдан калган Сейтекке
Чоң атасы Манастын
Колдоп жүргөн бирлери
Чогу келген жер ошол.
Манастан калган дарбаза
Канчоро, Кыяз качканда
Кудай билет чын болсо
Баатырдан калган мураапы.
Эр Кыяз сени алам [12]деп
Эрге Чүрөк жакканда.

[12] «Саа тием» – мааниси туура эмес жазылган

## АЙЧҮРӨКТҮН СЕМЕТЕЙДИ ИЗДЕГЕНИ

Эптеп эбин тапканда
Кайненеси Каныкей
Катып жүргөн көп дүйнө
Кан Кыязга билгизбей
Бери заада катканда.
Күлчоро, Бакай, Бозбала
Каргадай Сейтек жаш бала
Кечээ баатырдан калган мураапы
Баарын берди кийгизип
Жоо-жарагын алдырып
Чыпчыма алтын, чымы жез
Чынбадана торгой көз
Каныкей кайыгы жасаган.
Бери заада Айчүрөк
Аны катып келди эле.
Балама бата бергин деп
Айкожого берди эле.
Алтымыш эрден жээктеп
Алтын менен жээктеп
Кечээ Алмамбет, Манас барында.
Алыстан уста алдырып
Олуязаада Каныкей
Билип турган чагында.
Кечээ Манастан калган көп дүйнө
Басып келген Айчүрөк.
Барган элге билгезбей
Катып келген Айчүрөк.
Манастын мүлкүн сактаган
Акылын киши таптаган.
Таласка жарык чыгарда
Барган элге билгизбей
Өзүнөн чыккан балага
Баатырдан калган көп кийим.
Жаш балага кийгизген
Бала Сейтек жаш баатыр
Энесинин ичинен
Шектүү болуп өстү эле.
Семетейден бүттү эле
Эр Кыязга барганы
Беризаада Чүрөктүн
Боюна бүтүп калганы.
Эр Кыяздан бүттү деп
Айчүрөктүн жардамы
Ардактап багып чоңойтуп.
Ичинен чыккан баланы
Баатырдын киймин кийгизип.
Байдасын минтип тийгизип.
Кечээ кан Кыяз жолго салганда
Канчоро айза калганда.
Чачыкей жандап алганда
Ак жибек кармап бүктөгөн.
Акундун кызы Айчүрөк
Эшигин Кыяз ачканда
Манастан калган дүнүйө
Эрки менен чачканда.
Буулумду бүктөй катканда
Айчүрөк катып жатканда
Чачыкей кезеги билет деп,
Сарамжалын бүктөтүп
Акундун кызы Айчүрөк

Алтымыш тоого жүктөтүп.
Кан Кыяз деген эрине
Канчоро менен Чачыкей
Бул экөөнө билгизбей
Олуязаада Айчүрөк
Ала кеткен жерине.
Алтын ооз дарбаза
Айчүрөк оозун ачкан жер.
Каныкей кайып колуна
Жайга салкын болот деп.
Аскерди камдап баккан жер
Кышка жылуу болгон деп.
Көрпө жасап ороолош
Көк мата кошуп жоролош
Качан аттанып жоого чыгаарда
Баатыр Манас аскери
Окшош кийим кийчү эле.
Оолугуп жоого тийчү эле.
Каныкей кылган сарамжал
Аскери алып кийгени
Айдап алып жүргөндө
Аскер кийчү жарданып.
Кандай кийим кийди деп
Качан жасап койду деп
Баары бир кишидей болду деп.
Темир ооз дарбаза
Кой башындай кулпуну
Каалгага салчу эле.
Кандай жасап койгонун
Жоого кийчү кийимдер
Анын качан даяр болгону.
Баатыр Манас билчү эмес
Бакайдан башка канча жан.
Бирөө карап көрчү эмес
Бери заада Айчүрөк
Аргын менн огойдун
Карысына билгизбей.
Караламан көп журттун
Баарысына билгизбей.
Караламан көп журттун
Баарысына билгизбей.
Айчүрөк алып барыптыр
Манастан калган сан дүйнө
Байкуш Чүрөк бери күң
Баарын сактап калыптыр.
Жеткайттан жөлөп чыгарда
Жедигер эли кийе элек
Мындай ишти көрөлек
Арстан Манас баатырдын
Асылдан калган мураапы
Акундун кызы Айчүрөк
Алып келип сактаган,
Бозбаланы алдырып.
Сүйгөнүңдү алгын деп
Улуу заада баатырдан
Ошондон калган мураапы
Өзүң кийип калгын деп.
Дарбазасын ачканда
Сан дүйнөнү чачканда
Калк сураган кан бала
Эл сураган Бозбала
Кечээ арстан Манас барында
Кырк чоро күтүп жоо санын
Кылымды билген чагында.
Кылганым сая кетти деп
Жоо-душманды талап алды деп.
Атаңдын көрү дүйнө күн
Олуязаада Каныкей
Байлады кудай багымды
Манастан калган дүнүйө
Айчүрөк алып кетип калды деп.
Капа болуп кан жутуп
Кайгырып ыйлап зар жутуп
Жүрүүчү эле Каныкей.

# СЕЙТЕК

Акундун кызы Айчүрөк
Аргын менен огойдун
Кул кулданып алганда
Алтымыш киши ээчитип
Кулдары бала барганда.
Акундун кызы Айчүрөк
Эр Кыяздын кулу деп
Күндүз камын жактырган
Алып барган адамды
Түн ичинде Айчүрөк
Ак мамыга жаткырган.
Тийген байы Кыязды
Беризаада Айчүрөк
Эчен жерден азгырган.
Кечээ Күлчоро, Бакай жеңгенде
Эр Кыяз баатыр өлгөндө
Эл чогулуп келгенде
Тул түбүндө олтурган.
Дүнүйө жышып таштаган
Баарын алып Айчүрөк
Көчөсүнө салган жер.
Кечээ Күлчоро, Бакай жеңгенде
Өзү тууган жаш Сейтек
Абасына кошулуп
Ошо баатыр болуп келгенде.
Ошондо аргын менен огойду
Ала келген кумары.
Бакай менен Чорону
Бакырыгын укканда
Акундун кызы Айчүрөк
Окшош кийим кийгизип
Бери заада Айчүрөк
Каныкей канып иштеген.
Кайнатасы зор Манас
Аскер жыйып кол курап
Казат кылып турганда.
Иштеген киши төйнөгөн
Калпак жасап ээктеп
Алтын менен жээктеп
Каныкей кайып жасаган.
Чүрөктү Кыяз алганы
Айчүрөк алып барганы
Жедигер эли билбеген
Акунддун кызы Айчүрөк
Казынасын ачканда
Дүнүйөнү чачканда
Кандай болгон борум деп
Кайдан келген соонун деп
Көргөндүн баары таң калып
Ким жасаган кийим деп.
Кайдан келген буюм деп.
Каныкей иштеп турганда.
Ууздун баарын жыйганда
Акылы артык Каныкей
Ою менен кылганда.
Баарын жасап турганда
Арстан Бакай келчү эле
Баатыр Манас баш болуп
Кырк чоро кайдан билчү эле.
Жоого барса кийсин деп
Токтобой жоого тийсин деп.
Алыстан уста алдырган
Майда кумдун эленди
Темирден түшкөн өгөндү
Ок өткүсүз болсун деп
Зооттун ортосуна салдырган.
Жети башка бураган
Арстан Бакай, Айкожо
Баатырдан калган мураапы
Баары аман экен деп
Колу менен санаган.
Кечээ Кыяз менен Семетей
Кыйгактуу айза сунушуп
Кыя кармап урушуп

# СЕЙТЕК

Манастан калган аколпок
Айза тийип жешилген
Канчоро боолук салгыча
Сүйрөтүп кетип калгыча
Эр Кыязды аларда
Манастан калган аколпок
Кылыч тийип кесилген.
Бери заада Айчүрөк
Муну жая салган жер
Муну кийген кандай жан
Чогулушуп барган жан.
Айран болуп калган жер
Колуна алып эр Бакай
Баатырдан калган тукум деп.
Бала Сейтек чолпонду
Далысына салган жер.
Эртеги өткөн баатырга
Баатыр Сейтек жаш бала
Куп дарашып калган жер.
Арстан төрө эр Бакай
Белине саадак кадаган
Дүнүйөнү көргөндө
Жараткан алда бир кудай
Ай Айчүрөк кулунум
Мени кылсын садага.
Айчүрөктүн алганын
Жеткайтка алып барганы.
Акундун кызы Айчүрөк
Кечээ Канчоро, Кыяз кан ичме
Таласка чабуул салганда
Талап бөлүп алганда
Жараткан алда бир кудай
Жарыкчылык көргөзсө
Курсагымда түйүнчөк
Сактамакка Айчүрөк
Жалынып тийген Кыязга
Сабырлуу Чөрүк байкушту
Жеткирген кудай мураска.
Аколпок кийип болкоюп,
Боз жорго минип зоңкоюп,
Маңдайында көкүлү
Кыялдап алтын чаптырган.
Кылымда андай менде жок
Сейтек кийип турганда
Көргөндүн баары жактырган.
Калкы келген жарданып
Каныкей кылган кийимге
Кандай киши канды деп
Кийимди көрүп таң калып.
Баатырдан калган жаш бала
Жашында жедигердин эли эле
Жоону сайып эл жеңген
Бала баатыр эр Сейтек
Чолпону жарык жаркылдап
Жылдызы жарык мунарык
Көргөн киши кубанып,
Баабединин алдырып,
Баатыр Бакай кайран шер
Баласына чалдырып,
Жайган булун бүктөтүп,
Күлчоро, Бакай эки шер
Санап төөгө жүктөтүп.
Алда таала жол берип
Арстан Бакай баатырга
Калың кара жедигер
Чуркурашып көрүшүп.
Акундун кызы Айчүрөк,
Кан Кыязга барганда
Манастан калган жетимче
Каргадай жүрүп чоңоюп,
Кыястан өчүн алганда.
Күлчоро, Сейтек кошулуп,
Жедигер элин жеңгенде.
Таластан барып эр Сейтек

Энесин жүрү дегенде.
Алп Алтайга тул тартып,
Алтымыш төөгө бул артып,
Аргын, ногой элине
Кең-Кол, Талас жерине,
Салынган коргон-чарбакка,
Кайрылып элине бармакка,
Перизаада Айчүрөк,
Элин жыйып топтотуп,
Калың эл менен коштошуп.
Жеткайт деген жерине,
Жедигер деген элине,
Айчүрөк чыгып жөнөдү.
Салтанаттуу Айчүрөк,
Атасы кандуу жаш Сейтек,
Олуя Бакай абасы,
Баатыр Чоро агасы,
Кош жүктөгөн төөлөргө
Шуру буйла тактырып,
Үстүнө килем жаптырып.
Семетей тирүү чагында,
Кең-Кол менен Таласты
Жердеп турган табында,
Акундун кызы Айчүрөк
Баатырдан калган жаш Сейтек,
Көчүн жолго салган жер.
Нуркандын кызы Каракөз,
Калк чогулуп эл жыйып,
Жолун тосуп калган жер.
Алты жашар чагында,
Ойноо бала табында,
Жаш Сейтекке никелеш,
Периште кошкон мүчөлөш,
Уктап жатып түш көргөн,
Түшүндө жакшы иш көргөн.
Бир кары кеп айткан,
Семетейдин баласы
Сен Сейтекке баргын деп айткан.
Ошол түнү эсинде
Перизаада Айчүрөк,
Белине тасма борунган,
Сейтек менен Каракөз,
Шейшемби күнү туулган.
Алла таала бир кудай,
Энесинин ичинде,
Туула элек кезинде,
Экөөнө нике буйурган.
Каракөз көргөн түш ошол,
Кабыл алган иш ошол.
Айчүрөк көчүп чыкканда,
Айчүрөк көчүп чыкты деп,
Кыз Каракөз укканда,
Акыреттик жолдошум,
Артын кудай оңдосун,
Баш кошушуп кетем деп,
Эл чогулгун деп айтып,
Сейтекке тием деп айтып,
Кол чогултуп кеп айтып,
Канзааданын тукуму,
Кайненем болот Айчүрөк,
Кошо кетем деп айтып.
Ата менен энеге,
Акылдаш жүргөн жеңеге,
_______ айт(р)ып сындырып,
Баатырдан калган жаш бала
Мен Сейтекке тием деп,
Биргелешип жүрөм деп,
Ата-энеси макулдап,
Бул айтканы макул деп,
Балага кубат тез берип,
Каракөздүн айтканы
Ата-энеге эп келип,
Жолго жорго салдырып,
Айылга мейман келет деп,

Айчүрөк көчүп чыкканда
Жол тостуруп кам кылып,
Сарамжалын шай кылып,
Кур салып куда боло элек,
Бакай менен Күлчоро
Кулдук уруп коё элек,
Антташып куда боло элек.
Ойноо бала секелек,
Он төрттөн жашы өтө элек,
Баланын тилин алган жер,
Күлчоро, Бакай келет деп,
Жол тостуруп калган жер.
Салтанаттуу эки шер,
Күлчоро, Бакай барган жер.
Көчкөн көчүн токтотуп,
Кол алышып коштошуп,
Айчүрөк, Бакай конгон жер.
Ак боз бээ сойгон жер,
Антташып куда болгон жер,
Кур салышып барган жер,
Уркап(урнап) ? Бакай, Күлчоро
Кудалашып калган жер.
Акундун кызы Айчүрөк
Ак саамайын түйгөн жер,
Мурун Чүрөк көрө элек,
Маңдайы жарык жылдызы,
Кийген кийми кырмызы,
Жылдызы жарык жаркырап,
Маңдайы ак кашкайып,
Калк чогулуп барган жер.
Аксарыбашыл кой союп,
Айына жүздөн кой союп,
Айдап жылкы бээ союп,
Тамак-ашка эл тоюп,
Салтанаттуу хан Бакай,
Сандыргалуу Күлчоро
Ургачыдан арбактуу,
Пери заада Айчүрөк,
Кечээ аргын менен ногойду,
Канчоро басып жеңгенде,
Акундун кызы Чүрөктү,
Эр Кыяз алып келгенде,
Баатырдын уулу Семетей
Курсакта өлүп калыптыр,
Кыяздан бүткөн бала деп,
Пери Чүрөк багыптыр.
Жедигерге жетелеп,
Жетим атка кондурбай,
Энеси Чүрөк багыптыр.
Эрешен тартып эр болуп,
Атасындай шер болуп,
Баатыр атка конуптур.
Атасына окшошуп,
Атышкан жоону токтотуп,
Баатыр атка конуптур.
Канчоро менен Кыязды,
Кең-Кол деген жеринен
Керектүү ногой элинен
Канчоро, Кыяз эки шер,
Элди бөлүп алганда,
Манас күткөн кайран журт
Эмгекке башы малынып,
Семетей көзү өткөндө,
Эчен ыйлап зарылып.
Курсакта жүрүп чоңоюп,
Күндөн-күн иши онолуп,
Кечээ канкордун уулу баатырдан
Жагыптыр кудай таалага
Айчүрөктүн артынан,
Ала талак ай мончок
Сабагына салынып,
Булгум огой ак жоолук
Алмадай башка жамынып,
Айчүрөктүн артынан,

Ак жыландай бүгүлүп,
Бир жаш келин келет жүгүнүп.
Пери заада Ачүрөк,
Оң колун алып бооруна,
Сол колун катып койнуна,
Оромол тумар кыпчыма
Тула бойдо жаркылдап,
Кайнатасы баатырдын
Арбагына жүгүнүп,
Курдан тоскон көп журтум.
Айчүрөк келди жакындап,
Айчүрөктүн артында,
Упа менен эндикти
Беттерине жамынган,
Шуру менен берметти
Саамайына тагынган,
Көргөндүн көзүн талдырган,
Каракөздүн жолдошу,
Бу жедигер элинен,
Кошуп берген кырк келин.
Айчүрөктүн астынан,
Каракөздүн жанында
Кош айтышып жаркылдап,
Кошо басып жалпылдап,
Сөз айтышып жаркылдап,
Бирге басып салкындап,
Боюна тумар тагынып,
Бу Каракөздүн жолдошу,
Эр Сейтектин балдызы,
Канкордон калган балага,
Карында калган балага,
Жеткизген кубат санаага
Перизаада Каныкей
Канчорону көр кылып,
Маңдайын эли шор кылып,
Ай караңгы түн өткөн.
Айчүрөк менен Каныкей
Ажырашып кеткени
Ортодон он беш жыл өткөн.
Кыязга Чүрөк келгенде
Кан Манастын Каныкей
Өлөйүн деген арынан.
Өлбөй тирүү жүргөнү
Көрдөгүдөн көп болгон
Каныкейдин көргөнү
Курсакта бала калганы.
Аксаамайын түзгөн жер
Аман болуп төрөлсө
Бир жакшылык болор деп
Каныкей өлбөй күйгөн жер.
Элине Чүрөк барган жер
Каныкей, Чүрөк көрүшүп
Кучакташып калган жер.
Эчен заман күн өткөн
Ажырашып кеткени
Арадан он беш жыл өтпөй
Каныкей, Чүрөк көрүшүп
Коргошундай көйкөлүп
Эрип кете таштады.
Эригенден бир башка
Каныкей менен Айчүрөк
Сагынышкан эки шор
Өлүп кете таштады.
Буркурашып ыйлашып
Каныкей менен Чүрөктүн
Көрүшкөнүн көргөн журт
Чуркурашып ыйлашып.
Каныкей менен Айчүрөк
Ажырашпай турганда
Журтун капа кылганда
Эч айласын таба албай
Каныкей менен Чүрөктүн
Жанына киши бара албай.
Чын айласын таба албай.

Каныкей менен Чүрөктүн
Жанына киши баралбай
Алыстан Бакай, Айкожо
Ачууланып алган жер.
Кайраттанып булкунуп
Карыган Бакай барган жер.
Ыйлаган элди тыйган жер.
Кайраттанып күлдүрүп
Каныкей менен Чүрөккө
Арыдан Бакай сүйлөнүп:
«Ой Каныкей бейтаалай,
Кайраты бар күү элең
Кечээ канкоруң Манас өлгөндө
Ошондо өлбөй не жүрдүң?
Кечээ Канчоро элди бөлгөндө
Жалгыз уулуң өлгөндө
Ошондо өлбөй не жүрдүң?
Калктын баарын кыйнайсың
Айчүрөк менен көрүшүп,
Кара чачың жыйбайсың
Кайраттанып турбайсың
Кең-Кол менен Таласка
Кеткен арбак келгенде
Тилекти кудай бергенде
Элдин баарын зарлантып
Эминеге ыйлайсың?
Айбаттуу Бакай барган жер
Каныкей менен Айчүрөк
Ажырашпай турганда
Ажыратып алган жер.
Баатырдан калган калаага
Калк чогулуп толгон жер.
Баатыр Манас баарындай
Как ошондой болгон жер.
Эл Кең-Колго толгон жер.
Эртеги Манас барында
Как ошондой болгон жер.
Арстан Бакай, Күлчоро
Сайкүлүктү байлытып
Аш-тамакты жайлатып.
Карып болгон калың журт
Карып болгон эл эле
Канчоро, Кыяз жеңгенде
Ичерине аш болбой
Арык болгон эл эле.
Кайрадан арбак конгон жер
Семетей, Манас барындай
Аргын, ногой калың журт
Мурункудай болгон жер.
Сай күлүктү тапташып
Сапардан чыккан күлүктү
Эр Күлчоро бактырып
Алыстан элди чакыртып,
Мамыга күлүк байлатып,
Жолго жорго тостуруп,
Мен жедигердин элинен
Келип алып келдим деп,
Жараткан кубат ал берип.
Ат чаптырып той берип
Күлчоро, Бакай, Эр Сейтек
Манастын ордун баскан жер.
Аргын ногой, калың журт
Баары жыргап жаткан жер.
Кең-Колго сыймык конгон жер.
Кечээ эр Семетей барында
Эл ордуна барган жер.
Келип төрөң баш өсүп,
Дөөлөт ташып мал өсүп,
Кадимки сыймык көргөн жер.
Кадимкидей болгон жер.
Атасынын бабасы
Башынан сыймык кетпеген
Барлашкан киши оңчу эмес
Кечээ ичинен чыгып душман

Алтын көкүл секелек
Каныкей менен Күлчоро
Ак боз бээ сойдуруп,
Атын уйкаш койдуруп,
Ак саамайын жыттатып,
Айры төшкө уктатып,
Эрешен тартып эр кылып,
Эр уулуна тең кылып,
Алла таала кудурет,
Жедигер элин өндүргөн.
Эки бирдей баланы
Жээлеп Бакай көндүргөн.
Кан Бакайдын күчү уруп,
Каныкейдин сүтү уруп,
Канчоро кулга бастыртып,
Өзү менен тең өскөн
Өзөктөш эмес Канчоро
Күлчорону байлаткан.
Каныкей менен Бакайдын
Экөөнүн шоорун кайнаткан.
Ошо Канчоро, Кыяз кармашып,
Араң жан болгон жеринде
Баатырдын сообун алганда
Кара-Үңкүргө барганда
Каңкордун уулу баатырдын
Кайыпка сөөгүн тапшырып,
Аманат кылып кеткенде.
Абамдын сообун алам деп.
Дин мусулман элине
Баарына кабар салам деп.
Аманат койгон үнкүрдөн
Күлчоро, Бакай барган жер.
Баатырдын уулу Семетей
Сөөгүн таппай калган жер.
Уркандын кызы Көкмончок
Ур жеринин шаарына
Көкмончок алып барган жер.
Перинин тилин билгизип
Перинин киймин кийгизип,
Кидилстан шаарында
Уркандын кызы Көкмончок
Никеленип жүргөн жер.
Семетейге тийген жер.
Шайымбеттин колунан
Тайбуурулду алган жер.
Алып барып буурулду
Семетейге мингизип,
Перин тилин билгизип,
Буурул атты токушуп,
Перинин жолун окушуп,
Көкмончок алып барган жер.
Асыл адам тукуму
Баатырдын уулу Семетей
Пери болуп калган жер.
Акундун кызы Айчүрөк
Арка чачын түйчү экен,
Көкмончок алып кеткенин
Аны Чүрөк билчү экен.
Курсактагы баланы
Чоңойсун деп жүрчү экен.
Балага арбак конгон жер.
Агасындай болгон жер.
Акундун кызы Айчүрөк
Каныкей менен Бакайга
Айтып акыл салган жер.
Каныкей, Бакай макул деп,
Айчүрөк тилин алган жер
Акыретте тирилсин
Акундун кызы Айчүрөк
Издемек болуп калган жер.
Күлчоро, Бакай, Каныкей
Бул үчөөнө эп болуп,
Көңүл сыйган эп болуп,
Айчүрөккө эп болуп,

Айчүрөк айтар ар сөздү
Менин төрөм Семетей
Бери болуп калды деп.
Кидилстан Кырым шаар
Жери болуп калды деп.
Уркандын кызы Көкмончок
Эри болуп калды деп.
Жашында көргөн Тайбуурул
Шайымбеттин колунан
Пирлер жөөлөп алды деп.
Семетейге мингизип
Пери тердик токушуп
Перинин тилин окушуп.
Ур туруну мингизип
Өз оюнча жүргүзүп.
Колуна туйгун кондуруп
Менин төрөм баатырды
Пери ээлеп алды деп.
Адамзат пенденин
Тилин билбей калды деп.
«Айланайын абаке,
Кагылайн уулуке,
Буурул аттын кабарын
Шайымбетте бар бекен?
Карын бөлө Үмөтөй
Буга кабар салгыла.
Буурул ат колдо бар бекен
Мындан кабар алгыла.
Үмөтөйдүн колунда
Буурул ат өлсө оң болбойт.
Анда мен Чүрөк ишим соо болбойт.
Айчүрөк тилин алышып
Үмөтөйгө барып кел.
Колунда бекен буурул ат,
Ат кабарын алып кел.
Бар болсо, атты буруп кел
Жок болсо, дайнын билип кел».
Күлчоро, Бакай кат жазды
Үмөтөйдү атказды.
Кан Көкчөнүн Үмөтөй
Күлчоро, Бакай эки шер
Аттан атка салган жер.
Катын окуп карса
Күлчоро, Бакай жазыптыр:
«Буурул ат аман барбы?»–деп,
Аргын жайын айтыптыр
Эр Үмөтөй кеп айтат:
«Жоготтум атты»,–деп айтат.
Үстүнө оңой жапчу элем,
Күн көргөзбөй бакчу элем,
Анда-мында минчү элем,
Ак олпокту кийчү элем,
Колума туйгун алчу элем,
Каз-өрдөккө салчу элем,
Саякатка чыкканда
Өзүм минип барчу элем.
Колума туйгун алганмын
Кумду чапка барганмын
Каз-өрдөккө салганмын.
Туйгун алган каз-өрдөк
Курджунумдан арканын
Куюшканга чалганмын.
Көкчө тоонун оюна
Кайра келбей калаага
Калдым конуп талаага.
Түрлүү чыккан кыраң чөп
Ооздугун чыгарып,
Жетеледим чылбырдан.
Мен жетелеп откозуп
Кармап турсам колума
Таманы жерге тарсылдап,
Айды карап кишенеп,
Башын жерге салганда
Эмнени көрдү деп

Ат тойунуп алганда.
Акылым айрам бөлүндү
Асмандан учуп бурулуп
Бир ак булут көрүндү.
Булут келип бурулду
Ошондо кармап турам буурулду.
Ошондо бурулга келип жабылды
Ошондо кармап турган буурулум
Туягы жерге илинбей,
Турган жери билинбей,
Калай жүгөн башында
Жыйырма беште жакында.
Агам Көкчө куну үчүн
Ак олпокту жаптырып,
Буурул атты алгамын,
Буйругу экен кудайдын
Буурул аттан айрылып
Мен ошентип калгамын.
Үмөтөй айтат көргөнүн
Колунан буурул кеткенин.
Акыл айран таңданып
Кандай шумдук болду деп
Жакамды бекем камдынып.
Буурул аттан айрылып
Буурул болду бул чачым.
Ошол чактан ушул чак
Бушайман[13] болду бу башым.
Буурул ат колдо жүргөндө
Булкунтуп өзүм мингенде
Буруксуп жоого тийгенде
Кармашкан жоону жеңчү элем.
Калың казак журтума
Калың олжо берчү элем.
Буурул ат кетип колуман
Жазган кубат шоруман

[13] «Пушайман» деп жазылган

Эчендерден жөн болдум
Кара жерге тең болдум.
Канчалыктан кем болдум
Аттанып тышка чыкпадым.
Ушул кандын шери эле
Менин энем Акэркеч
Энем менен бир тууган
Таяжем эле Каныкей
Карын бөлөм баатырдын
Канча жыл өтүп баратат
Бир кабарын укпадым.
Манастан калган жалгыздын
Бар экенин билбедим.
Армандуу болуп жүрөмүн
Буурул атты эстесем
Атты жакын күтөмүн,
Үмөтөй айтат буурулду
Кечээ Каныкей, Чоро кат жазган
Арага киши аткаган
Буурул аттын жоктугу
Арачы айтып барган жер.
Аз элибери Чүрөккө
Күлчоро, Бакай эки шер
Акундун кызы Айчүрөк
Абалкы пери молдосу
Манастын уулу Семетей
Акыреттик жолдошу.
Сыйынып кудай арбакка
Төрөсүн таап алмакка.
Каныкейге кеп айтат:
«Элиңди жыйгын»,– деп айтат.
Күлчорого кеп айтып:
«Күрдөлдү калың журтуңду
Жыйып бергин»,– деп айтат.
Дин мусулман баарысын
Батасын ыйлап алайын
Баатырдын калган жалгызды

Өлбөсө издеп табайын.
Тапсам алып келермин
Батасы тийсе журтуңдун
Кагылайын энеке,
Өзүндөн болгон жалгызды
Алып келип берермин.
Каныкей, Бакай сүйлөшүп
Калың элди жыйышты
Асыл берен Айчүрөк
Семетейди издейт деп
Калкы түлөө кылган жер.
Айкожо, Бакай кеп айтып:
«Айчүрөк менин келиним
Асылы бирге болгон соң
Керек экен»,– деп айтып.
Эл чогултуп жыйганы
Айчүрөккө эл чогулуп келсин деп
Чүрөккө бата берсин деп,
Калк чогулуп келсин деп,
Чүрөккө бата берсин деп,
Айкожо, Бакай абасы
Калың журтка жар салып.
Болоттон калган тукум деп
Мынабу турган балаңар
Айчүрөк тапкан тукум деп.
Артында калды белеги
Береги Чүрөк байкушка
Агарып бата берели.
Айкожо айтып турган жер
Ошо перизаада Айчүрөк
Акка моюн сунган жер.
Калың элден бата алып
Учмак болуп турган жер.
Оболоп учуп аларда
Айчүрөк учуп калаарда
Асмандан жылдыз козголгон.
Орускан менен Семетей
Акыреттик дос болгон.
Ободо жылдыз боз болгон
Орускан менен Семетей
Оо, дүйнөлүк дос болгон.
Перизаада Айчүрөк
Пейлине кубат салган жер.
Бериште жакын бурган жер.
Айчүрөк токтоп калган жер.
Оюна кубат салган жер.
Олуя пириң болгон жер.
Перизаада Айчүрөк
Учпай токтоп калган жер.
Каныкейге кеп айтат:
«Кагылайын энеке,
Жалгыз уулун Семетей
Жаш кезинде кошулуп
Жаш кезинде кошулуп
Орус канга дос болуп
Достугуна тура албай
Мойнунан куржун салды эле,
Кудалашып калды эле.
Аккуран окуп антташып
Акбата кылып антташып
Оймоктуудан уз эле,
Тырмактуудан түз эле,
Орус кандын жалгызы
Күлнара деген кыз эле.
Ак саамайын түйүптүр
Арадан өтүп канча жыл
Бул уулуңду күтүп тур.
Балалык жаштан өтүптүр
Орто жашка жетиптир.
Аман-эсен бар экен
Билип туруп айтпасам
Айтпай мындай таштасам
Мойнумдагы карыз экен.
Алла таала кудурет

Тагып койгон парс экен.
Ошондо Орускан элдин ичинде
Элине кабар салдырып
Алтын көкүл, жайма чач
Оң саамайын түйүптүр.
Ортого нечен эл келсе
Тийбеймин деп жүрүптүр.
Арстан баатыр Чорону
Саргарып күтүп жүрүптүр.
Сандыргалуу Айчүрөк
Күлнаранын жүргөнүн
Күлчорону күйгөнүн
Түшүндө көрүп билиптир.
Перизаада Айчүрөк
Каныкейге кеп айтып:
«Кагылайын энеке,
Күлнара менен уулду
Никелентип кетейин,
Ат-күлүгүн алдыртып
Арага киши салдырып
Бууданды тандап мигизип
Курманбектин Бектемир
Орускандын кызына
Күндөп-түндөп баргын деп,
Күлнараны алгын деп,
Шаша кадан келди деп.
Аман-эсен бар болсо,
Алып келип бергин деп
Кыштоосуна ат берип
Өзүң кайра келгиче
Келип кабар бергиче
Оң саамайын түйгөм деп.
Он эки күнү күйөм
Жел таманды мингизип
Орус кандын элине
Элгиче киши бардырып
Элине кабар салдырып
Күлнараны алдырып
Адамдан башка бир боорум
Улууканы мистедей
Эти аппак чүштөдөй
Уста соккон күү бөктөй,
Суугa сүзгөн чүрөктөй,
Ургачынын келбеттүү,
Жаагы шуру берметтүү,
Адамдан башка боруму
Ак туйгундай жүргөнү.
Адамдан башка күлгөнү
Бул Айчүрөктүн билгени
Коштоп атка мингизип
Саамай чачын түйгүзүп
Келин-кыздар кеп айтып:
«Керемети бар эле
Элине барат», –деп айтып.
Акылдуусу кеп айтып:
«Бул күйөөгө барат»,– деп айтып.
Ак киле тондо жака жок
Күлнарада ката жок.
Күлүп-ойноп шаңкылдап,
Күмүштөй жүзү жаркылдап,
Күлүп турат бек айтып,
Күлчорого барарын
Билип турат деп айтып.
Ушакчылар кеп айтат:
«Акылы кыска, чачы узун
Эр издеди»,– деп айтат.
Акылы бар кээ бирөө
Күлчоро деген шер эле
Жаш кезинде Семетей
Куп болду деди эле.
Шер күйөөгө барат деп
Кабары калкка угулган
Күлчорону табат деп.
Билгендери айткан жер

Эр ортону жаш бала
Аттанып жолго салган жер.
Күлнараны алган жер
Алты күндөн өткөндө
Жетинчи күнгө жеткенде
Талас, Кеңкол жерине
Кан Семетей жаш бала
Кең-Колдун жатык жолуна
Каныкей менен Чүрөктүн
Берди бала колуна
Ак жибектей бүгүлүп
Алып келди ордого.
Күлнараны жүгүнтүп
Күлнара деген келди деп,
Күрдөлү ногой камдынып
Уктаган журту таңкалып.
Каныкей менен Айчүрөк
Турган экен камданып.
Көп жашаган карыны,
Эл сураган чеченди,
Каныкей, Бакай, Күлчоро
Эл чогултуп жыйган жер.
Күлнара менен Чорого
Молдо нике кыйган жер.
Перизаада Айчүрөк
Семетей айткан кеп эле.
Сенден мурун мен өлсөм
Күлнара менен Чорону
Баш коштургун деди эле.
Акундун кызы Айчүрөк
Семетей айткан кеп ошол.
Арбак сыйлап Айчүрөк
Күлнара менен Чорону
Баш коштурган жер ошол.
Каныкейдин колуна
Карып калган энең деп
Перизаада Айчүрөк
Акылын айтып тоңошуп.
Каныкей менен коштошуп
Кылган ишин жат алып
Каныкей менен Бакайды
Экөөлөп сурап бата алып.
Оң муруту оркоюп,
Сол муруту кыйшайып.
Оң бетин сылап Айчүрөк
Кыбыла карап бет алып.
Жүзүн сылап Айчүрөк
Маңдайынан жерге тийгизип.
Каныкей менен Бакайга
Сейде кылып Айчүрөк
Берекени билгизип.
Чогулушкан эл көрүп
Чочуганы мындан көп.
Калайман калк көрүп
Кайгырганы мындан көп.
Кетет экен Чүрөк деп
Билбегендеп кеп айтып:
«Кетсе мейли»,– деп айтып.
Айчүрөк жолду баштады
Семетейден бир тукум
Артына Чүрөк таштады.
Калк чуркурап калган жер.
Канатын жерге жайган жер.
Адамзат жүргөн Айчүрөк
Аккуу болуп калган жер.
Айчүрөктүн жанында
Упасы бар бетинде.
Турпаты жандап бир башка
Келбети башка келишкен
Келгендей чыгып бейиштен.
Перинин кызы чоң Сайкал
Оң жагына барыптыр
Асманда булут созулуп
Адамча жүргөн Айчүрөк

Чоң Сайкалга кошулуп,
Канатын жерге каккан жер.
Куйругун жерге чапкан жер.
Куркулдап мойнун сузган жер.
Чогулушкан калың журт
Алаканын жайган жер.
Айланып учуп калкылдап
Кыл канаты жаркылдап
Ак булут болуп созулуп
Жолдошу Сайкал кошулуп
Көтөрүлүп жылдыздай
Асылы берен Айчүрөк
Көздөп чыгып жөнөдү.
Көрбөгөндөр элде көп
Билбегендер мындан көп.
Арка чачын түйгөн бар
Кайдан келген киши деп
Чүрөктү билбей жүргөн бар.
Калк чогулуп жарданып
Акундун кызы дечү эле,
Чыныгы пери турбайбы
Учканын көрүп таңкалып
Берсе кудай берер деп
Жолдош болсо периште
Баатырды алып келер деп.
Кээ бирөөлөр кеп айтат:
«Семетей тирүү дегенде
Бул айтканы бекер»,– деп.
Эл чогулуп токтотуп
Пери Чүрөк оболоп
Эли менен коштушуп.
Астынан туман буркурап
Анда-санда Айчүрөк
Ак куу болуп куркулдап,
Үстүнөн булут буртулдап,
Анда-мында Айчүрөк
Адамзат болуп шыңкылдап.
Кече Үрүстөм, Тастан тийбеген
Ушу барып кирбеген,
Пайгамбар басып барбаган,
Барып башын салбаган,
Азиретаалы кирбеген,
Анда барып тийбеген,
Искендер изин салбаган,
Ичине киши барбаган,
Сулайман сурак албаган,
Перизаада Айчүрөк.
Кайнатам баатыр уулуна
Кандай кылып салды экен,
Кантип кирип барды экен,
Бээжинге учуп барган жер.
Периште жолдош баатырдын
Барганын көрүп алган жер.
Көчөсүндө жайнаган
Күнөкөр кылып айдаган,
Мойнуна зоолу бастырган,
Аркы-терки бастырган,
Калкын көрдү Айчүрөк.
Кырынан алты кырдаган,
Көргөн киши таңгалган,
Сайынын ичинде
Күңгүрөнүп арбаган.
Алтын, көөхар, асыл таш
Мунарыны бастырган.
Бурчуна көөхар жаптырган
Мунаранын оозуна
Өзүнүн атын жаздырган.
Кайнагасы шер баатыр
Бул Алманбеттин баласы
Өзү асылдын баласы.
Айчүрөк көрүп алды эми
Айланып учуп табылып
Ак сарайга барды эми.
Ал сарайдын ичинде

Бура-бура токуган
Кураны бар окуган
Ак куранын алган жер.
Перизаада Айчүрөк
Алаканга салган жер.
Кайнатасы Манаска
Кайнагасы Алмаңы
Куран окуп алган жер.
Сыйынтпа, кудай арбакка
Перизаада Айчүрөк
Кантоого учуп бармакка.
Жалынып койбой арбакка
Урперинин шаарына
Айчүрөк учуп бармакка.
Көшөрүлүп шаркылдап,
Канатын жайып калкылдап,
Какан менен Бээжинге
Мурун Чүрөк барган жер.
Бээжинде болуп Айчүрөк
Кайнагасы баатырды
Периште айдап келген го
Периден калган шаар экен
Белдүү кыргыз эл экен
Агабыз маркум келген го,
Эшигин ачып барган го,
Кайнагабыз келген го,
Какан менен Бээжинде
Алла таала жол берип
Булар келип кирген го.
Олуязаада Айчүрөк
Оболоп учуп жөнөдү.
Жараткан кудай жалгыз ак
Жазганда кудай таалай-бак.
Канатын жайып шуулдап
Куйругун жайып дуулдап
Капканын берки четине
Перинин барды бегине.
Асмандан учуп айланган
Алтын канат, жез куйрук
Абалы мурун Айчүрөк
Дөө-периге барган жер.
Дөө-периге сүйлөшүп
Айчүрөк кабар салган жер.
Семетей дайнын биле албай
Эл-жерине барган жер.
Барып кабар алган жер.
Семетей дайнын биле албай
Айчүрөк кезип калган жер.
Капканын берки оюнда
Жан барбаган жери бар.
Сапырылып ойногон
Алтымыш түркүн жери бар.
Дин-мусулман пендеге
Аралашып алган жер.
Перизаада Айчүрөк
Ал жерден да табалбай
Баатырдан кабар алалбай
Айран болуп калган жер.
Оболоп Чүрөк учкан жер
Ошондо Сайкал жанында
Күн батыш көздөй бет алып
Перизаада Айчүрөк
Андан учуп чыккан жер.
Тегеретип алган жер
Теректин башын сыдырып,
Теңиздин боюн кыдырып,
Акыреттик жолдошу
Асили адам баласы
Ошол жерде болбосо
Чоң дайрага барган жер.
Тонгон жери чогулуп
Оюн ойноп  калган жер.
Аккуу болуп айланып,
Жаратканга жалбарып,

Айланса болот аллага
Алтымыш түрлү перинин
Баарын көрүп таңкалып.
Алла таала бир кудай
Жасайт экен ар кандай.
Имерилип оңолуп
Перизаада Айчүрөк
Булут болуп бурулуп
Акыреттик жолдошун
Андап издеп таба албай
Тегеренип айланып
Теңиздеп учуп өткөн жер.
Ур жеринин шаарына
Айчүрөк учуп жеткен жер.
Перинин шаары бир башка
Пенде барчу жер эмес
Адам болуп сүйлөшүп
Биз сүйлөшөр эл эмес.
Тунарган кара көлү бар
Ошол көлдүн үстүнө
Оюн салып ойногон
Он эки түрлү пери бар.
Пери ойноп тон болуп
Перизаада Айчүрөк
Семетейди табалбай
Эт-жүрөгү козголуп
Адамзат болгон Айчүрөк.
Оң жагына ....        алп
Жаш кезинде Айчүрөк
Окугун куран жат алып.
Перилердин бегине
Чоң жылдыздын черине
Адамзат болгон Айчүрөк.
Акпайгамбар Мустапа
Азирети шер Аалы
Адам өзү Обо эне
Таң атканча такылдап,
Окуду куран бүтүрүп.
Куран окуп кол жайып
Перизаада Чүрөктүн
Пейлине кудай салган жер.
Периштелер жанына
Тегеректеп барган жер.
Окуган куран азыр да
Перизаада Айчүрөк
Кылып тобо таксырды
Акундун кызы Айчүрөк
Акка мойнун сунган жер.
Төрт ирекет намазын
Көптөн окуп турган жер.
Күн кызарып чыккан жер.
Күркүрөгөн бир дабыш
Муну Чүрөк уккан жер.
Кудай бетин көргөзбө
Кар көлдүн үстүндө
Калдайып жүргөн кайып бар.
Чоңдугу төөдөй балык бар.
Жегине койгон бейит бар.
Жетимиш түрлү шейит бар.
Адамдар[14] эмес перилер
Өлгөнүн койгон бейит бар.
Асили пери Айчүрөк
Сабыр кылып токтолуп
Саргарып Чүрөк эстесе
Акыреттик жолдошу
Семетей анда жок болуп.
Жараткан кудай жар болсо,
Акыреттик жолдошу
Аман-эсен бар болсо,
Баатырды таппай каламбы?
Барып таппай койдум деп
Кайрылып элге барамбы?

[14] Адамзат – деп жазылган

Карабе[15] болуп каламбы?
Муңканып ыйлап убайды
Асылы пери Айчүрөк
Буркурап ыйлап кудайга
Армандуу болуп абыдан
Асылы жери Айчүрөк
Арызданып ыйлап кудайга
Көзүнүн жашы төгүлүп
Көңүл нечен бөлүнүп,
Жаратканга жалгыз күң
Көтөрүлүп чыкканда
Асыл пери Айчүрөк
Көтөрүлүп жаркылдап
Көп жерине кошулуп.
Ойноп-күлүп шаңкылдап
Уркандын кызы Көкмончок
Оболоп учуп алган жер.
Манастын уулу Семетей
Улуу көлдү жээктеп
Көк ала сакал болуптур.
Көнөктөй шумкар кондуруп
Өзү пери болуптур.
Адамча шумкар алыптыр
Астында минген бууданы
Түгү айланып бурулуп,
Бөлөк болуп кубулуп,
Жалын тармал кылыптыр,
Сооруга алгын жаптырып,
Көкүлгө тумар тактырып,
Буурулду башка ат кылып,
Перилерге бактырып,
Уркандын кызы Көкмончок
Перизаада Чүрөктүн
Барганын Мончок биле элек.
Чүрөктү байкап көрө элек.
Кара көлдү бойлотуп
Семетейди эр кылып
Шумкар берип колуна
Экөө келчү ойношуп,
Уулу көлдү бойлотуп,
Көкмончок менен Семетей
Келчү экөө ойношуп.
Асыл пери Айчүрөк
Ойноп Мончок барган жер.
Оюнуна кубат салган жер.
Айчүрөктүн жолдошу
Айнеги бар көзүндө,
Шумкары бар колунда,
Пери жылкы минчү эмес
Карап турат Айчүрөк.
Минген жылкы көрүнөт.
Мингени жылкы экен деп,
Асыл пери Айчүрөк
Кандайда болсо барам деп.
Адамзатпы, периби?
Ошондон кабар алам деп.
Астын тосуп алган жер
Асмандан учкан дөө-пери
Чоң деңизге барган жер.
Перилер менен чечишип
Аңыр болуп аңкылдап,
Балык болуп шаркылдап,
Жылкы минген Семетей
Барды ондоп жакындап.
Асыл пери Айчүрөк
Көт жагынан такымдап.
Көп периге жакындап.
Артынан ээрчип жакындап.
Семетейдин артынан
Артынан басып такымдап.
Мунарган терек талы бар
Терегинин башында
Мунарып көрүнгөн шагы бар.

[15] Соз толук жазылган эмес

Шаарынын четинде
Оюн салган көп пери
Буурулду минип болкулдап,
Булкунуп минип жаркылдап,
Чөрүктү көрүп жакындап,
Айчүрөк турат такымдап,
Айласы кетип токтолуп,
Айтышар пенде жок болуп,
Көп перинин ичинде
Акыреттик жолдошу
Көк жалдан калган баатырды
Асылы жери Айчүрөк
Беталышып алганы.
Билесиңби мени?– деп,
Чылбырдан кармап алганы.
Сен өлүп нече түрдөнгөн
Адамзат өңдү көрүнгөн
Пендесиңби, перисиңби?
Астындагы мингениң
Пери жылкы минчү эмес,
Жылкы түрү көрүнөт.
Тишиңди ачып кашкайган,
Бетиң ачык тастайган.
Ар жагынан карасаң
Алда нечен түрдү көрүнөт.
Сен кайдан келген адамсың?
Боруму[16] адам көрүнөт
Сен кантип пери болгонсуң?
Пери Чүрөк кеп айтат:
«Билер бекен»,– деп айтат.
Мен адамдыгын билгендей,
Аралаш бирге жүргөндөй,
Пенделигин билгендей,
Пери менен жүргөндөй,
Пери болуп сүйлөйсүң.
Менин ким экеним билбейсиң

[16] Форуму – ката жазылган

Семетей айтат Чүрөккө
Пери болуп сүйлөгөн.
Адам тилин билбеген
Ала көөдөн эсерсиң.
Акылыңдын жогунан
Менин айткан тилим албайсың.
Канчоро деген элиңдин
Мойнуна чылбыр салдырып,
Элиңди жоого алдырып,
Кармашы чыккан Кыязка
Боорума ……. батырып.
Канчоро найза салган деп,
Найза салып жырылып,
Айбалта тийип балалап,
Кайыштай этим кесилип,
Калганы жерип башыма,
Өлүк-сөлүк жатканда
Өлүүгө сапар тартканда,
Алгара минип алганда,
Атактуу энең барганда
Ат жалына салганда
Ала качып кутулуп
Кара-Үңкүргө барганда.
Кайыпка сени тапшырып,
Таштап кетип калганда.
Калк ордуна конгондо
Канчоро менен Кыяздын
Баарын жайлап болгондо.
Эл ордуна конгондо
Канчоро менен Кыяздын
Элин алып болгондо.
Абамдын сөөгүм алам деп
Аманат койгон жерим бар,
Таап алып келем деп
Арстан абам баатырдын
Сөөгүн элге көргөзүп,
Колум менен көмөм деп.

Кайгы ээлип алды го
Дагы айланып жери барды го.
Адам жаткан жеринде
Сени перилер ээлеп алдыбы?
Айчүрөк айтып турган жер.
Кечээ баатырдын уулу канкорду
Көкмончок колго алганда.
Үмөтөйдүн колунан
Буурулду барып алганда.
Адам элең ат минген
Аттанып жоого көп тийген.
Атын минип алсын деп,
Адамча шумкар салсын деп,
Адамдай жаткан жеринен
Айыктырып алыптыр.
Кидилстан шаарына
Көкмончок алып барыптыр.
Перинин киймин кийгизип,
Астына жылкы мингизип,
Колуна шумкар алдырып,
Колун суурга салдырып,
Ур перини эл кылып,
Жүргөн экен Көкмончок.
Семетейди эр кылып
Атасы Уркан кан экен
Асыл пери жан экен
Адамдан чыккан баатыр деп
Каапыр менен мусулман
Кан төгүшүп турганда
Айланып учуп барчу экен.
Арстан Манас баатырга
Көкмончоктун атасы
Жолдош болуп калчу экен.
Көкмончок алып барганда
Уркан көрүп алганда
Арасындан мүчөсү
Адамзаттын шери экен.
Пейлин берсе Көкмончок
Тийип алчу эр экен
Көрүп Уркан жактырган
Эсеп киши бөлгөндө
Эр немедей турганда
Жаралары кар канды
Араң жан болуп жатканды
Көкмончок алып барыптыр.
Берсе кудай көрөм деп
Адамдан бала төрөйм деп.
Күйөө кылып алыптыр.
Баатыр чунак Семеңди
Көкмончок алып барыптыр.
Уркандын кызы ал жалгыз
Манастын уулу бул жалгыз
Адам пери кошулуп
Никеленип калыптыр.
Перизаада Айчүрөк
Алыстан туруп көрүптүр.
Пери экенин билиптир.
Акыреттик жолдошун
Барып издеп табам деп.
Төрөмдү колго алам деп,
Төрөсүн издеп тапкан жер.
Асылы пери Чүрөктүн
Аллага иши жаккан жер.
Перизаада Айчүрөк
Перилерге барган жер.
Акыреттик төрөсүн
Колдон кармап алган жер.
Семетейге кеп айтып
Билесиңби?– деп айтып,
Сенин атаң адамзат
Пери болуп бул жерге
Жүрөсүңбү?– деп айтып.
Астына келип кеп сурап
Кармап турам колуңду

Менин атым Айчүрөк
Билесиңби?– деп айтып.
Мен Айчүрөк дегенде
Манастын уулу Семетей
Адамдыгын билдирип.
Оозун ачып кашкайып
Кайдан келдиң, Чүрөк?– деп.
Эр Семетей күлдү эле
Семетей, Чүрөк беттешип
Перилерче сүйлөшүп
Бет алышып турганда,
Элдир-селдир таанышып
Сөз алашып турганда,
Ошондо Көкмончок барды эле.
Айчүрөк менен Семетей
Бул экөөнүн астынан
Айчүрөк пери экенин
Адамзат пендени
Айланып учуп барчу эле.
Адамга тийчү экен деп
Ылайыктуу жар тапкан.
Кайра кетип калчу эле
Айчүрөк пери экенин
Көкмончок билчү эле.
Алапайын таба албай
Адамдан чыккан шер экен.
Бул Айчүрөк болбосо
Тийип алчу эр экен.
Көкмончок көрүп жактырып
Канчоро менен кармашып,
Кан төгүшүп урушуп,
Казат кылып турганда.
Семетейдин көп журтун
Айдап жүрүп кырганда
Мойнуна буулуп салганда.
Манастын уулу Семетей
Өлчү жерге барганда.
Кара-Үнкүрдө жатканда
Кан куюлуп этинен
Араң жан болуп жатканда.
Көкмончок келип калганда
Араң жан болгон баатырды
Башта түрүн көрчү эле.
Куп жактырып жүрчү эле.
Мен да пери. бул пери.
Баатырды кайра бетбейт деп.
Айчүрөккө бара албай,
«Мен тиемин деп» айта албай.
Айланып учуп алчу эле
Айласын таппай Көкмончок
Кайра кетип калчу эле.
Пери Мончок кыз сулуу
Берген кудай тилегин.
Өлмөк  болуп жатканда
Өлүк-солуп жатканда
Жараткан алда кудайдын
Буйругунан тапканда
Чын дүйнөгө кете элек
Чындап ажал жете элек.
Көкмончок көрүп калганда,
Шаарына алып барганда,
Айыктырып алганда.
Пери да болсо Көкмончок
Баатырдын уулу баатырды
Ашык болуп жүрчү эле.
Шаарына алып барыптыр
Асманды ашып учуруп
Араң жан жаткан баатырды
Айыктырып алыптыр.
Тилегине жетиптир
Никелешип бир жашап
Ойноп-күлүп жүрүптүр.
Семетейге тийиптип
Айчүрөк учуп барыптыр.

Семетейге сүйлөшүп
Амандашып калыптыр.
Манастын уулу Семетей
Элдир-селдир кеп айтат:
«Сен ким элең»,– деп айтат.
Элге салган дүмөк деп
Асмандап учуп айланып
Жердин үстүн сүрөттөп
Мен Акун кызы Айчүрөк
Аргындан издеп келдим деп.
Амандыгын көрдүм деп
Көрүмдөн издеп келдим деп.
Сенин көзүң деп
Ак саамайын жыттаткан
Ак байбиче энекең
Сен периге барып кел,
Бар болсо барып алып кел,
Энекең айткан кеби бар.
Энекең айтты дегенде
Ошондо пери Семетей
Элдир-селдир ойлонуп,
Ошондо Каныкей түштү эсине.
Эми Семетейди таштайлы
Айчүрөк менен Мончоктун
Айтышкан жерин баштайлы.
Адамзат пенде сен болсоң
Айтылуу пери мен болсом
Сен адам болуп жүргөнсүң.
Ак никелеп тийгенсиң
Адамдын жолун билгенсиң.
Араң жаткан төрөңдү
Качып кеткен жеринен
Үстүнөн чыгып кабылып
Айыктырып алганмын.
Никелешип калганмын.
Бербеймин кайра кайт деди,
Адамзат журтуна
Элиңе барып айт деди,
Көкмончок айтып бүтүрдү
Айчүрөк угуп түшүндү.
Алла таала кудайдан
Ажал жетип күн бүтсө,
Алып алчу сен эмес
Ажалдан алып калдым деп,
Көкмончок бул айтканың эп эмес.
Тагдырга тийген ок болсо,
Көөдөндө жаны жок болсо,
Ажалга тийген ок болсо,
Аманат жаны жок болсо,
Жан салуучу сен эмес.
Жарадар болуп алсырап
Жаткан жерде кансырап
А дерине ал болбой,
Сүйлөрүнө тил болбой,
Жан алгычы келген жок.
Ажалы жок адамга
Асмандан учуп айланып
Жарадар болгон жеринде
Барып турсаң кабылып
Жарага даары салыпсың,
Эс алдырып адамды
Алып келип калыпсың.
Перинин тилин билгизип
Перилерге жүргүзүп
Ээрчип алган экенсиң.
Мен адамзат, сен пери
Мына бу турган Семетей
Жаш кезимде баш кошуп,
Никелештп тийгемин.
Катын болуп адамга
Семеңден тууган баламды
Алып келип адамды
Ээрчип алып жүрөсүң.
Эмне туубай жүрөсүң?

Балапан жүнү бошотуп
Баш кошконмун жашымда.
Айчүрөк менен Көкмончок
Айтышып турган жер ошол.
Периче сүйлөп Семетей
Пери болуп жүрүптүр.
Перинин тилин билиптир.
Айчүрөк айтып бүтүрүп,
Семетей угуп түшүнүп,
Түшүнгөндө ой ойлоп
Ой ойлосо муну ойлоп:
«Мен адамзат экенмин
Көкмончокко»,– кеп айтып.
Периче сүйлөп Семетей:
«Мен бул жерден кетемин
Айтканыңды мен билдим
Пери экенмин деп жүрдүм.
Пери эмесмин адаммын
Жаныңдагы сүйлөгөн
Жалгыз сөздү билбеген
Бул адамзат Айчүрөк.
Жаш кезимде кошулган
Менин алган катыным.
Бул Айчүрөк экенин
Бул Семетей билген жер».
Семетей айтып турганда
Канча пери канча жан
Көкмончокко тийген жер.
Каткырышып күлгөн жер.
Пери Мончок кеп айтат:
«Бербеймин сени»,–деп айтат
Айчүрөккө кеп айтып
«Ала албайсың төрөңдү
Төрөң эмес өзүңдү
Жоокер атып алгамын.
Өзүнүн атын мингизип
Перинин тилин билгизип
Эрке кылып жүргөнмүн.
Никелешип тийгенмин
Тулпар берип астына
Шумкар берип колуна
Салдым пери жолуна.
Канча айтып какшасаң
Бербеймин сениң колуңа».
Пери Мончок кеп айтат:
«Бербеймин сага»,–деп айтат
Адамча Чүрөк сүйлөсө,
Айтканын билбейт Семетей.
Адамчы сүйлөп кеп айтса,
Аламын сени деп айтса,
Бул Семетей уккан жок.
Кулагына жуккан жок
Кааласан тилин алгын деп
Башында медей төрөңдү
Пери кылып салдың деп.
Көкмончок турат түрдөнүп
Жараткан алда кудайдын
Бар экени чын болсо,
Пайгамбардын никеси
Ак экени чын болсо,
Айтканыңа болбоймун.
Акыреттик жолдошум
Мен бул жерге калбаймын.
Айчүрөк, Мончок сүйлөшүп
Бек айтышып турган жер.
Жаш кездеги жолдошу
Мединанын белинен
Берeним ошол жеринен
Акункан ажы барганда
Сыйаратка сыйынып
Кабыл болуп тобоосу
Балтыр бешик жаш бала
Акункан таап алганда.
Аалам жерди барганда

Ажы-молдо чогулуп
Бирдей алып калганда.
Жакшы[17] жүргөн Акун кан
Селесине салганда
Үйүнө алып барганда.
Өлүмгө чачы жете элек
Алты каты толо элек.
Байбичеси Акборча
Багып жүргөн жетелеп.
Баатыр эми кеп уккан
Оогандын каны Акункан
Балалуу болду,– деп уккан.
Мединанын белинен
Пери барган жеринен
Алып келди,– деп уккан.
Селдесине Акун кан
Салып келди деп уккам.
Манас бала көрө элек
Төрөбөй жүргөн Каныкей
Элес-булас кеп уккан.
Каныкейдин боюнда
Бала болду,– деп уккан.
Каныкей эркек төрөсө
Акун кандын кызына
Бел куда болом деп айткан.
Айдап калың мал алган,
Айры өркөчтү нар алган.
Алтын, күмүш зар алган,
Адамдан чыккан шер эле
Айкожо, Бакай жолдошу
Кулдук уруп Акунга
Куда болуп келди эле.
Кабыл келип тилеги
Каныкей эркек туудуу эле.
Айтканын адам билбеген,
Адамдын сөзүн сүйбөгөн,
Жерге басып жүрбөгөн,
Пир тобуна барды эле.
Бир дубана ашырып
Акун канга кеп айткан
«Асили пери турбайбы,
Адамзат болуп алыптыр,
Бала болуп калыптыр».
Ак боз бээ сойдуруп
Улуузаада Акун кан
Калкын жыйып той кылган,
Атын Айчүрөк деп койдурган.
Акун канга кыз болуп
Айчүрөк атка конгону
Асили пери Чүрөктү
Алла таала кудурет
Адам кылып койгону
Баарын Сайкал билчү эле.
Айчүрөк менен Көкмончок
Келише албай турган жер.
Сайкал басып барган жер.
Калыс болуп кеп айтып
Мончок менен Чүрөктүн
Экөөнүн ишин алган жер.
Ур жеринин шаарына
Улук болгон Уркан бар.
Калыстыкка барган жер
Айчүрөк менен Мончоктун
Айтышканын айткан жер.
Кагызына жазган жер.
Кидилстан калаага
Урканга Мончок билгизбей
Адамзатты пир кылып
Атасына кеп айтпай
Никелештим деп айтпай
Семетейди багыптыр.

[17] Таксы – деп жазылган

Перинин шаарын жер кылып
Семетейди эр кылып
Көкмончок нике кыйыптыр.
Пери Сайкал билиптир,
Чүрөккө кабар салыптыр,
Алган эриң Семетей
Көкмончок алып барды деп,
Күйөө кылып алды деп.
Перизаада Айчүрөк
Чоң Сайкалдан кеп уккан
Семетей тирүү,– деп уккан.
Калк чогулуп турганда
Эл чогулуп келгенде
Күлчоро менен Чүрөктү
Никеленсин дегенде
Ошондо Чүрөк кеп айткан:
«Сенин сөзүң айып деп,
Менин атым зайып деп,
Менин төрөм Семетей
Жоодон болгон майып деп.
Учуп кеткен кайып деп».
Айчүрөккө кошулуп
Баатыр Чоро кеп айткан,
Чогулушкан калың журт
Эшен, молдо нечен бар
Эл бийлеген чечен бар.
Төбөмөн тийсе кобомбу?
Бала болуп жүрчү элем.
Төрөмдүн төшөгүн бассам оңомбу?
Айчүрөккө кошулуп,
Атактуу Чоро кеп айткан.
Никелешпейм деп айткан.
Асили пери Айчүрөк
Арка чачын жайган жер
Эр Семетей төрөсүн
Барып таап алган жер.
Айчүрөк, Мончок сүйлөшүп
Жеңише албай калган жер.
Кан Нуркандын астына
Падыша калыс болсун деп.
Чоң Сайкал алып барган жер
Калыска Сайкал барган жер
Көкмончок менен Чүрөктү
Сайкал колго алган жер.
Бери берчи колуңду
Экөөңдүн билдим оюңду.
Айчүрөк адам, сен пери
Адамзат пендени
Араң жан жаткан жеринде
Айыктырып алыпсың.
Күйөө кылып никелеп
Жолдош кылып алыпсың.
Бергиле бери колуңду
Кан алдына баралы,
Калыска аны алалы.
Кан буйруса алгыла,
Кандын кылган ишине
Ыраазы болуп калгыла.
Көкмончок менен Чүрөктү
Кыз Сайкал алып жөнөдү.
Акшумкар алып бөпөлөп
Айчүрөк, Мончок, Чоң Сайкал
Самандан учуп көкөлөп.
Артынан жүрдү төтөлөп.
Сайкалдын жолу бир башка
Адамзат пендени
Көп аралап көрчү эле.
Меке менен Медина
Перилерди алчу эле.
Ортосунан жөнөшүп
Барып оюн салчу эле.
Айчүрөктүн энеси
Адамзат пендеге
Жолуккан экен буйрушуп.

Энеси пери жан эле.
Айчүрөк адамдан бүткөн жан эле.
Ай-күнүнө жеткенде
Мединанын белине
Сайкал алып барды эле.
Бир ойнотур турду эле.
Айчүрөктү тууду эле.
Алты ай басып жатты эле.
Акун кан барын тапты эле.
Оң койнуна катты эле.
Бала кылып бакты эле.
Адам болуп чоңоюп.
Перизаада Айчүрөк
Пенде болуп жүргөндө
Анда Сайкал барчу эле.
Анда-санда кабылып
Окутуп кетип калчу эле.
Айчүрөктү учканы
Перинин жолун билгизген,
Адамзат өңдү жүргүзгөн,
Жолду Сайкал баштаган,
Тогузга Чүрөк чыкканда
Асмандата учуруп
Ур жеринин шаарына
Алып барып таштаган.
Айчүрөк пери болгону
Асмандатып учуруп
Бери кылып койгону.
Кыз Сайкал чапкап жол эле
Пендеден чыккан шер Манас
Капалга казат кылганда,
Кан төгүшүп турганда,
Жанына Сайкал барчу эле.
Арыстан Манас баатырга
Жолдош болуп калчу эле.
Айчүрөк менен Мончокту
Чоң Сайкал колго алган жер.
Кан Урканддын астына
Чоң Сайкал алып барган жер.
Көкмончок учуп алганы
Көп адамга барганы
Пендеден чыккан бир адам
Күйөө кылып алганы.
Падыша Уркан билчү эмес
Жалгыз кызы Көкмончок
Арасынан бар алып
Адамзат пендеге
Көп аралап барчу эле.
Адамзат пендеге
Көбүрөк көзүн салчу эле.
Кайыптарга кабылып
Айда учуп барчу эле.
Кайыптарга кошулуп
Барып оюн салчу эле.
Манастын уулу Семетей
Кара-Үңкүрдө жатканда
Өлө турган кезинде
Араң жан болуп жатканда
Периден дары бергенде
Асмандатып учуруп
Көкмончок алып келгенде
Арка чачын түйдү эле.
Бул Семетей адамга
Көкмончок сүйүп тийди эле.
Ошол чактан ошол чак
Атасы билбей жүрдү эле.
Кан Уркандын кашына
Көкмончок менен Чүрөктү
Экөөнү алып астына
Калыска Сайкал барган жер.
Урпериге падыша
Кайдан келип калдың деп
Жооп сурап калган жер.
Сайкал айтты жоодурап

Пенде экен Айчүрөк
Периден пенде болгондо
Арка чачын түйүптүр
Адамзат пендеге
Никелетип жүрүптүр.
Казат кылып аңдышып
Адамзат эли кармашып
Айчүрөктү алган жан
Араң жан болуп калыптыр
Чала жан жаткан кезинде
Көкмончок таап алыптыр.
Айландырып учуруп
Шаарга алып келиптир.
Оң саамайын түйүптүр
Адамзат пендеге
Никелешип жүрүптүр.
Никеленген күйөөсү
Өлбөй тирүү экенин
Адамзат Чүрөк билиптир.
Алам деп келиптир
Араң жан жаткан кезинде
Айыктырып алдым деп
Никелешип калдым деп
Көкмончок айтат бербейм деп.
Жаш кезимде кошулган
Алла таала бир кудай
Алсырынан билгизген.
Адамзат пендеге
Нике кошуп тийгизген.
Бул Айчүрөк кеп айтат:
«Муну алып кетем»,– деп айтат.
Сайкалдын кебин укканда
Он эки ... дөө пери
Баарын жыйып алды эми,
Падышанын баарысы
Чогулушуп барды эми,
Көкмончоктун атасы
Өзүмдөн болгон жалгыз кыз
Асманда учуп жүрдү деп.
Адамзат пендеге
Өзү сүйүп тийди деп
Жаш кезекте кошулган
Никелүү зайбы бар экен.
Жолдошумду табам деп
Эримдин өчүн алам деп
Бу да болсо пери экен.
Мен чогултуп алганым
Калыстыкка чакырдым
Ортоңорго алгыла
Көкмончок менен Чүрөктү
Айтышканын уккула.
Кимисине ылайык
Бирөөнө берип салгыла.
Падышанын барысы
Алтын текөөр, жез канат
Перинин баары жазганат.
Ылымша деген чоң пери
Айчүрөк менен Мончокту
Айтыштырып турган жер.
Айчүрөк айтат билгенин
Көкмончок айтат көргөнүн.
Экөөнүн кебин укканды
Өлө турган кезинде
Көкмончок алып келди эле
Асырап багып жүрдү эле.
Адамзат пендеге
Өзү сүйүп тийди эле.
Падышасы Ыламшаа
Перилерге кеп айтат:
«Көкмончок алсын»,– деп айтат.
Ошондо Чүрөк кеп айтат:
«Менин төрөм Семетей
Казат кылып кан кечип
Жарадар болгон кансырап.

Жаткан кезде алсырап
Көкмончок көрүп алыптыр.
Перинин киймин кийгизип
Перинн тилин билгизип
Пери кылып салыптыр.
Чала жан болуп калганы
Көкмончокто калганы.
Күйөө кылып эрденип
Никелешип калганы.
Ортодон өттү он беш жыл
Аксаамай чачын өргөн жок.
Адамдан баш көргөн жок
Желке чачын түйгөн жок.
Мен бул адамга тийгенмин
Арка чачын бууп саалып.
Эркек бала тууганмын
Семетей өлүп калганда.
Көкмончокто калганда
Айыктырып бакканда
Күйөө кылып никелеп
Коюндашып жатканда
Тууган балам чоңоюп
Арбашкан жоону жеңгенде,
Кайра элине келгенде.
Кездешкен жоону жеңгенде.
Бата тийип эр болуп
Эл койнунда, адамда
Падыша болгон балам бар.
Атын Сейтек койдуруп».
Айчүрөк айткан сөзүнө
Падыша кабыл алган жер
Бар бекен чын[18] баласы
Бар болсо билип келгин деп.
Талашпагын Көкмончок
Баласы болсо,– бергин деп.
Падышадын кеп чыкты

[18] Мүнүп – маанилик жактан туура эмес келген

Падышанын айтканы
Барысына эп чыкты.
Падыша кебин уккандар
Улук Уркан,– кеп айтты.
Чүрөктө бала бар болсо
Билип келсең деп айтты.
Перинин кызы Сайкалга
Буйрукту кылып падыша
Баарын билип келгин деп.
Айчүрөк тууган баласы
Бар экени чын болсо,
Айчүрөккө бергин деп.
Асмандан учуп жаркылдап
Мусулмандан бир пери
Кошо жүрдү дөө-пери
Асылдардан бир пери
Ада жүрдү кошулуп.
Жин-пери деп бир пери
Андып жолдош алды эми.
Чоң Сайкал учуп калды эми.
Адамзатты аралап
Мурун Сайкал билчү эле.
Адамзатка окшотуп
Кабылгандан кеп сурап
Акундун кызы Чүрөктүн
Баласы кайсы,– деп сурап.
Перилер кабар алган жер
Айчүрөктүн тууганын
Семетейдин баласы
Минип турган бууданы
Алтын айчык, сыр желек
Адамдан түрү бир бөлөк
Күмүштөн кур тагынып
Келген экен балага.
Күрдөлү журту камданып
Эл чогулуп жалынып
Калк чогулуп кеп айтып

Актасын белге бууду деп,
Мына бу Сейтек баланы
Бул Айчүрөк тууду деп.
Баатырдын калган тукум деп
Арбактуу эрдин баласы
Артында калган тукум деп.
Асмандан учуп алганы
Айчүрөк кечи калганы
Калктын көбү биле элек
Перизаада Чүрөктүн
Кайда экенин туя элек.
Бала бүркүт оңдонуп
Баатыр Сейтек баркылдап
Байкап турса перилер
Бети айдай жаркылдайт.
Турган элге кеп айтат:
«Туудурган атам Семетей».
Чогулушкан көп элге.
Ошол Сейтек кеп айтат.
Айчүрөк тууган экенин
Калыска барган перилер
Анык билип алган жер.
Кайра айланып асмандан
Падышанын астына
Алты пери келген жер.
Айткан сөзү эп экен
Тууган бала бар экен
Адамзаттын сөзү экен
Ар мүчөсү тең экен
Калк аралап кеп айтат
Туудурган атам Семетей
Тууган энем Айчүрөк,
Ушул сөздү кеп айтат.
Абайлап карасак
Көкмончок тийген адамзат
Көп өзүнө окшотот.
Калыска барган перилер
Жөнүн айтып барган жер.
Адамдан пери туулганда
Адамзат пендеге
Пери жүрүп тийгенде
Адамды барып сүйгөндө
Пендеден баш тууганда
Келген пери кеп айтып
Шалган деген падыша
Аягынан бек айтып.
Бергин Мончок деп айтып.
Семетейди алдырып
Канча пери, канча дөө
Карап турат баатырды.
Көрбөгөн пери жарданып
Көргөзбөй алып жүрдү деп
Көкмончок камдап билди деп.
Перилер кылды канча кеп
Перилеп айттып кеп кылды.
Семетей менен Чүрөктү
Алып келип бет кылды.
Чоң падыша кеп айтты:
«Айчүрөктү көргөзүп
Тааныйсыңбы?»– деп айтты.
Адамзат пенде Семетей
Айчүрөктү көргөн жер
Көп перинин ичинен
Төрөсүнүн астына
Айчүрөк басып келген жер.
Адамзат пенде Айчүрөк
Өз колунан алган жер.
Мойнунан бекем кучактап
Орто төшкө баш салып
Семетей жыттап калган жер.
Жыйылган пери билген жер.
Тийген эриң экен деп
Жаш тийген эри алсын деп
Адам болуп калыптыр.

Алып жүргөн бул күйөөң
Айчүрөккө барсын деп.
Калыстык кылды перилер
Ошондо оң көзүнөн кан агып
Өлүп жаткан жеринде
Өлтүрбөй алып келдим деп.
Өң саамайым түйдүм деп.
Он эки жылы мен түйүп
Күйөө кылып жүрдүм деп.
Араң жаткан кезинде
Аркамдан алып мен келдим.
Алып келип эриңди
Калыстык кылды падыша
Бу дүйнөдө мен бердим.
Акыретте талашпа
Акыретте өзүмкү.
Бу дүйнөдө талашпайм
Бу дүйнөдө өзүңкү.
Сызылып ыйлап Көкмончок
Чүрөк алды күйөөсүн
Арстанып Мончок калган кез.
Баатырдай төрөнү
Айчүрөк колго алган жер.
Асмандап учуп оболоп
Чоң Сайкал учту кошулуп
Он эки түрдү элинен
Жолдош кылып алган жер.
Манастын уулу төрөсүн
Оболошуп учуруп
Перизаада Айчүрөк
Таласка алып барган жер.
Перизаада Айчүрөк
Төрөсүн таап алган жер.
Семетей баатыр өлдү деп
Эл түңүлүп калган жер.
Өлүк солуп жатканда
Көкмончок таап алган жер.
Асмандатып учуруп
Алып кетип калган жер.
Перинин киймин кийгизип
Перинин тилин билгизип
Уркан кызы Көкмончок
Күйөө кылып жүргөн жер.
Сейтек киши болгондо
Күлчоро, Бакай эки шер
Кайра ордуна койгондо
Менин төрөм тирүү деп
Айчүрөк билип жүргөн жер.
Төрөсүн таап алган жер.
Жолдош алып периден
Перизаада Айчүрөк
Төрөсүн алып барган жер.
Айчүрөк алып келгени
Каныкей, Бакай көргөнү
Бакырып ыйлап астына
Күлчоронун келгени.
Жер жарылып буу чыгып
Семетей тирүү келгенде
Айкожо, Бакай абасы
Балача ыйлап бакырды.
Энеси баатыр Күлчоро
Көтөрдү заман бакырды
Каныкей ыйлап буркурап
Кан Манастын арбагы
Калк чогулуп чупкурап.
Карылар ыйлап бакырып
Калайык калың журт
Кандай болуп кетээр деп.
Бири-бирин чакырып
Эл чогулуп өкүрүп
Баары Бакай, Айкожо
Дүнүйөдөн кайтканды
Каныкей менен Күлчоро
Алек болуп жатканбы?

Эл чогулуп толгондо
Уккан эл келип болгондо
Көк ала сакал чал турат.
Салам айтса алик жок.
Айта турган кеби жок.
Колун сунуп, кол берсе,
Кол алышкан жери жок.
Карылар байкап караса,
Таргыл ала боз айгыр
Жал куйругу төгүлөт.
Абдан байкап караса
Айланайын жаныбар,
Буурул ат өңдү көрүнөт.
Ак сакал чалды караса
Семетей түрлү көрүнөт.
Кыл муруту сайылып
Кылчайып киши карабай
Пери болгон Семетей
Пенденин тилин биле албай
Айчүрөк менен сүйлөшүп
Каныкейди таанытбай
Күлчорого кеп айтпай
Мис табака даам коюп,
Сары чыныга чай куюп,
Айчүрөк берет тамакты.
Молдо, эшен келгендер
Бул Семетей экенин
Тирүүлүгүн билгендер
Ар борумун караса,
Семетейдин тирүү бар
Адамзаттын сүрү бар.
Семетейди көрмөккө
Келин келди жүгүнүп
Кемпир келди жүгүрүп
Абышка келет алтаңдап
Кемпир келет тамтаңдап.
Эр Семетей баатырдын
Сүйлөгөн тилин эл билбейт
Периче сүйлөп бакылдап.
Семетейдин жанына
Барбайт адам жакындап
Калайык эл жарданып
Семетейби, башкабы?
Жакаларын кармашып.
Караламан калың журт,
Сүйлөшпөйт деп таң калып
Бул эмине дегени
Айчүрөк алып  келгени
Бул көрөкчө өлгөнү.
Өлүп калса Семетей
Молдого куран окутуп,
Минерге бурак токутуп.
Кылбайт белек сыйнатты.
Боруму окшойт баатырга
Адамча айткан кеби жок.
Адам менен сүйлөшүп
Жакындашкан жери жок.
Кызмат кылат Айчүрөк
Семетейди көрмөккө
Келген элин астына
Дасторкон жайып жүгүрүп
Сүйлөбөйт деп калың эл.
Канкордун уулу баатырдын
Калды эми түңүлүп.
Баласын таанып бекен деп
Бала Сейтек уулун
Алып барса астына
Оң колунан бир кармап,
Оң бетинен бир сүйүп,
Сол колунан бир кармап,
Сол бетинен бир сүйүп,
Адам өңдү сөз айтпайт.
Калган экен дал болуп
Калктын баары маң болуп.

Ай караңгы, түн өтүп
Айчүрөктүн төрөсү
Алдына келбей сүйлөтүп.
Калың журт калайык
Ай кулагы калкандай
Алагыр көзү чолпондой
Көпчүлүк келип караса,
Боруму баатыр Семетей
Ортосунан канча күн
Өтүп кетти канчалык
Семетей деги кеп укпай
Күндө-күндө чогулуп
Келбей киши тыйылып.
Аргын, ногой мүлдө журт
Баары калды чарчанып.
Энекеси Каныкей
Карыларга кат жазып:
«Адам тилин билбейт деп.
Күңгүрөнүп периче
Өзүнөн өзү сүйлөйт деп».
Уламаны учуртуп
Каныкей, Бакай эки жан
Улууларды чакыртып,
Келгендерге кеп айтып
Качан сүйлөйт деп айтып.
Энеси, баатыр Күлчоро
Этектерге кат жазып
Сүйлөшөр киши болобу?
Элден билгин атказып
Кара молдо жыйылып
Молдо, эшен толгон жер.
Баатыр төрө Семетей
Тилин билбей койгон жер.
Ак була тонду кийгизсе
Атты бөлөк мингизсе,
Колуна шумкар кондурса,
Кең-Кол менен Таласты
Бойлоп карап Семетей
Киши барса сүйлөшпөй
Ойноп калат Семетей
Ак була тону бүгүлдү
Атаңдын көрү дүнүйө
Аргын, ногой калың журт
Адам болбой калды деп,
Калктын баары түңүлдү.
Олуязаада Каныкей
Оюна алма салган жер.
Семетейди кучактап
Каныкей уктап калган жер.
Пейлине кубат салган жер.
Семетейди кучактап
Каныкей уктап калган жер.
Периштелер барган жер
Каныкей менен Семетей
Катуу уктап калган жер.
Кан Манастын пирлери
Чогулушуп барган жер.
Арстан Манас төрөсүн
Аттанып казат кылганда
Жанына кошо жүрчү эле.
Каныкей, Бакай билчү эле.
Бөлөк адам көрчү эмес.
Каныкейге кеп айтат
Түшүнө кирип кеп айтат:
«Өзүң тууган баатырдан
Түңүлбөгүн»,– деп айтат.
Ар бир түрлү кеп айтат.
«Эмчегиңди эмизгин
Эмчегиңден сүт чыкса,
Анан сүйлөйт»,– деп айтат.
Түшүндө укту түш көрүп,
Түшүндө жакшы иш көрүп,
Олуязаада Каныкей
Ойгонуп кабыл алган жер.

Арчабозду жетелеп,
Күлчоро, Бакай барган жер.
Каныкей тилин алган жер.
Баабединге арнап,
Арчобозду сойгон жер.
Семетей уктап калган жер
Эл чогулуп барган жер
Энекеси Каныкей
Оң эмчегин чыгарып
Семетейдин оозуна
Бу Каныкей салган жер.
Үч имерип соргон жер.
Чочуп өйдө болгон жер.
Эмне чочуп кетти деп
Күлчоро, Бакай корккон жер.
Ак жибектей бүгүлүп,
Ак коендой жүгүрүп,
Күлчоро менен Бакайдын
Астына келди Айчүрөк.
Кайнагага жүгүнүп
Пери Чүрөк кеп айтат:
«Энекемдин эмчегин
Эки сорсо уулуңар
Анан сүйлөйт,– деп айтат.
Каныкейдин кашына
Балакер деп баабедин
Барбы мунун астына
Оң далыдан сылады.
Олуязаада Каныкей
Оң эмчеги тирсейип
Баатыр Манас баарындай
Семетей туулган чагындай
Жанындагы баабедин
Сол далыдан сылады.
Баабедин колдоп турганы
Эки эмчеги тең болуп
Манастын уулу Семетей
Жаздыкка башын салыптыр.
Чалкасынан түшүп
Семетей уктап калыптыр.
Олуязаада энеси
Оң жагынан барыптыр
Оң эмчегин оозуна
Энеси каныш калыптыр.
Уктап жаткан Семетей
Үч имерип сорогон жер.
Каныкейдин эмчегин
Балтыр бешик баладай
Семетей соруп болгон жер.
Ордунан өйдө болгон жер
Эки жагын караса
Энеси турат жанаша.
Шап кучактай калган жер
Айры төшкө баш салып
Катып калган эки эмчек
Семетей бала чагындай
Эки эмчекке сүт толуп
Семетей ээмп алган жер.
Эмне болуп калды деп
Айкожо, Бакай баш болуп
Эл чогулуп келген жер.
Эки колун бооруна
Эр Семетей алган жер.
Алла таала жол берип.
А дегенде Семетей
Абасына кол берип.
Бооруна кучактап
Адамча сүйлөп Семетей
Ыйлап турган жер ошол.
Көзүнүн жашы буурчактап
Бакай менен Семетей
Ажырашпай турганда
Каныкей келди кашына
Айчүрөк барды астына

Эл чуркурап жарданып.
Эмне болуп кетти деп
Элдин баары таңкалып.
Перизаада Айчүрөк
Ур төрөнүн колунан
Айчүрөк тартып алган жер.
Абакеси Бакайды
Каныкей кармап калган жер.
Акка мойнун сунган жер
Манастын уулу Семетей
Адамча сүйлөп турган жер.
Адам болуп кеп айтып
Амандыкты көп айтып
Баатырдын уулу жалгызга
Семетей тилге келди деп
Ат жетелеп алган көп.
Ай туякка чалган көп.
Кой жетелеп алган көп.
Баабединге чалган көп.
Баатырдын уулу Семетей
Карылардан кеп сурап.
Амандыгын көп сурап.
Улуулардан кеп сурап.
Урматтуу ногой элинин
Сыргак менен Бөкөйдү
Ушулар барбы?– деп сурап.
Эр Семетей кеп айтып
Канчоро кайда?– деп айтып.
Пери болгон Семетей
Адам тилин билген жер.
Пери болгон жеринен
Айчүрөк алып келген жер.
Каныкей кайып энеси
Ак эмчегин берген жер.
Эки эмчекти соргон жер.
Каныкейдин эмчегин
Семетей ээмп тойгон жер.
Эл журтуна кошулуп
Манас уулу Семетей
Жараткан алда жалгыз ак
Аркандай болот таалай-бак.
Эли менен көрүшүп
Улуу, кары, чал дебей
Аргын, ногой элинин
Манастын уулу Семетей
Учурашып өбүшүп.
Канкордун уулу Семетей
Калың кара көп ногой
Кадимкидей болгон жер.
Калк чогулуп толгон жер.
Мойнуна тумар тактырган,
Белине жабуу жаптырган,
Буурул аттын үстүнө
Айчүрөк барып алган жер.
Айбандан асыл Тайбуурул
Адамдан асыл Семетей
Кайра ордуна барган жер.
Чачы буурул ак болуп
Мурутун бубак чалган жер.
Саалы куудай ак болуп
Орто жашка барган жер.
Он эки жылы бир жүрүп
Перинин тилин унутуп
Манас уулу Семетей
Пенделерге окшошуп
Адамзат болуп калган жер.
Тайбуурул аттан түшкөн жер.
Баатыр бала Сейтектин.

## АДАМ АТТАРЫ:

Абдырай – Ашхабаддын каны
Ажыбай – Сейтектин таякеси
Айтбек – карыя
Акбала – Күлчоронун жубайы
Акборча – Акун кандын аялы.
Акжаркын – кейипкер
Акункан – Сейтектин таятасы
Акылбек – кейипкер
Алыбай – колго түшкөн аскерлер
Бабыр – Сейтектин чоң аталары
Багыпдым – баатыр
Байболот – Бакайды сыйлаган адамдар
Байсейит – эпизоддук кейипкер
Бака баш– кейипкер
Батмакан – Айчүрөктүн жолдошу
Бегимкан – Айчүрөктүн кызматкери
Беккожо – колго түшкөн аскерлер
Бектемир – чечен
Бермет – Айчүрөктүн кызматчысы
Босбала – Сейтектин досу
Бошкой – Сарыбайдын жолдошу, жедигерлер тарапта согушат
Бөкөй – кейипкер
Буудайкан – Музбурчактын атасы
Күлнара – Күчоронун кудалашкан кызы
Жамгырчы – Манастын досу
Жанбала – Өзүбектин башчысы
Жашболот – Сарыбайга биринчи аткошчу болгон адам
Жоодары – жылкычылар
Кадырбай – Кыяздын жигити
Кажы – кейипкер
Казыга – кейипкер
Какчеке – эпизоддук кеипкер
Камбар – Канчоронун атасы
Карагул – жылкычылар
Каракан – Каныкейдин атасы
Каракаш – Урумбектин кызы
Каракөз – Кыяздын кеңешчиси
Каракөз (кыз киши) – Сейтектин акыреттик жолдошу
Каратаз – кейипкер
Карачач – Чачыкейдин сиңдиси
Карыбек – Кыяздын кеңешичиси
Карыпбек (Карасарт) – кербенчи кожо
Карышан – кан
Кой баш–кейипкер
Коңкайты – жылкычы
Коңурбос – кейипкер
Көкбөрү – кейипкер
Көкмончок – Семетейди алып качкан пери
Көкөчө – Кыяздын жан жөкөрлөрү
Курманбек – Үрбүнүн баласы
Күлчоро – баатыр
Медербек – кейипкер

## СЕЙТЕК

Менкести – кейипкер
Музбурчак – Манастын досу
Муңайтпас – Кыяздын кеңешчиси
Нурманбек – жылкычы
Олжобой – Кыяздын жигити
Оруз кан – Күлчоронун кудалашкан кайнатасы
Орунбек – Күлчоронун кежирин кескен кул
Сары кожо – Карыпбектин чоң атасы
Сарыбай – Кыяз менен сайышка чыккан баатыр
Сарыган – кейипкер
Сооданбек – кейипкер
Султан – Кыяздын кеңешчиси
Тастан (Дастан) – баатыр
Темирбек – жедигерлердин жигити
Темирбект – Кыязга келген жолдошу
Тойчыбык – кейипкер
Толтой – Кыяздын атасы
Түмөнбай – Сейтектин таякеси
Уркан – Көкмончоктун атасы
Урубайкул – жылкычы
Урумбек – Каракаштын атасы
Урумкан – Айчүрөктүн кызматкери
Урунпул – жылкычы
Үрбү – отун терген карыя
Үрүстөм – баатыр
Чал баба – кейипкер
Чачыкей – Семетейди сатып кеткен жубайы
Шаакожо – Анжыяндын улугу
Шаатемир – Чачыкейдин атасы
Шайымбет – кейипкер
Шалган – перилер дүйнөсүндөгү падыша
Шуру кан – Ашхабаддын каны
Шыгай – Кыяздын жан жөкөрлөрү
Шырдак – Бозбаланын атасы
Ылымша – перилердин бири
Элчибек – чечен
Эмилбек – Бакайды сыйлаган адамдар
Эсенбек – Карыпбектин атасы
Эшимбек – жедигер элинин төрөсү

## ЖЕР-СУУ

Акакан
Ак-Жаз
Ак-Кыя
Ак-Кыя
Ала-Тоо
Анжиян
Анжыян
Арпалуу
Ашхабад
Боз-Дөбө
Бор-Дөбө
Жеткайт
Кара-Буура
Кара-Кыштак
Кара-Суу
Кара-Тоо
Кара-Тоон
Карашар
Кашкар
Кашка-Суу
Кең-Кол
Кең-Опол
Кидаласт
Кидилстан
Кокон
Кумбел
Кум-Дөбө
Кум-Кыя
Кум-Талаа
Кум-Текей

Күркүрөө
Маргалаң
Медиян
Оң-Кыя
Ооган
Опол
Сарт-Кечүү
Сары-Жайык
Сары-Талаа
Талас
Таш-Кыя
Терме-Саз
Узун-Суу
Уларты
Улуу-Суу
Үч-Аланын
Үч-Арал
Үч-Дөбө
Үч-Кери
Үч-Күмбөз
Үч-Өндүр
Үч-Шушар
Чагалдак
Чаткал
Чоң-Опол
Чымындык
Эки-Чат
Аргын
Жедигер

## УРУУ АТАЛЫШЫ

Катан
Кыпчак
Ногой
Өзүбек

## ТҮШҮНДҮРМӨ СӨЗДҮК

**АБАЙ (Ы) –** “Манас” үчилтигинде 1. Алмамбет менен Көкчөнү араздаштырган эпизоддук кейипкер. 2. Алыскы жерде жашаган мифтик-эпикалык эл катары айтылат. 3. Тулпардын, күлүктүн ж.б. баалуу жабуусу: Абай кылып караса, Кынабын таштан кыйдырган (МЧВ, Семетей, 30-б.) же Абайы жаап ат алып, Куржунга салып пул алып (МЧВ, Семетей, 156-б.).

**АЖАЛ –** (Ажал жетип күн бүтсө; Алып алчу сен эмес; Ажалдан алып калдым деп,

Көкмончок бул айтканың эп эмес). (ир. Ажал – аяктоо, бүтү) – жалпы жандуу заттарга анын ичинен адамдардын өмүрү чектелгендигинин белгиси. Кыргыз элине ислам дини менен кошо бул сөз кирип, элибиздин байыркы түшүнүктөрү менен аралашып кеткен. Тактап айтканда, элибиздин байыркы ишенимдеринде өлүмдү, өмүрдү Теңир тарабынан берилерин айтышкан жана Орхон, Энесайда табылган эстеликтерине жазышкан. Ислам ишеними боюнча ар бир жандуу заттын өмүр суусу Алла Талаа тарабынан өлчөнүп коюлган. Жараткан адамдын өмүрүн ажал периштеси аркылуу алып кетет деген ишеним орун алган. Адамдын жаны денесинен ажырап калган учурду элестетебиз.

**АЗАН –** (Эшендер азан кыйкырды; Амаздын маалы болгондо).

(ар. азина – «кабардоо», «билдирүү», «жарыялоо») – мусулмандарды намазга чакыруу.

Ислан дининин тарыхы боюнча 622–623 жылдары Мухамед (с.а.в.) тарабынан киргизилген. Азан жети формуладан туруп, имам же сопуке мунарага чыгып, жалпы элди намазга чыкырат. Намаздын убактысына беш минуттай мезгил калганда, эскертүү ирээтинде айтылган чакырык. Азанга кыбыланы (Меке тарапты карап кулагынын жумшак жерине бармак менен кармап туруп азан айтат. Анда төмөнкү жети формуланы 2–4 жолу кайталап айтат:

1. «Алла улуу!» (такбир).
2. «Мен күбө өтөмүн Алладан башка Кудай жок!» (шахада).
3. «Мен күбө өтөмүн Мукамбет Алланын элчиси!» (шахада).
4. Жүргүлө намазга!»
5. «Кутулуу жолун издегиле!»

6. Кээ бир мусулман элдеринде бала төрөлгөндөн бир аз кийин оң кулагына азанды шыбырайт.

Кыргыздарда бала төрөлөр замат азан чакырып ага ат коюлат.

**АЗЫРЕТИ. АЗЫРЕТ ААЛЫ** – (Азирети шер Аалы; Адам өзү Обо эне). Мухамед пайгамбардын кызы Фатиманын күйөөсү, пайгамбардын агасы Абуталибдин баласы – Али. Пайгамбардын жанында жүргөн төрт (Абубакир, Омор, Осмон) кеңешчисинин бири катары берилет. Ал эр жүрөктүлүгү, калыстыгы, айкөлдүгү менен айырмаланып момун-мусулмандардын арасында чоң кадыр-баркка ээ болуп, диндин чегинен чыгып, эпос жомоктордун мазмундарына чейин кирип кеткен. Ошондой эле процесс кыргыз эпосторунда да орун алган. Алардын ичинен кыргыздарга өтө белгилүү болуп «Манаста» да колдонулганы Азирет аалы (арабча Назрет – «улуу даражалуу», «касиеттүү», «ыйык») деген маанини түшүндүрөт.

**АЙБАЛТА** - согуштук курал. Кыргыздар жана башка көптөгөн элдер байыртадан колдонуп келген: Айбалта байлап санына, Айзасын илип карууга (МЧВ, Семетей, 8-б.).

**АЙКӨЛ** – Манаска карата колдонулган туруктуу эпитеттин бири. Манас баатырдын адилет, ак көңүл, кең пейил, көтөрүмдүүлүгү, ашкан шер, көк жалдыгы сыяктуу сапаттарын чагылдырат: Айкөлү Манас шер баатыр, Каныкейдин түшүнө, Бир түндө удаа үч кирип (МЧВ, Семетей, 92-б.).

**АЙТУЯК** – түлөөгө союлган жылкы: Ак боз бээ алдырып, Айтуякка чалдырып (МЧВ, Семетей, 474-б.).

**АЙ ТУЯК ЧАЛУУ** – (Ай туяктуу ак боз бээ; Босбала, Сейтек чалыптыр).

Түлөө, курмандыкка мал чалуу расмисинин көрүнүштөрүнүн бири – бул жерде жылкы союлат. Салттын теги көп кудайлар мезгилдеринен бери келе жаткандыгына айга (курмандыкка чалынуучу малдын ай түспөлүнө ээ экендиги – ай туяк. Ак түскө) курмандыктын талабына толук туура келүүчү малдын ак түстө болушу – ак боз бээ (табынуудан да даана көрүнөт. Анын үстүнө ислам дининин ишениминде курмандыкка жылкы чалуу салты жок. Эпос боюнча курмандыкка чалынуучу жылкынын өңүнөн башка эркек же ургаачы экендиги да чоң мааниге ээ. Эпосто жылкыны түлөөгө – жакшылык тилекке арнап чалуудан башка да макулдашылган убаданы бекитүү, андан кайра жанбастыкты билдирүү максатында бээнин ичин жарып, анын канына колдорун карысына чейин малып убадага катышкан.

**АККА МОЙНУН БУРДУ** – (Булгуп буудан бул алып; Акка моюн суналы).1. Ислам динине

(мусулмандардын көз карашы боюнча хакка – чыныгы, таза динге) кирүү, бир Кудайды (Алла) таануу. 2. өтмө мааниде: тагдырга баш ийүү (өлүү дүйнөдөн кайтуу).

**АККАҢКЫ** – ээрдин өзүнчө түрү, алдыңкы кашы өзгөчө формада болуп, анын бети күмүш менен оюуланат: Атына тердик салган жер, Акканкыга минген жер (МЧВ, Семетей, 13-б.).

**АККЕЛТЕ** – Манастын мылтыгы: Аколпокту бөктөрүп, Манас аткан Аккелте, Айдалыга көтөрүп (МЧВ, Семетей, 74-б.).

**АКОЛПОК** – кыргыздардын элдик эпосторунда айтылган коргонуучу кийим. Манас үчилтигинде ок өтпөгөн, найза тешпеген, кылыч кеспеген бышык кийим: Акборчуктун сооруга, Аколпокту бөктөрүп (МЧВ, Семетей, 74-б.).

**АКЫРЕТ** – (Жандап жүргөн Босбала. Акыреттик дос бала)

(ар. ахрет) – тиги дүйнө. О дүйнө. Ислам désininде ыймандуулуктун дагы бир принциби – акыретке ишенүү. Акыр заман болгондо баардык адамдар тирилип, жалган дүйнөдө кетирген кемчиликтери, жакшылыктарын таразалайт. Ошондуктан бул дүйнөдө туура, калыс адилеттүү, ыймандуу жашаган үндөгөн түшүнүк.

**АЛДА / АЛЛА** – (Эр уулуна тең кылып; Алла таала кудурет).

(ар. ал-илах – «буйрук берүүчү») – Кудайдын токсон тогуз атынын бири. («Куран» боюнча Алла, Аллах). Ислан ишеними боюнча бул дүйнөнү жараткан, адамдарга тагдырын аныктаган, билүүү, жаратуучу, кечирүүчү уулу күч болуп саналат. Бул ишенимдин негизги маңызы: «Алладан башка кудай жок, Мукамбет анын элчиси» деген формулада берилген. «Куранда» (112-сүрөөдө) «Алла – бирдиктүү түбөлүктүү туудурган да, туулган да эмес жана ага эч ким тең келген да эмес»,– делип сыпатталат.

**АЛМАБАШ** – баатырлар колдонгон мылтыктын өзгөчө түрү: Манастын уулу эр жангыз, Алтын ооз алмабаш, Далысында жаркылдап (МЧВ, Семетей, 12-б.).

**АЛМАН** – салык, алым: Алты жыл болду келбейт деп, Алман салсам бербейт деп (МЧВ, Семетей, 169-б.).

**АМАЗ / НАМАЗ** – (Төрт ирекет намазын; Көптөн окуп турган жер).

(ир. намаз, ар. ас-салат) – Кудайга жалынуу, ыбадат кылуу. Ислам дининин беш милдеттеринин бири намазга жыгылуу болуп саналат. Намаз бир күндө беш ирээт аткарылчу ырым-жырымдардан. Беш убак намазды (багымдат, бешим, шам, дигер, куптан) намаздарын үзгүлтүккө учуратпай окуп туруу шарт. Аткарылбаса күнөөсү абдан көп экенин белгилешет.

**АРБАК** – (Арбактуу Сейтек жаш баатыр; Ошондо баарды жолугуп).

(ар. арвах – «рух» деген араб сөзүнүн көптүк түрү, мааниси – «жая», «тыя»). 1. Өлгөн адамдын руху, куту. 2. Ыйык адамдардын же белгилүү ата-бабалардын күчкө ээ руху (культу). 3. өтмө мааниде: атак-даңк, бедел, сыймык. Арбак сөзүнүн 3-мааниси менен тутумдаш сөз арбактуу. Арбактуу (арвак жана кыргызча сын атооч уюштуруучу мүчө – «туу»). 1. Арбак колдогон же даарыган кудуреттүү, жеңишчил, ар-намыстуу адам. 2. Ыйык, касиеттүү.

**АРБАК** – 1. Өлгөн адамдын рухий күчү: Арбактуу атаң Манастын, Арбагын айтып бакырсаң, Жана кудай деп качырсаң (МЧВ, Семетей, 21-б.); 2. Өтмө мааниде: атак-даңк, бедел, сыймык, ар-намыстуу адам: Манастын уулу Семетей, Арбактуу атка конгон жер (МЧВ, Семетей, 21-б.).

**АСА** – аса таяк, аса-муса – Муса пайгамбардын таягы: Манастын уулу Семетей, Жол табалбай адашып. Күн кызарып мунарып, Асасы бар колунда (МЧВ, Семетей, 21-б.).

**АТ БОРОЙ** – бүткүл жер жүзү: Манастан калган зоотту, Кийгиси келет бу дардаң. Ат боройду колго алып, Билгиси келет бу дардаң (МЧВ, Семетей, 169-б.).

**БААТЫР** – (Баатырдын уулу Семетей; Карылардан кеп сурап)

1. Уруу түзүлүшүнүн учурундагы жоокерчиликте пайда болгон согуштук эң жогорку наам. Алган орду, мааниси жактан кандан кийинки орунда турган адам. Адатта мындай атак-наам жоокердин жеке сапатына иштеген иштерине карата ыйгарылган. Эпос боюнча коомдогу орду, укугу жагынан баатыр менен кандын айырмасы жок, ал эле эмес көпчүлүк учурда экөө маанилеш сөздөр катары биринин ордуна бири колдонулган учурлар арбын. Бирок экөөн бир деп да түшүнүүгө болбойт. Анткени канды эл атайы жыйында шайлайт, же анын ордун мурастык укук боюнча ээлейт, баатыр атагы иштелген иштердин натыйжасында, көпчүлүктүн ошол иштерге берген баасы, анын эрдигин моюнга алуунун белгиси катары ыйгарылат. Уруунун элдин башында турган адамдарды кан-баатыр атоо салты кийинки кездерге чейин эле (XII к.) орун алган. Мисалы, Ормон хан, Шабдан баатыр, Төрөгелди баатыр ж.б.

**БААБЕДИН** – диний мүнөздөгү ырым-жырымда адамдар ар түрлүү кырсыктан, жамандыктан сактануу үчүн кудайдан тилек тилеп курмандык чалуусу: Айтуяк деп бууданды, Баабединге чалды эми (МЧВ, Семетей, 309-б.).

**БАДАНА** – эпостордо жоокерлер кийүүчү зоот кийим, ок өтпөгөн сырт кийим.

**БАЙТЕРЕК** – эпостордо бутагынан сүт чыккан, адамга күч-кубат берген касиеттүү дарак: Байтерекке баргыла, Кош селкинчек салгыла (МЧВ, Семетей, 292-б.).

**БАРАҢ** – Милте менен от алдырган сайлуу мылтыктын түрү: Бараңга майлык салышып, Милтелерге чок коюп, Мылтыктарга ок коюп (МЧВ, Семетей, 274-б.).

**БУРУТ** – эпостордо калмактар жана кытайлар кыргыздарды ушундай аташат, ж.о.э. ал көбүнесе көкжал баатырдыкты түшүндүрөт: Мыктуусунган буруттун, Астындагы тулпарын, Коштоо кылып алайын (МЧВ, Семетей, 21-б.).

**БУУДАН** – Талыкпас, чарчабас күлүк ат: Кайнардын кара көзүнөн, Как чынардын өзүнөн, Буудандарды айдашып (МЧВ, Семетей, 261-б.).

**БУУЛУМ** – кымбат баалуу кездеменин бир түрү: Кыз-келинге бүктөтүп, Булгун-буулум жүктөтүп, Баркы менен алгыла (МЧВ, Семетей, 326-б.).

**БУРАК АТ** – (араб. Бурак – көз ирмемче тез ж.б.) эпостордо күлүк ат: Манастан калган баланы, Алты бурак, беш жорго, Он бир кылып айдатып (МЧВ, Семетей, 89-б.).

**ЖАЗАЙЫЛ** – эпосто мылтыктын бир түрү: Ок жамгырдай төгүлөт, Жазайыл огу чачылат (МЧВ, Семетей, 97-б.).

**ЖАЙЧЫ** – жайташтын магиялык күчү менен аба ырайын өзгөртүп жиберүү күчүнө ээ адам. М.Чокморовдун “Семетей” эпосунда мындай касиетке Айчүрөк жана Күлчоро ээ: Олуя Бакай окуткан, Он экиде баланын, Жайчылыгы дагы бар (МЧВ, Семетей, 439-б.).

**ЖАМБЫ** – койдун, жылкынын ж.б. малдын туягынын формасында куюлган жана түрдүү салмактагы уютулган күмүш: Сыйлыкка алып келди деп, Жамбы менен дилдени (МЧВ, Семетей, 90-б.).

**ЖЕКЕСАН** – эпосто баатырлардын коөздолуп жасалган өтүгү: Кош алакан басмайыл, Бекем тартып алды эми, Жекесан бутка кийди эми (МЧВ, Семетей, 233-б.).

**ЗАМБИРЕК** – алыска атуучу аскердик курал: Замбирек баары атылат, Оболоп түтүн бурулат (МЧВ, Семетей, 97-б.).

**ИКЕ КЫЮУ / НИКЕ КЫЮУ** – (Акундун кызы Чүрөктү; Ак никелеп алгамын).

Ислам динине ылайык жаңы үйлөнгөндө жүргүзүлүүчү каада, ырым-жырым. Факты жүзүндө жубайлык мамилелештикке өтүү, үйлөнүү салтанатынын акыркы этабы. Нике кыйганда молдо тарабынан кутпа сүрөөсү окулуп, чыныдагы таза сууга дем салынып: «Баланча

баласы баланча баланчаны (баланча кызы баланчаны) никеңе кабыл туттуңбу?» деген суроо менен жубайлардын ар бирине сунулат. Алар макулдугун билдирип, чынысдагы суудан ууртташат. Никеге эки эркек же төрт аял (мусулмандардын көз карашы боюнча эки аял бир эркекке тете) – күбө далил (шахид) өтөт.

**КАЗАТ** – “Манас” үчилтигинде “Кичи казат”, “Чоң казат” эпизоддору бар. Ыйык согушка аттануу: Казат кылып жүргөндө, Атпаган кара таң болгон (МЧВ, Семетей, 439-б.).

**КАНДАГАЙ** – (монг. кандага - багыш) баатырлар, балбандар жоого, балбан күрөшкө, эр сайышка, оодарышка кийилген чалбар шым: Багалеги бир башка, Кандагай бутка салды эми (МЧВ, Семетей, 233-б.).

**КИСЕ** – калың кайыштан күмүш чабылып кооздолуп жасалып, курга боосунан бекитилип же илинип коюлуучу баштыкча, тегерек кутуча: Кылычы кында кыңгырап, Айбалта санда шыңгырап, Бозкисе бойдо шалпылдап (МЧВ, Семетей, 233-б.).

**КОЖОСАН** – баатырларды колдоочу пир: Колдогону сан болуп, Кожосан бири жар болуп (МЧВ, Семетей, 25-б.).

**КӨК ЖАЛ** – (Көк жалдын түрүн көргөнү; Эт жүрөгү сезишип)

Толук айтылышы көк жал бөрү.

1. Арстан, кабылан, жолборс ж.б. жаныбарлардай эле баатырлардын тайманбастыгын, шамдагайлыгын чагылдырган салттык эпитет. Поэтикалык лакап аттары катары да (поэтическое прозвище) колдонула берет.

2. Манастын жоого киргенде сүрайбаты болуп көрүнгөн кереметтүү колдоочу жаныбарлардын бири. Көк бөрү түрк элдеринде тотемдик жаныбар кереметтүү колдоочу катары хунндардын доорунан (б.э.ч. III к.) бери белгилүү болгонун атайы изилдөөлөрдө далилденген. Ал турсун айрым изилдөөчүлөр анын пайда болушун б.з.ч. XVIII–XIX кылымдарга чейин алып барышат. Ошондуктан түрк элдеринин бардыгынын эпикалык чыгармаларында көк бөрү уруунун тотемдик түпкү ата-бабасы же энеси гана болбостон, эң бир күчтүү кереметтүү жардамчы колдоочу (пир) да болуп берилет.

**КҮПСӨР** – мылтыктын дарысы салына турган чоң баштык: Аколпокту кийгизип, Аккелтени асынтып, Чоң күпсүрдү алдырып (МЧВ, Семетей, 277-б.).

**КЫРК ЧИЛТЕН** – кыргыз элинин түшүнүгүндө ыйык касиетке, күчкө ээ ыйык рух: Кырк чилтен деп бакырып, Манастын уулу чунак кул, Алыс аткан манжууну, Качпагын деп бакырып (МЧВ, Семетей, 25-б.).

**ОЧОГОР** – (монг. милте) – эпосто милтелүү мылтыктын аталышы:

Очогор үнү заңк этип, Манастын уулу баланын, Башынан алыс кеткен жер (МЧВ, Семетей, 25-б.).

**ПЕРИ** – мифтик жан катары ашкан сулуу, акылдуу: Акундун кызы Айчүрөк, Бериге кабар салыптыр (МЧВ, Семетей, 25-б.).

**ПЕРИШТЕ (БЕРИШТЕ)** – кудайдын элчиси: Бериштелер кошулуп, Баатырдын уулу дардаңды, Астынан тосуп калыптыр (МЧВ, Семетей, 25-б.).

**СААДАК** – жаанын жебесин салуучу кабы жана эпосто жаанын бир түрү катары айтылат: Жараткан алда бир кудай, Белине саадак кадаган (МЧВ, Семетей, 25-б.).

**СЫРНАЙЗА** – Манастын найзасы, ал ат үстүнөн сайышууга ылайыкталган атайын жасалган согуштук курал: Атасы аткан Аккелте, Алмамбет чапкан Айбалта, Кожодон алган Аркесме, Кологойлуу сырнайза (МЧВ, Семетей, 141-б.).

**ТУЙГУН** – алгыр, өткүр, карчыга куш, эпосто чыныгы баатырдын эпитети катары берилет: Манастын уулу Семетей, Ак болот болду бүлөгөн, Ак туйгун болду түлөгөн (МЧВ, Семетей, 115-б.).

**ТУУЛГА** – жоокердин кылыч, найза, айбалта ж.б куралдардан жана октон коргонгон баш кийими: Кандагай бутта булактап, Туулга башта кылактап (МЧВ, Семетей, 293-б.).

Мамбет Чокморовдун вариантындагы “Семетей” эпосунда кездешкен көөнө сөздөрдүн түшүндүрмөсү берилди.

Манасчыдан жазылып алынган “Семетей” эпосундагы сөздөр негизинен колжазмадагы аталышы менен берилди. Мисалы: Огой, амаз, Ур (нур), Бери (пери), Бериште, Бейли(пейли), Менде (пенде) жана башка бар.

МЧВ – Мамбет Чокморовдун варианты.

# МАЗМУНУ

## СЕМЕТЕЙ

Күлчоронун менен Бакайдын кеңеш куругшу жана
Коңурбайдын өлүшү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3

## СЕЙТЕК

Кириш сөз . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 114
Сейтек . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 117
Сейтектин Карагулду өлтүрүп, Күлчорого даары-дармек сыйпап,
айыктырып алам деп багып жаткан кези . . . . . . . . . . . . . . . . . . 161
Сейтектин Канчоро менен Кыязддан өчүн алып, Бозбаланын
кан шайланышы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 260
Айчүрөктүн Семетейди издегени . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 349
Түшүндүрмө сөздүк . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 387

*Көркөм-адабий басылма*

**СЕМЕТЕЙ**
**СЕЙТЕК**

**Баатырдык эпостор**

**Мамбет Чокморовдун варианты боюнча**

Түзгөндөр *М. Садыров, Сабыр уулу Амангелди*
Корректорлору *М. Садыров, Сабыр уулу Амангелди*
Компьютерде тергендер *А. Бекболотов, Р. Меерканова,*
*Сабыр уулу Амангелди, М. Садыров,*
*Сагындык кызы Жанар, Өмуралиева Ж.*
Компьютердик калыпка салган *Б. Өмүров*

Басуугa 15.06.2017-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 84x52 $^{1}/_{8}$. Офсет кагазы.
Көлөмү 49,5 б.т. Нускасы 500. Заказ № 1650.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек шаары, Горький к., 1